КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК
ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА
АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

**Жаманкулова Гүлжамал Төлөгөновна**

# БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗ ТИЛИ

(Семасиография, фонография)

Бишкек – 2016

УДК 811.51
ББК 81.2Ки
Ж 26

КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият Институтунун Окумуштуулар кеңеши тарабынан басмага сунуш кылынган

Жооптуу редактор: филол. илим. доктору, проф. **Т. Токоев**

Пикир айткандар:
филол. илим. доктору, проф. **И. Абдувалиев**
филол. илим. кандидаты, доцент **Ж. Жумалиев**

Ж 26 **Жаманкулова Г.Т.**
**Байыркы кыргыз тили (Семасиография, фонография). – Б., 2016. – 652 б.**

ISBN 978-9967-470-25-5

Бул эмгекте байыркы кыргыз тили (семасиография, фонография) иликтөөгө алынды. Кыргыздардын байыркы замандардан б.з. X кылымына чейин семасиографияны, т. а. сүрөттүк (пиктографиялык) жазууну, идентификациялык-мнемоникалык ыкмадагы эн тамгаларды, сөздүк (логографиялык) жазууну, фонографиялык жазуунун аралаш системасын колдонушкандыгы, алардын табияты, аткарган коммуникативдик кызматы, камтыган маанилери, колдонулуш доорлору, тарыхый өнүгүү эволюциясы кеңири талданды. Эмгекте орхон-енисей жазуусунун башатында кыргыздарга таандык болгон енисей жазуусу тургандыгы, ал эми байыркы кыргыз эн тамгалары орхон-енисей жазуусуна негиз болуп бергендиги анализге алынды.

Аталган китеп байыркы кыргыз тилине, анын тарыхый өнүгүшүнө кызыккан окумуштуу-адистерге, аспиранттарга, тилдин тарыхы боюнча сабак берген ЖОЖдун мугалимдерине, дегеле кыргыз элинин, тилинин тарыхына кызыккандарга арналат.

УДК 811.51
ББК 81.2Ки

Ж 4602020400-16

ISBN 978-9967-470-25-5

© Жаманкулова Г.Т. 2016
КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы
Тил жана адабият институту, 2016

## КИРИШ СӨЗ

Кыргыз тил илиминде байыркы кыргыз тили, анын тарыхый өнүгүшү атайын илимий изилдөөгө алына элек. Совет доорунда кыргыз жазуусу Октябрь Революциясынан кийин пайда болгон деген стереотиптүү көз караш жашаган. Ушундан улам байыркы кыргыз тили көмүскөдө калып келген. А.Эркебаев «Малоизученные страницы истории киргизской литературы» деген эмгегинде революцияга чейинки, ошондой эле революциядан кийинки кыргыз адабиятында «ак тактар» көп экендигин белгилеген (1999: 5). Мындай «ак актар» кыргыз тилинде да арбын.

Кыргыз Республикасы эгемендүүлүккө жетишкен соң, тарыхтын актай барактарын толуктоого бардык мүмкүнчүлүктөр ачылды. Кыргыз тилин тарыхый аспектте изилдөөгө атайын көңүл бурулуп, илимий изилдөөлөр жүргүзүлүп келет.

Түркологияда орхон-енисей эстеликтеринин тили боюнча илимий эмгектер жазылып, анын фонологиялык өзгөчөлүктөрү, лексикалык параллелдери, сөз түркүмдөрү ж.б. маселелери иликтөөгө алынып келүүдө. Кыргыз тил илиминде да орхон-енисей жазма эстеликтеринин тили ар кандай багытта изилденип келе жатат.

Ошондой болсо да, Э. Р. Тенишев туура белгилегендей, кийинки мезгилге чейин түрк системасындагы бир дагы тилдин тарыхы атайын изилденип жазыла элек (Тенишев Э., 1976). Окумуштуунун бул эскертүүсү байыркы кыргыз тилине да тиешелүү.

Кыргыз түркологу С. Сыдыков «2200-жылдык тарыхы бар элибиздин, анын эне тили – кыргыз тилинин тарыхын изилдөө проблемасы – кыргыз тарыхчылары менен тилчи түркологдордун учурдагы, ошондой эле келечектеги милдети» (2011: 5), - деген. Байыркы кыргыз тилин, анын тарыхый өнүгүшүн изилдөө азыр да актуалдуу бойдон калууда.

Байыркы кыргыз тилинин доору качан башталган? Байыркы кыргыз тили кайсы жазууларды башынан кечирген? Кыргыздар дароо эле фонографиялык жазууга ээ болушканбы? Кыргыздар жазуунун ага чейинки баскычтарын басып өткөнбү? Эгерде басып өтсө, алар кайсы жазуулар? V-XI кылымдарда колдонулган орхон-енисей жазуусуна кыргыздардын жана кыргыз жазуусунун канчалык тиешеси бар? Орхон-енисей жазуусунун башатында кайсы жазуу турган жана ал кимдерге тиешелүү жазуу деп эсептелет? деген ж.б.у.с. суроолорго ушул китепте жооп берүүгө аракет кылдык.

Ошентип, бул илимий эмгекте байыркы кыргыз тили иликтөөгө алынды. Кыргыздардын байыркы замандардан баштап X кылымга чейинки колдонгон жазуулары ырааттуу, системалуу каралды. Грамматологиядагы илимий жетишкендиктердин негизинде кыргыздар колдонгон жазуулар төмөнкүдөй классификацияланды:

**I** Семасиография. **1.** Нака жазууга чейинкилер: 1) Сүрөттүк ыкма: Пиктографиялык жазуу; 2) Идентификациялык-мнемоникалык ыкмалар: Эн тамгалар, татуировка; **2.** Сөздүк ыкма: Логографиялык жазуу.

**II** Фонография. Нака жазуу: 1) Жазуунун аралаш системасы; 2) Тамгалык-тыбыштык жазуу.

Илимий эмгекте нака жазууга чейинки сүрөттүк ыкма менен ишке ашкан пиктографиялык жазуу, анын көркөм сүрөттөн айырмасы, колдонулуш доору, камтыган тематикасы, семантикасы, анда чагылдырылган тотемдер, «айбанаттар стили» ж. б. изилдөөгө алынды.

«Асман алдындагы музей» деп аталган Хакас-Миң-Суу ойдуңундагы аска беттери чегилген, оюлуп жазылган

жазууларга жана тартылган, боёк менен боёлгон сүрөттөргө абдан бай. Алар кыргыздардын жазуунун байыркы түрлөрүн колдонушкандыгын далилдеп турат жана байыркы кыргыздардын жашоо-турмушунан, үрп-адаттарынан, дүйнөгө көз караштарынан, диний ишенимдеринен ж.б. даректүү маалыматтарды берет. Натыйжада, кыргыздардын тарыхынын такталуусуна, жаңы барактарынын ачылышына түздөн-түз көмөк болот.

Эмгекте Хакасиядагы, Тывадагы кийинки пиктографиялык жазуулар байыркы кыргыз сүрөт жазууларынын традициялык уландысы экендиги белгиленди. Кыргызстандын территориясындагы (Саймалы-Таш, Талас) пиктографиялык жазуулар да каралды.

Аталган эмгекте нака жазууга чейинки идентификациялык-мнемоникалык ыкмага кирген эн тамгалар, эн тамгалардын келип чыгышы, алардын урук, уруу, жеке менчик белгилери катары кызмат аткарышы, колдонулуш доорлору, таралыш ареалы, семантикасы ж. б. иликтенди. Енисейден табылган жана табылып жаткан эн тамгалар байыртадан ошол жерди мекендеп келген биздин бабаларыбыз – байыркы кыргыздар тарабынан жазылгандыгы, азыркы Хакас-Миң-Суу, Тыва эн тамгалары - байыркы кыргыз эн тамгаларынын мурастары экендиги белгиленди. Алтайлыктардын, ферганалык кыргыздардын эн тамгалары тууралуу сөз болду.

Кыргыздар колдонгон эн тамгалар менен орхон-енисей алфавитин салыштыруу алардын дээрлик окшош экендигин, тегинин бир экендигин көрсөттү. Эн тамгалар орхон-енисей алфавитинин келип чыгышына өбөлгө түзгөн фактор катары каралды.

Бара-бара предметтерди жана жандууларды сүрөттөөнүн жана аталыштарынын ортосунда дал келүүчүлүк калыптанып, шарттуу белгилер келип чыккан. Ошентип, сөздөр өзүнчө белгилер менен бериле баштаган. Натыйжада, сөздүк жазуу – логография пайда болгон.

Аталган эмгекте логографиялык жазуу, анын табияты иликтенди, пиктографиялык жазуудан айырмачылы-

гы көрсөтүлдү. Кыргыздардын логографиялык жазууну колдонушкандыгы, ал кыргыз орнаменттеринде, оюуларында сакталып калгандыгы аныкталды.

Логографиялык жазууга кирген кыргыз орнаменттеринин тарыхы, изилдениши, өнүгүү эволюциясы, негизги белгилери, реалисттик мүнөзү талданды. Орнаменттин жазуу белгиси экендиги, баяндоочулук касиети, баяндоонун негизги багыттары, тематикасы, семантикасы, оюулардын мотивдери анализге алынды. Кыргыз оюуларында байыркы мотивдер сакталгандыгы белгиленди.

Кыргыз орнаменттери, оюулары – кыргыз элинин башынан өткөргөн тарыхын баяндоочу дастан, тарыхый баалуу булак болуп эсептелет.

Бирок, бир белги бир сөздү билдирген сөздүк жазууда логограммалар менен абстрактуу маанидеги көптөгөн сөздөрдү жана жеке аттарды берүү, сөздүн грамматикалык формаларын көрсөтүү, сөздөрдүн бардыгын символдор менен белгилөө, жаңыдан кирген сөздөргө да жаңы белгилерди коюу, миңдеген белгилерди жаттоо, эске тутуу абдан татаал болгон жана карым-катнашууда кыйынчылыктарды жараткан.

Белгилердин фонетизацияланышы жазуунун тарыхындагы алдыга карай чоң кадам болгон. Фонетизациянын киргизилиши, андан соң орфография эрежелеринин, ошондой эле жалпы эле жазууга байланыштуу шарттуу белгилердин систематизацияланышы менен толук кандуу система иштелип чыккан. Бул – фонография: нака жазуу, б. а. сөздүк-муундук жазуу, андан кийин муундук жазуу жана тыбыштык-тамгалык жазуу болуп эсептелет.

Кыргыздар нака жазуунун аралаш системасын жана тамгалык-тыбыштык системаны колдонушкан.

Ошентип, байыркы кыргыз тилинин тарыхы терең, анын башаты б. з. ч. II миң жылдыкка барат. Байыркы кыргыз тили нака жазууга чейинки семасиографиядан, башкача айтканда, пиктографиялык жазуудан башталып, логографиялык жазууга, андан нака жазууга - фонографиялык жазууга өткөн.

Кыргыздардын фонографиялык жазуусуна өтөөрдөн мурда эмгекте хунн, гунн тилдери жана I-V кылымдарда түрк тилдүү элдер колдонгон жазуулар тууралуу, аларга кыргыздардын жазуусунун канчалык тиешеси бар экендиги жөнүндө кеп болду.

Хунндар жана гунндар рун жазуусун колдонушкан жана ал жазуунун жаратылышы түрктүк болуп саналат. Гунндардын жазуусу – орхон-енисей жазуусу менен окшош. Ал эми енисей жазуулары орхон жазууларынан мезгили боюнча мурунку болуп эсептелет. Биз енисей жазууларынын гунн жазуулары менен жакындыгы бар деген ойдобуз. Албетте, бул илимий жактан атайын изилдениши, такталышы зарыл.

I-V кылымдарда түрк тилдүү элдер кандай жазууну колдонушкан? Эмгекте Борбордук жана Орто Азияда жашаган уруулар хунндардан баштап, тоба, сиянби, жуанжуан (жужандар) жана байыркы түрктөргө чейин бирдей жазууну колдонушкандыгы, б. з. ч. II-I кылымдардагы хунндардын жана VI-VIII кылымдардагы түрктөрдүн жазуусун бирдей аташкандыгы (хунндар да, түрктөр да «кэгу», «кэму» сөздөрүн сөөккө оюп жазышкан) маалымданат. Бул маалымат кыргыздарга да тиешелүү.

Фонографиялык жазууга кайрылсак, кыргыздар мына ушул жазуунун аралаш системасын колдонушкан. Эмгекте орхон-енисей жазуусу, анын тыбыштык-вокалдык, тыбыштык-консонанттык, тыбыштык-муундук түрдө экендиги талданды.

Аталган бөлүмдө орхон-енисей жазма эстеликтери, алардын изилдениши, таралуу ареалы, байыркы түрк рун жазуусунун генесизи тууралуу көз караштар анализге алынды.

Енисей жазуусу хронологиялык жактан орхон жазуусунан мезгили боюнча мурунку (V к.) жазуу болуп эсептелет. V кылымда колдонулган енисей жазуусу кыргыздарга таандык, ошол эле мезгилде ал жазууну кыргыздардан башка түрк тилдүү элдер да колдонушкан. Эмгекте ор-

хон-енисей жазуусу енисей жазуусунун өркүндөтүлгөн формасы катары каралды.

Енисей эстеликтериндеги жазуулар Талас жазуулары менен графикалык жактан окшош жана мезгили боюнча V кылымга таандык деп эсептелет. Бул Енисей жана Талас жазууларынын ортосундагы байланышты көрсөтүп турат.

Аталган эмгекте енисей жазуулары менен азыркы кыргыз тилинин жалпылыктары да көрсөтүлдү.

Ошентип, байыркы кыргыз тили байыркы замандардан баштап б. з. X кылымына чейин системалуу, ырааттуу талдоого алынды.

Автор аталган эмгек боюнча өз пикирлерин, сунуштарын айтышкан окмуштууларга – ф.и.д. К. Токтоналиев, ф.и.д. С. Ибрагимов, ф.и.д. И. Абдувалиев, ф.и.д. Т. Токоев, ф.и.д. Т. Садыков, ф.и.д. Р. Эгембердиев, доктор К. Конкобаев, ф.и.к. Ж. Жумалиев, доктор Н. Усеев жана башкаларга ыраазычылыгын билдирет.

Биз изилдөөнүн жыйынтыктары кыргыз элинин жана кыргыз тилинин байыркы тарыхына өзүнүн салымын кошот деген ишенимдебиз.

# БАЙЫРКЫ ЖАЗУУЛАР ТУУРАЛУУ

## 1. Кыргыз окумуштуулары байыркы кыргыз тили жөнүндө

Кыргыз тил илиминде байыркы кыргыз тили, анын тарыхый өнүгүшү бүгүнкү күнгө чейин атайын илимий изилдөөнүн объектиси боло элек. Кыргыз тилинин байыркы тарыхы гана эмес, Енисей жазма эстеликтеринин тили да толук изилдене электиги маалым. Бул тууралуу түркологиянын доктору, доцент Ж. Алйылмаз мындай деп айткан: «Саны 400гө жакындаган Енисей жазма эстеликтеринин лексикасы, синтаксиси жана коомдук-маданий мааниси **бул жазма эстеликтердин чыныгы ээси болгон кыргыздар тарабынан бүгүнкүгө чейин бир бүтүн түрдө изилденген эмес, аткарылган эмгектер да көбүнесе жазма эстеликтердин тексттеринин окулушу жана которулушуна байланыштуу болгон»** *(белгилеген – Г.Ж.)* (Китепте: Үсеев Н., 2011, 7). Ж.Алйылмаздын айтканы бүгүнкү күнү да абдан актуалдуу.

Байыркы кыргыз тили тууралуу сөз болгондо орхон-енисей жазуулары гана айтылат, ал эми көпчүлүк мектептер үчүн жазылган окуу китептеринде негизинен XX кылымдагы кыргыздар колдонгон жазуулар жөнүндө маалыматтар орун алып, Октябрь революциясына чейин кыргыздардын сабатсыз болгондугу маалымданат. Төмөндө мына ушулар тууралуу сөз болмокчу.

**Мектептер үчүн окуу китептерде.** Мектептер үчүн жазылган көпчүлүк окуу китептеринде Совет дооруна чейинки жазуулар тууралуу дээрлик эч кандай маалыматтар жок (1976: 166-167; 1978: 170-171.). Аларда Совет өкмөтүнүн камкордугу аркасында «Советтер Союзунда жашаган 50 улут, алардын ичинде кыргыз эли да өзүнүн өсүш тарыхында биринчи жолу жалпы элдик жазмага ээ болду» (1978: 171-б.), – деп айтылат.

Окуу китептеринде кыргыз адабий тили улуттук жазууну түзүүдө үч баскычты басып өткөндүгү белгиленет. Алар: 1) Реформаланган (өзгөртүүлөр киргизилген) араб алфавити (1924-1927-жж.), 2) Латын алфавити (1927-1940-жж.), 3) Орус алфавити (1941-жылдан бери). Көрүнүп тургандай, бул жазуулар – Октябрь революциясынан кийин гана колдонулган жазуулар.

Мына ушундай маалыматтар дээрлик бардык мектептер үчүн жазылган окуу китептеринде орун алган. Аларда байыркы кыргыз тили тууралуу маалымат жок.

**Жогорку окуу жайлары үчүн окуу китептерде.** Ушундай эле көрүнүш жогорку окуу жайлары үчүн окуу китептеринде да кездешет. Мисалы, **Т. Ахматов, Ж. Мукамбаевдин** «Азыркы кыргыз тили» аттуу окуу китебинде: «Кыргыз тили Улуу Октябрь социалисттик революциясынан кийин өнүккөн жазма адабий тилге айланды» (1978:119-120), – деп айтылат.

Бирок айрым окуу китептеринде кыргыздардын тилинин кыргыздардын байыркы тарыхы менен байланыштуулугу айтылып, кыргыз тилинин оозеки түрдө болгондугу белгиленет. Мисалы, **А. Жапаров, Б. Орузбаева, Э. Абдулдаевдердин** «Кыргыз тили» окуу китебинде кыргыздардын тарыхы мындан эки миң жыл мурда эле болгондугу кабарланат, андан соң: «Демек, кыргыздардын ошол мезгилде эле өз алдынча тили болгондугу шексиз. Кылымдар өткөн сайын биздин тилибиз да, башка элдердин тилдериндей эле тынымсыз өнүгүп, эрежелери такталып, сөз байлыгы өркүндөй берген» (1968, 5), – деген маалымат берилет.

Мында кыргыздардын байыркы эл экендиги жана алардын ошол мезгилде эле тили болгондугу жөнүндө абдан туура айтылган. Бирок кыргыз тилинин «Улуу Октябрь революциясына чейин оозеки түрүндө гана колдонулуп келгендиги белгилүү» деген жыйынтыктын берилиши чындыкка туура келбейт.

**Б. М. Юнусалиевдин** 1971-жылы «Кыргыз диалектологиясы» аттуу окуу куралы жарык көргөн. Автор мында

1965-жылы жарык көргөн макаласында козголгон маселелерди *(булар тууралуу өз учурунда сөз болот – Г.Ж.)* уланткан.

Б. Юнусалиев кыргыз тилинин тарыхына көз чаптырып, төмөнкүдөй жыйынтыктарга келген: биринчиден, кыргыз тили узак мезгилдин ичинде калыптанган; экинчиден, ар түрлүү жакын тектеш жана алыскы тектеш тилдер менен ар кайсы мезгилде тыгыз мамиледе болгон, үчүнчүдөн, анын калыптанышы бир гана территорияда өткөн эмес, төртүнчүдөн, узакка созулган калыптаныш процессинде айрым этностук компоненттер элдин негизги кору (ядросу) менен дайыма эле тыгыз байланышта жашап келген эмес (Юнусалиев Б., 1971: 57).

Б.Юнусалиев кыргыз тилинин байыркылыгын, анын жакын жана алыс тектеш тилдер менен байланышын жана абдан кеңири аймактарда узак мезгилдин ичинде калыптангандыгын абдан туура белгилеген.

Б. Юнусалиев кыргыз элинин жана анын тилинин тарыхындагы ушул өзөчөлүктөрдү эске алып, жалпы элдик тилдин калыптаныш тарыхын үч чоң доорго бөлгөн: а) байыркы, б.а. IX-X кылымдарга чейинки кыргыз тили; б) орто кылымдык, б.а. XV-XVI кылымдарга чейинки кыргыз тили; в) жаңы кыргыз тилинин доору XVI кылымдан баштап азыркы мезгилди ичине алат (57).

Демек, кыргыздарда байыркы тил IX-X кылымдарга чейин болгон.

Б. Юнусалиев - кыргыз тилинин тарыхы боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүп, кыргыздардын жазма тили болгондугун биринчилерден болуп жазып чыккан окумуштуу. Ал: «Кыргыздар өзүнүн байыркы тарыхынын алгачкы мезгилинде өзүнүн жазма тили болгондугу Енисей дарыясынын сагааларында, Саян тоолорунда табылган ташка жазылган эстеликтер менен далилденет» (Юнусалиев Б., 1971: 17), – деген. Ошентип, окумуштуу кыргыздардын жазма тилин Енисей жазууларына алып барат. Б. Юнусалиев: «Байыркы кыргыз тилинин жазма үлгүлөрү ката-

рында Енисейлик эстеликтерди көрсөтүүгө болот» (1971: 57), - дейт.

Окумуштуу ортодон бир жарым миң жылга жакын убакыт өткөндүгүнө карабастан Енисей боюндагы ташка жазылып калган жазуулар менен азыркы кыргыз тилинин ортосунда окшоштуктар бар экендигин жана мындай окшоштуктар аз эмес экендигин маалымдайт (Юнусалиев Б., 1971: 57). Мисалы, эстеликте учураган уңгу этиштердин, ат атоочтордун, зат атоочтордун, сын атоочтордун, сан атоочтордун ж.б. уңгу сөздөрдүн баары тең дээрлик азыркы кыргыз тилинде сакталуу, фонемалык системада үндүүлөр менен үнсүздөр системасы да ушул күнгө чейин олуттуу өзгөрүүсүз сакталып калган, грамматикалык түзүлүшү боюнча да тилдин туруктуулугу байкалат.

Окумуштуу өзүнүн эмгегинде тектеш тилдердин ичинен енисейлик эстеликтердин тилине кыргыз тилин жакыныраак коюп турган белгилерди санап чыгат. Б. Юнусалиевдин пикири боюнча байыркы кыргыз тилинин дооруна V-VII кылымдарга тиешелүү болгон енисейлик жазма эстеликтердин мезгили гана эмес, андан кийинки бир нече кылымдар да кирет (1971: 57).

Ошентип, Б.Юнусалиев кыргыздардын байыркы жазма тили болгондугун, бул жазма тилдин үлгүсү Енисейлик эстеликтердеги жазуулар экендигин баса белгилеген. Бирок андан мурунку жазуулар тууралуу аталган эмгекте сөз болбойт.

**Т. Ахматов, С. Өмүралиеванын** 1990-жылы жарык көргөн «Кыргыз тили» аттуу окуу китебинде кыргыздардын жазма тили болгондугу тууралуу учкай маалымат орун алган. Мисалы, анда: «Тарых менен археологиянын материалдарына, байыркы жазуу эстеликтерине көз жүгүрткөндө, кыргыз элинин бир нече жазуу системасынан пайдаланып келгендигин байкайбыз» (1990: 95), - деп айтылат. Окуу китебинде кыргыздардын V-VIII кылымдарда колдонгон жазуусу тууралуу так маалымат берилген, б.а. Енисей дарыясынын жогорку агымында биздин за-

мандын V-VIII кылымдарында жашаган түрк уруулары, анын ичинде кыргыздар да, өздөрүнүн тилин туура чагылдырган орхон-енисей, тагыраак айтканда, байыркы түрк жазуусу аталган алфавит системасынан пайдаланышкан, бул алфавит Орхонго, Орто Азияга чейин таралган (1990: 95). Окуу китебинде орхон-енисей жазуусу X-XI кылымдарга чейин колдонулгандыгы белгиленет.

**Э. Абдулдаев** жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн жазылган «Азыркы кыргыз тили» (1998) деген китебинде кыргыздар Орхон-Енисей жазуусун колдонушкандыгын маалымдайт. Ал: «Бул тuурасында, чынын айтканда, кандайдыр бир тарыхый маалымат же кат түрүндөгү сакталып калган жазма эстелик болбогондуктан, Орхон-Енисей алфавитин гана кыргыздар колдонгон жазуулардын тарыхта изи сакталган жана илимий негизде аныкталган эң алгачкы үлгүсү деп эсеп кылсак болот» (1998: 98-99), – деген. Окумуштуунун аталган окуу китебинде Орхон-Енисей жазууларынын табылышы, изилдениши, окулушу ж.б. тууралуу маалыматтар орун алган.

Ошентип, жогорку окуу жайларынын студенттерине арналган айрым окуу китептеринде кыргыздардын байыркы жазма тили болгондугу тууралуу маалыматтар орун алган жана алардын енисей эстеликтериндеги жазуулардан башталгандыгы белгиленген.

**С. Сыдыков жана К. Конкобаевдин** «Байыркы түрк жазуусу (VII-X кк.)» деген окуу китебинде (2001) енисейлик кыргыздар, алардын жазуусу тууралуу маалымат берилет. Алар: «Кыргыз каганаты доорунда колдонулган Енисей түрк жазуусунун башатында, албетте, кыргыздар турган» (2001: 25), – дешет. Авторлор Енисей түрк жазууларын енисей кыргыздары баш болгон ошол доордогу түрк урууларынын кат-сабаттуу өкүлдөрү жазган деп болжолдошот. Окумуштуулардын маалыматы боюнча Енисей дарыясынын баш алаптарынан, Саян-Алтайдан 145тен ашык Энисей түрк жазуусу табылган. Орто кылымдарда Енисейден көчүп келген кыргыздар өздөрүнүн жазуу-

сун ала келишкен, буга Талас, Фергана өрөөнүнөн жана Кочкордон табылган он жазуу күбө (2001: 26). Аталган эмгекте эстеликтердин табылышы жана изилдениши тууралуу учкай маалымат, Орхон-Енисей жазууларынын окулушу, транскрипциясы, котормолору, жарыяланышы ж.б. камтылган.

С. Сыдыков жана К. Конкобаев байыркы түрктөрдүн тамгалары менен идеографиялык мотивдери рун алфавитинде кошумчаланган болушу толук ыктымал дешет. Анткени, Түштүк Сибирь, Орто Азия түрк элдеринин эн тамгалары менен жазуусунун системасында айрым окшош белгилердин бар экендиги да чындык (2001: 1011).

Байыркы түрк рун жазуусу тараган аймактарды жогорудагы авторлор төмөнкүдөй чектеп көрсөтүшөт. Алар: 1. Орто Азия эстеликтери (буга Талас, Ысык-Көл аймактары кирет); 2. Чыгыш Түркстан эстеликтери; 3. Тоолуу жана Чыгыш Европа эстеликтери (2001: 1011).

**Илимий эмгектерде.** «Кыргыз жазуусунун тарыхынан» аттуу **К. Дыйканов, С. Кудайбергенов, Ю. Яншансин** тарабынан жазылган эмгек 1958-жылы жарык көргөн. Аталган эмгекте жазуунун түрлөрү жөнүндө кыскача түшүнүк берилген, андан соң орхон-енисей жазуусу жөнүндө маалыматтар, алардын изилдениши, окулушу, жарыяланышы каралган (3-11-бб.). К. Дыйканов: «Археологдор тапкан рун жазуусун окуп-билүү түрк элдеринин тарыхын билүүгө негиздүү булактын бири болуп калды» (1958: 10), - дейт.

**Э. Абдулдаев, А. Е. Супрун** тарабынан «Тилдин жана жазуунун келип чыгышы» деген эмгек 1965-жылы жарык көргөн. Анда жазуунун келип чыгышы жана тарыхы жөнүндөгү маалыматтар камтылган. Аталган окумуштуулардын маалыматында адамдар айтылган ойлорду эсте сактоо менен гана чектелишип, узак убакка чейин анын башка жолдорун таба алышпагандыгы, бирок бардыгын эске тутуу мүмкүн эмес болгондуктан, эске түшүрүүнүн ыкмалары пайда боло баштагандыгы баяндалат.

Мисалы, америкалык индеецтер эске сактоого жардамчы каражат катары түйүн сабаттуулугун («кипукамайокуна») пайдаланышкан. Бул үчүн бутакка же болбосо керип койгон түрлүү түстөгү майда жиптерди самсаалата байлап, бирин-бирине илештирип коюшкан. Мындай түйүндөр керектүү иштерди эске салууга жардамдашкан. Жиптин кээ бири узун, кээ бири кыска болгон, кызылы – согуш, карасы – өлүм, агы – тынчтык же күмүш, көгү – аштык дегенди билдирген (1965: 44).

Мындай мнемотехникалык (адамдын эсине жардам берүүчү) «кат» катарында жалаң гана түйүндөр эмес, бир катар элдерде ар кандай формадагы үлүл кабыктары, майда таштар, мончоктор да колдонулган. (1965: 45).

Аталган эмгекте эстин жардамчылары болуп саналган жогоркудай каражаттар өзүлөрүнүн тийиштүү ролун ойноп келишкендиги белгиленет.

Авторлор сүрөт тартуу качантан бери башталгандыгын, кишилер эмне үчүн сүрөттөрдү тартып келишкендигин түшүндүргөндөй фактылар *(китептин 1965-жылы жарык көргөндүгүн эске салабыз – Г.Ж.)* топтоло электигин белгилешип: «Балким, алар эстерине сакталган окуяларды сүрөткө түшүрүп калтыргысы келгендир» (1965: 50), - дешет. Ошентип, адам баласы айлана-чөйрөдөгүлөрдү сүрөттөп, сырткы көрүнүштөрүн белгилөөгө аракет кылышкан. Ошону менен катар сүрөттөр бир катар артыкчылыктарга ээ боло баштаган. Мындай артыкчылык адамдар мурдагы колдонуп келген ыкмаларын өркүндөтүш үчүн зарыл болгон дешет авторлор.

Авторлор сүрөт жазуусу деп нерселерди жана кыймыл-аракетти сүрөт аркылуу белгилеп көрсөтүүнү айтышат (1965: 51). Алар: «сүрөттүү» жазуу дегенибиз, ал өз алдынча турган атайын бир картина болбостон, ал бүтүн бир аңгеме жөнүндө кеп сала турган кеңири маанидеги система» (1965: 51), - дешет. Сүрөттүк жазуу бир бүтүн тарыхый окуяларды, татаал ойлорду да бере алууга жөндөмдүү.

Цивилизациянын өнүгүшүнүн эң эле башкы доорунда бул жазуунун да өсүш эволюциясы башталган. «Мындай «эволюция», биринчиден, сүрөттөрдүн жөнөкөйлөштүрүшүнө багытталгандык болсо, экинчиден, символиканын (элестетүүнүн), сүрөт жазуусундагы шарттуулуктун дагы нарылап өнүгүшү менен түшүндүрүлөт» (1965: 53).

Авторлордун маалыматы боюнча ар бир нерсени аздыр-көптүр көрсөтүүчү сүрөттөрдүн ордун алмаштыруу үчүн жазууга ар түрдүү шарттуу белгилер киргизиле баштаган. Символикалык элементтердин жана белгилердин алга карай дагы өнүгө башташы менен жазуунун кийинки этабында ар бир түшүнүк (идея) өзүнчө белги, тамга (грамма) менен көрсөтүлүп, бул идеографиялык жазуу деп аталган (1965: 54).

Авторлор алгачкы идеограммалар сүрөттөргө окшош болгон, демек пиктографиялык жазуудан идеографиялык жазууга бара-бара акырындык менен өткөн болуу керек дешет (1965: 54).

Ошентип, авторлор, жазуунун түрлөрүнө, алардын камтыган маанилерине кеңири токтолушат, бирок мына ошол жазуулардын кыргыздарга тиешеси барбы, аталган жазууларды кыргыздар колдонушканбы - булар тууралуу эч сөз козгошпойт.

Авторлор аталган эмгекте сөздүн айтылышына, белгиленишине жана маанисине, сөздүн мууну боюнча алынган жазууга, тыбыштар боюнча алынган жазууга кыскача токтолушат, бирок алар да кыргыздар колдонгон жазууларга тиешеси жок маалымданат (1965: 59-63).

**Б. М. Юнусалиевдин** 1965-жылы жарык көргөн «Кыргыз тилинин тарыхы боюнча кыскача кабарлар» деген макаласында автор В.В.Бартольддун «Кыргыз тили анын ээси болгон кыргыз эли сыяктуу эле байыркы» деп айтканына таянып, тилдин жалпы элдик белгилери жана урук, уруулардын эл катары түзүлүүсү, мүмкүн, хронологиялык жактан бир мезгилде эле болгон болуу керек дейт,

анткени бул процесс үчүн бирдей эле шарттар – этностук группалардын аздыр-көптүр стабилдүү составынын узакка созулган маданий-экономикалык карым-катышы зарыл болгон (Юнусалиев Б., 1965:5). Б. М. Юнусалиевдин пикири боюнча жалпы элдик тилдин калыптануу тарыхы уруулардын эл катары калыптануусуна караганда алда канча эрте башталган.

Кыргыз тили келип чыгышы боюнча түрк тилдеринин бүлөсүнө кирет, анын ичинен алтай, манчжур жана корей тилдери менен биргеликте алыскы тектеш тилдердин алтай бутагын түзөт (Рамстедт Г. И., 1957: Баскаков Н. А., 1960; Юнусалиев Б., 1965:5).

Кыргыз тили жакынкы тектеш тилдер менен грамматика жана лексика боюнча көптөгөн жалпы элементтерге ээ болуу менен бирге, көп кылымдар бою өзүнүн өнүгүү тарыхында фонетикалык системасында, грамматикалык түзүлүшүндө жана сөздүк составында башка тектеш тилдерге, анын ичинде коңшулаш казак, өзбек, уйгур тилдерине окшобогон, өзүнө гана мүнөздүү спецификалык белгилерди иштеп чыккан (Юнусалиев Б., 1965:5). Натыйжада, Б. Юнусалив белгилегендей, кыргыз тилинин материалдык элементтери төмөнкүдөй тарыхый ырааттуулукта түзүлгөн: а) алыскы жана жакынкы тектеш тилдерге тиешелүү жалпы белгилерден; б) кыргыз тилине гана мүнөздүү спецификалык белгилерден (1965: 5).

Көрүнүп тургандай, Б. Юнусалиев байыркы кыргыз тили жана анын өнүгүшү тууралуу баалуу маалыматтарды берген.

**Б. Орузбаева** «Кыргызский язык» (1998-жылы жарык көргөн) деген эмгегинде 1924-жылга чейин кыргыз тили негизинен оозеки түрдө жашагандыгын белгилейт. Ал: «...но задолго до Октябрской революции в кыргызском крае имела широкое хождение письменность, основанная на арабской графике, общая для всего тюркоязычного мира (в том числе и для среднеазиатского региона), несмотря на то, что она не была специально приспособле-

на для отражения на письме его звуковой специфики» (1998: 5), –дейт. Б. Орузбаеванын эмгегинде араб графикасына негизделген жазмадан мурунку жазуулар тууралуу сөз болбойт.

**К. Ашыралиев** «Орхон-Енисей *(автордо баш тамгалар менен берилген – Г. Ж.)* жазма эстеликтериндеги уңгу сөздөр» деген темадагы китебинде (1963) аталган жазма эстеликтердеги түп уңгуларды жана кайсы бир жасалма сөздөрдүн алган ордун караган. Мында уңгу сөздөр сөз түркүмдөрүнө бөлүштүрүлүп, түрк тилдери боюнча беш тилге салыштырылып берилген.

**С. Сыдыковдун** «Енисей жана Таластагы рун жазуулары» (2011-ж.) аттуу монографиясында Енисей жана Талас жазуулары тууралуу иликтөөлөр жүргүзүлгөн, т.а., Енисей жана Талас эстеликтериндеги жазуулардын окулушу, транскрипциясы жана грамматикалык өзгөчөлүктөрү берилген (2011).

**Ч. Жумагуловдун** «Эпиграфика Киргизии» деген эмгектеринде (1963, 1982, 1987) Кыргызстандын территориясындагы эпиграфикалык эстеликтер каралган. Кыргызстандын тоолору тарыхый жана маданий эстеликтерге бай дейт Ч.Жумагулов.

Орхон-енисей тибиндеги түрк жазма эстеликтери Талас өрөөнүнөн, Ысык-Көлдүн жээктеринен жана Баткен районунан табылган (1963: 5).

Ар жыл сайын кыргыз жергесиндеги эстеликтер жаңы табылгалар менен байып келет. Баалуу маалыматтар алынган жерлердин, тоолордун аттары эстеликтердеги жазуулардын, петроглифтердин аттары менен аталып калган учурлары көп эле учурайт. Мисалы, Чийим-Таш, Чиймели-Таш, Кат-Таш, Сүрөт-Таш, Саймалы-Таш, Ноокат, Тамга-Таш ж.б. (2011:5).

**Ж. Сыдыковдун** «Байыркы кыргыз эли – кыргыз тили» деген эмгегинде (2002) кыргыз элинин тарыхы жана тили, анын байыркы доорлордон азыркы күнгө чейинки өнүгүшү чет элдик (кытай, араб, фарсы, орус, гер-

ман ж. б.) булактарда кандай берилгендиги баяндалат. Автор тилдин тарыхын, тарыхый грамматиканы, фонетиканы жана лексиканы түзүү – азыркы кыргыз тил илиминдеги өтө зарыл жана кечиктирилгис маселелердин бири экендигин белгилейт. Ж.Сыдыков эне тилибиздин байыркы тилдерден экендигине жетиштүү негиздердин бардыгы күмөнсүз дейт (2002: 99).

Автор байыркы түрк тилинин негизине кайсыл тил өбөлгө болгон деген суроо коюп: «…Кандай болгон күндө да ал тилдин калыптанышына башка дагы көптөгөн байыркы түрк тилдери, анын ичинде өзгөчө мамлекет курган кыргыздардын тили, ал региондо өтө белгилүү болгон *байыркы кыргыз тили* да катышкандыгы шексиз» (2002: 86-87), - дейт.

Аталган эмгекте байыркы түрк рун жазуусуна чейинки кыргыздар колдонгон жазуулар тууралуу сөз болбойт.

**Ү. Асаналиевдин** «Түндүк-манчжур, монгол, байыркы түрк жана кыргыз тилинин кээ бир лексикалык параллелдери» (2003) деген эмгегинде аталган тилдеги сөздөрдүн катар колдонулушу биринчи жолу салыштырма-тарыхый аспектиде изилденген.

**С. Ибрагимов** өзүнүн тил илимине байланыштуу эмгектеринде жазуу байланыштын (пикир алышуунун) кошумча куралы катары кийин пайда болгондугун маалымдайт. Ал: «Маселен, азыр адамдын тыбыштык тилинин пайда болушун 400-500 миң жыл менен чектесек, жазуунун келип чыгышын илим акыркы 2-3 миң жыл менен байланыштырат», – дейт (2002: 42). Окумуштуу жазуу тийиштүү маалыматты сактап калуу, башка бирөөгө жеткирүү үчүн же кийинки муундарга берүү зарылдыгынан пайда болгондугун белгилейт. Албетте, окумуштуунун пикиринде оозеки тилдин ойду жеткиликтүү берүү жагынан артыкчылыгы бир топ зор. Жазуу болсо оозеки тилдин айрым кемчиликтерин толуктайт. Ал жаныбызда жок адам менен сүйлөшүүгө жардам берет. Окумуштуу жазуу аркылуу байыркы же өткөн замандагы

адамдардын кылган иштеринен кабар берген баалуу маалыматтар, эстеликтер бизге келип жетти (2002: 42) дейт.

**Л. Джусупакматовдун** «Древние картосхемы Земли в пиктографии петроглифов юга Кыргызстана» (2006) аттуу эмгеги Орто жана Борбордук Азияда жашаган байыркы элдердин пиктографияларында чагылдырылган Жердин жана анын региондорунун картосхемасына арналган. Пиктографиялык тексттин объектиси катары мындай петроглифтер мурун изилдене элек болучу.

2014-жылы окумуштуунун «Каталог пиктографических текстов петроглифов «Саймалы-Таш» деген эмгеги жарык көргөн.

**К. Токтоналиев «Кыргыз тилинин өнүгүү этаптары»** деген макаласында кыргыз тилинин пайда болуу жана өнүгүү этабын негизинен жети доорго бөлгөн. Алар: 1. Алтай доору, эң байыркы доор; 2. Шумер доору – бул доор б.з.ч. 6-кылымдан б.з. 1-кылымдарга чейин созулат; 3. Хунн доору – бул доор биздин заманга чейинки I кылымдан биздин замандын V кылымдарына чейин созулат; 4. Байыркы кыргыз доору (биздин замандын V-X кылымдары); 5. Ортоңку кыргыз доору (биздин замандын X-XV кылымдары); 6. Соңку кыргыз доору (XV-XX кылымдар); 7. Жаңы кыргыз доору (XX кылымдын 20-жылдарынан тартып) (Токтоналиев К. Жыйнакта: 2011: 202).

Кыргыз жазууларынын пайда болуу жана өнүгүү этаптарынын эң байыркы доорлордон башталышы абдан жакшы көрүнүш. Эми аларды илимий жактан кеңири изилдөө зарыл милдеттерден болуп саналат.

**Н. Усеевдин** «Енисей жазма эстеликтери. I лексика жана тексттер» деген эмгеги 2011-жылы жарык көргөн. Эмгек Енисей жазма эстеликтеринин лексикасына арналган жана китептин аягында Енисей жазма эстеликтеринин тексттери берилген.

Жогорудагы жана орхон-енисей жазуусуна арналган башка эмгектер эмгектин тиешелүү бөлүмдөрүндө талдоого алынат.

**Кыргыз жазуусунун тарыхы жогорку окуу жайы үчүн окуу программаларында. Ү.Асаналиев** тарабынан 1993-жылы биринчи жолу «Байыркы түрк (рун) жазуу эстеликтеринин программасы» иштелип чыккан. Аталган окуу программасы, аты эле айтып тургандай, байыркы түрк рун эстеликтерине арналган. Анда Орхон, Енисей, Чыгыш-Түркстан, Талас эстеликтери, рун алфавити, фонетикалык, лексикалык, грамматикалык материалдар берилген жана бул программа келечектеги окуу китебинин моделин түзөт деп жазылган (1993: 3).

**Ж. Жумалиев** «Кыргыз жазуусунун тарыхы боюнча программа» иштеп чыккан. Анда мындай деп айтылат: «Кыргыз жазуусунун тарыхы» курсунун негизги милдети – жазуу тарыхындагы жалпы жана өзгөчөлөнгөн илимий көз караштардын системасын студенттерге калыптандыруу, ошондой эле кыргыз эли колдонгон жазуулар тууралуу аларга конкреттүү билим берүү болуп эсептелет» (Жумалиев Ж., 1999: 4).

Окуу программасында студенттер лекциялык жана практикалык сабактарда дүйнөдөгү жазуулардын жаралышы, түрлөрү, типтери, таралышы, колдонгон доорлору жөнүндө жалпы маалымат алуу менен кошо V кылымдан азыркы мезгилге чейинки аралыкта кыргыз, түрк элдери колдонгон жазууларды кененирээк үйрөнүүшөт деп айтылат (1999: 4). Окуу программасында түрк элдери, кыргыз эли колдонгон жазуулар катары пиктографиялык, идеографиялык (иероглифик), речтик жазуу (муундук, тыбыштык жазуу) аталат. Окуу программасына байыркы түрк (рун, түрк-рун же орхон-енисей), уйгур, араб, латын жана кириллица (орус азбукасы) жазуулары киргизилген.

Тилекке каршы, аталган окуу программалар боюнча бүгүнкү күнгө чейин окуу китептери жарыкка чыга электиги өкүнүчтүү.

## 2. Байыркы жазуулар тил илиминде

Жазуунун тарыхы узак жана татаал жолду басып өткөн. Биз төмөндө жазуунун тарыхынын изилденишин хронологиялык тартипте берүүгө аракет кылабыз.

### Байыркы жазуулар чех тилинде

**Жазуунун мааниси.** Ч. Лоукотка өзүнүн «Развитие письма» деген эмгегинде жазуунун келип чыгышы, жазуунун өнүгүшү тууралуу иликтөөлөрдү жүргүзгөн. Цивилизацияны жазуусуз элестетүү кыйын, жазуу аркылуу келечек үчүн адамдын жетишкендиктери жана ой жүгүртүүсүнүн жемиштери сакталат дейт Ч.Лоукотка. Ал: **«Там, где нет письма, нет и истории** *(белгилеген – Г. Ж.),* и в этих случаях, часто без достаточных оснований, говорят о людях «неисторических» и «примитивных», - дейт (Chalupny E., т. IV, ч.1, 116; Лоукотка Ч., 1950: 13). Жазуу адамзаттын тарыхы тууралуу даректүү маалыматтарды берет.

Жазуу тууралуу Е. Халупный мындай деген: «Письмо – это запись речи, фиксация представления с помощью изобразительной записи, всегда связанной с определенным языком» (Chalupny E., т.IV, ч.1, 116). Жазуу «кеп» («речь») менен тыгыз карым-катышта, алар аркылуу биз тили жансыз жана тарыхта аты өчкөн элдердин тарыхы тууралуу маалыматтарды ала алабыз.

Ч. Лоукотка жазуу жөнүндө: «Письмо по своему существу выражает духовные и культурные потребности, в особенности потребность как-то выразить свои представления и передать их другим людям» (1950: 14), - дейт. Албетте, бул зарылдык живописттин же атайын техникалык каражаттардын жардамы менен канааттандырылышы мүмкүн, бирок жазуу – маалыматты адамдан адамга берүүдөгү өтө так жана маанилүү каражат болуп эсептелет.

**Жазуунун келип чыгышы тууралуу. Белгилер жазуубу?** Ч. Лоукотка жазуу практикалык зарылчылыктан келип чыккандыгын белгилейт. Мисалы, аңчылар кыймылдарынын багыттарын, жырткыч айбандардын санын жана тукумун ар түрдүү жөнөкөй белгилер менен бири-бирине кабарлашкан, анын негизги максаты – белгилүү бир окуяны, фактыны кабарлоо болгон. Кийин ал фактыларды эске тутууга умтулушкан. Адегенде бул белгилер тилге көз каранды болгон эмес, алар чындыгында эле мурун макулдашылган, баарына түшүнүктүү жөнөкөй шарттуу белгилер болчу. Биринчи иретте буга аңчынын кетип бараткан багытын белгилеген жол белгилери кирген. Аңчы бутактын сыныгынын аягын керектүү багытка каратып койгон. Кийин аңчылар жол белгиси катары жаанын сынган жебесинин учун тиешелүү багытка каратып пайдалана баштташкан (1950: 18). Мына ушул байыркы мезгилде колдонулган багытты көрсөтүүчү (вектордук) белги бүгүнкү күнгө чейин колдонулууда.

Барган сайын адамдар айрым окуялар жөнүндө башкаларга көрсөтмөлүү маалымат берүүгө аракет кыла баштташкан. Ошентип, сүрөт пайда болгон. Мисалы, аңчы өзү бараткан багытты сызып, анын жанына дароо эле аңдып бара жаткан айбанаттын сүрөтүн тарткан. Бул Ч. Лоукотка тарабынан «татаал кабар» катары каралат жана ал жазууга кирбестен, али искусство тармагына тиешелүү бойдон калат.

Айрым аңчылык менен кесиптенген эл мына ушуга окшогон сүрөттөрдүн негизинде кабарлардын толук бир системасын иштеп чыгышкан. Алардын жардамы менен жалаң гана жырткыч айбандардын бараткан багытын жана асыл тукумдуулугун (порода) эмес, андан бир топ татаал маанилердин комплексин берүүгө болгон. Бирок булардын бардыгын Ч Лоукотка: «И все же это еще не письмо, а только намек на него» (1950: 18), - деген.

**Кинетикалык тил.** Ч. Лоукотка жаңсоо тилин кинетикалык тил деп атайт. Ал: «Язык жестов (кинети-

ческий язык[1]), возникавший там, где раздробленность языков препятствовала передаче сообщений» (1950: 19), - дейт. Айрым учурларда алыскы аралыкка кабар берүү үчүн барабандарды үстөккө-босток ургулашкан *(Ч. Лоукоткада бул «барабанный бой» деп берилген - Г. Ж.)* колдонулган. Бирок бул каражаттар алгачкы жөнөкөй белгилер сыяктуу эле «позволяли обмениваться лишь содержанием представлений, не давая их словесного выражения»(1950: 19).

## Жазуунун мнемоникалык баскычы
## Мнемотехникалык система

**Мнемотехникалык каражаттар.** Барган сайын маалымат алышууда мнемотехникалык[2] каражаттар колдонула баштаган.

**Мнемотехникалык** каражаттардын ичинен эң белгилүүлөрү – *түйүндөр, боолор же чыйратылган боолор, тактайчага же жыгачка керте кесилип түшүрүлгөн белгилер, татуировка.*

***Боолор.*** Булардын айрымдары азыркы учурда деле колдонулуп жүрөт. Мисалы, перуандык малчыларда эсептик боолор бар, алардын бири - букалардын санын, башкасы – уйлардын, дагы бири – торпоктордун эсебин алуу үчүн колдонулат. Боолордогу түйүндөрдүн саны малчынын короосундагы малдын башынын санына туура келет. Ч. Лоукотканын маалыматы боюнча мындай эсеп боолорду зунилер (Аризон), мискиттер (Никарагуа), аракуандыктар (Чили) ж.б. индеец уруулары, негр урууларынан - ардра (Дагомея), ваи (Либерия) ж.б. колдонушат (Лоукотка Ч., 1950: 19).

***Тактайчага жана жыгачтарга керте кесилип түшүрүлгөн белгилер.*** Боолордон тышкары тактайчага жана жыгачтарга керте кесилип түшүрүлгөн белгилер кеңири тараган. Жука тактайчага маалымат кесилип жазылган шарттуу белгилер менен берилген. Кээде мындай

тактайчалар ортосунан жара бөлүнүп, сүйлөшүүчү тараптарга бирдей маалыматы бар тактайчанын жара бөлүнгөн бөлүктөрү берилген. Ч. Лоукотка Римде булар tallia же taleae деп аталгандыгын жана алар салык төлөөдө тил кат катары колдонулгандыгын маалымдайт. Англияда мындай тил каттар (tally-stisk) 1834-жылга чейин мыйзам ченемдүү деп эсептелген. Кийин Америкага жер которуп барган англичандар аркылуу мындай белгилер Америкага, мисалы, Жаңы Шотландияга жеткен, ал жакта nisk-stisk деген ат менен дээрлик XX кылымдын башына чейин колдонулган (Лоукотка Ч., 1950: 20). Ч. Лоукотка: «Также употребляются они для некоторых сообщений сибирскими охотничьими племенами, туземцами центральной Африки и островитянами Полинезии» (1950: 20), - дейт.

**Татуировка.** Полинезиялыктар тактайчага тилинип жазылган белгилерден тышкары татуировканы да пайдаланышкан. Татуировка менен «...обозначались на теле данного индивидуума его права и обязанности по отношению к коллективу» (1950: 20).

Ч. Лоукотка булардын бардыгын жазуу эмес, жазуунун өнүгүшүндөгү мнемоникалык баскыч дейт. Ал: «То, что мы относим к мнемонической ступени развития письма, в действительности еще не письмо, это лишь подготовительная ступень, первый шаг на далеком и трудном пути» (1950: 20), - дейт. Биз Ч. Лоукотканын пикирине кошулабыз. Булар, чындыгында, жазуунун өнүгүшүндөгү мнемоникалык баскыч болуп эсептелет. Буларды айрым жазуунун тарыхын изилдөөчүлөр буюмдук жазуу деп да атап келишет.

**Пиктографиялык[3] жазуу.** Бардык жазуулардын башаты реалисттик сүрөттөргө барып такалат. Ч. Лоукотка да жазуу сүрөттөн башталат дейт (1950: 21). Бирок байыркы замандан берки бизге жеткен сүрөттүн баары эле жазуу боло бербейт. Ч. Лоукотка бардык пиктограммалардын жалпы өзгөчөлүгү: «алар бизди көбүнчө тур-

муштук мүнөздөгү айрым бир белгилүү, кээде айрым бир мезгилге, учурга байланыштуу окуя менен тааныштырат, алар дайыма бир бүтүн сүйлөмдөр менен туюундурулат. Ар бир сүрөт бирден сүйлөмгө туура келет» (1950: 21), - дейт.

Пиктограммалардын милдети – бүтүн маанилердин комплексин көрсөтмөлүү берүү болуп саналат. Көп учурларда пиктограммалар баатыр адамдардын көрүстөндөрүндөгү жазуу катары берилет.

Айрым учурларда сүрөт менен пиктограммалардын аралашып кеткендиги байкалат. Буларга түштүк Европадагы палеолит доорундагы (Альтамира жана Пасиега (Испания), андан соң Емтланд (Швеция), түштүк африкалык үңкүрлөрдөгү ж.б.) сүрөттөр кирет. **Буларга түштүк африкалык аскалардагы бушмендердин, сибирдиктердин схемалык сүрөттөрү** *(белгилеген - Г. Ж.)* ж.б. да окшош. Мындай сүрөттөр пиктограммалар[4], кээде петроглифтер[5] деп аталат (Лоукотка Ч., 1950: 21).

**Пиктограммалардын милдети.** Ч. Лоукотка жөнөкөй пиктограммалардын милдети төмөнкүлөр дейт: 1) биринчи кезекте – бул сүйүү жөнүндө маалыматтар (буга түндүк америкалык индеецтер менен одулдардын (түндүк Сибирь) сүйүү каттары кирет); 2) аңчылардын кабарлары (булар дээрлик бардык дүйнө элдеринде, ал түгүл тарыхка чейинкилерде белгилүү); 3) магиялык жана дубалоочу (заклинательные) формулалар (бул өзгөчө түндүк америкалык индеецтерде, ошондой эле Индонезияда таралган); 4) согуш темасы, т.а., согуш кагылыштары, күтүүсүз жерден басып кирүү, чабуул, согуштук жүрүш; 5) акырында саясий мүнөздөгү пиктограммалар, мисалы, петициялар (жогорку өкмөт бийлигине жазылган көпчүлүктүн расмий өтүнүчү), келишим, эл каттоо, ошондой эле ар кандай арыздар, эскертүүлөр (1950: 22).

**Пиктограмманын өзгөчө тиби: жеке менчик белгилер.** Ч. Лоукотка жеке менчик белгилерди пиктограмманын өзгөчө тиби катары карайт. Ал бул же тигил буюмдун же

малдын, кээде чек араны билдирүүчү таштын жеке кимге тиешелүү экендигин билдирүү үчүн колдонулат. Этнография аркылуу ар түрдүү элдерде мындай жеке менчик белгилердин абдан көп колдонулгандыгы белгилүү. Мисалы, аларды марийликтер (Чыгыш Россия), саамдар (Швеция), арабдар жана бразилиялык индеецтердин уруусу (кадувейо) колдонушат (1950: 22).


Ушуга окшогон эле белгилер Европанын түштүгүндөгү айрым үңкүрлөрдөн табылган предметтерде кездешет. Бул белгилерде, ошондой эле Европанын түштүгүндөгү жана түндүк Африкадагы аскалардагы сүрөттөрдө стилизациялоого болгон аракет байкалат. Мисалы, ал жерлерде буканын стилизацияланган колдору, баштары ж.б. болгон. Ч. Лоукотканын пикиринде, көпчүлүк окумуштуулар буларды жеке менчик белгилер менен ассоциациялашат (1950: 22).

Ч. Лоукотка пиктограммаларды жазуунун биринчи баскычы деп эсептейт. Мындай белгилерди батыш жана борбордук Африканын жергиликтүү уруулары колдонушкан, бир топ өркүндөтүлгөн түрү түндүк Америкада таралган.


**Идеографиялык жазуу.** Жазуунун кийинки баскычы – пиктографиядан өнүгүп чыккан идеографиялык[6] жазуу. Сөз жана сүрөт ошол эле бир объектти билдирүүнүн эки жолу болгондуктан, адамдар айрым сүрөттөрдү белгилүү бир сөздөр менен окшоштура башташкан. Ч. Лоукотка: «В процессе развития письмо целыми предложениями переходит в форму выражения отдельных слов» (1950: 24), - дейт. Адамдар символдорду колдоно башташат, белгилер шарттуу мүнөзгө ээ боло баштайт. Ч. Лоукотка абдан көп белгилердин жана символдордун кинетикалык кептен келип чыккандыгын белгилейт.



**1-сүрөт.** Урук шаарындагы урандыларынан табылган чопо тактайчадагы идеографиялык белгилер.




**2-сүрөт.** Байыркы шумерлик идеографиялык белгилер.




**3-сүрөт.** Идеограммалар (Ч. Лоукотка. 1950: 31).

**Тыбыштык жазуу.** Жазуунун өнүгүшү менен шарттуу белгилер универсалдык мүнөзгө ээ боло баштайт, алардын формасы жана логикалык мааниси каттала баштайт, колдонушулу шарттуу мүнөзгө ээ болот. Муну менен катар эле мурунку татаал сүрөттөр жөнөкөйлөшөт, стилизация жоголот, акыр аягында сүрөттүн таза тыбыштык эквиваленти келип чыгат. Эми белги сөздүн маанисин бербей калат, тыбыштык комплексти гана каттайт (1950: 25). Мындай жазууда белгилер азайып, колдонуу жеңил болот.

**Ч. Лоукотка эң алгач жазуу (иероглиф) кайда пайда болгондугу тууралуу.** Ч. Лоукотканын пикири боюнча эң алгач жазуу иероглиф[8] деген ат менен Египетте пайда

болгон. Ал: «Настоящее, в подлинном смысле этого слова, письмо, которое мы в состоянии свободно читать и спустя тысячи лет, возникло в Эгипте и получило всеобщую известность под названием иероглифов» (1950: 26), - дейт. Ошентип, Ч. Лоукотканын пикиринде египеттик иероглиф эң эски жазуу болуп эсептелет. Ч. Лоукотка: «Надписи этого типа встречаются начиная с преддинастических времен - с той эпохи, когда Египет еще не был объединен в одно государство, то есть ранее 4000 г. до н.э., и непрерывно вплоть до первой половины III века н.э.» (Лоукотка Ч., 1959: 27-28), - дейт.

Аталган жазуу миңдеген жылдар ичинде өзгөрүүлөргө учураган. Бул бир жагынан, египеттик падышачылыктын күчтүүлүгүнөн, экинчи жагынан, байыркы египеттиктердин тубаса консервативүүлүгүнөн деп эсептейт Ч. Лоукотка.

Иероглифтердин жаратылышы тууралуу пикирлер бирдей эмес. Мисалы, байыркы египеттиктер шумерлердин окуучулары деген айрым пикирлер бар. Ч. Лоукотка мындай пикирдин жаралышы толугу менен мүмкүн дейт, анткени алгачкы шумерлердин оймо-чиймелүү (фигурное) жазуусу көпчүлүк учурларда иероглифтерди элестетет. Бирок, Ч. Лоукотка мындай жоромолго кошулбайт, ал: «...при одинаковом примитивном способе мышления в разных местах могли возникнуть и одинаково примитивные знаки» (1950: 29), - дейт.

Ч. Лоукотка египеттик жазуунун тарыхка так ойлонулган жана аягына чейин иштелип чыккан, бүткөн система катары киргендигин, андан ары иреттелгендигин жана калыпка салынгандыгын маалымдайт, ал эми шумер жазуусу тууралуу: «между тем как шумерское письмо еще весьма не совершенно» (1959: 29), - дейт. Шумер жазуусунун жетилип бүтпөгөндүгү - иероглифтер байыркы деген пикирдин пайдасына кызмат кылат, бирок бул шумерлер египеттиктерден үйрөндү дегенди билдирбейт дейт Ч. Лоукотка. Буга далил жок. Акырындык менен клинописке чейин өнүккөн шумердик фигуралар фоне-

тикалык белгилер менен кошумчаланбайт, «между тем как, например, в преддинастической надписи царя Нармера, относящейся приблизительно к концу четвертого тысячелетия до н. э., эти знаки уже применяются» (1950: 30). Ырас, бул жерде сөз предметтердин сүрөттөрү менен көрсөтүлгөн, «но фигурное письмо уже перемешано со словесным» (1959: 30).

Аталган маселе, дегеле жазуунун тарыхы башка окумуштууларда кандай берилген? Төмөндө сөз ушул багытта уланмакчы.

### Жазуунун өнүгүшү орус тил илиминде

Орус тилинде жазуулардын тарыхы жөнүндө Я. Б. Шницердин «Иллюстрированная всеобщая история письмен» деген эмгеги 1903-жылы жарык көргөн. 1950-жылы чех тилинен орус тилине Ч. Лоукотканын «Развитие письма» деген эмгеги которулган, 1960-1961-жж. К. Керамдын «Боги, гробницы, ученые», И. Фридрихтин «Расшифровка забытых письменностей и языков» деген эмгектери которулуп, жарыкка чыккан.

Советтик окумуштуулардан Н. Я. Маррдын бир нече эмгектерин («Происхождение терминов «книга» и «письмо» в освещении яфетической теории», 1927; «Язык и письмо», 1930; «Письмо и язык», 1938), И. И. Мещаниновдун («К вопросу о стадиальности в письме и языке», 1931) эмгегин ж.б. атоого болот. Жазуунун тарыхынын тиги же бул маселелери боюнча материалдар В. И. Авдиев, А. В. Арциховская, И. М. Дьяконов, Н. И. Конрад, Д. С. Лихачев, И. М. Ошанин, В. В. Струве, М. Н. Тихомиров, С. П. Толстов ж.б. эмгектеринде же китепчелерде (брошюраларда: В. А. Кочергиндин «Краткий очерк истории письма», 1955; В. П. Иванцевдин «От рисунка до азбуки», 1957) камтылган. В. И. Истриндин «Развитие письма» аттуу эмгеги 1961-жылы жарыкка чыккан.

В. И. Истрин аталган эмгекте оозеки кептин эки негизги кемчилигин белгилеген. Алар: мейкиндиктеги

чектелүүлүк жана мезгилге чектелгендик. Автор бул эмгегинде жазуунун тыбыштык тилге кошумча каражат экендигин белгилеп, жазуу – бул «тилди кайрадан мурдагы калыбына келтирүү ыкмасы», «тилди каттоо» (1961: 9) дейт.

Жазуу оозеки кептин кемчиликтерин толуктайт, б.а., мейкиндикке жана мезгилге болгон көз карандылыгын жоёт. Жазуу карым-катнашуунун кошумча каражаты катары кепти алыскы аралыкка жеткирип, атайын белгилердин жардамы менен муундан муунга калтырат.

Жазуунун өзгөчөлүктөрү кайсылар? В. И. Истрин жазуунун үч белгисин бөлүп көрсөтөт.

**1) Жазуу – карым-катнашуунун кошумча каражаты.** В. И. Истрин аталган эмгекте «тил» деген түшүнүктүн эки мааниси бар экендигин белгилейт. Биринчиден, тил ойлоонун материалдык оболочкасы жана адамдардын ортосундагы карым-катнашуунун негизги куралы; экинчиден «тил эл тарабынан иштелип чыккан сөздөрдүн системасы (сөздүк состав) жана алардын айкалыш эрежелери (грамматикалык курулушу)» (1961: 17). Жазуу тыбыштык кептин жардамчы каражаты катары кийин пайда болгон.

**2) Жазуунун экинчи маанилүү өзгөчөлүгү – анын аткарган кызматында.** Албетте, жазуу, адегенде, маалыматты алыскы аралыкка жеткирүүгө жана аны мезгили боюнча каттап коюуга кызмат кылган (1961:19). Бирок, жазуунун аткарган башка да кызматтары бар. Мисалы, бул тууралуу В. И. Истрин: «Письмо успешно служит для литературной и научной обработки и является основой для развития литературно-художественного творчества» (1961: 19), - дейт. Андан тышкары жазуу так илимдер системасында (математикалык, физикалык, химиялык, астрономиялык ж.б.) колдонулуп (жазуу жана эсеп натыйжалары), ал түшүнүктөр менен иштөөнү жеңилдетет. Жазуу маалыматты берүүнү ылдамдатат жана берилген маалыматты кабыл алууну жеңилдетет. Жазуу маалыматты берүүдө угулбайт жана сезилбейт (1961: 19).

**3) Жазуунун эң маанилүү үчүнчү өзгөчөлүгү анын каражаттары** – көз менен кабыл алынган чийме сүрөттөр жана белгилер.

Бир жагынан жазуу сүрөт искусствосуна, атап айтканда графикалык искусствого жакын. Бирок андан айырмасы эмнеде?

**Жазуу жана графикалык искусство. Алардын бири-биринен айырмачылыгы.** Жазуу графикалык искусство менен окшош, бирок алардын максаттары ар башка. Искусство чыгармасынын милдети – дүйнөнү көркөм образдуу таанып-билүү болсо, ал эми **жазуунун милдети – кепти мезгили боюнча каттоо жана аны алыскы аралыкка жеткирүү** *(белгилеген – Г. Ж.)*.

Искусствонун каражаттары – конкретүү көркөм образдар, ал эми жазуунун каражаттары – адатта аздыр-көптүр схемалуу (жалпы) шарттуу сүрөттөр, андан кийин тигил же бул элементтерди билдирүү үчүн кызмат кылган шарттуу белгилер (1961: 20).

Жазуунун алгачкы этабында жазуу менен графикалык искусство бири-бирине өтө жакын болгон. Мисалы, жазуунун алгачкы мезгилинде пиктографиялык жазууда графикалык искусстводогудай эле конкреттүү сүрөттөр колдонулган. Бирок, жогоруда айтылгандай, алардын милдеттери ар башка болгон.

**Жазуунун өнүгүшү.** Схемалык, андан соң символикалуу сүрөттөр, кийин толугу менен шарттуу белгилер жазуунун маанилүү өзгөчөлүгү болуп эсептелет. Жазуунун өнүгүшү менен анын бул маанилүү өзгөчөлүгү күчөп отурган, жазуу «белгилик» мүнөзгө ээ болгон, графикалык искусстводон такыр алыстаган.

Алгачкы пиктографиялык жазууда маалымат бар, бирок анда сөздөрдүн орун тартиби, кептин фонетикалык жагы чагылдырылбайт.

Пиктографиянын жалаң гана кептин мазмунун берип, ал эми тилдик формаларды чагылдырбагандыгы үчүн аны айрым окумуштуулар (И. Гельб, М. Коэн)

жазуугa кошпостон, жазуунун алдыңкы стадиясына киргизишкен. Ал эми Р.Вулли пиктографияны гана эмес, идеографияны да жазуунун алдыңкы стадиясына кошот. В. И. Истриндин көз карашы боюнча пиктография менен жазуу максаты боюнча да, колдонулган каражаттары (графикалык) боюнча да бирдей.

**Алгачкы жазуу жөнүндө.** 50-жылдарга чейинки советтик адабиятта тилдин келип чыгышы тууралуу академик Н. Я. Марр жана И. И. Мещанинов тарабынан сунушталган теория жашаган. Бул теория эки принципиалдык жагдайдан келип чыккан: алгачкы жазуу тыбыштык жазуу менен бир эле убакта же тыбыштык жазуудан да мурун, «жаңдоо тилинен» келип чыккан; алгачкы жазуунун адегендеги милдети негизинен магиялык болгон. Н. Я. Марр алгачкы жазуунун магиялык экендигин, И. И. Мещанинов жазуунун тыбыштык тилден улуу экендигин белгилешкен.

**Жазуунун пайда болуу доору тууралуу пикирлер. Н. Я. Марр жана И. И. Мещаниновдун пикирлери.** Академик Н. Я. Марр жазуунун палеолитте эле болгондугун маалымдайт: «неолитте, палеолиттин бир далай түпкүрүндө жазуу болгон, ал эми неолит доорунда эч кынтыксыз иштелип чыккан алфавит табылган» (Китепте: Истрин В. И., 1961: 44).

И. И. Мещаниновдун пикири боюнча кинетикалык кеп төмөнкү палеолитте, жазуу – ортоңку палеолитте, ал эми тыбыштык жазуу – жогорку палеолитте пайда болгон.

В. И. Истрин жазуунун тыбыштык кептен мурун пайда болгон деген пикирдин реалдуу негизи жок деп эсептейт. Тыбыштык кеп жок мезгилде жазуунун болгондугу тууралуу материалдар да, эстеликтер да, жазуулар да жок. Тескерисинче, тыбыштык кеп болуп, бирок жазуусу болбогон элдер тууралуу («тасманийцы - коренное население о. Тасмания, бродячие охотничьи племена»; «огнеземельцы - общее название индейцев арх. Огненная Земля» ж.б.) маалыматтар бар.

Ошондой эле жазуунун келип чыгыш мезгилин палеолитке алып баруу да фактыларга туура келбейт дейт В. И. Истрин. Анын ою боюнча бул жаңылыш пикирди советтик окумуштуу А. Г. Спиркин жактаган. В. И. Истрин жазуунун конкреттүү кайсы мезгилде башталгандыгын айтуу кыйын деп эсептейт.

## В. И. Истрин алгачкы пиктографиялык жазуулардын келип чыгышын шарттаган булактар тууралуу

В. И. Истрин алгачкы пиктографиялык жазуулардын келип чыгышын шарттаган алгачкы булак байыркы искусство дейт. Ал адегендеги пиктографиялык жазуунун башталышын байыркы сүрөттөрдүн дүйнөнү таануу үчүн, адамдын көркөм табитин канааттандыруу, же магиялык-культтук максатта гана эмес, коммуникативдик жана мемориалдык максаттарда да, т.а., кандайдыр бир маалыматты башкаларга берүү үчүн, атап айтканда, кабарды башка жактагы жана башка мезгилдеги адресаттарга жеткирүү үчүн колдонула башташы менен байланыштырат.

В. И. Истрин алгачкы жазуунун, И. И. Мещанинов белгилегендей, негизинен магиялык болгондугу дагы фактыларга туура келбейт дейт. Ал магиялык тематикадагы жазуулар болгондугун танбайт: «Ырас, магиялык жана дубалоочу формулалар, магиялык мүнөздөгү табу белгилери жана башка белгилер байыркы жазууда бир кыйла орунду ээлеген» (1961: 45-46). В. И. Истриндин пикири боюнча тарыхта жана этнографияда белгилүү болгон пиктографиялык эстеликтердеги жазуулар канткени менен магиялык-культтук эмес, практикалык максаттарда – аңчылык, согуштук, соода-алмашуу ж.б. темаларында болгон.

**Алгачкы пиктографиялык жазуулар.** Алгачкы пиктографиялык жазма эстеликтердин анализи алардын бардыгына айрым бир графикалык өзгөчөлүктөр таандык

экендигин көрсөткөн. Алсак, В. И. Истрин пиктография-лык жазма эстеликтерди айрым сүрөттөрдөн эмес, баяндоо (аңгеме) мүнөзүндөгү татаал сүрөт композициясынан же бири-бири менен ырааттуу байланышкан сүрөттөрдүн сериясынан турган **«сүрөттөгү аңгемелер»** деп атайт (1961: 47).

Биринчи типтеги пиктографиялык сүрөттөргө: алмашуу (обмен) шарттары жазылган пиктографиялык жазуу, пиктографиялык каттар, ири окуялар, согуштук, соттук ж. б. мемориалдык жазуулар кирет.

Экинчи тибине: согуш жана аңчылыкты чагылдырган пиктографиялык аңгемелер, көр үстүнө коюлган мемориалдык жазуулар, пиктографиялык уруулук летопись-хроникалар кирет. Ушуга эле куран окуу (молитва), дубалоо (заклинание), үрп-адат жана уламыштар кирет. Акыркы категориядагы сүрөттөр оозеки аңгемеге таяныч пункт катары же иллюстрация катары кызмат кылган, ошондуктан ал пиктограммаларды жазма эстеликтерге шарттуу түрдө гана киргизүүгө болот (1961: 50). М. Коэн акыркы категорияны «пиктограмма-сигналдар» деп, ал эми калгандарын «пиктограмма-белгилер» деп атайт (1953:16).

**Пиктографияга жакын белгилер.** В. И. Истрин кайсы бир маалыматты берүү үчүн колдонулган пиктографияга жакын, бирок өзүнчө, айрым сүрөттөр (изображение) жана белгилер өзгөчө группаны түзөт дейт. Аларга 1) уруктук жана уруулук белгилер (мисалы, тотемдик), 2) падышалык ж.б. жеке белгилер (падышанын мөөрү, монеталардагы белгилер ж.б.), 3) менчик белгилер, уруктук, уруулук жана жеке менчик белгилери (тамга, тавро, васм); 4) өнөрпоздордун өздөрү жасаган буюмдарга койгон тамгалары (клеймо), 5) магиялык жана культтук белгилер, мисалы, кудайдын жана шайтандардын (демон) белгилери, бактысыздыктан жана жамандыктан коргоочу белгилер (тумар), тыюу салган белгилер (мисалы, табу), арбактарды ыйык көргөн белгилер, 6) башка бел-

гилер, мисалы багыт (жебе сымал) белгилери, коркуныч белгилери, Сахара көчмөндөрү колдонгон суу булактарын көрсөтүүчү чаканын сүрөтү (белги) ж.б.

Бул белгилердин пиктограммалар менен жакындыгы алардын бир тыбышты, бир муунду же сөздү эмес, бүтүн маалыматты берүү үчүн кызмат кылгандыгында (Истрин В. И., 1961: 49-50). Мындай белгилер системасын Ч. Лоукотка жазуунун өнүгүшүндөгү мнемотикалык баскыч катары эсептегендигин жогоруда айткан элек.

Ошентип, алгачкы жазуунун пайда болушу В. И. Истрин тарабынан байыркы искусство менен байланыштырылат. Мына ушул айтылган байыркы искусстводо пиктографиялык сүрөттөргө мүнөздүү өзгөчөлүктөр кайсы доордо пайда болгон?

**Байыркы искусство – пиктографиялык жазуунун келип чыгыш булагы жогорку палеолит доорунда.** В. И. Истриндин пикири боюнча: «Байыркы искусствонун биринчи издери жогорку палеолит дооруна (Дмитриева Н. А., 1956: 53), о р и н ь я к-с о л ю т р е й (болжол менен б.з.ч. 40-25 миң жыл) маданиятына мүнөздүү жана, чамасы, кроманьон адамынын («кроманьонский человек») калыптанышы менен байланышта келип чыккан. Бул мезгилдеги сүрөт искусствосун жаныбарлардын *(арстан, ташка чегилип жасалган керик (носорог), ат, бугу ж.б.) контурдук, сызыктуу сүрөттөрү, сөөккө оюп түшүрүлгөн же кара жана кызыл боёктор менен аскага жана үңкүрдүн дубалына тартылган сүрөттөр, аялдын тулкусу түшүрүлгөн скульптуралык эстеликтер* түзөт. В. И. Истрин булардын **абдан реалисттик мүнөздө экендигин, ошону менен катар эле абдан жөнөкөй аткарылгандыгын** *(белгилеген – Г. Ж.)* белгилейт. Бул искусствонун объекттери: жырткыч – аңчылыктын объектиси жана тамактын негизги булагы, аял – сүйүүнүн предмети, эне – ата-бабалардын энеси («прародительница»), матриархалдык-уруулук общинанын колдоочусу болжол менен мадлен маданиятында өнүгүүгө ээ болгон.

**Пиктографиялык жазуунун элементтери мадлен маданиятында.** Байыркы искусство кийинки мадлен маданиятында (болжол менен б.з.ч. 25-15 миң жыл) жогорку палеолит доорунда гүлдөгөн. Бул доордо көптөгөн үңкүрлөрдүн дубалдары (Комбарель, Кап Бланк, Фон-де-Гом, Франциядагы «Үч бир тууган», Ла Пасьега, Альтамира, Испаниядагы Эль-Кастильо) ошол замандын «сүрөт галереясы» сыяктуу сансыз сүрөттөр менен капталган. Бул сүрөттөр бир түстүү, контурдук жана статикалык ориньяк-солютрей сүрөттөрүнөн айырмаланып, *өзүнүн көп түстүүлүгү, деталдуулугу, бөтөнчө таасирдүүлүгү, жандуулугу, эспрессиялуулугу, атап айтканда, кыймылды эптүүлүк менен бере алгандыгы* менен айырмаланат (1961: 55).

Мадлен маданиятындагы сүрөттөрдө өзгөчө кызыгууну жараткан сүрөттөө элементтери болуп эсептелет, аларды **шарттуу белгилер** катары түшүндүрүүгө болот. Мындай сүрөттөргө Марсуляс үңкүрүндө денесине тамга түрүндөгү белгилер түшүрүлгөн бизондун (узун, уяң жүндүү жапайы бука сыяктуу жаныбар) сүрөтү; Турдан үңкүрүнөн табылган бугунун тамгаларды (атап айтканда, финикийлик «алеф») эске салган үч белгиси бар мүйүзүнүн сыныгы ж.б. кирет. В. И. Истрин бул белгилер байыркы магиялык максатта коюлган болуу керек деп болжолдойт, анткени Марсуляс үңкүрүндө зубрдын башы найзанын учу менен теше сайылган, ал эми анын денесиндеги белгилер алакандын изин эске салат, бул издерди ушул жырткычка ээлик кылуу дегендин символу катары түшүнүүгө болот. Ошондой эле Франциядагы Ла Пасьега мадлен үңкүрүнө кире бериш жердеги аскада табылган сүрөт айрым окумуштуулар тарабынан үңкүргө кирүүгө тыюу салган пиктограмма катары түшүндүрүлөт.

В. И. Истриндин пикири боюнча жогорку палеолит доорундагы сүрөттөрдө мемориалдык жана коммуникативдик максаттар болгон эмес деп айтууга болбойт. Байыркы мергенчи аңчылыктан келип, өзү сайып кол-

го түшүргөн жырткычтын образын өзүнүн эсинде сүрөт аркылуу сактагысы келген, балким, аңчылыгы жөнүндө уруулаштарына айтып жатып, аны жырткычтын сүрөтү менен толуктаган. Биринчи учурда сүрөт мемориалдык милдетти, ал эми экинчи учурда коммуникативдик милдетти аткарган. Булар пиктографиялык жазууга жатпайт, бирок пиктографиянын элементтери даана көрүнүп турат.

**Пиктографиялык жазуу мезолит маданиятында.** Мезолит доорунда (болжол менен б.з.ч. 15-миң жылдыктан 6-8-миң жылдыкка чейин) искусстводо пиктографиянын элементтери мурункудан көбүрөөк болгон. Жогорку палеолитке мүнөздүү жаныбарлардын өзүнчө, айрым сүрөттөрүнүн катарында мезолит искусствосунда *көп сандаган баяндоо мүнөзүндөгү татаал сүрөттүк композициялар* пайда болгон. Бул өзгөчө Чыгыш Испаниядагы жана Түндүк-Батыш Африкадагы кийинки каспий маданиятында кеңири орун алган.

А. П. Окладников айткандай, мында адамдар жана ар түрдүү жаныбарлар катышкан катуу талап менен ойлоп табылган сценалар, бир сюжетке бириккен баяндоо мүнөзүндөгү көп фигуралуу кеңири композициялар бар: «Ар бир сүрөт, ар бир ушундай композиция өзгөчө бир сезимге толгон, дайыма эмоционалдуу түскө боёлгон конкреттүү фабуласы бар өзүнчө эле бир бүтүн ар түстүү аңгемени билдирет» (Китепте: Истрин В.И., 1961: 57).

Мезолит доорунда искусстводо сүрөттүн схематизациясы көбөйөт, баяндоо татаалдашып, окуяны, аракетти берүү аракети күч алат. Сүрөттөрдө татаал, терең жана абстрактуу түшүнүктөр пайда болот. Мезолит искусствосунун эстеликтери көрсөтүп тургандай, көркөм функциялар пиктографиялык функциялар менен айкалыша баштайт. Мисалы, көпчүлүк сүрөттөр жогорку палеолиттен айырмаланып, «тигил же бул ири окуяларга (согуштук, аңчылык) кеңири баяндалган сюжеттик «иллюстрация» катары кызмат кылган же ошол окуяны эс-акылга, болгондо да айтуучунун жеке эс-акылында эмес, ошол уруулук

коомдун коллективдүү эс-акылында сактоо үчүн кызмат кылган» (Истрин В. И., 1961: 58). Ошондой болсо да, В. И. Истриндин пикири боюнча бул сүрөттөрдү таза пиктографиялык жазуу деп атоого болбойт.

Мезолит мезгилинде ачык, так айтылган сөз (членораздельная речь) түзүлүп калыптанып бүткөн дейт В. И. Истрин (1961: 58). В. В. Бунак да ушундай пикирде (1951: 275-276). Бирок жазуунун колдонулушу мындан да жогору өнүккөн ой жүгүртүүнүн базасында гана мүмкүн, анда кептин чындык менен байланышы мындан да талаалдашат (чындык – ой жүгүртүү – тил - жазуу).

**Сүрөт эстеликтериндеги «масдазиль белгилери».** Аталган доордогу сүрөт эстеликтеринен «масдазиль белгилери» өзгөчө орунда турат. 1887-жылы Мас-д'Азиль (француз Пиренеялары) мезолит үңкүрүнөн *кызыл охра менен тартылган геометриялык оюулары бар (сүйрү тегерек тактар, туурасынан кеткен жол-жол сызыктар, кресттер, ийри-буйру сызыктар, решёткалар, жылдыздар* ж.б.) жалпак таштар табылган. Ушундай эле сүрөттөрү бар шагыл таштар жогорку Пиренея (де ла Круазад, де ла Турасс, де Гурдан, Риета ж.б.) мезолит үңкүрлөрүнөн табылган. «Масдазиль белгилерин» ачкан француз окумуштуусу Э. Пьетт буларды «байыркы жазуу» («древняя письменность») деп эсептеген, ал эми Мас-д' Азиль үңкүрүн мезолит жазгычтарынын жер астындагы өтө зор мектеби деп атаган. Э. Пьетт финикий жазуусун «масдазиль белгилеринен» келип чыккан деген теорияны сунуштаган (Piette E., 1896, v.7, №4, 385-427).

Бирок, азыркы учурда мындай көз караштЫ жактоочулар жок. Азыркы окумуштуулардын көпчүлүгү масдазиль белгилерин байыркы магия жана төлгө үчүн кызмат кылган деп эсептешет. Масдазиль белгилери өлгөн уруулаштарынын учуп кеткен «жандарынын жайы» («вместилища душ») деген да гипотеза болгон. Ошондой эле масдазиль шагыл таштары жөнөкөй эле санак таштары болушу мүмкүн деген да пикир бар.

**Б. з. ч. VIII-VI миң жылдыкта башталган неолит доору. Пиктографиялык жазуунун калыптанышы.** Кантсе да пиктографиялык жазуунун калыптанышы көпчүлүк элдер үчүн **б. з. ч. 8-6-миң жылдыкта башталган неолит доорунда же энеолит дооруна өтүү мезгилинде болушу ыктымал** дейт В. И. Истрин (1961: 59). Ал бул жыйынтыкты археологиялык, тарыхый маалыматтар, атап айтканда, Чыгыштын улуу цивилизациясынын байыркы жазма эстеликтерин анализдөө тастыктайт дейт. Бизге келип жеткен шумер (б. з. ч. IV миң жылдыктын ортосу), египет (б. з. ч. IV миң жылдыктын аягы), протоиндия (б. з. ч. III миң жылдык), крит (б. з. ч. III миң жылдыктын аягы) жана кытай (б. з. ч. II миң жылдыктын ортосу) жазма эстеликтери бул өлкөлөрдүн элдери энеолит доорун башынан өткөрүп жаткан мезгилге таандык (1961: 59-60).

Демек, В. И. Истриндин пикири боюнча, аталган элдердин алгачкы жазуусунун жаралышы алардын неолит доорун баштан кечирип жаткан мезгилине же жаңы гана энеолитке өтүү учуруна туура келет.

Пиктографиялык жазуунун калыптанышы жана өнүгүшү неолит доорунда болгондугун этнографиялык маалыматтар ырастайт. В. И. Истриндин маалыматы боюнча көп элдерде неолит дооруна жакынкы мезгилде (Түндүк Америкадагы индеецтер, Ыраакы Түндүктөгү көптөгөн элдер, айрым африкалык уруулар) өнүккөн сүрөттүк-синтетикалык жазуу болгон. Бул жазууда ар түрдүү пиктограммалар болгон. Аталган жазуу маалыматты каттоо (көр үстүндөгү эстеликтердеги жазуулар, уруулук летопись-хроникалар, ири окуялар жөнүндө мемориалдык жазуулар, алмашуунун шарттары, куран окуу (молитва), дубалоо (заклинание), үрп-адат, уламыш ж.б.), маалыматтарды алыскы аралыкка жеткирүү (согуш же тынчтык кайрылуусу, согуш же аңчылык тууралуу маалыматтар, арыз-кат, сүйүү каттары ж. б.) милдетин аткарган. Бул жазуунун материалдары - кабык, кайың кабыгынын сырткы катмары, бамбук, тери, сөөк ж.б. болгон.

Аталган жазууларда реалисттик жана схемалык сүрөттөр болгондугун айткан элек. Мындан тышкары бул жазууда абстрактуу түшүнүктөрдү берүү үчүн символикалык жана эмблемалык мүнөздөгү сүрөттөр көбүрөөк кездеше баштаган.

**Татуировка.** В.И.Истрин өнүгүүнүн неолит дооруна жакын калган баскычты башынан өткөрүп жаткан урууларда кеңири таралган татуировка дагы пиктографиялык мүнөздө болгон дейт (1961: 61). Көпчүлүк урууларда (Полинезия, Жаңы Зеландия ж. б.) татуировканын коммуникативдик-маанилик милдети чоң болгон, ал татуировкасы бар адамдын коомдук ордунан, анын эрдиктеринен кабар берген. Андан тышкары анын жашы, үй-бүлөлүү экендиги, согуштук жортуулдун катышуучусу экендиги, согуштук жана аңчылык ийгиликтери ж.б. да адамдын денесине жасалган татуировкадан билинип турган (1961, 62).

**Пиктографиялык жазуунун азыркы учурда колдонулушу.** Азыркы учурда пиктографиянын элементтери айрым сүрөт көрнөк-жарнактарда, плакаттарда колдонулат. Мисалы, дүкөндөрдүн жана устаканалардын көрнөк-жарнактарындагы товарлардын сүрөттөрү, көптөгөн жол белгилери (жебе белгиси ж. б.).

**В. И. Истрин: жазуунун келип чыгышынын экинчи булагы «буюмдук» жазуу. Анын пайда болушу.** В. И. Истриндин пикири боюнча жазуунун келип чыгышынын экинчи булагы (байыркы искусство менен катар эле) – маалыматты жазма эмес, буюмдук жол менен берүү болуп эсептелет (1961: 65).

Адамдар карым-катышуусунда символдук мааниде колдонулган ар түрдүү предметтердин жана кубулуштардын жардамын да пайдаланышкандыгын айтып, В. И. Истрин ар түрдүү табигый, жаратылыш кубулуштарын маалыматтарды каттоо үчүн жана алыскы аралыкка жиберүү үчүн колдонуу, балким, алгачкы жазуунун пайда болушунан гана эмес, алгачкы живопистин келип чыгышынан да мурун болгон деп божомолдойт. Атап айт-

канда, биринчи таза шарттуу белгилер, балким, пиктографиялык жазууда эмес, карым-катнашуунун мына ошол жазууга чейинки ыкмаларында пайда болгон (1961: 67).

Демек, В. И. Истриндин пикири боюнча маалыматтарды буюмдук жол менен берүү **биринчи жазма эмес шарттуу белгилер** *(белгилеген – Г. Ж.)* болгон. Ал мындай «жаратылыш» белгилери өзгөчө акыркы палеолиттик муз каптоо мезгилинде өзгөчө өнүгүүгө ээ болгондугун белгилейт. Ж. Февриенин пикири боюнча жогорку палеолитте кардагы издер чоң роль ойногон. Суук алай-дүлөй болуп турган бардык өлкөлөрдө адамдардын күнүмдүк жашоосун камсыздоо үчүн аңчылык чоң роль ойногон. Мына ушундай шартта кардын үстүнкү катмары «табигый китептин» ролун аткарган, кардын үстүнө ар түрдүү макулуктар өздөрүнүн издерин калтырышкан. Ориньяк жана мадлен доорундагы аңчылар миңдеген издерди жатка билишкен жана алардын кайсы жаныбардын изи экендигин да эстеринде бекем сакташкан. Ушундан улам алар жазганга караганда окуганды эрте үйрөнүшкөн деп божомолдойт В. И. Истрин (1961: 67). Бара-бара аңчылардын из боюнча «окуу» жөндөмдүүлүгү абдан жогорку бийиктикке жеткен. Алар из боюнча ал жаныбарлардын жашын, асыл тукумдуулугун, кыймылынын максаттарын да билип алышкан. М. Косвен түркмөн из кубарлары төөнүн изин гана эмес, анын баласынын да изин билишкендигин ж.б. маалымдайт (Косвен М., 1953: 131).

М. Косвен «буюмдук» жол менен карым-катнашуунун кийинки этабында адам предметтик белгилерди жок кылууга жана аны жасалма жол менен жасоого үйрөнүшкөндүгүн маалымдайт. Мисалы, таштак кыртыш менен басканда атайын издерди калтырышкан, жолдоштору аны оңой табышы үчүн жолуна атайын бутакты сындырып коюшкан же өздөрүнүн жолун маскировкалоо үчүн издерин өчүрүп салышкан ж.б. (Косвен М., 1953:131).

Убакыт өткөн сайын ар кандай буюмдарды колдонуу татаалдашкан. Мисалы, түндүк америкалык индеецтер

согуш жарыялоо үчүн томагаук жиберишкен. Элчи томагаукту алып келип жерге таштаган, эгерде душман аны алса, анда биз согушууга даярбыз дегенди билдирген. Ал эми тынчтыктын символу мүштөк (трубка) болгон, тынчтыктын белгиси катары аны кезек менен тартышкан. Суматрада достуктун белгиси - туз, ал эми каршылаштыктын белгиси калемпир болгон, ал эми нан менен тузду сунуу – славян элдеринде куттуктоону жана достукту билдирген.

Карым-катнашуунун, жогоруда айтылгандай, «буюмдук» түрү пиктографиялык жазуу пайда болгонго чейин бир нече миң жылдыктар мурун пайда болгон болуу керек деген божомол бар. Атап айтканда, биринчи шарттуу белгилер, мүмкүн, жазууда эмес, карым-катнашуунун буюмдук жолу менен (америкалык индеецтерде жебе – багыттын белгиси, томагаук – согуштун белгиси, түтөгөн мүштөк (трубка) – тынчтыктын символу ж.б.) пайда болгон. Булар пиктографиялык жазууга өтүү менен биринчи шарттуу жазма белгилерге айланган.

Бирок, жогорудагы аталган шарттуу белгилер айрым окумуштуулар тарабынан «буюмдук жазуу» деп аталбайт. Алар жазуудагы мнемотикалык каражаттар деп эсептелет (Бул тууралуу өз учурунда сөз болот).

Мындай белгилер азыркы учурда да колдонулат. Мисалы, жолдордо светофор жана семафорлор колдонулат, жеке менчиктин белгиси – тосмо ж.б.

## Логографиялык жазуунун пайда болушу тууралуу

**Логографиялык жазуунун келип чыгышы жөнүндө. Логографиялык[8] жазуунун сүрөттүк-синтетикалык жазуудан (пиктографиядан) келип чыгышы.** В. И. Истриндин маалыматы боюнча адегенде сүрөттүк-синтетикалык жазууда колдонулган сүрөттөр анча чоң эмес бытыранды уруулук общиналардын ири жана өмүрү узак урууларга түзүлүүсү менен шартталган. Аталган

жазууда колдонулган сүрөттөр туруксуз болгон. Мындай жазууну атайын үйрөнүүнүн кереги жок болчу. Сүрөттүк-синтетикалык жазуу өтө жөнөкөй, иретсиз, жетилип бүтпөгөн жазуу болгон. Ал абдан туруктуу болбогондуктан, окууда ар кандай түшүндүрмөлөргө жол берилген, ал эми абстрактуу түшүнүктөрдү берүү бул жазууда кыйын болгон. Коомдун, ойлоонун жана тилдин өнүгүшү менен пиктографиялык сүрөттөр айрым сүрөт белгилерине ажырап, барган сайын өзүнүн маанисине жана графикалык формасына карай туруктуу абалга келе баштаган.

Акырындык менен мындай сүрөт белгиси айрым белгилүү бир сөздү билдире баштаган, ал эми сүрөттүк-синтетикалык жазуу андан бир топ мыкты жана иретке келтирилген ошол мезгилдеги бир топ татаалыраак болгон логографиялык жазууга айланган (1961:75).

Адегенде пиктографиядан сөздүн мааниси менен түздөн-түз байланышкан идеографиялык логограммалар келип чыккан, дээрлик бир мезгилде бул идеографиялык логограммалардын айрымдары омонимиянын негизинде түздөн-түз сөздөрдүн айтылышы менен байланышкан фонетикалык логограммаларга айланган (1961: 75).

Кийин бириктирилген идеографиялык-фонетикалык жол менен сөздөрдү белгилөөнүн ыкмасы калыптанган (сөздөрдүн бир нече омонимиялык маанисин берүүгө кызмат кылган фонетикалык логограммага идеографиялык детерминатив[9] (фонетикалык логограмманын омонимиялык сөздөрдүн кайсынысына кирерин көрсөтөт) кошулган) (1961: 75).

**Логографиялык жазуу, анын моногенезиси жөнүндө.** Айрым жазуунун тарыхын изилдөөчүлөр Ф. Гоммель, И. Гельб, Р. Вулли жана башкалар логографиялык жазуунун моногенезиси тууралуу айтышат, т.а., логографиялык жазуу качандыр бир кезде бир жерде гана пайда болуп, кийин өздөштүрүүнүн натыйжасында башка элдерге тараган дешет. Мисалы, Ф. Гоммель жана Х. Йенсен египет жазуусу шумер жазуусунан келип чыккан десе, Ч. Лоу-

котка тескерисинче, шумер жазуусу египет жазуусунан чыккан дейт, И. Гельб шумер жазуусунан египет жазуусу гана эмес, кытай жазуусу да чыккан деп эсептейт. Ошентип, бул маселе боюнча бирдиктүү пикир жок.

Шумерлик логографиялык жазуунун моногенезиси тууралуу гипотезанын жактоочулары төмөнкүдөй аргументтерди келтиришет: шумер жазуусу – эң байыркы жазуу; көп шумерлик сүрөт логограммалары формалары жагынан египеттик, кытайлык, криттик ж.б. (мисалы, суу, от, адам ж.б. белгилер) логограммалар менен окшош; илимде шумер жазуусунун алгачкы өнүгүү стадиялары белгилүү, бул өнүгүү миңдеген жылдарды камтыйт, ал эми египет, ошондой эле кытай жазмасы калыптанган, түзүлгөн логограммалар катары бизге белгилүү (Караңыз: Китепте: Истрин В. И., 1961: 76).

В. И. Истриндин пикири боюнча бардык байыркы жазуу системасынын моногенезиси жөнүндөгү гипотеза ынандыралык эмес. Анткени бул байыркы кул ээлөөчүлүк маданияттын очогунда жазуунун калыптанышы жүргөндө аталган элдердин ортосунда эч кандай маданий байланыштар болгон эмес. Анын үстүнө шумер, египет кытай жазуулары өздөрүнүн ички жана тышкы өзгөчөлүктөрү боюнча бири-биринен аябай айырмаланышат.

В. И. Истриндин пикири боюнча, байыркы жазуу системасы, атап айтканда, шумер, египет, кытай жазуулары «өздөштүрүүнүн» натыйжасында пайда болбостон, Шумер, Египет жана Кытайдын элдеринин жазуу системасынын калыптаныш мезгилин ичине камтыган, болжол менен айтканда, шарттары бирдей жана өнүгүү деңгээлдери бирдей те мурунку тарыхый доорлор менен байланыштуу өз алдынча пайда болгон. Мисалы, Египетте династиялык доордун башталышында шумер жазуусуна окшош цилиндр печатынын колдонулушу, иньдик Кытайда жакынкы чыгышка окшош согуштук арабалардын (колесница) пайда болушу ж.б. Ошентип, иретке келтирилген логографиялык жазуу системасы – шумерлик,

кытайлык ж.б., чындыгында бир эле мезгилде – дээрлик байыркы кул ээлөөчүлүк мамлекеттердин келип чыгышы менен пайда болгон деп жыйынтыктайт изилдөөсүн В. И. Истрин (1961:78).

В. И. Истриндин пикири боюнча логографиялык жазуу системасынын пайда болушунун негизги себеби кул ээлөөчүлүк түзүлүштүн калыпка келиши, өзгөчө жөнгө салынган кат алышып турууга муктаж болгон байыркы мамлекеттердин пайда болушу, сооданын өнүгүшү болуп эсептелет.

Бирок бул тууралуу окумуштуулардын пикирлери, жогоруда айтылгандай, бирдей эмес.

**Логографиялык жазуунун өзгөчөлүгү.** Пиктографиядан логографияга өтүүгө тилдин айрым бир өзгөчөлүктөрү да түрткү болгон дейт В. И. Истрин. Мисалы, сөздү тилдин өз алдынча негизги элементи катары кабыл алуу, сөздүн кептен оңой бөлүнүшү; логограмма сөздү (же анын маани берүүчү бөлүгүн) толук берет жана кандайдыр бир жардамчы фонетикалык белгилерсиз (муундук же тыбыштык) сөздүн грамматикалык өзгөрүлүшүн чагылдыра албайт (1961: 78-79).

**Логографиялык жазуунун уңгулуу (корнеизолирующий) тиби.** В. И. Истриндин пикири боюнча логографиялык жазуунун өнүгүшүнө жана бекемделишине тилдин уңгулуу **(корнеизолирующий[10])** тиби көмөкчү болгон. Анткени грамматикалык жактан өзгөрүлбөс сөздөр («неизменяемое слово») кептен анын негизги бирдиги катары оңой бөлүнөт, анын үстүнө грамматикалык формаларды берүү үчүн кошумча муундук жана тыбыштык белгилерди талап кылбайт (1961:79).

**Логографиялык жазуунун агглютинативдүү тил менен кандай байланышы бар?** В. И. Истриндин эмгегинде логографияга агглютинативдүү[11] тилдер азыраак дал келишет, анткени форма жасоочу аффикстерди берүү үчүн муундук жана тыбыштык белгилер керек деп айтылат. Бирок агглютинативдүү тилдерде сөздүн негизги

өзгөрүлбөгөн уңгусу оңой бөлүнөт жана логограммалар менен жакшы берилет; андан тышкары уңгу сөздөрдү билдирүүчү логограммалар эч кандай кыйынчылыгы жок аффикстерди берүүчү белгилер менен тутумдашат.

Логографияга флективдик[12] тилдер таптакыр туура келбейт, анткени аларда, өзгөчө полисинтетикалык тилдерде сүйлөмдөн сөз өтө кыйындык менен бөлүнөт, дегеле флективдик тилдерде сөз уңгу жана аффикстерге абдан кыйындык менен бөлүнөт (Истрин В. И., 1961: 79).

**Бир муундуулук.** Логографиянын калыптанышына тилдеги сөздөрдүн бир муундуулугу да көмөкчү болгон (мисалы, байыркы кытай, шумер, белгилүү бир даражада египет), анткени сөздүн дайыма муун менен дал келиши – анын кептен оңой бөлүнүшүн шарттайт. Экинчи жагынан тилде бир муундуу, ошондой эле көп муундуу сөздөрдүн болушунан улам бир муундуу логогораммалардан бир муундуу белгилер келип чыккан. В. И. Истрин шумер жазуусу негизинен бир муундуу болгон дейт (1961: 145).

**Логографиялык жазуунун өзгөчөлүгү жана кемчиликтери.** Логографиялык жазуу сүрөттүк-синтетикалык жазууга караганда тилди тагыраак чагылдырган. Логографиялык жазуу кептин мазмунун гана бербестен, сөздөрдүн мүчөлөнүшүн, кийин өнүккөн мезгилинде белгилүү бир тилдеги сөздөрдүн кептеги синтаксистик ырааттуулугун да берген.

Логографиялык жазуунун тамгалык-тыбыштык жана муундук жазуудан да артыкчылыгы болгон.

1) Логограммалык жазууда бир белги бир муунду же бир тыбышты билдирбестен, толугу менен бир сөздү берген, ошондуктан сыйымдуу болгон.

2) Идеографиялык логограммалар эл аралык мүнөздө болгон, анткени логограмма сөздүн мааниси менен байланыштуу болгондуктан, бир логограмма ар башка тилдерде да түшүнүктүү болгон (Истрин В. И., 1961: 80).

Логографиялык системанын экинчи өзгөчөлүгүнө байланыштуу бул жазуу байыркы, этностук составы боюн-

ча ар түрдүү мамлекеттик түзүлүш (Вавилон, Ассирия, байыркы Персия) үчүн ылайыктуу болгон. В. И. Истрин алардан башка элдерге да ыңгайлуу болгондугун белгилейт (Истрин В. И., 1961: 81).

Логографиялык жазуунун жогорудагыдай ийгиликтери менен кошо эле бир катар кемчиликтери да болгон. Эң ири кемчиликтери: идеографиялык логограммалар менен абстрактуу маанидеги көптөгөн сөздөрдү жана жеке аттарды берүүнүн кыйындыгы, логограммалык системанын көптүгү (көп белгилүүлүк) жана логограммалардын жардамы менен сөздүн грамматикалык формаларын берүүнүн кыйындыгы.

В. И. Истриндин маалыматы боюнча логография эки түрдө кездешет: биринчиси – пиктографиядан логографияга өткөөл мезгили (ацтек), мында эң жөнөкөй маалыматтар берилген; экинчисинде логограммалар менен кошо тилдин жөнөкөйрөөк элементардык бөлүкчөлөрүнүн – морфемалардын (Кытай), муундарынын (клинопись) же тыбыштарынын (Египет) белгилери колдонулат.

**Логографиялык жазуулар египет жазууларында.** Египет жазуусу Иераконполдо, Абидосто жана башка жерлердеги казуу жумуштарында ачылган жана бизге жеткен эң эски (старейшие) египет жазууларынын көбү «экинчи династиялык доорго»[13] (б. з. ч. IV миң жылдыктын экинчи жарымы), т. а., Египетте биринчи кул ээлөөчүлүк мамлекеттердин калыптануусу аяктап, Жогорку жана Төмөнкү Египеттин бир мамлекетке кошулуусу башталган мезгилге тиешелүү.

**Египеттик логографиялык жазуунун пиктографиялык жазуудан келип чыккандыгы тууралуу пикирлер. Египеттик пиктографиялык доор (б. з. ч. IV кылымдын башы же ортосу).** Айрым окумуштуулар египет жазууларын бүткөн форма, ар тараптан ойлонулган, аягына чейин иштелген система деп эсептешет. Мисалы, Ч. Лоукотка (1950: 29) ушундай пикирде. Мындай пикирди Д. Дирингер да карманат (1948: 58).

Бирок В. И. Истрин мындай пикирге кошулбайт. Кийинки жана тартипке келтирилген династиялык доордогу египеттик жазууга караганда байыркы египеттик жазуулар логографиялык эмес, пиктографиялык, болгондо да жаңыдан гана живопистен бөлүнүп чыккан пиктографиялык жазуу деп таанылышы керек дейт В. И. Истрин. Байыркы египеттик жазуулардын пиктографиялык экендиги андагы колдонулган сүрөттөрдүн, адатта, логографиядагыдай айрым-айрым сөздөрдү эмес, бүтүн маалыматты билдирүүчү бирдиктүү жалпы композицияны түзгөндүгү менен ырасталат; мындай композициянын сүрөттөө элементтери бири-бири менен байланышта гана түшүнүктүү болот. Анын үстүнө, бул сүрөттөрдүн көпчүлүгү туруктуу эмес; ар кандай жазууларда алар көп кайталанбайт жана, чамасы, дал ушул маалыматтын талабына ылайык гана ойлоп чыгарылган (1961: 88).

В. И. Истриндин пикири боюнча пиктографиялык сүрөттөр дээрлик бардык учурда эле көркөм сүрөттөр менен жуурулушуп турат, мындай жуурулушуу ушунчалык ажыралгыс болгондуктан, аларда кайсы жеринде жазуу бүтүп, кайсы жеринен жазууну коштогон сүрөт башталарын билип болбойт (1961: 89).

Ошого карабастан египет жазуулары алгачкы жазуулардын бири, бирок жазуунун эң алгачкысы эмес. В. И. Истриндин пикири боюнча кийин египет жазууларындагы символдук сүрөттөрдөн абстрактуу маанилерди билдирүүчү идеографиялык иероглифтер өнүгүп чыккан. Демек, жогорудагы египет жазууларына чейин египет жазуусунун өтө жөнөкөй, таза пиктографиялык доору болгон. Бул доорду, В. И. Истрин б.з.ч. IV кылымдын башына же ортосуна алып барат.

Египтолог Н. С. Петровский да ушундай пикирде. Ал: «Адегенде, албетте, египеттик жазуунун, башка элдердин жазуусундай эле, тыбыштык жазууга эч бир тиешеси болгон эмес. Ал пиктографиялык (сүрөт) жазуу болгон... Эң акырында бардык египеттик иероглифтер пиктограм-

малардан келип чыккан», – дейт (Петровский Н. С., 1958: 30). В. И. Авдиевде да ушундай пикир айтылат (Авдиев В. И., 1960: 7).

**Египеттик пиктографиялык жазуунун логографиялык жазууга өтүү доору (б.з.ч. III миң жылдыктын башталышы).** Египеттик пиктографиялык жазуунун тартипке келтирилген логографиялык фонетикалык жазууга өтүү мезгили Египетте фараондордун I-II династиясынын тушунда (б.з.ч. III миң жылдыктын башталышында), т.а., дээрлик бирдиктүү Жогорку жана Төмөнкү Египет мамлекетинин түзүлүшү менен бир мезгилде болуп өткөн дейт В. И. Истрин (1961:89).

Бул мезгилдеги египеттик жазуу династиялык доорго чейинки жазуудан айырмаланат. I-II династия доорунун тушундагы жазуу – иретке келтирилген, туруктуу, кайталанган, конкреттүү дагы, абстрактуу дагы сөздөрдү билдирген бир кыйла көп иероглифтерди билдирет. Абстрактуу маанидеги сөздөрдү жана энчилүү аттарды берүү үчүн бул жазууда фонетикалык логограмма колдонулат. Ошондой эле консонанттык[14]-тыбыштык маанидеги иероглифтер кездешет. Жазууда белгилер мурункудай иретсиз жайгашпастан, көбүнчө вертикалдуу сызык менен (кээде горизонталдуу) түз сызык боюнча топтошот (Истрин В. И., 1961: 90).

Мындай египеттик жазууларга В. И. Истрин Гизада табылган «Байыркы падышачылыктын» бир күмбөзүндөгү жазууну мисалга келтирет. Бул жазуу боёктор колдонулуп аткарылган жана анда иероглификалык жазуу көркөм сүрөттөр менен айкалышкан. Сүрөт формасында аткарылганы менен, бул жазуудагы иероглифтер, негизинен, идеографиялык жана фонетикалык логограммаларды билдирет. Пиктограммалардан айырмаланып, көп белгилер айрым сөздөрдү же сөздөрдүн бөлүгүн көрсөтүп турат, калыптанган туруктуу мааниге ээ, сап формасында жайгашкан жана сызыктардын ырааттуулугу боюнча ой-пикирди баяндап берет.

**Египеттик пиктографиялык жазуунун логографиялык жазууга чукул жана тез өтүшү эмнеге байланыштуу?** Династиялык доорго чейинки өтө жөнөкөй, негизинен пиктографиялык жазуунун «Байыркы падышачылык» доорундагы бир топ иретке келтирилген логографиялык-фонетикалык жазууга чукул жана тез өтүп кетүүсүнөн улам, окумуштуу К. Зете пиктограммалардын «автоматтуулук» түрдө сөздөрдү (Wortzeichen) билдирүүчү белгилерге таптакыр өзгөрүп кетүүсү жөнүндөгү жобону сунуш кылган (1939: 26).

Айрым окумуштуулар, мисалы, египтолог А. Шарфф, жазуунун тарыхы боюнча адистер И. Гельб, Ж. Феврие ошол мезгилде египет жазуусуна тышкы таасирлер, мисалы, шумер жазуусу таасир эткен деген пикирди айтышкан. Ал эми Д. Дирингер бул жазуу системасы Египеттин кошулуу доорунда жазууну билген адам тарабынан жасалма түзүлгөн деп эсептейт.

Бирок В. И. Истриндин пикири боюнча династиялык доорго чейинки пиктографиялык жазуунун логографиялык-фонетикалык жазууга чукул жана тез өтүшү тышкы таасирлер же жеке адамдын жасалма ойлоп чыгарышы сыяктуу гипотезалар менен эмес, ошол мезгилдеги Египеттин коомдук өнүгүү шарттары менен түшүндүрүлөт. Окумуштуунун пикири боюнча иретке келтирилген, системага салынган жазуу адатта мамлекеттин пайда болушу менен байланыштуу. Жогорку жана Төмөнкү Египеттин бирдиктүү жана абдан зор мамлекетке айланышы так эле ошол мезгилге таандык.

**Ацтектердин жазма эстеликтери.** Жогоруда каралган египеттик жазууга ацтектердин жазма эстеликтери жана байыркы Мексика элдеринин жазуусу өтө жакын.

Байыркы ацтек жазма эстеликтери б.з. II миң жылдыгынын башына, эң кийинкиси XVII кылымга таандык болгон, кийин ацтек[15] жазуусу унутулган. Көпчүлүк ацтек кол жазма түрүндөгү материалдар Мексикага кол салган европалык баскынчылар тарабынан жок кылынган,

сакталып калгандары – тарыхый хроникалар, согуштук жана чарбалык кабарлар, каада-салт, үрп-адат жөнүндөгү жазмалар; айрымдарынын көлөмү чоң. Кол жазмалар бугунун терисине же сыртынан кагазга окшогон агава өсүмдүгүнөн алынган өзгөчө материалга жазылган (Истрин В. И., 1961: 91).

В. И. Истриндин пикири боюнча ацтектер колдонгон жазуу, негизинен, пиктографиялык жазуу болгон. Ар бир кол жазма кайсы бир үрп-адат же тарыхый окуяны баяндаган, реалисттик, көп боёктуу, баяндоо мүнөзүндөгү көркөм аткарылган сериялардан турган; ар бир сүрөт бүтүн аңгеменин же маалыматтын бир бөлүгүнө туура келген. Бул жазууда идеографиялык жана фонетикалык логограммалар да болгон, бирок булар пиктографиялык жазууда өз алдынча эмес, кошумча иретинде гана, мисалы, календардагы сандарды (‘жыл’, ‘ай’, ‘бир жума’, ‘күн’ ж.б); айрым бир жалпы түшүнүктөрдү (‘өлүм’, ‘кеп’, ‘суюктук’ ж.б.); өзгөчө энчилүү аттарды жана жер-суунун аттарын берүүдө колдонулган (1961: 92).

Ацтек жазуусундагы сүрөт белгилери, ошондой эле логографиялык жазуу жетишерлик даражада туруктуу болгон эмес, мындай жазуулар көпчүлүк учурда жазгычтар тарабынан конкреттүү маалыматты берүү үчүн гана түзүлгөн.

Ошентип, В. И. Истрин ацтек жазуусу да негизинен пиктографиялык болгондугун, бирок анда идеографиялык, ал түгүл фонетикалык логограммалар да колдонулгандыгын маалымдайт (1961: 92).

**Шумер жазуусу жана анын өзгөчөлүгү – бир муундуулук.** В. И. Истрин шумер жазуусу негизинен бир муундуу болгон дейт (1961: 145). Окумуштуунун маалыматы боюнча шумер жазуусунун спецификалык өзгөчөлүгү (таза ырааттуу логографиялык жазуунун салыштырмалуу эртерээк калыптанышы жана бул жазууда фонетикалык элементтердин кечирээк пайда болушу) болгон. Шумерлер белгилүү башка тилдик бүлөлөргө кирбеген, бир муундуу сөздөрү басымдуулук кылган агглютинативдик

типтеги өзүнчө обочолонгон тилде сүйлөшкөн. Шумерлер Месопотамиядагы Тигр жана Евфрат өрөөнүнө (б.з.ч. IV миң жылдыктын башталышынан же ортосунан кеч эмес) жайгашышкан. Шумер-аккад маданиятынын байыркы эстеликтери үч доорго бөлүнөт: 1) Эль-Обеид; 2) Урук; 3) Джемдет-Наср доорлору.

**Окумуштуулар шумер жазууларынын мезгили жөнүндө.** Байыркы шумер жазма эстеликтери Уруктун алгачкы катмарын казуу учурунда табылган, алар азыркы ассириологдор тарабынан б.з.ч. IV миң жылдыктын экинчи жарымына тиешелүү деп эсептелет. Бул мезгил шумерлердин Тигр жана Евфрат өрөөнүнө көчүп келүү мезгилине жана ал жерде бир катар чакан кул ээлөөчүлүк түзүлүштөгү борборлору Ур, Урук, Ниппур, Эриду, Лагаш, Ларса ж. б. болуп эсептелген мамлекеттердин түзүлүү мезгилине туура келет (Истрин В. И., 1961: 96) .

Шумер жазуусу боюнча эң ири адис А. Фалькенштейн (1936) эрте шумер жазуусун Урук мезгилинин алдындагы IV (азыркы эсептөө боюнча болжол менен б. з. ч. 3200-3100-жж.), ал эми орус ассириологу И. М. Дьяконов (1940, 28-30) таштагы шумер жазуусун андан да мурунку Урук мезгилинин алдындагы V (азыркы эсептөө боюнча – б. з. ч. 3400-3200-жж.) доорчо (подпериод) деп эсептейт.

Аталган окумуштуулар бизге жеткен шумер жазууларын үч категорияга бөлүшөт. Биринчиси, толук композицияны түзгөн татаал белгилер, кийин Урук IIIтөн баштап бул белгилер жоголот; экинчи категорияда белгилер сызыктар түрүндө берилгенине карабастан, айрым предметтер жана жандуу нерселер реалисттик мүнөздө болгон жана деталдаштырылып сүрөттөлгөн. А. Фалькенштейндин айтуусу боюнча мындай сүрөттөө сейрек предметтерди жана жандуу нерселерди (мисалы, ар кандай жапайы жаныбарлардын башы) белгилөө үчүн керектелген. Үчүнчү категорияга ар түрдүү схемалык белгилер кирет, алар Урук IV белгилеринин көпчүлүгүн түзөт, бара-бара мын-

дай белгилер биринчи, андан кийин экинчи категориядагы бардык белгилерди сүрүп чыгарган.

**Шумер жазуусу – логографиялык жазуу.** В. И. Истрин Урук IV катмарындагы жазуулар сүрөттүк-картиналык форманы сактаганына, ар кандай даражада деталдаштырылганына же схемалаштырылганына карабастан, египеттик жазуулардан айырмаланып, пиктографиялык жазуу эмес, негизинен логографиялык жазуу деп таанылышы керек деп эсептейт. Анткени бул жазуудагы белгилер бирдиктүү графикалык композицияны түзбөстөн, бөлөк-бөлөк жазылган, графикалык жактан таптакыр бири-бирине байланышпаган сүрөттөрдөн турат, мындай сүрөттөрдүн ар бири өзүнчө бөлөк-бөлөк сөздөрдү билдирет (1961: 97). И. М. Дьяконов айткандай, логографиялык жазууда ар бир белги «соответствовал определенному понятию или слову» (1940: 38). Логографиялык жазууда белги сөзгө барабар: белги = сөз.

**Шумер жазуусунун жаралыш башаты тууралуу божомол пикирлер.** Жогоруда айтылгандай, шумер жазуусу шумерлердин Эки-суу (Двуречье) өрөөнүнө көчүп келүү мезгилине (б. з. ч. IV миң жылдыктын башталышы же ортосу) туура келет. Мына ушундан улам көпчүлүк окумуштуулар шумер жазуусунун алгачкы логографиялык жазууга чейинки өнүгүү стадиясы алардын Месопотамияга көчүп келгенине чейин болгон дешет. Мисалы, Ж. Феврие шумерлердин жазуусу алардын IV миң жылдыктын ортосундагы жаратылышын жана турмушун так чагылдырат, бирок биз бул жазуудан мурдаараак болучу эң байыркы «синтетикалык жазуунун» издерин таба албайбыз, «...нужно было бы, таким образом, допустить создание его из ничего» (1961: 100), – дейт. Бирок, чындыгында, шумер жазуусунун таза пиктографиялык эстеликтери дээрлик жок.

В. И. Истрин бир четинен Месопотамияда таза пиктографиялык сүрөттүк-синтетикалык шумер жазуусунун

жок экендигин, экинчи жагынан Урук IV жана V катмарындагы байыркы шумер жазууларында айрым пиктографиялык элементтердин калдыктары бар экендигин белгилейт.

**Байыркы шумер жазуусунун эсептик-чарбалык мүнөзү – анын өзгөчөлүгү.** Шумерлердин болжолдонгон алгачкы сүрөттүк-синтетикалык жазуудан логографиялык белгилердин эрте бөлүнүп чыгышы байыркы шумер жазууларынын өзгөчө мазмуну менен шартталган дейт В. И. Истрин. Башка мамлекеттик-тарыхый жана сыйынуучу (культтук) байыркы египеттик жана ацтектик жазма эстеликтерден айырмаланып, шумер жазуусу эсептик-чарбалык мүнөздө болгон. Дээрлик бардык жазуулар адегенде төмөнкүдөй схема менен берилген: сан + эсепке алынган предметтин белгиси (сүрөтү). В.И.Истриндин пикири боюнча мындай схема сүрөттүк-синтетикалык[16] жазуунун бөлөк-бөлөк логограммаларга бөлүнүшүн оңойлоткон.

Шумер жазуусунда фонетикалык белгилер египет жана ацтек жазууларына караганда кечирээк пайда болгон.

**Кытай жазуусу, доору. Инь жазуулары бар сөөктөр жана ташбаканын кабырчыктары.** Кытай жазуусунун эң алгачкы өнүгүү этаптары тууралуу илимде такталган маалыматтар аз. Байыркы, биздин күнгө жеткен кытай жазуулары Инь доорунун[17] акыркы үч-төрт кылымына таандык, б. а., кытай энолитине жана кул ээлөөчүлүк түзүлүштүн калыптаныш мезгилине туура келет.

Бул жазма эстеликтердин көпчүлүгү Хэнань провинциясында табылган, жазуулар сөөктөргө жана ташбаканын кабырчыгына (щит[18]) жазылган. Алардын дээрлик бардыгы төлгө ачууга (гадание) багытталган (Истрин В. И., 1961: 102).

Дегеле, инь жазуулары бар сөөктөр жана ташбаканын кабырчыктары биздин заманга чейин эле белгилүү болгон. Б. з. ч. II миң жылдыктан баштап кытай иероглифтери аябай өзгөргөн жана инь жазуулары сабаттуу кы-

тайлыктарга да түшүнүксүз болуп калган. Ошондуктан сөөккө чийилип жазылган иероглифтер сырдуу, табышмактуу оюу катары кабыл алынган. Мындай жазуусу бар сөөктөр табылса жок кылынган, кийинчерээк күкүмгө (порошок) айландырылып, «ажыдаардын сөөгү» («кости дракона») деген ат менен дарыларды жасоо үчүн колдонулган. 1899-жылы гана кытайлык тарыхчы Ван И-чжун инь жазууларын илимий жактан изилдеп, шифрин ачып окууга аракет кылган. Кытай тарыхчысы Ху Хоу-сюандын маалыматы боюнча үстүбүздөгү жылдын 50-жылдарынын башталышына чейин *(бул 1961-жылкы маалымат – Г. Ж.)* 1,5 млрд. иероглифти камтыган 160 миң жазуу табылган. Инь жазууларында 2,5 миңден ашык ар кандай иероглифтер болгон. 1961-жылга чейин инь жазууларынын көпчүлүгү расшифровка кылынган (Истрин В. И., 1961: 102).

**Кытай жазуусу – логографиялык жазуу.** В. И. Истрин сөөккө жана ташбаканын кабырчыгына жазылган инь жазуулары ошол мезгилдеги өнүккөн жана ырааттуу логографиялык жазуунун болгондугун көрсөтүп турат дейт. Бул жазуунун ар бир белгиси өзүнчө бөлөк сөздү билдирет. Ошону менен бирге идеографиялык логограммалардын катарында фонетикалык логограммалар колдонулган, андан тышкары түрүн өзгөртүү жолу менен же эң жөнөкөй белгилердин айкалышы аркылуу жаралган жана кийин «элементтер» деген атка конгон татаал идеографиялык жана идеографиялык-фонетикалык белгилер да колдонулган (Истрин В. И., 1961: 102).

И. М. Ошаниндин пикири боюнча кытай жазуусунун тарыхында жалаң гана элементер менен жазылган доор болгон эмес. Чамасы, жазуунун өнүгүшүнүн алгачкы стадиясында элементтер сүрөт жазуусу менен, эң кийинки баскычтарында татаал иероглифтер менен бирге жашаган (Ошанин И. М.,1953: 320-321).

**Кытай логографиялык жазуусунун комплекстүү сүрөт жазуусунан (пиктографиядан) келип чыккандыгы. Ри-**

**туалдык коло жазуусу.** Кытайлыктардын иероглификалык жазуусу өзүнө гана мүнөздүү белгилерге ээ. Б. з. ч. 15-кылымда инь уруулары өнүккөн иероглификалык жазуу системасына ээ болушкан, бул аталган жазуунун мурунтан берки эле узак мезгилдик өнүгүүгө ээ болгондугун көрсөтүп турат. И. О. Ошанин б.з.ч.15-18-кылымдардагы ритуалдык кологo жазылган айрым жазуулардан улам иероглификанын, башка элдердин жазууларындай эле, комплекстүү сүрөт жазуусунан келип чыккандыгын болжолдоого болот дейт (Китепте: Истрин В. И., 1953: 320).

Байыркы кытай жазма эстеликтерин иликтөөдө сөөккө жана ташбаканын кабырчыгына жазылган жазуулар көбүрөөк изилденип, ал эми ритуалдык коло идиштердеги жана тулгадагы (треножник[19]) жазууларга азыраак көңүл бөлүнгөн. Анткени кийинки эстеликтер салыштырмалуу аз санда жана алардын көпчүлүгү кечки (поздний) Чжоу дооруна (б. з. ч. 1122-249-жж.) таандык болгон. Бирок, ритуалдык колодогу жазуулар сөөктөгү жана ташбаканын кабырчыгындагы жазууларга караганда кечки болгондугуна карабастан, аларда иероглификалык тексттер менен катар эле баяндоо мүнөзүндөгү сюжеттик-синтетикалык сүрөттөр кеңири орун алган.

В. И. Истрин логографиялык кытай жазуусунун пиктографиядан келип чыккандыгы байыркы ритуалдык коло идиштерде сакталып калган калдыктардан улам белгилүү болгондугун, бул азыркы кытай иероглифтерин анализдөө менен ырасталарын белгилейт. Ал: «Многие из этих иероглифов представляют собой сравнительно сложные рисунки, вероятно, служившие ранее пиктограммами или элементами пиктограмм. К числу их относятся, например, иероглифы: ‘парк’ (поле с деревьями),‘очаг’ (очаг с дровами и с изображением двух рук, несущих огонь), ‘наблюдать’ (человек смотрящий в сосуд) и др.» (1961: 107), – дейт .

Мына ушундай анализден кийин В. И. Истрин кытай логографиялык жазуусунун калыптануусунун башталышы бизге жеткен инь жазууларынан алда канча мурун болгондугун[20], бул болжол менен II миң жылдыктын башталышына, т. а., кытай кул ээлөөчүлүк мамлекетинин жана маданиятынын жаралуу мезгилине бара тургандыгын маалымдайт.

## Муундук жазуу
## Муундук жазуунун келип чыгышы тууралуу

Коомдун өнүгүшү менен логографиялык жазуунун кемчиликтери көбүрөөк билине баштайт. Анткени жазуу жалаң гана мамлекеттик кызматкерлердин, жазгычтардын колдонуу чөйрөсүнөн чыгып, соодада жана башка практикалык максаттарда колдонула баштаган. В. И. Истрин ушуга байланыштуу байыркы жазуу системасы дээрлик бардык учурларда логографиялык-муундук же логографиялык-тыбыштык жазууга айланган деп эсептейт (1961: 135).

**Жазуунун муундук системасы.** Жазуунун муундук[21] системасы (бир белги бир муунга барабар) логографиялык жазуудан кийин келип чыккан. Эгерде логографиялык жазуу – шумерлик, байыркы египеттик, криттик (иероглификалык), протоиндиялык, – б.з.ч. IV-III миң жылдыкта пайда болсо, байыркы муундук, жалаң муундук жазуу – криттик-линейлик, кипрдик, персиддик-ахемениддик, индиялык (брахми жана кхарошти) ж. б. – б. з. ч. II миң жылдыкта, ал тургай I миң жылдыкта калыптанган дейт В. И. Истрин. Окумуштуунун пикиринде муундук жазуунун логографиялык жазуудан өзгөчөлүгү – жазуунун муундук системасы өз алдынча эмес, башка элдердин жазма системасынын таасиринде пайда болгондугунда. Анткени муундук жазуу логографиялык жазуудан кийин, элдердин соодачылык, саясий жана маданий тыгыз байланыштарынын негизинде келип чыккан (1963: 139). В. И. Истрин муундук жазуу үндүү тыбыштар ме-

нен үнсүздөр бирдей мааниге ээ болгон тилдерде (семит тилдеринен башкаларда) колдонулган (эфиоп тилин кошпогондо) дейт (1961: 38).

Муундук жазуу логографиялык жазууга караганда үйрөнүүгө жана колдонууга ыңгайлуу болгон. Мисалы, байыркы логографиялык-фонетикалык системада белгилердин саны жүздөп, ал түгүл миңдеп саналган, ал эми муундук жазууда 35-40 негизги белгилер (брахми, кхарошти, персиддик-ахемениддик жазуулар) жана эки жүз белгиден бир аз ашыгыраак (эфиоптук жазуу) болгон. Муундук жазуу тилди, өзгөчө фонетиканы тагыраак чагылдырган. Муундук жазуу салыштырмалуу түрдө сөздөрдүн грамматикалык формасын да жакшы бере алган (Истрин В.И., 1961: 139).

Ошентип, муундук жазуу бир топ өнүккөн жазуу болгон. Кептин ичинен муунду бөлүү бир топ оңой. Азыркы тамгалык-тыбыштык жазууда да сабаттуулукка үйрөтүүдө көбүнчө муунга бөлүп окуу практикаланат.

Муундук жазуунун кемчилиги - көпчүлүк тилдерде ар кандай муундар ар кандай тыбыштарга караганда абдан көп болгондугу, ошондуктан кепти тагыраак берүү үчүн муундук жазуу системасында ар кандай белгилер көп талап кылынгандыгы болуп эсептелет. Эгерде тамгалык-тыбыштык системада белгилердин (тамгалардын) саны 20 менен 40тын ортосунда болсо, муундук жазууда ар кандай белгилердин саны 35-40тан 200гө (бул жакка лигатураны кошпогондо) чейин жеткен, ошону менен катар эле алар менен кошо өзгөчө жасалма ыкмалар (диакритикалык белги, лигатура ж.б.) да колдонулган. Экинчи негизги кемчилиги – жанаша жайгашкан (смежные) жана акыркы үнсүздү берүүнүн кыйындыгы болгон (Истрин В.И., 1961: 140).

### Тамгалык-тыбыштык жазуу. Алфавит

Муундук жазуудан кийин тамгалык-тыбыштык[22] жазуу келип чыккан. Бул жазуунун өзгөчөлүгү – кептин тыбыштарга ажыратылгандыгы болуп саналат (1961: 190). Тамгалык-тыбыштык жазууда тыбыштардын саны аз, ошондуктан колдонууга өтө ыңгайлуу. В. И. Истрин жазма белгилердин минималдуу ассортименти (адатта жыйырмадан кыркка чейин) жазууга үйрөтүүгө жана сабаттуулукту жайылтууга жеңилдик берет дейт.

Тыбыштык жазуу (мисалы, финикий, грек, латын, орус, араб ж.б. жазуу системалары) деген «такое письмо, знаки которого (буквы) обозначают, как правило, отдельные звуки речи или фонемы» (Истрин В.И., 1961, 36).

**Тыбыштык система.** В. И. Истрин биринчи таза тыбыштык системанын жаралышы финикийликтерге жана батыш семит элдерине таандык, алар тарабынан түзүлгөн тамгалык-тыбыштык жазуу анын жөнөкөйлүгүнөн жана жеткиликтүүлүгүнөн улам адегенде коңшу жайгашкан финикийликтерге тараган, андан соң ал бардык тыбыштык жазуу системасынын түпкү негизи болгон (1961: 200) дейт.

В. И. Истрин «тыбыштык» же «тамгалык-тыбыштык» жазуу кээде «алфавиттик жазуу» деген терминдин ордуна колдонулуп жүргөндүгүн (хинди алфавити - «Хинди-русский словарь», М., 1953; япондук катакана жана хирагана алфавити – «Русско-японский словар», М., 1950) айтып, бул туура эместигин белгилейт. «Алфавит» - бул же тигил жазуу системасындагы белгилердин жыйындысын белгилөө үчүн колдонулган термин. Тарыхый жагынан алып караганда алфавит эң байыркы тамгалык-тыбыштык системада (финикий, угарит, байыркы еврей, андан да мурун египет жазуусунда) пайда болгон. Бирок азыркы учурда көптөгөн муундук системалардын (япондук катакана жана хирагана, индиялык деванагари) да алфавиттери бар, мында ар бир жазуу системасы белгилердин белгилүү бир жыйындысы болуп эсептелет

жана тарыхый жактан калыптанган бирдей алфавиттик тартипте жайгашат. Ошондуктан алфавиттин болушу тамгалык-тыбыштык жазууга гана мүнөздүү өзгөчөлүк эмес (Истрин В. А., 1961: 36).

Тамгалык-тыбыштык (ошондой эле муундук) белгилер өз алдынча жазуу үчүн гана эмес, логограммаларга толуктоо иретинде да колдонулат жана алар «фонетикалык толуктоо» («фонетическое дополнение») деп аталат. Фонетикалык толуктоолор эки учурда колдонулган: 1) логограмма менен белгиленген сөздүн өзгөрүп туруучу грамматикалык мүчөлөрүн билдирүү үчүн (мисалы, «З» логографиялык белгисине «мя» тамгалык белги кошулат (жатыш жөндөмөнү билдирүү үчүн); 2) идеографиялык логограмманын маанисин тактоо (өзгөчө семантикалык жактан бири-бирине жакын бир нече сөздөр) үчүн (Истрин В. И., 1961: 37).

Тамгалык-тыбыштык жазуу эки түргө бөлүнөт: 1) консонанттык-тыбыштык жазуу (финикий, угарит, байыркы еврей, арамей, араб ж.б. жазуулар); 2) вокалдык-тыбыштык система (грек, латын, орус ж.б.).

Консонанттык-тыбыштык жазуу б.з.ч. II миң жылдыктын экинчи жарымынан, ал эми вокалдык-тыбыштык (вокализованно-звуковое) жазуу б.з.ч. I миң жылдыктын башынан баштап пайда болгон.

**Консонанттык-тыбыштык жазуу. Окумуштуулар консонанттык-тыбыштык жазуу тууралуу.** Консонанттык-тыбыштык жазууда жазма белгилер негизинен кептеги үнсүз тыбыштарды гана билдирет, «гласные звуки в этом письме или совсем не указываются, или указываются при помощи близких к ним согласных букв (так назывемый способ matres lectionis), либо при помощи особых надстрочных и подстрочных значков» (1961: 37).

Байыркы тамгалык-тыбыштык жазуу системасы (финикийлик, байыркы еврейлик, арамейлик ж. б.) консонанттык-тыбыштык болгон, т.а., белгилер жалаң гана үнсүз тыбыштарды туюндурган (1961:191). Бул система үнсүз тамгаларга караганда үндүү тамгалардын мааниси

аз болгон элдерде колдонулган. Мисалы, семит, белгилүү бир даражада хамит тилдеринде сөздүн уңгусу демейде үнсүздөрдөн турган; ал эми үндүүлөр «как бы прослаивающие корневую основу, изменялись и служили для образования грамматических форм различных производных слов» ( Истрин В. И., 1961: 192).

Айрым жазуунун тарыхы боюнча адис окумуштуулар, мисалы, И. Гельб (Stady of Writing, Chicago, 1952, p. 120-152), белгилүү бир даражада М. Коэн (Cohen M. La granbe invention de l'ecriture et son evolution. Paris, 1958, p.140-141) консонанттык-тыбыштык жазууну муундук жазуунун бир түрү дешет. Аталган окумуштуулардын пикирлери боюнча адатта консонанттык-тыбыштык типке киргизилген финикий, арамей, еврей, араб жана башка семит системасындагы жазуулардын кайсы тамгасы болбосун үнсүз тыбышты эмес, муундук айкалышты («согласный плюс неопределенный гласный») билдирет. Мисалы, И. Гельбдин эмгегинде bet тамгасы b деген тыбышты эмес, $b^x$ деген муундук айкалышты; dalet тамгасы d деген тыбышты эмес, $d^x$ деген муундук айкалышты билдирет.

Бирок, В. И. Истрин: «Такая слоговая трактовка консонантно-звуковых систем письма была бы возможной, если бы в финикийском, еврейском, арабском и в других семитских языках действовал закон недопустимости смежных и конечных согласных, т. е., если бы каждый согласный звук в этих языках всегда сопровождался бы гласным звуком; в этом случае мы могли бы считать, что bet обозначает «$b^x$», dalet – «$d^x$» и.т.д.»(1961: 38), - дейт.

В. И. Истриндин пикири боюнча, чындыгында, семит тилдеринде сөздөгү туташ (смежные) жана акыркы үнсүздөр көп кездешет (мисалы, классикалык араб тилинде uktub!- «пиши!»). Демек, семит тамгалары, бир катар учурларда, жалаң гана үнсүз тыбыштарды билдирет. Андан тышкары жазуунун консонанттык-тыбыштык тиби семит тилдеринин өзгөчөлүктөрүнө абдан туура келет.

**Египеттик консонанттык-тыбыштык жазуу.** В. И. Истриндин маалыматы боюнча биринчи консонанттык-тыбыштык жазуу египет жазуусунда пайда болгон. Египет тили Алдыңкы жана Кичи Азиядагы семит тилдери менен – ассиро-вавилондук, финикийлик, байыркы еврейлик ж.б. менен бир катар жалпы белгилерге ээ. Египет тилинде (ошондой эле семит тилдеринде) үнсүздөр эң чоң мааниге ээ болсо, ал эми үндүү тыбыштар үнсүздөргө караганда азыраак мааниге ээ болгон. Мына ушул өзгөчөлүктөргө карата, т. а., сөздөрдүн консонанттык скелетине карай айрым сөздөр байланыштуу кептен оңой бөлүнгөн. Ушунун өзү пиктографиядан логографиянын бөлүнүп чыгышын шарттаган жана египет жазуусунун фонетикалык элементтеринин консонанттык мүнөзүн алдын ала аныктаган дейт В. И. Истрин. Египеттик жазуунун дагы бир өзгөчөлүгү анда эки-үч, кээде төрт-беш үнсүз тыбыштарды камтыган сөздөр, ошондой эле бир гана үнсүз тыбыштар бар сөздөр кеңири кездешет. Ошентип, Египетте египет тилинин үнсүз тыбыштарын билдирген 24 белгиден турган тамгалык-тыбыштык система пайда болгон (1961: 195).

Египет жазуусундагы консонанттык-тыбыштык жазуу «жаңы падышалык» доордо (б. з. ч. XVI-X кк.) айрым бир өзгөрүүлөргө учураган. Мисалы, Б. А. Тураев бул доордо египет тили аналитикалык болду деп эсептейт (Тураев Б. А., 1920: 22). Бул андагы сөздүн фонетикалык составынын жөнөкөйлөнүшү менен байланыштуу; мисалы, «отпадает суффикс женского рода (*t*)», айрым тыбыштар түшүп калат (мисалы, *r*). Бул болсо бир үнсүз тыбыштуу сөздөрдүн (односогласных слов) санын көбөйтөт, ушуну менен консонанттык-тыбыштык белгилердин өнүгүшү шарталат (1961: 194).

Ушул эле доордо египеттик адабий тилге оозеки сүйлөшүү тилинен абдан көп сөздөр келип кирген (Тураев Б. А., 1920: 22), ошондой эле Египеттин эл аралык аренага чыгышы менен адабий тилине чет тилдерден

өздөштүрүлгөн сөздөр көп кирген. Булардын бардыгын чагылдыра турган логограммалар египет жазуусунда жок эле. Мындай сөздөрдү берүү тамгалык-тыбыштык белгилер аркылуу гана мүмкүн болгон. Ушул себептерден улам В. И. Истрин кийинки египеттик жазма эстеликтерде консонанттык-тыбыштык белгилердин өзгөчө көп колдонулгандыгын белгилейт.

Жогоруда айтылгандай, египет жазуусунда 24 консонанттык-тыбыштык иероглиф болгон. Бул иероглифтерден башка да кийин, өзгөчө, эллинистик доордо ошол эле тыбыштарды берүү үчүн башка иероглифтер колдонулган, алар үнсүздөр менен башталган башка египеттик сөздөрдү билдирген. Булар өзгөчө чет тилдерден кирген сөздөрдө (грек, рим сөздөрү), анын ичинде энчилүү аттарды жазууда көп учураган. Мисалы, «иероглиф ‘лев’ (r- w) начал применяться, наряду с иероглифом ‘рот’ (r- ), для обозначения звука *r* в словах Autocrator, Tiberius и др., а также для передачи звука *t*» (Истрин В. И., 1961, 195; M.Chaine, 1938, p. 10).

Ошентип, эллинистик доордо фонетикалык маани жана айрым негизги тыбыштык иероглифтер өзгөрүүгө учураган. Ошондой болсо да, В. И. Истрин фонетикалык, өзгөчө тамгалык-тыбыштык белгилердин бат-бат колдонулушуна карабастан, ошондой эле египеттиктердин бул белгилердин колдонууга ыңгайлуу экендигине ынангандыктарына карабастан, египеттик жазуу таза фонетикалык, ошондой эле тамгалык-тыбыштык жазуу боло алган жок деп эсептейт. Окумуштуу мунун эки себебин белгилейт. Алар, биринчиден, тилде омонимдердин болушу, ошондой эле жазууда үндүү тыбыштардын түшүп калышынан улам көптөгөн египеттик сөздөр «при обозначении их фонетическими знаками звучали одинаково; например, слово m-n-h значило ‘юноша’, ‘папирус’, и ‘воск’. Поэтому эти слова для правильного их понимания требовали детерминативов; так если фонетически написанное слово m-n-h обозначало ‘юноша, после него

ставился детерминатив ‘человек’; если это слово обозначало ‘папирус’, ставился детерминатив ‘растение’; если оно обозначало ‘воск’, ставился детерминатив ‘сыпучие тела’» (Истрин В. И., 1961:196 ).

Мындай детерминативдердин саны абдан көп болгон. Ал түгүл айрым жазылган фонетикалык белгилер бир эмес, бир нече детерминативдер менен коштолгон (Chaine M., 1938, p. 16).

Экинчиден, логографиялык белгилердин сакталып калышынын дагы бир себеби, В. И. Истриндин пикири боюнча, египет маданиятына мүнөздүү традиционализм болуп эсептелет. Мына ушул себептен логограммалар детерминатив катары гана эмес, сөздөрдү өз алдынча белгилөө үчүн да колдонулган. Акыркысында логограммалар көпчүлүк учурларда консонанттык-тыбыштык белгилер менен коштолгон.

В. И. Истрин негизинен, египеттик жазуу «в течение всего своего существования представляло собой комбинированную идеографически-фонетическую систему» (1961: 198), - дейт. Алар: 1) идеографиялык логограммалар (өз алдынча жана детерминатив катары колдонулган); 2) фонетикалык логограммалар; 3) сөз түркүмдөрүн белгилөө үчүн колдонулган кээде «муундук белгилер» деп аталган эки-үч консонанттык белгилер.

В. И. Истрин египеттик жазуунун ушундай татаалдыгына карабастан, египет жазуусу кийин семит элдеринин тыбыштык жазуусунун келип чыгышына база болуп берген деп эсептейт (1961: 198).

Ошентип, В. И. Истрин жазуулардын пайда болушун жана өнүгүшүн кеңири талдоого алган.

## Грамматология америкалык окумуштуунун эмгегинде

Тилдин тарыхын изилдөөдө тигил же бул маселелер боюнча бирдиктүү пикир жок. Анын үстүнө тилдин тарыхы дайыма изилденип отуруп, бара-бара аны изилдөөнүн жаңы ыкмалары пайда болду. Тилдин тарыхы жаңы өңүттөн изилдене баштады.

**Грамматология.** И. Е. Гельб өзүнүн «Опыт изучения письма» (1963-жылы англис тилинде жарык көргөн) деген эмгегинде буга чейин жалпы жазуунун тарыхы айрым бир жазууну сыпаттама-тарыхый жактан изилдеп келгендигин, ал эми азыркы илим жазуунун эволюциясы жана колдонулушу боюнча жалпы принциптерди салыштырма-типологиялык негизде иштеп чыгууга аракет кылып жаткандыгын белгилейт. Өзүнүн эмгегинде мына ушул принциптерге таянып, биринчи жолу жазуунун тарыхын жана эвоюциясын системалык жактан мүнөздөп берет. Бул иштин негизги жыйынтыктары: «устранение понятия так называемых словесных письменностей и его замена словесно-слоговым типом; отнесение так называемого семитского алфавита к слоговому типу; отнесение так называемых письменностей майя и астеков не к письменностям в собственном смысле слова, а к предписьменностям; вывод о том, что таинственные «надписи острова Пасхи» не представляют собой письма, а являются рисунками, предназначенными для магических целей» (Гельб И. Е., 1982: 9).

И. Е. Гельб жазуунун тарыхы жана анын өнүгүү эволюциясын төмөнкүчө карайт: I жазуу эмес («не письмо»), II жазууга чейинкилер («предписьменности»), III нака жазуу («собственно письмо»).

**I Жазуу эмес:** *Сүрөттөр.*

**II Жазууга чейинкилер:** *Семасиография*

1. Баяндоо-сүрөттөө ыкмасы («Описательно-изобразительный прием»)

2. Идентификациялык-мнемоникалык ыкма («Идентифицирующе-мнемонический прием»)

## III Нака жазуу: Фонография

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1.*Сөздүк-муундук* жазуу | Шумер<br>(Аккад) | Египет | Хет<br>(Эгей) | Кытай |
| 2. *Муундук жазуу* | Элам<br>Хуррит ж.б. | Батыш-семит<br>(Финикий)<br>(Бай.еврей)<br>(Арамей) ж.б. | Кипр-миной<br>Кипр<br>Фет?<br>Библ? | Япон |
| 3. *Тамгалык жазуу* | | Грек<br>Арамей<br>Еврей квадраттык (огласованное)<br>Латын<br>Индиялык<br>ж.б. | | |

ж.б. (И. Е. Гельб, 1982: 185).

**I Жазуу эмес (сүрөттөр).** «Жазуу эмес» сүрөттөр деген эмне? Эмне үчүн жазуу эмес? Сүрөттүн «жазуу эмес» деп аталган биринчи баскычын И. Е. Гельб мындайча түшүндүрөт: 1) Сүрөт - искусствонун предмети, көркөм-эстетикалык кабылдоонун жыйынтыгы. Бул жазуу категориясына кирбейт; 2) Жазуу өзүнүн башатын кадимки эле сүрөттөн алат. Мына ушундай кырдаалга параллель катары И. Е. Гельб мындай мисал келтирет: «включение пара как исходной ступени в таблицу, иллюстрирующую развитие парового двигателя: конечно, пар, вырывающийся из гейзера или из чайника, сам по себе еще не паровой двигатель, но это основа, на которую должны опираться последующие ступени, с тем чтобы развитие могло привести к окончательному результату» (1982: 184).

Демек, сүрөттүк жазуунун алгачкы баскычы - жазуу эмес, кадимки эле сүрөт. Бул адамдардын ортосундагы коммуникациялык милдетти аткарган эмес, ал адамдардын көркөм-эстетикалык табитин чагылдырган искусствонун бир түрү болгон. Бирок жазуунун башаты ушул сүрөткө барып такалат.

**II Жазууга чейинкилер. Семасиография.** Жазуу пайда болгонго чейин адамдар өздөрүнүн пикирин билдирүү

үчүн бир канчалаган ыкмаларды колдонушкандыгы белгилүү. Бул тилдин тарыхы боюнча адабияттарда ар кандайча аталып келаткандыгы маалым. И. Е. Гельб булардын «Жазууга чейинкилер» («Предписьменности») деп атайт. Бул ыкмалар семасиография[23] деп аталат.

Жазуунун өнүгүүсүнүн ушул этабында сүрөттөр жазып жаткан адамдын оюн жалпы жонунан берет, бул тууралуу И. Е. Гельб сүрөттөр «могут... передавать общий смысл, подразумеваемый пишущим» (1982: 184) дейт. Болгондо дагы бул сүрөттүк формалар маанини тилдик формаларсыз, тикеден-тике көрсөтөт. Коммуникациянын эң эле жөнөкөй көзгө көрүнгөн символдор аркылуу берилиши - баяндоо-сүрөттөө жана мнемоникалык-идентификациялык[24] ыкмалар аркылуу ишке ашат.

**1) Коммуникациянын баяндоо-сүрөттөө ыкмасы.** Коммуникациянын баяндоо-сүрөттүк ыкмасы – карым-катнашуунун көзгө көрүнгөн символдор менен, т. а., сүрөттүк ыкма менен ишке ашуусу болуп эсептелет. Коммуникациянын баяндоо-сүрөттөө ыкмасы көркөм-эстетикалык кабылдоо (побуждение) менен тартылган сүрөттөргө окшош, бирок алар маалымат берүүчү маанилүү элементтерди камтыгандыгы менен айырмаланат, бул тууралуу И. Е. Гельб алар «содержат только элементы, существенные для передачи сообщения» (1982: 185) дейт; бул сүрөттөр искусствонун бир түрү болгон сүрөттөн айырмаланып, кабарды сактап калуу жана кабарды башка адамдарга жеткирүү кызматын аткарат жана сүрөткө (живописке) мүнөздүү көркөмдүүлүктөн ажырайт.

**Тарыхы.** Байыркы, палеолиттен бери бүгүнкү күнгө чейинки аска бетине чегилген сүрөттөр жер жүзүнүн бардык булуң-бурчтарында кездешет. Аска бетине боёк менен тартылган же жазылган сүрөттөр петрограмма деп, эгерде чегилип же гравировкалап жазылса петроглифтер деп аталган. Адатта аларда адамдардын, жаныбарлардын сүрөттөрү орун алган. Мындай сүрөттөр палеолит доорунда Европада кеңири тараган, айбанаттардын өзүнө окшотуп тартылган фигуралары, ошондой эле бушмендер та-

рабынан аткарылган кооз жазуулар Түштүк Африкадан, абдан көп сандаган аска бетине чегилген жана тартылган сүрөттөр Түндүк Америкадан, өзгөчө континенттин тоолуу райондорунан табылган (И. Е. Гельб, 1982:35).

**Жазуулар эмне үчүн пайда болгон?** Мааниси эмне? Сүрөттөрдүн тартылышынын бир нече мотивдери болушу мүмкүн дейт И. Е. Гельб. Анын пикири боюнча сүрөт төмөнкүдөй учурларда тартылган: аңчы же жоокер ийгиликтүү аң уулоодон же жеңиштен кийин өзүнүн көргөндөрүн сүрөткө түшүргүсү келсе; башынан өткөргөндөрүн эске сактоо үчүн же көңүлү толкуган учурларда; магиялык максатта: жаңы аң уулоодо жана жортуулда ийгиликти алып келиши үчүн (1982: 34).

Бул сүрөттөр – жазуу эмес. Эмне үчүн жазуу эмес? Анткени алар шарттуу белгилер системасынын белгилүү бир бөлүгү болуп эсептелбейт (И. Е. Гельб, 1982: 35). Мындай сүрөттөр сүрөттү тарткан кишиге, же бул сүрөттөгү окуялар жөнүндө кабары бар анын жакын жолдошторуна же туугандарына гана түшүнүктүү.

**Сүрөт – жазуунун негизи.** Жогоруда окумуштуулардын эмгектеринде бардык жазуулардын башаты сүрөттөн башталары айтылган эле. Муну И. Е. Гельб да ырастайт. Ал кайсы жазуу болбосун – анын негизинде сүрөт жатат деп эсептейт. Муну азыркы бардык жөнөкөй жазуулардын пиктографиялык мүнөзү гана эмес, Байыркы Чыгыштын улуу системалары: шумерлик, египеттик, хеттик, кытайлык ж. б. адегенде таза сүрөттүк жазуу болгондугу далилдеп турат дейт И. Е. Гельб.

Ошентип, бардык жазуулар эң эле жөнөкөй сүрөттөн башталган жана ал бара-бара жөнөкөй сүрөттөн айырмаланып, коммуникация кызматын аткара баштаган. Бирок бул сүрөт оңой-олтоң эле жазууга айланган дегендикти билдирбейт. Сүрөттөн жазууга чейин жол узак жана татаал болгон.

**Геометриялык же сызыктуу фигуралар (белгилер) - сүрөттүн схемалашуусунун натыйжасы.** Жогоруда аталган жазуулардын эң баштапкы баскычында реалдуу

нерселердин сүрөттөрүнө окшобогон, көбүнчө жөнөкөй сызыктуу, геометриялык фигураларды элестеткен белгилер болгон. Мындай геометриялык белгилер дүйнөнүн бардык райондорунда тарыхка чейинки мезгилден бүгүнкү күнгө чейин катталган. Булар өзгөчө аска беттеринде, көбүнчө курал-жарактарда жана чопо идиштерде көп кездешет. И. Е. Гельбдин пикири боюнча мындай геометриялык белгилер – абстрактуу формалар эмес, сүрөттөрдүн акырындык менен схемалашуусунун натыйжасы (1982: 37).

Байыркы жазуулар, мисалы, шумерлик, египеттик, кытайлык ж.б. жазууларда убакыттын өтүшү менен баштапкы жөнөкөй сүрөттөрдөн бир топ алыстаган сызыктуу, курсивдик форма өнүккөн, алардын аралыгындагы баскычтарды билмейинче сызыктуу фигуралардын кайсы сүрөткө тиешелүү экендигин аныктоо мүмкүн болгон эмес.

**2) Коммуникациянын идентификациялык-мнемоникалык ыкмасы. Геральдикалык символдор. Тамга.** Жазуунун кийинки эволюциялык өнүгүүсүнө кызмат кылган коммуникациянын дагы бир түрү – идентификациялык-мнемоникалык ыкма болуп эсептелет. Мисалы, алгачкы адам өзүнүн калканчына ягуардын сүрөтүн тарткан. Адегенде бул сүрөт магиялык ролду ойносо (ягуардын күчү жана шамдагайлыгы калканчтын ээсине өтүшү үчүн тартылса), кийин ягуардын калканчтагы сүрөтү символго айланып, бул калканчтын кимге тиешелүү экендигин билдирип калган. Ошентип ягуардын символу жеке менчик белги катары берилип, ошол адамдын аты же белгилүү бир адам менен ассоциацияланган. Бирок, И. Е. Гельбдин пикири боюнча (1982: 44), бул нака жазуу эмес, анткени ал калыпка салынган шарттуу белгилердин системасынын курамына кирбейт. Ал жазууга чейинки эң маанилүү кадам болуп эсептелет.

Коммуникациянын бул ыкмасына «характерно использование символа как способа, помогающего зафик-

сировать или отождествить лицо или предмет, наподобие того, как это происходит, когда рисунок иголки со вдетой в нее ниткой изображает поговорку «Куда иголка, туда и нитка» (И. Е. Гельб, 1982: 185).

Коммуникациянын бул мнемоникалык ыкмасында окуяларды кийинки муундарга калтыруу ниети символдордун жардамы менен ишке ашкан жана бул нака жазуунун келип чыгышына алып келүүчү маанилүү фактор болгон.

Адегенде, бир караганда коммуникациянын баяндоо-сүрөттөө ыкмасын идентификациялык-мнемоникалык ыкмага караганда өнүккөн түрү деп эсептөөгө болот. Анткени баяндоо-сүрөттөө ыкмасы кабарды берүүгө көбүрөөк ылайыктуудай көрүнөт. Мисалы, эгерде согуш жөнүндөгү кабар баяндоо-сүрөттөө ыкмасы аркылуу согушту чагылдырган сүрөт менен берилсе, ал эми идентификациялык-мнемоникалык ыкма боюнча бир-эки белги (символ) менен гана берилет (1982: 185).

Бирок И. Е. Гельбдин пикири боюнча коммуникациянын баяндоо-сүрөттөө ыкмасынын, сөздүн түз маанисинде, жазуунун өнүгүшүнө эч кандай тиешеси жок. Бул ыкма менен тартылган сүрөттөр искусствонун шарттуу принциптерин карманат жана коммуникация каражаты катары адамдардын ортосундагы карым-катнашуу мүмкүнчүлүктөрүн чектейт.

Коммуникациянын идентификациялык-мнемоникалык ыкмасын колдонууда да сүрөттөр колдонулат, бирок алардын милдети «не описание события, а помощь при воспоминании о нем, при отождествлении предмета или существа» (1982: 186).

Ошентип, бир жагынан белгилүү бир символдордун, экинчи жагынан белгилүү бир предметтер же тирүү жандардын (существа) ортосунда такай болуп туруучу байланыш түзүлөт. Бул байланыш барган сайын туруктуу жана шарттуу боло берет. Нерселердин жана тирүү жандардын оозеки кепте аталыштары бар болгондуктан, бара-бара

символдор менен алардын оозеки түгөйлөрүнүн ортосунда да шайкештик түзүлөт дейт И. Е. Гельб.

**Геральдикалык символдор.** Мына ушуга окшогон жеке системага геральдикалык[25] символдор да кирет: И. Е. Гельбдин маалыматы боюнча гербдер дворян чиндерин белгилөө үчүн колдонулган. Буга ошондой эле аскердик чиндерди, кошуундун тегин билдирүүчү белгилер, ар кайсы кесиптин жана кол өнөрчүлүктүн эмблемалары кирет. Ал түгүл ага азыр да азыркы Европада абдан популярдуу болгон «ачкыч – слесардын эмблемасы катары, очки – оптиктин[26] эмблемасы катары, кочкор мүйүз (рожок) – почто башкармалыгынын белгиси катары» (1982: 45) сыяктуу белгилер да кирет.

Жөнөкөй сызыктуу жана геометриялык оюулар күндөлүк урунуучу буюмдарда (чопо идиштерде, үй буюмдарында, курал-жарактарда, сөөктө, таш блокторунда) көп кездешерин айтып, И. Е. Гельб мындай белгилерди (метка) коюу жогорку палеолит доорунда эле пайда болуп, бүгүнкү күнгө чейин жеткендигине маалымдайт. Мас-д'Азил үңкүрүндөгү таштарда - белгилер, Египетте - династияга чейинки жана тарыхый доорлордо керамикалык буюмдарда карапачылардын тамгалары (клеймо) кездешет. Карапачылар жана таш сомдоочулардын өз буюмдарына койгон белгилери жана ошого окшогон белгилер бүт дүйнө жүзүнө тараган.

**Тамга (тавро).** Жаныбарларга тамгаларды коюу да коммуникациянын идентификациялык-мнемоникалык ыкмасына кирет. Бул учурда белгилер жаныбардын ээсинин, ошондой эле, эгерде тамга буюмдарга коюлса, жасалган буюмдардын ээсинин идентификациясын билдирет (1982: 45).

Буга индеецтердин урук жана уруу аттарынын, же тотемдеринин аттарынын да тамгалары кирерин И. Е. Гельб белгилейт.

**Мүмкүнчүлүктөрдүн чектелген системасы.** И. Е. Гельб мына ушул бөлүмдө Америка континентиндеги жазуулардын тобун карайт. Буга астектердин жана майялар-

дын (Борбордук Мексикадагы астектердин жазуу системасы жана Юкатандагы, Сальвадордогу, Британдык Гондурастагы, Гватемаладагы майя системасы) жазуусу кирет. И. Е. Гельб: «При всей стройности внешней графической формы исполненные красоты астекские и майянские рукописи и надписи на камнях по своей внутренней структуре очень мало превосходят уровень развития примитивных систем письма народов Северной Америки и Африки» (1982: 58), - дейт.

И. Е. Гельбдин пикири боюнча Борбордук Америкадагы индеецтердин эстеликтеринде сандардын жана астрономиялык объекттердин системасы оңой эле таанылат. Андан тышкары кээде айрым жазууларды же алардын бөлүгүн түшүнүүгө болот, анткени борбордук америкалык индеецтердин сүрөттөрү кандайдыр бир тилдик формаларсыз эле өзүнөн-өзү түшүнүктүү болот. Албетте, астектерде жана майяларда фонетизациянын башталышы (зачатки) байкалат, бирок алардын бири да байыркы шумер эстеликтеринде кездешкен фонетикалык жазуунун баскычына бир аз даражада да жакындай албайт (1982: 58).

И. Е. Гельб астек жана майя жазуусун жазууга чейинкилерге киргизет, бирок бул Борбордук Америкадагы индеецтердин системасы түндүк америкалыктардын системасы сыяктуу төмөнкү деңгээлде дегендик эмес, анткени астек жана майялардын жазууларынын формалдык элементтеринин систематизациясы Түндүк Американын индеецтердикинен бир топ алдыда экендиги көрүнүп турат. Анын үстүнө борбордук америкалыктарда түндүк америкалык индеецтерге белгисиз фонетизация болгон. Ошондой эле түндүк америкалык индеецтердин өтө жөнөкөй ыкмаларынынан айырмаланып, борбордук америкалык индеецтерде сандарды жазып алуунун («записи чисел») жогору өнүккөн системасы болгон (1982: 65).

Борбордук америкалыктарда сан менен предметтердин эсеби байыркы чыгыш жазууларында кабыл алынган жалпы структуралык методго окшоп (мисалы, 5 киши де-

ген - ‘5’ жана ‘адам’ деген белги менен) жазылса, түндүк америкалыктар индеецтерде ‘5 адам’ дегенди билдирүү үчүн 5 ‘адамдын’ сүрөтүн тартышкан (1982: 65).

Мына ушуга окшоп айырмаланып турган белгилер Борбордук Американын жазуусунун өнүгүү деңгээли түндүк америкалыктардыкына караганда жогору экендигин көрсөтүп турат.

Ошентип, Борбордук жана Түндүк Америкада баяндоо-сүрөттөө ыкманы колдонуунун таралгандыгы – алардагы жалпылык болуп эсептелет, ошондой эле алардагы дагы жалпы нерсе - бардык индеецтерде *системалык фонографиянын* болбогондугу.

И. Е. Гельб окумуштуулардын пикирлерине таянып, өзүнүн изилдөөсүн америкалык аборигендердин бир да уруусу, сөздүн чыныгы маанисинде, жазууга ээ болушкан эмес жана майя иероглифтери египет иероглифтерине параллель боло албайт деп жыйынтыктайт (1982: 66).

**И. Е. Гельб логографиялык жазуу жөнүндө.** Кийин жазууда сөздөрдү символдор менен берүүгө боло тургандыгы анык болгон соң, адамдардын өз-ара коммуникациясынын жаңы, бир топ өнүккөн жолу табылган. Мисалы, ‘Адам арстанды өлтүрдү’ деген сүрөттөр менен (адамдын арстанды найза менен сайып жаткан учуру) эмес, үч шарттуу символду (адам, найза, өлтүрүүчү) жазуу менен бериле баштаган. Буга идентификациялык-мнемоникалык ыкма боюнча айтылган сөздөрдүн тартибине ылайык белгилердин белгилүү бир тартип менен берилиши да кошумчаланган.

Айрым сөздөрдү айрым алынган белгилер менен берүү - сөздүк белгилердин бүткөн системасынын, т. а., сөздүк жазуунун, же логографиянын өнүгүшүнө алып келмек дейт И. Е. Гельб. Ал: «Вопреки общему мнению специалистов я глубоко убежден, что полностью развитая система такого рода никогда не существовала – ни в древности, ни в более поздние времена»(1982: 187), - дейт. Анткени сөздөрдүн бардыгын символдор менен белгилөө, жаңы

кирген сөздөрдү да жаңы белгилер менен берүү, миңдеген белгилерди жаттоо жана эске тутуу абдан татаал болгон жана карым-катнашууда кыйынчылыктарды жараткан.

И. Е. Гельб Аляска жана Чероки элдеринин сөздүк жазууларынын тажрыйбасы, Америка туземдери үчүн түзүлгөн жасалма сөздүк жазуу – алардын практикалык жактан колдонууга ылайыксыз жана ыңгайлуу эмес эмес экендигин көрсөттү дейт. И. Е. Гельб бардык жазуулардын ичинен логографиялык деп эсептелген кытай жазуусунда да таза түрүндө логографиялык система жок экендигин маалымдайт: «Даже китайское письмо, наиболее логографическое из всех письменностей, не представляет собой логографической системы в чистом виде, так как с древнейших времен оно использовало словесные знаки в функции знаков слоговых. И это обстоятельство, справедливое для китайской системы, еще более справедливо для других древневосточных систем, таких, как шумерская, египетская и хеттская» (1982: 187).

И. Е. Гельбдин пикири боюнча примитивдүү логографиялык жазуу нака жазууга, эгерде ал белгилер берген маанилерине карабастан фонетикалык окууга (фонетическое чтение) ээ болсо гана өтө алат.

**Фонетизация – накта жазуунун негизги шарты.** Примитивдүү логографиялык жазуу нака жазуу системасына качан өсүп жетет? Буга бир гана шарт бар: эгерде «его знаки приобретут фонетическое чтение, назависимое от значения, которое они имеют в качестве слов» (Гельб И. Е., 1982: 187).

Фонетизация – жазуунун тарыхындагы эң маанилүү кадам. Бул ыкма азыркы сөз менен айтканда «ребус жазуусу» деп аталат. Ал кантип колдонулат? И. Е. Гельб: «Показывая как он применяется, можно, например, воспользоваться изображениями глаза (eye [aI]) и пилы (saw [sɔ:]) для передачи английской фразы I saw [aÍ sɔ:]) (‘я видел’) или изображениями человека (man[mæn]) и финиковой пальмы (date [deI't) для передачи английского слова mandate [mændeI't] (‘мандат’)» (Гельб И.Е., 1982: 187).

Фонетизациянын кириши менен жана анын кийинки системалашынан соң шарттуу муундук окулушу бар туруктуу символдордун негизинде каалаган тилдик формаларда бериле турган жазуунун толук кандуу системасы өнүктү. Ошентип нака жазуу пайда болду.

**III Фонография. Нака жазуу.** Жогоруда айтылгандай, фонетизациянын кириши жана системалашуунун натыйжасында нака жазуу, т.а., фонографиялык[27] жазуу пайда болду. Ага ***«сөздүк-муундук»*** жана ***«муундук»*** жазуу кирет.

### 1. Сөздүк-муундук система

Нака жазуу системасы Байыркы Чыгышта – Жер ортолук деңиздин жээктеринен Тынч океандын батыш жээктерине чейин созулган кеңири аймактарда пайда болгон. Тарыхый жана практикалык баамдоолор боюнча Египет жана жанаша жайгашкан Африканын райондору, ошондой эле Эгей деңизин курчап турган (эллинизмдин алдындагы доор) райондор да кириши керек дейт И. Е. Гельб (1982: 67).

Мына ушул кеңири ареалда өнүккөн, ар бири жаратылышы боюнча өз алдынча деп эсептелүүгө татыктуу өнүккөн жети оригиналдуу нака (собственно) жазуу системасы болгон (1982: 67). Алар булар:

шумер – Месопотамияда, б. з. ч. 3100-ж. – б. з. 75-ж.;
протоэлам – Эламда, б. з. ч. 3000–2200-жж. ;
протоинд – Инда өрөөнүндө, б.з.ч. 2200-ж. тегерегинде;
кытай – Кытайда, б. з. ч. 1300-жылдан азыркы күнгө чейин;
египет – Египетте, б. з. ч. 3000-ж. – б.з. 400-ж.;
крит – Критте жана Грецияда, б.з.ч. 2000-1200-жж.;
хет– Анатолияда жана Сирияда, б. з. ч. 1500-777-жж.

Бул жети жазуу системасынын ичинен үчөө – протоэлам, протоинд, жана крит жазуулары толугу менен де-

шифровкаланган эмес, ал эми шумер, египет, хетт жана кытай жазууларынын ички принциптерин карап көргөндө, «все они едва ли не с самого начала своего развития являются фонографическими и содержат знаки следующих трех классов: словесные знаки, или логограммы, слоговые знаки и вспомогательные знаки» (1982: 189).

Аларды карап көрөлү.

**1) Шумерлик система. Пайда болушу.** Шумерлик Месопотамияда, Тигр жана Евфрат сууларынын бассейндеринде клинопистин борбору жатат. Адегенде, жазуунун алгачкы баскычында Түштүк Месопотамиядагы казууларда табылган алгачкы тактайчалардагы белгилер клинопись облигинде болгон эмес, тактайчалар канчалык эң байыркы болсо, андагы белгилер ошончолук кадимки сүрөттөргө окшогондугу белгилүү болгондугун И. Е. Гельб белгилейт (1982: 68). Ушундан улам месопотамиялык клинопись жазуусу пиктографиялык жазуудан өнүгүп чыккандыгы белгилүү болгон. Көп өтпөй Түштүк Месопотамиядагы Уруктан (азыркы Варка) табылган тактайчалар (алар миңдей болгон) месопотам жазуусунун өнүгүшү тууралуу ачык картинаны берген.

Шумер жазуусу, мурун сөз болгондой, экономикалык жана административдик зарылдыктардан келип чыккан. Айыл чарбасынын өнүгүшү менен ашыкча айыл-чарба продуктылары шаарлардагы дан сактагычтарга жана кампаларга жөнөтүлгөн, андан тышкары кол өнөрчүлүк буюмдары да жиберилген, натыйжада алардын эсебин алуу зарылдыгы келип чыккан. Мындай эсеп-кысап жазылган тактайчалар «Урук IV катмары» деген ат менен белгилүү.

Бул тактайчалардын датасын айрым окумуштуулар б. з. ч. XLI к.аягы жана XXXIX к. ортосу дешсе, башкалары – б.з.ч. III миң жылдыктын башы дешет. Ал эми И. Е. Гельб эң байыркы шумер жазуусун б. з. ч. 3100-жылга алып барат (1982: 69).

**Шумер жазуусунун «ойлоп табуучулары» кимдер?** И. Е. Гельбдин пикири боюнча «шумер жазуу-

су» дегенде аны шумерлер тарабынан ойлоп табылган жазуу деп түшүнүүгө болбойт. Акыркы жылдарда Месопотамияда шумерлер менен кошо эле, ал түгүл аларга чейин башка этностук элемент жашаган. Аларды И. Е. Гельб «элемент X» деп атайт. И. Е. Гельбдин божомолу боюнча жазууну эң алгач шумерлер эмес, ошол «элемент X» киргизген (1982: 70).

**Алгачкы шумер жазуусу. Цилиндрлик мөөр.** Шумер эстеликтериндеги жазуулар адегенде эң жөнөкөй формада болгон. Мисалы, тешиктери жана боолордун издери бар тактайчалар же этикеткалар адегенде бир предметке же предметтердин тобуна байланган. Мындай көбүнчө чоподон, кээде гипстен жасалган тактайчаларда цилиндрлик мөөрдүн (печать[28]) изинен, б. а. жеке менчик белгилерден жана кээде жиберилген предметтердин санын билдирген белгилерден (пометки) башка эч нерсе жок эле.

Бул система абдан чектелүү болгон. «Замена оттисков печатей написанием личных имен была важным фактором в развитии шумерского письма» (1982: 71), - дейт И. Е. Гельб. Ошондой эле И. Е. Гельб шумерлер жазууга цилиндр мөөрүн колдонуу аркылуу келишти деген пикирди колдобой тургандыгын айтат. Анын пикири боюнча мөөрдүн (печать) милдети - утилитардык жана магиялык аспекттерде жеке менчик белгиси, ал эми жазуунун милдети маалыматты берүү болуп эсептелет.

**Шумер жазуусунун өнүгүшү.** Жазуунун өнүгүшүнө шумер жазуусу көп эмгек сиңирген. Шумер мамлекетинин жана экономикасынын уюшулушу менен шаарга айыл жергесинен келген мал же дандын эсебин алуу муктаждыгы келип чыккан. Эсеп кыска жазуулар менен, мисалы, «5 кой», же бул эсепке менчик ээсинин аты жазылуу менен «10 луков, X» *(китептегидей берилди – Г. Ж.)* ишке ашкан. Айрым алынган сөздөргө айрым белгилердин тандалып алынышы менен логографиялык система келип чыккан (1982: 188).

**Шумер жазуусу – сөздүк жазуу (логографиялык жазуу).** Байыркы урук жазуусунда колдонулган белгилер

– сөздүк белгилер, аларда сан, предмет жана жеке аттардын колдонулушу чектелүү болгон. Бул логография же сөздүк жазуу болуп саналат.

И. Е. Гельб логографияны «идеография» же «идеографиялык жазуудан» айырмалаш керектигин белгилейт жана Фалькенштейн (1936: 32), Фридрихтин (1937: 325) эмгектерине таянат.

Мисалы, индеецтер сүрөттөр аркылуу тилдик элементтер менен байланышпаган түшүнүктөрдү; ал эми шумерлер сөздү же белгилерди беришкен. Индеецтерде сүрөттөр ирети жок эле жайгашса, шумер системасында жазуу белгилери тиешелүү тилдик формалардын ырааттуу жайгашышынан турат (1982: 256).

Логографиянын алгачкы эң жөнөкөй этабында конкреттүү сөздөр, мисалы, «кочкор («баран»)» же «күн» алардын тартылган сүрөттөрү менен берилген. Бирок, «Вскоре пришлось ввести и развить метод, с помощью которого рисунками можно было передавать не только слова для предметов, которые они непосредственно изображают, но и слова, с которыми они могут быть связаны вторичными ассоциациями» (1982: 72). Мисалы, көп өтпөй күндүн сүрөтү ‘жарык’, ‘ак’ (‘яркий’, ‘белый’) деген сөздөрдү, андан да кийин ‘күн’ деген сөздөрдү берүүдө колдонулган.

Бирок логографиянын да кемчиликтери болгон. Логография көптөгөн сөз түркүмдөрдү жана грамматикалык формаларды бере алган эмес. Өзгөчө энчилүү аттарды жазуу системасында олуттуу чектелүү болгон.

Логографиялык жазуу бара-бара фонографиялык системага айланган.

**Шумер жазуусунун фонетизацияланышы.** Жеке аттарды адекваттуу берүү зарылдыгы фонетизациянын өнүгүшүнө алып келген. **Фонетизация сөздөрдү жана тыбыштарды жазуу зарылчылыгынан улам келип чыккан, анткени аларды сүрөттөр же сүрөттөрдүн комбинациялары менен берүү мүмкүн эмес эле.** И. Е. Гельб: «Принцип

фонетизации состоит в ассоциации слов, не поддающихся письменной передаче, со знаками для таких слов, которые похожи на эти слова по звучанию и которые легко изобразить» (1982: 73), - дейт. Мындай процедураны колдонуу толук фонетизацияга алып келет.

**Фонетизациянын таралышы.** Фонетизация принциби киргизилген соң, ал бат эле тараган. Нака жазуунун киргизилиши шарттуу формаларды жана принциптерди кабыл алууну талап кылган.

Жазуу системасындагы шарттуу нормаларды кабыл алуу эрежелерди иштеп чыгууну гана эмес, жазуунун түздөн-түз формаларын жана принциптерин жаттоону талап кылган. Урук IV катмарындагы мектеп тактайчаларында белгилердин тизмеси келтирилген, бул шумерлерде ошол мезгилде эле окуу жана илимий сабактардын болгондугун билдирип турат.

И. Е. Гельбдин маалыматы боюнча б.з.ч. III миң жылдыктын биринчи жарымында шумер жазуусу адегенде семит тилдерин алып жүрүүчү – аккадыктар тарабынан, андан соң алардын чыгыш коңшулары – эламиттер тарабынан кабыл алынган. II миң жылдыкта Түндүк Месопотамияда хурриттер, ошондой эле Кичи Азияда жашаган хеттер аккаддыктардын жазуусун өздөштүрүлгөн түрдө кабыл алышкан. Бул аккад тилинин lingua franca түрүндө Жакынкы Чыгышта таралуусунун максималдык чегинде турган I миң жылдыктын биринчи жарымы эле. Б.з.ч. I миң жылдыктын биринчи жарымында месопотам жазуусун Арменияда жашаган урарттар да колдонушкан. Бул Месопотамиядан клинопись системасын өздөштүрүүнүн акыркысы болгон (1982: 74).

**Шумер жазуу системасынын принциптеринин таасири.** Ошентип, шумер жазуусу - Түштүк Месопомияда б. з. ч. 3100-жылы күбөлөнгөн байыркы чыгыш жазуу системасынын эң алгачкысы. И. Е. Гельбдин пикири боюнча бул жерден шумер жазуусунун негизги принциптери чыгыш багытка таралышы мүмкүн, «сначала по

соседству, к протоэламитам, а затем, возможно через посредство протоэламитов, к протоиндийцам, в долину Инда» (1982: 188). И. Е. Гельб шумер жазуусунун Кытай, Египет жазууларына, ал эми Египет жазууларынын башка жазууларга тийгизген таасири тууралуу мындай дейт: «Далее, одна из ближневосточных письменностей могла в свою очередь оказаться тем стимулом, который привел к созданию китайского письма. Около 3000 г. до н. э. шумерское влияние предположительно проникло и на запад, в Египет. Египетское влияние в свою очередь распространилось на эгейские области, где около 2000 г. до н. э. возникло критское письмо, а несколько веков спустя, в Анатолии, хеттское иероглифическое письмо» (1982: 188).

Ошентип, И. Е. Гельб шумер жазуусу байыркы чыгыш жазуусунун эң алгачкысы болуу менен бирге эң прогрессивдүү жазуу болгондугун белгилейт. Анын пикири боюнча ал жазууга чейинки сүрөт жазуусунан тез эле баш тартып, мнемоникалык жазуу ыкмасынын негизинде фонографиялык жазууга өткөн. Шумер жазуусунун принциптери адегенде коңшуларына, коңшулары аркылуу башка элдердин жазуусуна тааасир эткен. Шумер жазуусу Кытай жазуусунун келип чыгышына түрткү болгон. Б. з. ч. 3000-жылы батышка, Египетке кирип барган. Египет жазуусу аркылуу башка элдерге тарап, алардын жазуусунун келип чыгышына, өнүгүшүнө таасирин тийгизген.

**Шумер жазуусунун мааниси.** Шумер жазуусунун маанилүүлүгү тууралуу И. Е. Гельб мындай дейт: «Величие этого достижения заключалось в том, что, создавая на основе старого идентифицирующе-мнемонического приема словесно-слоговую систему в собственном смысле слова, шумеры оказались в состоянии полностью порвать со стесняющими условностями описательно-изобразительного приема» (1982: 188). Алар мөөрлөрдү жасоодо сүрөттөө ыкмасын колдонууну улантуу менен идентификациялык-мнемоникалык негизде жазууну өркүндөтүшкөн.

Индеецтер дагы ушул эки ыкманы колдонушкан, бирок алар идентификациялык-мнемоникалык ыкмага караганда баяндоо-сүрөттөө ыкмасына артыкчылык беришкен, ошондуктан индеецтердин системасынын бардыгы, майя жана астектердин системасы кошо, өзүлөрүнүн өнүгүү жолунда жазууга чейинки баскычта гана калышкан.

**2) Жазуунун египеттик системасы. Египеттик жазуудагы көркөм-сүрөттүк ыкма. Нармер палеткасы.** Египет иероглификалык жазуусу египеттиктер тарабынан диний максаттарда гана колдонулгандыгы белгиленип жүрөт. 1822-жылы иероглификалык жазуу француз Франсуа Шампольон тарабынан дешифровкаланган. Египет жазуусу биринчи жолу «засвидетельствовано несколькими палетками из шиферного сланца, найденными в Иераконполисе, расположенным примерно в 50 милях к югу от древнего города Фивы в Верхнем Египте»(1982: 78). «Нармер палеткасы» - алардын ичинен эң белгилүүсү, андагы «два символа в середине верхней графы на каждой из двух сторон палетки представляют собой знаки, которые на более позднем египетском языке, возможно, читались как Нармер, (1982: 78).

*Нармер* деген ат египет тарыхында башка эч жерде кездешпейт. Палетканын арткы жагынын ортосунда алдына душманын баш ийдирип турган египет падышасынын сүрөтү бар сцена, анын катарында ылаачын: кебетеси ал падышанын Тоо кудайы сыяктуу символун билдирип турат, ылаачын Дельта өлкөсүнөн жип менен адамды жетелеп келатат (муну адамдын башындагы папирустун алты сабагы көрсөтүп турат) ж.б. Булар тарыхый окуя тууралуу маалымат берет. И. Е. Гельб: «Все в целом, как предполагают, изображает завоевание Нижней страны (дельты Нила) Менесом, основателем Верхнего египетского царства (это событие, по всей вероятности, имело место около 3000 г. до н. э.)» (1982: 78), - дейт.

Бул жазуунун структурасы шумер жазуусунун байыркы баскычынан абдан айырмаланып, бирок астек жазуусундагы ушундай мисалдар менен параллель болуп тур-

гандыгын И.Е.Гельб туура байкаган. Египет жазуусу да, астек жазуусу да искусство чыгармасына мүнөздүү баяндоо-сүрөттөө ыкмасы менен тартылган. Нармер палеткасында энчилүү аттар ребус жолу менен жазылган.

**Египеттик жазуунун сөздүк-муундук системасы.** Менестин падышачылыгынан көп өтпөй Египетте нака система өнүккөн. И. Е. Гельбдин пикири боюнча бул шумер жазуусунун таасиринен улам келип чыккан (1982: 81). Кыска аралыктагы өткөөл мезгилден соң нака жазуунун египеттик системасы пайда болуп, бул жазуу өзүнүн тарыхынын акырына чейин сөздүк-муундук жазуу болгон.

Жазуунун иероглификалык формасы практикалык муктаждыктар үчүн эмес, салтанаттуу учурларда колдонулган. Практикалык максатта египеттиктер курсивдик жазуунун эки түрүн, адегенде иератиканы, андан соң демотиканы түзүшкөн.

Египет силлабарийине 24 белги кирет, алардын ар бири үнсүздөн башталып, ага үндүү (кайсы болбосун) кошулат, мисалы, $m^x$ белгиси $m^x$, $m^1$, $m^e$, $m^u$) $m^{(x)}$,) деп окулат, ошондой эле 80 белги бар, анын ар бири эки үнсүздөн жана ага үндүү же үндүүлөр (кайсы үндүү болбосун) кошулат, мисалы, $t^xt^x$ белгиси $t^at^a$, $t^it^i$, $t^et^e$, $t^ut^u$, $t^a$ $t^i$, $t^e$ $t^i$, $t^at^{(a)}$, $t^et^{(e)}$, $t^at^{(a)}$, ж.б.

Бул жерде «силлабарий» дегенде муундук белгилерден турган системаны түшүнүү керек. И. Е. Гельб ондогон ар кандай системалардын бирден бир өнүгүү жолу логографиядан муундук жазууга өтүү болуп эсептелет дейт. Байыркы чыгыш системаларында: шумерлик, хеттик жана кытайлык, ошондой эле жаңы мезгилдин айрым системаларында (америкалык индеецтер жана африкалык негрлердин (мисалы, чероки, бамум ж.б.) өнүгүү жолу логографиялык баскычтан муундук жазууга карай өнүккөн.

**3) Хеттик система. Хетт иероглификалык жазуусу.** Хетт иероглификалык жазуусу болжол менен б.з.ч. 1500-жылдан 700-жылга чейин колдонулуп, Борбордук Анатолиядан Түндүк Сирияга чейин жайылган.

«Иероглифика» деген термин египеттиктерден өздөштүрүлгөнү тууралуу И.Е.Гельб: «Термин «иероглифика», употребляемый для хеттского письма, заимствован из египтологии и означает то, что хеттское письмо, подобно египетскому, является рисуночным письмом. Здесь ни в коем случае не имеется в виду, что хеттская иероглифическая система представляет собой заимствование египетской иероглифики или как-либо родственна ей» (1982: 86), - дейт.

Ошондой эле хетт иероглификалык жазуусунун тили «родствен, но не тождествен так называемому хеттскому клинописному, именуемому так потому, что на нем писали клинописью, заимствованной из Месопотамии» (Гельб И.Е., 1982: 86). Бул эки тил тең Хетт падышачылыгында бир эле мезгилде колдонулган. Ошондой болсо да хетт клинопись жазуусунун таралышы Богазкёя району менен чектелген жана көп өтпөй, б.з.ч.1200-жылдан кийин өлүү тилге айланган. Ал эми хетт иероглификалык жазуусу падышачылыктын бардык территориясына тараган жана жандуу тил катары б.з.ч. 700-жылга чейин колдонулган (Гельб И. Е., 1982: 86).

Хетт иероглификасынын теги биз үчүн түшүнүксүз дейт И. Е. Гельб, болгон маалыматтар эгей маданият тармагы менен байланышын көрсөтөт.

И. Е. Гельбдин маалыматы боюнча алгачкы баскычтагы белгилер сүрөттүк мүнөздө болгон, анын кайсы бир бөлүгү жазуунун классикалык мезгилинде да сакталган, ал түгүл эң кийинки мезгилдеги курсивдик формада да кездешкен.

Сөздүк белгилердин структурасы башка жазуулардын сөздүк-муундук белгилеринин структурасына окшош. Нормалдуу *(И. Е. Гельбде нормалдуу деп берилгени сакталды - Г. Ж.)* хетт силлабарийи pa, pi, pe, pu тибиндеги алтымыш чамасындагы белгилерди камтыйт. Бул белгилердин ар бири үнсүздөн башталып, үндүү менен бүтөт (1982: 87).

Нормалдуу силлабарий б.з.ч. I миң жылдыктын башталышында Сирияда колдонулган силлабарий болуп эсептелет. Ошол эле мезгилде Анатолияда колдонулган силлабарийлерде жогорку белгилерден тышкары чектелүү гана территорияда колдонулган бир нече белгилер болгон. Б.з.ч. 1200-жылга чейин колдонулган байыркы силлабарийде да так эле ушундай көбүрөөк белгилер болгон (1982: 87).

**4) Кытайлык система. Кытай жазуусу – сөздүк система.** Кытай жазуусу эң биринчи жолу б. з. ч. II жылдыктын ортосунда Шан династиясынын мезгилинде калыптанган фонетизацияланган система катары катталган. Өзүнүн сырткы формасы боюнча узак мезгилдин ичинде абдан катуу өзгөргөн, ал эми ички структурасы боюнча байыркы жазуу азыркыдан анча-мынча эле айырмаланбаса, дээрлик ошондой. Жогоруда айтылгандай, байыркы кытай жазуусу – жаныбарлардын сөөктөрүндөгү жана таш баканын үстүңкү калканындагы төлгө салма тексттер (гадательные тексты), ошондой эле коло идиштеги, курал-жарактагы, керамикадагы жана нефриттеги кыска жазуулар болуп саналат.

Шан доорундагы белгилердин саны чектелүү – алар 2500дөн ашпайт, алардын көпчүлүгүнүн сүрөттүк мүнөздө болгондугу айкын көрүнүп турат. Бирок бара-бара белгилер сызыктуу формага өтө баштаган, бир топ кечки жазууларда белгилердин башаты болгон алгачкы сүрөттөр таптакыр таанылгыс болуп өзгөргөн (Гельб И. Е., 1982: 89).

Кытай жазуусунда башка байыркы чыгыш системасындагы силлабарийлер сыяктуу толугу менен калыптанган силлабарий жок. Кытай жазуусунда сөздөрү системалуу түрдө сөздүк белгилер менен берилип жүргөндүктөн, сөздүк белгилерди муундук функцияда колдонуу зарылдыгы чет тил сөздөрүн жана аттарды жазууда гана келип чыгат.

**Кытай жазуусундагы муундук жазуу.** Кытай жазуусунда муундук жазуу биринчи жолу б.з. V же VI кылымда-

рында пайда болгон. Бул принцип *(«принцип фань-це»)* адегенде анда-санда сейрек жана кыйын сөздүк белгилерди окуу үчүн колдонулса, XX кылымда ал «был развит и превращен в сложившуюся систему со своим силлабарием, достигшим первоначально известного в провинции Хэбэй, а также отчасти и в провинции Шаньдун» (1982: 91-92). Бул силлабарий алтымыш эки белгиден турат, алар элүү баштапкы жана он эки акыркы белгиге бөлүнөт. Жөнөкөй белгилер *пу, бу, му* ж.б. ушуга окшогон муундар үчүн *пу, бу, му* колдонулат, ал эми силлабарийинде тиешелүү белгиси жок муунду билдирүү керек болгондо, *фань-це* принциби колдонулат жана муун силлабарийдеги эки белгинин жардамы (алгачкы бир жана акыркы бир) менен жазылат (1982: 92).

**5) Протоэлам жазуусу.** Протоэлам, протоинд жана крит системалары, ушул күнгө чейин дешифровкаланган эмес, же белгилүү бир даражада гана дешифровкаланган.

Протоэлам жазуусу тууралуу И. Е. Гельб мындай дейт: «Протоэламское письмо впервые предстает перед нами в Сузах – столице древнего Элама; его можно грубо датировать так называемым «периодом Джемдет-наср», относящимся ко времени после 3000 г. до н.э.» (1982: 92). Бул жазуунун бир канча жүздөгөн чопо тактайчаларда жазылган эң эрте тиби чарбалык мүнөздө болгон.

И. Е. Гельбдин маалыматы боюнча бир нече жүздөгөн белгилердин бири да ушул күнгө чейин толугу менен окулуп бүттү деп эсептеле элек. Дешифровканын аздыр-көптүр тастыкталган жыйынтыгы «являются лишь интерпретация группы знаков для числительных и вывод о существовании десятичной системы счисления» (1982: 93).

Болжол менен б.з.ч. 2200-жыл деп эсептелген протоэлам жазуусунун бир топ өнүккөн формасы эски аккад доорундагы он эки таштагы жазуулар болуп эсептелет. Алар да дешифровкалана элек.

**6) Протоинд жазуусу.** Инд өрөөнүндөгү ар түрдүү эски шаарлардан акыркы 50 жылдын ичинде *(И. Е. Гельбдин*

*китеби 1963-жылы жарык көргөн - Г. Ж.)* «попадались печати со своеобразными знаками, вызвавшими во всем мире оживленный интерес» (1982: 93). Эң биринчи системалуу казуулар, байыркы шаарларды (азыркы аты – Мохенджо-Даро жана Хараппа), 1924-жылдан кийин башталган. Ошондо бир топ тексттер табылган. Кийин Чанху-Дародон бир топ жазма материалдар алынган. Бул шаарлардан эң байыркы маданият эстеликтери табылган, бирок ал жерлерде кездешкен мөөрлөрдөгү (печать), керамикалык жана жез идиштердеги 250 белги дешифровкалана элек.

Аталган жазуулардын датасы салыштырма стратиграфиянын жардамы менен месопотам материалдарын салыштыруунун негизинде ишке ашкан. Бул жазуулар эң биринчи жолу б. з. ч. үчүнчү миң жылдыктын экинчи жарымында пайда болгон.

**7) Крит жазуусу.** И. Е. Гельб крит жазуусунун пайда болушун жана өнүгүшүн биздин кылымдын чегинде (*«на рубеже нашего века»- И. Е. Гельб*) Крит аралындагы Кноссто сэр Артур Эванстын эпиграфикалык табылгалары жакшы иллюстрациялаган дейт (1982: 99). Криттеги (Малия, Агия Триада ж.б.), Грециядагы (Микены, Орхомен, Пилос, Фива, Тиринф ж.б.) жана Эгей деңизинин аралдарындагы башка шаарлар да эпиграфикалык материалдарды беришкен.

Крит жазуусунун айрым гана бөлүктөрү дешифровкаланса дагы, анын өнүгүшүнүн негизги багыттары белгилүү болгон. Мисалы, предметтердин жана жандуу нерселердин сүрөттөрү түшүрүлгөн мөөрлөр (печать) I алгачкы миной доорунун (раннеминойский период) эң алгачкы баскычында кездешет. Акырындык менен, орто I миной доорунун (б.з.ч. 2000-1900-жж. тегерегинде) башталышында биринчи сүрөттүк жазуулар пайда болот. Эванс аларды иероглификалык жазуунун «А классы» деп атайт. Анын ордуна II орто миной доорунда (б.з.ч. 1900-1700-жж.) иероглификалык жазуунун «Б классы» келет.

Экономикалык турмуштун өнүгүшү крит жазуусунун андан аркы өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн. III орто миной доорунда (б.з.ч. 1700-1550-жж.) «сызыктуу А» курсивдик жазуу пайда болгон жана бул жазуу болжол менен б.з.ч. 1450-жылга чейин, ал эми «сызыктуу Б» курсивдик жазуусу болжол менен б.з.ч. 1200-жылга чейин колдонулган. «Сызыктуу Б» жазуусун англиялык архитектор М.Вентрис дешифровкалаган. Бул жазуу так эмес сандагы «идеограммалардан» (фактылык жактан детерминатив-классификатор катарында колдонулуучу логограммалардан) турат. Жазууда болжолдуу түрдө сексен ар кандай «фонетикалык» белги бар экендигинин негизинде аны муундук жазуу деп эсептөөгө болот жана анда кипр жана хетт иероглификалык тибиндеги силлабарий (ар бир белги үндүү же үнсүз кошуу үндүү) бар деп болжолдоого болот дейт И. Е. Гельб (1982: 98-99).

## Жазуу системасындагы окшоштуктар жана ар кандай типтеги силлабарийлер

Жогоруда сөз болгон төрт системада (шумерлик, египеттик, хеттик, кытайлык) тең сөздүк белгилер бирдей же абдан окшош. Бир белги же белгилердин бир комбинациясы бир сөздү же сөздөрдүн бир комбинациясын билдирет. Ошондой эле кошумча белгилердин, мисалы, детеминативдердин, ажыратуучу жана пунктуациялык белгилердин колдонулуш принциптери да окшош, ар түрдүү системада тышкы формасында гана айырма болушу мүмкүн дейт И . Е. Гельб.

Мисалы, шумер силлобарийи жана андан өнүгүп чыккан системалар үндүү жана үнсүз менен аяктаган муундан, кээде гана ошол эле структурадагы эки муундуу түзүлүштөн турат. Месопотам силлабикалык[29] жазуусу da, du, dam, dum тибиндеги белгилерден турат, алардын ар биринде керектүү үндүү көрсөтүлгөн (1982: 77).

Жогоруда аталган төрт байыркы чыгыш системасында төрт ар кандай типтеги силлабарийлер колдонулат. Алар:

I тип – шумерлик. Үндүү же үнсүз менен бүткөн бир муун үчүн белгилер: ta, ti, te, tu; at, it, et, ut; tam, tim, tem, tum; ал эми ata, tama сыяктуу эки муун үчүн белгилер абдан аз учурайт.

II тип – египеттик. Үндүү менен бүткөн (үндүүлөрдүн ортосундагы айырмачылыктарды көрсөтпөстөн: $t^x$;$t^x m^x$) бир же эки муун үчүн белгилер.

III тип – хеттик. Үндүү менен бүткөн бир муун үчүн белгилер: ta, ti, te, tu.

IV тип – кытайлык. Үндүү же үнсүз менен бүткөн бир муун үчүн белгилер: ta, ti, te, tu, to; at, it, et, ut, ot; tam, tim, tem, tum, tom (1982: 189).

## 2. Муундук система

Ошол төрт сөздүк-муундук системадан бара-бара ар кандай даражадагы жөнөкөйлөштүрүлгөн төрт силлабарий өнүгүп чыккан.

I тип - эламдык клинопистик. Үндүү же үнсүз менен бүткөн бир муун үчүн белгилер: ta, ti, te, tu; at, it, et, ut; tam, tim, tem, tum.

II тип – батыш семиттик. Үндүү менен бүткөн бир муун үчүн белгилер, үндүүлөрдүн ортосундагы айырмачылыгы белгиленбейт: $t^x$.

III тип – кипрдик. Үндүү менен бүткөн бир муун үчүн белгилер: ta, ti, te, tu, to.

IV тип – япондук. Үндүү менен бүткөн бир муун үчүн белгилер: ta, ti, te, tu, to (da, di, de, du, do) (Гельб И. Е., 1982: 189).

Жаңы муундук жазуу, И. Е. Гельбдин маалыматы боюнча, жергиликтүү эмес эл тарабынан түзүлгөн. Өз мезгилинде Месопотамияда вавилондуктар менен ассириялыктар жазуунун шумерлик системасын эч өзгөртүүсүз кабыл алышкан болсо, бөтөн жердиктер – эламиттер, хуриттер жана урарттар «...переняли только упрощенный силлабарий и исключили почти полностью громоздкий

логографический аппарат. Семиты Палестины и Сирии в своей тенденции к упрощению пошли даже еще дальше. Единственное, что они приняли у египтян, был принцип письма знаками для одного слога без обозначения различия между гласными» (Гельб И. Е., 1982: 190).

Кипрдиктер да дал эле ушундай жолго түшүштү, алар жазуунун эгей системасынын негизинде силлабарий түзүштү жана сөздүк белгилерди колдонуудан баш тартышты. Япондуктар мынчалык радикалдуу болушкан жок, алар кипрдиктерге абдан жакын болгон жөнөкөй силлабарий түзүштү, ошондой болсо да анда жумшак үнсүздөр каткалаң үнсүздөрдөн атайын белги (значок) менен айырмаланып турушат; бирок ушул силлабарий менен катар эле алар кытай жазуусунан өздөштүрүлгөн сөздүк белгини колдонушат. Ошентип, И. Е. Гельб белгилегендей, бөтөн жердиктер жазуудагы ыйык традицияны бузуп, реформа жүргүзө алышты, бул жаңы революциялык кайра курууга жол ачты (1982: 190).

Б.з.ч. экинчи миң жылдыктын экинчи жарымынан баштап финикийликтер, байыркы еврейлер жана башка семит элдери колдонушкан И. Е. Гельб «батышсемит силлабарийлер» деп атаган жазуунун ар кандай формалары, И. Е. Гельбдин ишеними боюнча алфавит эмес, так эле силлабарийлер (1982: 190) болуп саналат.

## 3. Тамгалык система. Алфавит системасы

И. Е. Гельб эгер батыш семит жазуулары алфавит болбосо, анда алфавит эмне деген суроо коет. Ал «Алфавит» деген сөз тилдин айрым тыбыштарын билдирген жазуу дегенди билдирсе, анда алфавит гректер тарабынан түзүлгөн дейт. Б. з. ч. экинчи миң жылдыктын аралыгында египет-семит силлабарийлеринде үндүүлөрдү белгилөө боюнча бир нече ирет аракет жасалса да, андан майнап чыккан эмес. Бул учурларда үндүүлөрдү окууда кошумча каражат катары фонетикалык индикаторлор колдонулган. Бирок, «в то время, как семиты употребляли так называемые matres lestionis лишь спорадически, как, например, при написании $m^a$-$l^a$-$k^a$-$t^i$-$y^i$ для $malakt^{\bar{\imath}}$ правил', греки пользовались ими систематически, в каждом слоге» (1982: 190).

Андан ары, редукция принцибин жолдоо менен алар көп кечикпей мындай жыйынтыкка келишти: «раз в написании $t^i$-$y^i$ второй знак представляет собой не слог $y^i$, а гласный i, то и первый знак должен означать не слог $t^i$, а согласный $t^i$» (1982: 191).

Ошентип, гректер батыш семиттик силлабарийлер белгилеринин формаларын толугу менен кабыл алып, үндүүлөрдүн системасын түзүштү, «которые, будучи присоединены к слоговым знакам, превратили их просто в знаки для согласных» (1982: 191). И. Е. Гельб ушинтип, гректер жазуунун биринчи алфавиттик системасын түзүштү, өз кезегинде семиттер гректерден үндүүлөр үчүн белгилерди колдонууну үйрөнүштү, натыйжада алар өздөрүнүн алфавитин түзүштү дейт.

Үндүүлөрдү белгилөө методу боюнча айырмаланып турган алфавиттин үч тиби бар.

I тип - грек, латын ж. б. алф. Үндүүлөр өзүнчө турган белгилер менен белгиленет.

II тип – арамей, еврей, араб ж.б. алф. Үндүүлөр өзүнчө турган диакритикалык белгилер (значки) менен белгиленет.

III тип – индия, эфиопия алф. Үндүүлөр белгилерге кошулуп кеткен диакритикалык белгилер менен же белгилердин ички модификациясынын жардамы аркылуу белгиленет (1982: 191).

Кийинки жыйырма беш кылымда алфавит бүткүл цивилизациялуу мамлекеттерди багындырды, дүйнөнүн булуң-бурчунда колдонулуп жатат. Жүздөгөн алфавиттер бар. Алар тышкы формасы боюнча айырмаланганы менен бардыгы бири калбай грек жазуусунда калыптанган принциптерге таянылган дейт И. Е. Гельб (1982: 191).

**И. Е. Гельб жазуулардын генезиси тууралуу.** Ошентип, И. Е. Гельб изилдөөлөрүн төмөнкүдөй жыйынтыктайт: Англичандар жана америкалыктар өздөрүнүн жазуусун «англисче» деп эсептешет, анткени ал англис тилин билдирүүчү каражат катары кызмат кылат. Бирок, аны «латынча» деп да аташат, анткени азыркы формасында бул жазуу «мало отличается от латинского письма, каким оно было две тысячи лет тому назад» (1982: 191). Ал эми латын алфавити грек алфавитинен өнүгүп чыккан, грек алфавити б.з.ч. экинчи миң жылдыктын ортосунда Сирияда жашаган байыркы семиттердин жазуусун ылайыкташтыруунун натыйжасы болуп эсептелет.

Жазуунун тарыхы андан ары байыркы замандарга барат. Семит жазуусу сырткы формасы боюнча оригиналдуу жана индивидуалдуу көрүнгөнү менен, анын структурасынын принциптери, египет силлабарийинин эле өзү. Египет силлабарийи египет жазуусунун бир бөлүгү, акыркы шумер, хетт, кытай ж.б. менен бирге байыркы чыгыш жазуу системасынын чоң бүлөсүнө кирет. Бул системалардын ичинен байыркы шумер жазуусу б. з. ч. 3000-жылдан баштап алардын жалпы бабасы (прародительница) болуп саналат (Гельб И. Е., 1982: 192).

Англис жазуусу, латын жазуусу сыяктуу эле, курамында белгилүү бир сөздүк белгилердин бар экендигине карабастан, алфавиттик болуп эсептелет. Ошондой эле элам силлабарийинде жана пехлеви алфавитинде сөздүк

белгилердин бир тобу бар. Хетт иероглификалык силлабарийи нормалдуу муундук белгилерден башка бир нече tra, ara тибиндеги белгилерди камтыйт. Бардык фонографиялык жазууларда, өзгөчө, кытай жазуусунда, башка бир шарттарда жазуунун семасиографиялык баскычына кире турган элементтер бар (1982: 193).

**И. Е. Гельбдин классификациясынын өзгөчөлүгү.** И. Е. Гельб өзүнүн эмгегинде жазууга чейинки семасиографиялык, андан соң сөздүк-муундук, муундук жана тамгалык (алфавиттик) баскычтардагы жазууларды талдап чыгып, башка окумуштуулардай жазууну формалдуу жана географиялык белгилерине карата бөлүштүрбөстөн, жазуунун ички принциптерине таянып классификациялаган (1982: 193). И. Е. Гельб үчүн жазуулардын сырткы формасы, мисалы, сүрөттүк жана сызыктуу экендиги же географиялык жайгашуусу боюнча туура келиши – экинчи пландагы маселе болгон.

Тил илиминде тилдер изолирующий баскычтан агглютинативдик, андан соң флективдик тилге карай өнүгүү тенденциясына ээ. Ал эми жеке бөлүктөрүн карасак, фонетикада каткалаң үнсүздөр аспирированныйга[30], аспирированный өз кезегинде жумшак үндүүлөргө өтүү тенденциясына ээ ж.б.

Ал эми жазуунун тарыхында бул принцип кандай? Жазуу өзүнүн эң жогорку өнүгүүсүндө, кайсы жазуудан чыкпасын, логография, силлабография жана алфавит сыяктуу баскычтарды өтүүсү зарыл, болгондо да дал ушул тартипте дейт И. Е. Гельб. Мына ушул себептен бир дагы жазуу, эгерде ал жогорку бардык баскычтарды басып өткөн башка системадан түз же кыйыр түрдө өздөштүрүлбөгөн болсо, дароо эле муундук жазуудан же алфавиттен башталбайт (1982: 194). Демек:

Логография--------силлабография-----------алфавит

Бирок айрым жазуулар өнүгүүнүн кайсы бир баскычында андан ары өнүкпөй, токтоп калышы мүмкүн. Мисалы, көптөгөн жазуулар логографиялык жана силлабографиялык жазуу баскычында токтоп калган.

И. Е. Гельб сөздүк жазуудан муундук жазуу, муундук жазуудан алфавиттин келип чыккандыгын бир жазуунун рамкасында, бир райондо кароо кыйын экендигин белгилейт. Логографиялык жазуудан муундук жазууга өнүгүү хетт иероглификасынан байкалат. Месопотам клинопись жана египет системасынын алгачкы этабында өнүгүүнүн силлабография багытындагы тенденция ачык байкалса, андан соң кылымдар бою абдан көп сандагы кошумча сөздүк белгилерге ашыкча чөмүлүшкөн (1982: 195).

**Жазуунун моногенези же полигенези тууралуу.** Белгилүү жети жазуу: шумер, протоэлам, протоинд, кытай, египет, крит жана хетт жазуулары - фонетикалык жазуулар. Ошондуктан айрым окумуштуулар Альфред Шмит жана Артур Унгнад аталган жазуулардын жаратылышы бир, анткени фонетизация деген маанилүү касиет дүйнөнүн ар түрдүү бурчунда көз карандысыз өз алдынча жарала калмак эмес деп эсептешет. И.Е.Гельб мындай пикирге макул эмес, албетте, нака жазуунун өнүгүшүндө фонетизация абдан маанилүү кадам, бирок мындай кадам бир гана жолу, бир жерде болгон деп эсептөөгө негиз жок. Анын үстүнө нака жазуунун эволюциясындагы эң маанилүү роль фонетизация принцибин ойлоп табууда эмес, ошол принципти системалоодо дейт И.Е.Гельб (1982: 204).

Байыркы чыгыш жазууларынын ичинен шумер жазуусу эң байыркы (б.з.ч. 3100-ж.) болуп эсептелет, андан бир аз кечирээк дешифровкаланбаган протоэлам жазуусунун биринчи үлгүлөрү байыркы Эламдын борборунда (Сузы) табылган. И. Е. Гельбдин пикири боюнча протоэлам жазуусунун өз алдынча жаралышы тууралуу айтуу кыйын. Элам Шумерге өтө жакын жайгашкан жана өзүнүн тарыхында маданий жактан батыш коңшусуна көз каранды болгон, ошондуктан протоэлам жазуусу шумер жазуусунун таасиринде жаралгандыгы шексиз (1982: 105).

И. Е. Гельбдин пикири боюнча протоинд жазуусу да, мүмкүн, өзүнүн жаратылышы боюнча месопотам таасиринде

рине милдеттүү. Анткени протоинда цивилизациясында цилиндр мөөрүнүн болгондугунун өзү Месопотамиядан маданий өздөштүрүү болгондугун айтып турат.

Кытай жазуусунун келип чыгышы Шан маданиятынын пайда болушу менен байланыштуу. Ал эми Шан маданиятынын жаратылышы тууралуу эки көз караш бар. Биринчиси, Шан маданияты жергиликтүү кыртышта өнүккөн, демек, аны мурунку маданияттардын табигый өнүгүшү деп эсептөөгө болот деген көз караш, экинчиси - Шан доорундагы өтө бийик маданияттын пайда болушу тышкы таасирлердин жыйынтыгы деген көз караш. Бирок кайсы жактан келгендиги тууралуу сөз жок.

Кытай жазуусунун түздөн-түз месопотам жазуусунан келип чыккандыгы тууралуу айрым окумуштуулардын божомолдору бар, бирок илимий жактан далилденген эмес.

Египет жазуусунун жаратылышы кандайча деген суроо туулат. И. Е. Гельб кийинки мезгилдердеги Египеттен жана Месопотамиядан табылган абдан көп салыштырма материалдар б.з.ч. 3000-жылдын тегерегинде египет жазуусу пайда болгон мезгилде, египет маданиятына месопотамдыктардын күчтүү таасири тийгендигин көрсөтүп турат дейт. Египетте Месопотамиядан импорттолуп келген цилинр мөөрлөрүнүн жана карапалардын болушу, ошондой эле карапа өндүрүшүнө жана кирпич имараттарына тийгизген күчтүү таасири – месопотам маданиятынын египет маданиятына алгачкы мезгилде көрүнүктүү из калтыргандыгын көрсөтүп турат (1982: 206).

А. Шарффтын изилдөөсү боюнча египеттик эң алгачкы жазуулардагы предметтерди билдирүүчү белгилердин формалары б.з.ч. 3000-жылы колдонулган предметтердин формаларына окшош. Бул, А. Шарффтын пикири боюнча, египет жазуусу б. з. ч. 3000-жылдын тегерегинде, т.а. Месопотамиянын таасири күчтүү болуп турганда пайда болгон. Булар египет жазуусунун месопотамдык таасирдин негизинде пайда болгон деген пикирди бышыктап турат (Китепте: Гельб И. Е., 1982: 207).

Эгей тобундагы жазууларга крит жазуусу өзүнүн Грецияга жана ага жанаша жайгашкан аралдарга тармактанышы менен, Фестск диск жазуусу, кипр-миной муундук жазуусу жана хетт иероглификалык жазуусу кирет. И. Е. Гельб белгилегендей, крит цивилизациясы бүткүл өзүнүн өнүгүүсүндө египеттик таасирдин астында болгон. Жаратылышы египеттик болгон табылгалар крит шаарынын ар кандай катмарларында кездешкен; дээрлик бардык крит хронологиясы «реконструируется почти исключительно на основании синхронизмов с привозными египетскими предметами, найденными в критских слоях» (1982: 207).

Б.з.ч. экинчи миң жылдыкта пайда болгон Хетт жазуусу кандайча пайда болгон? Хетт жазуусу б. з. ч. экинчи миң жылдыктын ортосунда таптакыр көз карандысыз өз алдынча жаралган деп айтууга болбойт, анткени ошол мезгилде Анатолия жазуулары бар эң жогорку цивилизациялар менен курчалып турган. И. Е. Гельб бул жазуулардын ичинен клинописти алып таштоо керек, анткени ал сүрөттүк жазуу болгон эмес дейт.

И. Е. Гельб 1931-жылы хетт иероглифтик жана крит жазууларынын жалпы жаратылышын далилдөө максатында таблица түзгөн, анда бул эки системанын кырктай белгилерин салыштырган. Крит жана хетт иероглификалык жазуусундагы көптөгөн сүрөттүк белгилер, ошондой эле дене мүчөлөрү, жаныбарлар же геометриялык фигуралар жазуунун дээрлик бардык пиктографиялык же иероглификалык системаларында кездешиши мүмкүн. Бирок, И. Е. Гельбдин пикири боюнча жазуунун сырткы формаларын эмес, ички мүнөздөмөлөрүн салыштыруу эң маанилүү. Ошондуктан, хетт жана крит иероглификалык жазуусундагы белгилердин формаларынын байланышын эске алып, ошондой эле хетт силлабарийи менен Б сызыктуу жазуусунун силлабарийи жана кипр силлабарийинин ортосундагы структуралык байланышты эске алып: «мы можем прийти к выводу, что все эти письменности каким-то образом связаны между собой, так что их возведе-

ние к общему источнику, находящемуся где-то в районе Эгейского моря, может считаться вполне оправданным» (1982: 208), - дейт И. Е. Гельб.

Байыркы чыгыш жазууларынын жети системасынын ичинен шумер жазуусу эң байыркы болуп эсептелет; бирок мунун өзү шумер жазуусу бардык жазуулардын прототиби болгон дегендик эмес. Моногенез маселесинин чечилиши үчүн башка далилдер керек.

**Жазуунун моногенези тууралуу. Жазуунун ички структуралык мүнөздөмөсүнүн маанилүүлүгү.** Моногенез маселесин чечүү жолунун бири - сырткы формаларды салыштыруу болуп саналат. Айрым окумуштуулар мындан көп жылдар мурун шумер жазуусунан кытай жазуусунун келип чыккандыгын алардагы белгилердин сырткы формасына карап далилдөөгө аракет кылышкан. Ушундай эле аракеттер башка тилдерге карата да жасалган. И. Е. Гельб мындай жол туура эмес деп эсептейт. Анткени жазуунун бардык оригиналдуу системасындагы белгилер сүрөттүк мүнөздө жана бизди курчап турган нерселерди сүрөттөө үчүн колдонулат. Ал эми дүйнө жүзүндө адамдар жана аларды курчап турган нерселер окшош белгилерге ээ, ошондуктан жазуу үчүн колдонулган сүрөттөрдө да абдан көп окшош белгилер болуу керек. Чындыгында эле, адамдар, алардын дене бөлүктөрү, жаныбарлар жана өсүмдүктөр, курал-жабдыктар жана курал-жарактар, имараттар жана курулуштар, асман, жер, суу жана от кайсы жерде сүрөт түрүндө тартылбасын, формасы боюнча көп жагынан окшош, анткени реалдуу турмушта алардын формалары чындыгында окшош. Ошондуктан бул белгилер үчүн жалпы булакты издөөнүн кереги жок деп эсептейт И. Е. Гельб (1982: 209).

И. Е. Гельбдин пикири боюнча сырткы формаларын салыштырууга караганда **ички структуралык мүнөздөмөлөрүн** (мисалы, **фонетизация жана вокализация)** салыштыруу маанилүүрөөк. Мына бул жерде да - өнүгүү ар кайсы жерде болсо да окшоштуктар болушу мүмкүн. И. Е. Гельб мисал катары төмөнкүдөй фактыны келти-

рет: «...ряд письменностей, созданных в примитивных обществах под стимулирующим влиянием белых, прошли через аналогичные процессы развития внутренних структурных характеристик, хотя эти письменности и развивались совершенно независимо друг от друга»(1982: 209).

Шумер жазуусу анын эң жөнөкөй булактарынан өнүккөн фонетикалык системасына чейин абдан узак жолду т.а., дээрлик беш кылымды басып өткөн. Ал эми башка байыркы чыгыш жазууларында кырдаал башкача болгон, мисалы, байыркы сакталып калган кытай жана хетт тексттеринде ички структуралык мүнөздөмөсү боюнча бир топ кийинки доорлордон көп деле айырмаланбаган өнүккөн фонетикалык система болгон. Египет жана крит жазууларынын өнүгүү доорлору да кыска болгон. Ал эми протоэлам жана протоинд жазуулары формалдуу көз караштан алганда да «...эти два письма сразу создают впечатление систем письма в собственном смысле слова»(1982: 209). И. Е. Гельбдин пикири боюнча бул фактылардын эки түшүндүрмөсү бар: бардык байыркы чыгыш жазууларынын шумер жазуусу сыяктуу мурунку узак тарыхы бар, же бул системалар түздөн-түз чет жердик таасирлердин негизинде тез өнүккөн.

**Стимулдаштырылган таасир.** И. Е. Гельб: «Наиболее плодотворным подходом к проблеме моногенеза письма является подход, опирающийся на предположение о стимулирующем влиянии, основанном на культурных контактах» (1982: 210), - дейт. Анын пикиринде бардык байыркы чыгыш системалары, шумердикинен башкасы, тыштан келген күчтүү маданий таасирдин негизинде пайда болгон, ошондой эле, бардык жети системанын жаратылышынын жалпылыгы тууралуу так маалыматтар жок болсо дагы, эң эле жок дегенде алардын бир бөлүгүнүн бир булактан келип чыккандыгы тууралуу ишенимдүү материалдар бар (1982: 210). И. Е. Гельб маданий байланыштар жана географиялык жакындыктар шумер, протоэлам жана протоинд системаларынын жаратылышы бир дегенге негиз берет, ушуну эле эгей группасына (крит

жана хетт жазууларын кошо) айтууга болот; ошондой эле египет жазуусунун крит жазуусуна тийгизген таасири жөнүндө айтууга болот дейт. Ал эми египет жазуусу месопотам таасири Египетте күчтүү болуп турган мезгилде жаралган. Кытай жазуусу Шан доорунда пайда болгон, ал эми бул мезгилде тышкы таасирлер абдан көп болгондуктан, көптөгөн окумуштуулар бул мезгилдеги маданиятты даяр түрүндө өздөштүрүлгөн деп эсептешет (Гельб И. Е., 1982: 210).

Ошентип, И. Е. Гельб жазуу, анын пайда болушун, өнүгүшүн, таралышын, бири-бирине тийгизген таасирлерин кеңири талдаган жана жазууну анын ички принциптерине таянып классификациялаган.

## И. Фридрих жазуунун тарыхы жөнүндө

И. Фридрих «Жазуунун тарыхы» аттуу эмгегинде (1966-жылы немец тилинде жарык көргөн) адамзат ойду берүүдө жөнөкөй сүрөт жазуудан муундук жана тыбыштык жазууга чейин татаал жана кыйын жолду басып өткөндүгүн белгилейт. Ал: «...путь от слова к слогу чрезвычайно труден ... творец письменности в большинстве случаев не осознает звук как элемент слова» (1979: 9), - деген. Бул пикирди коштоп, ал түгүл пиктографиядан идеографияга *(автордун идеографиялык жазуу деп бергени сакталды – Г.Ж.)* чейинки жол да татаал дейт И. М. Дьяконов аталган эмгектин кириш сөзүндө (1979: 9).

Пиктографиялык жазуудан идеографиялык жазууга өтүү үчүн ар бир сүрөт-символго белгилүү бир маани – муундук же фразалык - бекитилиши керек. Ошону менен катар эле идеографиялык жазууда айрым белгилер ар башкача түшүндүрүлүшү да мүмкүн. Идеографиялык жазуунун татаалдыгы эмнеде? Анда абстрактуу жана башка түшүнүктөрдү түздөн-түз тартылган сүрөттө берүү мүмкүн эмес. Мындай түшүнүктөр же абстракция менен ассоциацияланган конкреттүү предметтер менен, же өзгөчө шарттуу белгилер менен, же тыбыштык ребус ме-

нен берилген. Так ушул ребус принциби идеографиялык жазуунун мүмкүнчүлүктөрүн кеңири ачкан каражат болгон (Дьяконов И. М., Китепте: Фридрих И.,1979: 10).

Нака жазууга чейин мнемоникалык белгилер болгон, алар кеп бирдиктерине кирген эмес, маалыматтын жалпы мазмунун гана эске салган.

И. М. Дьяконов жазууда «фиксируется не только общий смысл сообщения, но и речь с грамматическими и словарными особенностями; сообщение фиксируется дословно» (1979: 10), - дейт. Ал чыныгы жазуунун (истинное письмо) төмөнкүдөй негизги түрлөрү бар экендигин белгилейт: сөздүк (логографиялык) жазуу, сөздүк-муундук, «муундук»(силлабикалык), тамгалык (алфавит).

Жазуунун өнүгүшү төмөнкүдөй стадияларды басып өткөн: пиктографиядан – идеографияга, андан – сөздүк (словесный) жазууга, андан кийин сөздүк-муундук жазууга, андан - «муундук» жазууга, андан – тыбыштык жазууга. Иш жүзүндө сөздүк (словесный) жазуу таза түрүндө берилген эмес; ошондой эле жазуу бардык жерде тыбыштык жазууга чейин өнүкпөй, сөздүк-муундун же муундук стадиясында токтоп калышы мүмкүн (И. М. Дьяконов, 1979: 10). И. М. Дьяконов сөздүк жазууга өтүүнүн татаалдыгы - адам мнемоникалык белгилерди кептин айрым элементтери болгон сөздөр менен байланыштыруу искусствосуна акырындык менен ээ боло баштагандыгында дейт.

Бирок **сөздүк жазуу өз алдынча алганда жазуунун өнүгүшүндөгү өтмө этап катары гана каралат** *(белгилеген – Г.Ж.).* Ал эми муундук-сөздүк системада болсо графемалар атайын сөздөрдүн ортосундагы грамматикалык мамилелерди билдирүүчү морфологиялык көрсөткүчтөрдү берүү үчүн да колдонулат (Дьяконов И.М., Китепте: Фридрих И., 1979:10).

И. Фридрих тилдин тарыхын изилдөөчүлөрдүн милдеттеринин бири – маанини берүүчү жазуу бара-бара кантип тыбыштык жазууга айлангандыгын аныктоо дейт (1979: 31). Окумуштуу жазуунун тарыхын изилдеп

жатып, ойлоп табуу жана мурастоонун (наследование) айырмачылыгына токтолот. Окумуштуунун пикиринде клинопись өзүнүн жеке мыйзам ченеми менен өнүккөн, т.а., ойлоп табылган. Ал эми латын жазуусу өз алдынча эмес, байыркы Италияда белгилүү болгон грек жазуусун тууроонун негизинде келип чыккан; ошон үчүн латын жазуусу өздөштүрүлгөн жазуу болуп саналат (1979: 31). Байыркы ойлоп табуучу адегенде эле тыбыштык жазууну түзгөн эмес, айрым алынган тыбыш, өзгөчө үнсүз тыбыш «не является ни легко выводимым, ни само собой разумеющимся. Следовательно, при изобретении письма алфавит не падает с неба» (1979: 32). Ал түгүл байыркы жазууну ойлоп табуучуга сөздү муундарга бөлүп, муундук жазууну түзүү да оңойго турган эмес.

**И. Фридрих буюмдук жазуу жөнүндө.** И. Фридрих цивилизациялуу *(автордо цивилизациялуу деп берилгени сакталды – Г. Ж.)* эмес адамдар колдонгон эң жөнөкөй каражаттарды азыркы илим «буюмдук жазуу» деп атайт дейт. «Буюмдук жазуу» маалыматты жазуу каражаттары менен берүүгө мүмкүнчүлүгү жок жерлерде колдонулат. Мисалы, Чыгыш Африкада масайлардын жоокерлеринин коомдогу ордун алардын калканындагы сүрөт, башка бир жерлерде - татуировка билдирип турат. Индеецтердин баш кийиминдеги куштун канаттарындагы боёктор жана оюктар алардын ээлеринин эрдиктери жөнүндө айтып турат. Тогодогу эве элинде кызыл-күрөң түстөгү жамынгычты кийүү – аза күтүүнү билдирет ж.б. (1979: 33).

И. Фридрих «буюмдук жазууга» түндүк америкалык индеецтердин *вампумдарын* киргизет, кур-вампум боолордон турат, аларга раковиналардан (вампум) араа менен оюлуп жасалган дисктер бекитилет (1979: 35). Мындай ар бир дисктин боёгу өзүнчө маанини: ак – бакыт, тынчтык, ак ниеттикти, кара – коркунучту жана душмандыкты, кызыл – согушту билдирет.

Буюмдук жазуунун дагы бир түрү, И. Фридрихтин пикири боюнча, *тактайча* (бирка). Аны Германияда карыздын көлөмүн жазуу үчүн колдонушкан. Тактайчага

керте кесилген белги түшүрүлгөндөн кийин, ал ортосунан бөлүнүп, бир бөлүгү кредиторго, экинчиси карыз алган кишиге берилген. Жыгач тактайчалар ар кандай башка максаттарда да Зеландияда (ата-бабалар жөнүндөгү маалыматтарды сактоо үчүн), Чыгыш Африкада (эненин жатынындагы баланын жаралышы жөнүндөгү маалыматтарды өспүрүмдөргө жеткирүү үчүн) колдонулган (1979: 36).

Эсеп-кысап жүргүзүү максатында түйүндүү жазуу (узловое письмо) да колдонулган. Бул качандыр бир кездерде Кытайда, бирок жазуу катары байыркы инктердин мамлекетинде (азыркы Перу) белгилүү болгон (Фридрих И., 1979: 36). Кипу – түйүндүү боолор байыркы Перуда статистикалык максаттарда колдонулган.

**Сүрөттүк-идеографиялык жазуу.** И. Фридрих «буюмдук жазуу» менен сүрөттүк жазуунун ортосундагы чек абдан ачык эмес дейт. Примитивдүү *(автордо примитивдүү деп берилгени сакталды – Г. Ж.)* адам үчүн «изображение вещи идентично самой вещи; предметное письмо и рисуночное в сущности одно и то же» (1979: 37). Бирок сүрөттүк жазуунун келип чыгышы менен маалымат буюмдан, предметтен ажырап, жазуу үчүн башка ар кандай материалга: таш, жыгач тактайча же кагазга түшүрүлө баштайт. Предметтиктин жоголушу, жазуу үчүн материалга өтүү, сөздүн тар маанисинде, жазууга өтүүдөгү маанилүү кадам дейт И. Фридрих.

Сүрөттүк жазуу маалыматтын башка формаларын да «жазма формага» айланта алат, мисалы, жаңсоо. Жаанын белгилүү бир жакты каратып тартылышы – багытты билдирет.

Сүрөттүк жазуунун живопись менен чеги бүдөмүк. Сүрөттө көргөн, кабылданган нерселер – көркөм-эстетикалык кыялдануунун, аңдап түшүнүүнүн объектиси болсо, сүрөттүк жазууда көркөмдүүлүк маанилүү эмес, бул учурда сүрөт – маалыматты берүүчү каражат гана. Примитивдүү жазуунун милдети – маалыматтын тыбыштык жагын эмес, маанисин берүү болуп эсептелет.

Бирок *тыбыштык ребустун* жардамы менен «возможна все же замена слова, не поддающегося изображению, на другое, изобразимое, имеющее такое же или сходное звучание, даже если между изображаемым и подразумеваемым отсутствуют какие-либо смысловые связи» (1979: 37). Мына ушундай алмаштыруу адамдын атын берүүдө да керек. И. Фридрих астектердин сүрөттүк жазуусун мисалга келтирет. Анда процесстер сүрөттөр менен берилет: жаа жана жебе – согушту, баш сөөк – өлүмдү, ыйлаган көздүн сүрөтү – жесирди билдирет. Мындай сүрөттүк-идеографиялык жазуулар ар кандай маалыматтарды берүүдө колдонулат (1979: 37).

Айрым идеографиялык жазууда ар кандай элементтер бириккен, «с одной стороны, изображение целых процессов одним рисунком, с другой стороны, рисунки для отдельных слов, правда, при этом отдельное слово заменяет целое предложение («мне нужно купить рис» и т. д.) (1979: 39-40).

**Идеографиялык жазуунун өзгөчө түрү – тамгалар.** И. Фридрих идеографиялык жазуунун өзгөчө түрү – тамгалар болуп эсептелет дейт. Алар көчмөн элдерде кеңири таралган, тамга аркылуу малдын ээсин, турмуш-тиричилик буюмдарынын кимдерге тиешелүү экендигин билүүгө болот. Тамгалар малдын кулактарына, териге коюлат, предметтерге тартылат же оюлат. И.Фридрих аларды бардык цивилизациялуу эмес элдер колдонушкандыгын белгилейт. Байыркы Чыгышта, вавилондуктарда, хеттерде болгондугун жазма булактар далилдейт. Анын арасында Кичи Азияда колдонулган сүрөттөр да бар. И. Фридрих Европада, мисалы, Германиянын чыгыш жээктеринде азыркы мезгилге чейин үй белгилери катары сакталып калгандыгын маалымдайт. Фёр аралындагы белгилер да жакшы белгилүү.

**Жазуунун андан ары өнүгүшү.** Буюмдук жазуу жана сүрөттүк жазуу сөздүн нака маанисинде жазуу эмес дейт И. Фридрих, «это только предыстория развития письма,

ибо с их помощью можно выразить лишь обший с м ы с л сообщения, а не его точное з в у ч а н и е. О собственно письме можно говорить лишь там, где сообщение может быть передано пословно; неважно, какими средствами – с помощью ли *словесного, слогового* или *звукового письма*» (1979: 41-42).

**Идеографиялык жазууда** аздыр-көптүр татаал ой бир сүрөттүк белги менен берилерин айтып, бул ой сүйлөмгө туура келиши мүмкүн, бирок сөзсүз эмес дейт И. Фридрих. Ойдун мазмуну сөздөрдүн так угулушу боюнча эмес, жалпы жонунан, мааниси боюнча аныкталат. Мындай жазууну окуу үчүн билимдин кереги жок, анткени сүрөттөрдөн эле белгилүү бир даражада жалпы маани түшүнүктүү болот.

**Сөздүк жазуу.** Сөздүк жазууда ар бир сөз өзгөчө сүрөттүк белги менен берилет. Бул мурунку идеографиялык жазууга караганда алдыга карай маанилүү кадам катары эсептелет. Сөздүк жазуу кептеги жалпы маанини билдирбейт, «а фиксирует сказанное пословно» (1979: 43).

Сөздүк жазууда да ар кандай кыйынчылыктар кезигет. Сүрөттүн жардамы менен аң-сезим конкреттүү түрдө кабылдаган нерселер оңой эле берилет, ал эми этиштик «уруу», «тамактануу», «учуу», «ыйлоо» деген түшүнүктөр уруп жаткан же тамакты сугунуп жаткан адамдын, учуп бараткан чымчыктын же көздөн тамчылаган жаштын сүрөтү менен берилет. Ушуну менен бирге кээде жөнөкөйлүк үчүн бүтүндүн ордуна бөлүгү, эгерде бул бөлүк бардык түшүнүктү бере алса (мисалы, буканын башы - бодо малды, *vulva* – аялды), берилген. Ал эми «жаш-курак», «салкын», «башкаруу», «сүйлөө» деген түшүнүктөр кандайча берилген? Мындай учурда бөлүк бүтүндүн ордуна берилген, мисалы, «башкаруу» – скипетрдин[31] сүрөтү менен, «сүйлөө» – колун оозуна алып бараткан сүрөт менен, «басуу» - шилтенген эки бут менен, «угуу» – кулактын сүрөтү менен берилген (1979: 43).

Бирок бул жерде сөздүн угулушу, тыбыштык жагы берилбейт. Ал эми жеке адам аттарын кантип берүү ке-

рек? Мындай учурда тыбыштык ребуска кайрылышат, «когда вместо трудно изобразимго с помощью рисунка понятия рисуют с х о ж е е по з в у ч а н и ю, но п р е д м е т н о н е р о д с т в е н н о е п о н я т и е» (1979:44).

Тилдик ребустун бул түрү абдан кеңири жайылган жана ал жазуунун калыптанышынын алгачкы этаптарында колдонулган. Ал буюмдук жазууда жана жазуунун өнүгүүсүнүн алгачкы этаптарындагы бардык примитивдүү жазууларда кездешет.

Ошентип, үч элемент – сезүү менен кабылданган нерсени бүтүн сүрөт же анын бөлүгү менен берүү, сезим менен кабылданбаганды (абстрактуу) символдор менен берүү, угулушун тыбыштык ребус менен берүү – Жер шарынын кайсы райондорунда болбосун жазуу системаларында жана ар түрдүү тарыхый доорлордо байкалат дейт И. Фридрих (1979: 44).

И. Фридрих *сүрөт – символ – тыбыштык ребус* талданбашы керек деп эсептейт. Тыбыштык ребусту эң кийинки этап катары дагы кароо туура эмес, анткени жазуунун калыптануу процессинде жогоруда аталган үч элементти тең байкоого болот. Өзгөчө тыбыштык ребус жазуунун алгачкы этаптарында эле, ал түгүл ага чейинки стадияларында (буюмдук жана идеографиялык жазууда) кездешет (Фридрих И., 1979: 45).

И. Фридрих: «Звуковой ребус – первый шаг к фонетической организации письма, которая стала у нас господствующим принципом» (1979: 45), - дейт. Бирок жазуунун башталышында жазуу тилдин тыбыштык жагын берүүдөн абдан эле алыс болучу, сөз өзүнө окшош тыбыштык сөз менен алмашканча, сөздүн тыбыштарга ажырашы болгон эмес.

Сөздөн кийинки кичине тыбыштык бирдик – бул муун. Муун – абстрактуу жана ал сөздүн көрсөтмөлүү бөлүгү эмес, ал өз алдынча жашаган образдуу сөз эмес. «Открытие «слога» – явление, отнюдь не само собой разумеющееся во всех языках, потому что эта абстрактная

и не обладающая наглядностью составная часть слова, особенно в длинных словах, не имеет для говорящего и пишущего значения чего-то самостоятельно существующего, как, например, наглядное, образное слово» (1979: 45), - дейт М. Фридрих.

Муундук жазуу бир муундуу сөздөрү көп тилде ишке ашат, муун үчүн белгилер колдонулат. Бирок бир муундуу жазуунун пайда болушу менен бардык сөздөр муундарга бөлүнүп жазыла баштады деп айтууга болбойт, жалаң муундук белгилерге муктаждык айрым учурларда гана (энчилүү аттарды жазуу керек болгондо) болот, калган учурларда сөздөрдү жазуу көнүмүш эреже менен жана аралаш сөздүк-муундук жазуу аркылуу ишке ашат. И. Фридрих клинопись жазуусу идеограммалар менен муундук белгилердин кошулмасы экендигин белгилеп, «так поступают японцы, ползуясь как китайскими словесными, так и японскими слоговыми знаками»(1979: 46), - дейт.

И. Фридрих сөздүк жазуудан тыбыштык жазууга, «сүрөттөн тамгага» өткөн жол, К. Зете өзүнүн эмгегинде белгилегендей, жөнөкөй жана түз эмес дейт. Жазуу белгилеринин тышкы формасынын өзгөрүшү оңой жана тез болгону менен, анын ички формасынын мазмундук жагы «в меньшей степени подвержена изменениям и менее ощутима»(1979:47).

Ошентип, И. Фридрих жазуунун өнүгүшүнө кеңири талдоо жүргүзгөн.

**Байыркы Чыгышта эки алгачкы жазуунун пайда болушу.** Байыркы Жакынкы Чыгыш дүйнөгө алгачкы жазууну – клинописти жана египеттик иероглификаны берди. Андан тышкары Жакынкы Чыгышта семиттик тамгалык жазуу пайда болгон, адегенде анча жетик эмес, анткени ал жалаң үнсүздөрдү гана каттаган, бирок кийин өркүндөтүлгөн, үндүүлөр кошулган жана грек, латын жазуусу түрүндө бүт дүйнө жүзүнүн көп бөлүгүнө тараган. И. Фридрих: «При этом следует учесть, что высоко и многосторонне развитая Европа в деле изобретения пись-

менности оказалась по сравнению с Древним Востоком совершенно неоригинальной и пассивной. Европа не создала *первичных письменностей,* но лишь *письменности вторичные,* следовавшие уже существовавшим образцам» *(курсив автордуку – Г.Ж.)* (1979: 48), - дейт.

Жазууну тарыхый сыпаттоодо эң биринчи мына ушул байыркы Жакынкы Чыгыштын эки алгачкы жазуусун – клинописти жана египеттик жазууну кароо керек. Клинопись жазуусу алда канча байыркы болгонуна карабастан, И. Фридрих адегенде египет жазуусун сыпаттоодон баштайт, анткени египеттик жазуунун ачык жана көрсөтмөлүү сүрөттүк жазылышы клинопись жазууларына караганда окурманга көбүрөөк маалымат бере алат (1979: 49).

**1. Египет жазуусу.** Азыркы илимде көбүнчө египеттиктер аралашкан эл экендиги, бул аралашууга африкалык жана семиттик элементтер катышкандыгы айтылып келет. Адегенде б.з.ч. III миң жылдыктын башында эки бөлөк мамлекет бир падышачылыкка бириккен. Ушул биримдикке байланыштуу Египетте жазуу келип чыккан. Анткени Месопотамиянын Египетке тийгизген ар кандай маданий таасирлери ушул мезгилге таандык. Көптөгөн окумуштуулар, болгондо да египтологдор, анын ичинде А. Шарф (Шарф А., 1942, п. 3) дагы бар, месопотам жазуулары египеттик жазуунун келип чыгышына таасирин тийгизген болушу мүмкүн деп эсептешет. Бирок И.Фридрих буга так далилдер жок, ошондуктан египет жазуусу өз алдынча пайда болгон жазуу деп эсептейт (1979: 49).

Египеттиктер биринчи болуп папирустун ныкталган сабагынан кагаз жасашкан. Ошондуктан азыркы бир катар тилдерде кагаздын аттары ушундай (нем. *Papier,* англ. *paper,* фр. *papier ж.б.*) аталат. Ал эми жазуу куралы катары тростниктен жасалган калем кызмат кылган.

**Жазуунун тышкы формасы.** Египет жазуусунун белгилери сүрөттүк кейипте (обликте) болгон. Ушул сүрөттүк кейип байыркы мезгилден дээрлик кийинки мезгилге

чейин (болжол менен III – IV кк.) монументалдык жазууда гана өзгөрүлбөстөн сакталган. Египеттик жазуунун мына ушундай формасы чет элдиктер тарабынан анын мүнөздүү белгиси катары кабылданат. Ал эми күндөлүк колдонууда, ошондой эле китептерде белгилердин формалары жымсалданып, белгилер жазууда өзүнүн алгачкы сүрөттүк мүнөзүн жоготуп, тышкы көрүнүшү боюнча тамгалык жазылышка ээ боло баштайт. И. Фридрих: «*Рисуночное монументальное письмо* и *курсивная скоропись* соотносятся примерно, как у нас печатный шрифт и рукописный» (1979: 50), - дейт. Египеттик жазуу белгилери беш жүздөн ашыгыраак болуп эсептелет.

Гректер египет жазуусун ыйык жазуу катары эсептешкен. Ошондуктан Геродот аны «ыйык жазуулар» деп, ал эми Климент Александрийский «оюлган ыйык жазуулар» (свяшенные вырезанные знаки) деп атаган. Б.з.ч. III миң жылдыктын аягында египет иероглификасы «претерпела известное скорописное упрощение, которое, однако, не мешало легко узнавать рисуночные начертания» (1979: 50).

Андан кийин жазуу андан да жылмаланган түргө келген, белгилердин байыркы сүрөттүк кейпи (облиги) сейрек кездеше баштаган. *Бул жазуу иератикалык жазуу*[32] деп аталган (Фридрих И., 1979: 50).

Б.з.ч. II миң жылдыктын ортосунда китептик жазуу өзүнүн өнүгүүсүнүн эң жогорку чегине жеткен. Кийинки кылымдарда белгилердин формалары андан ары да жөнөкөйлөшө берген.

Б.з.ч. VII кылымдан баштап күндөлүк турмушта «употребляется чрезвычайно беглая форма письма, напоминающая нашу стенографию, которую вслед за Геродотом стали именовать *демотическим письмом*». Бул жазуунун өтө жөнөкөйлөшкөн белгилери лигатура[33] менен биригип, айрым сөздөр стенографиялык кыскартуу түрүнө келип, алар анын составдык элементтери боюнча эмес, сөздүк белгини билдирген бир бүтүн катары үйрөнүлүшү керек болгон (Фридрих И., 1979: 50).

И.Фридрих демотикалык жазуу менен кошо эле иератикалык жазуу да колдонулган дейт. Эң кийинки иератикалык текст б.з. III к. мумиени жапкан жамынчыга («на пелене мумии») жазылган.

Египеттиктер солдон оңго сейрек жазышкан, египеттик жазуу семит жазуусундагыдай адатта горизонталдуу багытта оңдон солго, же вертикалдуу багытта жогортон төмөн, болгондо да саптар биринин артынан бири оңдон солго карай жазылган.

Биздин замандын биринчи кылымдарында бирин-экин египет тексттерин грек тамгалары менен жазуу аракеттери болгон, III кылымда христиан дининин жайылышы грек тилинин жеңишин камсыз кылган. Египеттик жазуунун орто кылымдагы формасы (копт тили) грек тилинде болгон.

**Египеттик жазуунун ички формасы.** И. Фридрих египеттик жазуу белгилеринин үч түрүн бөлүп берет. Алар – сөздүк жазуулар, фонетикалык белгилер жана детерминативдер[34].

*Сөздүк белгилер* конкреттүү жандуу нерселер жана предметтерди билдирген түшүнүктөрдү сүрөттөрдүн жардамы менен билдирет. Изилдөөчүлөр «сөздүк белги» дегендин ордуна идеограмма (же логограмма) деген терминди колдонушкан. Сезим менен кабыл алынуучу жандуу нерселер жана предметтер менен катар эле сезим менен кабыл алынуучу кыймыл-аракет да, б.а. этиштик түшүнүктөр да бар. Алар үчүн да анын айтылышын эске албастан сөздүк белгилер колдонулат (1979: 52).

*Тыбыштык белгилер* фонограмма деп аталып, египеттик жазууда ар түрдүү болот. И. Фридрих: «Целое слово может заменять другое слово исходя из звучания, как если бы мы по-русски изобразили косу как орудие труда, нарисовав женскую косу, или глагол *печь* – нарисовав отопительную печь и т.д.» (1979: 52), - дейт. Ушуну менен бирге үнсүздөрдүн ортосунда турган үндүүлөр таптакыр эсепке алынбайт. Ал эми кыска сөздөр үчүн

сүрөттөр узун сөздөрдүн бөлүгү катары келет. Мисалы, *mśd̲r* ‘ухо’ деген сөз мындайча түзүлөт: *mś* ‘хвост’ + *d̲r* ‘корзина’= *mśd̲r* (1979: 52).

Окумуштуу бир топ мисалдарды келтирип, мындай фонетикалык комплекстер кээде бир, ал эми айрым учурда бир нече муунга туура келерин, айрым, өзгөчө кыска сөздөрдө бир гана үнсүз болорун, бул бизге консонанттык алфавиттин белгилери катары көрүнөрүн маалымдайт. Ал эми египеттик адам үчүн бул - кыска сөздөр жана ал айрым муундарды берүү үчүн кызмат кылат. Сөздөрдү тыбыштык жазууда ар түрдүү аралашма байкалат: бир же бир нече үнсүздүн белгилери идеограммалар менен дайыма алмашып турат (1979: 52).

*Детерминанттар* «үнү жок» («немые»), т.а., угулушу бирдей сөздөрдүн ар башка маанисин ачып берет. И. Фридрих төмөнкүдөй мисалдарды келтирет: угулушу бирдей *jb* ‘улак’ жана *jb*(*j*) (суусоо) деген сөздөр *j* жана *b* үнсүздөрү менен окшош жазылат, аларды айырмалоо үчүн биринчисинен кийин секирип жаткан улактын белгиси детеминатив катары берилет, экинчисинин алдына – колун оозунун түбүндө кармаган адамдын белгиси берилет.

Ошентип, И. Фридрих египеттик жазуу ар кандай милдеттердеги белгилердин татаал аралашмасы дейт (1979: 53).

**Египет жазуусунун өнүгүшү.** З.Шоттун маалыматы боюнча байыркы египет тексттеринин көпчүлүгү саясий окуялар жөнүндө абдан кыска маалыматтарды камтыйт. Байыркы жазууларда идеографиялык жазуулардын да элементтери бар. Буга Нар-Мердин палеткасы мисал боло алат. Бул тууралуу И. Фридрих мындай дейт: «...уже в этом древнейшем тексте наряду с понятийным письмом присутствуют фонетические словесные знаки и детерминатив» (1979: 54).

Демек, байыркы египет жазуусунун өнүгүшүндө «Все эти элементы не в в о д и л и с ь  о д и н  з а  д р у г и м, а  с о с у щ е с т в о в а л и уже в древнейшей письменнос-

ти, пересекаясь друг с другом и с понятийным письмом» (1979: 55). Эң маанилүүсү - египеттик жазуунун эрте, түшүнүктүк этабында эле фонетикалык элементтин кеңири орун алгандыгы болуп эсептелет. Ошентип, египеттик жазуу өзүнүн жаралышында эле жазуунун өнүгүшүндөгү бардык элементтерди камтыган.

**2. Клинопись жазуусу.** Евфрат менен Тигрдин ортосундагы түштүк Двуречьеде *(китептегидей берилди – Г. Ж.)* б.з.ч. IV жана III миң жылдыктын чегинде узакка созулган тарыхка чейинки өнүгүүнүн жыйынтыгында эң жогорку цивилизация, б.а. адамзаттын тарыхындагы эң байыркы маданият жаралган. Бул мурастын бир бөлүгүн Уруктан (азыркы Варка), ошондой эле Джемдет-Наср жана Фардан табылган эстеликтер түзөт. Бул месопотам жазуусун анын эң кийинки түрүнө карап клинопись[35] деп аташат. Сырткы көрүнүшү жагынан ал египет жазуусунан айырмаланат. Жазуунун материалы катары кагаздын ордуна чопо тактайчалар колдонулган. Жазуу адегенде жумшак чопого жыгач калемче менен жазылып, андан соң, ал кургатылган же бышырылган. Мындай чопо тактайча Вавилондон Алдыңкы Азияга чейин тараган.

**Жазуунун сырткы формасы.** Месопотам жазуусу эрте пайда болгону менен баары бир чопого жазуунун негизинде жаралган туунду жазуу деп эсептейт И. Фридрих. Месопотам жазуусунун эң байыркы түрү шынаага окшогон элементтери жок сүрөттүк кейипте (обликте) эле болгон, ошону менен ал египеттиктердин жана башка элдердин сүрөттүк жазууларынан айырмаланган эмес.

И. Фридрихтин маалыматы боюнча байыркы шумер жазуусу Двуречье шумерлери тарабынан келип чыккан, алар аталган районду маданиятын өнүктүрүшкөн. Б. з. ч. III миң жылдыктын ортосунда маданияты жана аны менен кошо жазууну бул жакка келишкен вавилондуктарга, же азыркыча айтканда семит бүлөсүндө сүйлөгөн аккаддыктарга өткөрүп беришкен. И. Фридрих: «К моменту передачи письмо успело уже в значительной сте-

пени приобрести столь характерный для него в дальнейшем клинообразный облик» (1979: 61), - дейт.

Албетте, шумерлер, аккаддыктар жана башка алдыңкы азиялык элдер тарабынан колдонулган бул жазуу убакыттын өтүшү менен сырткы формасы боюнча өзгөрүүгө учураган.

Байыркы Двуречье шумерлеринин жазуусу египет жазуусунан айырмалуу болгон. Шумер жазуусу адегенде тарыхый маалыматтарды каттабастан, жөн гана чарбалык эсеп-кысап берүү максатында колдонулган. Ошондуктан байыркы тактайчалар чоң эмес жана мазмуну кыска болгон. Бирок кийин чоңоюп, ал биринин артынан бири солдон оңго горизонталдуу жана вертикалдуу сызыктар менен айрым графаларга бөлүнүп жазыла баштаган. Качан тактайчалар вертикалдуу сызыктар аркылуу тилкелерге бөлүнгөндө, белгилер жогортон төмөн карай жазылган, тилкелер биринин артынан бири келип, алдыңкы бетинде оңдон солго, арткы бетинде солдон оңго бөлүнгөн (1979: 62-63).

Кийин, тактайчалардын көлөмү чоңойгондо, «последние при письме стали держать под прямым углом к оси тела пишущего. При этом табличку приходилось поварачивать на 90° влево, так что край, первоначально бывший правым, становился верхним, а первоначально верхний край – левым» (1979: 63). Ошону менен жазуунун багыты өзгөргөн: оңдон солго биринин артынан бири келген вертикалдуу тилкечелерден горизонталдуу саптар менен ошол эле ырааттуулукта белгилер жаралган. Алгачкы сүрөттүк мүнөз жазуунун графикалык өнүгүү процессинде жоголуп, белгилердин жазылышы да 90° өзгөрүлүп, эми оңго эмес, жогору жакка багытталат. Мына ушул бурулуш байыркы сүрөттүк белгилер менен андан бир топ кийинки шынаа образындагы жазууну салыштырууда эске алынышы керек дейт И. Фридрих (1979: 63).

Алгачкы жазуу белгилери азыркы изилдөөчүлөр тарабынан болжол менен 2000 (1979-жылкы эсеп боюнча)

деп эсептелет, бул эсеп байыркы доордун чегинде 900-800гө кыскарган, ал эми кийинки мезгилдеги клинопись болжол менен 350-400 белгини камтыган (Фридрих И., 1979: 63).

**Шумер жазуусунун ички формасы.** Ички формасы жагынан шумер клинописи египет жазуусу менен окшош, ал дагы сөздүк белгилерди, фонетикалык белгилерди жана детерминативдерди камтыйт. Сөздүк белгилер, египет жазуусундай эле, жандуу нерселердин жана предметтердин белгилерин (угулушун эске албастан) билдирет жана идеограмма (же логограмма) деп аталат. Фонетикалык белгилер фонограмма деп аталат жана алар египет жазуусундагыдай белгисиз болбостон, ачык-айкын муундар болот, б.а. бир үнсүз, же үнсүз+үндүү, же үндүү+үнсүз, же үнсүз+үндүү+ үнсүз (1079: 63).

Байыркы Урук IV, И. Фридрихтин пикири боюнча, негизинен сөздүк жазуу болуп эсептелет. Бул жерде ар бир белги сөздүн маанисин (угулушун эмес) билдирип, идеограмма болуп эсептелет. Мында өзгөчө жандуу нерселер, предметтер сүрөттөр менен, мисалы, падыша, баш, кол, балык, тростник, жаа, корабль ж.б. менен берилген. Абстрактуу предметтер өтмө маанидеги белгилерди, мисалы, суу – толкундуу сызык, жылдыз – асман, күн – күн (день), ооз – сүйлөө, бут – басуу, туруу деген түшүнүктөрдү ж.б. билдирген (1979: 64). Ал эми берүүгө кыйын түшүнүктөр бир нече белгилердин айкалышы менен берилген.

Кийинки Урук III байыркы катмарында Джемдет-Наср тексттеринде фонетикалык элементтер көрүнүп турат. Мында шумерлер башка элдердей эле сүрөт менен бере албаган сөздүн мааниси башка, бирок угулушу бирдей сөздөрдү колдонушкан. Мисалы, ti ‘жаа’ ti же til ‘жашоо’ деп колдонулган. Адегенде бир сөздүн белгиси экинчи сөздүн ордуна (бул көбүнчө бир муундуу сөздөрдө) колдонулган. Көп маанилүү сөздөрдө ошол сөздүн алдына детерминатив берилген (1979: 64). Ошентип, Байыркы

Чыгыш жашоочулары сөздүк белгилер, муундук белгилер жана детерминативдерди катыштыруу менен ар кандай маалыматтарды жазуу түрүндө так каттай алышкан.

## Жазуунун өнүгүшү француз тилинде Жазуунун келип чыгышынын себептери жана доору (б. з. ч. VI-I миң жылдык). Месопотамия. Шумер жазуусу

Миллиондогон жылдар адамдар жашап келгенине карабастан, алардын жазмасы кийин эле пайда болгондугу тууралуу Этьембль мындай дейт: «В то время как люди рождаются и умирают вот уже миллион лет, пишут они всего лишь шесть тысяч лет» (Жорж Жан, 2005).

«История началась в Шумере 5000 лет тому назад», - деп айтылат француз лингвистикасы жана семиологиясы боюнча профессор Жорж Жандын эмгегинин баш сөзүндө. «Эки суунун ортосундагы» мамлекетте, Месопотамияда, адамдар жазууну ойлоп табышкан. Белгилер предметти билдирбестен, алардын аттарын билдире баштаган. Дүйнөдө бардык жерлерде адамдар өздөрүнүн тарыхын жаза башташкан: «с помощью стилоса, стерня, пера на камне, глине, папирусе и бумаге» (Жорж Жан, 2005: Баш сөзү). Ошентип, клинопись, египет иероглифи, араб каллиграфиясы, кытай идеограммалары аркылуу адамзат өзүнүн эң байыркы замандан берки тарыхын билет.

Жазуунун зарылдыктан улам келип чыккандыгы тууралуу француз лингвистикасы жана семиологиясы боюнча профессор Жорж Жан мындай деген: «Во все времена, когда нужно было сохранить мгновения, которые история стремительно уносит прочь, возникала настоятельная потребность в письменности» (Жорж Жан, 2005: 11).

Жорж Жан б.з.ч. 20 миң жыл мурун Ласко үңкүрүндө адамдар биринчи жолу сүрөттөрдү тартышкандыгын маалымдайт: «Понадобилось еще семнадцать тысячелетий, чтобы появилось одно из самых потрясающих достижений человека - письменность» (2005: 11). Эң бирин-

чи белгилерди койгон киши, ким болсо дагы, урпактарга өзүнүн турмушундагы окуялардын элесин калтыргысы келген дейт Жорж Жан.

Ондогон миң жыл бою адамдар сүрөттөрдүн, белгилердин, чиймелердин жардамы менен өз учурундагы маалыматтарды калтырып келишкен. Бирок жазуу качан пайда болот? Жазуу качан гана адамдар айтайын деген өз оюн иретке келтирилген белгилердин жана символдордун ырааттуу айкалышы аркылуу билдире алганда гана пайда болот (Жорж Жан, 2005: 12).

Жорж Жан мындай жазуу өзүнөн өзү эле пайда болбостугун, жазуунун келип чыгыш жолу ары узак жана татаал экендигин жана жазуунун тарыхы адамзаттын тарыхы менен тыгыз байланыштуулугун маалымдайт.

Алгач жазуунун келип чыгышы Месопотамия жергесинде, Тигр жана Евфраттын ортосундагы региондо башталган. Персид булуңунан Багдадга (азыркы Ирактын борбору) чейин созулган, Жакынкы Чыгышка жакын жайгашкан бул регион б.з.ч. VI кылымдан I кылымга чейинки аралыкта түштүгүндө Шумер, түндүгүндө Аккад менен менен бөлүнүп турган. Жорж Жандын маалыматы боюнча жанаша жайгашкан шумерлер менен аккаддыктар ар башка тилде сүйлөшкөн. Алардын абдан жогорку цивилизациясы болгон. Алар Вавилон сыяктуу шаардын айланасында, падышанын бийлиги астында жана кудайлардын колдоосу астында анча чоң эмес кыштак-кыштак болуп жашашкан. Жорж Жан: «Помимо «чиновников» царских дворов, священников и торговцев, **население состояло из крестьян и кочевников-скотоводов»** (2005: 12) *(белгилеген – Г.Ж.),* – дейт. Шумерлер өлкөсүндө, Урук шаарындагы храмдан табылган чопо тактайчалардагы биринчи жазууларды мына ушуну менен түшүндүрүүгө болот дейт Жорж Жан. Демек, шумер жазууларынын келип чыгышы аталган региондогу көчмөн малчылар жана дыйкандар менен байланыштырылат.

Мисалы: «Урук таблицалары» деп аталган эсеп-чот дептери дан салынган мешоктордун, малдын башынын

эсеп-чоту алынган храмдын чарбачылык китебине окшойт. Анда б.з.ч. IV миң жылдык деген дата коюлган. Ошентип, биринчи чопо тактайчалардагы жазуулар мешок-мешок эгиндин жана малдын эсебин алуу зарылдыгынан келип чыккан эсеп-кысап дептери катары пайда болгон. Анткени эсеп реестрин оозеки формада жүргүзүү мүмкүн эмес эле. Жазуунун ушул эң эле жөнөкөй себептен пайда болгондугун Жорж Жан белгилейт: «Благодаря этой весьма прозаической причине и родилась письменность» (Жорж Жан, 2005: 13).

Чопо тактайчалардагы жазуулар шумерлердин социалдык түзүлүшүнөн да кабар берген. Мисалы, тактайчалардагы жазуулардан шумерлердин Лагаштагы храмынын диний уюмуна 18 наабайчы, 31 пиво кайнатуучу, 7 кул, 1 темир уста кире тургандыгы белгилүү болгон. Ошону менен катар эле шумерлер акча, ал түгүл процентке ссуда ойлоп чыгарышкан (Жорж Жан, 2005: 13).

**Клинопись жазуусу. Өнүгүү этаптары.** Шумер мектептеринде, храмдарда табылган тактайчалардын бир жагында мугалим тарабынан берилген тапшырманын үлгүсү, экинчи жагында окуучунун аткарган иштеринин көчүрмөсү сакталып калган. Алар аркылуу клинопись жазуусунун өнүгүшүнүн ар кандай этаптарын көрүүгө болот. Алар кандай этаптар болгон?

**Биринчи клинопись жазуусу – пиктограммалар.** Биринчи клинопись жазуулары адистердин пикири боюнча «эс-акылдын жардамчысы» болгон. Алар абдан эле жөнөкөй сүрөттөр болгон. Мисалы, буканы билдирүү үчүн буканын башынын стилизацияланган сүрөтү, ал эми аялды сүрөттөө үчүн «лобковый треугольник с вульвой для обозначения женщины» колдонулган. Бул пиктограммалардын ар бири бир буюмду же жандыкты билдирген.

**Идеограммалардын пайда болушу. Пиктографо-идеографиялык жазуу.** Бир нече пиктограммалардын жардамы менен ойду, идеяны билдирүүгө болгон. Мисалы, эң эле жөнөкөй пиктограммага башка белгилер кошулган

же пиктограммалар башка пиктограммалар менен толукталган. Натыйжада, идеяны, ойду толук билдирүү мүмкүнчүлүгү түзүлгөн. Бул тууралуу Жорж Жан мындай дейт: «Ар кандай пиктограммалар менен ойду, идеяны билдирүүгө мүмкүн болгон, «идеограмма» деген термин ушундан улам келип чыккан» (Жорж Жан, 2005: 14).

Ошентип, пиктограммалардын жардамы менен бүтүндөй ойду билдирүүгө мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Бул идеограммалардын келип чыгышын шарттаган. Бирок алар пиктограммалардан айырмаланган, б.а., аларда сөз боло турган предметтин же жандыктын конкреттүү гана сүрөтү берилбестен, алардын кандайдыр бир белгиси алынып, ал башка пиктограммалар менен кошумчаланган. Мисалы: «Если к лобковому треугольнику добавляли знаки, обозначающие гору, то это значило, что речь идет об «иноземных женщинах», которые пришли из стран, лежащих по ту сторону гор, т.е. о рабынях» (Жорж Жан, 2005: 14). Мындай жазууда пиктографиялык жазуунун элементтери болгон. Муну пиктографо-идеографиялык жазуу деп атоого болот. Мындай «примитивдүү» пиктограммалардын саны болжол менен бир жарым миңге жеткен.

Кылымдар өткөн сайын пиктограммалар буюмдун же жандыктын сүрөтүн көрсөтпөстөн, контекстке карата маанини билдире баштаган жана идеограммалар менен жазыла баштаган.

**Клинопись жазуусу кандайча пайда болгон?** Жорж Жандын маалыматы боюнча б. з. ч. 2900-жылы жазууда болуп көрбөгөндөй эволюция болгон. «Примитивдүү» пиктограммалар жоголгон. Анткени дарыянын жээктеринде жана саздак жерлерде чопо жана тростник көп болгон. Адегенде жазгычтар чопо тактайчаларга тростниктен жасалган учтуу калем менен буюмдарды, жандыктарды, дегеле эмнени айткысы келсе, ошону түшүрүшкөн. Шумерлер жасаган калемдин аягы кыйшык (скошенный) болгон. Бул калем менен алар нымдуу чопого жазыш-

кан. Ал жазуулар мыкка жана шынаага окшош болгон. Тактайчадагы жазуулардан «примитивдүү» сүрөт пайда болгон жана ал «клинопись» деген аталышка ээ болгон. Аталган жазуу кылымдар өткөн сайын өзгөрүүлөргө учурап турган. Жыйынтыгында, «клинопись» жазуусу жалаң гана сүрөттөрдөн эмес, жазгычтар тарабынан иштелип чыккан атайын белгилердин тизмегинен турган.

**Клинопись жазуусунун жаратылышы.** Ар бир белги, контекстке жараша, ар түрдүү маанилерге ээ болгон. Мисалы, бут «басуу», «туруу», «алып келүү» ж.б. маанилерди билдирген. Мындай пиктограммалар белгилүү бир тартипте жайгашкан эмес, алар «бустрофедон»[36] методу менен горизонталдуу, вертикалдуу жайгашкан. Качан гана белгилер өзүнүн жеке маанилерине ээ болгондо алардын саны азая баштаган. Бара-бара алардын саны 600гө жеткен. Ошондой болсо да аларды эске тутуу жазгычтар үчүн бир топ кыйын болгон.

Нымдуу чоподон жасалып, күнгө же мешке кургатылган тактайчадагы белгилер кандайдыр бир буюмдарды же жандыктарды билдирген. Жазуунун андан аркы өнүгүшү оозеки кептеги тыбыштарды билдире баштаган.

Дегеле, бардык жазуунун негизин фонетика түзөт. Шумерлердин жана байыркы египеттиктердин табылгасы балдардын ребус оюнундай эле жөнөкөй болгон дейт Жорж Жан. Ал бул тууралуу: «Им пришло в голову пользоваться пиктограммой, обозначая не тот предмет, который она изображает, а другой, название которого звучит похоже. Шумерская пиктограмма стрелы «ти» означает «жизнь», которая тоже произносится как «ти» (Жорж Жан, 2005: 16). Бул абдан примитивдүү мисал, чындыгында бул абдан татаал жана узак процесс болгон. Пиктограммаларды окууну оңойлотуш үчүн шумерлик жазгычтар белги-классификаторлорду пайдаланышкан.

Бир мезгилде арабдардын жана еврейлердин семиттик бабалары аккаддыктар Месопотамияны бүт бойдон ээлеп турган. Алардын бийлиги абдан күчтүү болгон.

Б. з. ч. 2000-жылы өлкөдөгүлөр жалаң аккад тилинде гана сүйлөп калышкан.

Бул мезгилде клинопись жазуу катары абдан активдүү колдонулган. Клинопись жазуусу менен жалаң гана аккад тили эмес, ыйык жазуу болуп калган шумерлердин байыркы тили да жазылган. Ал б.з.ч. 1760-жылдан баштап өнүккөн Вавилон падышачылыгынын, андан соң түндүктөгү Ассирий падышачылыгынын да жазуусу болгон.

Ошентип, жөнөкөй гана эсеп-кысап алуудан келип чыккан жазуу акырындык менен Месопотамиянын жашоочулары үчүн эс-акылдын жардамчысы катары пайдаланылган, андан соң оозеки кепти каттоо үчүн, андан кийин карым-катнашуу, ойлонуу, ойду билдирүү үчүн кызмат кылган. Байыркы шумерлер, аккаддыктар, вавилондуктар жана ассириялыктар бири-бири менен жазуу аркылуу байланышкан, ал түгүл чоподон конверт да ойлоп чыгарышкан. Клинопись жазуусу өнүгүп, бул жазуу менен диний гимндер жана дубалар ж. б. («...молитва, тексты общения с богами и то, что принято называть литературой») жазылган.

Жорж Жандын маалыматы боюнча азыркы учурда дүйнөдө бир жарым миллион клинопись тексттери сакталуу жана жыл сайын археологдор тарабынан жүз миңдеген жаңы документтер табылып турат. Жорж Жан: **«Глиняная табличка, испещренная клинописными значками, могла бы служить таким же символом, каким для Эгипта являются пирамиды»** *(белгилеген – Г.Ж.)* (2005: 18), – дейт. Байыркы шумерлер «Гильгамеш жөнүндө эпосту» жазып калтырышкан, бул эпостун көп фрагменттери, өзгөчө Ассирийлик падыша Ашшурбанипаланын (б. з. ч. 669-627-жж.) китепканасында сакталгандары биздин күнгө чейин жетти.

Байыркы клинопись жазуусу аккад тилинен башка тилдерге, мисалы, Элам өлкөсүнүн (борбору Сузы, азыркы Ирандын территориясы) тилине да ылайыкташкан.

Бул тил жазуунун ыкмасы катары клинописти кабыл алган.

Клинопись хеттердин тилине да ылайыкташкан дейт Жорж Жан, бул Анатолиядагы эл (азыр Азиядагы Турциянын территориясы) б.з.ч. 1400-жылдан 1200-жылга чейин эң бай жана күчтүү цивилизацияга ээ болгон, аккад тилинен айырмаланган жаратылышы семиттик индоевропалык тилде сүйлөшкөн.

Адегенде өздөрүнүн шумерлердикинен айырмаланган оригиналдуу пиктограммаларын пайдаланышкан хеттер клинописти өздөрүнүн тилине ылайыкташтырышкан, ошондуктан клинопись бул региондун байыркы маданий облигин аныктап турат дейт Жорж Жан.

Ошентип, Жорж Жандын пикири боюнча б.з.ч. III жана I миң жылдыктын ортосунда Тигр менен Евфраттын ортосунда пайда болгон клинопись түштүккө – Палестинага, түндүккө – Арменияга тарап, натыйжада ханаанейжана урарт тилдеринин жазуу формасы болуп калган (2005: 23).

Жорж Жан бул жазуу башка тилдерге тарабаганда, адистер анын сырын чечмелей алышмак эмес дейт. Ошентип, бул мезгилде клинопись жазуусу бүт Месопотамияга, коңшу Египетке тараган, ал эми алыскы Кытайда жазуунун башка түрү пайда болгон жана өнүккөн.

## Египет жазуусу

Эгерде Шампольон жана башка эгиптологдор Нилдин өрөөндөрүн жана Нилдин куймасын каптаган сансыз монументтердеги байыркы египеттик иероглифтердин сырларын чечмелешпесе, байыркы Египеттин тарыхы белгисиз болмок. Шумерлер жана египеттиктер ошол бир эле региондо жашашкан жана алардын цивилизациясында көп окшоштуктар болгон. Азыркыга чейин окумуштуулар шумерлердин пиктограммалары менен египеттиктердин иероглифтеринин ортосундагы окшоштуктарды табууга аракет кылып келе жатышат.

«Иероглиф» (гр. «иерос» ыйык, «глиф» резьба) деген «ыйык сөз» дегенди билдирет. Иероглиф жазуусу бар биринчи документтер б. з. ч. III миң жылдыкка тиешелүү. Бирок, окумуштуулардын пикири боюнча, бул жазуу андан мурун эле пайда болгон. Кандай болгон күндө да ал жазуу болжол менен б.з.ч. 390-жылы, Египет римдиктердин бийлиги астында болгондо, анчалык деле өзгөрүүлөргө ээ болгон эмес дейт Жорж Жан. Египеттиктер, өздөрүнүн коңшусу шумерлерден айырмаланып, бардыгын чагылдыра алган графикалык системаны кабыл алышкан (2005: 27).

Эгерде Месопотамияда примитивдүү жазуулар акырындык менен эс-акылдын жардамчысы («помощник памяти»), андан соң жазуу болсо, ал эми иероглификалык система башынан баштап эле, т. а., биринчи жазуудан баштап эле нака жазуу болгон. Анткени ал аздыр-көптүр оозеки тил менен шайкеш келген. Аны биздин күнгө чейин сакталган кет тили боюнча кайра калыбына келтирүүгө болот, экинчиден, ал абстрактуу жана конкреттүү реалияларга багыт берет, куран окуу (молитва), уламыш, закондy жана адабиятты бардык формаларда чагылдыра алат.

Аталган жазуунун оргиналдуулугу жана татаалдыгы эмнеде? Бул жазуу белгилердин үч түрүнөн турат: **«пиктограммалардан,** б. а., предметтерди жана жандуу нерселерди чагылдырган стилизацияланган сүрөттөрдөн; идеяларды, фонограммаларды туюндуруу үчүн тыбышты билдирүүчү сүрөт түрүндөгү **белгилердин айкалышынан** (египеттиктер болжол менен байыркы шумерлер ребустарды түзүүдө колдонгон методдорду эле колдонушкан) жана дал ушул учурда кайсы предметтер же жандуу нерселер жөнүндө сөз болуп жаткандыгын билдирүүчү **детерминант-белгилерден** (Жорж Жан, 2005: 27-28).

Ошентип, Жорж Жан жазуунун келип чыгышына жана анын таралышына, примитивдүү пиктографиялык жазуудан баштап тыбыштык жазууга чейинки өнүгүүсүнө талдоо жүргүзгөн.

## Жазуунун изилдениши герман тилинде

**Рунология. Герман тилинде изилдениши.** Жазуунун герман тилинде изилденишине көз жүгүртөлү. Тил илиминде рунология өзүнүн категориялык, методологиялык аппараты жана өзүнө мүнөздүү традициялары менен 19-жүз жылдыктын экинчи жарымында пайда болгон. Рунологияны изилдөөчүлөрдүн катарында Людвиг Виммер дагы бар.

Рун жазуусу биздин бабаларыбыздын баалуу мурасы болуп эсептелет. XVII кылымдын аягындагы швед рейхсантиквар Олав Верелия руна жазуулары биздин бабаларыбыздын мыкты мурастарынын ичинен биринчи орунга татыктуу деген. Швецияда мындан 100 жыл мурун эле рундарды илимий жактан илиздөө иштери башталган эле (Хлевов А. А., Предисловие... 2002: 8).

А.А.Хлевов адегенде руна жазуулары бар таштар IV кылымдын чегине туура келет жана руна жазууларынын таралган аймагы Скандинавия деген пикир жашагандыгын маалымдайт. Айрым табылгалар (Березан ташы) викингилердин кечки доору (поздняя эпоха) менен байланыштырылган. Бирок 1997-жылы Крымда табылган IV кылым деген датасы бар таштагы рун жазуулары мурунку көз караштарды түп тамырынан бери өзгөрткөн.

Албетте, негизги версиялар автохтондук, «гректик», «римдик», «эторус-түндүкиталиийлик» («этрусско-североиталийская») – Э. Веберге чейин эле так баяндалган. Алар тууралуу Ричард Л. Морристин 1988-жылы Оденсте жарык көргөн «Руническая и Средиземноморская эпиграфика» деген монографиясы жакшы маалымат берет. Кийин жаңы маалымат булактары пайда болду, мисалы, атактуу рунолог Э. Мольтке б. з. ч. II-I кылымга таандык деп эсептелген Даниядан табылган фибулага чиймеленген (поцарапанная) ичке сызыктардын (штрихов) бүт баары рун жазуулары болушу мүмкүн дейт, эгерде мындай болсо, бул «сразу удревнит начало «археологической» руно-

логии не менее чем на два с половиной столетия» дейт А. А. Хлевов (Предисловие… 2008: 8).

**«Руна» эмнени түшүндүрөт?** Руна деген эмнени түшүндүрөт? *Raunen* (шыбыра) этиш сөзү «жашыруун сыр» дегенди туюндурат. Руна деген сөз менен биринчи жазма белгилер аталат. Э.Вебер «*raunen*» жана «*Runa*»(руна) менен тарыхый байланышкан «*runa*» деген герман зат атоочу б. з. VI кылымында жарыкка чыккан Библиянын гот котормосунда **«сыр»(тайна)** *(белгилеген – Г. Ж.)* деген мааниде берилгендигин маалымдайт. Э. Вебер ошондой эле: «В Евангелии от Марка, 4, 11 сказано: «Вам дано знать тайну (*runa*) Царствия Божия». В *run* = «таинственность», «тайный совет» и в *runa-wita*-«тайный советчик» древнеанглийской песни «Беовульф» (около 700 г.н.э.), в *runa* = «доверяю» или «тайное совещание» древнесаксонской песни «Хелианд» (около 830 г.н.э.), а также в древневерхненемецком *giruni* = «тайна» так или иначе содержится смысл слова «тайна», – дейт (Вебер Э., 2002: 18). Демек, *«руна»* деген сөз *«сыр»* деген маанини туюндурат.

Ошондой эле *руна* сөзүнүн жогорку мааниси менен катар эле Скандинавияда анын экинчи мааниси да кездешет. Мисалы, б.з. IV Норвегиядагы Эйнангдан табылган ташта мындай жазуу болгон: «*…dagastis runo faihido*». Мунун 1938-жылга тиешелүү түшүндүрмөсүндө мындай деп айтылат: «[Я Гу]-дагастис окрасил руны». Э. Вебер бул жерде «*runo*», албетте, **«жазма белгилер»***(белгилеген – Г.Ж.)* дегенди түшүндүрөт дейт.

Рундардын тамгалар катары колдонулушу 1873-жылы Рейн областына караштуу Кройцнахтагы Фрайлауберсхайм аялдар күмбөзүнөн табылган күмүш төөнөгүч-фибуладагы (застежка-фибула) жазуудан улам белгилүү болгон. Анда VI кылым деген дата коюлган, азыркы учурда Майнцтагы борбордук музейде сакталуу. Төөнөгүч-фибуланын бир жак бетинде эки сап жазуу бар, жогорку сабы «*Boso wreat runa*» деп окулат, анын котормосу: «Бозо начертал руну». Э. Вебер: «Единственное

число слова руна при этом следует отнести ко всей надписи», - дейт (2002: 18).

Калып алынган көз караш боюнча жазма белги катары келген терминдин мааниси *«сыр» (тайна)* деген мааниден келип чыккан. Мюлленхоффтон кийин окумуштуулар рунаны **«таинственный, нуждающийся в истолковании знак»** *(белгилеген – Г. Ж.)* деп эсептешкен. Окумуштуулар маанинин өзгөрүлүшү белгилердин өзгөрүшү менен коштолгон дешет. Мисалы, Тациттин «Германиясынын» 10-главасындагы маалымат боюнча германдыктардын бабалары жребий *(Э. Веберде жребий деп берилгени сакталды – Г. Ж.)* ыргытканда мындай ушундай белгилерге муктаж болушкан.

Жребийдеги рунанын толук атынын башкы тыбышы ылайыктуу ыр саптарын табуу үчүн кызмат кылган, белгилер өздөрү тыбыштарды билдирген тамгаларга чейин өнүгүп, маалыматты берүү үчүн колдонулушу мүмкүн болчу. Окумуштуулардын пикири боюнча рун жазуулары мына ушул жолду басып өтүшү толук мүмкүн, алгачкы рун жазууларын изилдеген окумуштуулардын пикири боюнча байыркы ирланддык *«рун»* сөзү «сыр» деген гана маанини билдирет. Ал эми тилдин тарыхы боюнча көз караштан алганда гот тилиндеги *«runa»(*тайна) жана скандинавиялык *«runo»* (тамга) эки башка сөздөн келип чыгышы мүмкүн дейт берлиндик Артур Хюбнерс.

Ошентип, айрым окумуштуулар жребийде коюлган «сыр» түшүнүгүнөн тамга деген түшүнүккө чейин жетет дешсе, дагы башкалар анын тескерисинче да болушу мүмкүн дешет. Марбург-на-Ланелик проф., д-р Карл Хелмс: «от понятия вырубленного знака через изречение на жребии прийти к понятию «тайна» (2002: 13), – дейт. XVII кылымда эле дат окумуштуусу Оле Ворм «руна» (жазма белги) деген сөздү скандинавиялык «*run*» (борозда, морщина, надрез) деген сөздөр менен түшүндүргүсү келген. Германиядагы илимий рунологиянын негиздөөчүсү Вильгельм Карл Гримм 1821-жылы «руна» сөзүнүн алгачкы мааниси «кесик, тилик»» («надрез»), «кертик, быдыр»

(«насечка») деген сөздөрдөн келип чыккан болуу керек деген. Ал «жазуу» («писать») дегенди билдирген *graphein* деген сөздүн байыркы мааниси «кертик кылуу» («делать насечки») [«зарубки»] дейт, ал эми бул сөздүн немец тилиндеги аналогу «*kerben*». Чындыгында, азыркы күнгө чейин чыгыш-фриз тилинде «*runen*» деген этиш бар, анын мааниси «кесүү» (резать) (бүгүнкү күнгө чейин липштадт диалектисинде колдонулат) (Вебер Э., 2002: 13).

Рунология руналарды рун эстеликтериндеги тыбыштарды билдирүүчү жазма белгилер катары гана караган. XX кылымдын башында гана айрым окумуштууларга руналар менен катар эле руналарга окшогон абдан көп белгилер байыркы герман материалдык маданиятында, мисалы, өрттөлгөн өлүктүн күлүн сактоо үчүн сала турган идиште (погребальная урна), курал-жарактарда табыла баштагандыгы ачык-айкын болгон.

Э. Вебер: «Подобные символы следует понимать не как знак, обозначающий звук, или как простой декоративный элемент, а как *Odals-руны* – вероятнее всего, как идеограммы» (2008: 14), - дейт. Руна боюнча скандинавиялык жана немец адистеринин көпчүлүгү бул белгилерге жазуу катары баа берүүдөн жана руна катары кабыл алуудан баш тартышат (2002: 14).

**Руналардын таралышы жана мезгили.** Рун эстеликтеринин таралышы чыгыштан батышка Волындан Ирланд деңизине чейин жана түштүктөн түндүккө Герцеговинадан Гренландияга чейинки аралыкка созулган. Эстеликтер эң кеминде 13 жүз жылдыкты ичине камтыйт. Ал эми археологиялык маалыматтар боюнча рун эстеликтеринин саны төрт миңге барат, ошондой эле алар улам жаңы табылгалар менен байып жатат (Вебер Э., 2002: 26).

Рун эстеликтердин саны герман уруулары жашаган жерлерде бирдей эмес. Э. Вебердин маалыматы боюнча Германиянын континенталдык областтарында – негизинен күмбөздөрдөн жана Голландияда *Terpen*, ал эми Түндүк Германияда *Warfen* же *Wurten* деп аталган Түндүк деңиздин жээктериндеги жасалма жол менен дополонгон

жашоо үчүн ылайыкталган дөбөлөрдөн кырктай табылгалар алынган. Мындай табылгалар (бир кезде, балким, кудайлар үчүн белек катары чөгөрүлгөн болуу керек деп болжолдонот) саздан да табылган. Ошондой эле Англияда кырктан ашык, Ирланд деңизиндеги Мэн аралында жыйырма жети, Норвегияда үч жүз алтымыш, эски Данияда – эки жүздөй, Швецияда эки миң беш жүздөн ашык табылган.

Байыркы Германиянын территориясынан байыркы эстеликтер: курал-жарак буюмдары, зер буюмдар, ар түрдүү инструменттер, амулеттер ж. б. табылган, бирок, Э. Вебер: «...здесь до сих пор не найдено ни одного камня с изображением рун» (Вебер Э., 2002: 26), – дейт. Ал эми Германиянын түндүгүндөгү табылгалар, тескерисинче, көбүнчө мына ушундай рун жазуулары бар таштар болуп эсептелет.

**Футарка. Б. з. 200-700-жж.** Байыркы грек тамгалары биринчи эки тамгасынын аталышы менен алфавит (*Alphabet*), ал эми латын – биринчи үч тамгасы менен абц (*Abc*) деп аталат. Мына ушул принцип боюнча герман тамгаларынын биринчи алты тамгасы «футарк» (*Futhark*) деп аталат, анткени ал *f-u-th-a-r-k* деп башталат.

Грек жана латын тамгаларынын катарлары жүз жыл бою туруктуу структура катары сакталса, футарк өзгөрүүгө учураган. Миңдеген жылда футарктардын бир кыйла катарлары пайда болгон.

Эң байыркы немец тамгаларынын катарлары *жалпы герман футаркасы* болуп эсептелет. Ал рун жазууларынын аталышынан жалпы герман областында жана жалпы герман тарыхый доорунда – б.з. 200-700-жылдарында пайда болгон. Жалпы герман рун катарлары 24 тамгадан турат жана алардын ырааттуулугу металл предметтердеги жана таштардагы, ошондой эле кол жазмалардагы түндүк жана түштүк алфавит жазууларынан алынган. Мындай табылгаларга V кылымдын башындагы Кюльвердеги (Готланд) предметтер; VI кылымдагы Вадстен жана Грум-

пандагы (экөө тең Швецияда) амулет катарында колдонулган штампталган алтын брактеаттар; Бургундиядагы Шарнэге жакын жерден табылган VI кылымдын аягында же VII кылымдын башына тиешелүү аламендик же франктык төөнөгүч-фибула; Босниядагы Брезага жакын жерде табылган VI жүз жылдыкка тишелүү таштан жасалган жарым колонна кирет.

Табылган эстеликтерде бир дагы толук футарка жок, мисалы, Кюльвердеги ташта биринчи тамганы кошумча штрихтер менен кошумчалоо керек; Вадстендеги брактеатта *D* белгисинин аягы илмек менен жабылган; Грумпандагы амулетте он бешинчи жана он алтынчы руналар жок ж.б. (Вебер Э., 2002: 16).

Швед тилчиси С.Агрелль Кюльвердеги таштардагы жазуулардын функционалдык милдеттери алфавиттин белгилүү бир өзгөрүүлөргө учурашына өбөлгө түзгөн деп болжолдойт. 24 тамганын он алтысы үнсүздөр, алтоо – үндүү, экөө – (*j, w*) – жарым үндүүлөр (полугласные). Жалпы герман футаркасынын андан аркы өнүгүшү үчүн кандай мүмкүнчүлүктөр ачылгандыгын байыркы *англис рун* катарлары айкындап турат. Айрым белгилердин сырткы түрүнүн өзгөрүшү менен тамгалардын саны өскөн, алар 28ге жеткен, кийин алардын саны 33 болгон (Вебер Э., 2002: 18).

Бул катарларды далилдөөчү мисал катары Темзадан табылган бычакты келтирүүгө болот, ал «скрамасакс из Темзы» деп аталган, анын мизинде күмүш зым менен инкрустацияланган рун катарлары болгон жана анда VIII кылым деген дата коюлган, ошондой эле бул мисалдарга X жана XI кылымдардагы немец жана англис тилиндеги кол жазмаларды кошууга болот.

**Руналардын формалары.** Э.Вебердин маалыматы боюнча рун жазууларында тик жана тар бурчтуу сызыктар колдонулган. Дегеле, Э.Вебер жыгачка кесип жазылган рун белгилерин түшүрүү көбүнчө урчуктуу формаларды колдонуу ыкмасы менен жасаларын белгилейт (Вебер Э., 2002: 45).

Бизге жеткен рун жазууларынын көпчүлүк бөлүгү металл, таш, сөөк, янтарь предметтеринде жана сейрек учурларда гана бышырылган чоподо кездешет. Андан тышкары рун жазуулары айнекте, киттин мурутунда да болгон. Бул тууралуу Э. Вебер: «Из «Речей Сигрдривы» Эдды мы узнаем о процарапывании рун на стекле, в других сочинениях – о нацарапывании на роге и китовом усе» (2002: 45), – дейт. Ал эми жыгачтарда жазылган рун жазуулары абдан сейрек учурайт. Анткени жыгач көпкө сакталбайт. Жыгачтагы рун жазуулары фриз-саксон жээктериндеги жасалма турак-жай дөбөлөрүндө же саздарда сакталып калган.

**Рун жазууларынын өзгөчөлүгү.** Герман рун жазуулары адегенде каалагандай – оңдон солго же солдон оңго жазылган. Ошого жараша аларга кошулган сызыктар оң жактан же сол жактан кошулган.

Саптар да каалагандай ылдыйдан жогору же жогортон ылдый багытталып жазылган. Мисалы, Карлевидеги ташта жазуу ылдыйдан жогору башталып, жыландын изине окшогон сызыктар жогору алтынчы сапка көтөрүлүп, жетинчи сапта уланып, кайра биринчи саптан ылдый түшөт. Жаңы сап мурунку сап бүткөн жерден башталат. Тундагы таштын (500 ж.га жакын) биринчи бетинде эки саптуу жазуу жогортон ылдый жана кайра өйдө; ылдыйлаган алгачкы сап оңго бурулат, экинчиси жогору көтөрүлгөнү – солго. «В итого – дейт Э.Вебер, - получается то, что мы теперь называем «зеркальной надписью» (2008: 28).

Ошондой эле жазууларда «встречается руна, боковые штрихи которой повернуты в противоположную сторону от обычного направления строчек; тогда говорят о «повернутой руне». Если руна поставлена на голову (опрокинута или перевернута), то она обозначается как «перевернутая руна» (Вебер Э., 2002: 55.). Мындай жазуулар рун эстеликтеринде сейрек, ал эми рун календарында абдан көп кездешет. Жазуунун мындай түрүндө тамгалар бири-бирине тыгыз жайгашат, белгилердин жалпы санынын 360-

365 экендигин эске алганда, тамгалардын мындай тыгыз жайгашуусунун чоң мааниси бар.

Рун жазуулары адегенде эч кандай ажыратуучу белгилерсиз эле, тамгалар биринин артынан бири жазылган. Бирок айрым жазууларда ажыратуучу белгилер кездешет, мисалы, Тондернге жакын Галлехустан (Түндүк Шлезвиг) табылган алтын мүйүздө беш сөз болгон, анда чекит түрүндө төрт ажыратуучу белги коюлган, биринчи эки сөз («Я Хлевагастис») ажыратылган эмес, мунун себеби, Э. Вебердин ою боюнча, жазгыч бул эки сөз абдан тыгыз байланышкан деп эсептеген 2008: 29). Фрайлауберсхаймдан табылган фибулада экиден узун ичке сызыктар ажыратуучу белгилер катары үч жолу кездешет, бирок бул жерде да ал сызыктар ар бир сөздөн кийин келбейт.

Ал жазууларда бир же бир нече чекиттерден жана вертикалдык ичке сызыктардан башка да крест түрүндөгү белгилер кездешет (Вебер Э., 2002: 56).

Байыркы рун жазуулары предметтерге негизинен эркин түшүрүлгөн, мисалы, Кюльвер жана Тундан табылган таштардагы жазуулар. Мёйебрдеги ташта алар – бир сызыктуу (27-сүрөт), Шарнэдеги фибулада – эки сызыктуу. Кийин рамкага салынган сызыктар пайда боло баштаган, акырында алар чебердик менен өрүлгөн ленталарга чейин өнүккөн.

Рун жазууларында биндерун, т.а., байланган рундар да кездешет. Фюн аралындагы Крагехуль сазынан жыгач найзанын каскагы (найзанын темири ашталуучу же желек тагылуучу ичкерээк узун жыгач) сууруп алынган, анда 400-ж. тегерегиндеги дата жазылган. Анда ар кандай белгилери бар эки рун болгон. Экинчи рундун капталындагы сызык биринчисинин сөңгөгүнө *(ствол – сөңгөк, сабак* (Орусча-кыргызча сөздүк, С-Я, -2012: 250) кошулган, жалпы сызыгы тик, кыя сызыгы – сейрек. Мындай белгилер «биндерун» («байланган руналар») деп аталат (2002: 30).

**Рун жазууларынын үч түрү.** Жалпы герман футаркасы Вадстенадагы жана Грумпандагы брактеаттарда сегиз

белгиден үч топко чекиттер менен бөлүнгөн. Он алты рундан турган футаркадагы биринчи топто алты тамга (*f-u-th-o-r-k*), экинчи жана үчүнчүдө – бештен тамга (*h-n-i-a-s* жана *t-b-l-m-R*) болгон.

Исланд булактары боюнча, бул топтор ал жакта «роды» деп жана *Freyrs, Hagals* жана *Tyr* деп аталган. Ар бир топ скандинавиялык жогорку кудайга (божеству) арналган.

Германдыктардын рухий дүйнөсүндө **«троичность»** чоң мааниге ээ. Кудайлардын аттары триадаларда чыгып турган. Скандинавияда «было три норны, при обращении к жребию должны были быть вытащены три жребия, а из сущности права происходит пословица «Бог троицу любит» ( Вебер Э., 2002:36).

**Рун эстеликтеринин доору.** Рун таштарында эскерилген аттар, окуялар, мезгили алар тууралуу так маалыматтарды берет. Мисалы, «чоң» жана «кичине» «Сиггрюгг таштары» Килдеги *(Германия, Киль шаары – Г.Ж.)* Улуттук музейде коюлган. Алар Ольденбургдагы (Хайтабу) ведель фибулдарынын аты менен I жана II «веделдик фибул таштары» деп да аталат. «Ведель» деген аттын бир бөлүгү байыркы кечмелик дегенди билдирет (2002: 42). Э.Вебердин маалыматы боюнча 1796-жылы Хаддебайер жана Селькер Ноордун ортосунда Шлей фьордасынын түштүк тумшугундагы өткөөл аркылуу өткөн ичке шалбаа тосмосунда «Сиггрюгг чоң ташы» табылган (Вебер Э., 2002:42). Аерде ал таш-тепкич катары колдонулган. Анда мындай деген жазуу болгон: «Асфрид бул көр үстүнө коюлган эстеликти өзүнүн уулу Сиггрюгга арнады жана аны ыйык жердеги Кнуба көрүстөнүнө койду» (2002: 42). Ал 1887-жылы Шлезвигдин алдындагы Готторп ак сарайынын таштан жасалган пайдубалынан табылган «кичи Сиггрюгг ташы» руналары менен толукталган. 934-жылы падыша Генрих I Птицелов тарабынан жеңилген конунг Хайтабу Кнубанын жесири, королева (падышанын аялы) Асфрид Нормандияда 943-жылы каза болгон уулуна арнап эки ташты эстелик катары тургузууга буйрук берген.

Окумуштуулар ал эстеликти 950-ж. чамасында тургузулган болушу мүмкүн деп болжолдошот.

Бирок бардык эле рун эстеликтеринде даталар коюлган эмес. Эгерде көрүстөндөрдө же жашоого ыңгайлуу жасалма дөбөлөрдө монеталар же байыркы предметтер табылган болсо, алар боюнча да даталар такталышы мүмкүн. Мисалы, Фрайлауберсхаймдагы фибула менен кошо Тотила деген ат менен белгилүү болгон остготтордун падышасы Бадвиланын монетасы (541-552-жж.) табылган. Ушундан улам күмбөз **VI кылымдын экинчи жарымына тиешелүү** болушу мүмкүн (2002: 42).

Рунь жазууларынын датасын аныктоодо монета көлөмүндөгү браектаттардын[37] мааниси чоң болгон. Аны сактоочу амулет жана жасалга катары да тагынышкан. Окумуштуулар браектаттарга негизинен VI кылым деген дата коюлгандыгын маалымдашат (Вебер Э., 2002, 42).

**Рун жазууларынын чыгыш булагы тууралуу.** Рун жазууларын илимий жактан изилдөөнү XVI кылымда швед окумуштуулары Иоганн жана Олаф Стуре башташкан жана XIX кылымга чейин көбүнчө скандинавиялык окумуштуулар изилдешкен. Алардын арасынан өзгөчө дат акумуштуусу Оле Вормду бөлүп көрсөтүүгө болот.

Э.Вебердин маалыматы боюнча бул окумуштуулар рун жазуусунун баштапкы булагын байыркы еврей жазуусунан издеш керек деп эсептешкен. Бир гана швед окумуштуусу Е.Бенцелиус он сегизинчи жүз жылдыкта рун жазууларынын башатын байыркы грек тамгаларынан издеген.

Рун жазууларын биринчи жолу илимий жактан изилдөөнү 1821-жылы немец окумуштуусу Вильгелм Карл Гримм баштаган. Ал мезгилде бир дагы немец рун эстеликтери табыла элек болсо дагы, ал байыркы немец элинин өздөрүнө тиешелүү алфавити болгон деген бекем ишенимде болгон. В. К.Гримм: «Было бы непонятно, если бы немцы при ранних и частых контактах с римлянами не присвоили себе, без сомнений, тотчас замеченные средства образования» (2002: 44), – деген.

Ошентип, окумуштуулар арасында римдиктердин жазуу искусствосунун таасири менен германдыктар да өздөрүнө ушул сыяктуу жазууну жаратышкан деген пикир жашаган.

Бирок бардык эле окумуштуулар мындай ойлошкон эмес. Мисалы, 1852-жылы фон Лилиенкрон: «Ошол мезгилде биздин бабаларыбыз жергиликтүү алфавит менен жазышкан деп айта алабызбы? Мен жок деп айтам! Рундар булар – мистикалык белгилер болгон», – деген (Вебер Э., 2002: 44). Ал рундардан ыйык белгилерди көргөн, алар - жазуу белгилери эмес деп эсептеген.

XIX кылымдын акыркы чейрегинде дат окумуштуусу Людвиг Виммер рундун рим жазма тамгаларынан өздөштүрүлгөндүгүн салыштыруулар менен далилдөөгө аракет кылган. Ал: «...руническое письмо было образовано в одном из южногерманских племен («конечно, на одном-единственном месте - мы можем добавить – одним-единственным человеком») и оттуда постепенно распространилось среди других племен» (Аталган китепте: 44), - деген.

Л.Виммердин теориясы абдан керектүү, пайдалуу жана актуалдуу болгон дейт Э. Вебер. Бул теория илимий чөйрөдө, андан соң коомдо чейрек кылым бою үстөмдүк кылып турган.

XX кылымда швед окумуштуусу Отто фон Фризен готтор өзүнүн түштүк-чыгыш-европалык империясында рун жазуусун түзүшкөндүгүн, буга алардын грек-латын маданий дүйнөсү менен байланышы жана көптөгөн башка маданий байланыштар таасир эткендигин маалымдайт.

Бирок, жогорку ачылышты Виммердин окуусу артка калтырган жана ал дагы чейрек кылым үстөмдүк кылып турган. Норвегиядагы Эвре Стабю шаарынан *raunijaz* = «испытатель» деген рун жазуусу бар найзанын учу табылган, анда б.з. 299-жылынан кийинки датанын коюлушу бул рун жазуусунун Кара деңизде (236-ж.) готторго чейин болгондугун көрсөткөн, анын үстүнө найзанын учунан - маркомандыктар тарабынан иштелгендиги белгилүү болгон.

Бул ачылыштан улам норвегиялык изилдөөчү Карл Марстрандер 1928-жылы рун жазуулары маркоман өлкөсү Марободада пайда болгон деген, т.а.: «посредством приспосабливания североэтрусско-кельтского алфавита, который образовался под латинским влиянием на кельтских окраинах Западных Альп, к потребностям германского языка; образцом могли служить письменные ряды типа рядов из Сондрио и Лугано» (Вебер Э., 2002: 44).

Бул божомол пикирге 1929-жылы Гельсингфорстогу скандинавиялык изилдөөчү Магнус Хаммарстрем кошулган. Көпчүлүк герман тилинин адистери рун жазуусу «өздөштүрүлгөн» деген скандинавиялыктардын окуусун колдошкон. Жогорку мектептин немец тили мугалими Г.Безеке 1943-жылы футарканын келип чыгыш тамырын Некер областына отуруктажкан кимвр жана тевтондордон издеген. Футарканын келип чыгыш тамырын Ф. Альтхайм жана Е. Траутман да 1939-жылы кимврлер менен байланыштырышкан, бирок негизги уруулары менен эмес, алар мындай суроо коюшкан: «...не могло ли появиться побуждение к созданию футарка по меньшей мере у одной группы кимвром перед битвой при Верцеллах (101 г. до н. э.) в Альпах» (2002: 45).

Швед окумуштуусу С. Агрелль 1938-жылы жарык көргөн эмгегинде мындай деген: «...руническое письмо следует сводить к римскому деловому (циркулярному) письму, как оно было обнаружено в Помпеях и в германских свайных погребениях (на римском лимесе) (Вебер Э., 2002: 45).

Башкалардан «өздөштүрүлгөн» (латын, грек, скандинавия) деген теорияга 1929-жылы немец окумуштуусу, герман тили боюнча адис Густав Некель каршы чыккан. Анын пикири боюнча бул маселеде эч ким чындыкты орното албайт. Г. Некель «...защищал то мнение, что бесспорные соответствия южных письменных рядов и футарка позволяют объяснить себя, скорее всего, первоначальным родством» (2002: 45). Окумуштуу 1933-жылы

тарыхка чейинки рунга окшогон белгилерди футарка менен салыштырып, окшоштуктарын таап чыккан.

1934-жылы ЖОЖдун мугалими Германн Гюнтерт байыркы ыйык белгилер айрым учурларда кийинки герман алфавитинде кадимкидей тамгаларга айлангандыгын айткан. Муну далилдөө үчүн ал Вульфиланын гот алфавитин түзүүдөгү аракеттерин мисалга келтирген, Вульфила гот алфавитин түзүүдө жергиликтүү рун белгилерин пайдаланган.

Ошондой эле 1937-жылы жогорку мектептин немец тили мугалими Вольфганг Краузе футаркага бириккен руналардын жаратылышы эки жактуу деген: «как знаки, обозначающие звуки, они позволяют выводить себя по большей части из скандинавских букв, но их понятийное значение коренится в дорунических символах; часть рунических знаков обнаруживает более или менее значительную схожесть с некоторыми доруническими идеограммами; это касается, например, руны *t*, соответствующей стреловидному символу, который уже в VII в. до н. э. изображался на бастарнских «лицевых» урнах» (2002: 45). Краузе *f, a, h, s, t,* жана *o* ну билдирген рундар идеограмма катары колдонулгандыгын белгилейт.

Ошентип, рун жазууларынын эки жактуу жаратылышы – автохтондуулугу жана «өздөштүрүлгөн» деген теорияны жактоочулардын ортосунда компромиссти жаратты. 1938-жылы бул тууралуу Густав Некель мындай деген: «Употреблению рун в качестве *письменных знаков* предшествует их употребление в качестве *понятийных символов»* (Acta Pilologia Scandinavica. 1938, гр., 102; Вебер Э., 2002: 45).

**Рун жазууларынын жашы.** Рун жазууларынын жашы тууралуу пикирлер бирдей эмес. Мисалы, швед архиепископу Иоганн Стуре (Иоганн Магнус) 1540-жылы рун жазуулары атам заманда, жер каймактаганга чейин же андан бир аз кийин пайда болгон дейт.

Виммер латын тилинен өздөштүрүлгөн өзүнүн теориясынын негизинде рун жазууларынын пайда болушун

б. з. II кылымынын аягы III кылымынын башы деп эсептейт. О. фон Фризен рун жазууларынын башатын б.з. III кылымынын экинчи жарымында десе, Марстрандер футарк жаңы замандын башында Маробода мамлекетинде пайда болгон дейт. Хаммарстрем рундун жаратылышын б.з.ч.100-жылдарга алып барат. Немец университетинин мугалими Генрих Хемпель 1935-жылы рун жазууларынын пайда болушун б.з.ч. 530-жылдарга алып барат, ошондо Батыш Альпыдагы майда герман уруулары отурукташкан жана түндүк-италийлик кельттердин *(Китепте «североиталийских кельтов» деп берилген - Г. Ж.)* союздаш уруулары - «гайзаттар» катары алар менен кошо римдиктерге каршы согушушкан, мына ошондо кельттердин жардамы менен рун жазуусунун пайда болушу толук ыктымал дейт Э. Вебер (2002: 46). Ал эми Агрелль рун жазууларынын пайда болушун б. з. 63-жана 142-жылдарынын ортосунда деп эсептейт.

Ошентип, рун жазууларынын пайда болушу тууралуу так пикир жок.

Тацит өзүнүн эмгектеринде германдык жол башчылары эки жолу каттарды пайдаланышкандыгын кабарлайт. Мисалы, маркомандык падыша Маробод император Тиберийге жана хатт жол башчысы Адгандестер – Сенатка кат жөнөтүшкөн. Бирок Тацит бул каттардын кайсы тилде, кандай шрифт менен жазылгандыгы тууралуу сөз кылбайт, Э. Вебердин божомолу боюнча каттар латын тилинде рим шрифти менен жазылган, анткени Марободдун римдик билими болгон.

**Рун жазуусу – практикалык жазуу.** Түштүк жана түндүк германдыктар канчалык деңгээлде рун жазууларын колдонушкандыгы тууралуу айтуу кыйын. Венанция деген эскерүү эле франктарда рун жазууларынын болгондугунан кабар берип турат. Түндүк Германия жергеси Ансгариянын жашоосу тууралуу маалыматтарды каттоо боюнча иш жүргүзөт, ал боюнча ага швед падышасы Бьерн 831-жылы Людовик I үчүн жазма белгилерди

берген, аталган жазууну ал «составил собственноручно по обычаям страны». Э. Вебер бул жазуу рун жазуусу экендигин оңой эле боолголоого болот дейт, мүмкүн ал мүйүзгө оюлуп жазылган болуу керек (2002: 48). Демек, рун жазуулары **кат катары** пайдаланылган.

Түндүк скандинавиялык адабий мурастарда жана уруулук сагаларда (үй-бүлө тарыхы) **маалымат берүү максатында** жиберилген рун жазуулары тууралуу («Гренландские речи Атли») айтылат. «Эгил жөнүндө сага» рунасында Эгилдин кызы эки баласын жоготуп, жашоого кызыкчылыгын жоготкон атасына балдарына арнап **ыр** жазуусун өтүнөт, аны өзү рунага оюп түшүрөрүн айтат (2002: 49).

Рундардын кечки скандинавиялык орто кылымдардагы жана жаңы мезгилдеги токтомдордо жана кол жазмаларда колдонулушун «следует оценить как ученое любительство – кроме тех случаев, когда определяющим было желание скрыть содержание от нежелательных читателей» (2002: 50), – дейт Э. Вебер. Буга 1543-жылы түзүлгөн вахтада туруучу кеме журналындагы жана швед адмиралы Гильденстерндин күндөлүгүндөгү рун жазуулары жана 1617-жылы Мекленбургдагы Доберан монастырында жазылган «Антюр жөнүндөгү ыр» мисал боло алат (2002: 50).

**Рундар – ыйык белгилер катары.** Руналар көп мезгил бою кабарды берүү максаты үчүн кызмат кылган тамгалардын ырааттуу жайгашуусу катары каралып келген. Мисалы, алтын мүйүздөгү жазууда Хлевагаст ушул көркөм буюмду өзү жасагандыгын маалымдаган. Орто кылымдар мезгилинен бери эле көп учурларда усталар өздөрү жасаган буюмдарга өз аттарын жазышкан. Мисалы, бир везерлик сөөктө «Сделал Улухари» деген жазуу болгон. Мындай мисалдар көп.

Бирок 1900-жылдан баштап бардык эле жазуулар жогоркудай эмес, рун жазуулары ыйык белгилер катары бериле баштагандыгы байкалат. Э. Вебер мындай мисал кел-

тирет: «На обоих наконечниках копий руны соединены с, несомненно, священными знаками свастики, солнечного крута, трискеле, так называемого знака молнии и т. д.» Мына ушул кошулган жер терең мааниге ээ болот, анткени руналар ыйык белгилер сыяктуу эле курал-жарактын күчүн арттырат, мына ушинтип алар өздөрү ыйык боло алат (2002:51).

Руналар тууралуу 1937-жылы мындай илимий жыйынтыктар келип чыккан: «Руналар» германдыктар үчүн күч менен заряддалган жандуу нерсе (существа) болуп калган, «которые он как воин мог бы заставить сосредоточиваться и развертываться, если бы он имел правильные познания о них» (2002: 53).

1938-жылы руна жазуулары тууралуу мындай деп айтылган: «Руны с малолетства были всем, прежде чем стали средством общения. Их нарезание имеет основание веры, схожее с таковыми в древних наскальных рисунках, и схожую цель: укрепление и увековечение. Это нечто сверхъестественное, в этих знаках священная сила» (2002: 53). Ошентип, руналар ыйык белги катары саналган, ал германдыктардын түшүнүгү боюнча нерселерге жан киргизген жана күч берген.

**Рундар жана үй-бүлөлүк тамга. Алардын окшоштугу.** Руналар алгачкы ыйык белгиден бара-бара жекече же уруулук белгиге өтө баштаган. Бул тууралуу Э. Вебер мындай дейт: «Руны из первоначально священных знаков постепенно обмирщались, было идентично процессу, шедшему с категорией подобных рунам знаков» (Вебер Э., 2002: 64).

К. Г. Хомаердин маалыматы боюнча алар Орто кылымдар доорунда төмөнкүдөй колдонулган: биринчиден, «персоналдык белги» катары, андан тышкары «уруулук белги» катары, ошол эле жарым-жартылай жеке адамдын белгиси катары, жарым-жартылай жеке менчик белгиси катары колдонула баштаган.

Бул тамгалардын (клеймо) ээлери «үй-бүлөлүк» («домашнее») жана «сарайлык» («дворовый») деп бөлүнгөн.

Аларды бүткүл герман Европасында бардык кесиптеги адамдар жана социалдык топтор колдонгон (2002: 64).

Хомайер үй-бүлөлүк тамгалардын көп учурда рундарга окшоштугун, ал түгүл дал келгендигин белгилейт. Ал: «Едва ли найдется форма из многократно менявшихся на протяжении веков в разных странах рунических алфавитов, которая не выступала бы в качестве домашнего клейма» (2002: 64), – дейт. Ошондуктан бул эки кубулуштун ички байланышы тууралуу маселе дайыма талкууланып турган. Хомайердин пикири боюнча «үй-бүлөлүк тамга» даяр үлгүгө салынган. Бул пикирди Лильегрен да колдогон. Алардын божомолу боюнча көпчүлүк «үй-бүлөлүк тамгалар» рундарды тууроо менен жасалган. Хомайердин жогоруда айтканына төмөнкү тилдик материалды мисалга келтирүүгө болот: скандинавиялык «*kefli*» жана төмөнкү немецтик «*Kável*», биринчиси рундарды кесүү үчүн «жыгач таякча» же «жыгач валик» дегенди билдирип, рун терминологиясына кирет; акыркысы уруулук белгини билдирген жыгач таякчаны (общиналык укукту жана милдеттерди кайтарып алуу үчүн) билдирет.



Үй-бүлөлүк тамгасы (клеймо) бар Kåvel.

Хомайерден кийин Зольтервиштин (Бад-Ойенхаузенден түштүккө) таштан жасалган соттук креслосундагы сүрөттү мисалга келтирүүгө болот. Анда «үй-бүлөлүк белги» («метка») менен катар эле сот заседателдеринин тамгалары (клеймо) бар. Анда XVI к. деген дата коюлган.

Үй-бүлөлүк жана сарайлык тамгалар кол өнөрчүлөрдүн эски үйлөрүнөн, дыйкандардын үйлөрүнөн жана кампаларынан, күмбөзгө коюлган таштардан кездешет, ошондой эле алар «на движимом имуществе всякого рода, на алтарях и церковных окнах» (Вебер И., 2002: 64).

Рун жазууларынын герман тилинде изилдениши жазуунун тарыхынын изилденишине чоң салым кошкон.

## Жыйынтык

Жазуунун келип чыгышы узак жана татаал жолду басып өткөн. Байыркы кыргыз тили кыргыз тил илиминде белгилүү бир деңгээлде окумуштуулардын назарына алынганы менен тиешелүү деңгээлде атайын изилдөөнүн объектисине айланган эмес. Байыркы кыргыз тили орхон-енисей эстеликтериндеги жазуулардан баштап изилдөөгө алына баштаган. Ал эми ага чейинки кыргыздар колдонгон жазуулар тууралуу кыргыз тил илиминде дээрлик сөз болгон эмес.

С. Кудайбергенов, К. Дыйканов, Яншансиндин эмгегинде (1958) кыргыз элинин колдонгон жазуулары жана алардын кыскача тарыхы берилген. Жазуунун түрлөрү тууралуу маалымат, орхон-енисей жазуусу, алардын изилдениши, окулушу, жарыяланышы каралган.

Э. Абдулдаев, А. Е. Супрун тарабынан жазылган «Тилдин жана жазуунун келип чыгышы» деген эмгекте (1965) жазуунун келип чыгышы жана тарыхы, жазуу, анын түрлөрү тууралуу маалыматтар орун алган.

Б. Юнусалиев кыргыз тилинин тарыхы тууралуу макаласында кыргыз тилинин тарыхын элдин тарыхы менен тыгыз байланышта карап, кыргыз тили кыргыз эли сыяктуу эле байыркы деген жыйынтыкка келген. Окумуштуу бул оюн аргументтүү берүү үчүн кыргыз тилинин өнүгүшүн доорлорго бөлүп карап, андагы өзгөрүүлөргө талдоо жүргүзгөн. Б. Юнусалиев кыргыз тилинин жазма үлгүлөрү катары Енисей эстеликтерин көргөзгөн.

Ж. Сыдыков «Кыргыз эли – кыргыз тили» (2002) деген эмгегинде кыргыз элинин жана тилинин тарыхы чет элдик авторлордун эмгектеринде кандай берилгендигин талдаган. С. Ибрагимов тил илимине байланыштуу жарык

көргөн эмгектеринде жазуу, анын келип чыгыш тарыхы, жазуунун түрлөрү ж.б. маселелерди кеңири талдоого алган. К. Токтоналиевдин тилдин тарыхына байланышкан макалалары жарыяланган.

Кыргыз окумуштуулары К. Ашыралиевдин, С. Сыдыков менен К. Конкобаевдин орхон-енисей жазууларына, Ч.Жумагуловдун кыргыз эпиграфикасына, Ү. Үсөналиевдин тунгус-манчжур, монгол, байыркы түрк жана кыргыз тилинин лексикалык параллелдерине, С. Сыдыковдун Енисей жана Талас жазууларына, Л. Жусупакматовдун Кыргызстандын түштүгүндөгү жазма эстеликтерге, Н. Усеевдин енисей жазуусуна арналган эмгектери ж. б. байыркы кыргыз тилинин изилденишине чоң салым кошту.

Ошондой болсо дагы байыркы кыргыз тили толугу менен изилдене элек. Өзгөчө орхон-енисей жазууларына чейинки кыргыздар колдонгон жазуулар жогоруда каралган эмгектерде камтылган эмес жана атайын илимий изилдөөнүн да объектиси боло элек.

Дүйнөлүк тил илиминде жазуу жана анын өнүгүшү кеңири изилденип келет. Бул тууралуу аталган бөлүмдө кеңири маалымат берилди. Иште жазуунун келип чыгыш себептери, анын колдонулушу, өнүгүшү, т.а., сүрөттүк жазуудан тыбыштык жазууга чейинки басып өткөн жолу тил илиминде кандай берилгендиги кеңири каралды.

Жазуу жана анын өнүгүшү тууралуу эмгектерди талдоо – жазуунун өнүгүү тарыхындагы жалпылыктарды ачык көрсөттү, ошондой эле жазуунун өнүгүшү, таралышы ж.б. боюнча окумуштуулардын арасында бирдиктүү пикирдин жок экендигин ырастады. Бирок дээрлик бардык эмгектерде жазуунун практикалык муктаждыктан келип чыккандыгы айтылган. Адегенде эсеп-кысап жүргүзүү, же маалыматты эске тутуу, же маалыматты каттоо, же маалымат берүү максатында пайда болгон примитивдүү белгилер узак мезгилдин ичинде нака жазууга, т.а. тыбыштык-тамгалык жазууга чейин өнүккөн.

Байыркы кыргыз тили жазуунун төмөнкүдөй баскычтарын басып өткөн:

**I** Семасиография. **1.** Нака жазууга чейинкилер: 1) Сүрөттүк ыкма: Пиктографиялык жазуу; 2) Идентификациялык-мнемоникалык ыкмалар: Эн тамгалар, татуировка; **2.** Сөздүк ыкма: Логографиялык жазуу.

**II** Фонография. Нака жазуу: 1) Жазуунун аралаш системасы; 2) тамгалык-тыбыштык жазуу.

Биз бул эмгекте аталган жазуулардын байыркы замандардан баштап X кылымга чейинки мезгилин карайбыз.

# I СЕМАСИОГРАФИЯ

## 1. Нака жазууга чейинкилер: 1) Сүрөттүк ыкма: Пиктографиялык жазуу; 2) Идентификациялык-мнемоникалык ыкмалар: Эн тамгалар, татуировка; 2. Сөздүк ыкма: Логографиялык жазуу

### Жазуу белгилердин системасы Ойдун берилиш жолдору

Коммуникация деген эмне? Коммуникация кадимки шарттарда эки же андан көп жактын катышуусу менен ишке ашуучу процесс, бири кабар берүүчү, экинчиси кабыл алуучу жак болот. Коммуникация процесси эки бөлүктөн: кабар берүүчү бөлүк жана кабарды кабылдоочу бөлүктөн турат. Кабарды берүү каражаттары абдан көп. Кабарды берүүдө көрүү, угуу, туюу, сезүү ж. б. жардамы чоң (Гельб И.Е., 1982: 13).

Мисалы, көрүү коммуникациясы жаңсоо, мимика аркылуу ишке ашат жана алар оозеки кепти дайыма коштоп жүрөт. Ага оптикалык сигналдар да кирет, мисалы, жарык, семафор, от ж.б. Угуу коммуникациясына ышкырык, театрда кол чабуу, кээде жасалма каражаттар: музыкалык инструменттерден чыккан үндөр ж.б. кирет. Угуу коммуникациясынын эң маанилүү системасы кулакка айтылган кабар болуп эсептелет. Мындан тышкары туюу, сезүү сыяктуу жөнөкөй ыкмаларга колду кысуу, далыга таптоо, сылоо ж.б. кирет.

Коммуникациянын жогорку түрлөрүнүн жалпы белгилери: 1) булардын баары мезгил боюнча чектелүү, коммуникация учуруна гана тиешелүү; 2) мейкиндик боюнча чектелүү, б. а. жакын аралыктагы адамдардын ортосундагы карым-катнашууну гана камсыз кыла алат (1982: 13).

Мезгил жана мейкиндик менен чектелбеген кабарды берүү муктаждыгы коммуникациянын башка түрлөрүн жаратты. Алар: 1) предметтерге жана 2) нерселерге же катуу материалга белги (метка) коюунун жардамы менен кабар берүү.

**Белгилердин мнемоникалык системасы. «Буюмдук жазуубу»?** Мнемоникалык белгилердин (И. Е. Гельб, 1982: 15) системасы бүт дүйнө жүзүнө белгилүү. Алардын эң жөнөкөйү – малдын эсебин алуу үчүн колдонгон «эсеп таякчалары» болуп эсептелет. Малдын эсеби капка таштарды салуу менен да алынган. Ал эми татаал мнемоникалык система перуандык инктер тарабынан (кипу жазуусу) колдонулган. Бул ар түрдүү узундуктагы жана түстөгү боолор жана түйүндөр менен берилген. Индеецтердин вампумдары - деңиз раковиналары тизилген боолор көбүнчө курга туташтырылган. Мындай вампумдар акча, зер буюм катары, ошондой эле коммуникация каражаты катары кызмат кылган.

Мындай коммуникациялык каражаттарды немецче Sachshrift же Gegenstandsschrift, б.а. «буюмдук жазуу» деп аташкан. И. Е. Гельб мындай атоого эч негиз жок экендигин, анткени алардын жазуу деген түшүнүк менен эч кандай байланышы жок экендигин белгилейт (1982: 18). Биз дагы ушул пикирдебиз. Муну жазуу деп атоого болбойт.

**Жазуу.** Жазуу буюмдардын түздөн-түз жардамы менен эмес, тигил же бул материалга белги (метка) түшүрүү аркылуу ишке ашат. И. Е. Гельб айткандай, жазуу адамдын колунун аракети менен чийип, оюп, чукуп же кесип жасалат. Эгерде байыркы адамдардын кабар берүү муктаждыгын сүрөт канааттандырып келсе, азыр жазуу колдонулат дейт И. Е. Гельб.

Адегенде нерселердин, кубулуштардын элесин чагылдыруу максатында пайда болгон сүрөт бара-бара эки багытта өнүккөн: 1) көркөм искусство катары, б.а. бизди курчап турган нерселерди жана окуяларды тил менен

байланышпаган формада көз алдыга келтирген, 2) жазуу катары, б.а. сүрөт катары сакталганына же сакталбагандыгына карабастан, акыр аягында тил каражаттары менен берилген түшүнүктөрдү берүү үчүн экинчи даражадагы символдорго айланган (Гельб И. Е., 1982: 19).

Коммуникациянын туюу, сезүү (Брайлдын системасы) же угуу аркылуу (граммофон пластинкалары) жетишилген жана бардык туруктуу учурлары «представляют собой вторичные переносы, развившиеся из систем, созданных на основе зрительного восприятия»(1982: 19.).

Эми биринчи даражадагы жана экинчи даражадагы система деген эмнени түшүндүрөт? Коммуникациянын биринчи ыкмасы – мисалы, атасы баласына ышкыруу менен анын белгилүү бир жерде болушун каалагандыгын билдирет, ал эми баласын чакырууда тил каражаттарын пайдаланып б-а-л-а-м деп айтса – бул экинчи даражадагы коммуникация болот (1982: 19-20).

И. Е. Гельб «границ вторичным переносам нет» (1982: 20), - дейт. Мисалы, «балам» деп айтылган сөз биринчи кептик белги болуп саналат. Ал эми «балам» дегендин жазылган түрү – кептик белгинин жазма түрү. Эгерде «балам» деген жазылган сөздү жарык сигналдары менен берсе, анда жарык – жазма белгилердин белгиси, т.а., белгинин белгиси болуп саналат, ошентип кете берет.

Адамдардын ортосундагы коммуникациянын негизинде эмне жатат?

И. Е. Гельб буга үч мисал келтирет: 1) тынчтандыруу үчүн оратордун жаңсоосу, 2) будильник жана 3) көчөдөгү «токто» деген белги. Бихевиористтик мектептин лингвисти үчүн булардын бардыгы - тил. Алардын көз карашы боюнча адамдардын бири-бири менен карым-катнашуусунун бирден-бир каражаты - тил, ал эми өз ара коммуникациянын калган ыкмалары - тилдин экинчи даражадагы каражаттары. Алардын пикири боюнча, ал түгүл ойлоо (мышление) дагы – «үнсүз сүйлөшүү», анткени алардын ою боюнча «ага адамдарга билинбеген, кеп кыймылда-

рын алмаштырган үн органдарынын үнсүз кыймылдары катышат». Бирок, И. Е. Гельбдин пикири боюнча, ойлоонун бардык формаларында үнсүз сүйлөшүү, өзгөчө катуу ойлонгондо, чоң роль ойнойт. Мисалы, «Чыгып кет!»- деп айтууну ойлонсоңуз, мындай ойлонууну эриндин кыймылдашы коштошу мүмкүн. Экинчи жактан, атайын жүргүзүлгөн психологиялык эксперименттен улам, биз сөздөрдүн үнсүз агымы катышпай деле ойлоно алабыз. Мисалы, будильник чырылдаганда, же жолдогу «токто» деген белгини көргөндө, кандайдыр бир тилдик формалардын катышуусуз эле адамдын реакциясы көз-ачып жумганча болот.

Кабарды берүү жана кабыл алуу процессинин ортосунда абдан чоң айырмачылык бар. Жай жазуунун процесси үн органдарынын үнсүз кыймылы менен коштолот, ал эми текстти окуучу үн чыгарып окуганга караганда ичинен эки же үч эсе батыраак окуса, мында үн органдарынын үнсүз кыймылын аныктоо кыйын (1982: 21).

Кеп (речь) менен жазууну окшош деп кароого болбойт. Жазуу кеңири мааниде өзүнүн бардык баскычтарында кеп менен окшош болушу мүмкүн эмес. Көрүү символикасы жазуунун эң алгачкы баскычында жаңсоо аркылуу берилүүчү символдор сыяктуу эле, тилдик каражаттарсыз эле маанилерди билдире алган жана аларды изилдөө үчүн сөзсүз лингвисттин зарылдыгы болгон эмес. Кийин гана жазуу фонетикалык системага өнүгүп чыккан соң гана жазуу менен кептин окшоштугу тууралуу, ошондой эле лингвистиканын бөлүктөрү катары эпиграфика жана палеография тууралуу айтууга мүмкүнчүлүк түзүлдү.

И. Е. Гельб жазуунун алгачкы баскычын (кеп менен начар байланышкан маани жана элести (представление) туюндуруучу) **семасиография** баскычы деп, ал эми фонетика системасы менен байланышкан жазууну **фонографиялык** деп атайт (1982: 22).

**Жазуунун дефинициясы**[38]**.** Ошентип, адегенде сүрөттөр адамдардын пикирин өзүнө жана башкаларга түшүнүктүү көзгө көрүнө турган формада чагылдырган жана ал

адамдын оозеки кеби (речь) менен эч байланышы болгон эмес. Кайсы кайрылуу же кат болбосун бир гана маанини билдирген жана аны ар кандай тилде сүйлөгөндөр да «окуй алган». Кийин жазуунун фонетизацияланышы менен адам өз оюн кептин (речь) белгилүү бир категорияларына туура келген формаларында берүүгө мүмкүнчүлүк алды.

Жазуунун фонетизацияланышы жазуунун тарыхында революциялык мааниге ээ болду. Эгерде Уатт буу кыймылдаткычын «ойлоп таап», аны биринчи кыймылдаткыч күч катары практикада колдонсо, жазуунун тарыхындагы революциялык кадам жазуунун фонетизацияланышы болду. И. Е. Гельб: «...письмо началось лишь тогда, когда человек научился с его помощью передавать понятия в языковом выражении» (1982: 23), - дейт. Жазуу деген - лингвисттер белгилегендей, жазуунун бардык баскычында маалыматты каттоо гана эмес, И. Е. Гельбдин аныктамасы боюнча, көзгө көрүнгөн (зримый) шарттуу белгилердин жардамы менен адамдардын өз ара карым-катнашуусунун каражаты. Тактап айтканда, **жазуу – шарттуу түрдө көзгө көрүнгөн белгилердин жардамы аркылуу ишке ашуучу адамдардын ортосундагы өз-ара коммуникация системасы.**

Адатта лингвисттер жазуу көзгө көрүнө турган белгилердин жардамы менен тилдик элементтердин туюндурулушу дешет. «Тилдик элементтер» деген сүйлөмдүн бөлүктөрү, сөз, муун, айрым тыбыштар жана просодиялык белгилер болсо, анда сүйлөм сөздөр, ар кандай тыбыштар жана просодиялык белгилер үчүн белгилерди камтыйт.

Тилдин элементтери: – сүйлөмдүн бөлүктөрү: сөз, муун, тыбыштар, просодиялык белгилер.

Фразеограмма же сүйлөмдүн бөлүктөрү кадимки жазууларда сейрек кездешет, бирок бардык стенографиялык системанын маанилүү бөлүгүн ээлейт. Муундук белгилер муундук жазууга мүнөздүү. Просодиялык бел-

гилердин ичинен сан (же узундук), акцент (же басым), тон жана пауза, булардын акыркылары бир жагынан сөздүн бөлүнүшүн, ошондой эле үтүр түрүндөгү тыныш белгилерди билдирет. Адатта жазуу просодиялык белгилерди адекваттуу көрсөтө албайт. Мисалы, «Сиз үйгө барасызбы?» деген сүйлөмгө суроо белгиси коюлат, бирок бул суроонун кайсы сөзгө тиешелүү экендиги окуучунун эркине байланыштуу болот. Илимий транслитерацияда просодиялык белгилерди берүү үчүн атайын белгилер колдонулат. Мисалы, ар түрдүү диакритикалык белгилер же сандык индекстер (1982: 25).

**Жазуу жана оозеки кеп.** Жазуу эч качан тилдин оозеки формасынын так эквиваленти эмес. Бир кептик бирдик бир белги менен, ал эми бир белги бир гана кептик бирдикти билдирген абалга жазуу келип жеткен жок. Ал түгүл, И. Е. Гельб белгилегендей, алфавиттик жазуу да жазуунун эң өнүккөн түрү, тыбыш менен белгинин ортосундагы мамилелерди берүүдө ыраатсыздык көрүнүштөрүнө бай.

**Жазуунун өзгөчөлүгү.** Албетте, жазуу кепти туюндурат, бирок ал кептен башка эч нерсени билдирбейт дегендик эмес. Кайсы жазуу болбосун, ал түгүл өнүккөн фонетикалык жазуу да көптөгөн формаларга бай, үн чыгарып окуганда эки башка түшүнүктү билдирип, оңой эле туура эмес түшүнүүгө жол бериши мүмкүн. Мисалы, символ катары колдонулган стрелка ситуацияга жараша ар кандай мааниге бере алат: жол боюндагы стрелка «ушул тарапта» деген түшүнүктү, ал эми погребдин алдындагы стрелка «эшик мында» дегенди билдирет. Жазуунун фонетикалык системасынын бөлүгү катары стрелка убакыттын өтүшү менен бир же эки ар башка кептик мааниге (‘жөнөө’ (‘идти’) (тигил жакка)’, (‘ээрчүү’ ‘следовать’) ээ болууга тийиш (1982: 27). Белгилердин фонетикалык системасынан тышкары ошондой эле математикада, логикада ж.б илимдерде шарттуу белгилер бар.

Жазууда маанилер белгилердин шарттуу формалары менен эле эмес, ошондой эле баяндоо түрүндөгү ыкмаларга

таянган ар түрдүү кошумча ыкмалар, түс, позиция жана ситуациянын контексти аркылуу да берилет (1982: 28).

Жазуунун эң байыркы чыгыш системасы, мисалы, месопотам, египет ж.б. толугу менен фонетикалык болуу менен бирге эле, сөздүк жана муундук мааниси бар шарттуу белгилерди колдонгон. Бирок, толугу менен фонетикалык жазуулардын ичинен айрым маанилер кээде шарттуу белгилер менен эмес, баяндоо-сүрөттөө жолу менен аткарылган сценалар аркылуу берилген.

Азыркы учурда жазууда түстүн ролу маанилүү деле эмес, айрым учурда гана маанилерди таблицаларда ачыктак дифференциялоодо, мөөрдө жана кол менен жазылган жазууда кара жана кара күрөң түстүн колдонулушу нормалдуу деп эсептелет. Мурунку мезгилдерде, качан жазуунун бардыгы кол менен жазылган кезде, түстөрдүн дифференциясы көбүрөөк кездешчү. Мисалы, байыркы мексикалык, кийинки индеецтердин кол жазмаларында түс белгилери көп учурагандыгы белгиленип келет. Индеецтерде ак – тынчтыкты жана бакытты, кара түс – өлүмдү, кызыл – ийгилик менен салтанатты билдирчү. Кипу системасында эсеп иретиндеги маалыматты билдирүүдө ар кыл түстөгү түйүндөр менен боолор байланчу. Түстөр ар кылдуу болгон жана маалыматтын мүнөзүнө жараша тигил же бул түстөгү боолор колдонулган.

«Позиция принциби» математикада маанилүү. Ал эми «ситуациянын контекстинин принциби» ситуацияга жараша колдонулат. Мисалы, И. Е. Гельб ‘куштун канаты» (‘перо’) деген сөздү мисалга келтирип, анын ар кандай мааниге ээ экендигин (‘калем уч’, ‘куш жүнү’ жана уурулардын жаргонунда ‘бычак’ маанисинде) маалымдайт. Эгерде бул сөзгө «кайда?» деген суроо берилсе, белгилүү бир шарттарга жараша ар кандай жооптор болушу мүмкүн. Ситуация контекстинин принциби жаңсоого байланышкан башка белгилик системаларда да колдонулат. Мисалы, сөөмөйү менен эшикти көрсөтүп турган адамдын сүрөтү бир ситуацияда ‘чыгуу’, башка бир ситу-

ацияда ‘ал жакта’ же ‘ушул тарапта’ деген маанилерди билдириши мүмкүн. «Ситуация контекстинин принциби» ар кандай карикатураларда да колдонулган учурлары бар (1982: 30).

## Тил жана жазуу

XX кылымдын ортосунда жазуу жөнүндөгү илим – графикалык лингвистика тил илиминин бир бөлүмү катары пайда болгон. Графикалык лингвистиканын объектиси – жазуу, жазма текст, жазма, жазма тил (письмо, письменный текст, письменность, письменный язык) болуп эсептелет. Т. А. Амирова өзүнүн «Функциональная взаимосвязь письменного и звукового языка» деген эмгегинде карым-катнашуунун жазма формасынын табияты жана орду деген маселеге эки негизги мамиле бар экендигин белгилейт: 1) «ошол бир эле тилдин эки формасынын – тыбыштык жана жазма – бар экендигин таануу; 2) бири-бири менен байланыштуу, бирок эки башка тыбыштык жана жазма тилдердин бар экендигин таануу»(1985: 4).

Т. А. Амирова өзү экинчи көз карашты жактайт. Ал: «тилдик жазма форма»- бул тыбыштык дүйнөдөн белгилүү бир мааниде аздыр-көптүр автономдуу жазма тил» (1985:4), - дейт. Т. А. Амирова бул көз карашын далилдөө үчүн көп аргументтерди келтирет. Алардын негиздүүлөрүнүн бири - жазма тилдин материалдык-субстанционалдуу башталышы оозеки тилдин тыбыштык субстанциясынан айырмаланат. Тактап айтканда, жазма белгилер жана тыбыштар (албетте, тиешелүү тартипте) ар башка белгилик системаларды түзөт. Ошондуктан «жазма тил» жана «тыбыштык тил» деген терминдер келип чыгат (1985: 6). Ал: «Жазма жана тыбыштык тил вербалдык ишмердүүлүктүн чегиндеги ар башка семасиологиялык системалар катары чыгышат» (1985: 43), - дейт.

Т. А. Амирова «жазма тил - «ойдун түздөн-түз чындыгы» жана коммуникациянын өзүнчө бөлөк түрү деп

эсептейт. Жазма тил тарыхый жактан тыбыштык тилге караганда жаңы «коомдук-иштелип чыккан система» (1985: 44) болуп эсептелет.

Жазма тил тыбыштык тил менен катар эле башка ар түрдүү конвенционалдык жана семиотикалык системалардан (коддордон) айырмаланып, адамдын тилдик жөндөмдүүлүгүнүн жана ишмердүүлүгүнүн өзгөчө манифестациясы катары, коммуникациянын жана ойлоо ишмердүүлүгүнүн адекваттуу куралы катары тыбыштык тил менен тең функция аткарган система болуп саналат (1985: 48).

**Графикалык лингвистиканын объектиси.** Ошентип, XX кылымдын ортосунда графикалык лингвистика деген жазуу жөнүндөгү илим пайда болгон. Графикалык лингвистиканын объектиси – «жазуу (письмо), жазма текст, жазма (письменность), жазма тил» (1985:48). «Графикалык лингвистика – жазма тилдерди мүнөздөө үчүн изилдөөлөрдү жүргүзөт, бул кайсы жазма текст болбосун, аны бир жагынан, спецификалык белгилер системасынын функциясын аткарышы катары, экинчи жагынан, тыбыштык тилдин касиеттери жөнүндөгү маалыматтардын булагы катары кароого мүмкүндүк берет» (1985: 48).

**Графикалык лингвистиканын предмети жана милдеттери.** И. Е. Гельб жазуу жөнүндөгү атайын илимди түзүүгө 50-жылдары киришкен. Ал аны «грамматология» деп атаган. Грамматология – бул жазуу жөнүндөгү (кайсы типтеги жазуу болбосун) илим. Т. А. Амирова И. Е. Гельбдин эмгеги тууралуу мындай дейт: И. Е. Гельбдин окуусу боюнча жазуулар системасы биринчи кезекте бири-биринен графикалык формасы менен айырмаланбастан, «отличаются ...теми чертами звукового языка, которые они выделяют» (1985: 50). И. Е. Гельб жазуунун бир дагы системасы оозеки кептин түз, так жана бир маанилеш эквиваленти эмес дейт. Ал жазуу жөнүндөгү илимдин негиздерин иштеп чыгуу максатын койгон, бул салыштырма-типологиялык негизде жазуунун кол-

донулушун жана эволюциясын башкарууга жөндөмдүү жалпы принциптерди белгилөө эле (Гельб И. Е., 1952: 23) (Амирова Т. А., 1985: 50).

Кийин И. Е. Гельб грамматологиянын спецификасын жана көлөмүн тактап, анда үч бөлүмдү бөлүп чыгат: субграфемика, графемика, параграфемика.

Субграфемика жазуунун алгачкы формаларын жана идеографияны, графемика жазуунун тыбыштык-тамгалык жана муундук түрүндөгү фонографияны камтыйт. Ал эми параграфемика «занимается некими сопровождающими характеристиками, существующими параллельно с письмом в собственном смысле этого слова» (Гельб И. Е., 1968: 197-198).

Ошентип, грамматология жазуунун теориясы катары пайда болду. Бирок маанилик жагы ар башка авторлордо (мисалы, А. М. Кондратьев, А. А. Волков, В. Р. Реннагель, Р. А. Кроссланд, Л. Р. Зиндер) ар башка каралган. Азыркы лингвистика жазуу жөнүндөгү илимди өзүнчө өзгөчө илимий дисциплина катары аңдап билди. Бир гана изилдөөчүлөрдүн ортосундагы ажырым көз караштар көбүнчө анын компетенциясы, ички бөлүнүштөрү (членения), түшүнүктөр аппараты жана терминологиясы боюнча маселелерде кездешет.

Т. А. Амирова: «Термины «грамматология», «эпиграфическая лингвистика», «графистика», на наш взгляд, менее удобны, поскольку они не обладают связью с традицией и содержат функционально не оправданные смысловые ассоциации» (1985: 52), - дейт. Ал «графикалык лингвистика» деген терминди сунуш кылат. Анын пикири боюнча «графикалык лингвистика» жазма тил менен өз ара байланышта болгон объект - тыбыштык тилдин байланышын айрыкча белгилеп көрсөтүп турат.

Графикалык лингвистиканын эң маанилүү негизги жобосу – жазма тил тыбыштык тил менен өтө тыгыз байланышта болсо дагы, ошол эле мезгилде анын жазма көчүрмөсү эмес. Анын тыбыштык тилдин уюшулуу за-

кондорунан жана каражаттарынан айырмаланган, өзүнүн жеке ресурстары, функционалдык уюушулушу жана өнүгүү законору бар (Амирова Т. А.,1985: 52-53).

**Графемика.** Жазуу жөнүндөгү комплекстүү илим катары графикалык лингвистикада графемика, палеография, графика жана орфография сыяктуу илимдер бар. Булардын ичинен графемика - жазма тилдин структура-функционалдык бирдиктери жөнүндөгү илим, т.а., графема[39] жана алардын катыштары жөнүндө. Графема жазма тилдин берилишин системалык-функционалдык баяндоого багытталган. Эгерде орфография жазма-кептик ишкердүүлүктүн оозеки-кептик ишкердүүлүгүнө байланышкан нормативди, кодду түзүүгө багытталса, графемика биринчи кезекте графикалык материалдын уюушулуш табиятын аныктап чыгууга кызмат кылат, «а также закономерностей соотношения единиц плана выражения письменного языка и единиц плана выражения звукового языка, соотношения, определяемого, с одной стороны, разноприродностью материи и различной ее организацией в этих двух знаковых системах и, с другой стороны, сопряженным функционированием их в коммуникативной деятельности общества» (Амирова Т., 1985: 67).

Графемика, биринчи кезекте, өзү мүчөлөгөн графикалык элементтердин функционалдык касиеттерин изилдейт (1985: 53).

Ошентип, жазма тил жана тыбыштык тил экөө тең карым-катышта коммуникативдик кызматты аткарганы менен, алардын табияты жана уюшулушунда бөтөнчөлүктөр бар.

**Графеманын изилдениши.** Графеманы аныктоодо америкалык жана англиялык окумуштууларда айырмачылыктар кездешет. Америкалык дискриптивдик лингвистиканын традициясындагы аткарылган изилдөөлөр өз ара катыштыгы бар деңгээлдеги фонемалык жана графикалык баяндоонун изоморфтук методдору менен мүнөздөлөт. Мындай методдун негизинде кептик иш-

кердүүлүктүн тыбыштык жана графикалык репрезентациясынын параллелизми жана анын экинчисинин копиялоочу табияты жөнүндөгү гипотеза жатат. Мындай жоболор Р. П. Стоквелл, Дж. Б. Келли, Г. А. Глисон, Н. М. Хенигсвальддын эмгектеринде орун алган.

Англиялык окумуштуулар жазма текст – бул оозеки кепке көз каранды эмес, өз алдынча сфера дешет. Ошондуктан жазма тил изилдөөнүн өз алдынча объектиси катары келет. Тактап айтканда, «графема понимается как мельчайшая смыслоразличительная единица графической системы» (Амирова Т. А., 1985: 70).

Тыбыштык жана жазма кептин функционалдык автономдуулугу тууралуу концепция скандинавиялык окумуштуулар тарабынан изилденип келет. Азыркы француз лингвисттеринин графеманы изилдөөлөрү жалпы теориялык изилдөөлөрдүн чектелүүлүгү жана практикалык багыты менен мүнөздөлөт. Немец окумуштуулары графеманы изилдөөдө жазма тилдин касиеттерин белгилик система катары жана анын тыбыштык түзүлүш менен байланышын ар тараптуу изилдөөгө көңүл бурушууда. Мисалы, В. Флейшер: «подобно тому как фонема является мельчайшей смыслоразличительной единицей устного языка, графема есть смыслоразличительная единица письменного языка» (Флейшер В., 1960: 228), - дейт. Айрым немец окумуштууларынын пикири боюнча «графема прежде всего репрезентирует функциональные элементы звукового языка» (1985:76) ж. б.

Орус тил илиминде жазма тилди лингвистикалык изилдөөгө негиз салган окумуштуу И. А. Бодуэн де Куртенэ болуп эсептелет. Ал: «действительная связь между письмом и языком может быть связью единственно психическою» (Караңыз: Эмгекте: Амирова А., 1985: 77), - деген. Ал графема менен фонеманын ортосундагы айырмачылык адамдын психикалык кабылдоосуна, элестөөсүнө (тилдик ойлонууда) жана адамдын тилдик психофизиологиялык автоматизациясына негизделет

дейт. Анын пикири боюнча фонема андан ары бөлүнбөй турган, майда психикалык жандуу элементтерге бөлүнөт: «с одной стороны, представления отдельных работ (кинемы), с другой же стороны, представления отдельных акустических впечатлений (акусмы). Между тем графемы как простейшие элементы языка писанозрительного, обыкновенно дальше не могут разлагаться» (Бодуэн де Куртенэ, 1963: 212-213).

Бодуен де Куртенэнин көз карашы боюнча психикалык жактан бөлүнбөгөн графемалар «вызывают ассоциацию с целой группой представлений работ (кинем) и их акустических результатов (акусм), объединенных представлением одновременности «исполнения и воспринимания» (Амирова Т. А., 1985: 77). Бодуэн де Куртенэ тилдик аң-сезимди (языковое сознание) тилдик системанын элементтерин ойлонбостон автоматтык түрдө колдонуу катары карайт. Бодуэн де Куртенэ тыбыштык тилдин функцияланышындагы психологиялык жана нейродинамикалык субстратка гана көңүл бурбастан, социалдык инсандын оозеки-тыбыштык гана эмес, жазма кепке ээ болуусуна байланышкан тилдик аң-сезиминин прогрессивдүү өнүгүүсү жөнүндөгү маселени койгон. Бодуэн де Куртенэ жазма тилдин ыкмаларынын өнүгүшү, жазуудагы тилдик аң-сезимдин автоматизмин жана окуудагы көрүү ыкмаларын кошкондо, инсандын тилдик өнүгүүсүндөгү нейродинамикалык жана психологиялык жаңы баскычты билдирет дейт. Ошентип, оозеки-тыбыштык кептик ишмердүүлүк жазма кептик ишмердүүлүк менен айкалышып, социалдык инсандын тилдик ойлоосуна таасирин тийгизет жана аны такыр өзгөртөт (1985: 77).

Бодуэн де Куртенэнин мындай жобосу жазма тил менен тыбыштык тилдин карым-катышын иликтөөдө мааниси чоң.

Албетте, орус тили илиминде бул тууралуу ар кандай көз караштар да бар. Мисалы, Ю. С. Масловдун графологиялык концепциясында (өзүнүн айтуусу боюнча

Бодуэн де Куртенэнин артынан) графема жазма белги катары экиге: 1) фонографиялык тамгалар, басым, созулмалуулуктун ж.б. белгилери, 2) идеографиялык – тыныш белгилер, актай жерлер, абзац ж.б. бөлүнөт. Ю. С. Маслов графема – бул «совокупность соответствий (обязательных или лишь возможных), связывающих в данной системе фонографического письма отдельные графемы и их комбинации с теми или иными звуковыми (фонологически релевантными) единицами языка...» (Маслов Ю. С., 1973: 220) дейт. Ал эми алфавит – тыбыштык (жана башка ар түрлүү) маанилер менен байланышпаган графемалардын ырааттуу тартиби; орфография – «это совокупность предписаний, регулирующих изображение средствами фонографического письма значащих единиц языка» (Маслов Ю.С., 1973: 220; 1985: 77).

В. Г. Гактын пикири боюнча жазуу - белгилердин системасы. Ал: «Как и всякая знаковая единица, графема представляет собой единство означающего и означаемого... С материальной точки зрения означающим может быть определенного начертания буква, буквосочетание, орфографический знак (апостоф, дефис, надстрочные или подстрочные знаки и т.п.). Означаемым, содержанием знака, обычно выступает фонема, но иногда содержанием знака является некоторая функция в системе письменности, принятая в данном языке, причем знак лишь косвенным образом соотносится со звучанием» (Гак В. Г., 1962: 208).

Р. В. Макарова графема тууралуу мындай дейт: «... графема - это и минимальная единица письменной формы языка, и буквенное выражение фонемы» (1969: 80). Окумуштуу ошону менен катар эле графема оптикалык кабыл алууга эсептелген графикалык элементтерге (графа) ажырайт дейт. Ошондой болсо да графеманын мүнөздөмөсү үчүн алардын оптико-графикалык белгилери да маанилүү, «но в то же время именно по связи с означающим, то есть с фонемой, определяется, какие на-

чертания являются одной графемой, а какие – разными графемами» (1969: 83-84).

Е. К. Гусева графема тууралуу мындай дейт: «Графема деген тамгалык белги, жазуунун фонематикалык системасында тамгалардын, же жазуунун идеографиялык системасында иероглифтердин графикалык жазылышынын материалдык жактан ишке ашырылышы» (1973: 222). Т. М. Николаева, З. М. Волоцкая, Т. Н. Молошнаянын эмгектеринде жазууда графикалык белгилердин алфавиттик негиздеги иерархиясы бар экендиги белгиленет. Алар: (1) графемалар, (2) аллографтар (же тамгалар), (3) шрифт бирдиктери, «кол жазманын шрифттери»(«шрифт почерков») (1985: 77).

Ф. Ш. Тагиров графема тарыхый жактан тамгалардын негизин түзөрүн белгилейт: «Графема – это исторически сложившийся остов (костяк) буквы, обязательно повторяющийся в любых разновидностях шрифта» (1976: 47). Ал эми А. Г. Шицгал фонема тамганын скелети дейт: «Графема как отвлеченное понятие представляет собой скелет буквы, который дает возможность художнику отличить одну букву от другой» (1972: 54).

Т. А. Амирова графеманын төмөнкүдөй касиеттерин белгилейт: 1) жазма тилдин системалык-функционалдык бирдиктеринин арасында борбордук орунда жана баалуу мүнөздөмөгө ээ; 2) бул баалуу мүнөздөмө жазма тилдин графемалык деңгээлдеги моделдерин түзүүгө объективдүү негиз болот; (3) бул баскычтагы бирдиктер – графемалар «обладая значимостью, участвуют в реализации функции формо- и смыслоразличения (не будучи сами по себе автономными носителями какого-либо семантического начала в пределах письменного языка); (4) графема жазма тилдин башка деңээлдериндеги системалык-функционалдык бирдиктери сыяктуу эле тыбыштык тилдин системалык-функционалдык бирдиктери менен коррелятивдик-корреспонденттик мамилеге келет, бирок мындай мамиле кандайдыр бир туруктуу схемага негизделбестен,

тарыхый өзгөрүлмөлүү жана функционалдуу ийкемдүү мүнөздө болот; (5) мындай мамилелердин негизинде коомдо кызмат аткарган башка белгилер системаларына жетишерлик түшүндүрүүчү күчкө ээ болуусун жана анын семиологиялык негиз катары кызмат кылуу жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуучу табигый тилдин касиеттери жатат (Амирова Т. А., 1985: 80).

Ошентип, Т. А. Амирова белгилегендей, жазма текст – бул өзүнүн жеке структурасы бар жана жеке тарыхы бар өз алдынча мазмун (сущность).

**Графема жана тамга.** Тамгалар алфавиттин элементтерине кирет, ал эми графема тил системасындагы графикалык элементтерге кирет дейт Т. А. Амирова (1985: 81). Ал эми алфавит жана графикалык система деген эмне?

Графема жана тамга түшүнүктөрүнүн өз ара карым-катышы графеманын элементтерине байланыштуу. Бул маселеге эки көз караш бар. Мисалы, В. Фрэнсистин эмгегинде графемалар бир гана тамгадан турган жөн эле графемалар («просто графемы») жана бириктирилген эки же андан көп тамгадан турган (комбинированный) графемалар деп бөлүнөт (Фрэнсис В., 1958: 451 451). Мында тамгалар менен графемалар окшош деп каралат. Экинчи көз караш боюнча – тамгалар менен графемалар айырмалуу. Графемалар жазма системанын өз алдынча структуралык бирдиктери, алар тамгалар менен окшош болбостон, алар менен өз ара катышта болот дейт Т. А. Амирова (1985:81).

Дж. Маклохлин графемаларды жөнөкөй жана составдуу (же диаграммалар) (1963:30-32) деп берген, ал эми Р. Холлдун терминологиясы боюнча жөнөкөй жана татаал графемалар (1961: 14) деп берилген. Татаал графемалар «үндүү тамгалардын» же дифтонгдордун ырааттуулугу же «үнсүз тамгалардын» айкалышы – бул учурда «графикалык биримдиги» катары келет. Ушуга байланыштуу А. Вийк англис жазуусунда 26 тамга жана 104 графикалык символдор (үндүүлөрдү белгилөө үчүн 60, үнсүздөрдү

белгилөө үчүн 44), алардын арасында бир-, эки-, үч жана төрт элементтик символдор бар (1970: 13-14) дейт. В. Хорейшинин маалыматы боюнча азыркы француз жазуусунун системасында 44 тамгада 111 графема бар, анын ичинде 43ү жөнөкөй жана 68и – татаал. Жөнөкөй графемалар формасы боюнча тамгаларга окшош, ал эми татаалдарынын ар бири бир рече тамгадан турат. Хорейши: «Графемалардын жана тамгалардын бири-бирине дал келбеши ошол графемалардын функционалдык касиеттеринен жана дистрибуциясынан көрүнөт. Мисалы, 43 жөнөкөй графеманын ичинен 17си бир мааниге, калгандары эки же үч мааниге ээ. 68 татаал графемадан 15и өзгөрүлбөгөн татаал, калгандары же татаал, же жөнөкөй», – дейт (Хорейши В., 1973: 187-188, 1: 84; Амирова А., 1985: 84).

Бул мисалдардан тамгалардын санынын аз, ал эми графемалардын санынын көп экендиги, графемалар дагы өз ичинен өзгөрүлбөгөн татаал, же татаал, же жөнөкөй болуп бөлүнөрү ачык көрүнүп турат.

Тамгалар менен графемалардын бири-биринен айырмасын ажыратуунун зарылдыгы – жазма тексттеги тамгалардын тобу бир графеманын манифестациясы катары каралабы же графемалардын комбинациясы катары каралабы – мына ушуга байланыштуу дейт Т. А. Амирова. Мисалы, Х.Спанг-Ханссен изилдөөнүн төмөнкүдөй принциптерин жана методдорун сунуш кылат. Жазма текст оозекиге көз карандысыз анализденет. Ал: «Графемы определяются как классы дальше не сокращаемых и структурно классифицируемых частей выражения, посредством которых может быть построен обобщенный инвентарь графических слогов» (1965: 355, 126), - дейт. Мына ушул негизде «предпологается составлять список непроизводных слов-корней, на базе которого устанавливается дистрибуция одиночных «гласных и согласных букв» и их групп (стечений) в инициальной, медиальной и финальной позициях, а затем частоты встречаемости. Относительная частота встречаемости оказывается кри-

терием для выделения их в качестве самостоятельных графем или отнесения их к комбинациям графем – в соответствии с условиями буквенной манифестации» (Х. Спанг-Ханссен, 1965: 149). Мына ушул методика менен «айрым алынган үндүү графеманын манифестациясы катары *аа* тамгаларынын тутумдашуусун бөлүп көрсөтүүгө болот, ал эми үндүүлөрдүн калган комбинациялары абдан сейрек кездешет; мисалы, *аае, ауо* – бир гана жолу, *оуе* – эки жолу. Үнсүз тамгалардын айкалышынын бардыгы графемалардын комбинациялык манифестациясы катары квалификацияланат (Спанг-Ханссен Х., 1965: 72, 121, 126, 149-199;1958: 85).

Ошентип, тамгалар менен графемалардын өз ара катышын жана касиеттерин аныктоодогу маанилүү фактор – графемаларга караганда алфавиттеги тамгалардын санынын аздыгы болуп эсептелет.

Т. А. Амированын пикири боюнча графикалык лингвистика багытында изилдөөдө графема менен тамгалардын структуралык жана функционалдык айырмасын ажыратуу маанилүү. Графема менен тамга – бул теориялык лингвистикадагы ар башка бөлүмдөрдөгү түшүнүктөр, алар ар башка системалык-функционалдык белгилери боюнча аныкталышат. Тамгалар ар кандай реализацияларда графемалар менен дал келиши мүмкүн, бирок аларга окшош эмес жана аларды билдирбейт. Т. А. Амирова: «Мы можем пользоваться буквами как исходным материалом для установления системы графем (при известном алфавите) и, наоборот, идти от графем (первоначально изолированных графических знаков) с целью установления знаков алфавита при дешифровке (1985: 86), - дейт.

Тамгалар менен графемаларды ажыратууда графеманын төмөнкүдөй бирдиктери, мисалы, кичине жана баш тамгалар ар башка (алфавитте алардын жазылышы айырмаланат) графемалар катары каралат, б. а. алар бирдиктердин жана позициялардын ар кандай инварианттарына тиешелүү кубулуш, анткени аларда сегменттик деңгээлде

бирдей тыбыштык корреспондент жана көбүнчө жалпы графикалык модель болгондугуна карабастан, алар ар кандай функционалдык маанилүүлүккө ээ (1985: 86).

**Графема менен фонема**[40]. Фонема жөнүндөгү теориянын негиздөөчүсү Казан университетинин проф. И. А. Бодуэн де Куртенэ болгон. Ал «определил её как устойчивое представление о звуке, его «психический эквивалент» (Стариченок В. Д., 2008: 674). Бул теория андан ары Л. В. Щерба, Н. С. Трубецкой, Р. И. Аванесов, А. А. Реформатский, С. Н. Бернштейн, М. В. Панов, А. Н. Гвоздев ж.б. эмгектеринде чагылдырылган.

Мисалы, Л. В. Щерба фонеманы аныктоонун критерийи катары анын маани айырмалоочу касиети деген. Ал: «В живой речи произносится значительно больше, чем мы это обыкновенно думаем, разнообразных звуков, которые в каждом данном языке объединяются в сравнительно небольшое число звуковых типов, способных дифференцировать слова и их формы, т.е. служить целям человеческого общения. Эти звуковые типы и имеются в виду, когда говорят об отдельных звуках речи. Мы будем называть их фонемами» (Фонетика французского языка, 1937; Стариченок В. Д., 2008, 647 ), - деген.

В. Г. Гак боюнча графема жана фонема «суть означающее и означаемое знака, который своим означающим входит в одну систему (графическую), а своим означаемым – в другую (фонологическую) единой структуры языка» (1962: 208). Ал эми В. М. Солнцев: «любая буква, являющаяся вариантом одной графемы, может быть точным символическим обозначением фонемы как инварианта» (1977: 223), - дейт.

Айрым «графема» деген терминди колдонбогон авторлордо фонема түздөн-түз тамганын репрезентанты[41] катары берилет. Мисалы, М. Янакиев: «фонема - тамганын кептеги көрүнүшү» (Янакиев М., ВЯ.1964, № 1), – дейт.

Аталган маселе окумуштуулар В. Френсис, К. Бланш-Бенвенист, А. Шервель, Г. Хаммарстрём, В. Хаас, Ю. С. Маслов ж.б. эмгектеринде кеңири каралган.

Т. А. Амирова графика менен тыбыш чыгаруу (звучания) элементтеринин ортосундагы мамиле тыбыштык-тамгалык корреспонденциялардын айланасында топтолгон дейт. Албетте, тыбыштык-тамгалык жазуунун табияты жана функциясы графемалык жана фонемалык системанын ортосунда белгилүү бир структуралык-функциялык окшоштук бар деген жыйынтык чыгарууга негиз берет. Бирок, Т. А. Амирова белгилегендей, фактылык материалдар графемалык жана фонемалык системалардын жана алардын функционалдык бирдиктеринин параллелдүүлүгү жөнүндөгү тезисти четке кагат. Чындыгында эки система жашайт: - жазма жана тыбыштык тилдер, ошондой болсо да эки системанын инварианттарынын сандык жана сапаттык мүнөздөмөсү дал келишпейт. Мисалы, ар кандай маданий тилдик ареалдар үчүн төмөнкүдөй өз ара катыштар мүнөздүү: 1) ар бир фонемага айрым-айрым бир же бир нече графема дал келиши мүмкүн, ошону менен катар «имеются графемы, которым корреспондируют несколько разных фонем»; 2) бир фонема «корреспондирует последовательности графем»; 3) «имеются фонемы, для которых нельзя обнаружить сегментных графических корреспондентов»: белгилүү бир суперсегменттик фонемаларды айрым графикалык бирдиктер же традициялык орфографияда дал келүүчүлүк менен ишке ашыруу мүмкүн эмес. Т А. Амирова: «Графема - это единица письма, значение которой условно. Графемика и фонемика неизоморфны: многое из написанного вообще не произносится» (1985: 92), - дейт. Демек, графема – жазуунун бирдиги жана анын мааниси шарттуу.

Жазма тил жана тыбыштык тилдин функционалдык бирдиктеринин өз ара катышы Бодуэн де Куртенэнин эмгегинде жакшы берилген. Ал тыбыштык тил системасындагы графеманы: а) фонема; б) эки фонеманын биримдиги; г) фонеманын башка фонеманын составдык элементи менен айкалышуусу; д) фонеманын составдык элементи (1963: 213) деп бөлөт.

Жазма текстте графема, биринчиден, тамгалар менен, экинчиден, тамгалардын комплекси, үчүнчүдөн, башка графикалык каражаттардан же каражаттардын комбинацияларынан турат. Бул комбинациялар муундагы, сөздөгү, синтагмадагы орундар (позициялар) менен - шартталат. Т. А. Амирова: «Дистрибуция стечений такова, что они регулярно чередуются с одиночными элементами графики, подчиняясь общим закономерностям синтактики элементов текста» (1985: 92), - дейт.

Мына ушул каралган бирдиктердин өз ара бирдей маанилүү корреспонденцияларынын жоктугу – жазма тилдин аздыр-көптүр автономдуу семиотикалык мазмун (сущность) экендигинин бир далили болуп саналат. Бул, өз кезегинде жазма тилдин спецификалык функционалдык мүчөлөнүшүн аныктайт (1985: 92).

Графеманы спецификалык системанын функционалдык бирдиги катары кароо – графеманы сөзсүз тыбыштык референти бар элемент деп эсептебейт. Графикалык системанын кайсы функционалдык инварианты болбосун графема катары каралышы керек. Эгерде бул маселеге графеманын тыбыштык элемент менен өз ара катышы позициясынан карасак, графикалык системанын бирдиктеринин арасында ар кандай корреспонденциялар: фонографемалар, же фонограммалар, үнсүз графемалар, просодемографемалар, же просодемограммалар – басымдын дифференцияланышын күбөлөйт, ошондой эле түз тыбыштык репрезентациясы жок бирдиктер. Акыркыларынын арасында алардын функционалдык көтөргөн жүгүнөн алып караганда ар кандай рангдагы элементтер бөлүнүп чыгат: «заглавные и строчные знаки, знаки-иероглифы, соответствующие морфемам или целым словам, знаки пунктуации». Акыркылары, алар фонеманын сегменттик системасына катышы жок болсо да, тыбыштык тилдин просодиялык системасы менен байланыштуу (Амирова Т. А., 1985: 93).

Ошентип, графикалык система чегинде, алардын тыбыштык тил менен байланышы жагынан алып караган-

да, алардан абдан айырмалуу элементтер бар экендиги билинди.

Жазма тил өзүнүн милдети боюнча социалдык коммуникацияны андан аркы өркүндөтүүгө кызмат кылат. Ал тыбыштык тилдин өтө жогору өнүккөн функционалдык-семиотикалык сферасынын базасында жана шартында түзүлөт, ошону менен катар ал өзүнүн семиологиялык функциясы жана ачыктык, тактык эрежелери боюнча тыбыштык тил менен тыгыз байланышта болот. Бул байланыш, алардагы бир кыйла функционалдык жалпылыкка карабастан, жазма тил менен тыбыштык тилдин ортосундагы принциптер жана эрежелер боюнча карым-катышына, семиологиялык негиздерине жана функционалдык жактан бөлүнүүчү бирдиктерине бир кыйла ар түрдүүлүк киргизет (Амирова Т. А., 1985: 97). Ошону менен катар эле жазма тилдерин тарыхы бул жалпылыктын натыйжалары жазма тилдин тыбыштык тилге функционалдык көз карандылыгын, тыбыштык тилге карата жазма тилдин интерпретациялык күчүнүн өнүгүүсүн белгиледи.

Ошентип, графема, тамга жана фонеманын жалпылыктары болгону менен алар бири-биринен айырмаланат.

**Жазуунун келип чыгышы.** В. М. Солнцев жазуунун келип чыгышы жөнүндө: «произошло по мере того, как от «изображения» комплекса идей, выраженных в предложении с помощью схематизированных рисунков, люди перешли к изображению отдельных единиц звукового языка – слов, а затем комбинируя знаки, изображающие отдельные слова, стали вновь фиксировать, но уже расчлененно, предложения и более длинные «куски» речи» (1985: 6), - дейт. Жазуунун байыркы системасы логографиялык (иероглификалык) болгон дейт В. М. Солнцев. Ар бир сөзгө бирден белгилүү бир белги туура келген.

**Иероглификалык жазуунун тыбыштык-тамгалык жазуудан айырмасы.** Иероглификалык жазуунун тыбыштык-тамгалык жазуудан айырмасы эмнеде?

Иероглиф сөздүн тыбыштык катмарынан турган тыбыштык элементтерди эмес, тыбыштык бирдиктерди

жана ошону менен анын тыбыштык катмарын толугу менен берет. Башкача айтканда, жазуу белгиси тигил же бул сөздүн тыбыштык катмарын (же азыркы иероглификалык жазууда - морфеманы) «окуйт». В. М. Солнцев: «Поскольку иероглиф воспроизводит звучание единицы языка в целом, постольку ему приписывается и значение записываемой единицы» (1985: 6), - дейт.

В. М. Солнцевдин пикири боюнча азыркы иероглификалык жазуу, мисалы, кытайлык, чындыгында, логографиялык эмес, морфемографиялык болуп саналат, анткени кытай жазуусунда «отдельный иероглиф записывает либо морфему (знаменательную или служебную), либо одноморфемное простое слово» (1985: 6).

Ошентип, иероглификалык жазууда жазма белги тилдик бирдиктерди эки жактуу чоңдук (величина) катары карайт – бул ага коомдук практика ыйгарган тыбыштык жана маанилик жагы. **Иероглифтин өзгөчөлүгү – ал бир эле убакта бирдиктердин тыбыштык жагын (звучание) жана анын маанисин көрсөтүп тургандыгында** *(белгилеген – Г. Ж.)* (1985: 7).

Тыбыштык-тамгалык жазуу башка принципте түзүлгөн. Тыбыштык-тамгалык жазуу белгилери – тамгалар «обозначают не двусторонние единицы как целостности, а только звуковые единицы - фонемы, репрезентируемые звуками» (1985: 7). Тамгалар – бул тилдин бир жактуу бирдиктерин – фонемаларды белгилөөчү белги. Эгерде иероглиф эки жактуу бирдиктерди бир бүтүн катары жазып, өзүнүн материалдык жана маанилик жагы бар эки жактуу бирдикке теңештирилсе, тамга фонема сыяктуу бир жактуу бирдикке теңештирилет: өз алдынча мааниге ээ эмес. «Ее «значение» – это та фонема, которую она изображает» (1985: 7), - дейт В. М. Солнцев. Сөздүн жана морфеманын тыбыштык катмары тамгалардын айкалышы менен берилет (кээде: эгерде сөздүн же морфеманын тыбыштык катмары бир тыбыштан турса бир тамга менен берилет).

**Жазуунун мааниси.** Жазуу мамлекеттин пайда болушу менен зарылдыкка айланган. Ушундан улам жазуу цивилизация менен байланыштуу десек болот. Джеймс Брестед: «Жазуунун ойлоп табылышы жана кагазга жазып алуунун ыңгайлуу системасы адамдын тарыхындагы башка кандай интеллектуалдык жетишкендик болбосун адам тукумунун (человеческий род) андан аркы өнүгүшү үчүн чоң мааниге ээ болду» (Брестед Джеймс, 1926:53; Гельб И. Е., 1982: 211), - деген. Улуу адамдар (Карлейль, Кант, Мирабо жана Ренан ж.б.) айткандай, адам цивилизациясынын чыныгы башаты – жазууну ойлоп табуудан башталат.

Ошентип, жазуунун пайда болушу цивилизациянын келип чыгышынын бирден бир фактору болуп эсептелет. И. Е. Гельб байыркы дүйнөдө бардык ар түрдүү элементтердин күтүүсүз өнүгүү доорунда, б.а. цивилизация доорунда жазуу пайда болгондугун айтып: «Жазуу цивилизация шарттарында гана жашайт, цивилизация болсо жазуусуз жашай албайт»(1982: 211), - дейт.

Жазуу азыркы убакта биздин маданияттын зарыл бөлүгү болуп калды. Жазууга ээ болгонго чейин биз узак жана татаал жолду басып өттүк.

Жазуусуз азыр жашоону элестетүү кыйын. И. Е. Гельб бул тууралуу мындай дейт: «Биздин күндөлүк турмушубузда жазуу ушундай мааниге ээ, мен айта алам, жазууга караганда биздин цивилизация акчасыз, металлсыз, радиосуз, буу кыймылдыткычысыз (паровой двигатель) жана электрсиз жашай алмак» (1982: 212).

Жазуу муундарды бири-бири менен байланыштырат, адамзаттын тарыхын баалуу мурас катары кийинки муундарга тааныштырат, адамдардын ортосундагы карым-катыш мамилелерин, байланыштарын ишке ашырат, баалуу маалыматтарды, тарыхый окуяларды ж.б. кагазга түшүрүп сактоого жана башкалар менен бөлүшүүгө ж.б. шарт түзөт. Санап отурсак, жазуунун мааниси, аткарган кызматы абдан чоң.

**Жазуу жана исскуство.** Жазуунун негизги максаты – көркөм эффектке жетүү эмес, маалыматты каттоо жана жазып алуу болуп эсептелет. Ошондой болсо да бардык мезгилдерде жазуу өзүнө таасир этүүнүн эстетикалык элементтерин камтып келгендигин И. Е. Гельб белгилейт. Бул жагынан ал сүрөткө тартуу (фотография) менен окшошот, анткени алардын экөө үчүн тең практикалык милдеттер биринчи орунда турат, бирок алар, андан тышкары, эстетикалык жактан да таасир этишет (1982: 218).

Жазуунун эстетикалык жагы кээде ашырып көрсөтүлгөндүктөн, жазуунун өзүнүн негизги максаты болгон коммуникация каражаты болуу жагы басаңдап, жазуу орнаментация максатына гана кызмат кыла баштайт, мисалы, араб орнаменталдык жазуусу – абдан кооз, бирок окуганга абдан кыйын, ошондой эле азыркы учурдагы айрым көрнөк-жарнактардагы жазуулар (Гельб И. Е., 1982: 218).

И. Е. Гельбдин пикири боюнча, жазуу утилитардык эмес, эстетикалык аспектте искусствонун бир түрү болуп эсептелет. Ушул касиетинде ал искусствонун жалпы мыйзамченемдүүлүктөрүн бөлүшөт. Мисалы, каролинг кол жазмасынын (почерк) тегерек линиялары роман архитектурасынын тегерек линиялары менен бир катарда турат.

Жазуунун бардык өнүккөн системасында жазманын эки негизги түрү бар:

1) жалпы элдик жана монументалдык максатта колдонулган дыкаттык менен аткарылган каллиграфиялык жазуу;

2) жеке турмушта, баарынан мурда жазууда (письмо) колдонулган кыскартылган курсивдик жазуу (И. Е. Гельб, 1982: 218-219).

Эстетикалык жактан эч кынтыксыз аткарылган жазуу – каллиграфиялык жазуу. Каллиграфиялык жазуунун түп-тамырынан бери өзгөрүп курсивдик жазууга өтүшү менен сүрөттүк формалар сызыктуу формага өтүп, белгилердин алгачкы сүрөттүк мүнөзү билинбей калат.

Жазма эстеликтердин эстетикалык таасири бир топ факторлорго: айрым белгилердин аткарылышына (формасы, көлөмү ж.б.), белгилердин жазууга болгон мамилесине (жайгаштырылышы, белгилердин жана саптардын ортосундагы аралыктар, жазуунун багыты ж.б.) жана жазуу менен эстеликтин байланышына (рельефтик же боёк менен аткарылышы, структурасы ж.б.) байланыштуу (Гельб И. Е., 1982: 219). Маанилүү фактор болуп – айрым белгилердин формасы эсептелет.

Жазуунун жашаган бардык мезгилдеринде өзүнүн мүнөздүү өзгөчөлүктөрү бар жазгычтардын мектептери (писцовые школы) болгон. Мисалы, шумерлик кичинекей чопо тактайчалардагы (Ура династиясынын III доору) абдан майда клинопись белгилери лагаш мектебине, ал эми абдан дыкаттык менен аткарылган хетт иероглификалык жазуулары богазкёй жазгыч мектебине таандык экендиги белгилүү. Ал эми жазгычтардын жеке чыгармачылыгы тууралуу, алар жазуулардын жана документтердин аягына өздөрүнүн атын жазганы менен, маалымат аз.

**Жазуу жана дин.** Жазуунун диний жаратылышы жөнүндөгү көз караш байыркы мезгилде да, азыркы мезгилде да жашап келет. Бул, негизинен, жазуунун магиялык күчүнө ишенүүдөн келип чыккан.

И. Е. Гельб: «Повсюду, как на Востоке, так и на западе, введение письма приписывется божеству»(1982: 219), - дейт.

**Жазуунун жаңы аныктамасы.** И. Е. Гельб адамга жеткиликтүү ар кандай визуалдык системалардын жана ыкмалардын тизмесин берет. Алар:

**а) Көз ирмемчелик коммуникация:**

мыйыгынан күлүү, жылмаюу, жаңсоо;
жаңдоо тили;
тууроо (подражание);
мимикалык бий;
от, түтүн, жарык, светофор менен сигнал берүү;

**б) Стабилдүү коммуникация:**

**I Семасиографиялык ыкмалар** же нака жазууга чейинкилер. Нерселердеги жана башка аздыр-көптүр көпкө чыдай турган башка материалга түшүрүлгөн белги (метка), ошондой эле предметтердин формасы жана түсү; бул эки учурда тең «тилдин оозеки формасы менен байланышы начар деңгээлде экендиги көрүнүп турат» (1982: 329), - деп белгилейт И. Е. Гельб.

**1) Баяндоо-сүрөттөө ыкмасы**

(а) Нерселердеги жана башка аздыр-көптүр көпкө чыдай турган материалга түшүрүлгөн белги (метка)

Сүрөттүк коммуникация
Магиялык жана культтук мүнөздөгү сүрөттөр
Сүрөт искусствосу
Баяндоочу искусство
Мисалы, Траяндын колоннасы, Линда Уорддун баяндамасы: жыгачтагы гравюралардын сериясы
Мөөрлөрдүн иконографиясы

(в) Нерселердин же аздыр-көптүр көпкө чыдай турган материалдын формасы жана түсү колдонулат

Өлгөндөргө эстелик үчүн курулган скульптуралык келбет (сүрөт) (мисалы, көрүстөн үстүндөгү таштар) Скульптуралык искусство

**2) Идентификациялык-мнемоникалык ыкмалар**

(а) Нерселердеги жана башка аздыр-көптүр көпкө чыдай турган материалга түшүрүлгөн белги (метка)

Цифралар, мезгил, продуктылардын түрлөрү, аттар, макал, ырлар ж.б. каттоо;
Менчик белгилер
Геральдикалык белгилер
Чабармандын таяктары
Таш сомдоочулардын жана карапачылардын белгилери
Вампум курлары
Тавро жана татуировка

(б) Нерселердин же аздыр-көптүр көпкө чыдай турган материалдын формасы жана түсү.

«Эс-тутум жардамчылары» (мисалы,
«завязывание узла на носовом платке»)
Цифраларды, продуктылардын түрлөрүн
ж. б. майда таштар, чопо белгилер (значки),
боолор жана түйүндөр (кипу) менен каттоо
«Гүлдөрдүн тили»
«Таштардын тили»

**II Нака жазуунун фонографиялык системасы**

Тилдин оозеки формасы менен байланышы күчтүү деңгээлде болгон белгилер (метки) колдонулат.

Сөздүк-муундук система
Муундук система
Алфавиттик система

**III Параграфикалык система** же жазуунун чегинде же жазуунун чегинен тышкары колдонулган жана тилдин оозеки формасы менен абдан начар байланышта болгон белгилер колдонулган система

Картографиялык ыкмалар
Бухгалтерлик китептер, таблицалар жана графика
Математикада, символикалык логикада жана башка илимдерде кабыл алынган нотация[42]
Криптография (коддор жана шифрлер)
Стенография системасы
Музыкадагы нота жазуусу (запись)
Мимикалык бийлерди колдонгон нотация
Юмордук сүрөттөрдүн жана комикстердин сериялары
Каллиграфия ыкмалары
Ролстэддин көрүнүп турган (зримый) тили (Гельб И.Е., 1982: 329-330).

Нормалдуу алфавиттен экинчи ирет же үчүнчү ирет түзүлгөн көптөгөн системалар жана ыкмалар бар. Мисалы, аларга Морзе азбукасы (көрүнүп турган (зримый) жана ошого жараша көз ирмемчелик жана стабилдүү, же кулакка угулган жана ошого жараша көз ирмемчелик),

Морзе азбукасынын негизинде жарык сигналдары (көзгө көрүнгөн, көз ирмемчелик), Брайл азбукасы (көбүнчө тактильдик жана ошого жараша стабилдүү, ошондой эле көзгө көрүнгөн жана ошого жараша стабилдүү), самолет менен тамгалык белгилерди чийүү (көзгө көрүнгөн, көз ирмемчелик) (Гельб И. Е., 1982: 331).

И. Е. Гельб визулдык белгилер системасына мүнөздүү бөтөнчөлүктөрдү белгилеп көрсөтөт.

| **Дегеле визуалдык белгилер системасы** | **Атап айтканда - жазуу** |
|---|---|
| Көз ирмемчелик же стабилдүү | Стабилдүү |
| Айтылыш (выражение) же коммуникация болот | Коммуникация болот |
| Кандай каражаттар менен болсо да аткарылат | Колдун кыймылы менен аткарылат (1982: 331). |

Биз кыргыз жазууларын мына ушул өңүттөн карайбыз.

В.Д.Стариченок байыркы жазууларды изилдөөчү илим – семасиография тууралуу мындай дейт: «Семасиография (греч. *semasia* ‘значение, смысл’, *grapho* ‘пишу’) – наука, исследующая древние виды письма, к которым относятся пиктография, идеография, санскрит и др.» (2008: 539).

Биз түрк тилдеринин, анын ичинде байыркы кыргыз тилинин өнүгүү өзгөчөлүктөрүн эске алып, кыргыздар колдонгон жазууларды төмөнкүчө классификациялайбыз:

**I Семасиография**

1. Нака жазууга чейинкилер: 1) Сүрөттүк ыкма: Пиктографиялык жазуу; 2) Идентификациялык-мнемоникалык ыкмалар: Эн тамгалар, татуировка; 2. Сөздүк ыкма: Логографиялык жазуу

**II Фонография**

1. Нака жазуу: 1) Жазуунун аралаш системасы;

2) Тамгалык-тыбыштык жазуу.

## I Семасиография. 1. Нака жазууга чейинкилер: 1) Сүрөттүк ыкма: Пиктографиялык жазуу

### Пиктографиялык жазуу. Живопись менен байланышы

Жазуунун тарыхы жазуу пайда болгонго чейин узак мезгил өткөндүгүн тастыктайт. Мына ушул узак мезгил бою «человечество как бы готовилось к созданию письма» (В. М. Солнцев, 1985: 6). А. Аманжолов: «Сколько бы мы ни говорили о том, что этногенез и глоттогенез – процессы разные, все же данные языка остаются важнейшими при попытках перебросить мост между современными народами и их предками» (2003: 274), – дейт.

Кыргыздар эң байыркы эл болгон жана жазуунун сүрөттүк түрүн - пиктографиялык жазууну колдонушкан. Бул нака жазууга чейинки коммуникациялык каражаттарды ичине камтыйт. Нака жазууга чейинки мына ушундай баскычты В. М. Солнцев жазууга чейикилер («предписьмо) деп атайт. И. Е. Гельб коммуникациянын көз менен кабылдана турган жолу жазуунун баяндоосүрөттөө жана идентификациялык-мнемоникалык ыкмалары деп эсептейт.

Жазууга чейинкилер, мисалы, өткөн же учурдагы окуяларды эске сактоо үчүн жыгачка жана башка материалдарга керте оюлуп жасалган белгилер («зарубки»), түйүндөр ж.б. Мына ушундай эле жазууга чейинкилерге аска бетине чегилген ар кандай сүрөттөр, элестер кирет.

Мисалы, А. Аманжолов Тарбагатайдын Карашат жергесиндеги «Бугытас»- «Бугу-Таш» аскасында жана анын айланасындагы аскаларда бугу, аркар, тоо теке, ат, эки өркөчтүү төө, карышкыр, ит жана жөнөкөй жаа менен куралданган жөө жана атчан аңчылардын силуэттик сүрөттөрү абдан көп экендигин белгилейт (2003: 261).

Жазууларда жана петроглифтерде сыйынуучу (культтук) белгилер (мисалы, ыйык деп эсептелген күн менен байланышкан солярдык белгилер) жана башка уруулук

тамгалар-идеограммалар ж.б. да кызыгууну туудурат (2003: 261).

Ал эми байыркы кыргыздардын пиктографиялык жазуулары дүйнө жүзүнө белгилүү. Булар тууралуу өзүнчө сөз болот.

Пиктографиялык жазуулардын өзгөчөлүгү, жогоруда айтылгандай, алардын түздөн-түз тыбыштык кеп менен байланышынын болбогондугунда. В. М. Солнцев: «Алар конкреттүү кепти (речь) эмес, кайсы бир ситуация, окуя, фактылар, ошондой эле ар кандай пландар, каалоо-тилектер ж.б. чагылдырылган идеялардын жыйындысын катташкан» (1985: 6), - дейт.

А. Аманжолов: «Петроглифтер жөн гана сүрөттөр эмес, алар сүрөттүк, пиктографиялык жазуунун, пиктографиянын эстеликтери» (2003: 259), – дейт. Пиктография «байыркы искусствонун» негизинде келип чыкса да, адамдын көркөм-эстетикалык табитин канаттандыруу үчүн эмес, коммуникациялык максатта кызмат аткарат. А. Аманжолов пиктография жазуунун тиби катары кабарды жеткирет, буюм же окуяны графикалык, көркөм белгилер аркылуу «айтып берет», бирок оозеки кептин тыбыштарга ажырашын (фонетикалык, тыбыштык жазуудан айырмаланып) чагылдыра албайт дейт, оозеки кепти сөздөргө, морфемаларга (идеографиялык жазуудан же идеографиядан – логографиядан айырмаланып) мүчөлөй албай тургандыгын маалымдайт (2003: 259).

Пиктография көркөм-эстетикалык табит менен тартылган сүрөттөргө окшош, бирок маалыматты билдирүүчү маанилүү элементтерди камтыгандыгы менен өзгөчөлөнөт, сүрөт коммуникация каражаты болгондуктан эстетикалык жактан коооздолбойт.

В. И. Кодухов: «Первым историческим типом письма была пиктография, т.е. картинное письмо»(979: 58), - дейт. Пиктограмманын кадимки сүрөттөн айырмасы: «пиктограмма сохраняет наглядность, зрительный образ. Однако пиктограмма отличается от рисунка тем, что она

условна и имеет постоянное значение» (1979: 158). Пиктографиялык жазууну түшүнүү оңой болгон, ага атайын сабаттуулук талап кылынган эмес.

С. Ибрагимов пиктографиялык сүрөттүн классикалык мисалы катары Түндүк Америкада табылган (индеецтердин жайында) таштын бетиндеги сүрөттү мисалга келтирет (2002: 45). «Анда таяк кармаган атчан киши, ар биринде ондон сызыкчасы бар беш кайык, үч кыйшык тегерек жана таш баканын сөлөкөтү тартылган. Көрсө бул: 50 адам өзүнүн башчысы менен үч күн деңизде сүзүп, жээкке (кургакка) жетти дегенди билдирет экен» (Ибрагимов С., 2002: 45).

Пиктограммалар, жогоруда айтылгандай, асканын, таштын беттерине, ошондой эле байыркы үңкүрлөрдүн дубалдарына, жаныбарлардын мүйүздөрүнө жана сөөктөрүнө, кайың кабыгынын сырткы катмарына түшүрүлгөн, айрымдары таштын, асканын ж.б. беттерине чукуп жазылып, андан кийин сүрөттөрү тартылган.

Жазуунун сүрөттүк ыкмасын И. Е. Гельб жазууга чейинкилерге киргизет. Ал шумер, египет, хет, кытай жазуулары адегенде сүрөттүк болгондугун белгилейт.

Дегеле, бардык жазуулардын башаты сүрөткө барып такалат. Башка бардык элдердин жазуулары сыяктуу эле кыргыздардын жазуусунун башаты да сүрөттөн башталган.

Пиктографиялык жазуу деп аталган коммуникациянын сүрөттүк формасы өз убагында адамдардын ортосунда карым-катнашуу милдетин өтөгөн, далай муундарга кызмат кылган жана маалыматтарды кийинки муундарга сактаган. Пиктографиялык жазуунун ар кандай мазмунда колдонулгандыгы сакталып калган эстеликтер аркылуу бизге маалым.

**Пиктографиялык жазуунун кемчиликтери.** Коммуникациянын аталган түрүнүн кемчиликтери болгон. Мисалы, абстрактуу жана татаал түшүнүктөр, энчилүү аттар үчүн пиктограммалар болгон эмес, ошондуктан ойду то-

лугу менен билдирүүдө кыйынчылыктар келип чыккан. Көпчүлүк сүрөттөр туруксуз болгондуктан, ар ким каалаганындай колдонгон. Коммуникациянын бул түрү тилдин структурасын (сүйлөмдөрдүн курулушу, сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартиби, сөздөрдүн өзгөрүшү ж. б.), ошондой эле сөздөрдүн ырааттуулугун, алардын грамматикалык формаларын, лексикалык маанилерин, тыбыштык составын бере алган эмес. Ошондой эле пиктограммалардын саны абдан көп болгондуктан, алардын баарын жаттоо да мүмкүн эмес эле.

**Пиктографиялык элементтер азыркы учурда.** Азыркы учурда пиктографиянын элементтери колдонулуп жүрөт. Бул тууралуу С. Ибрагимов: «Пиктограмманын калдыктарын азыр жол белгилеринен, эмблемалардан, төш белгиден, витриналардан көрүүгө болот», – дейт (2002: 45).

Пиктографиялык жазуунун элементтерине өзгөчө эл аралык жана республикалык көргөзмөлөрдө жана мелдештерде колдонулган ар кандай көрсөткүчтөр, ошондой эле жол белгилери, көрнөк-жарнак такталарындагы рекламалык каражаттар, электр линиялары тартылган столбалардагы жана уулуу буюмдардагы эскертүүчү белгилер, балдарга арналган же юморлуу китептерди кооздоочу көркөм каражаттар кирет (Стариченок В. Д., 2008: 438).

## Пиктографиялык жазуунун алгачкы доору тууралуу

Т. Чоротегиндин божомолу боюнча эң алгачкы пиктографиялык жазуу **мезолит**[43] доорунда эле пайда болгон (Чоротегин Т., 2002: 3). Ал эми Ө. Осмоновдун маалыматы боюнча пиктографиялык жазуу кечки палеолит[44] доорунда (б.з.ч. 40-10-миң жылдыкта) эле пайда болгон жана мындай жазуулар Кыргызстандын территориясынан табылган (Осмонов Ө., 2012: 34).

К. Сарткожаулы: «В период позднего палеолита и мезолита насельники Центральной Азии начали пользо-

ваться пиктограммами и другими рисунками (Хойт-Цэнхэр үңкүрүндөгү сүрөттөр)» (Сарткожаулы К., 2012: 89), дейт.

1967-жылы археолог А. П. Окладников монголдук Алтайдагы (Монгольский Алтай) Хойт-Цэнхэр үңкүрүндө аскага оюлуп тартылган сүрөттөрдү изилдеп, алардын палеолит дооруна тиешелүү экендигин аныктаган. К. Сарткожаулы Хойт-Цэнхэрдеги сүрөттөр «являются идентичными с рисунками из пещер Фон-де Гом, Ляско, Кастило, Трех братьев, Альтамир в Европе» (Сарткожаулы К., 2012: 5), – дейт.

К. Сарткожаулынын пикиринде Хойт-Цэнхэрдеги сүрөттөрдү жаратуучулар байыркы алтайлыктардын, ошондой эле кечки түрктөрдүн бабалары болуп эсептелет. Убакыттын өтүшү менен ал жердеги айрым уруулар башка райондорго көчүшкөн, бирок негизги масса ошол жерде калган. К. Сарткожаулы Хойт-Цэнхэрдеги баалуу мурас түрктөрдүн жазуу искусствосунун түзүлүшүнө негиз болуп берген дейт. Окумуштуунун пикиринде палеолит доорунда жаралган рухий маданият неолит, энеолит, коло жана темир доорлорунда байыган жана өзүнүн традицияларын орто кылымдарга чейин арбытып жүрүп отурган (Сарткожаулы К., 2013: 5).

А. Аманжолов неолит доорундагы пиктографиялык жазууга Шубартаус районундагы Буырлы-булак (азыркы Чыгыш-Казахстан областы) петроглифин мисалга келтирет. Эстеликтеги жазуу 1980-жылы изилденген. Бул сүрөт композициясы «связаны с различными видами охоты на диких животных – лошадей, верблюдов и горных козлов. У охотников различное вооружение – простой лук, копье с массивным (каменным) наконечником, праща, дубина» (Аманжолов А., 2003: 253). Бул сүрөттөрдүн мазмуну боюнча «здесь широко применялась загонная охота и охота с приманивающим животным (стреноженная лошадь)». Бул сүрөттөрдүн семантикасы боюнча алардын **неолит дооруна** (б.з.ч. V-III миң жылдык) тиешелүү экендиги

аныкталган. Бул доордо байыркы мергенчилер жапайы айбандарды колго үйрөтө баштаган. Сүрөттөрдө атчандар жок, аңчылар аттарды чылбырдан жетелеп жүрүшкөнү тартылган (Аманжолов А., 2003: 253).

Петроглифтер миңдеген жылдар бою – неолит доорунда, коло доорунда, эрте темир (эрте көчмөндөрдө) доорунда жана андан кийин да чегилген.

А. Аманжоловдун маалыматы боюнча Казахстанда неолиттик петроглифтер – 7-5 миң жыл мурун пайда болгон. Петроглифтердин негизги массасы эрте көчмөндөр дооруна, т. а., б. з. ч. I миң жылдыкка тиешелүү. Кечки (поздние) петроглифтер да бар, алар байыркы түрк дооруна (б. з. I миң жылдыгына) таандык (Аманжолов А., 2003: 259). Алар алгачкы аскага чегилген жазуулардан тартуу техникасы жана ыкмасы боюнча айырмаланат.

## Эрте көчмөндөр же номаддар доорундагы пиктографиялык жазуулар

**Эрте көчмөндөр доору. Скиф маданияты[45].** Талаачылык коомдон номадизмге, б.а. атчан жана көчмөн мал чарбачылыгына болгон секирик эрте көчмөндөр доорунда болгон. Бул доорду М. П. Грязнов «алгачкы көчмөндөр» деп атаган.

В. Массон бул доордо маданият генезисинде маданияттын эпохалык тибинин калыптана баштагандыгын, салт боюнча, коомдун бул тибин толук сыпаттоонун келип чыгышы Геродотко барып такаларын айтып, аны «скифтик»[46] деп атаган (2003,82-б.).

Атчандардын пайда болушун, ошондой эле материалдык маданиятта да пайда болгон жаңылыктарды В. М. Массон скиф үчилтиги («скифтик триада») деп атайт. «Скифтик триада», окумуштуунун пикиринде, ошол доордун мүнөздүү белгиси болуп эсептелет. **Булар ат жабдыктары, атчандарга ылайыкталган курал-жарактар жана көркөм маданияттагы «скиф-сибирдик айбанаттар**

**стили» деген аталышка ээ болгон принципиалдуу жаңы кубулуш** *(белгилеген – Г. Ж.)* (Массон В. М., 2003: 83). Бул доор жөнүндөгү маалыматтар бизге археологиялык ачылыштар аркылуу гана белгилүү болгон.

**Сак регионалдык маданияты.** Эрте көчмөндөрдүн маданиятынын эпохалык тибинин локалдуу көрүнүшүнүн түрү да болгон. Бул жерде бир катар археологиялык жалпылыктары бар, деталдары ар түрдүү, бирок жалпы мүнөздүү белгилерге ээ болгон регионалдык типтеги маданиятты өзгөчө блок катары көрсөтүүгө болот. Маселен, В. Массон Орто Азия жана Казахстандын түштүк райондорунда сак деген ат менен регионалдык маданият жашагандыгын маалымдайт.

**Сак маданиятындагы петроглифтер Кыргызстанда (Чүйдө, Ысык-Көлдө) жана Жети-Сууда (б. з. ч. VI-III кк.).** Региондук сак тибиндеги маданияттын эталону катары түндүк Кыргызстандагы жана борбору Жети-Суу болгон Казахстандын түштүк-чыгышынан табылган эстеликтер болуп эсептелет (2003: 85).

Бул жерде скиф үчилтигинин компоненттерин чагылдырган **чуркап бараткан эчкилердин жана жырткычтардын сүрөттөрү бар шакек сымал тогоо** («бляшка»[47]) **жана жүгөндөрдүн бөлүктөрү** *(белгилеген – Г. Ж.)* сакталып калган.

Сюжети боюнча **«бугу таштар»** деп аталган моло таштар жана Тыва, Монголия жана ага жакын областтардын сунуштаган коллекциялары эң байыркы Азия көчмөндөрү менен байланышкан артефактылардын кеңири таралгандыгын далилдеп турат. Аржана тосмосундагы датасы көрсөтүлгөн ушундай эле моло таштан анын эң эрте мезгили белгилүү болгон. Жети-Суу сак дүйнөсүнүн маанилүү борбору болгон. Эрте буюмдардын («ранние вещи») анча чоң эмес кенчи Ысык-Көлдүн Түп аймагынан да табылган.

Чүй өрөөнүндө жана Ысык-Көлдүн жээктеринен бир нече бугу таштар табылган. **Андагы таштарга бугулардын, камандардын жана башка жаныбарлардын сүрөт-**

**төрү, ошондой эле канжар жана жаанын контурлары түшүрүлгөн** *(белгилеген – Г. Ж.)*. В.Массондун байкоосу боюнча Борбордук Азиянын чок ортосунан табылган бугу таштарга караганда түндүк Кыргызстанда табылган бугу моло таштар жөнөкөйрөөк жана жупуну көрүнөт. Бирок, В. Массон алардын ушул типтеги материалдык маданий эстеликтерге кире тургандыгын белгилейт. Ал: «Эти ранние комплексы восходят к **VII, если даже не к VIII в. до н. э.**» *(белгилеген – Г. Ж.),* – дейт (Массон В., 2003: 100).

Мындай пиктографиялык жазуулар байыркы көчмөндөр түндүк Кыргызстандын территориясында турмуш кечиргендигин айтып турат. Жогорудагы **бугу, каман жана башка жаныбарлардын сүрөттөрү** кыргыздардын аңчылык менен кесиптенишкендигин, ал эми канжар жана жаанын сүрөттөрү алардын жоокерлик турмушунан кабар берип турат.

Сак борборунун бир кыйла бөлүгү Ысык-Көлдүн жээгинде жайгашкан. Тарыхый булактар аны суу астында жүргүзүлгөн археологиялык табылгалар далилдеп тургандыгын айгинелейт. Мындай табылгалардын ичинде эрте-көчмөндүк «ооздук», «псалии» (жүгөндүн комплектисинин бир бөлүгү) жана курал-жарак буюмдары болгон. В. Массон суунун (Ысык-Көл) астына сак коомунун маанилүү борбору кеткендигин, бул болсо көрүстөндөргө коюлган эстеликтерден улам белгилүү болгондугун маалымдайт (2003:104).

Сак регионалдык тибиндеги маданияттын дагы бир тобу Тянь-Шань жана Алтайдагы байыркы көрлөр эсептелет. Мындай байыркы көрүстөндөргө Кетмен-Төбө некрополу дагы кирет (Массон В. М., 2003). Сак тибиндеги эстеликтер Фергана өрөөнүнүн түштүгүнөн (Алай), ошондой эле Өзгөн районунан да табылган (Винник, 1977). Мындай археологиялык табылгалар сак коомунун Кыргызстандын территориясында кеңири жайылгандыгын көрсөтүп турат.

## Пиктографиялык жазуу кыргыздарда

Енисей жергеси пиктографиялык жазууларга бай. Кляшторный Енисей өрөөнүндөгү эстеликтерди экиге бөлөт: миң-суулук жана тывалык. Ал буларга ушул кезге чейин ачылган (*1964-жылдагы маалымат – Г. Ж.*) 70 көрүстөндүн үстүндөгү таштарда, аскаларда, алтын жана күмүш идиштерде, монеталарда жазылган жазуулар кирерин белгилейт (1964).

## Миң-суудагы пиктографиялык жазуу

Енисейдин ортоңку агымындагы аскадагы сүрөттөр байыртадан бери эле изилдөөчүлөрдүн көңүлүн өзүнө буруп келет. Хакас-Миң-Суу ойдуңундагы аска беттери чегилген, оюлуп жазылган жана боёк менен боёлгон жазууларга абдан бай. Аларды «асман алдындагы музей» деп аташат. Бул жердеги жазуулардын көптүгүнө жана жыштыгына изилдөөчүлөр да таң калышкан. Адрианов бул жерде бүт аска-зоолордун жер менен капталган түбүнөн баштап чокусуна чейинки көрүнгөн жерлеринде гана эмес, көздөн далдаа жерлеринде, колоттун баштарында, тоо боорундагы кырбууларда (карниз) жана аскалардын урчуктарында, суусуз жана турак-жайлардан алыскы жерлерде жазуулар жыш (Адрианов, 1904, (I), с. 8) дейт.

Булар кыргыздардын коммуникациянын жазууга чейинки сүрөттүк ыкмасын (пиктографиялык жазууну) колдонушкандыгынан кабар берет. Кыргыздар жазууга боло турган нерселердин бардыгына жазышкан, коммуникациянын бул түрү байыркы кыргыздардын жашоо-турмушунан, үрп-адаттарынан, дүйнөгө көз караштарынан, диний ишенимдеринен ж.б. даректүү маалыматтарды берет. Натыйжада, кыргыздардын тарыхынын такталуусуна, жаңы барактарынын ачылышына түздөн-түз көмөк болот.

## Карасук маданияты. Пиктографиялык жазуудагы «айбанаттар стили» миң-суулук кыргыздарда

С. В. Киселев енисейлик кыргыздар жөнүндө айтып жатып, «…уже почти два тысячелетия существовали там разнообразнейшие рисунки на скалах и на нарочито поставленных стелах» (Киселев С. В., 1951), – дейт. Жогоруда айтылгандай, Миң-Суу байыркы эстеликтерге жана ал эстеликтерге түшүрүлгөн жазууларга абдан бай.

А. Н. Бернштамдын маалыматы боюнча б.з.ч. биринчи миң жылдыктын башталышы менен Миң-Суу талааларындагы маданияттын мүнөзү жана анын өнүгүшү өзгөрө баштаган, бул Карасук тибиндеги эстеликтерде[48] даана байкалган.

Карасук маданияты мезгилинде кыргыздар малды көбөйтүшкөн. Алар негизинен койдун этин тамак катары пайдаланышкан (көрүстөндөрдө малдан койдун сөөгү гана кездешкен) (Бернштам А. Н., 1998, II: 165). Карасук маданият эстеликтери аркылуу бул мезгилде кыргыздар колго кармаган малдын этин гана эмес, сүтүн да тамак катары пайдалана башташкандыгы белгилүү болгон.

Карасук тибиндеги мүрзөлөр андронов эстеликтериндегидей эле инвентарды[49] камтыйт. Бирок инвентарь жасалуу техникасынын жана коздолушунун мыктылыгы менен өзгөчөлөп турат дейт А. Н. Бернштам. Бул мезгилде колону иштетүү чеберчилиги өркүндөгөн. Бычактын ар кандай түрлөрүн жасоо өзгөчө орунга чыккан. Бычактын саптарына тотемдердин[50] – айбандардын тулкусу түшүрүлгөн (Бернштам А. Н., 1998, II:164,).

Адамдарда тотемдер куралга күч берүүчү касиетке ээ деген ишеним болгон. Ошондуктан алар колдонгон буюмдарга айбанаттардын тулкусу, сүрөттөрү түшүрүлгөн. Ошентип, карасук маданияты мезгилинде эле «айбанаттар стилинин[51]» белгилери байкала баштаган.

Тарыхый жактан алып караганда буюмдарга түшүрүлгөн тотемдердин сүрөттөрү эстетикалык мааниге гана ээ болбостон, кыргыздардын сыйынган магиялык ишеним-

деринен жана жазма тарыхынан кабар берүүчү булак болуп саналат.

### Тотемизм кыргыз пиктографиясында

**Тотемизм[52] коммуникациянын жазууга чейинки скульптурасында.** Кыргыздардын тотемдүүлүгү тууралуу маалымат Гардизинин кыргыздар жөнүндөгү маалыматында айтылат (Бернштам А. Н., 1998, II: 227).

А. Н. Бернштам: «Естественно, что пастуху, скотоводу и охотнику больше всего хотелось видеть такую силу в животных, с которыми он связывал происхождение того или иного племени» (1998, II: 531), - дейт. Ал Миң-Суу жергесиндеги коло предметтердеги эң бийик көркөмдүктө аткарылган жаныбарлардын скульптуралык сүрөттөрүнүн абдан көптүгү мына ушуну менен түшүндүрүлөрүн маалымдайт, бул скультуралардын мүнөздүү белгиси - жаныбарлардын тулкусунун реалдуу аткарылышы дейт. Адегенде мындай скульптураларда жаныбарлардын тулкусу толук берилсе, кийин алардын бир гана бөлүгү, мисалы, башы гана берилген.

**«Кочкор-күн» тотемдик композиция.** Б.з.ч 1-миң жылдыкта таштан биринчи эстеликтер (изваяния[53]) жасалган, эң эле белгилүү эстелик – кочкордун башы болуп эсептелет, башка эстеликтерде күндүн сүрөтү тартылган. Биринчиси да, экинчиси да малчылардын чарбалык ишиндеги молчулуктун эмблемасы катары каралган (Бернштам А. Н., 1998, II: 531).

**Кочкор - культтук жаныбар. Кочкордун ыйык деп эсептелген күн менен байланыштырылышы.** Кыргыздарда кочкор ыйык деп эсептелген. Бул таштарда, аска беттеринде, үңкүрлөрдүн дубалдарына чегилген же тартылган сүрөттөрдөн улам белгилүү болгон. А.Н.Бернштам бул тууралуу: «Баран ...становится одновременно культовым животным ...переплетенных зачастую с культом солнца, как источником всей земной жизни» (Бернштам А. Н.,1998, II: 165; Киселев С., 1933: 280), – дейт. Академ-

мик Н. Я. Марр: «Культ древнего тотема часто восходил в семантическом пучке к идее солнца как источнику всего живого в природе» (Марр Н. Я.,Т.I, 1933, 259), – дейт. Академик муну лингвистикалык материалда көрсөтүп берген. Н. Я. Маррдын бул жобосун кыргыз оймолорундагы сүрөттөр далилдеп турат.

Кыргыздар ооздуктарды абдан көп жасашкан. I-VIII кылымдарда «некоторые псалии сверху были украшены головками барана, а снизу – схематическим изображением копыт» (332). Ооздукту кочкордун башы жана жаныбарлардын такасы менен кооздоо эски скиф-тагар мезгилинен келаткан традиция болуп эсептелет.

**«Кочкор-күн» тотем идеясы – жазууга чейинки архаикалык сүрөттүк ыкма (пиктографиялык жазуу).** «Кочкор-күн» тотем идеясы С. В. Киселевдун карасук стелалары боюнча археологиялык материалдарында (Изв. ГАИМК, 1933, вып.100) кездешет (Бернштам А. Н., 1998, II: 649). Кыргыз орнаменттеринде[54] абдан кызыктуу сүрөттөр бар экендигин, мисалы, «күндө» мүйүздөрдүн же кочкордун башы тартылган сүрөттөр кездешерин айтып, А. Н. Бернштам: «Кочкор – күн» композициясы өтө архаикалык жана ал адамдардын солярдык-тотемисттик көз караштарынан кабар берет» (1998, II: 649), – дейт.

Мындай көрүнүштөр кийин скиф доорунда (б. з. ч.VII-III кк.) уланган жана өнүгүүгө ээ болгон. Ошол мезгилде петрогилифтер, т.а., аска бетине чегилип жазылган сүрөттөр пайда болгон.

**Тотемдер – жаныбарлар...** Тотем деген эмне? Тотемдин өзгөчөлүгү – адамдардын бир тобу өзүлөрүнүн келип чыгышын белгилүү бир жаныбардын түрү менен байланыштырганында. Мисалы, австралиялык адам өзүнүн тотем жаныбарын «бул биздин атабыз», «бул бир тууганыбыз» деп эсептейт. Көбүнчө тотемдер жаныбарлар жана ири канаттуулар: кенгуру, оппосум (ири капчыктуу келемиш чычкандар), жапайы ит, вомбат (капчыктуу суур), жарганат, страус Эму, кузгун, ошондой эле сойлоочулар:

жылан, кескелдирик. Ал эми борбордук жана жарым чөлдүү райондордо тотемдер - курт-кумурскалар, өсүмдүктөр, жансыз дүйнө кубулуштары: күндүн күркүрөшү, жамгыр, күн, суу, жылдыздар ж.б. болгон. Жаныбарлардын ичинен тотемдер көбүнчө байыркы адамдардын аңчылыгы менен байланыштуу болгон (Соколова З. П., 1972: 20).

З. П. Соколова: «Тотемизм не является формой поклонения животным в прямом смысле слова. Тотем не божество, а главное в тотемизме – вера в родство с ним» - дейт, -«для тотемизма характерна и другая черта: вера в то, что тотем воплощается в человеке» (1972: 20). Ал эми адам өлгөндөн кийин анын жаны (душа) жаныбарга өтүп кетет деген ишеним кийин жан (душа) жөнүндө түшүнүк пайда болгондон кийин келип чыккан (1972: 20).

Тотемдер уруу үчүн абдан ыйык деп эсептелген. К.Сарткожаулы: «Сохранить тотем было вопросом чести. Тотем объяснял происхождение рода, был прародителем, охранявшим род от бедствий и несчастий» (2013: 87), - дейт. Коомдун мүчөлөрү тотемдерден аңчылыкта, согуштук жортуулдарда, согуштарда жардам, колдоо, кайрымдуулук сурашкан, ошондой эле майрам учурунда аларга сыйынышкан жана ийгиликтери үчүн алкыш айтышкан (Сарткожаулы К., 2013: 87).

Сибир элдеринде тотемизмдин калдыктары абдан көп. Мисалы, бүркүт якуттардын тотеми болгон. Якуттар бүркүттөн таралганбыз деп эсептешкен жана бүркүттү өлтүрүшкөн эмес. Якуттарда ат дагы тотем болгон.

Орто Азия элдеринде жаныбарларды урматтоонун издери (төө, кой, тоо эчки, ат, жолборс; канаттуулардан – көгүчкөн; ошондой эле - жылан) сакталган. Кыргыздардын бир группасында үкүдөн чыкканбыз деген ишеним болгондугу тууралуу маалымат бар: «Одна из групп киргизов в прошлом считала себя происходящей от филина» (Соколова З. П., 1972: 36). Бул канаттууну кармаган кишилерден аны сатып алышкан жана эркиндикке коё беришкен. Эгерде бул канаттууну кыйнап жатканын

көрүшсө, «Эмне үчүн атаңды кыйнап жатасың?» - деп ага болушкан (1972: 37).

Колодон жасалган кичи скульптуралардын гүлдөгөн мезгилин тотемдердин, т. а., уруулардын бабаларын чагылдырган жаныбарлардын миниатюралык турпаттарынан билүүгө болот. Буларга бугу, теке, аюу, барс ж.б. кирет. Көбүнчө жапайы айбандардын сүрөттөрү басымдуулук кылат (Бернштам А. Н., 1998, II: 532). Анткени жапайы жаныбарлар күчтүн символу болгон. Бул сүрөттөрдүн гүлдөгөн мезгили б.з.ч. VII-I кк. туш келет жана бул маданий комплекстер археологдор тарабынан тагар маданияты деп аталган.

**Кыргыз петроглифтериндеги тотемдер - бугу, теке, барс.** Кыргыздарда бугу тотем деп эсептелген. Бугунун сүрөтү кыргыз петроглифтеринде кеңири учурайт. А. Н. Бернштам: «Здесь мы отметим бегущего оленя с запрокинутой назад головой, отяжеленной волютообразно трактованными рогами, находящими аналогии как в скифском рисунке и раннекитайском искусстве, так особенно в петроглифах Монголии того же времени» (1998, II), – дейт. Ошондой эле ошол эле стилде аткарылган секирип жаткан текенин сүрөтү кездешет.

Ал эми таманын койдун үстүнөн салаңдатып ага коркунуч туудуруп турган барстын сүрөтү тартылган композиция скиф сюжетиндеги айбанаттардын кармашын эске салат.

Айрым кыргыз урууларынын тотеми барс болгондугун башка маалыматтар да ырастайт, аларда «барс» деген сөз «күчтүү барс», «атактуу барс» деген эпитеттер менен берилет (W.Radloff. АТИМ, 320), бир жерде уруунун аты да «Барс» деп аталган.

«Барс» уруусунун кыргыздардын арасында көрүнүктүү орунду ээлегендигин белгилеп, А. Н. Бернштам: «...о чем говорит, в частности, такой факт, что восточные тюрки имеют дипломатические отношения и выдают княжну замуж за кыргызского Барс-бега» (1998, II: 190), - дейт.

«Барс» деген сөз баатырларды сыпатоодо да колдонулган. Кыргыз каганынын аты да Барсбек деп аталганы тегин жерден эмес.

Тотемдердин ичинде **фазандын** да сүрөтү бар, бул түрк-согду искусствосундагы сүрөттөргө окшошот.

## Умай-эне

А. Н. Бернштамдын маалыматы боюнча кыргыздардагы матриархаттын калдыгы үйдүн очогунун ээси образындагы «Умай» деген түшүнүккө сыйдырылган. Бирок «Умай» титул катары уруу башчысы түшүнүгүнө тете колдонулуп калган учуру бар. Мисалы, «Умай» деген титулду бир уруу башчысы, бек алып жүргөн. А. Н. Бернштам: «Такой синкретизм в термине «Умай-бег» наглядно свидетельствует об ассоциациях у кыргыз с положением родоначальника имени Умай» (1998, II: 190), - дейт.

Энени – үйдүн очогунун ээси катары ыйык образга айлантуу карасук маданияты мезгилинде болгон. Бул аталган доордогу аялдын белине чейин же бүт тулкусу түшүрүлгөн таш балбалдардан (монумент) көрүнүп турат. Ошондой эле карасук доорунда Миң-суу талааларынан уйдун эмчеги формасындагы сүт саай турган идиштер табылган. Мунун өзү адегенде сүт саап алууга өзгөчө маани берилгендигин айтып турат, ал түгүл бул магиялык мүнөзгө ээ болгон. Бул тууралуу А. Н. Бернштам: «Употребление такого типа сосудов с несомненностью свидетельствует о магическом характере первоначального доения скота» (Бернштам А. Н., 1998, II: 165), – дейт. Бекеринен сүт берүүчү малды бул кезде «видимо, сохраняли и не убивали при захоронении сородича» (Бернштам А. Н., 1998, II: 165).

А. Н. Бернштам белгилегендей, кыргыздарда мифологиялык кудай Умай, т. а., үйдөгү коломтонун жана балдардын коргоочусу катары ыйык деп эсептелет. Ал кыргыздарда эле эмес түрк элдеринин ичинде кеңири тараган Умай эненин образында берилген.

Умай эне жөнүндө Б. Урстанбеков жана Т. Чоротегиндин сөздүгүндө: «УМАЙ ЭНЕ – түрк элдеринин мифологиясындагы негизги кудайлардын бири, төлдүн ж-а түшүмдүүлүктүн кудайы, аялзаттын колдоочусу» (1990: 183), – деп берилген.

## Копён дөбөсүндөгү табылгалардагы жырткыч жаныбарлардын сүрөттөрү, алардын байыркы айбанаттар стилиндеги сүрөттөр менен байланышы

Копён дөбөсүндөгү табылгаларда жырткычтардын сүрөттөрү түшүрүлгөн. Мисалы, алардын ичинен № 6 жана № 7-дөбөлөрдөгү биринчи көмүскө жайда булар болгон: «литые щитки с тремя лопастями и петлей для подвешивании, украшенные ажурным растительным узором. На средней лопасти изображена **маска хищника кошачьей породы»** *(белгилеген - Г. Ж.)* (Киселев С. В., 1951: 78). Мындай бет каптар Енисейде жана Алтайда гунн-сармат доорунан бери белгилүү эле, мына ошондон бери мындай копён бет каптарынын сакталып келатканы белгилүү болду. Булар кийинки мезгилде да дээрлик VIII-IX кк. чейин ар башка жерлерде колодон жасалган буюмдардын орнаментикасында сакталып калган. Каптал калактарында **жырткычтардын капталынан тартылган тумшуктары сүрөттөлгөн** (1951: 78). Алар миң-суулук коло-тагар доорундагы дал эле ушундай (мисалы, бычактын сабындагы) сүрөттөр менен дал келет.

Ошентип, Копёндеги дөбөлөрдөн табылган тогоолордогу жырткычтардын сүрөттөрү менен байыркы айбанаттар стилиндеги сүрөттөрдүн ортосунда генетикалык байланыш бар экендиги билинген. С. В. Киселев бул VI-VIII кк. кыргыз искусствосундагы айбанаттар орнаментациясынын негизин, башатын аныктоодо чоң мааниге ээ экендигин белгилейт (1951: 78).

Ошол эле Копён дөбөлөрүндөгү көмүскө жайлардан баалуу алтын идиштер менен тогоолор табылган, аларда

**айбанаттар стилиндеги сүрөттөр** *(белгилеген – Г. Ж.)* орнаменттин башка элементтери менен айкалышкан.

Мисалы, № 2-дөбөдөгү көмүскө жайдан табылган алтын табактын (тарелка) үстүнө ичке чеканкалаган орнамент салынган, «растительные побеги с »цветами образуют сложный узор, в котором вокруг центральной виньетки расположены шесть медальонов. В каждой из них помещена пара грифов, особенно схожих с китайским фениксом» (1951: 78). Буга параллель катары Тан доорундагы өсүмдүк оюулары менен коздолгон кытай жибек кездемесинин орнаментациясын мисалга келтирүүгө болот, бул копён табагындагы оюуга өтө окшош. **Грифондор** асманда жүрүшөт, алардын тумшугунда «расцветающий ромб». Ромб – бул жеңиштин символу болгон. С. В. Киселев: «..трактовкой головы и мощных лап грифы золотой копёнской тарелки теснейшим образом связываются с древним грифом скифо-сибирского звериного стиля» (1951: 79), - дейт.

Ошол эле № 2-дөбөнүн биринчи көмүскө жайынан табылган алтын кумуралардын биринде өтө татаалдашкан, чеканкаланган бай орнаменттер болгон. Анын негизин өсүмдүктөр оюулары түзөт, кумуранын моюнунда жана тулкусунда эки ярус менен жайгашкан медальондордун катарын өсүмдүктөр оюусу алкактап турат. Ар бир медальондо тумшугунда балыкты (балык схемалуу берилген) кармаган бирден кулактуу **грифондун** сүрөтү, медальондун жогорку жана төмөнкү жагында балыкты кыйнап жаткан башка жуп грифондун сүрөтү жайгаштырылган.

Мындай мотив, антик Грецияда балыкты тытмалаган **бүркүт** – геральдикалык символ болгон; кийин бул мотив алгачкы византиялык жана өзгөчө сасанид буюмдарында кездешет. Ошондой болсо да копён кумурасында грифон сасанид күмүшүндөгү жырткыч канаттуулардан айырмаланат. С. В. Киселевдун пикири боюнча «...**ушастая хищная голова грифов** кувшина сохраняет многие черты схемы, разработанной еше в древнем степном зверином стиле» (1951: 79).

Мына ушуга окшогон мотив № 2-дөбөнүн экинчи көмүскө жайынан табылган эки алтын тогоодон да табылган. Алар алтын идиштеги сүрөттөрдөй эле **тумшуктарына балыкты кармаган грифондор.**

Ошентип, С. В. Киселев Копён, Капчалов жана Уйбат эстеликтери кыргыздардын прикладдык искусствосу абдан татаал болгондугун айтып турат дейт. Ал ошондой эле талаадагы эң жогорку скиф-сибирь стилиндеги традицияда өнүккөн кыргыздардын искусствосу эң чоң чыгармачылык күчкө ээ болгондугун жана кылымдар бою жыйналган жаңы оригиналдуу формаларды иштеп чыккандыгын, ошондой эле ирандык батыш жана кытайлык чыгыштан агылып киргендерди өз боюна сиңиргендигин белгилейт.

Айбанаттар стилиндеги сүрөттөрдүн традициялык түрдө кийинки мезгилдерге чейин колдонулгандыгы – кыргыздардын өздөрүнүн байыркы тарыхына жасаган урмат-сыйы деп түшүнсөк болот. Кыргыздар өздөрүнүн тарыхын сүрөт түрүндө да, тамга түрүндө да, символ түрүндө да түбөлүккө калтырышкандыгы жогорку даректүү маалыматтар аркылуу белгилүү болуп отурат.

### Хакасиядагы пиктографиялык жазуу

**Хакасиядагы пиктография. Аска бетиндеги антропоморфтук сүрөттөр. Байыркы жана азыркы сүрөттөр, алардын байланышы.** Хакастардын сүрөттөрү жөнүндөгү маалыматтар XVII кылымга барат. Эң биринчи XVII кылымга тиешелүү болгон хакас жазуусун (писаница) – аска бетине кызыл боёк менен түшүрүлгөн тамгаларды, жаныбарлардын сүрөттөрүн, антропоморфтук фигураларды Енисейден 1722-жылы Д. Г. Мессершмидт тапкан жана кагазга түшүргөн [Messerschmidt, 1962, Abb. 8; Кызласов Л. Р., Леонтьев Н. В., 1980: 8].

Асканын бетиндеги жана таштардагы абдан популярдуу элементтер - антропоморфтук сүрөттөр экен. Мисалы,

Миң-Суу музейине алынып келинген оглахты плиталарында тамга сымал белгилер – 39, адамдын фигуралары – 193. Ушуга окшогон жазуулар Комарков жазуусунда (писаница) да бар.

Хакас антропоморфтук сүрөттөрү байыркы аскага чегилген адамдардын сүрөтүнө окшошот деген пикир жашаган. Окумуштуулар аскага түшүрүлгөн сүрөттөрдөгү жазуулардын кайсынысы байыркы, кайсынысы кийин түшүрүлгөн сүрөттөр экендигин аныктоо үчүн изилдөө жүргүзүшкөн. Мисалы, археолог И. Т. Савенков Енисейдин сол жээгиндеги Копён кыштагынын жанындагы жазуулар боюнча мындай жыйынтыктарды чыгарган: «Рисунки зверолобов и древних пастухов отличаются отсутствием человека. Они по-гомеровски отражали внешний мир, а новокопёнские, так называемые «иероглифические», - нет. Они имеют всего чуть ли не две фигуры лошади, а остальное - люди, люди и люди, мужчины и женщины, тамги, тамги и тамги, т.е. – тавры, тавры и тавры, шаман с бубном и колотушкою, ...человек в круглой шапке с кистью, человек в шапке с длинными ушами и т.д.» (Савенков, 1886; Кызласов Л. Р., Леонтьев Н.В, 1980: 9).

Ошентип, Енисейде байыркы сүрөт жазуулар менен катар эле кийин хакастар тарабынан тартылган сүрөттөр бар.

**Хакасиядагы азыркы сүрөттөр, алардын байыркы сүрөттөр менен байланышы.** Хакастар тарткан сүрөттөр кандай болгон? Аларды карап көрөлү.

Адрианов Оглахты тоосунун эңкейишиндеги өзүнчө жаткан плиталардан хакастар тарабынан чегилген сүрөттөрдү көргөн. Ал бир өспүрүмдүн байыркы жазуулардан (писаница) фигуралардын копиясын плитага чегип, кээде импровизициялап жаткандыгын байкаган жана өспүрүмдүн бул ишке абдан олуттуу мамиле жасагандыгын белгилеген. Ал өспүрүмдүн Саргов улусундагы малчы экендигин, тоодо мал багып жүрүп, зериккенинен күнүгө плитага темирдин кесиндиси менен фигуралар-

ды чегип жүргөндүгүн билген (Кызласов Л. Р., Леонтьев Н. В., 1980: 9-10).

Мындай сүрөттөр Аскиз жана Усть-Есин кыштактарынын ортосундагы дөбөлөрдөгү плиталарда кездешет (Островских П. Е., 1895: 325).

С. А. Теплоухов 20-жылдарда бир малчынын байыркы жазма эстеликке өзүнүн тамгасын дыкаттык менен жазып жаткандыгын көргөн (Л. Р. Кызласов, Н. В. Леонтьев, 1980: 11).

Мындай мисалдарды көп эле келтирүүгө болот. Бирок алар эмне үчүн жана кандай максатта чегилген?

С. В. Иванов хакастардын байыркы дөбө эстеликтеринде жана жаңы көрүстөндөрдө да фигураларды чегишкендигин, алардын байыркы петроглифтерди тууроо максатындабы же башка максаттарда аткарылганбы – белгисиз экендигин айткан (Иванов, 1954: 588-589). Бул – өзүнчө изилдөөнү талап кылган чоң маселе.

Д. А. Клеменец Арбат жазуусуна азыркыга чейин кимдир бирөө жаңы белгилерди коюп келет деген каңшаар жашагандыгын, бирок аларды текшерүүгө каражат болбогондугун маалымдайт, «но казаки, видавшие ее, уверяли меня, что там такие рисунки, какие бывают на шаманских бубнах» (1989: 8), - дейт ал.

Ал эми шаман чылдырманында кандай сүрөттөр болгон? Хакас чылдырманындагы сүрөттөрдүн мазмуну ар башка болгону менен стили жана аткарылышы жагынан бирөңчөй болгон. Ал эми алардын мазмуну кандай болгон? Бул тууралуу Д. А. Клеменец мындай дейт: «Способ изображения людей, лошадей и других животных как на могильных камнях, так и на шаманских бубнах один и тот же, насколько можно было сравнивать их между собой по имеющимся у нас материалам» (Клеменц Д. А.,1886, 38-39).

Ошентип, шаман чылдырманына, көрүстөн таштарына адамдардын, аттардын жана башка жаныбарлардын сүрөттөрү түшүрүлгөн, алардын аткарылыш ыкмалары бирдей болгон.

Хакастар тарткан сүрөттөр Миң-Суу музейине жыйырманчы кылымдын чегинде түшө баштагандыгын Л. Р. Кызласов, Н. В. Леонтьев белгилешет (1980: 9).

Бирок буга окшогон хакастардын кийинки сүрөттөрү Сибирь элдеринин көркөм искусствосун изилдөөчүлөр тарабынан эске алынбагандыгын Л. Р. Кызласов, Н. В. Леонтьев эскертишет. Мисалы, Е. Р. Шнейдер мындай дейт: «Сүрөттөр абдан аз таралган. Алар шаман чылдырманында, тӧс (духтарды сүрөттөөдө), кээде гана үй тиричилигине байланыштуу предметтерде, көрүстөндүн үстүндөгү таштарда кездешет». Р Шнейдер ошондой эле алардын бөтөнчө схемалуу экендигин, көбүнчө Миң-Суу жергесиндеги темир доорундагы жазууларды (писаницы) эске саларын маалымдайт (Шнейдер Е. Р., 1930: 82; Кызласов Л.Р., Леонтьев Н. В.: 1980: 11).

Сүрөттөрдүн аткарылыш ыкмалары алардын мурунку жазуулар менен байланышын көрсөтүп турат.


А. В. Адрианов Оглахты тоосундагы көптөгөн фигуралар ондогон кылымдар мурун аска бетине чегилген фигураларга техникасы боюнча да, аткаруу манерасы боюнча да окшош (Адрианов А. В., 1904, (II) л.2) деген.

Мындан хакас сүрөттөрүндө байыркы кыргыз сүрөт жазуусунун традициясы улантылгандыгы көрүнүп турат.

**Сүрөттөр үй-тиричилигине байланыштуу буюмдарда жана тагар дөбөсүндөгү таштарда.** Е. Р. Шнейдер ***хакастардын сүрөттөрү негизинен темир доорундагы Миң-Суу аймагындагы жазууларга окшош экендигин*** *(белгилеген – Г. Ж.)* белгилейт. Сүрөттөр үй-тиричилигине байланыштуу буюмдарда жана дөбөдөгү таштарда кездешет. ...мында сүрөт кызыл жана ак боёктор менен, жыгач буюмдарда – оюп жасоо менен ишке ашкан. Ал эми дөбө таштарда сүрөт учтуу темир курал менен чегилген. «И те и другие чрезвычайно схематичны и во многом напоминают писаницы железной эпохи Минусинского края», - дейт Е. Р. Шнейдер (1930: 82).

Ошентип, бул сүрөттөрдүн бөтөнчө схемалуулугу Миң-Суудагы темир доорундагы кыргыз сүрөт жазууларын эске салат.

Л. Р. Кызласов, Н. В. Леонтьевдин маалыматы боюнча 1913-жылы Красноярск музейинин кызматкери Шира деңизине жакын жерден байыркы тагар дөбөсүнөн плита алып келген. Анда кызыл боёк менен тартылган хакас сүрөттөрү: учуп бара жаткан куштар, бактар, чылдырманы менен шаман, күн, теке, элик, бугу жана аюу болгон (Рыгдылон, 1959, табл., 200; Кызласов Л. Р., Леонтьев Н. В., 1980: 11).




**№ 1-сүрөт. Хакасиядагы пиктографиялык жазуулар.** Шира курорттук поселогундагы байыркы бейиттин үстүндөгү плитадагы сүрөттөр *(петроглифтер – Г. Ж.)*. Сүрөттөр кызыл боёк менен боёлгон. Плита Красноярск музейинде сакталуу (Л. Р. Кызласов, Н. В. Леонтьев. 1980: 11).

**Байыркы жана азыркы сүрөттөрдүн айырмачылыгы.** Азыркы мезгилде таштарда жана аскаларда тартылган сүрөттөрдүн байыркылардан айырмасы эмнеде жана аларды бири-биринен кантип айырмалоо керек?

Л. Р. Кызласов жана Н. В. Леонтьев окумуштуулардын алдында «не тагарские ли эти «человечки»? деген суроо туулат дейт. Алар аныкташ үчүн аларды абдан дыкаттык менен изилдөө жана сүрөттөрдүн даталарын систематизациялоо жолу аркылуу ишке ашырууга болот дешет (1980: 33).

Нокоттуу (так-так болгон) техника менен аткарылган адамдардын сызыктуу (линейный) сүрөттөрү «встречены в последние годы на каменных плитах из могил предшествовавшей тагарской карасукской археологической культуры (XIII-VIII вв. до н. э.). Сейчас известно два таких памятника: у Полтакова улуса на р. Есь [Сунчугашев, 1971] и у скалы Хара хая н р. Аскиз (Раскопки Л. Р. Кызласова, 1972 г.) (1980:34).

Л. Р. Кызласов жана Н. В. Леонтьев сызыктуу антропоморфтук сүрөттөр таштык маданияты (б.з.ч. I к. – б.з.V к.) мезгилиндеги жана андан кийинки орто кылым доорундагы сүрөттөрдө кездешпейт дешет. Алардын пикири боюнча XVIII-XX кк. башындагы хакас антропоморфтук сүрөттөр менен өтө сейрек кездешкен коло жана алгачкы темир доорундагы адамдардын фигураларын салыштырууга болот. Мындай аз материалдар менен жыйынтык чыгаруу кыйын болсо дагы, бул эстеликтерде «адамдын фигуралары бурчу жогору караган канатча белги менен (Хара хая, Салбык, Бояры), догоо сымал сызык менен (Есь жана Бояр) берилген. Салбык плитасындагы фигураларда гана адамдан бутунун тамандары белгиленген. Ал эми тизелери эч бир жерде көрсөтүлгөн эмес» дешет Л. Р. Кызласов жана Н. В.Леонтьев (1980: 34).



2-сүрөт



3-сүрөт



4-сүрөт

**№ 2- сүрөт.** Б. Есь суу боюндагы Картоев улусундагы байыркы сандыктын алдыңкы бетине чегилген пиктографиялык жазуу (Т. Т. Тахтараковдун чиймеси (XIX к. 50-жылдарына чейин); **№ 3-сүрөт.** Хакас элдик оюулары; **№ 4-сүрөт.** Өмүр дарагынын жанында – тооктор (XIX к.).

Мындай маалыматтар байыркы жана азыркы хакас сүрөттөрүндө айырмачылыктарды аныктоо үчүн аларды атайын салыштырып изилдөө, тартылган даталарын тактоо ж.б. иштерди жүргүзүү керектигин айтып турат.


**Айбанаттар дүйнөсү нака жазууга чейинки кыргыз сүрөт жазууларында.** Жогоруда айтылгандай, Хакасиянын аска беттери жана таштары жаныбарлардын сүрөттөрүнө өтө бай, анда - текелер, иттер, төөлөр, анда-санда уйлардын сүрөттөрү бар.

Аска бетиндеги сүрөттөрдү техникалык жактан аткаруу ыкмалары эки түрдө болгон. Алгачкы сүрөттөр ноготтуу (точечный), кечки (поздний) сүрөттөрү ар түрдүү болгон. А. Н. Бернштам: «Острым, видимо, металлическим инструментом выбивались на камне изображения, преимущественно животных», – дейт. Алгачкы сүрөттөрдө – жапайы жаныбарлар, кечкилеринде – үй жаныбарлары болгон.

Өзгөчө аттын сүрөтү көп кездешет. Оглахты тоосундагы плиталарда аттардын сүрөттөрү көп жана ар кыл. Алардын аткарылышы эки түрдүү. Типтүүсү – *контурдук*[56], капталынан тартылган сүрөттөр. Аттардын *силуэттүү*[57] сүрөттөрү азыраак. Бирок тигил да, бул да сүрөттөр аттарды капталынан көрсөтөт.




5-сүрөт



6-сүрөт

**№ 5-сүрөт.** Оглахты плитасы антропоморфтук сүрөттөрү менен. Төмөнкү сол жактагы фигура – тиреөчү менен мылтык машаалуу жана оттук таш менен; **№ 6-сүрөт.** Хызыл-Хая. Аска бетине чегилген жаныбарлардын сүрөттөрү.

Аска бетине жана таштарга жаныбарлардын сүрөтүн *сызыктуу орнамент* менен тартуу традициясы Енисейде бир нече миң жылдыкты камтыйт. Мындай сүрөттөрдүн эң байыркысы *«скелеттик»*[58] *стилдеги сүрөт энеолит дооруна* барарын Н. В. Леонтьев белгилеген (1970 (II). Бул кийин темир доорунун башталышында жана орто кылымдарда уланган. Аталган үч доордо ушундай традицияда тартылган сүрөттөр үзгүлтүксүз улангандыгын жана мына ушундай сүрөт традициясы биздин күнгө чейин келип жеткендигин Оглахты сүрөттөрү далилдеп турат дешет Л. Р. Кызласов жана Н. В. Леонтьев (1980: 38).



№ 7-сүрөт.



8-сүрөт



9-сүрөт

**№ 7-сүрөт.** Оглахты. Жаныбарлар дүйнөсү; **8-сүрөт.** Сос суусунун куймасындагы Хызыл-Хая аскасындагы композиция жана эн тамгалар; **№ 9-сүрөт.** Хызыл-Хая. Дарактардын кертиктериндеги (белги) көмүр менен тартылган сүрөттөр (Савенков, 1910).
Хакасиядагы сүрөттөр Л. Р. Кызласов жана Н. В. Леонтьевдин «Народные рисунки хакасов» деген эмгегинен алынды. –М.: «Наука», 1980.

Бирок азыркы хакас *«скелеттик»* сүрөттөрү байыркы ушундай стилдеги сүрөттөрдөн орнаменттик элементтеринин байлыгы менен айырмаланып турат (1980: 38).

Аталган манерада тартылган сүрөттөргө Хакас-Миң-Суу ойдуңундагы башка жерлерден табылган аттардын фигуралары окшош экендигин Л. Р. Кызласов жана Н. В. Леонтьев белгилешет. Оглахты тоосундагы чегилген сүрөттөрдө аттардын артынан жүргөн иттердин сүрөттөрү да бар (1980: 38). Булар - аңчылыкка байланышкан сүрөттөр.

Эчки, текелер капталынан тартылган, кээде гана силуэттүү, контурдук сүрөттөр да кездешет. Бугулар да контурдук, силуэттүү стилде тартылган ж.б.

Ошентип, хакастардын тартылган элдик сүрөттөрү негизинен таштарга, аска бетине оюулуп, тилинип түшүрүлгөн сүрөттөр болуп эсептелет. Л. Р. Кызласов жана Н. В. Леонтьевдер алардын контурдук, силуэттик, ошондой эле сызыктуу фигуралар менен тартылгандыгын, жаныбарлардын тулкусу көлөмдүү, олдоксон, буттары толук жана кыска же болбосо ичке жана узун экендигин белгилешет (1980: 44).

Жогоруда айтылгандай, хакастардын сүрөттөрү байыркы кыргыз сүрөт жазуусунун традициясын уланткан сүрөттөр болуп эсептелет. Ошондой болсо да алар компилятивдик (башкалардан көчүргөн) сүрөттөр эмес экендигин, алар бир катар айырмачылыктарга ээ экендигин белгилөө менен Л. Р. Кызласов жана Н. В. Леонтьев: «Вместе с тем местные корни этого искусства предопределили наличие в нем и глубоко традиционных черт», – дешет (Кызласов Л. Р. жана Леонтьев Н. В.,1980: 45).

Ошентип, Хакасияда коммуникация каражаты катары сүрөт тартуу традициясы сакталган, ал эми тартылган сүрөттөрдө байыркы кыргыздардын сүрөт жазуусундагы традициялык белгилер терең орун алган.

### Тывадагы пиктографиялык жазуу

**Багыш.** Тыванын түндүк-чыгышында Саян тайгасындагы суунун жана көлдүн жээктеринде неолит доорунда эле аңчылар жана балыкчылар жашашкан. Балыкчылык үчүн чогулуучу Тодж көлү тывалыктардын чарбасы жөнүндө гана эмес, искусствосу тууралуу бизге маалыматтарды жеткирди. Бул жерде керамикадан жасалган идиштер табылган. Алар жыгачтан жана кайыңдын кабыгынан жасалган идиштерди ж.б. турмуш-тиричиликке байланышкан буюмдарды жасашкан. Сибир неолитинде багыштын бир эмес бир нече сөөккө түшүрүлгөн сүрөттөрү кездешет. Албетте, багыш Сибирдин жана Уралдын урууларында абдан кеңири жайылган образ болгон. Неолит керамикасына сүрөттөрдөн тышкары геометриялык жөнөкөй фигуралар, ёлка, кашаа түрүндөгү сызыктардан турган оюулар түшүрүлгөн (Вайнштейн С. И., 1974, 14). Неолит жана коло доорунда багыштын сүрөттөрү аз эмес.

Неолит доорунда аскага чегилген жазуулар кездешпейт, ал эми энеолит доорунда Енисейге кире бериш жерде «на скальных выходах правого берега р. Сосновка Джойская сохранились живописные изображения животных, человеческих фигур, лодки с людьми» (Вайнштейн С. И., 1974: 13).

Коло доорунда (С. И. Вайнштейн бул жерде б.з.ч. III миң жылдыктын экинчи жарымында башталган дейт) (1974: 13) Тыва райондорунда тайга элинен айырмаланган жарым көчмөндүү жана отурукташкан дыйкандар менен малчылар жашашкан. С. И. Вайнштейн Тывадагы *(автордо Тува деп берилген – Г. Ж.)* тоо-талаалык коло маданият эстеликтери жетишерлик деңгээлде изилдене элек болсо дагы, ошол мезгилде талаа элдеринин социалдык-экономикалык өнүгүүсү менен, ошондой эле Түштүк Сибир жана Борбордук Азия урууларынын ири жер которуулары менен байланышкан татаал этно-маданий процесстер болуп өткөндүгүн маалымдайт.

С. И. Вайнштейн чарбанын өндүрүп чыгаруучу формасына – дыйканчылыкка жана мал чарбачылыкка өтүү – идеология тармагындагы белгилүү бир өзгөрүүлөргө алып келгендигин айтып, ошондой эле «...привел ... к изменению и усложнению культовых представлений, нашел свое отражение в формировании новых специфических черт в искусстве»(1974: 13), - дейт.

Түштүк Сибирдин эң байыркы палеометаллдык афанасьев маданиятынын өкүлдөрү б. з. ч. III миң жылдыктын экинчи жарымында Тывага кирип келишкен. Аталган региондун түштүк райондорунда бул маданияттан эстеликтер калган, мисалы, М. Х. Маанай-оол Эрзин территориясындагы күмбөздөрүнүн биринен баш жагында багыштын башы бар яшмадан жасалган сигарета сымал өзөк (стержень) тапкан. Мында багышка мүнөздүү белгилер даана берилген: салаңдаган үстүнкү эрди, дөмпөгөй мурду, башына жабышкан узун кулагы (Вайнштейн С. И.,1974: 13).



Бул сүрөттө коло доорундагы баш жагында багыштын башы бар таштан жасалган буюм (Эрзин көрүстөнү, М. Х. Маанай-оолдун казуу иштери) берилген.

Бул жерде неолит традициялары уланганы көрүнүп турат, ал мезгилге жаныбардын башын тартуу мүнөздүү болгон. Эрзиндегидей кызыл яшмадан жасалган стерженде Сибирдин башка райондорунан жана Монголиядан табылган. Булардын эмне үчүн керектелгени белгисиз, бирок С. И. Вайншейндин божомолу боюнча алар сыйынуучу (культтук) кызматты аткарышкан. Айрымдар аларды тотемдик жаныбарлар деп эсептешет. С. И. Вайнштейн багыштын образын токой жашоочуларынын сыйынуучу объектиси катары карайт, ал эми Тыва талаасында табылгандарын бул жердегилердин тай-

га зонасындагылар менен байланышын көрсөтүп турат деп эсептейт (1974: 13).

**Бет кап.** С. И. Вайнштейн б.з.ч. II миң жылдыктын башталышында Түштүк Сибирдин басымдуу бөлүгүндө окуневдик маданияттын уруулары жашашкандыгын маалымдайт. Алар монументалдуу таш эстеликтерди жасашкан, алар стилизацияланган, кээде реалдуу адамдын же айбанаттын бет кабы, дене мүчөлөрү символдуу белгилери менен жасалган. Мындан тышкары окуневдик маданияттын өкүлдөрү неолит доорундагы орнаменттерди (мөөр, түз сызыктар, тордомолуу оюулар) өркүндөтүшкөндүгү көрүнүп турат. С. И. Вайнштейн: «В комплексе с этими сосудами находились уникальные каменные чаши с выгравированными на них фигурами животных» (1974, 14), – дейт. Жаныбарлар ичке сызыктар менен (скелет стилинде) тартылган. С. И. Вайнштейн: «Ушундай эле манерада тартылган багыш петроглифтеринин бир бөлүгү коло доорунда чегилген болуу керек» (1974:15) , - дейт.

Коло доорундагы петроглифтерге Енисейдин сол жээгинде жайгашкан Мугур-Саргол мазары кирет. С. И. Вайнштейн: «К настоящему времени здесь учтено около 400 плоскостей, которые содержат в среднем по 10-15 рисунков» (1974: 15), – дейт. Алардын арасында скиф доорундагы жана андан кийинки – кечки монгол мезгилине чейинки сүрөттөр бар. Алардын көпчүлүгү *мүйүздүү бет каптар* (1, 2, 3- сүрөттөрдөгү бет каптар).

С. И. Вайнштейн мугур-сарголдук бет каптар *(С. И. Вайнштейнде маскалар деп берилген – Г.Ж.)* стили жана бир катар өзгөчөлүктөрү жагынан окуневдик сүрөттөргө окшоп кетерин белгилейт. Айрымдарында *буканын эки жакка кайрылган мүйүзү, төбөсүндөгү дөмпөк, абдан даана берилген оозу, эки тегерек тартылган көзү жана бет каптын жээгиндеги эки кат контур* тартылган (1974: 15).





**1-сүрөт. Мугур-Сарголдогу петроглиф:** Бет кап; **2-сүрөт.** Бука жана бет каптар (СТЭАН архивинен.С. И. Вайнштейн, 1974, 16).

Мындай элементтерди Миң-Суу ойдуңундагы окуневдик маданияттын эстеликтериндеги бет каптардан да көрүүгө болот.

Окуневдик бет каптардын реалдуу эмес, адамды үркүтө турган кебетеси – аларга татуировка жасоодон улам келип чыккан. Мисалы, мындай эстелик Миң-Суу ойдуңундагы Кара суусундагы бейиттерден табылган (Вайнштейн С. И., 1974: 15).

Ташка чегилген жана охра менен боёлгон мугур-сарголдук антропоморфдук сүрөттөр жогорку Енисейдин райондорунда жана андан сырткары аймактарда да кез-

дешет (Спицын А. А., 1906; Окладников А. П., СА, 1948, № 10, 203-225).

Саян-Алтайдагы мүйүздүү антропоморфтук сүрөттөр темир доорунда да белгилүү болгон. Ошол сүрөттөргө жакын параллелдерин Сибирь этнографтарынын материалдарынан табууга болот. Кийинки мезгилдерге чейин эле тывалык шамандар коло доорундагыга окшош *«бука» мүйүздөрү менен колодон жасалган бет каптарды* кийишкендиги белгилүү болгон (1974: 15). Ошентип, коло доорундагы мүйүздүү бет каптарга окшош маскалар тывалык шамандарда кийинкиге чейин эле сакталып калган.



**3-сүрөт. Мугур-Сарголдогу петроглиф:** Бет кап (Н. Алексеева) (Вайнштейн С. И., 1974:17)

**Теке, буканын сүрөтү.** Коло доорунда петроглифтердин башка сюжети да бар. Мисалы, Мугур-Саргол капчыгайынан мүйүздүү бет капка жакын текенин контурдук фигурасы жана арабанын схемалык сүрөтү табылган. Алар айрым белгилери боюнча окуневдик доорго мүнөздүү.

Мугур-сарголдук петроглифтердин арасында байыркы реалисттик сүрөт искусствосунун шедеврлери да кездешет. Мисалы, буга толугу менен чуңкурайган силуэт түрүндө тартылган башын төмөн түшүрүп турган буканын сүрөтү кирет (Вайнштейн С. И., 1974, 15) *(Жогорудагы **2-сүрөттү** караңыз: Мугур-Сарголдогу петроглиф: Бука).*

## Скиф-сибирь айбанаттар стили Тывада

Б. з. ч. I миң жылдыктын башында евразия талааларында жаңы көчмөн-малчылар пайда болгон. Алар аябагандай зор территорияны – Кара деңиздин алдынан Борбордук Азияга чейинки жерлерди ээлешкен. Ушундан баштап Евразия талаасында үч миң жыл бою көчмөндөр үстөмдүк кылып турушкандыгын айтып, С. И. Вайнштейн: «Один из наиболее интересных ярких и самобытных этапов в истории их искусства связан с начальным периодом становления кочевничества – скифским временем (VII-III вв. д. н. э.)» (Вайнштейн С. И., 1974: 18), – дейт.

С. И. Вайншейн мындай дейт: «Между скотоводческими племенами степной зоны – от скифов на западе до племен Тувы и Монголии на востоке – в это время устанавливаются весьма тесные культурные связи, которым способствовали не только близкий уровень хозяйственного развития, но, можно пологать, и определенное этническое родство у значительной части племен скифского мира, по всей вероятности ираноязычных» (1974: 18). Мына ушундай байланыштар курал-жарактардын формаларында, ат жабдыктарын жасоодо жана көркөм стилде өзгөчө көрүнгөн.

Эрте көчмөн уруулардын социалдык-экономикалык өнүгүшү – аскердик жүрүштөрдө байыган ак сөөк төбөлдөрү жана күчтүү уруулук башчылары бар аскердик-демократиялык коомдун түзүлүшүнө алып келген. Ошол мезгилде талаа көчмөндөрүнүн эпостору жаралган, согуштар көп болуп тургандыктан, күч бааланган жана ал декоративдүү искусстводо чагылдырылган. Өзгөчө курал-жарактар жана ак сөөктөрдүн, аскер башчыларынын жана анын жан-жөкөлөрүнүн ат жабдыктары скиф-сибирь айбанаттар стили деп аталган реалдуу жана фантастикалык мотивдеги жаныбарлар менен коздолгон. Албетте, алар прикладдык мүнөздө болгон, бирок айрымдары ма-

гиялык максатта колдонулуп, сактоочу катары кызмат аткарган (Вайнштейн С. И., 1974: 18).

Скиф мезгилиндеги Тыва урууларынын искусствосундагы баалуу үлгүлөр С. А. Теплоухов (Бай-Даг тоосунун таштары жана Турандын жанындагы дөбөлөр, 1926, 1927, 1929-жж.), А. Д. Грач (Түштүк Батыш Тывадагы Саглы-Бажы жергесиндеги бийик тоодогу байыркы көрүстөн) тарабынан табылган. Саян-Тыва экспедициясы ар түрдүү материалдардан жасалган бир топ уникалдуу буюмдарды тапкан. Ошондой эле М. П. Грязнов жана М. Х. Маанай-оол тарабынан Борбордук Тывадагы Уюк суусунун өрөөнүндөгү белгилүү Аржан «падышалык» дөбөсүнөн (курган) эң кызыктуу искусство предметтери табылган.

Казылган маданиятынын көркөм декоративдүү буюмдарына скиф-сибирь искусствосуна мүнөздүү белгилер таандык. Алтай, Тыва прикладдык искусствосунда колдонулган негизги буюмдар алтын, коло, сөөк, булгаары, жыгач жана кийиз болгон (Вайнштейн С. И., 1974: 20).

## Тывадагы бугу таштар

Скиф-сибирь искусствосу, анын ичинде айбанаттар стилинин локалдуу стилдери болгон. Мисалы, Н.Л.Членова алардын батыш, миң-суулук жана алтайлык стилдерин белгилейт (Членова Н. Л., 1967: 123). Алтай скиф-сибирь искусствосу Алтайдан тышкары Тывада, Монголияда, Казахстанда ж.б. райондордо кеңири кездешет. Тывадагы казындылар С. А. Теплоухов, С. И. Вайнштейн, А. Д. Грач, М. Х. Маанай-оол ж.б тарабынан изилденген.

Тывадагы жергиликтүү уруулардын маданияты Евразия талаа зонасындагы башка, өзгөчө Алтай, Казахстан жана Монголиядагы уруулардыкына окшош болгону менен алардан айырмаланган спецификалык өзгөчөлүктөрү да бар экендигин С. И. Вайнштейн маалымдайт.

Аны С. И. Вайнштейн Алаш жалпак (Батыш Тыва) дөңсөөсүндөгү жердин аты менен *казылган маданияты* деп атаган. Казылган күмбөздөрдүн ичинен металлдан, керамикадан, териден, сөөктөн жасалган жана суукан улам жакшы сакталган буюмдар табылган. Скиф мезгилинде антропологиялык жактан Туванын жашоочулары ар башка болсо да, дал ошол мезгилде жергиликтүү элдин маданиятында бир түрдүүлүк калыптанган (1974: 19).


**Бугу таштар.** Тывадагы *казылган маданиятынын* арасында *бугу таштар* өзгөчө орунду ээлейт. С. И. Вайнштейн бул тууралуу мындай дейт: «Это высокие четырехгранные плиты, высеченные из каменных глыб с силуэтными изображениями оленей, а нередко и других животных, предметов вооружения и некоторых других фигур, назначение которых недостаточно ясно» (Вайнштейн С. И., 1974: 27).

Буга окшогон эстеликтердин көпчүлүгү Тывадан, Забайкальеден, Түндүк-Батыш Монголиядан, бирин-серин нускалары Монголиянын башка райондорунан жана Алтайдан табылган (Окладников А. П., 1954, № 19; Членова Н. Л., 1962 ж.б.). Адатта алардын көрүстөндөргө жакын жайгашканы байкалат, ошондой эле өз алдынча жайгашкандары да бар.


Эстеликтердеги бугулардын фигуралары стилистикалык өзгөчөлүктөрү жагынан эки түрдө экендигин С. И. Вайнштейн белгилейт.

1. Белгилүү бир стилизацияга жана канонизацияга карабастан, жаныбарларды салыштырмалуу түрдө реалдуу жана горизонталдуу тартуу басымдуулук кылат. Бугулар бул жерде же тикесинен турат, «либо в летучем галопе с подогнутыми ногами и откинутыми назад рогами, нередко с клювообразными мордами» (1974: 29).

2. Жалаң жаныбарлардын силуэттери менен капталган таштар. Кээде «өтмө типтеги» сүрөттөр кездешет «в том числе без изображений животных, но с рядом других фигур» (Вайнштейн С. И.,1974: 29).




4-сүрөт




5-сүрөт

**№ 4-сүрөт.** Сушь бугу таштары; **№ 5-сүрөт.** Туран бугу таштары (Дааналап тарткан С. И. Вайнштейн).



**6-сүрөт.** 1) Тыва. Эрзин ташы (С. И. Вайнштейндин сүрөтү); 2) Монголия. Хануй ташы (С. Г. Кляшторныйдын сүрөтү. Сүрөттөр С. И. Вайнштейндин китебинен алынды, 1974: 29).



**№ 7-сүрөт.** Таскактаган учма позадагы бугу жана багыштар. Скиф мезгили. 1-2 – Тывадагы бугу таштарда; 3-5 – Евразиянын ар түрдүү райондорундагы маталл тогоолор (3 - Төмөнкү Обь, 4 – Причерноморье, 5 – Монголия; Н. Л. Членованыкы боюнча. Сүрөттөр С. И. Вайнштейндин китебинен алынды, 1974: 18).

Жогорудагы бугу таштардын (*4-сүрөт*) узундугу 1, 7 м., ташта бугулар жана аттар, ошондой эле кылыч жана атайын тышталган капка салынган жаа (*«лук в налучье», «налучье («налучь», «налучник», «налушник») - специальный чехол для* лука). Таш үч бөлүккө бөлүнгөн, жогорку бөлүгүнүн ортосунда тегерек, андан ылдый көздөй учу жоонoюп кеткен сызык кеткен. Тегеректен башка дагы нокот (точка) сымал оюктар бар. С. И. Вайнштейн: «На противоположной стороне верхней зоны выбит круг с опускающейся вниз линией с утольщением» (1974: 30), - дейт. Алар бугу таштардын жогорку бөлүгүндө жайгашкан.

Бул таштагы сүрөттөрдү окумуштуулар ар кандай чечмелешет. Мисалы, Н. Л. Членова муну шакек түрүндөгү сөйкө деп эсептейт, А. П. Окладников муну скиф мезгилине мүнөздүү кармагычы бар коло күзгү дейт, анын үстүнө байыркы мифологиялык түшүнүк боюнча

коло күзгү көбүнчө күндүн символу катары, анын түгөйү (двойник) катары эсептелген (Окладников А. П., 1964: 173) (*Жогорудагы **4, 5-сүрөттөрдү** караңыз).

Бугу таштардагы ортосунда нокоту бар тегерек - солярдык белги катары да эсептелгендиги Сибирдеги айрым жазуулардан улам белгилүү. Хакастардын, шорлордун, алтайлардын шаман чылдырманындагы солярдык белгилеринин ортосунда көбүнчө нокот же кичинекей тегерек болгон. С. И. Вайнштейндин пикири боюнча Сибир шамандарындагы мындай солярдык белгинин башаты - борборунда нокоту бар тегерек формадагы байыркы коло күзгүлөргө барып такалат.

Бугу таштын арткы жагында үч бугунун силуэти берилген. Баштарын артка чалкалатып, буттарын аябай бүгүп, аябагандай чоң мүйүздөрү аркасына жетип, текирең-таскак менен учуп бараткан бугулар. С. И. Вайнштейн: «Передняя часть голов оленей получила фантастическую клювообразную форму, символизируя как бы превращение оленя в птицу» (1974: 30) (*Жогорудагы 4-сүрөттү караңыз*), - дейт.

Ал эми Туран ташынын (бийиктиги 2, 80 м) жогорку бөлүгүндө, мүмкүн, кармагычы бар коло күзгүлөр. Таштын жогорку бөлүгүн ортончу бөлүктөн сызыктуу пояс бөлүп турат, анын астында сүйрүрөөк оюктар (муну С. И. Вайнштейн «шуру» (ожерелье) дейт), ал эми ортоңкуну төмөнкү бөлүктөн канжар жана чекан[59] бөлүп турат, таштардын кең капталдарында көбүнчө тикесинен турган жана текирең-таскак учма позасындагы багыштар, ошондой эле, мүмкүн, бөкөн жана каман (сүрөттөрдүн начар сакталганынан улам аларды так ажыратуу кыйын дейт С. И. Вайнштейн (1974: 31) (*Жогорудагы **5-сүрөттү** караңыз*).

Ал эми башка бугу таштарда сүрөттөр кандай берилген?

Бугу таштардын башка тиби мындай зоналарга бөлүнбөстөн, вертикалдуу жайгашкан жаныбарлардын сүрөт-

төрү менен толгон. Буга Сайгын тоосунун алдындагы Кезек-Терек жергесиндеги Эрзинде Экинчи Сайгын бугу ташы кирет, анын капталдары абдан кызыктуу көркөм сүрөттөргө толгон, түштүк жагында бугу менен аттардын сүрөттөрү бар *(6 (1)-сүрөттү караңыз,* 1974: 31). Узундугу эки метр келген тумшуктуу, чоң көздөрү, узун, бутактуу стилизацияланган мүйүздөрү бар бугунун мүйүздөрүнүн арасынан аттардын силуэттери көрүнөт. И. С. Вайнштейн бул эстеликтердеги сүрөттөргө тиби жана аткарылыш стили жагынан Биринчи Сайгын ташы (ал С. В. Киселев жана Л. А. Евтюхова тарабынан табылган жана жарыяланган) жакын дейт (1974: 31).

Тыванын, Монголиянын жана Забайкальенин бугу таштарында скиф мезгилинен бери келаткан урууларынын маданиятындагы белгилүү бир өзгөчөлүктөрүнө карабастан техникалык жактан аткарылышы жана стилистикалык ыкмалары жагынан укмуштуудай окшоштук байкаларын С. И. Вайнштейн белгилейт. Бугу таштар, С. И. Вайнштейндин божомолу боюнча, аскадагы сүрөттөр сыяктуу эле, жергиликтүү таш кескич-усталардын колунан жаралган (1974: 31).

Тывадагы бугу таштардын мааниси чоң. Аларды изилдөө, доорлорго бөлүү жана тактоо, семантикасын чечмелөө, байыркы менен азыркынын жалпы белгилерин жана айырмачылыктарын таап чыгуу - атайын иликтөөлөрдү талап кылган маселелерден.

**Бугу таштардын семантикасы.** Айрым изилдөөчүлөр мындай бугу таштардын семантикасы, андагы сүрөттөр тууралуу ар кандай көз караштарды айтышат. Мисалы, И. И. Мещанинов (1925:407-408), анын артынан М. Х. Маанай-оол (1968: 145-146) ж.б. айрым археологдор кээ бир бугу таштардын формасынан балыктын статуясын көрүшкөн.

Бул тууралуу С. И. Вайнштейн мындай дейт: «Действительно, в некоторых отношениях оленные камни имеют поразительное сходство с вишапами, высеченные

на них глаза в виде кругов могут быть сопоставлены с кругами в верхней части оленных камней; на вишапах, как и на оленных камнях, встечаются изображения животных, оружия; саблевидность некоторых оленных камней первого типа может быть истолковано как изогнутый силуэт выпрыгнувшей из воды рыбы» (1974: 31).

Н. М. Членова бугу таштарды балбал таштар менен байланыштырат. Кара деңиздин алдындагы скифтердин традициясы – көрүстөндөргө антропомпорфдук эстеликтерди тургузуу болсо – ошондой эле бугу таштар адегенде адамдын тулкусун (фигура) билдирген. Адамдын көөдөнү сыяктуу бугу таштын ортосундагы сызык – кур жана жарактар эстеликтин ортосунда, «шуру» жогорку бөлүгүндө жайгашкындыгы Н. М. Членованын пикирин ырастап тургансыйт дейт С. И. Вайнштейн. Бул чечмелөө В. В. Волков тарабынан колдоого алынган. Монголияда айрым бугу таштар адамдын башынын скульптурасы менен бүткөн учурлары бар дейт ал (Волков В В., Новгородова Э. А., 1971: 460-461).

Бирок Тыва жана Забайкальедеги бугу таштардын мындай антропоморфдук баштары дээрлик жок. Ал эми Монголиядагы антропоморфтук баштары бар бугу таштарга адамдын баштары кайсы мезгилде – скиф мезгилиндеби же байыркы түрк мезгилинде кошулганбы – тыкыр изилденүүгө тийиш дейт С. И. Вайнштейн (1974: 32).

Бугу таштардын экинчи ирет колдонулушу тууралуу пикирлер айтылып келет. Бул тууралуу С. И. Вайнштейн мындай дейт: «О вторичном использовании древними тюрками оленных камней хорошо известно» (1974: 31). Ал Туран жана экинчи Сайгын бугу таштарындагы түрк тексттерин мисалга келтирет. В В. Волков, Э. А. Новгородова биз тапкан адамдын башы бар бугу таштар түрк монументалдык скульптурасындагы кийинки үлгүлөргө кирет дешет (1971: 460).

Ошондой болсо дагы бул маселенин чечилиши үчүн, т.а., бул - скиф жана байыркы түрк маданиятындагы ге-

нетикалык байланыштын натыйжасыбы – тыкыр изилденүүгө тийиш.

**Бугу таштардын магиялык жана коргоочу функциялары.** Бугу таштарда сүрөттөлгөн күндүн символу болгон **коло күзгүлөр** же солярдык белгилер, кийин тывалык шамандардын баш кийиминдеги солярдык белгилер, мүмкүн коргоочу функцияны аткарган дейт С. И. Вайнштейн. Кийинки мезгилге чейин эле тывалыктарда шаманчылыкта колдонулган коло күзгүлөр адамдын коргоочусу катары эсептелинип келет.

Ал эми **«шурулар»** «возможно, изображало снизку раковин каури, магическое охранительное назначение которых удается проследить в верованиях многих народов, в том числе тувинцев» (1974: 32).

Бугу таштардагы **курал-жарактардын** коргоочу кызматы белгилүү.

Бугу таштардагы **жаныбарлардын сүрөттөрү** да магиялык-коргоочу ролду аткаргандыгы шексиз. Шаманчылыкта жаныбарлардын сүрөттөрү жардамчы-духтардын жайы экендиги этнографиядан белгилүү.

С. И. Вайнштейндин бугу таштар – скиф балбал таштар сыяктуу антропоморфдук көр эстелиги эмес, өзгөчө коргоочу функцияны аткарган атайын курулуш (сооружение) деп айтканына (1974: 32) биз толугу менен кошулабыз.

Ошентип, Тывадагы бугу таштардагы бугулардын сүрөттөрүнүн магиялык касиеттери бар, коргоочу функцияны аткарат, алардын мааниси абдан терең деп жыйынтыктай алабыз.

### Аскага чегилген петроглифтер. Казылган доору

Тывадагы скиф мезгилиндеги кызыктуу эстеликтер – аска бетине чегилген петроглифтер болуп эсептелет. Бул жерде ар кайсы мезгилге таандык абдан көп петроглифтердин көбүнө казылган доорунун датасы

коюлган. Бул сүрөттөргө биринчи иретте жаныбарлар стили мүнөздүү. Мисалы, Барун-Хемчик районунда Чурук-Малдыг-Хай петроглифиндеги бугу. Хандагайтыдан 30 км жайгашкан Овюр районундагы аскалардагы петроглифтерге скиф мезгили менен дата коюуга болот (А. Д. Грач тарабынан ачылган).

Анын ичинде асманга караган, аскадан чыгып турган (скальный выход) сүрөттөрдүн тобу бар. Анын жогору жагында бир нече фигуралар, анын арасында жаныбарга (А. Д. Грач аны бугу дейт) минип, алдыга жаа жана жебе кармаган мергенчи, ага жакын теке, ит, үч тоо эчки жана башка жаныбарлар, алардын катарында ат жана төө, ошондой эле антропоморфдук фигура жайгашкан (*8-сүрөттү караңыз – Г.Ж.*). Калган айрым сүрөттөрдүн тобу ар кандай техника менен аткарылган. Аталган сүрөттөрдүн композициясында байланыш, жалпы сюжет деле жок. Эки теке айбанаттар стилиндеги силуэттик-нокоттук техника менен аткарылган. Ийрилген мүйүзү кайрылып келип нокот менен бүтөт, тулкусу жана буттары алардын кыймылынын тездигин көрсөтүп турат. Аткарылышы айбанаттар стилине мүнөздүү жана скиф мезгилине таандык болушу мүмкүн деп болжолдонот. Үчүнчү сүрөт таптакыр башка ыкмалар менен берилген, ал ылдый жана сол жакта жайгашкан, контурдук сызыктар менен тартылган. Ири мүйүзүнүн учу ийрилген бугу башкача трактовкаланган. Эгерде эки текенин мүйүзү капталынан берилсе, үчүнчү текенин мүйүзү бет маңдайынан, ал эми тулкусу жана буту капталынан берилген. Бул жерде айбанаттар стилинин кечки таасири бар дейт С. И. Вайнштейн. Кийинки сүрөттөргө схемалык-контурдук линия менен тартылган башка жаныбарлардын жана эркек адамдын антропоморфдук сүрөттөрү да кирет (Вайнштейн С. И., 1974: 33).



**8-сүрөт.** Овюрдагы петроглифтер (А. Д. Грачтын сүрөтү. Вайнштейн С. И., 1974: 33).

С. И. Вайнштейн айбанаттар стилиндеги жаныбарлардын сүрөттөрү, анын ичинде текирең-таскак салган учма бугулар Улуг-Хемдин оң куймасындагы Куйлуг-Хемдеги жазууларда жана Тыванын башка петроглифтеринде да кездешет дейт. Анын пикири боюнча аскадагы мындай петроглифтерди уруу мүчөлөрүнүн кимиси болсо түшүрө алган.

## Сыын-Чюрек тоосундагы аскага чегилген петроглифтер

Сыын-чюрек урууларынын искусствосундагы сюжеттик сүрөттөр аскага чегилген сүрөттөр аркылуу маалым. Сыын-Чюрек тоосунун (Арык-Узю поселогуна жакын, Шагонардын түштүк-батышында) этегинде ушундай наамдагы байыркы көрүстөн бар. Сыын-Чюрек тоосу которгондо Марал жүрөгү деп аталат. Ал талаадан пирамида сыяктуу көтөрүлүп турат. Сыын-чюрек петроглифтери С. И. Вайнштейн тарабынан 1957-жылы ачылган,

анда 300дөй жаныбарлардын, адамдардын сүрөттөрү жана солярдык белгилер бар. Алар тоонун түштүк жана түштүк-чыгыш тарабына чегилген (1994: 48).

Техникасы жана стилистикалык өзгөчөлүгү боюнча петроглифтер эки негизги зонага бөлүнөт. Түштүк жагынын таманынан баштап вертикалдуу тегиздикте жаныбарлардын чоң группасы тартылган (А зонасы).





**9-сүрөт.** Сыын-Чюрек тоосунун жалпы көрүнүшү; **10-сүрөт.** Сын-Чюректеги петроглифтер (А зонасы; сүрөттөр С. И. Вайнштейндики. 1974: 50).

Булар аткаруу техникасы боюнча окшош. Сүрөт ичке сызыктар менен түшүрүлгөн, алар сөлөкөт түрүндө, кыс-

ка жана так берилгенине карабастан, абдан реалдуу жана жандуу дейт С. И. Вайнштейн. Бардык жаныбарлардын баштары оң жакты караган. Алардын арасында *жолборстор, аттар, текелер, антилопа* бар. Сүрөттөр бирин-бири жаппайт, айрымдары композициялык жагынан байланышта.


С. И. Вайнштейндин маалыматы боюнча сыын-чюректүк А группасындагы сүрөттөргө (аска бетине түшүрүлүшү боюнча) окшош группалар Сибирдин башка райондорунда, анын ичинде Ангарада жана Миң-Суу ойдуңунда кездешет. Айрым ушуга окшоштору Миң-Суу ойдуңунда (Черновая VIII ж.б.) коло доорундагы плиталарда (окунев маданияты) учурайт (Вайнштейн С. И., 1974: 48).

А зонасындагы сүрөттөр Б зонасына караганда алгачкы деп болжолдонот.


Көпчүлүк сүрөттөр силуэттик нокоттук техника менен аткарылган стилистикалык топту түзөт. Ушундай ыкма менен аткарылган петроглифтер коло доорунда Тывада кеңири таралган жана кийин бир нече кылымдар бою туруктуу сакталган (1974: 48).

С. И. Вайнштейндин маалыматы боюнча Б зонасында ар башка таштарга адамдардын жана жаныбарлардын бирден түшүрүлгөн, ошону менен катар эле көп фигуралуу композициялары бар. Сүрөттөрдүн көпчүлүгү 20-25 см дан ашпайт. Бул зонадагы адамдардын жана жаныбарлардын сүрөттөрү чындыкка дал келтирилген жана ачык-айкын берилген, айрымдары нукура реалдуу.





1 3



2

**11-сүрөт.** Сыын-Чюректеги петроглифтер. **1** – Укурук кармаган атчан; 2 – тоо эчки жана солярдык белги; **3** – жылан жана тоо эчки (С. И. Вайнштейндин сүрөттөрү. 1974: 48).

Ал сүрөттөрдүн биринде эки тоо эчкинин ортосунда узун укурук кармап чаап бара жаткан атчан сүрөттөлгөн (*11(1)-сүрөт*). Экинчи сүрөттө (*11(2)-сүрөт*) тоо эчки жана анын алды жагында чоң эмес оюктар менен курчалган шакекче (кольцо).

Бул сүрөттөрдө жаныбарлар жана мергенчи тоо менен жогору чыгып баратышкандай көрүнөт. Укурук кармаган атчандын башындагы баш кийим тууралуу С. И. Вайнштейн мындай дейт: «На его голове островерхий головной убор, подобный появившимся еще у ранних кочевников и особенно распространенным в гунно-сарматское время» (1974: 49). Биздин оюубузча, бул баш кийим биздин кыргыз калпагына окшойт. С. И. Вайнштейн анын тывалыктарда кийинки убактарга чейин эле сакталып келгендигин белгилейт. Атчандын буту салаңдап турганына караганда, үзөңгүсү жок. Буту узун, өзү бийик күлүк ат Алтайдын пазырык дөбөлөрүнөн табылган таза кандуу аттарды эске салат дейт С. И. Вайнштейн. Аттын кыска кыркылган жалы тарта кармаган чылбырдан улам көтөрүңкү абалда, узун куйругу дээрлик жерге тиет. Аттын желе-жортуп бараткан учуру тартылган.

Ал эми жогоруда шакек түрүндөгү тегерек жана анын ичиндеги нокот (кичинекей оюк) (*11(2)-сүрөт*) солярдык белги катары түшүндүрүлөт. Мунун түздөн-түз аналогдору Сибирь элдеринин көпчүлүгүндө, анын ичинде тывалыктарда, тофаларда, алтайлыктарда шамандардын ырым-жырым жасоочу буюмдарында бар. С. И. Вайнштейн аны айдын символу катары да карайт, анын маалыматы боюнча айрым учурларда аталган элдерде сыйынуучу предметтерде айды ушундайча белгилешкен (1974: 49).

Ал эми тоо эчкинин ичине аябай кайрылган жана кыркыр болуп турган мүйүздүү башы көтөрүңкү жана алдыга жүткүнгөн абалы, узун жана күчтүү буттары жаныбардын желе-жортуп баратканын элестетет (*11(2)-сүрөт*) (1974: 49).


Дегеле, сибирдик тоо эчкилер Түштүк Сибирдеги жана Борбордук Азиядагы ар түрдүү мезгилдеги абдан кеңири таралган сюжеттердин бири болуп эсептелет. Сыын-чюректик «желе-жорткон тоо эчки» Тыва петроглифтеринин эң мыктысы деп эсептейт С. И. Вайнштейн. «Укурук кармаган атчан» экөөнүн атарылыш манерасы окшош,

ошондуктан аларды бир киши тарткан болуу керек дейт С. И. Вайнштейн.

Жанында жыландын сүрөтү бар тоо эчкинин сызыктуу тартылган сүрөтү (*11(3)-сүрөт*) өзүнчө аска тегиздигине тартылган. Анын тулкусу горизонталдуу сызык менен тартылган, куйругу анча чоң эмес, мүйүзү артка аябай кайрылган, буттары вертикалдуу сызыктар менен берилген. Тартылышы жогорку тоо эчкилердин сүрөтүнөн абдан айырмаланат. Мындай стилизацияланган тоо эчкилердин сүрөттөрү Тыванын башка петроглифтеринде да кездешет (Грач А. Д., 1958: 408).

А. Д. Грач аларды байыркы түрк тамгалары менен салыштырат, ошонун негизинде аларга байыркы түрк мезгилинин датасын коет. Бирок айрым изилдөөчүлөр тоо эчкилердин тамгаобраздуу фигуралары байыркы түрк мезгилинен улуу (мурунку) деп эсептешет (Маанай-оол М. Х., 1967: № 1). С. И. Вайнштейн: «Вполне вероятно, что именно к тамгам восходит прием столь упрощенной схематизации» (1974: 49), - дейт.

Биздин оюубузча, бул тоо эчкилердин фигурасы байыркы түрк мезгилинен да мурунку болуп эсептелет.



1



4



2



5

3



**12-сүрөт.** Сыын-Чюректеги петроглифтер. 1 – Эркек адамдын сүрөтү; 2 – Бугуга минген адам; 3 – «Шаман»; 4 - Мергенчи ити менен; 5 – Аңчылык сценасы (Материалдар *С.* И. Вайнштейндин эмгегинен алынды, 1974: 5-51).

С. И. Вайнштейн сыын-чюректик уруулардын искусствосу Түштүк Сибирге жана Борбордук Азияга чектеш элдердин маданияты менен, анын ичинде гунн (хунну) уруулары менен тыгыз байланышта өнүккөндүгүн белгилейт (1974: 54). Ал эми гунн-сармат мезгилиндеги искусство Азиянын ошол райондорундагы элдик көркөм маданияттын андан аркы өнүгүшүнө көрүнүктүү таасирин тийгизген.

Ошентип, Сыын-Чюректеги петроглифтер, б. а., аска бетине чегилген жаныбарлардын фигуралары, аңчылык сценалары, шамандардын образдары ж.б. сүрөттөр сыын-чюректик уруулардын жашоо образынан кабар берет.


## Тывадагы охра боёгу менен тартылган сүрөттөр

Жогоруда айтылгандай, аска бетиндеги сүрөттөр палеолит доорунан бери белгилүү. XIX кылымда XX кылымдын башында тыва көчмөндөрүнүн искусствосунда архаикалык катмар сакталып калган, т.а., бир катар стилистикалык өзгөчөлүктөрү байыркы аскага түшүрүлгөн сүрөттөргө окшошот. Анын үстүнө, С. И. Вайнштейн белгилегендей, сюжеттүү сүрөттөрдү аска бетине түшүрүү салты, ошондой эле байыркы тывалыктардын ата-бабаларында кеңири тараган сүрөтү бар айрым таштар, аз санда болсо да, азыркы күнгө чейин сакталган (1974: 163).

Кийинки кездерде эле Түштүк жана Батыш Тыванын бир нече жерлеринде аскада *күрөң жана кызыл охра менен тартылган сүрөттөр* (росписи) бар экендиги белгилүү болгон. Ошондой эле Сибирдеги жана Евразиянын башка райондорунда байыркы аскага чегилген сүрөттөр дагы боёк менен тартылганы белгилүү дейт С.И.Вайнштейн.

**Тээли кыштагындагы сүрөттөр.** С.И.Вайнштейндин маалыматы боюнча кийинчерээк металлдын пайда болушу менен сүрөттөрдү таштарда чеге башташкан, ал эми XVIII кылымдын аягында XIX кылымдын биринчи жарымында Тыванын аскаларын кайрадан боёк менен тарта башташкан. Тывалыктардын жакшы сакталган аска бетине түшүрүлгөн сүрөттөрү (росписи) Батыш Тывадагы Тээли кыштагынан бир нече км. жерде топтолгон. Ал жергиликтүү элге белгилүү жана Бижигтиг-Хая («писанная скала») деп аталат. Бул жазма аска 1942-жылы Н.Богатырев башында турган Тыва экспедициясы тарабынан изилденип, сүрөттөрүнүн так копиясы түшүрүлгөн (Вайнштейн С. И.,1974: 163).


Аскадагы жазууда адамдардын жана жаныбарлардын сүрөттөрү күрөң жана кызыл орха менен тартылган. Алар контурдук же силуэттик сызыктар менен аткарылган. Сүрөттөрдө схематизм жана шарттуулук бар, бул өзгөчө адамдардын сүрөттөрүндө байкалат, жаныбарлар бир топ чындыкка жакын тартылган.




1-сүрөт



2-сүрөт



4-сүрөт



3-сүрөт

**№-13-сүрөт.** Тээли кыштагындагы охра менен боёлгон тыва жазмасындагы (писаница) сүрөттөр (Колл. ТРМ): 1 – тоо теке, марал, эки мергенчи, төмөнкү сол жагында багыштын сүрөтү; 2 – Маралга аңчылык: мергенчи жана марал; 4 – Укурук кармаган атчан атты кармоого аракет жасап жатат; 3 – Атчан адам атты жетелеп баратат (Вайнштейн С. И., 1974: 164).

Жогорудагы *1-сүрөттө* тоо эчки, марал, бугу жана эки аңчы, ал эми ылдыйкы сол жаккы бурчунда - бийик бутактуу мүйүзү бар, узун буттуу, тумшугу ылдый караган багыштын сүрөтү. Анын каршысында – колуна жаа кармаган аңчынын силуэттик фигурасы. Аңчынын жогору жагында - маралдын контурдук силуэти, маралдан кичине ылдый жакта - экинчи аңчы тарабынан укурук менен кармалган бутактуу, тулкусу менен тең, узун мүйүзү бар жапайы бугу. Сүрөттө аңчынын бугуну кармап жаткан кыймыл процесси көрсөтүлгөн (*1-сүрөттү караңыз – Г. Ж.*) (1994: 163).

2-сүрөттүн сюжети тематикалык жагынан биринчисине окшош, б. а. маралга аңчылык сүрөттөлгөн. Марал мурунку сүрөттөрдөй эле техника менен тартылган. Аңчы

колуна кыска курал кармаган. Аңчы жана анын куралы схемалуу жана шарттуу көрсөтүлгөн (*2-сүрөт*).

Кийинки эки сүрөт малчылык сценаларына арналган (*3, 4-сүрөттөр*).

С. И. Вайнштейндин божомолу боюнча жогорудагы сүрөттөр XVIII к. -XIX к. биринчи жарымында тартылган (1974: 165).


Тывалыктардын аскаларга сүрөттөрдү түшүрүүсү – «не изолированное явление в искусстве современных народов Сибири» дейт С. И. Вайнштейн (1974: 165). Ал якуттардын силуэт түрүндө тарткан сүрөттөрүн А. П. Окладников жарыялагандыгын, эвенктерде аскага жазуу традициясы жакынкы мезгилге чейин эле сакталып келгендигин маалымдайт (1974: 165). Ал эми хакастарда мындай традиция кийинки мезгилдерге чейин эле жашагандыгы тууралуу жогоруда сөз кылган элек.

Демек, жогорудагы маалыматтар Тывада да петроглифтерди аска бетине түшүрүү традициясы муундан-муунга берилип отургандыгын көрсөтүп турат.

**Тывалык шаман чылдырманынын сүрөттөрү.** С. И. Вайнштейн тывалыктар шамандарынын ырым-жырым жасоочу буюмдарындагы символдук сүрөттөр азырынча жакшы изилдене электигин белгилейт. Мисалы, тывалык шамандардын чылдырманынын ич жагын жана сыртын кызыл охра (кээде боёк) менен боёп, жаныбарлардын – бугу, багыш, тоо эчкилердин, сейрек учурда шаман-аялдын (бабанын) образындагы адамдын фигурасынын жанындагы сүрөттөрү, ошондой эле көбүнчө чындыкка жакындатылган, сейрек учурда схемаланган ийне жалбырактуу дарактар: түз вертикалдуу сызык жана каршы кыйшык сызыктар, мындай сызыктар алтай искусствосунда да белгилүү. Бул сүрөттөр декоративдүү максатта эмес, сыйынуу (культ) менен байланышкан символ катары калган, алар архаикалык традициядагы жөнөкөйлөшкөн схемалуу манерада аткарылган (1974:167).

Аталган сүрөттөр стилистикалык жактан Тээли жазмасындагы сүрөттөргө окшойт. *Контурдук жана силуэт-*

*тик сүрөттөр күрөң жана кызыл охра менен шарттуу схемалык* манерада аткарылган.



**№14-сүрөт.** ***Шамандардын чылдырманындагы сүрөттөр:*** 1) Хакас шаманынын чылдырманындагы (бубен) сүрөт; 2) Тыва шаманынын чылдырманындагы сүрөт (Тере-Хол, С.Вайнштейндин тарткан сүрөтү) (1964: 167).

Шаман чылдырманындагы сүрөттөр жогоруда каралган Тээлидеги аска бетиндеги сүрөттөргө стилистикалык жактан жакын экендигин С. И. Вайнштейн белгилейт. Ошондой болсо дагы «**...рисунки на бубнах тувинских шаманов восходят к той далекой эпохе,** несмотря на то, что шаманство тувинцев в его сложных формах, существовавших в XIX – начале XX в., сложилось значительно позднее» (1964; 1974: 167).

С. И. Вайнштейндин эмгегинде чылдырмандагы сүрөттөрдүн архаикалык экендиги тууралуу маалымат бар (СЭ, 1963: № 2, 93-97).

Ошентип, тывалык шамандардын чылдырманындагы сүрөттөрдүн башаты эң байыркы доорлорго барып такалат.

Албетте, аларда бири аска бетине, экинчиси кездемеге тартылгандыгы боюнча айырмачылык бар.

Адамдардын жана жаныбарлардын сүрөттөрү шамандардын костюмдарына сайма түрүндө сайылган же ап-


пликация түрүндө колдонулган. Төмөндө шамандардын лентасынын сүрөтү берилет. Ф. Кон алып келген Чыгыш тывалык шамандардын лентасы СССР элдеринин этнография музейинде сакталуу (ГМЭ, колл. № 633, 638-16, 638-17).



**№15-сүрөт.** Саймаланган сүрөттөрү бар шамандын лентасы (Тоджа, колл. ГМЭ, С. В. Ивановдуку боюнча). Кызыл кездемеден жасалган лентага бугунун моюнундагы жүндөн жаныбарлардын, куштардын сүрөттөрү, орнаменталдык оюулар сайма катары сайылган. Лентанын формасы жыланды элестетет. Лентаны хакас, бурят, эвенк шамандары далысына тагынышкан. Жаныбарлар: жогорудан ылдый – ит, куш, ат, бугу, бир нече орнаменталдык фигура, дагы бир ат жана бугунун ургаачысы (1974: 169).

## Тоо эчкилердин схемалык сүрөттөрү Тывадагы, Монголиядагы, Миң-Суудагы эстеликтерде (Түрк доору)

Д. Г. Савиновдун маалыматы боюнча (1984) «Байыркы түрк ичилтигинин» - акыркы компоненти – тоо эчкилердин схемалык сүрөттөрү алардын алгачкы Тывадагы табылган жерине байланыштуу А. Д. Грач тарабынан Чуруктуг-Кырлан деп аталган (Грач А. Д., 1073). Алар классикалык түрдө Орхондогу түрк кагандарынын (Күл-Тегин эстелиги, фасхет рельефи, Онгин эстелиги ж.б.) моло таштарда (стела) тамгалар түрүндө берилген. Д. Г. Савинов: «Их отличительной особенностью является строгая профильность изображения, передача рогов, туловища и ног линиями равной толщины». Тоо эчкилеринин схемалык сүрөттөрү айрым тывалык эстеликтерде, Монголиядагы жана Миң-Суу ойдуңундагы аска бетине тартылган рун жазууларында кездешет. Ушундай эле сүрөт тоолуу Алтайдагы (Кубарев, 1979) Юстыд районундагы тосмолордун биринен табылган күмүш идиштин түбүнөн табылган. Булар Д. Г. Савиновдун пикири боюнча Экинчи түрк каганатынын мезгилине таандык. Ушуга окшош эле көп сандаган, бирок схемаланышы азыраак сүрөттөр Борбордук Азиянын жана Түштүк Сибирдин, Орто Азиянын жана Казахстандын тоолорундагы аска беттерине тартылган. Булардын таралуу аймагы Биринчи Түрк каганатынын чектерине туура келет (Савинов Д. Г., 1984: 74).




**Тоо эчкилердин байыркы түрктүк схемалык сүрөттөрү:** 1- Хачи-Хову (А. Д. Грач); 2 - 4 - түрк кагандарынын эстеликтериндеги тоо эчкилердин тамга түрүндөгү сүрөттөрү (А. Д. Грач); 5 – р. Юстыддан табылган күмүш идиштин түбүндөгү сүрөт; 6 – Бильге кагандын комплексиндеги моло таштагы (стела) сүрөт (С. Г. Кляшторныйдыкы боюнча); 7-8 - руна жазуусу менен коштолгон сүрөт (С. Г. Кляшторныйдыкы боюнча); 9 – 13 – аскага чегилген сүрөттөр, Тува (С. И. Вайнштейн жана А. Д. Грачтыкы боюнча); 14 – байыркы түрк таш эстеликтериндеги (статуя) тоо эчкилердин сүрөтү (А. Д. Грачтыкы боюнча) (Караңыз: Д. Г. Савинов, 1984: Иллюстрациялар).

## Пиктографиялык жазуу байыркы кыргыздарда: Тагар (Миң-Суу дөбө) маданият эстеликтеринде

Карасук этабынын белгилениши менен андроновдук уруулук союздун таркашы Миң-Суу ойдуңунан батышка карай скиф маданиятынын калыптанышы, чыгышка карай (эки кылым кийин) – хунн маданиятынын калыптанышы менен байланыштуу. Белгилүү бир деңгээлде Миң-Суу өрөөнү өзүнүн жайгашкан орду, маданият жана чарбасынын өнүгүү мүнөзү боюнча бир топ убакытка нейтралдуу тилке болуп турган, ошол мезгилде анда миң-суу дөбө, же дагы бир терминология боюнча тагар маданияты өнүгүүгө ээ болгон. А. Н. Бернштамдын эмгегинде дөбө маданияты деп берилген.

Бул учурда Алтайда жана Жети-Сууда жашоо-турмушка темир кеңири кирсе, ал эми Миң-Суудa коло үстөмдүк кылып турган. Миң-суулуктарга скифтик батыш маданиятынын күчтүү таасири тийген. А. Н. Бернштам бул тууралуу: «Минусинцы испытывают на себе влияние **скифской западной культуры** *(белгилеген – Г. Ж.)* и лишь с включением их в систему великой гуннской державы снова занимают, вместе с ними, ведущее положение в историческом процессе этих районов», - дейт (II, 1998, 166).

Миң-Суулук тагар маданияты коло доорунун өнүгүшүнүн акыркы этабы болуп эсептелет. Тагар маданиятынын карасук маданиятынын артынан ырааттуу өнүккөндүгүн археологдор б. з. ч. VIII кылымдагы өткөөл типтеги көрүстөндөрдөн жана андагы таш плиталардан жасалган анча чоң эмес көрүстөнгө кырынан коюлган тосмолордон улам аныкташкан (Бернштам А. Н., 1998,166).

Тагар маданияты доорунда мал чарбачылыгы абдан өнүккөн, адамдар аттарды, койлорду, эчкилерди асырашкан. Бул мүрзөлөрдөн табылган буюмдардан жана көрүстөндөрдөгү тосмолордогу жана аскага оюлуп тартылган сүрөттөрдөн улам белгилүү болгон. Тагар маданиятынын үчүнчү этабында төөлөрдүн болгондугу да болжолдонот (Грязнов М., ПИМК, № 7-8, 41; Теплоухов С., МЭ,т. IV, в. 2., 1929, 53).

Карасук маданияты мезгилинде башталган *«айбанаттар стилиндеги» сүрөт жазуусу* тагар маданиятынын мезгилинде өркүндөгөн жана өзгөчө искусство катарында тарыхтан орун алган.

Тагар маданияты мезгилдеги өтө эле маанилүү нерсе – үй айбандарынын жабдыктары менен, мисалы, *жүгөндөр жана аттын каамыты ж.б. менен аска бетине тартылган сүрөттөрдүн* сакталып калгандыгы (Бернштам А. Н., II, 1998, 167). Бул сүрөттөр кыргыздардын жазууга чейинки баскычты басып өтүшкөндүгүн айгинелейт.

Бул мезгилде дыйканчылыкта соко менен жерди иштетүүдө ат колдонула элек эле. Жерди кол соко менен айдашкан, муну жерди *кол соко менен иштетип жаткан адамдын сакталып калган сүрөтү* далилдеп турат (Бернштам А. Н., 1998, II: 167).

Тагар маданиятынын үчүнчү этабына дөбөлөрдүн түндүккө карай, Красноярск жакты көздөй жайылышы мүнөздүү. Малды унаа катары пайдалануу, талааны кой багууга ылайыкташтыруу - мал чарбасын андан ары кеңейтүүгө мүмкүнчүлүк түзгөн. Мал чарбачылыгынын өнүккөндүгүнө карабастан миң-суулуктар балык уулашкан, ошону менен катар эле дыйканчылык кылышкан. Ошондуктан миң-суулуктардын турмушу жарым отурукташкан мүнөздө болгон (1998, II: 168) Муну жыгачтан кыркылып жасалган турак-жайлар далилдеп турат (Грязнов М., ПИМК, 7-8, 41-43).

Бул мезгилде коло куюп иштетүү өндүрүшү көрүнүктүү орунда турган. Колодон жасалган ар түрдүү эмгек шаймандары, ар түрдүү зер буюмдар б.з.ч. VII-I кылымдарга тиешелүү (1998, II: 168). Тагар маданиятынын үчүнчү этабында колонун ордун темир ээлей баштаган.

Тагар маданиятынын өкүлдөрүнөн коло буюмдар, кылычтар, бычактар, жебелер ж.б. *скифтик айбанаттар стилиндеги жаныбарлардын* сүрөттөрү калган (Худяков Ю. С., 27).

### «Айбанаттар стилиндеги» пиктографиялык жазуу миң-суулук кыргыздарда (б.з.ч. V-I кк.)

Колону куюп жасоо өндүрүшү буюмдарды коoздоо өнөрү менен тыгыз байланышта өнүккөн. Курал-жарактарга (канжар, ай балта ж.б.), ошондой эле кийимдердин айрым бөлүктөрүнө да тогоо, таралга (пряжка[60]), айбанаттардын сүрөттөрү түшүрүлгөн (Бернштам А. Н., 1998, II: 168).

Ошентип, «айбанаттар стили» деген өзүнчө атка ээ болгон өзгөчө өнөр пайда болгон. Анын башталышы ка-

расук маданиятында эле байкалган. «Айбанаттар стили» искусствосу адамдын идеологиялык түшүнүктөрүнүн системасы менен байланыштуу болгон, б.а., адам өзүнүн келип чыгышын тигил же бул айбанат (тотем) менен байланыштырган. «Айбанаттар стили» деп аталган искусство өзүнүн көркөм-эстетикалык милдетин аткаруунун чегинен чыгып, маалымат берүүчү кызматты аткарып, өз доорундагы адамдардын жашоо-турмушунан, алардын дүйнөгө көз караштарынан, ишенимдеринен, философиясынан ж.б. кабар берген маалымат каражаты болуп калган.

А. Н. Бернштам «Золотая диадема[61] из шаманского погребения на р. Каргалинке» деген эмгегинде **миң-суулуктардын айбанаттарды тартуу техникасы жана мүнөзү скиф маданияты менен тыгыз байланыштуу болгондугун** *(белгилеген – Г. Ж.)* маалымдайт (Бернштам Б. Н., КСИИМК, вып. V, 1940).

Өзгөчө бул байланыш экинчи жана үчүнчү этаптардагы эстеликтерден байкалат. А. Н. Бернштам: «В самом деле, в это время **(V-I вв. до н. э.)** по соседству с Енисеем, на Алтае и далее на запад, мы имеем дело с уже сложившейся культурой ранних кочевников, характерной своим искусством «звериного стиля» (Бернштам А. Н., II, 1998, 168; Артамонов М., История СССР... ч. 1, 239).

Ошондуктан алар менен катар жашаган миң-суулуктарга мына ушундай күчтүү уруулук союздун таасири, «айбанаттар стилиндеги» искусствонун таасири тийген.

**Азиянын территориясында Миң-Суу айбанаттар стилиндеги искусствонун түзүлүшүнүн эң байыркы борбору болуп эсептелет.** Мындай пикирди А. Н. Бернштам (Избр.тр., 1998, II: 168), М. Коверн (M.Govern) айтышат. А. Н. Бернштам: «в сложении соответствующих сюжетов Центральной Азии и Северного Китая немалое значение имели древние минусинцы, а в последствии и жители Алтая» (1998, II: 168), - дейт.

Кыргыздарда коло куюу техникасы мыкты өнүккөн. Кыргыздар темирден курал-жарактарды жана ат жабдык-

тарын жасап, бүткүл түштүк Сибирдин калкын жабдып турушкан. Андан тышкары айыл чарбасына жана үй муктаждыктарына тийиштүү буюмдарды да жасашкан (Караев Ө., 1993, 110). Кыргыздарда зергерчилик өнөрү да болгон (Бернштам А. Н., 1998, II: 287). Кыргыздар жасаган буюмдарда айбанаттар стилиндеги сүрөттөр (жаныбарлар, канаттуулар, балыктар ж. б.) болгон.

Мисалы, Ө. Караев таш дөбөлүү көрүстөндөрдүн – чаатастардын казыналар катылган казанактарынан С. В. Киселев менен Л. А. Евтюхова бир нече алтын идиштерди жана алтын жалатылган табактарды табышкандыгын маалымдайт, алардын ичинде өсүмдүк орнаменти жана тири шумдуктуу жандыктардын (Ө. Караев «тири шумдуктуу жандыктар» деп берген) турпаты чөгөрүлгөн идиштер болгон. Бул кыргыздардын жаныбарлар дүйнөсү менен тыгыз байланышын көрсөтүп турат жана аларда пиктографиялык жазуу болгондугунан кабар берет.

### «Айбанаттар стилиндеги» пиктографиялык жазуу кыргыз буюмдарында

Башка көрүстөндөрдөн табылган ат жабдыктарынын жана ээр жабууларынын төрт бай комплектисинде көп катмарлуу композиция чагылдырылган: **атта жанынын бардыгынча чаап бара жаткан киши артына кайрылып, ага секирген жолборсту жаа менен атып жатат** *(белгилеген – Г. Ж.)*. А. Н. Бернштам бул жасалгалар, чамасы, тердиктин үстүнө жабылуучу жабууга (кожаный чепрак) түшүрүлгөн дейт. Атчандын **үстү жагында кытай стилинде тартылган булут, төмөн жагында токой менен капталган тоолор жана сүрөттүн борборун тегерене чуркаган жапайы жырткычтардын сүрөттөрү** *(белгилеген – Г. Ж.)*.

Окумуштуу бул композициянын сюжети сасани искусствосуна толугу менен окшош экендигин белгилейт, бирок, ошол эле учурда экспрессивдүүлүгү жана сырткы тулкусунун (фигуралардын) реалдуу көрсөтүлүшү жагынан өзгөчөлүгү бар дейт (Бернштам А. Н., 1998, II: 185).

Мына ушул сюжеттин өзгөчөлүгүн С. В. Киселев мындайча чечмелеген: «Мында мурунку скиф-сармат доорундагы евро-азия талааларындагы урууларда үстөмдүк кылган, **ажайып талаа айбанаттар искусствосунун традициялары сакталган,** ошондой эле жогоруда каралган **тордомолуу тогоолор** (ажурные бляхи) **VII-IX кк. кыргыздардын көркөм табитине али да болсо таасирдүү болгондугун көрсөтүп турат»***(белгилеген – Г. Ж.)* (Избр.тр., 1998, II: 185).

Ошондой эле VI-VIII кк. Капчал көрүстөнүнөн курлардын күмүш тогоолору табылган. Ал тогоолордун **биринде койду тытмалап жаткан жырткычтын сүрөтү** *(белгилеген – Г. Ж.)* тартылган (Киселев С. В., 2011, 10, 334). Бул тогоо кыргыздарда мурунку тагар-таштык, «скиф-сарматтык» традициялардын сакталгандыгын дагы бир жолу далилдеп турат.

Бул мисалдар кыргыздар пиктографиялык жазууну колдонушкандыгын жана адамдардын жаныбарлар дүйнөсү менен тыгыз байланышын көрсөтүп турат.

Копёндеги табылгалардан байыркы айбанаттар стилиндеги традициялардын кийинки көрүнүштөрүн да табууга болот. Енисей кыргыздары VI-VIII кк. реалисттик мүнөздөгү скифтик айбанаттар стилиндеги традициянын эң соңку жана жападан жалгыз алып жүрүүчүлөрү болушкан (533). Анын элементтери азыркы кыргыз орнаменттеринде да кездешет.

**Көркөм-сүрөттүк ыкмада тартылган башка мотивдер.** Жогоруда таш дөбөлүү көрүстөндөрдүн – чаатастардын казыналар катылган казанактарынан С. В. Киселев менен Л. А. Евтюхова бир нече алтын идиштерди жана алтын жалатылган табактарды табышкандыгын айткан элек. Андан тышкары бул табылгалардын ичинде **канаттуулардын жана балыктардын сүрөтү чегерилген, башка да асемдер түшүрүлгөн кемер курлар** *(белгилеген – Г. Ж.)* болгон.

## Гипс бет каптар енисей кыргыздарында

**Гипс бет каптар Тагар маданиятында.** Тагар маданиятынын аяктоо мезгилинде Енисей көчмөндөрүнүн, т. а., кыргыздардын байыркы бабаларынын искусствосунда гипс бет каптарды (маскалар) жасоо кеңири таралган. Адегенде мындай бет каптар өлгөн адамдын бетин дал өзүндөй чагылдырган, бара-бара алар өз алдынча жасалып, боёлгон. Эгерде биринчи жасалган бет каптар индивидуалдуу болсо, б.а., өлгөн адамдын гана жеке портретин берсе, кийинчерээк мындай бет каптар типтүү болуп, расалык мүнөзгө ээ болгон. Ошентип, Енисейдеги индивидуалдуу гипс бет каптар бара-бара жалпыланган образдагы бет каптарга өткөн.

**Таштык доорундагы гипс бет каптар боюнча изилдөөлөр эмнени айтат? Ар түрдүү расалык типтердин аралашуусу.** Таштык маданий этабында гипс бет каптар табылган.

Аталган доордо табылган жана андан бир топ кийинки б. з. III-V кк. көрүстөндөрдөн табылган гипс бет каптар түздөн-түз өлгөн адамдын бетине коюлган, бул маркумдун портретин сактоого жасалган аракет болсо керек деп болжолдонот. Эгерде мурунку бет каптар түздөн-түз маркумдун бетине коюлуп, анын бети менен бет болуп калыпка салынып калса, кийинки бюст бет каптар өз алдынча жасалып, постаментке жайгаштырылган.

Бул бет каптарды изилдөө төмөнкүдөй жыйынтыктарды берген. Баштапкы бет каптардын мүнөзү жана боёктору миң-суу көрүстөндөрүндөгү краниологиялык материалдарга толугу менен туура келген сүйрү баштуу жана ак жүздүү типти берген, т.а., бул афанасьев доорунан башталган динлин тибин көз алдыга келтирген.

Мындан бир топ кийинки көрүстөндөрдөн табылган бет каптар болсо «имеют уже приплюснутый нос, роскосые глаза, темную окраску» (Бернштам А. Н., 1998, II: 173). Ошондой эле аралаш, тагыраак айтканда хунн-дин-

лин тибин чагылдырган бет каптар табылган. Бул гипс бет каптарынын мааниси чоң. Алар аркылуу тарыхый маалыматтар такталат, коомдун өнүгүшү, уруулардын өз-ара карым-катышы, байланышы, аралашуусу ж.б. тууралуу гипотезалар так, даректүү фактылар менен жабдылат.

С. В. Киселевдун маалыматы боюнча, бет кап физиономиясы боюнча үч топко бөлүнгөн: I. «Лица крупные, со слабо выраженной скуластостью, довольно полными губами, прямо поставленными глазами, прямыми носами с горбинкой; II. Лица крупные, более широкие, с полными губами, прямо поставленными глазами, прямыми носами; III. Лица более тонкие, удлиненные, со слабо выраженной скуластостью, тонкими губами, прямо поставленными глазами, умеренными подбородками и миниатюрными, слегка вздернутыми носами» (Киселев С., 1935: 5).

Бул фактылардан, б.а., таштык доорундагы материалдардан ар түрдүү (эң болбогондо – эки) расалык типтердин аралашуусун байкоого болот. Аралашуу процесси болсо Енисей районуна Борбордук Азиялык уруулардын кирип келишинен улам башталган. Хунндар аркылуу кытай маданияты да келген (Бернштам А. Н., 1998: 197).

Мындай маалыматтар хунн доорунда эле башталган түрктөшүү таштык доорунда улангандыгын айтып турат. Ошентип, ар башка типтеги бет каптар уруулардын аралашуусун көрсөтүп турат.

## Атчан жоокердин образындагы бабаларды ыйык тутуу (б. з. ч. VI-III кк.)

А. Н. Бернштам жогорудагыдай бет каптардын негизинде кийин көрүстөндө коюлган статуялар, б.а., балбалдар келип чыккан дейт. Мындай балбалдар жалпыланган жоокердин типтүү образын берген. Эгерде мурун кыргыз искуссствосунда жапайы айбандардын күрөшү – тотемдер («адатта жырткычтар жана чөп жей турган

фантастикалык жаныбарлар») сүрөттөлсө, эми б. з. ч. VI-III кк. бул күрөштө жаныбарлардын ордун адам ээлейт. А. Н. Бернштам: «Изображение последнего в киргизском искусстве утверждается в силу культа предков, который был основой вышеупомянутых масок» (1998, II: 532), – дейт. Бул адам – жоокер, болгондо да атчан жоокер. Бабалардын ыйык образы түздөн-түз атчан жоокер менен байланыштырылган, анткени согуш байыркы кыргыздардын турмушунда орчундуу орунда турган. Бул тууралуу А Н. Бернштам мындай деген: «...война составляла главную отрасль занятий дервних киргизов» (1998, II: 532).

Мисалы, 1939-жылы Л. А. Евтюхова жана С. В. Киселев тарабынан Енисейдеги Миң-Суунун Копён жеринен абдан көп буюмдар табылган. Алтын жана коло буюмдардын арасынан ээрдин үстүңкү жабуусуна куюлган коло жасалгалар көңүлдү өзүнө бурган. Анда атчандын артына кайрылып, ага кол салып жаткан барсты атып жаткандыгы тартылган. Атчандын тегерегинде аңчыдан корккон жырткыч жаныбарлар – бугу, тоо эчки, камандар ары-бери чебелектеп, өйдө-төмөн удургушат. Ал эми атчандын үстүндө кытай стилиндеги булуттар, анын астында токой менен капталган тоолор сүрөттөлгөн. Сүрөт реалдуу экспрессия[62] менен тартылган (1998, II, 533).

Бул мезгилде кыргыздар Кытай, Орто Азия, Иран сыяктуу мамлекеттер менен тыгыз байланышта болушкан. Ошондуктан кыргыздардын искусствосунда, пиктографиялык жазууларында аталган мамлекеттердин маданий таасирлери байкалат.

Енисей кыргыздарынын маданияты VI-IX кк. абдан бийиктикке көтөрүлгөн, бирок андан кийин маданияттын өнүгүшүнүн темпи тез эле ылдыйлаган. Бул кыргыздардын бир кыйла бөлүгүнүн Тянь-Шанга көчүшү менен байланыштуу болгон.

## Зергерчилик, металл куюу кыргыздарда

Копён чаатастарынын табылгалары, андагы буюмдардагы калыпка куюу, зергерчилик, данакерлөө ыкмасы темир затын иштетүүнүн көп кырдуулугун айкындайт (А. Н. Бернштам, 1998, II: 288). Кыргыз усталарынын жасаган буюмдарында ар кыл сүрөттөр, оймо-чиймелер калтырылган. Копён чаатастарынын табылгалары кыргыздардын өнүккөн соода жана маданий байланыштарын айкындап турат. А. Н. Бернштам кыргыздардын маданияты сасанилик Иран, Кытай маданиятынын тогошунун таасири астында калыптангандыгын, аларды жөн гана кабыл албастан, өздөрүнүн маданий талаптарына ылайыкташтырганын белгилейт (1998, II: 287).

Ө. Караев кыргыз кол өнөрчүлөрүнүн арасында **таш сомдоочулар менен оймочулардын** *(белгилеген – Г. Ж.)* болушкандыгын кабарлайт. Алар көрүстөн саганаларына даректүү санжыраларды оюп жазышкан. Ошондой эле алар кыргыздардын күнүмдүк турмушуна жана согуштарга байланышы бар аска таштардагы сүрөт чиймелерин да чегишкен (Китепте: 1993, 1-т.: 111).

## Петроглифтер Кыргызстандын түштүгүндө

Кыргызстандын территориясынан табылган эстеликтердеги сүрөт жазуулары байыркы түрк элдеринин тарыхый издерин чагылдырып турат.

Ю. С. Худяков Кыргызстандын территориясы 3 миң жыл бою («три тысячилетия») Борбордук Азиянын көчмөн жашоосуна күбө болуп келгендигин белгилеген (2003). Муну Кыргызстандын территориясынан табылган эстеликтер далилдеп турат.

**Байыркы аска бетине чегилген сүрөттөр. Петроглифтер.** Байыркы көчмөндөр жана жарым көчмөндөр тууралуу маалыматтарды Кыргызстандын территориясынан табылган эстеликтер, андагы жазуулар толуктап келүүдө. Мисалы, буга – Кыргызстандын түштүгүнөн табылган

байыркы аска бетине чегилген сүрөттөр далил. Кыргызстанда байыркы тарыхый эстеликтердин ичинен аска бетине чегилген сүрөттөр өзгөчө бөлүнүп турат.

Л. Жусупакматовдун «Древние картосхемы Земли в пиктографии петроглифов юга Кыргызстана» (2006) аттуу эмгеги Орто жана Борбордук Азияда жашаган байыркы элдердин пиктографияларында чагылдырылган Жердин жана анын региондорунун картосхемасына арналган. Пиктографиялык тексттин объектиси катары мындай петроглифтер мурун изилдене элек болучу.

Бул эмгек эң байыркы элдердин жаратылыш жөнүндөгү биринчи көз караштарын билдирет.

Байыркы элдер тээ илгертен эле пиктографиялык жазуудай эле петроглифтерди пайдаланышкан. «В них на территории Юга Кыргызстана, Средней и Центральной Азии отразили свое миропонимание древние андроновцы, саки, скифы, гунны, усуни и тюрки» (Жусупакматов Л., 2006: 13). Окумуштуу Кыргызстандын түштүгүндөгү петроглифтер «тесно связаны с петроглифами Средней, Центральной Азии, Восточной, Юго-Восточной, Юго-Западной частями, Южной Сибири...» (2006: 14) дейт.

А. Д. Столяр: «они (петроглифы) содержат намек на некоторые речевые эквиваленты архаических пластов языка»(1972: 60), – дейт. Бул учурдагы негизги нерсе – тексттин маанисин түшүнүү, тилдин ээсин, анын психологиялык, этностук жана маданий өзгөчөлүгүн билүү болуп саналат дейт Л. Жусупакматов (2006: 15).

Л. Жусупакматов пиктографиялык жазуу менен катар эле петроглифтер система катары жогорку палеолитте (верхний палеолит) эле пайда болгондугун «и как система рисуночного письма (Л. Ж.), окончательно сформировались в эпоху неолита, и **стали предшественниками фонетического письма** *(белгилеген – Г. Ж.),* были распространены у индейцев Америки, жителей тропической Африки, аборигенов Австралии, малых народов Сибири и др. вплоть до XX в.» (2006: 15), – дейт.

Л. Жусупакматов петроглифтерди үч аспектиден караган: «прагматически как категорию философии в миропознании древних людей, структурно-семантически, как семиотические знаки в плане невербальности, градусно-частотно как пространственность во времени и потенциально как объект познания в относительности» (2006: 27).

Я. Шердин пикири боюнча пиктографиялык жазуунун объектиси катары петроглифтерди изилдөө илимдеги жаңы багыт болуп саналат.

Бул пиктографиялык текстти грамматикалык жактан эмес логикалык жактан дешифровкалоо керек экендигин тилчи түркolog А. М. Щербак, этнограф В. М. Кляшторный, алтай тили боюнча адис В. И. Цинциус сунушташкан. Байыркы элдердин бардык иштери пиктографиялык жазууда грамматикалык жактан эмес, логикалык жактан айкын көрсөтүлгөн. Муну алардын прагматикалуулугу, семиотикалуулугу жана семантикалуулугу далилдеп турат (Джусупакматов Л., 2006: 29).

Петроглифтер, Л. Жусупакматовдун маалыматы боюнча, Борбордук Тянь-Шань, Памир, Алай, Фергана тоо кыркаларында да кездешет. Кыргызстандагы аска бетине чегилген сүрөттөр байыркы көчмөндөрдүн жана жарым көчмөндөрдүн рухий дүйнөсүн, ошондой эле конкреттүү, абстракттуу анимистикалык жана тотемдик көз караштарын ачып берет. Ушул пландан алганда Чоң-Бүлөлүдөгү (Алай району), Жаңы Ноокат капчыгайындагы (Ноокат району), Сүрөтүдөгү (Баткен областы) петроглифтер өтө уникалдуу.

**Байыркы кыргыз тамгалары. Байыркы кыргыз пиктографиялык жазуусу Чоң-Бүлөлүдөгү аска бетине чегилген сүрөттөрдө.** Чоң-Бүлөлүдөгү аскага чегилген сүрөттөр б. з. ч. I миң жылдыктын аягы жана б. з. I миң жылдыгынын биринчи жарымына тиешелүү деп эсептелет. Байыркы тарыхый-археологиялык эстеликтер тяньшандык кыргыздардын эзелтеден бери эле ушул территорияда жашап жана чарбасын жүргүзүп келишкендигин

далилдейт. Мында табылган эстеликтер енисейлик жана тянь-шандык кыргыздар бири-бири менен тыгыз карым-катышта болуп келген деген кыргыз изилдөөчүлөрүнүн концепциясын да ырастайт (2006: 54).

Чоң-Бүлөлүдөгү кызыл кумдуу аскага чегилген петроглифтер (Жердин картосхемасы), Л. Жусупакматовдун пикири боюнча, байыркы түрктүк, ошону менен бирге эле **байыркы кыргыз пиктографиялык жазуусун билдирет** *(белгилеген – Г. Ж.).* Чоң-Бүлөлүдөгү петроглифтер теги боюнча байыркы-түрктүк деп эсептелет. Алар 1984-жылы табылган. Бул петроглифтер Жоош айылынын түндүк-батышында жайгашкан кызыл кумдуу зоокага («краснопесчанной скале») чегилип жазылган. Асканын астында 150 200 метр аралыкта жол өтөт. Мурун айтылгандай, зооканын чыгыш бөлүгүндө байыркы түрктүк, т.а., **байыркы кыргыз тамгалары** *(белгилеген – Г. Ж.)* чегилген, ал эми түштүк батыш жагын тамга жана геометриялык схемалар ээлейт, буларды Л. Жусупакматов картосхема деп атайт. Ошондой эле зоока астында жаткан (балким, аскадан жарылып түшкөн) чоң ташта **тамгалар түрүндөгү сүрөттөр** *(белгилеген – Г. Ж.)* (башкача айтканда – фонограммалар – Л. Ж.) кездешет (50-б.).

Л. Жусупакматовдун маалыматы боюнча бул картосхеманын негизин ушул жердин орографиясы[63] түзөт. Жүргүзүлгөн анализдин жыйынтыгы боюнча анда негизинен Орто жана Борбордук Азиянын тоолору сүрөттөлгөн. Бул картосхемалар системалуу түзүлгөн, орографиядагы белгилүү бир жыштык (частотность) сакталган, ошондой эле анда масштабдуулук элементтери байкалат, 59,2% и жогоруда аталган территориянын орографиялык масштабына туура келет (2006: 50).

Ал эми чоң ташка чегилген сүрөттөрдү расшифровкалоо анын авторунун отко сыйынган адам экендигинен кабар берет. Анткени андагы белги ... пиктографиялык жактан Күндү, ал эми калган белгилер адамдардын фигураларын билдирет. Кол кармашкан адамдардын сүрөт-

төрү алардын Күнгө сыйынгандыгынан кабар берет жана алтай бүлөсүндөгү элдерде кеңири таралган, кыргыздарда да кездешкен от бийин (танец огня) эске салат (2006: 53).

Кыргызстандын территориясында жашаган байыркы кыргыздар да күндү ыйык деп, ага сыйынышары аталган чекме сүрөттөн көрүнүп турат.

Кыргыздар тарабынан өздөрү жашаган жерлердин картосхемасы түзүлгөн. Ал эми байыркы кыргыздардын негизги кесиби аңчылык болгондугун уруу белгилери ырастап турат (2006: 53).

Чоң-Бүлүдөгү аска бетине чегилген сүрөттөрдүн кайсы доорго тиешелүү экендиги тууралуу Л. Жусупакматов мындай дейт: «Наличие на них глубокого загара, а также отсутствие изображений огнестрельного оружия... говорит о том, что данные наскальные изображения относятся к концу 1 тыс. до н. э. и к первой половине 1 тыс. н.э.» (2006: 54).

Кыргызстандын территориясы аска бетине чегилип тартылган сүрөттөргө, б.а., петроглифтерге бай жана алар окумуштуулар тарабынан жазуу катары (как писменность) таанылган дейт Л. Жусупакматов. Мындай петроглифтерге 1983-жылы табылган Кичи-Каракол ашуусундагы (Алай району) жолдун жээгинде жайгашкан абдан зор жалпак таштарга чегилген Жердин картосхемасы (анын айрым бөлүктөрү), Терген-Таштагы чекме сүрөттөр кирет. Бул эстеликтерди Л. Жусупакматов «ачык асман астындагы музей» деп атайт.

**Терген-Таштагы аска бетине чегилген сүрөттөр – дүйнөнүн, т.а. анын бир топ бөлүктөрүнүн картосхемасы.** Терген-Таштагы аска бетине чегилген сүрөттөр – Ош облусунун Алай районунда жайгашкан. Мындагы сүрөттөр – дүйнөнүн, т.а., анын бир топ бөлүктөрүнүн картосхемасы. Бул жерде ар бир таш – адамзаттын тарыхын камтыйт.

Терген-Таштагы сүрөттөр 500дөй. Картосхемалар түшүрүлгөн бир нече таштар жолдун боюнда жайгашкан. Алар пландуу, масштабдуу жайгаштырылган жана азыркы картанын 83–84% не туура келет. Сүрөттөрдүн грано-

метриясы боюнча алар орографиялык, полеографиялык жана өлкө таануучу (этнографиялык) системаны, ошондой эле городографияны, шаарларды жана жолдорду көрсөтөт (2006: 47).

Көңүл коюп карап көргөндө, андан Орто, Борбордук, Кичи Азиянын жана Индиянын, ошондой эле Европанын бир бөлүгүнүн сүрөттөрүн (изображение) көрүүгө болот. Бардык схемалардын түшүрүлгөн сүрөттөрү жалпак ташта бири-биринин уландысы катары жайгашкан. Бул картография – ошондой эле тоолордун, ушул жерлердин аттарынын, Алайдын да байыркы тарыхы (2006: 47).

**Бугу эне – Эне-кудайды билдирүүчү семиотикалык белги.** Мисалы, Бугу эненин силуэти – балдардын коргоочусу. Бугу - бул жерде балдарды каардуу жин, шайтандардан жана оорулардан коргоочу Эне-кудайды билдирүүчү семиотикалык белги. Бугу-Эне – тирүү жандарды азыктандыруучу Жер-Эне (Мать-Земля), акырында ал – аңчылыктын да объектиси (2006: 172). Кыргыздын улуу жазуучусу Ч. Айтматов бекеринен өз чыгармаларында семиотикалык белги катары Бугу-эненин образын албаган экен.

**Саймалы-Таш пиктографиялык тексттери.** Саймалы-Таштагы аска бетине чегилген миңдеген сүрөттөрдү «Уникальными образцами «предсакского и сако-усуньского искусства являются наскальные изображения Саймалы-Таш на перевале Ферганского хребта» (2006:549), – дейт Л. Жусупакматов.

Түштүк Казахстандагы Койбагар жана Фергана тоо кыркасындагы Саймалы-Таш өзгөчө кызыгууну жаратат. Дүйнө жүзүндөгү башка эч бир жерде ушунчалык көп петроглиф комплексинин тобу кездешпейт. Я. Шер жана Ю.Голендухин: «Ухтасар в Армении, Богуслен в Швеции, Валь Камоника в Италии уступают Саймалы-Ташу по количеству названных рисунков (3: 27)», - дешет.

Саймалы-Таш – сүрөттөрдүн саны жана алардын хронологиялык жайылышы боюнча (коло доорунан орто кылымдарга чейин) ушундай типтеги сүрөттөрдүн эң ири

топтолгон жери болуп саналат. Саймалы-Таштагы аска бетине чегилген сүрөттөр төрт катмарга бөлүнөт:

«1. предсакский, II-I тысячелетия до н. э.

2. сакский, VIII-III вв. до н.э.

3. гунно-усуньский, III в.до н.э. – II в. н. э.

4. гунно-тюркский, III-VIII вв. н. э.» (Бернштам А. Н., 1998, II: 549).

Саймалы-Таштагы сүрөттөрдүн сериялары айрым жаныбарлардын жана бүтүндөй композициялардын динамикалык сүрөттөрүнүн үлгүлөрүн берет.

Л. Жусупакматовдун эмгегинде байыркы адамдардын жер жөнүндөгү жана анын региондору жөнүндөгү элестери Саймалы-Таштын петроглифтериндеги пиктографиялык тексттерде кеңири сүрөттөлгөн (2006: 102, 196). Ал эми Сулайман тоосундагы лабиринт – бул байыркы бабалар тарабынан чегилген астроглобус. Анда алардын Жер жөнүндөгү, Жердин картосхемасы жөнүндөгү түшүнүктөрү чагылдырылган жана байыркы оштуктардын Борбордук, Түштүк-Чыгыш жана Алдыңкы Азия (Передняя Азия), ошону менен бирге эле бүткүл дүйнө жүзүнүн элдери менен байланышын көрсөтүп турат (2006: 66).

Л. Жусупакматовдун пикири боюнча мейкиндик түшүнүгүн билдирүүчү пиктограммалар карта же картосхеманы түшүндүрөт. Алар петроглифтердин ар түрдүү формалары аркылуу туюндурулат жана картографиядагы пиктографиялык текст катары өзүнчө бир системаны көз алдыга келтирет. Алар пиктограмма-зооморфтор (эчки, багыш, бугу, ат, маймыл, жылан. Ар түрдүү жырткычтар, төөлөр, канаттуулар ж.б.), пиктограмма-антропоморфтор, пиктограмма-метаморфозалар ж.б.

Окумуштуунун ийгилиги ошол таштардагы сүрөттөрдү окугандыгы, сүрөттөрдү дешифровкалагандыгы болуп эсептелет.

Түштүктөн табылган Жердин картосхемасы анын Орто Азия жана Борбордук Азия аркылуу Кытай, ан-

дан – Индияга, кайрадан Рим, Вавилон, Египетке кеткен Улуу Жибек жолу менен байланышы бар деген ойго түртөт дейт Л. Жусупакматов (2006: 275).

Ошентип, Кыргызстандын территориясы – кыргыздардын пиктографиялык жазууларына бай байыркы тарыхый эстеликтердин очогу, Улуу Жибек жолунун Кытайга кеткен түйүндүү точкасы болуп эсептелет.

## Саймалы-Таштагы арабага чегилген аттардын сүрөттөрү

Саймалы-Таштан (1982-жылкы маалымат боюнча) 50 арабага чегилген аттардын сүрөттөрү табылган, аларды «с разной степенью уверенности можно считать повозками и колесницами» (3: 19), - дешет Я. Шер жана Ю.Голендухин.

***Төмөндө 1-3-сүрөттөрдө*** араба жана ат араба деп эсептөөгө боло турган сүрөттөр берилген (1982: 19).

Арабага чиркелген жаныбарларды стилистикалык өзгөчөлүктөрүнө жараша үч негизги типке бөлүүгө болот: 1) тулкусу тик бурчтуу (8, 10, 12-13; 9, 1, 7, 13; 10, 2); 2) тулкусу үч бурчтуу, б. а. бири-бири менен чокулары аркылуу бириккен эки үч бурчтуктан турат (8, 9; 9, 7, 8, 10, 13, 14; 10, 1-6); 3) тулкусу узун (8, 4, 11; 9, 4, 9, 11; 10, 7, 11, 12).


Калган арабага чиркелген жаныбарлар бардык үч типтеги белгилерди камтыйт жана алардын ортосундагы абалда турат. Я. Шер жана Ю. Голендухин: «В одном случае (10, 14) наблюдается стиль изображения лошадей, очень близкий к сакскому» (1982: 20), - дейт.




**1-сүрөт.** Саймалы-Таш. Биринчи типтеги арабанын сүрөттөрү.




**2-сүрөт.** Саймалы-Таш. Биринчи типтеги арабанын жана эки дөңгөлөктүү арабанын сүрөттөрү.




**3-сүрөт.** Саймалы-Таш. Биринчи (1-8) жана экинчи типтеги (9-14) арабанын сүрөттөрү (Шер Я. жана Голендухин Ю., 1982).

### Талас жергесиндеги пиктографиялык жазуулар

Талас жергеси өзүнүн жазма эстеликтерге байлыгы менен изилдөөчүлөрдү кызыктырып келген. П. Н. Кожемяко биринчи жолу Талас өрөөнүндөгү айрым эстеликтер менен 1893-жылы В.В.Бартольд таанышкандыгын маалымдаган. Ал Садыр-Курган (Кировское) жана Ак-Төбө (Орловка) шаарчалары тууралуу жазган (Караңыз: Кожемяко П. Н., 1963: 7).

В.В.Бартольддун Таласка барышы менен эстеликтерди изилдөө иштерине көңүл бурула баштаган. Мисалы, археологияны сүйүүчүлөрдүн Түркстан кружогу ачылган. В. А. Каллаурдун Талас өрөөнүндөгү эстеликтер жөнүндөгү бир катар макалалары жарыяланган.

Ошондой эле В.А.Каллаур тарабынан орхон-енисей эстеликтеринин (1896-ж., 1898-ж.) ачылышы да изилдөөчүлөрдүн жазма эстеликтерге болгон кызыгуусун арттырган. Рун жазууларын расшифровкалоону В. В. Радлов жана П. М. Мелиоранский ишке ашырышкан. В. А. Каллаур таштагы бир нече жазууларды каттаган. Ал биринчи жолу адабиятка кыштактардын (поселение) калдыктары жөнүндөгү маалыматтарды киргизген. Алар төмөнкүлөр: «городища Ак-Төбө у гор.Таласа (ПТКЛА,1896, с.12, 43, 44), городища и торткуля на р. Калба (Каллаур В.А., 1897: 4, 79-82), городища Чалдывар на р. Урмарал (ПТКЛА,1897, с.13), городища на Кара-Буре (Калалур В. А., 1899: 3), и остатки поселения в местности Айртам-Ой (1899: 268-269)» (Кожемяко П. Н., 1963: 7).

В. В. Бартольд Манас мазарындагы жазуулардын расшифровкасынын жыйынтыгын жарыялаган (1899: 5). Ал эми В. А. Каллаур Таласта дөбө эстеликтери бар экендигин, ал эми Орловка шаарчасында монеталардын кенчи бар экендигин маалымдаган (1909: 16).

1898-1899-жж. финно-угор окумуштуулар коомунун археологиялык экспедициясы Талас өрөөнүндө Г. Гейкелдин жетекчилиги менен иштеген. Октябрь ре-

волюциясынан кийин П. П. Иванов Таласка келип, Талас тоосунун алдындагы Ак-Төбө, Манас мазарын текшерүүдөн өткөргөн (Кожемяко П. Н., 1963: 8).

Массон Талас эпиграфикалык эстеликтерин изилдөө үстүндө көп эмгектенген. Ал рун жазуусу бар жаңы жыгач таякчаны жарыялаган (Массон, 1936: 3-17).

Таластагы байыркы түрк жазууларын которуу иштерин венгр окумуштуусу Ю. Немет жана түрк окумуштуусу Х. Орхун аткарышкан.

30-жылдарда А.Н.Бернштамдын жетекчилиги менен аталган өрөөндө жети-суулук экспедиция иштеген. Аны КР ССРинин Илим комитети жана СССР Илимдер академиясынын материалдык маданият тарыхы институту уюштурган. 1938-1939-жж. Кең-Кол көрүстөнү ж.б. казылган.

Садыр-Курган (Кировское к. алдында), Ак-Төбө (Талас тоосуна жакын), Орловское (Орловка к. алдында), Ключевское (Ключевка к. алдында) шаарчалары казылган (Кожемяко П. Н.,1963: 9). Бул казуулардын жыйынтыгы макалаларда жана монографияларда чагылдырылган.

1956-жылдан баштап В.М.Гапоненко Фрунзедеги (азыркы Бишкек) № 10 орто мектебинин тарых-археологиялык кружогунун мүчөлөрү менен Талас өрөөнүндөгү аска бетине чегилген сүрөттөрдү издөөгө жана изилдөөгө киришкен (Гапоненко В. М. 1963: 101). Натыйжада, илимде мурун белгисиз болгон Теке-Таш, Курган-Таш, Терек, Кулан, Каракол, Куганды, Кюркюросу *(Күркүрөсү – Г. Ж.),* Ур-Марал капчыгайларындагы аскалардан сүрөттөр табылган (Гапоненко В. М., 1956, № 194, 19-август; 1956, № 28, 14-июль; Кожемяко П. Н., 1963: 101).

В. М. Гапоненко өзүнүн эмгегинде сүрөттөрдүн жети тобун бөлүп берген (1963: 101-102).

Сүрөттөрдүн **биринчи тобу** «находится в районе впадения р. Текеташ в р. Чонор – правый приток р. Талас» (1963: 101). Сүрөттөр Текеташ капчыгайынын сол эңкейишинен 1 км. өйдө жайгашкан. Анча көп эмес аска бе-

тине чегилген сүрөттөр *(жапайы жана үй жаныбарлары, аңчылык сценалары)* күнгө тотуккан гранит койташтарга оюп түшүрүлгөн. Сүрөттөр *силуэттүү* жана *сызыктуу,* алар негизинен *нокоттуу* (так-так болгон) техника менен аткарылган (1963: 101).

**Экинчи топ** – Кең-Кол суусунун куймасы болгон Курган-Таш суусунун оң жээгиндеги аскада жайгашкан. Алар Курган-Таш суусу менен Оова суусунун кошулган жеринен Курган-Таш капчыгайы менен 1,5-2 км өйдө жайгашкан. Бул жерде 200гө сүрөттөр тартылган, андан көчүрмөсү жасалып алынган. Бул жердеги сүрөттөр да *нокоттуу техника* менен тартылган. Курган-Таш капчыгайындагы сүрөттөрдү үч топко бөлүүгө болот: 1) *бирден жана тобу менен чагылдырылган жапайы жана үй жаныбарлары – текелер, аркарлар, бугу-маралдар, иттер, аттар, төөлөр; 2) аңчылык сценалары: аңчылар жаалары, чокморлору, иттери менен;* 3) *сыйынуу сценалары: жаныбарлардын ортосундагы ритуалдык бийлер* (1963: 101).

**3-топтогу** сүрөттөр – Кең-Кол суусунун куймасы болгон Терек суусунун оң жээгиндеги Терек капчыгайынын кире беришиндеги нык кум тектүү аскаларда жайгашкан. Анда *жапайы жана үй жаныбарлары, аңчылык сценалары* түшүрүлгөн. Сүрөттөр *нокоттуу техника* менен аткарылган (Гапоненко В., 1963: 101).

**Төртүнчү топ** – Кулан капчыгайынын экинчи түштүк капталында жайгашкан. Бул жерде *жырткычтардын, текелердин, адамдардын сызыктуу сүрөттөрү* басымдуулук кылат (Гапоненко В. М., 1963: 101).

**Бешинчи топ** – Каракол суусунун оң жак жээгинде кыргыз тоо кыркаларынын эңкейишиндеги Көпүрө к. *(китепте Кёпюрё – Г. Ж.)* 2-3 км. өйдө топтолгон (1963: 102).

Алтынчы топ – *төөлөрдүн, текелердин, аттардын, адамдардын сүрөттөрү* Күркүрөсуу *(китепте Кюркюрёсу деп берилген – Г. Ж.)* капчыгайынын кире беришинин эңкейиштеринде жана андан өйдө көздөй капчыгай

бойлой Куганды жана Майданталдын кошулган жеринде жайгашкан (1963: 101).


**Жетинчи топ** - Ур-Марал капчыгайында баарынан эң көп изилденген сүрөттөрдүн тобу жайгашкан.

Бул жердеги биринчи сүрөттөр 1053-жылы № 10 орто мектептин окуучусу В.Полесский тарабынан катталган. 1056-жылы аталган мектептин туристтик тобу дагы 5 аска бетиндеги сүрөттү табышкан (1963: 101).

*Ур-Марал* – Талас суусунун эң ири сол куймасы. Жогорку куймасы Каман-Су, ортоңку куймасы – Табылгаты, төмөнкүсү – Ур-Марал болуп эсептелет. В. М. Гапоненконун маалыматы боюнча аска бетиндеги сүрөттөр Ур-Маралдын чатынан Ур-Маралдын жогорку куймасына чейин жайгашкан, ал эми ортоңку жана төмөнкү агымында алар азыраак.

Негизги жана абдан кызыктуу сүрөттөрдүн массасы *Жалтырак-Таш* деп аталган чоң борчук ташта топтолгон. Узундугу 60 м, бийиктиги 8-10 м болгон чоң борчук таш чыгыштан батышка чейин созулуп, Каман-Суу капчыгайынын дээрлик жарымын жаап турат. Сүрөттөрдүн көпчүлүгү таштын жогорку тегиздигинде жана анын түндүк жагынын борборунда жайгашкан (Гапоненко В. М., 1963: 102-103).

***Талас пиктографиялык жазуулары:***



1-сүрөт



2-сүрөт



3-сүрөт



4-сүрөт



5-сүрөт



6-сүрөт



7-сүрөт



8-сүрөт

**1-сүрөт.** Ортосунда чуркап бараткан иттер, эки жагында эки теке турат; **2-сүрөт.** Качып бараткан текелерди аңчылар иттер менен кууп бара жатышат; **№ 3-сүрөт.** Көп фигуралуу сцена: жапайы каман, аюу,тоо эчки, жаа кармаган адам, тоо эчкилер, бука, тоо эчкинин чоңойтулган сүрөтү ж.б.; **№ 4-сүрөт.** Бугу-маралдын чуркап бараткан сүрөтү. Бугу маралдын тулкусунда эки тоо эчкинин таскактаган фигурасы; **№ 5-сүрөт.** Бугу-маралдын ылдый түшүп келаткан ири тартылган сүрөтү; **№ 6-сүрөт.** Бугу-маралдын ири тартылган сүрөтү; **№7-сүрөт.** Чуркап бараткан тоо эчки; **№ 8-сүрөт.** Жаныбарлардын группасы: тоо эчки, бугу-марал, төөнүн стилизацияланган сүрөтү (Караңыз: Гапоненко В. М., 1963: 101-110-бб.).

Талас өрөөнүндөгү сүрөттөр эки техникалык ыкма менен тартылган:1) *силуэттик жана көлөкө* (теневой). Бул ыкмалар менен тартылган сүрөттөр эң байыркы сүрөттөргө мүнөздүү. 2) *контурдук ыкма.*

## Семасиография. 1. Нака жазууга чейинкилер: 2) Идентификациялык-мнемоникалык ыкма[64]: Эн тамгалар

И. Е. Гельб шумер, египет, хет, кытай жазуулары адегенде сүрөттүк болгондугун белгилеп, ошону менен катар эле бул жазуулар алгачкы баскычтарында эле нерселердин реалдуу сүрөттөрүнө окшобогон белгилерди, мисалы, жөнөкөй, сызыктуу, геометриялык фигураларды да камтыгандыгын маалымдайт. Мындай геометриялык белгилер дээрлик тарыхка чейинки мезгилден бүгүнкү күнгө чейинки дүйнөнүн бардык райондорунда катталган (1982: 37).

И. Е. Гельбдин пикири боюнча мындай геометриялык белгилер - абстрактуу формалар эмес, сүрөттөрдүн акырындык менен схематизацияланышы болун саналат. Жазуунун тарыхын ырааттуулук менен изилдөө белгилердин геометриялык формасы – сүрөттөрдүн схематизацияланышынын жыйынтыгы экендигин көрсөткөн.

Гуго Обермайер мезгилдин өтүшү менен сүрөттөр уламдан улам көп схематизациялана баштагандыгын айтып, андан соң алардын адегенде кандай формада экендигин билүү мүмкүн болбогон формага чейин өнүккөн дейт (Караңыз: И. Е. Гельб, 1982: 37). Бардык байыркы жазууларда (шумер, египет, кытай ж.б.) мезгилдин өтүшү менен *сызыктуу, курсивдик* формалар өнүккөн. Натыйжада, мындай белгилер аркылуу алардын алгач кандай формада экендигин билүү мүмкүн эмес болуп калган.

Ч. Лоукотка байыркы пиктограммалар т.а., схематизацияланган сүрөттөр адатта сүйлөм менен бериле турган

окуяны чагылдырган дейт. Ошентип, ар бир сүрөт адатта бир сүйлөмгө туура келген (Лоукотка Ч., 1950: 20).

Бул нака жазуунун өнүгүшүндөгү кийинки эволюцияга негиз болгон. Мисалы, күчтүүлүгү жана шамдагайлыгы жоокерге өтсүн деген максатта жоокердин калканчына ягуардын сүрөтү тартылган. Кийин калканчтагы ягуардын сүрөтү бул калканчтын кимге тиешелүүлүгүн билдирген символ болуп калган, т а., ягуардын символу жеке менчик белгиге айланган. Албетте, ягуардын келбети жеке менчик белги катары ал калканчтын ээсинин энчилүү атынын ордуна колдонулган жана белгилүү бир адам менен ассоциацияланган. Бирок бул нака жазуу эмес эле, анткени шарттуу белгилердин кандайдыр бир калыптанган системасына кирген эмес (Гельб И. Е., 1982: 44).

Мына ушуга окшогон жекече системалардын катарына геральдикалык символдор да кирет. Аларга дворяндардын тукумдарын аныктоочу гербдер, ошондой эле аскердик чиндердин жана кошуундун тегин билдирүүчү белгилер, кесиптердин жана кол өнөрчүлөрдүн ар кандай эмблемалары (мисалы, слесардын эмблемасы – ачкыч, оптиктин эмблемасы – очки ж.б.) кирет.

Мына ушулардын бардыгы маалыматты берүүнүн идентификациялык-мнемоникалык ыкмасы болуп эсептелет.

Маалыматты берүүдө жакты же нерсени каттоо, же ага окшотуу үчүн символдор колдонулат. Мисалы, согуш жөнүндө маалымат берүүдө согушту элестеткен бир-эки белгилер берилет. Шумерлердин эсептик тактайчалары да ушуга кирет.

Ошентип, идентификациялык-мнемоникалык ыкмада деле сүрөттөр берилет, бирок алардын максаты окуяларды сүрөттөп баяндоо эмес, «а помощь при воспоминании о нем, при отождествлении предмета или существа» (Гельб И. Е., 1982: 186). Ошентип, бир жагынан белгилүү символдордун, экинчи жагынан белгилүү бир предметтер

же жандуу нерселердин ортосунда дайыма болуп туруучу байланыш түзүлөт. Сүрөттөлгөн предметтер жана жандуу нерселер оозеки кепте аталышка ээ болгондуктан, символдор менен алардын оозеки түгөйүнүн ортосунда дал келүүчүлүк орнойт. Ошентип, сөздөр жазма символдор менен бериле баштайт жана адамдардын ортосундагы коммуникациянын жаңы ыкмасы пайда болот. Мисалы, «адам арстанды өлтүрдү» дегенди – адамдын арстанды өлтүрүп жатканын сүрөт менен тартып отурбастан, ушул үч сөздү үч шарттуу белги менен берүү, «беш кой» дегенде беш койду тартып отурбастан, эки символ менен берүү жетиштүү болот.

Жогоруда айтылгандай, жазууга чейинки идентификациялык-мнемоникалык ыкмага жеке белгилер же эн тамгалар да (Гельб И.Е., 1982: 330) кошулат.

И. Фридрих тамгалардын көчмөн элдерде кеңири таралгандыгын, тамга аркылуу малдын ээсин, турмуш-тиричилик буюмдарынын кимдерге тиешелүү экендигин билүүгө болорун маалымдайт. Тамгалар малдын кулактарына, териге коюлат, предметтерге тартылат же оюлат. Аларды бардык цивилизациялуу эмес элдер колдонушкандыгын белгилейт И. Фридрих (1979: 40). Байыркы Чыгышта, вавилондуктарда, хеттерде болгондугун жазма булактар далилдейт. Кичи Азияда тамгалар колдонулгандыгы айтылат. И. Фридрих Европада, мисалы, Германиянын чыгыш жээктеринде азыркы мезгилге чейин үй белгилери катары сакталып калгандыгын маалымдайт. Фёр аралында мына ушундай белгилер болгон.

**Кыргыздардын эн тамгалары.** Биз аларды жазууга чейинки шарттуу белгилер же эн тамгалар деп атадык. Кыргыздар колдонгон эн тамгалары мал чарбачылыгынын өнүгүшү менен байланыштуу болгон. Малдын ээлери аларды башкалардан айырмалоо үчүн эн тамгаларды колдонушкан.

## Окумуштуулар эн тамгалары тууралуу

Түрк рун жазууларынын чыгыш теги көп окумуштууларды кызыктырып келген жана бул тууралуу ар кандай ой-пикирлер айтылган. Г. И. Спасский, М. А. Кастрен, Г. Вамбери Енисейдин өзүндөгү аскалардагы сибирь татарларынын уруу белгилерине көңүлдөрүн бурушкан эле.

Алардын ичинен түрк рун жазууларынын чыгыш тегин уруулук белгилер менен байланыштырган окумуштуу Г. И. Спасский (Спасский Г. И., т. 12, 1857: 44) болгон. Ал айрым сибир жазуу белгилеринин «сибир татарларынын» уруулук белгилери менен окшоштугуна көңүлүн бурган.

Бул окшоштук А. Вамберини да кызыктырган. 1831-32-жылдары түрк рун жазуусунун түрк уруу тамгаларынын негизинде пайда болгондугу жөнүндөгү анын ою 1885-жылы Лейпцигде жарык көргөн эмгегинде айтылган (1885).

Түрк жазуусунун тамгалык жаратылышы окумуштуулардын эмгектеринде андан ары өнүгүүгө ээ болгон. Бул тууралуу С. Г. Кляшторный: «Такого рода догадки были обобщены Н. А. Аристовым, который предположил, что «существовавшие с глубочайшей древности родовые тамги были позднее употреблены в качестве букв в орхоно-енисейском алфавите»), - дейт (1964). Өзгөчө Н. А. Аристов тамгаларды изилдөө методикасы боюнча чоң прогресске жетишкен.

Н. А. Аристов өзүнүн «Опыт выяснения этнического состава киргиз-кайсаков Большой орды и кара-киргизов на основании родословных сказаний и сведений о существующих родовых делениях и о родовых тамгах, а также исторических данных и начинающихся антропологических исследованиях» (1894) деген эмгегинде кыргыз-кайсактардын тамгаларын жана ураанын (согуштук ураан) тыкандык менен изилдеп чыккан, аларды этнографиялык материалдар менен толук салыштырып,

мындай олуттуу жыйынтыктарга келген: жеке тамгалар менен уруулук тамгалардын ортосундагы айырмачылыктар болгон; «прочность и неизменность тамг, пока род не слишком велик»; урууларга жана үй-бүлөгө бөлүнгөндө белгилер өзгөрүлгөн; негиз катары уруу белгилери алынган жана ага кошумча белгилер кошулган (Аристов Н. А., 1894: 412).

Ошентип, Н. А. Аристов кыргыз тамгаларынын материалында үй-бүлөлөрдүн жана уруулардын ортосунда байланыштарды таап чыккан жана айырмачылыктарын белгилеген, ал эми жыйынтыктарын этнографиялык мүнөздөгү байкоолору менен бекемдеген.

Н. А. Аристов «Об этническом составе тюркских племен и народностей» деген эмгегинде (1896) түрк урууларынын басымдуу бөлүгү Алтайда жашагандыгын белгилеген жана тамгалар менен оозеки ылакаптар (предания) түрк урууларынын жана элдеринин этностук тамыры бир экендигин көрсөтүп турат деген пикирге келген. Н. А. Аристов уруулардын аталыштарынын башаты да ошол уруулар жашаган жерлердин, аймактардын аттары менен байланышкан дейт (1896: вып. III-IV, 405-406).

Н. А. Аристов түрк элдеринин урук жана уруу тамгалары жазуунун келип чыгышына негиз болуп берген деп жыйынтык чыгарган (9). Ал түрк элдеринин уруулук жана уруктук тамгаларынын үлгүлөрүн берген жана аларды семантикалык жактан талдоого аракет жасаган. Н. А. Аристовдун пикири боюнча түрк урууларында адегенде эн тамгалары урук, уруулук колдоочуну же сактоочуну (покровитель рода, племени) түшүндүргөн, коомдук-социалдык мамилелердин алга жылышы менен тамга жөнөкөй менчикти аныктаган эн тамгага айланган (Аристов Н.А., 1896: вып. III-IV, 284-286).

Н. А. Аристов жеке менчик жана уруулук эн тамгаларды изилдөө менен уруу топторунан үй-бүлө бөлүнүп чыккан чыккан соң, эн тамгалардын формаларында айрым өзгөрүүлөр келип чыккандыгын аныктаган.

Окумуштуу түрк элдеринин урук жана уруу тамгалары жазуунун келип чыгышына негиз болуп берген деп эсептейт. Ал: «...существовавшие с глубочайшей древности родовые тамги были позднее употреблены в качестве букв в орхоно-енисейском алфавите» (Аристов Н. А., ЖС, 1896, Вып. 3-4, 410-418, 420), - дейт.

Ошентип, Н. А. Аристов байыркы рун сымал алфавиттер түрк эн тамгаларынын негизинде калыптанган деген. Ал байыркы рун сымал жазуулардагы отуз сегиз алфавиттин жыйырма тогузунун түрк урууларынын (элдеринин) эн тамгалары менен окшош экендигин айткан (Кузеев, 1974: 83-86).

Н. А. Аристов б.з. V кылымында байыркы гаогюйларда (теле уруулары) төрт түлүк малга айырмалоочу эн тамга белгилери коюлгандыгын маалымдаган (Аристов Н. А., 1894: 285-287).

Н. Г. Маллицкий тамга теориясын колдогон жана аны андан ары өркүндөткөн (ПТКЛА. Год 3. 1897-1898-жж.: 41- 47). Ал 1897-1897-жж. Түркстан кружогунун жыйналышында «Түрк тамгаларынын Орхон жазуулары менен байланышы» деген темада доклад жасаган жана бул докладында түрк рун жазуусу тамгадан келип чыккан деген көз карашын сунуш кылган (Сарткожаулы К., 2012: 22).

А. А. Шифнер (1858: 2) да ушундай пикирде болгон. М. А. Кастерндин саякаттары жөнүндөгү отчетторду которгон А. А. Шифнер белгилердин генезисин түздөн-түз тамгаларга алып барган (Шифнер А.А., 1858: 2).

Н. А. Аристовдун жана Н. Г. Маллицкийдин гипотезалары П. М. Мелиоранский жана Д. Н. Соколов тарабынан сынга алынган. Алар В. Томсен менен О. Доннердин илимий жыйынтыктарын колдошкон. Бирок арамей жазуусунда жок тамгалар рун жазуусунун прототиби болушу мүмкүн дешкен. Мисалы, П. М. Мелиоранский айрым тамгалар орхон-енисей алфавитиндеги тамгаларга негиз болуп берет деп божомолдогон (Мелиоранский П. М., 1899: 47).

1899-жылы Д. П. Никольскийдин «Башкиры. Этнографическое и санитарно-антропологическое исследование» деген китеби жарык көргөн. Ал башкырлардын көчмөн турмушунун байыркы мезгилден бери сакталып келаткандыгын көрсөткөн. Анын пикири боюнча мындай традиция алардын боз үйүнүн түзүлүшүнөн көрүнөт, башкырлардын боз үйү токойдо жашагандардын боз үйүнөн айырмаланат жана «кыргыз боз үйүн» эске салат.

Д. П. Никольский башкырлардын арасында чаначта кымыз жасоонун байыркы ыкмасы сакталбагандыгын, кымыз жасоонун байыркы ыкмасы «кыргыздарда» сакталгандыгын белгилеген (Никольский Д. П., 1899: 77).

Д. Н. Соколов В. Томсендин жана О. Доннердин теорияларын карап чыгып, аларды бириктирип, жаңыча түшүндүргөн. Анын пикири боюнча арамей алфавити көчмөндөрдүн аң-сезимине толугу менен сиңип, натыйжада аларды малга тамга салууда колдоно башташкан (Соколов Д Н., 1928: 116-118).

Д. Н. Соколов башкыр тамгаларына арналган эмгегинде түштүк башкырлардын тамгаларын талдаган. Ал башкыр урууларынын аталыштарын башка уруулардын аталыштары менен салыштыруу чоң мааниге ээ экендигин белгилеген, анткени башкыр элинин курамына канчалаган ар түрдүү уруулардын кириши мүмкүн.

Д. Н. Соколовдун башкыр тамгаларына арналган эмгеги литограф жолу менен басылган. Д. Н. Соколов кеңири архивдик жана этнографиялык материалдарды изилдеп чыгып, башкыр тамгасы – үй-бүлөлүк жеке менчик белги, б.а. үй ээсинин белгиси экендигин аныктаган. Ал тамга менен кол коюу деген – анын жаңы функцияда колдонулушун – фамилиялык мөөрдү (печать) билдирет деген (1904: XIII, 83-92 бб).

Д. Н. Соколов кыргыздарда, татар-ногойлордо, туриндик жана красноярдык татарларда XVII кылымда жалпы уруулук белгилер болгондугун маалымдайт. Бирок Ю. Б. Симченконун пикири боюнча: «...он ошибочно счи-

тал территориальные группировки туринцев, качинцев и аринцев родами» (1965: 13).

Д. Н. Соколов Сибирь элдеринде уруулук төбөлдөрдүн жана дин кызматкерлеринин касталык белгилери болгон дейт. Башкырларда тамгаларды мурастоо социалдык жана мүлктүк мамилелер менен байланыштуу болгон, негизги мураскер улуу уул эсептелет, ал тамганы да өзгөрбөгөн түрдө кабыл алат. Ошентип, мүлктү «табигый түрдө» мурастоо улуулугу боюнча сакталган жана «уруунун негизги, улуу линиясы» катталган. Калган кичүү балдары атасынын тамгасын өзгөртүшкөн, айырмаланган деталдарды киргизишкен (Соколов Д. Н., 1965: 13). Ошентип, Д. Н. Соколов «негизги тамганы» таап чыккан, XIX кылымдын аягындагы XX кылымдын башындагы башкырлардын туугандык байланыштарын аныктаган.

В. В. Радлов өзүнүн белгилүү «Aus Sibirien» деген эмгегинде «...тамга» теориясын айткан жана анын пикири 1939-жылы Азиз Ниалло тарабынан колдоого ээ болгон (Азиз Ниалло, 1939). В. В. Радлов алтайлыктар жылкыларына эн тамгаларын коюшкандыгын айткан (Радлов В. В., 1988: 147).

Тамга теориясын С. В. Киселев сынга алганы менен, жазуунун келип чыгышында ички жана тышкы факторлор мааниге ээ экендигин белгилейт. Ал: «...если бесспорны связи прототипов, то во внешнем оформлении орхонское письмо зависит не только от западных аналогов, но и от своих местных предшественников – тамг, знаков. Сходство этих «дописьменных» знаков... с буквами орхоно-енисейского алфавита иногда настолько велико, что соединение их в генетический ряд не вызывает сомнений. Орхонское письмо столь же заимствованное, сколь и местное изобретение» (Киселев С. В., 1949: 285), - дейт. Окумуштуу жазуунун системасында Енисейдеги түрк элдери эзелтеден колдонулуп келген тамга белгилердин бар экендигинен күмөн санабайт (1949: 264, 285, 321). Окумуштуу «Жазуuга чейинки белгилердин» (тамгалар-

дын) орхон-енисей алфавити менен өтө окшош экендигин айтып, аларды генетикалык жактан бир катарга коет. С. В. Киселев байыркы түрк рун жазуусунун башатында уруулардын жана уруулук союздардын белгилери жатат дейт (Киселев С. В., 1951: 143).

А. Махмудов (1969: 141-147), М. Шинэхуу (1975: 12-15) монголдордун жана казактардын тамгаларын изилдеп келип, байыркы түрк жазуусунун калыптанышынын негизин тамгалар жана эн белгилери (метка[65]) түзгөн деген теорияны беришкен.

Г. Г. Мусабаев түрк руникасынын арамей-согдулук жаратылышын танат, түрк руникасы пиктограммалардан идеограммаларга, андан алфавитке өтүүсүнүн натыйжасында келип чыккан деген көз караштты карманат (1971: 19).

Заилий Алатоосунун алдында, Алма-Атадан 50 км жайгашкан Иссык с. сак башчысынын көрүстөнүнөн бай инвентарь табылган. Анда белгисиз жазуусу бар күмүш идиш болгон. Айрым адабиятчылар мына ушул жазууну түрк руникасы менен салыштырып окууга аракет кылышкан. Биринчилерден болуп мындай аракетти акын О. Сулейманов жүргүзгөн.

О. Сулейманов «иссык» жазуусу орхон-енисей руникасынын мезгили боюнча мурункусу («предшестенник») дейт, ал күмүш идиштеги жазуунун окулушун жана котормосун берген. Бирок К. Акишев жана А. Махмудовдун пикирлери боюнча О. Сулейманов анын туура эмес окулушун сунуштаган.

А. С. Аманжолов байыркы түрк жазуусуна арамей жазуусу негиз болуп, аны Орто Азияда жашаган иран тилдүү элдерден түрктөр өздөштүргөн, мындай өздөштүрүү пехлеби, хорезм жана согду алфавиттери аркылуу болгон деген көз караштa болгон (1978: № 2, 76-78-бб.).

А. С. Аманжолов Казахстандын территориясынан кийинки, акыркы жылдарда табылган майда жазууларды жана айрым белгилерди окуп, мындай жыйынтыкка келген: «Түрк рун алфавитинин, анын палеографиясы-

на караганда, эң байыркы тарыхы бар. Аны жеке чыгармачылыктын продуктусу деп эсептөөгө болбойт. Биздеги маалыматтарга караганда, түрк тилдүү уруулар бул алфавиттик жазууну б. з. ч. 1 миң жылдыктын ортосунан баштап б.з. 1 миң жылдыгынын аягына чейин колдонушкан. Азыркы убакта Түштүк Сибирдин жана Казахстандын алгачкы көчмөндөрүнүн алфавиттик жазуусунун болгондугу б. з. ч. V-IV кк. көрүстөндөрдөн табылган эки түрк рун жазуусу аркылуу далилденет» (Бул жерде «Иссык» дөбөсүнөн табылган күмүш идиштеги жазуу жана оймосу бар сөөктөн жасалган тогоо жөнүндө сөз болуп жатат) (1975: 57-58).

Ал эми К. Сарткожаулы байыркы түрк рун жазуусунун башаты байыркы белгилер деп эсептейт (15: 89). К.Сарткожаулы Европа жана Азияда жашаган түрк элдеринин байыртадан бери XX кылымга чейин колдонулуп келе жаткан жана алардын кайсы урукка жана урууга тиешелүү экендиктерин көрсөтө алган тамгалары жана белгилери формалары жагынан байыркы түрк рун жазуусуна окшош экендигин белгилеп көрсөтөт. К. Сарткожаулы байыркы көчмөндөрдүн тамгалык белгилеринин байыркы түрк алфавитине окшоштугу тууралуу: «...несравненное сходство, прямое совпадение тамговых знаков древних кочевников с древнетюркским алфавитом свидетельство духовной приемственности *(китепте ушундай берилген – Г. Ж.)* кочевых народов» (2012: 88), - дейт. Салыштырып көргөндө 51 тамгалык белгилер алфавитте колдонулгандыгы белгилүү болгон (2012: 88). Ал: «Многочисленные знаки (belgь, tuɣra, tamɣga, tű̋hű̋r ~ mő̋р), найденные в степных районах Евразии с автохтонным населением, имеюшие тюркские корни указывают на верность данной теории» (Сарткожаулы К., 2012: 22), – дейт.

К. Сарткожаулы алгачкы орто кылымдарда белгилердин негизин тотемдердин символдуу формалары түзгөндүгүн белгилейт. Бул белгилер урууларды бири-биринен

айырмалап турган код[66] болгон. Код белгилүү бир маалыматты алып жүргөн. Ошондуктан байыркы түрктөр аны tuɣra деп аташкан (2012: 22).

К. Сарткожаулы ташка чегилип жазылган белгилерди логографиялык жазуу деп атайт (2012: 89).

Эн тамга белгилеринин урук (сөөк) ичиндеги дифференциялашуусун В. Я. Бутанаев хакас эн тамгаларынын негизинде ачып көрсөткөн (Бутанаев В. Я., 1990: 178).

Түрк-монгол тилдүү элдердин уруулук эн тамгалары жөнүндө маалыматтар Н. А. Аристов, В. В. Радлов, Д. Н. Соколов, В. В. Бартольд, Р. Г. Кузеев, Р. Керейтов, Н. А. Баскаков, Г. Н. Лебедева, С. И. Вайнштейн, В. Я. Бутанаев ж.б. эмгектеринде кездешет.

**Кыргыз окумуштуулары эн тамгалар жана орхон-енисей эстеликтеринин тили жөнүндө. Эн тамгаларынын кыргыз тарыхында изилдениши.** С. Сыдыков жана К. Коңкобаев байыркы түрктөрдүн тамгалары менен идеографиялык мотивдери рун алфавитине кошумчаланган болушу да толук ыктымал, анткени Түштүк Сибирь, Орто Азия түрк элдеринин эн тамгалары менен жазуусунун системасында айрым окшош белгилердин бар экендиги да чындык деген пикирди айтышат (Сыдыков С., Коңкобаев К., 2001: 11).

С. Сыдыков, К. Конкобаев енисей-түрк жазуусунун башатында кыргыздар турган деп эсептешет. Алар енисей түрк жазууларын енисейлик кыргыздар баш болгон ошол доордогу түрк урууларынын кат-сабаттуу өкүлдөрү жазган деп болжолдошот. Анткени кыргыздар тарых боюнча кайсы жерде жашаса, дал ошол аймактардан Енисей жазуулары табылган жана табылып жатат. Мындай эстеликтер Миң-Суудан, Кыргызстандын Талас, Фергана өрөөндөрүнөн, Кочкордон табылган.

А. Абдыразаков орхон-енисей эстеликтеринин тили байыркы кыргыздардын баба тили болгон дейт. Окумуштуу: «...VI-IX кылымдарда кыргыздар мамлекеттик ж.б. иштерди жүргүзүүдө ошол баба тилибиз менен бирге

өз жазуусун колдонгондугу талашсыз чындык», – дейт. Окумуштуунун пикиринде бул алфавитти кыргыздар түзгөн жана колдонуп келишкен, бара-бара башка тектеш түрк уруулары өз ишинде колдоно башташкан (2004: 32).

О. Каратаев 2013-жылы көргөн жарык эмгегинде эн тамгалар көчмөн түрк-монгол тилдүү элдерде байыртадан туруктуу сакталып келе жаткандыгын белгилеп, эн тамгалар этногенезди, этностук тарыхты, этностук маданиятты иликтөөдө тарыхый жазма булактар менен бирге маанилүү маалыматтар катары кызмат кыларын белгилейт. Автор уруулук эн тамгаларды тотем сыяктуу уруу-уруктарды, этностук топторду, элдерди бирин-экинчисинен айырмалоочу атрибуттар катары карайт (Каратаев О., 2013: 7).

О. Каратаев О.Доннер жана Томсендердин илимий тыянактарына таянып, Орхон-Енисей жазууларындагы алфавиттин басымдуу бөлүгү эн тамгалардан келип чыккан деген Н. А. Аристовдун айткан пикирин колдойт жана аларды илимий жактан негиздүү деп эсептейт (Каратаев О., 2013: 165).

О. Каратаевдин пикири боюнча орхон-енисей эн тамгаларынын башаты Түштүк Сибирдин этностук-маданий чөйрөсүнө таандык. Окумуштуу 2013-жылы жарык көргөн эмгегинде Енисей жергесиндеги эн тамгаларды кыргыз урууларынын эн тамгалары менен салыштырат. Бул салыштыруу кыргыз эн тамгаларынын басымдуу бөлүгү орхон-енисей жазууларындагы алфавиттерге өтө окшош, теги жалпы экендигин көрсөткөн (2013: 165-167).

Мындай жыйынтык енисей аймагынан табылган жазуулар кыргыздарга таандык деген окумуштуулардын (В. Томсен, В. В. Радлов, С. Е. Малов, С. И. Вайнштейн, Л. П. Потапов, Ө. К. Караев, В. Я. Бутанаев ж.б.) негиздүү пикирлерин дагы бир жолу тастыктайт.

О. Каратаев байыркы жалпы кыргыз эн тамгасынын параллелдери хакас, тыва, башкырлардын курамдарындагы «кыргыз» деп аталган уруулардын эн тамгалары

менен толук дал келерин аныктаган. Бул пикир VII-VIII кк. кытай жыл баяндарындагы маалыматтар менен да бекемделерин айтып, О. Каратаев Енисей чөлкөмүндөгү (Хакасия, Тува, Тоолуу Алтай, Краснодар крайы) руникалык жазуулар ж.б. аска-таш беттериндеги чегерилген тамгалар, маданий эстеликтер кыргыздарга таандык дейт (18: 171). Чындыгында эле илимий адабияттардагы материалдарга жасалган анализ О. Каратаевдин бул пикиринин туура экендигин далилдейт.

О. Каратаев өзүнүн иликтөөлөрүнө таянып, Енисейдеги (Түштүк Сибирь жана ага жамаатташ аймактар) байыркы эстелик жазуулар жана алардагы эн тамгалар көөнө кыргыз маданиятынын мурастары дейт (2013: 145). Окумуштуу, жогоруда айтылгандай эн тамгалар этногенезди, этностук тарыхты, этностук маданиятты иликтөөдө тарыхый жазма булактар менен бирге маанилүү маалыматтар катары кызмат кыларын белгилейт. О. Каратаев кыргыздын эн тамгаларынын басымдуу бөлүгү уруулук (урук) тотемдерди аныктоо менен бирге урук, уруу, уруулук бирикме сыйынган жан-жаныбарлардын, канаттуу жырткыч куштардын символикалуу элестерин чагылдырарын белгилейт. Окумуштуунун пикиринде кыргыздардын турмушундагы эн тамга белгилеринин өзгөчө маанисин этностук аталыштар (этнонимдер) да көрсөтүп турат. Мисалы, кош тамга (мунгуш), жагалмай тамга (мунгуш), ача тамга (жору), кайчы тамга (жору), кош бычак (багыш), жогору тамга (кытай), төмөн тамга (кытай), кылыч тамга (басыз), керки тамга (басыз), жаа тамга (азык), ай тамга (саруу), жогору чекти (багыш), төмөн чекти (саяк), үчөк (басыз), үч ок тамга (каңды), жогор тон (мундуз), төмөн тон мундуз (мундуз) ж.б. (2013: 144).

Жогорудагы окумуштуулардын жана О. Каратаевдин илимий негизде берген маалыматтары жана жыйынтыктары енисейлик эн тамгалардын байыркы енисейлик кыргыздарга таандык экендигин кашкайта ачык көрсөтүп турат. Ошондой эле, байыркы жалпы кыргыз эн


тамгасынын параллелдери хакас, тыва, башкырлардын курамындагы «кыргыз» деп аталган уруулардын тамгалары менен дал келерин далилдейт.

Биз кыргыздардын байыркы эн тамгалары енисей жазууларына негиз болуп берген деп эсептейбиз. Орхон-енисей жазуусунун башатында кыргыздар жана кыргыз жазуулары турган жана бул жазууну кыргыздар менен дайыма ирегелеш, коңшулаш жашаган, тыгыз алакада жашаган башка түрк уруулары да колдонушкан.

Кыргыз эн тамгалары жөнүндө маалыматтар Н. Ф. Петровский, Н. И. Гродеков, Н. Ф. Маллицкий, Б. Солтоноев, А. Н. Бернштам, С. М. Абрамзон, Н. А. Винников, С. Аттокуров, О. К. Каратаевдердин эмгектеринде чагылдырылган.

**Эн тамгалары кытай жыл баяндарында жана кыргыз урууларында.** Эн тамгалары алгач кытай жыл баяндарында VII к. тартып эскериле баштаган. О. Каратаевдин маалыматы боюнча Тан династиясынын (VII-X кк.) императордук сарай тарыхчысы Су Мяню, мамлекеттик маанилүү чиновник Ян Шао Фу, ошондой эле Ван Пу жетектеген атайын комиссиялар б.з. 618-804, 804-852 – жана 853-907-жж. Кытайга (Тан династиясына) кошуна жашаган көчмөн элдер жана алардын жылкылары, жылкылардын таза кандуулугу, асыл тукумдуулугу жөнүндөгү маалыматтарды топтоп, кагаз бетине түшүрүшкөн. Натыйжада, «Танхуйяо» деп аталган жыйнак 961-жылы толук иштелип, редакцияланып чыккан жана ал жыйнакта көчмөн элдер тууралуу өтө баалуу маалыматтар камтылган (Зуев Ю. А., 1960: 93-135). Анда эн тамга белгилери боюнча Тан империясынын аскердик жана чарбалык керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн зарыл болгон жылкылардын кайсы элге, кайсы урууга таандык экендигине, жылкынын асыл тукумдуулугуна ж.б. өзгөчөлүктөрүнө карата атайын адистер баа беришкен. Аталган тарыхый булакта «цзе-гулардын» (кыргыздардын) жыл-

кылары гу-ли-гандардын (курыкандар) жылкылары менен асыл тукумдуулугу боюнча окшош келери, кыргыздардын эн тамгасы төмөнкүдөй



формаларда экендиги баяндалат (Зуев, «Тамги лошадей...», 1960: 93-135; Каратаев О., 2013: 163).

Кытай жыл баяндары жана чыгыш мусулман булактары («Худуд ал-алам») боюнча курыкандар[67] (кытайча гу-ли-ган) азыркы Байкал көлүнө жамаатташ аймакты мекендешип, кыргыздарга көз каранды абалда болушкан дейт О. Каратаев.

Айрым иликтөөчүлөр тывалардын курамындагы «кыргыс» уруктарынын эн тамгалары руникалык жана аска таш беттериндеги тамгалар менен генетикалык байланышта, алардын жалпылыгы бар дешет (Вайнштейн С. И., 1972: 78-79; Щербак А. М., 1970: Табл. I, 41-с.) О. Каратаев кытай жыл баяндарында чагылдырылган эн тамгалары менен хакастардагы «хыргыс» уруктарынын (сөөктөрүнүн), тувалардагы «кыргыс», башкырлардагы «кыргыз» уруктарынын эн тамгаларынын этногенетикалык жалпылыктарын аныктаган (2013, 163).



1. VII-X кк. Тан династиясынын жыл баянында эскерилген эн тамга (Танхуйяо, Т.Ш. Цзюань, 1305-1308):



2.Кыргыздын азык (бай күчүк), кушчу урууларынын эн тамга белгилери: 

3. Хакастардагы «хыргыс» уруусунун (сөөгүнүн) эн тамга белгилери: 

4. Тывалыктардын курамындагы «кыргыз» уруусунун эн тамга белгилери:  

5. Башкырлардын курамындагы «кыргыз» уруусунун эн тамга белгилери:  

6. Жалпы кыргыз эн тамга белгиси (Н. Г. Маллицкийдин маалыматы боюнча. XIX к.): 

7. Миң-Суу ойдуңунан (Хакасия) табылган кыргыздарга таандык идиштерден табылган эн тамга: 

## Кыргыз эн тамгалары (б.з.ч. I миң жылдыктын башталышы)

**Карасук маданияты: кыргыздын эн тамгалары (б. з. ч. I миң жылдыктын башталышы).** Б.з.ч. биринчи миң жылдыктын башталышы менен Миң-Суу талааларында маданияттын мүнөзү жана өнүгүшү өзгөрө баштаган, бул Карасук тибиндеги эстеликтерден даана байкалган. Карасук маданияты Андронов маданиятынан келип чыккан.

Карасук маданияты негизинен Миң-Суу талааларына гана таралгандыгы менен өзгөчөлөнөт. Карасук этабынын мурун андронов маданияты ээлеген жерлерден бөлүнүп калышы маданий байланыштардын борбордук салмагынын чыгышка көчүшү менен байланыштуу болгон (Бернштам А. Н., 1998: 166). Карасук мезгилиндеги бейиттер андронов эстеликтериндегидей эле инвентарды камтыйт, бирок алардын жасалуу техникасы жана кооздолушу мурункудан мыкты болгон. Бул мезгилде колону иштетүү чеберчилиги өркүндөгөн. Бычактын ар кандай түрлөрүн жасоо өзгөчө орунга турган. Бычактын саптарына тотемдердин – айбандардын тулкусу түшүрүлгөн (1998, II:164).

Карасук маданиятынын маанилүү этабы алардын чарбасынын өнүгүшүндө малдын эти гана эмес, анын сүтү да тамак катары пайдаланылгандыгы болуп саналат. Эт берүүчү мал – кочкор болгон, аны көбөйтүү адамдардын маанилүү иштеринен болуп калган. А.Н.Бернштам белги-

легендей, **кочкор «одновременно становится культовым животным** *(белгилеген – Г. Ж.)*, **что документируется находками высеченных из камня его изображений, переплетенных зачастую с культом солнца как источником всей земной жизни** (А. Н. Бернштам. 1998, II: 165-б.; С. В. Киселев. Известия. ГАИМК, вып. 100, 1933: 280-б.) ж.б.

Бул мезгилде аял – ыйык образга айланган, муну аялдын (белине чейинки же бүт бойдон) сүрөтү түшүрүлгөн таш монументтерден улам билүүгө болот. Мындай көрүнүштү адамдардын сүттү колдоно башташы менен байланыштырышат (Бернштам А. Н., II, 1998: 165). Аялдын образынын биринчи планга чыгышы анын тукумду улантуучу энелик ролу менен да байланыштуу деп ойлойбуз. Эттин жана сүттүн молдугу, чарбанын өнүгүшү, албетте, элдин көбөйүшүнө сөзсүз таасирин тийгизген. Ошол эле учурда Карасук маданият эстеликтеринен белгилүү болгондой, бул мезгилде патриархалдык үй-бүлөнүн бекемделиши менен менчик мал көбөйгөн. Байлык – көп сандаган мал менен өлчөнгөн. Өзгөчө койду көбөйтүшкөн. Ар бир уруу өз малын башкалардан айырмалоо үчүн эн тамгаларын коюшкан. **Малдын көбөйүшү менен эн тамгаларынын келип чыгышы байланыштырылат.** А. Н. Бернштам: «С укреплением роли отдельной патриархальной семьи и ее собственности связано появление тамг – знаков собственности» (Бернштам А. Н., II: 1998; М. Грязнов., История СССР... 1-б., 152-б.), – деген.

Ошентип, патриархалдык үйбүлөнүн бекемделиши менен алар топтогон байлык да көбөйгөн. Байлык – көп сандаган мал менен өлчөнгөн. Өзгөчө койду көбөйтүшкөн. **Мал ээлери өз малын башкалардан айырмалоо үчүн эн тамгаларын коюшкан.** Бул зарылдыктан улам келип чыккан көрүнүш болгон. Эн тамгалары – тамгалардын келип чыгышынын башаты болуп саналат. Эн тамгаларын коюу – бара-бара тамгалардын келип чыгышына түрткү болгон.

Малга эн тамгаларды коюу уланган. Мисалы, Н. А. Аристов б. з. V кылымында байыркы гаогюйлар-да (теле уруулары) төрт түлүк малга айырмалоочу эн тамга белгилери коюларын жазган (Аристов Н. А., 1894: 285-287; Каратаев О., 2013: 144). В. В.Радлов алтайлыктар жылкыларына эн тамгаларын коюшкандыгын маалымдайт (Радлов В. В., 1988: 147).

Эн тамгаларынын табылып жаткан ареалы абдан кенен. Мисалы, Хакас-Миң-Суу ойдуңу, Тыва, Тоолуу Алтай, Монголия, Кыргызстан, Крым жарым аралы, Венгрия ж.б. Аталган жерлерден табылган жана аска, таш беттерине чегерилген белгилер, археологиялык казуулардан табылган маалыматтар кыргыздарда эн тамгалардын кеңири колдонулгандыгын далилдейт. Кыргыз эн тамгалары Кыргызстандын территориясынан да табылууда.

Ошентип, эн тамгалары, Карасук маданият эстеликтери көрсөткөндөй, б. з. ч. I миң жылдыктын башталышында миң-суулук малчы-көчмөндөр тарабынан колдонулган.

### Эн тамгалардын колдонулуш доорлору

Эн тамгалары, жогоруда айтылгандай, Карасук маданият эстеликтери көрсөткөндөй, б. з. ч. I миң жылдыктын башталышында миң-суулук малчы-көчмөндөр тарабынан колдонула баштаган. Ал эми Евразия талаа аймактарында эн тамга белгилери б. з. ч. I миң жылдыктан бери белгилүү (Каратаев О., 2013: 144).

Түпкү атанын эн тамга белгиси кийинки муундагы менчикке ээ болууга укугу бар укум-тукумдарга формасы жагынан өзгөрүүсүз өтүп турган. Мисалы, Г. В. Длужневская Тывадагы (Чаа-Хол) эстеликтердеги эн тамгаларга иликтөө жүргүзгөн, натыйжада алардын IX-X кк. кыргыздарга таандык экендигин аныктаган жана алардагы тамгалардын типтери Кыргыз мамлекетиндеги багдарга («баг» - энесайлык кыргыздардагы административдик-аймактык бөлүнүүлөрдүн аталышы) карата өзгөчөлөнүп, эн


тамгалардын формалары узак убакыттар бою өзгөрүүлөргө учурабагандыгын белгилейт (Длужневская Г. В., 2013: 145).

Эн тамгалардын укумдан-тукумга өзгөрүүсүз өтүп тургандыгы тууралуу маалымат Д. Н. Соколовдо бар. Ал башкырларда эн тамгалар атадан балага, укумдан-тукумга энчиленип өтөрүн жазган. Башкырларда атанын мурасына улуу баласы ээ болуп, ал эн тамга белгиси өзгөрүлбөгөн түрдө кабыл алынган (Симченко, 1965: 13-14).

Ошондой болсо да окумуштуулар айрым аймактык-административдик бөлүнүүлөрдө, саясий-этностук чөйрөдөгү айрым окуяларга, тарыхый процесстерге жана уруулардын (урук, урук бирикмелери ж.б.) ички жана тышкы миграциясына карата өзгөрүүгө учурап турушу көнүмүш болгондугун айтышат (Каратаев О., 2013: 162).

Төмөндө ***чаатас маданиятынын*** эстеликтеринде кездешкен керамика идиштерине оюп түшүрүлгөн орнаменттер менен кошо тамга образдуу белгилер орун алган. Л. Р. Кызласов, Г. Г. Король керамикага оюп түшүрүлгөн орнаменттер тагар-таштык өтмө доорунда белгилүү болгондугун жана алар таштык керамикасында штамп орнаментинен кийин абдан кеңири таралгандыгын белгилешет. Мисалы тамга образдуу белгилер жалбырак сымал фигуралардан кийин берилген.

***Чаатас жана тюхтят маданиятына*** *мүнөздүү 20дан ашык идиштерде «...на сырой глине вырезаны тамгообразные знаки»* (1974: 26) *(Төмөнкү таблицаны караңыз).*




**IV-X кк. идиштердеги тамгалар.** 1 – Койбалы, 2, 3, 7 – Ташеба; 4, 11 – Уйбат чаатасы; Капчалы I; 6, 13, 20 – Тесь; 8, 14 – Гришкин Лог; 9, 16 – Михайловский байыркы көрүстөнү; 12, 17 – Джесос; 15 – Копён; 18, 19 – Миң-Суу станциясы (Кызласов Л. Р., Король Г. Г., 1990: 26).

Жогорку таблицадан көрүнүп тургандай, бир «С» формасындагы тамга (табл. № 4) - № 2 Уйбат чаатасынын дөбөсүнөн табылган лакталган чөйчөктүн түбүндөгү белги (Евтюхова Л. А., 1948: 12, 5-сүрөт). Л. Р. Кызласов, Г. Г. Король: «Все тамгообразные знаки нанесены на вазах (рис. 2, 3, 4), за исключением двух сосудов: 1) на одной почти сферической бутылочке с очень узким горлом (Джесос), табл. V, *12* (Евтюхова Л. А., 1948: 14, 10-сүрөт) (орнамента на ней нет) тамга нанесена на верхней трети тулова; 2) на нижней части грубого лепного сосуда, где в одну строку расположены тамгообразные знаки (табл. V, 11)» (1974: 26-27) (*авторлордогу «V таблица» дегенди биз жогоруда жөн гана «таблица» деп бердик – Г. Ж.),* - дейт.

С. В. Киселев сүрөттө (11-сүрөт) тоо кыркасынын сүрөтү берилген, анын фонунда идеографиялык сцена – тамга образдуу белгилер менен берилген жазуу бар дейт. С. В. Киселевдун мындай божомолуна Л. А. Евтюхова кошулат (1948: 25).

Ошентип, б. з. ч. I миң жылдыктын башталышында миң-суулук малчы-көчмөндөр тарабынан колдонула баштаган эн тамгалар муундан-муунга өтүп отуруп, IV-X кк. да абдан кеңири аймактарда колдонулган.


### Орхон-енисей жазууларынын башаты кыргыз эн тамгаларында

Енисейдеги тамгалардын 18 түрүн Р. Л. Кызласов белгилесе, Тывада 12дей түрү болгондугун И. А. Батманов көрсөткөн. Ал окумуштуулар тарабынан бул тамгалар уруу же бир үй-бүлөнүн эн тамгасы болуп, ал муундан муунга өтүп, кийинки муундар ал энчи тамгага кошумча белгилерди кошкон деген божомолдоолор айтылат (Сыдыков С., 2011: 238).


О. Каратаев Орхон-Энесай жазууларындагы алфавиттин басымдуу бөлүгү эн тамгалардан келип чыккан деген Н. А. Аристовдун (Аристов Н. А., 1894: Вып. III-IV, 284-286) пикирин негиздүү деп эсептейт. Ошондой эле окумуштуу Орхон-Энесай *(автордо ушундай берилген – Г. Ж.)* чөлкөмдөрүндөгү эн тамгаларын башаты Түштүк Сибирдин этностук-маданий чөйрөсүнө таандык дейт. О. Каратаев эмгегинде кыргыз эн тамгалары менен орхон-енисей алфавитин салыштырып берген (2013: 165-166) *(Төмөнкү салыштырууну караңыз – Г. Ж.).*

***Кыргыз эн тамга белгилери Орхон-енисей алфавити***

Ай тамга (саруу)
Керки тамга (басыз)
Куу сөөк (моңолдор)
Алакчын (саруу)
Бай күчүк (азык)
Жагалмай тамга (сары багыш)
Жаа тамга (бугу)
Төгөрөк тамга (баарын)
Мамат берек (басыз)
Кыпчак тамга (кыпчак)



Каман шывыкай (басыз)
Адигине тамга (адигине)
Ай тамга (солто)
Наалы тамга (мырзаке)
Жагалмай тамга (сарттар)
Агынай тамга (саруу)
Кушчу тамга (кушчу)
Кыргыз тамга
Өйдө чекти (саяк)
Туура тамга (адигине)
Орок тамга (канды)
Бөрү тамга (адигине
Тата тамга (солт
Босого тамга (сар
Кырк уул (саруу)
Байсогур тамга (басыз)
Жагалмай тамга
Азык тамга (азык)
Кайчы тамга (чекир саяк)
Бай күчүк (азык)
Төөлөс тамга (дөөлөс)
Ак тери, боз тери (азык)



Бул салыштыруулардын жыйынтыгы кыргыз эн тамгаларынын дээрлик басымдуу бөлүгү орхон-енисей жазууларындагы алфавиттерге өтө окшош экендигин, тегинин бир экендигин көрсөтүп турат.

**Енисейдеги (Хакасия, Тыва, Тоолуу Алтай, Краснодар крайы) руникалык жазуулардын, аска-таш беттериндеги чегерилген тамгалардын, маданий эстеликтердин кыргыздарга таандык экендиги**

О. Каратаев байыркы жалпы кыргыз эн тамгасынын параллелдери хакас, тыва, башкырлардын курамдарындагы «кыргыз» деп аталган уруулардын эн тамгалары менен толук дал келерин аныктаган. Бул пикир VII-VIII кк. кытай жыл баяндарындагы маалыматтар менен да бе-

кемделерин айтып, О.Каратаев изилдөөлөрүн Енисейдеги *(автордо Энесай деп берилген – Г. Ж.)* (Хакасия, Тува, Тоолуу Алтай, Краснодар крайы) руникалык жазуулар ж.б. аска-таш беттериндеги чегерилген тамгалар, маданий эстеликтер кыргыздарга таандык (2013: 171), Енисейдеги (Түштүк Сибирь жана ага жамаатташ аймактар) байыркы эстелик жазуулар жана алардагы эн тамгалар көөнө кыргыз маданиятынын мурастары деп жыйынтыктайт (2013: 145).

Мындай жыйынтык Енисей аймагынан табылган жазуулар кыргыздарга таандык деп айткан окумуштуулардын (В. Томсен, В. В. Радлов, С. Е. Малов, С. И. Вайнштейн, Л. П. Потапов, Ө. К. Караев, В. Я. Бутанаев ж.б.) пикирлерин дагы бир жолу тастыктап отурат.

Жогорудагы авторитеттүү окумуштуулардын негиздүү пикирлери жана О. Каратаевдин илимий маалыматтары жана жыйынтыктары енисейлик эн тамгалардын байыркы енисейлик кыргыздарга таандык экендигин, байыркы жалпы кыргыз эн тамгасынын параллелдери хакас, тыва, башкырлардын курамындагы «кыргыз» деп аталган уруулардын тамгалары менен дал келгендигин ачык-айкын далилдеп турат.

### Эн тамгалардын таралыш ареалы

Бара-бара Енисей доорунда эн тамганы Орто Азия жана Сибирдин кыргыздарынын уруулары түгөл күткөн. Эн белги төрт түлүк малдын кулагына, санына басылган. Бабалар уулдарына энчи бөлүп берсе, энин кошо ыйгарышкан. Малга коюлган эн белгилер мындайча аталган: шара тилик эн, жырык эн, сырга эн, тешик эн, бакан эн, чолок эн, оюк эн ж.б. (Кыргыздар. 2011: 92-93).

О. Каратаев эн тамга белгилердин таралуу ареалы Кыргыз каганатынын административдик башкаруу бирдиктерине (аймактарына) карата таралган деп эсептейт (2013: 147), ошондой эле уруулук эн тамга белгилери

түрк-монгол, угро-фин, иран тилдүү үй-бүлөдөгү сүйлөгөн элдерде эзелтеден сакталгандыгын, айрым ареалдарда, өзгөчө кыргыздарда байыртадан туруктуу колдонулуп келгендигин маалымдайт. Тагыраак айтканда, эн тамга белгилери кыргыз-кыпчак, кыпчак, огуз (түркмөн), тукюй-уйгур бутактарында сүйлөгөн элдерге (кыргыздар, кара калпактар, хакастар, алтайлыктар, тывалыктар, башкырлар, ногойлор, казактар) мүнөздүү көрүнүш (Каратаев О., 2013: 144).

Н. А. Аристовдун б. з. V кылымында байыркы гаогюйларда (теле уруулары) төрт түлүк малга айырмалоочу эн тамга белгилери коюларын жазгандыгын айткан элек (Аристов Н. А., 1894: 285-287; Каратаев О., 2013: 144). В. В. Радловдо да алтайлыктар жылкыларына эн тамгаларын коюшкандыгы айтылат (Радлов В. В., 1988: 147). Мындай мисалдар абдан көп кездешет.

Эн тамгаларынын табылып жаткан ареалы абдан кенен. Мисалы, Хакас-Миң-Суу ойдуңу, Тыва, Тоолуу Алтай, Монголия, Кыргызстан, Крым жарым аралы, Венгрия ж. б. Аталган жерлерден табылган жана аска, таш беттерине чегерилген белгилер, археологиялык казуулардан табылган маалыматтар эн тамгалардын абдан кеңири аймактарда колдонулгандыгын далилдеп турат.

Л. Р. Кызласов, Г. Г. Королдун биз жогоруда берген «IV-X кк. идиштердеги тамгалар» деген таблицасында *(Эн тамгалардын колдонулуш доору деген бөлүмчөдөгү таблицада - Г. Ж.)* алардын кайсы жерлерден табылгандыгы да көрсөтүлгөн *(Таблицаны караңыз - Г.Ж.)*. Алар: ***Койбалы, Тешеба, Уйбат чаатасы, Капчалы, Тесь, Гришкин Лог*** *(китептегидей берилди – Г. Ж.)*, ***Михайловский көрүстөнү, Джесос, Копён, Миң-суу станциясы*** (Кызласов Л. Р., Король Г. Г., 1990: 26).

*Эн тамгалардын табылган жерлери жана кыргыз урууларынын эн тамга белгилери О. Каратаевде ( 2013) төмөнкүдөй берилген:*

| | |
|---|---|
| ***Койбалы*** + | Кош тамга (мунгуш) + |
| ***ст. Минусинск*** × | Кыпчак тамга × |
| ***Тешеба***  | Ай тамга (саруу)  |
| ***1. Уйбаттагы чаатас.*** | |
| ***Капчалы I***  | Ай тамга (солто)  |
| ***2. Уйбаттагы чаатас.*** | |
| ***Капчалы I***  | Босого тамга (саруу)  |
| ***Тес***  | Азык тамга  |
| ***Абакан чаатасы***  | Бөрү тамга  |
| ***Джесос***  | Агынай тамга (саруу)  |
| | Адигине тамга  |
| ***Михайловскидеги бейиттен*** | |
| табылган тамга  | Жагалмай тамга  |
| ***Тес***  | Көөкөр (саруу)  |

**Эн тамгалардын аткарган кызматы жана кыргыздарда колдонулушу**

Кыргыздарда эн тамгалар адегенде мал чарбачылыкка байланыштуу келип чыккан. Бара-бара эн тамганын коюлуш функциясы кеңейген. Эн тамгалар төмөнкүдөй кызматтарды аткарган:

1. Эн тамгалар **уруулук белгилер** (уруу аталыштары) катары колдонулган.

2. Эн тамгалар жеке **менчик белги** катары колдонулган.

3. Эн тамгалар **магиялык сактоочу** функцияны аткарган.

4. Эн тамга **юридикалык (укуктук) белги** функциясын аткарган.

5. Эн тамгалар - **сакралдуу белгилер** катары колдонулган.


6. Эн тамгалар **кызматтык** же **«касталык белгилер»** катары колдонулган.

7. Эн тамгалар **шаман тамгасы** катары колдонулган.


**1. Эн тамгалардын кыргыздарда уруулук белги катары колдонулушу.** Уруулук тамгалар эң байыркы болуп эсептелет. Уруулук тамгалар адатта тотемдерди чагылдырган. Алар бардык уруу мүчөлөрү тарабынан колдонулган. Ю. Б. Симченко: «Переселение члена какого-либо рода, присоединение его по любым причинам к другой группировке у большинства народов Сибири (а также Урала, европейского Севера, Поволжья и других областей) или не влекло никаких изменений употреблявшегося им прежде родового знака, или вызывало лишь незначительные изменения в нем» (Симченко Ю. Б., 1965: 4), - дейт. Ошентип, уруулук белгилер негизинен өзүнүн туруктуулугун сактаган. Уруулук белги бүт урууга тиешелүү буюмдарга коюлган.


Жогоруда айтылгандай, эн тамгалар уруулук белгилер (уруу аталыштары) катары колдонулган. Буга О. Каратаевдин аталган эмгегинен (Каратаев О., 2013) келтирилген уруу топторунун аталышы далил боло алат. Окумуштуу уруулук (урук) эн тамгалардын тотем сыяктуу эле уруу-уруктарды, этностук топторду бирин-экинчисинен айырмалоочу атрибуттар катары кызмат кылган этностук мүнөздөгү маанилүү булак болору ырас дейт.


Мисалы, «жагалмай тамга» кыргыздын бугу, мунгуш, сарыбагыш, баргы, моңолдор, сарттар, черик урууларына мүнөздүү эн тамга болуп саналат. Эн тамга белгилеринин вариациялары түрдүү формада болгону менен баштапкы бир маанини туюндурат:



Жагалмай тамга

Бугу 

Сары-багыш 

Черик 

Моңолдор (жагалмай тамга) 

Сарттар тамга (адигине)   (Каратаев О., 2013).

Кыргыз урууларын иликтөөнүн жыйынтыгында кыргыз урууларынын теги Евразиянын, өзгөчө Түштүк Сибирдин (Саян-Алтай, Монголия жана ага жамаатташ аймактар), Батыш Кытайдын, Борбордук Азиянын (Орто Азия) ж.б. этностук-маданий чөйрөсү менен тамырлаш экендиги такталган (Каратаев О., 2013: 59).

Бирок жалпы уруулук менчиктин үстөмдүгү коомдун айрым мүчөлөрүнүн курал-жарактарга, ар кандай керек-жарак буюмдарга болгон болгон жеке менчик мамилесин жокко чыгарган эмес. Жеке менчик буюмдардын кимге тиешелүү экендигин аныктоо үчүн аларга белгилер коюлган. Мисалы, жеке менчик (тууда болсо) аңчылардын маршруттарын белгилөө үчүн, ар кандай уруу аралык актыларды жана жеке адамды күбөлөндүрүүдө керектелген (Симченко Ю. Б., 1965: 4).

Ошентип, уруулук белгилер адабияттарда эң байыркы деп эсептелет.

**2. Эн тамгаларынын кыргыздарда жеке менчик белги катары колдонулушу.** Коомдук мамилелердин өнүгүү процессинде жалпы уруулук менчиктин ролунун төмөндөшү жана үй-бүлөлүк менчиктин, т.а., үй-бүлөлүк жеке менчиктин ээсинин салмагынын өсүшү менен уруулук белгилердин колдонулушу азайып, жеке белгилердин функциясы кеңири жайыла баштаган. Ар кандай келишимдерди документтештирүү көбөйгөн. Ошону менен бирге эле уруулук белгилер тигил же бул урууга тиешелүү экендигин билдирүү үчүн **тамга катары** жана негизги өндүрүш каражаттарынын уруулук менчик (мисалы, аң уулоочу жер, балык уулоочу участоктор, бугу жайыты ж.б.) экендигин күбөлөндүргөн белги катары сакталган (Симченко Ю. Б., 1965: 4).

Жеке тамгалар бара-бара мурункудай уруулар арасында эмес, үй-бүлө башчыларынын арасындагы келишимдерде юридикалык белги катары колдонула баштаган. Санак башы белгилүү бир түпкү ата-бабадан башталган. Анын жеке тамгасы эч өзгөрүлбөстөн укуктук артыкчылыгы

бар мураскорлорго өткөн. Калган укум-тукумдарында алар бир аз өзгөргөн. Мына ушуга байланыштуу, жалпы прототипти аныктап, урууну түзгөн үй-бүлөлөрдүн дифференцияциясын билүүгө болот дейт Ю.Б.Симченко. Уруулук жана жеке менчик тамгалардын белгилүү бир мезгилде колдонулушун изилдөө уруулардын арасындагы жана уруулардын ичиндеги кооомдук мамилелерди конкреттештирүүгө жардам берет (1965: 4).

Адабияттарда адегенде уруулук союздардын келип чыгышы менен уруулук тамгалар пайда болгон деген пикир жашап келет. Бирок, Ю. Б. Симченко: «Однако у народов Сибири племенных тамг не существовало» (1965: 5), - дейт. Ал уруулук союздун өкүлдүктөрүн чагылдырган булактарды карап көргөндө бир караганда уруулук белгилердин болушу мүмкүндөй көрүнөт, бирок кайсы-бир чоң группанын башчысынын белгисин уруулук белгилер менен салыштыруу мындай пикирди жокко чыгарат дейт. Ал: «Главой любого союза был представитель самого могущественного из входящих в него родов. Во всех случаях он ставил от своего имени племени знак своего рода или свой личный знак» (1965: 5), - дейт. Эгерде мурастоодо «табигый укук» сакталса, башчынын ордун башкаруучу уруунун ичинен бирөө, көбүнчө мурунку башчынын урпагы ээлеген. «Это и создавало иллюзию существования племенных тамг» (1965: 5), - дейт Ю. Б. Симченко.

Ю. Б. Симченко жеке менчик белгилердин жеке адам тарабынан колдонулгандыгын белгилейт. Мисалы, курал-жарактардын, турмуш-тиричиликке байланыштуу буюмдардын кимге тиешелүү экендиги жеке менчик белгилерден улам белгилүү болгон. Ю. Б. Симченко мындай белгиге жеке желекти (знамя) да киргизет. Ал: «...личное знамя удостоверяло личность человека и его личную собственность» (Симченко Ю. Б., 1965: 4), - дейт. Ошентип, жеке менчик белгилер кеңири колдонулган.

Карасук маданият эстеликтеринен белгилүү болгондой, бул мезгилде патриархалдык үй-бүлөнүн келип чыгышы жана бекемделиши менен Миң-Суулук кыргыздарда мал

көбөйгөн. Байлык мал менен өлчөнгөн, ошондуктан жеке менчик малды башкалардыкынан айырмалоо зарылдыгы келип чыккан. Байыркы миң-суулук кыргыздар жеке менчик малды башкалардан айырмалоо үчүн эн тамгалары коё башташкан. Демек, эн тамгалар жеке **менчик белги катары** кызмат аткарган. Кыргыздарда жеке менчик эн тамгалардын болгондугу «Кыргыздар» деген китепте айтылат: «Элдин санжырасында айтылгандай, адегенде **сак, хун** *(китепте хун деп берилгени сакталды – Г. Ж.)* **доорунда эле кыргыздардын хандарынын, бектеринин, байларынын, уруктарынын, урууларынын жеке эн тамгалары болгон** *(белгилеген – Г. Ж.)* (Кыргыздар.Тарых. Маданият, XII том, 2011: 9293).

Жеке менчик белгилер жеке адам тарабынан колдонулган. Мисалы,  малдын, курал-жарактардын, турмуш-тиричиликке байланыштуу буюмдардын кимге тиешелүү экендиги жеке менчик белгилерден улам белгилүү болгон. Мындай белгилер кеңири колдонулган.

Ошентип, кыргыздардын эн тамгалары уруу же бир үй-бүлөнүн эн тамгасы болуп, ал муундан муунга өтүп, кийинки муундар ал энчи тамгага кошумча белгилерди кошкон. Жеке менчик эн тамгалар атадан балага өткөн. дээрлик өзгөрүлбөстөн улам кийинки муунга өтүп турган.

**Эн тамгалар жазма эстеликтерде.** Р. Л. Кызласов Енисейдеги тамгалардын 18 түрүн белгилесе, И. А. Батманов Тувада 12дей түрү болгондугун көрсөткөн. Окумуштуулардын пикири боюнча бул тамгалар уруу же бир үй-бүлөнүн тамгасы болуп, ал муундан муунга өтүп, кийинки муундар ал энчи тамгага кошумча белгилерди кошкон деген болжолдоолор айтылат (С. Сыдыков, 2011: 238).

С. Сыдыков Таластын күнгөй тарабында Терек-Сай коктусундагы аска бетине жазылган рун тамгаларынын ортосунда тамганын сүрөтү бар экендигин маалымдайт (2011: 239).

Жазма эстеликтердеги эн тамгалар өз алдынча илимий иликтөөлөргө муктаж.

**Кыргыз эн тамгалары кыргыз урууларынын аттарында:**  

Ай тамга – саруу, солто урууларынын эн тамгалары 

Керки тамга - басыз (керки тамга),
саяк (керки тамга) урууларынын эн тамгалары 
Кылыч тамга – басыз (кылыч тамга), жедигер
урууларынын эн тамгалары 
Тата (солто) тамга 
Кайчы тамга (чекир саяк) 
Баркы (саруу тамга) 
Наалы тамга 
Балка (күркүрөө) тамга 
Сарттар (адигине) тамга 
Багыш тамга 
Азык тамга 
Дөөлөс тамга  (Каратаев О., 2013).

**3. Эн тамганын магиялык сактоочу функциясы.** Эн тамга магиялык сактоочу функциясын да аткарган. Малдын жеке менчик ээлери аларга коюлган эн тамгалар ар кандай кокустуктардан, кырсыктардан, оорулардан сактайт деген ишгенимде болушкан. Ошондуктан малга ар кандай эн тамгаларды коюшкан. Көз каранды эместиктин даана атрибуту – жалпы уруулук (сөөк) эн тамгага өтө ыйык нерсе катары мамиле жасашкан (Бутанаев, 1990: 100-104). Мисалы, тывалыктардын үйүр малды жетектеген серкенин, кочкордун мойнуна эн тамга чегилген чүкөнү илип коюшкандыгын О.Каратаев маалымдайт. Ошондой эле окумуштуу Самбу Иргиттин эмгегине таянып, малга күйгүзүп эн тамга салуу салты соңку учурларда эле пайда болгондугун тыва санжырачылары эскеришет дейт (Каратаев О., 2013: 162; Самбу Иргит, 1978: 69). Ошентип, эн тамгалар күч берүүчү, ар кандай кырсыктардан, оорулардан сактоочу магиялык күчкө ээ деген ишеним да болгон.

Эн тамга белгилердин басымдуу бөлүгү урук (уруу) тотемдерин аныктап, түзүлүшү жагынан урук, уруу, уруулук бирикменин өкүлдөрү ыйык деп эсептешип, сыйынган жан-жаныбарлардын, канаттуу жырткыч куштардын ж.б. элесин чагылдырган (Каратаев О., 2013: 145). Ошентип, эн тамгалар **магиялык сактоочу функцияны** да аткарган.

**4. Эн тамганын юридикалык (укуктук) белги катары колдонулушу.** Эн тамга уруулар арасында, башка уруулук бирикме, мамлекеттердин ортосундагы ар тараптуу саясий ж.б. келишимдерди түзүүдө, расмий деңгээлдеги макулдашууларда, келишимдерди күбөлөндүрүүдө **юридикалык** (укуктук) **белги** катары колдонулган (Каратаев О., 2013: 145).

Мындай маалымат Ю. Б. Симченконун эмгегинде да бар. Анда жеке менчик эн тамгалар укуктук белги катары үй-бүлөлөрдүн ортосундагы келишимдерде ж.б. колдонулгандыгы айтылат (1965: 4).

**5. Эн тамгалар - сакралдуу белгилер катары.** Эн тамга белгилери өзгөчө маанидеги окуяларга, түзүлгөн жагдайларга, шарттарга жараша пайдаланылган. Кээ бир булактарда сакралдуу белгилер болгондугу айтылат. Мисалы, тамганын документтеги (келишим, макулдашуу ж.б. маанидеги документтер) коюлган эн тамгасына жанаша бекитилип, бул процесс диний ритуалдык актылар менен коштолгон (Ю. Б. Симченко, 1965: 5).

Буга шерт (присяга), бересе документтери, ант менен коштолгон күбөлүк ж.б. кирет. Сакралдык белгилерди бөлүп берүүгө ар кандай маанидеги документтер, археологиялык жана этнографиялык материалдар жардам берет. Ю. Б. Симченко Сибир элдеринин, өзгөчө об угрларынын сакралдык белгилерин изилдеп үйрөнүү тигил же бул табынып-сыйынуучу элестердин өнүгүүсүнүн хронологиялык рамкасын белгилеп чыгууга, анын жазма булактары жок, бирок археологиялык материалдары

бар алгачкы мезгилине байкоо жүргүзүүгө жана алардын территориялык жактан таралышын аныктап-тактоого жардам берет дейт (1965: 6).

**6. Эн тамгалар кызматтык же «касталык белгилер».** Кызматтык белгилер революцияга чейинки адабияттарда «касталык белгилер» деп аталган. Бул белгилер абдан ар түрдүү болгон. Мындай эн тамгалар адамдардын кызматтык абалынан, ошондой эле социалдык абалынан да кабар берген (1965: 6).

Бул белгилердин эң байыркысы – «жрец белгиси» болуп эсептелет, б.а. «жреческие знаки» – особые знамена, удостоверявшие, что данный человек – шаман». Ю. Б. Симченконун маалыматы боюнча мындай белгилер Чыгыш Сибирде кеңири таралган (1965: 6).

Сибирь элдерин башкаруу системасынын орношу менен кызмат адамдарынын тамгасы башка мааниге ээ болгон. Ю. Б. Симченконун маалыматы боюнча вогулдарда бул белги Батыш Сибирдин түштүк жерлеринин түрктөшүүсү менен, Чыгыш Сибирь элдеринде орустардын жергиликтүү башкаруу аппаратын киргизиши менен өзгөргөн.

**7. Эн тамгалардын шаман тамгасы катары колдонулушу.** А.Н.Бернштам уруулук түзүлүш менен кыргыздардын шаманчылыгы тыгыз байланыштуу дейт. Кыргыздар шаман动 дининде болгон. Кыргыздар арбактарга курмандык чалышкан, ал эми шамандарды гань деп аташкан (Таншу, Бичурин И., Собр.св., 1-т, 445).

Кыргыздардын анимистик көз караштары көрүстөнгө өлүк менен кошо инвентарды коюшкандыгынан көрүнөт. Маркум менен кошо көрүстөнгө жердеги жашоону элестеткен атрибуттарды коюу аракети байкалат, мисалы, маркум жердеги жашоодо колдонгон татуировка таштык доорундагы бюст бет каптарда кездешет. Эр жүрөк эркектер татуировканы колдоруна, күйөөсү бар аялдар мойнуна түшүрүшкөн. А.Н.Бернштам бет каптарда беттин

татуировкасынын издери болгондугун айтып: «Видимо китайцы были не совсем осведомлены о характере татуировки» (1998, II: 191), - дейт.

Ушул эле серияга маркумдун өзү өлтүргөн душманынын колуна идиш кармап башын ийип турган статуясы да кирет. Ал маркумга тиги дүйнөдө кызмат кылуусу тийиш экен. Мындай кулу менен кошо көмүү ритуалы тиги дүйнөдө жердегидей жашоону камсыз кылуу максатын көздөгөн (Бернштам А.Н., 1998, II: 191).

Кыргыздар менен сары уйгурлардын түпкү теги бир экендиги айрым маалымат булактары аркылуу белгилүү. Мына ушул сары уйгурларда Ас тамга, Йаг тамга, Суң тамга ж. б. у. с. эн тамгалар шамандардын кудайларын аныктайт дейт О.Каратаев. Ал С. Е. Маловдон мындай мисал келтирет: Тамга хан – «шамал кудайы», «жарык берүүчү, жашоо ыйгаруучу хан, аким, башкаруучу» дегенди туюндурат (Малов С. Е., 1957: 111). Сары уйгурлар азыр да шаман динин карманышат.

## Эн тамгалардын семантикасы

Тамгалардын мааниси чоң. Тамгалардын жардамы менен уруулардын келип чыгышын, уруулук союздардын биригүү жана ажыроо процесстеринин динамикасын байкоого болот. К. Сарткожаулы тамгалардын тарыхый мааниси тууралуу: «Без знаков нам не удалось бы понять общественные отношения в древнем обществе. В то же время, условные знаки, тамги и символы, изобретенные древнетюркским обществом, позволяют овладеть информацией об общественном развитии того периода» (К. Сарткожаулы, 2013: 89), - дейт. Ал эми белгинин (тамганын) символдук мааниси өз алдынча изилденүүгө муктаж экендигин белгилейт окумуштуу.

Тамгалардын сюжети этностук группалардын чарбалык тибин (аңчылык, малчылык ж.б.) аныктоого, ал эми туулардын аткарылыш мүнөзү графикалык искусствонун

деңгээлин аныктоого, ал эми тамгаларды изилдөө жазуунун башталышын изилдөөгө, анын мүнөзүн жана формасын аныктоого жардам берет (Симченко Ю. Б., 1965: 6).

Эн тамгаларды изилдөө аркылуу байыркы кыргыздардын тарыхы, урууларынын аттары, таралуу ареалы такталат, кыргыз коомунун өнүгүшү, кыргыздардын дүйнөгө көз караштары, диний ишенимдери, жашоо-турмушу, жаратылыш менен байланышы ж.б. тууралуу баалуу маалыматтар алынат. Эн тамгалар байыркы кыргыз урууларынын жазуусунун өнүгүү этаптарын аныктоого жардам берет. Эн тамгаларынын орхон-енисей жазууларынын негизин түзгөндүгү илимий жактан тастыкталууда. Мына ушундай материалдар кыргыздардын байыркылыгын жана алардын сабаттуу болгондугун илимий жактан далилдеп турат.


Эн тамгалардын келип чыгышы кыргыз элинин мал чарбачылыгы, жашоо турмушу, дүйнө таанымы, жаратылыш менен карым-катышы, диний түшүнүктөрү менен байланышкан. Кыргыз эн тамгалары таштарга, аска бетине, үңкүрдөгү дубал бетине, сөөккө ж.б. чегилип жазылган, жыгачка, ар кандай буюмдарга, металлдан жасалган предметтерге, курал-жарактарга, зер буюмдарга түшүрүлгөн, малга коюлган.

О. Каратаев: «Кыргыз эн тамга белгилери эзелки мезгилден белгилүү бир бүтүн маанини, адамдар менен жаратылыштын, диний ритуалдык түшүнүктөрдүн ортосундагы өз ара байланыштарды аныктаган» (2013: 171), - дейт.

Кыргыздар колдонгон тамгалардын аталышы О. Каратаевдин эмгегинде төмөнкүдөй берилет: «Кош тамга (мунгуш), джагалмай тамга (мунгуш), ача тамга (джору), кайчы тамга (джору), кош бычак (багыш), джогору тамга (кытай), томен тамга (басыз,) кылыч тамга (басыз, саяк), керки тамга (басыз), жаа тамга (азык), ай тамга (доолес, саруу, солто), джогору чекти (багыш), томен чекти (саяк), учок (басыз), уч ок тамга (канды), ж.б.» (2004: 28-б.). О. Каратаевдин маалыматы боюнча тамгалардын ата-

лышы менен байланышкан этнонимдердин басымдуу көпчүлүгү ири уруу группаларынын аталышы катары белгилүү (2004:28).

Н. Ф. Катанов XIX к. аягында тывалык тамгалардын айрымдарынын аттарын жазган, С.И.Вайнштейн да айрым тамгаларды аныктаган.



Алардын айрымдарынын аттары төмөнкүлөр: **5** - железная стрела (темир ок); **8** – дверь (халга); **9** – гусь (каз); **19** – две луны (ийи ай); **11** – **12** - острога (серэ); **22** – луна (ай); **25** - молоток (алага); **40** – цветок (чечек); **36** – свинец (корголчун); **42** – война (чаа) и др (Вайнштейн С. И., 1974: 145).

Эн тамгалардын айрым элестери кол менен жасалган буюмдарга да тартылган же жасалган. Мисалы, шырдак, туш кийиз, килем ж.б. Аларды ар кылдуулугуна жараша бир нече топко бөлүүгө болот.

Мисалы, О.Каратаев аларды эки түргө бөлгөн:

1) жаныбарлар дүйнөсүнө байланышкан эн тамгалар: *кочкор мүйүз, сыңар мүйүз, туура мүйүз, кош мүйүз, омуртка, куш канат, карга канат, чымын канат, каркыра, карга тырмак, жагалмай, ит таман, ит куйрук, ж.б.;*

2) Чарбалык буюмдардын аталышына байланышкан эн тамгалар: *табак оюу, чөмүч баш, казан кулак, комуз тил, бычак учу, күзгү ж.б.* (2013: 172).

Биз эн тамгаларды семантикасына жараша төмөнкүдөй түрлөргө бөлөбүз:

1. Жаныбарлар дүйнөсүнө байланышкан эн тамгалар: *бугу тамга, бөрү тамгасы, байкүчүк бөрү, бөрү тамгасы, кара багыш, жагалмай тамгасы, каз ж.б.*

2. Жаратылышка байланышкан эн тамгалар: ай тамга, *гүл ж.б.*

3. Курал-жаракка байланышкан эн тамгалар: *жаа тамга, кылыч тамга.*

4. Конкреттүү турмуш-тиричилик буюмдарына байланышкан эн тамгалар: *чот тамга, балта, керки тамга, ак тери, боз тери, кайчы тамга, орок тамга, балка тамга, көөкөр тамга ж.б.*

5. Ар кандай аталыштагы эн тамгалар: *арык тамга, ача тамга, төгөрөк тамга, куу сөөк, босого тамга, туура тамга, тооке тамга, кош тамга, жогору тамга, төмөн тамга, көксөө тамга, сакоо тамга ж.б.*

6. Уруу аттарына байланышкан эн тамгалар: *саяк тамга, черик тамга, адигине тамга, кара баргы тамга, кыпчак тамга ж.б.*

## Кыргыздар эмнеге сыйынышкан?

### 1. Аскаларга сыйынуу.

Кыргыздар өздөрүнүн жашоо-турмушун, дүйнө таанымын, ой-тилегин, жаратылыш менен карым-катышын, ички рухий дүйнөсүн, диний ишенимдерин ж.б. таштарга, аска бетине, көрүстөндөрдүн үстүнө коюлган таш мололорго, андан тышкары буюмдарга ж.б жазып калты-

рышкан. Бул эстеликтердеги жазуулардын реалдуулугун жана жаратылыш менен тыгыз байланыштуулугун окумуштуулар белгилеп келишет.

Мурунку бөлүмдөрдө сөз болгондой, Хакас-Миң-Суу аскалары чиймеленген, чегилген жана боёк менен боёлгон көп сандаган сүрөттөргө бай. О. Каратаев кыргыздардын жаратылыш жана жалпы дүйнөлүк маданияттын дөөлөттөрү менен тыгыз байланышын аска-таштарга чегилген рун сымал жазуулар жана белги-тамгалар далилдей алат дейт (Каратаев О., 2013: 171).

Аска бетиндеги тартылган сүрөттөр ким тарабынан жана эмне үчүн тартылган деген суроо туулат. Булардын жообу ал сүрөттөрдүн семантикасы тууралуу кабар берет. Бул суроого так жооп берүү кыйын, бирок окумуштуулардын иликтөөлөрүнө жана гипотезаларына таянып, ал жазуулар жөнүндө жалпы маалымат алууга болот.

Мисалы, С. В. Иванов «диний ритуалдык идеялардын таасири астында жаралган образдар өздөрүнүн ачык-айкын мaaнилүүлүгү менен, реалдуу турмушка жана жаратылышка жакындыгы менен айырмаланат» (Иванов С. В., 1954: 13), – деген.

А.Кастрен 1947-жылы Енисейге саякаттап келип: «Поклонялись в прежние времена также ***высоким скалам,*** святость которых обозначались намалеванными или высеченными фигурами…»(Кастрен М. А., 1856: 318), - дейт. А. П. Степанов (1835-ж.), кийинчерээк Н.И.Попов (1876-ж.): «один из утесов в узкой долине недалеко от р. Абакан, весь исписанный иероглифами (тамгами), даже называется арбаты (отсюда название речки, урочища и деревни Арбаты), что по-русски называется жертвоприношение» [Степанов, 1835; Попов, 1876: 30; Кастерн, 1856: 318], -дешет.

Ошентип, кыргыздар жаратылыш менен жуурулушуп, эриш-аркак жашашкан, ал эми аска-зоокалардын бетине сүрөттөрдү, тамгаларды чегип калтырышкан.

XIX-XX кылымдарда хакастардын аскаларды жана бийик зоокаларды ыйык деп эсептөөлөрүнүн башаты

алардын бабалары болуп эсептелген байыркы кыргыздардын жаратылышка жасаган мамилеси, диний ишенимдери менен тыгыз байланыштуу. Ушундай ыйык аскалар эн тамгалары жана сүрөттөрү менен IX-X кк. да болгон. Эн тамгалар жана сүрөттөр менен жыш капталган ыйык жерлер Тывадагы Хая-Бажы, Хакасиядагы Сулек жана Тепсей аскалары болуп эсептелет (Кызласов, 1960 (I), 112).

Ошентип, байыркы кыргыздар аскаларды ыйык деп эсептешкен. Байыркы кыргыздар аска беттерине өздөрүнүн жашоо турмушун, дүйнө таанымын, диний ишенимдерин, ой-тилектерин, мүдөөлөрүн ж.б. чегип калтырышкан. Хакасиядагы аска бетиндеги сүрөттөр, тамгалар кыргыздардын башынан кечирген тарыхын, колдонгон жазууларын биздин күнгө чейин жеткирген табигый дастан десек болот.

**2. Табият ээлерине сыйынуу.** Хакастарда Октябрь революциясына чейинки мезгилде жаратылыш да ыйык деп эсептелген. Мисалы, асман, күн, ай, тоо, суу, дарактар, үй жаныбарлары. Мына ушул ыйык деп эсептелгендердин ар бири үчүн курмандыкка чалуулар *тайығ* деп аталган. Алардын көпчүлүгү атты же койду курмандыкка чалуу жана шамандык ырым-жырымдарды жасоо менен байланышкан. Л. Р. Кызласов, Н. В. Леонтьев: «Наиболее распространенными были моления, связанные с посвящением духам выхолошенных домашних животных (преимущественно лошадей и баранов), превращением их в «изыхов» (хак. *ызых* ‘священный’)» (1980: 68-69), дейт. Мындай ыйык жаныбардан («изых»[68]) ден соолукту, малдын көбөйүшүн ж.б. суранышкан.

Тоолорго сыйынуу менен кут түшүүсүн – төрөбөгөн аялга бала берүүнү (получение хут – зародышей детей) суранышкан, ал эми асманга жана айга сыйынуу менен малдын төлдүү, түшүмдүн мол, аңчылыктын жолдуу болушун суранышкан. Кайыңга сыйынуу менен тууган-туушкандарынын ден-соолугун сурашкан ж.б. Ал эми

байыркы таш эстеликтерге (изваяние) сыйынуу жана курмандык чалуу менен түшүмдүн молдугун, малдын төлдүү болушун, аңчылыктын жолдуу болушун, ден-соолукту сурашкан (Л. Р. Кызласов, Н. В. Лентьев, 1980: 70).

**3. Ат, кой, төө ж.б.** Хакас таш сүрөттөрүндө үй жаныбарларынан өзгөчө аттын сүрөттөрү басымдуулук кылат. Андан тышкары кой, төө, ал эми ит өтө сейрек учурайт, уйдун жана өгүздүн сүрөтү абдан аз. Бул сүрөттөр көбүнчө ритуалдык мааниде болгон. Л. Р. Кызласов, Н. В. Лентьев бул сүрөттөрдө негизинен изыхка арналган жаныбарлар тартылганын маалымдашат (1980: 70).

Койлордун, төөлөрдүн айрым-айрым жекече сүрөттөрү, кез-кезде кездешкен уйдун, буканын сүрөттөрү да ушундай ритуалдык ырым-жырымдар менен байланыштуу болгон. Ал эми жыландар малды, өзгөчө койду жин-шайтандардан коргоого, адамдарды жаман көздөрдөн сактоого, т.а., шамандардын жардамчылары катары «кызмат кылышкандыгы» айтылат.

Аска таштарда **күнүмдүк турмушту чагылдырган сүрөттөр** бар. Мисалы, гүлдөрдүн, канаттуулардын сүрөттөрү, оймолор, чиймелер ж.б.

## Кыргыз эн тамгалары маалымат булактарында

**Кыргыз эн тамгалары маалымат булактарында.** Байыркы кыргыздардын негизги кесиби мал чарбачылык болгон. Алар жылкы, ошондой эле төө, бирок көбүнчө уй менен кой баккан (Аристов Н. А., 144; «Ханзу», Жаңы таңнаама, 293-295-бб.). Кыргыздардын байларында түмөндөгөн уйлары, койлору болгон (Бичурин Н. Я., Собр.св., I, 1998, Алматы, 359). Идрисиде: «Бул мамлекетте сандаган жылкыларды, өгүздөрдү жана койлорду асырашат. ...Аларды тамак-ашка пайдалануу үчүн бордоп байлашат. А өгүздөрдү болсо дайыма оор жүктөрдү ташып жеткирүү үчүн пайдаланышат» (Караев Ө., Китепте: Кыргыздар. 1-том, 2011, 198, 212.). Ө. Караев

Н. В. Кюнердин пикирине таянып, кыргыздардын мал чарбасы көчмөн мүнөздө болгондугун, алар жылкы, төө, уй жана кой багышкандыгын жана жылкынын, уйдун жана койдун эти, бээнин сүтү кыргыздардын негизги оокаты болгондугун маалымдайт (Китепте: Кыргыздар, I, 1993: 108-б.).

«Ханзу» жазмаларында эң бай кыргыздардын бир нече миңдеген малдары, аларды баккан малайлары болгондугу, байлар калыңга жүздөгөн, миңдеген баш (жылкы жана кой) бергендиги («Ханзу жазмалары», Жаңы таңнаама, 295) тууралуу маалымат бар. Кыргыздар байлыкты мал түрүндө топтогон. Малдарына **эн тамгалары** коюлган.

Кыргыздардын байлыгы тууралуу Енисей жазууларында айтылат. Эстеликтердеги жазуулар белгилүү бир трафаретте жазылган: адегенде маркумдун жарык дүйнөдөгү эмнелерден айрылгандыгы, эмнелерди көрбөй кеткендиги саналат жана анын байлыгы айтылат. Мисалы, Уюк Турандын 60000 жылкысы болгон; дагы бир жерде маркумдун (Элегеи) аттары, бодо малы, эки үйү ж.б. болгон. **Мал тамгаланган** (тавреный) *(белгилеген – Г. Ж.),* б.а. малга ээсинин тамгасы салынган (Ачур). А. Н. Бернштам мал кыргыз аристократтарынын негизги байлыгы болгон дейт. Енисей жазууларынын бир жеринде: «ради скота он «ходил» на войну или кочевья (Ачура)», – деп айтылат (В. Радлов, 330). Ачур кыштагынан 22 км жайгашкан Койбал талаасынан табылган моло ташта (у бега Уры) мындай жазуу болгон: «на земле **снабженные тамгой табуны лошадей** *(белгилеген – Г. Ж.)* были бесчисленны... в сумах[69] находившееся имущество было бесчисленно, как черные волосы» (Радлов В., 323).

Бул маалыматтар өлгөн кишинин байлыгы анын малы менен өлчөнгөндүгүн жана аларга **эн тамгалар** салынгандыгын айтып турат, т.а., малга анын ээсинин эн белгиси (тамгасы) коюлган. Бул малдын кимге тиешелүү экендигин билдирип турган. Ошентип, кыргыздарда эзелтеден

бери эле негизги чарбасы малчылык болуп, алар малга ылайыктуу жайыт издеп, көчүп-конуп жашашкан. Кыргыздардын байлыгы мал менен өлчөнгөн жана малга эн тамгасы салынган.

Енисей эстеликтеринде **кочкор мүйүз тамга** көп кездешкенин С. Сыдыков белгилейт. Ал: «Енисейдеги тамгалардын 18 түрүн Р.Л.Кызласов белгилесе, Тувада да 12дей түрү болгондугун И. А. Батманов көрсөткөн» (Сыдыков С., 2011: 238), - дейт. «Кочкор мүйүз» мотиви малдын башынын көбөйүшүнө таасирин тийгизген (Коченков, 1979: 46). Ал эми бурят-монгол орнаменттеринде ал бакубат жашоонун, өнүгүп-өсүүнүн символу болгон.

Мисалы,   - кочкор мүйүз тамгасы.

Кыргыз эн тамгаларынын ичинен **«Наалы» тамгасын** карап көрсөк, ал Ак уулдун Адигине жана Тагай деген уулдарынан кийинки кызы болгон. Геноним. Мындай генонимдер адамзат коому басып өткөн эзелки энелик доордон (матриархат) кабар берет (Каратаев О., 2011:174-175).

Мисалы,  - наалы тамгасы.

Кыргыз **эн тамгалары** азыркы Тыва аймагындагы кыргыздарга таандык рун сымал жазууларда да кездешет: «...Эр атым Йол апа бен (мен)... Ашнук(ы) атларым эшинтим. Бага бен (мен) эр. Йалты йүз (жүз) тамка ат...» Хемчик дарыясы, Чыргакы: Е.41, М-34 (Памятники древнетюркской письменности Тувы. –Вып. I-III, 14-15; Худяков Ю. С., 1984: 21; Каратаев О., 2013: 164).

## Хакас-Миң-Суу ойдуңунан табылган жазма эстеликтердеги кыргыз эн тамгалары

С. Е. Малов Енисейдеги эпитафиялык рун эстеликтерин **«көрүстөн» поэзиясы** деп атаган. Енисей, Хакас, Тоолуу Алтай, Кыргызстан ж.б. региондордогу эстеликтердин тобун түзгөн бул жазуулар көлөм жагынан анча чоң эмес, айрым кыска информативдик кабарларды баян-

даган текст же тамга-белгилерден турган керээз эстеликтер (Сыдыков С., 1011: 14).

Бул эстеликтердеги жазуулар, эн тамгалары, жогоруда айтылгандай, байыркы кыргыздардын башынан өткөргөн тарыхый окуяларынан, жашоо-турмушунан, ички рухий дүйнөсүнөн, көз караштарынан, диний ишенимдеринен, кесипчилигинен ж.б. маалымат берет.

Хакас-Миң-Суу ойдуңундагы археологиялык казуулардан табылган идиш-аяктардагы (Копён, Уйбаттагы ж.б. табылгалар) эн тамга белгилери (VI-X кк.) алардын кыргыздарга таандык экендигин көрсөткөн.

Таш бетине жазылган эн тамгалар аркылуу кыргыз урууларынын тарыхы маалымданат. VI-X кк. кыргыздардын этностук курамына руникалык таш жана эска беттериндеги жазуу эстеликтеринде баяндалган «Ач» аттуу эл кирген (Каратаев О., 2013: 178; Савинов, 1984: 78). Евтюхова: «... VII-IX кк. Кара-Июс дарыясынан Енесайга, Уйбат дарыясынан Койбал чөлүнө чейинки аймактарды кыргыздын ***«Ач»*** аттуу уруусу мекендегенин таш бетиндеги жазуулар ырастайт» (1948: 5), - дейт. Н. А. Сердобов VI-VIII кк. Июс жана Уйбат дарыяларынын ортолугундагы жерлерде кыргыздын «ач» аттуу уруусу мекендеген деген С В. Киселевдун көз карашын колдогон (Сердобов Н. А., 1971: 88). Бул жазуу эстеликтеринде аталган уруулардан тышкары кыргыздын ***«ли»*** аттуу уруусу да эскерилет.

Кыргыздын «Ач» уруусу тууралуу жазма эстеликтерде маалымат бар. Мисалы, 1924-жылы Уйбаттан табылган кыргыздарга таандык күмүш идиште: «...алтын..., ач элинин белеги...» деген жазуу болгон (Евтюхова, 1948: 33). С. Е. Малов бул жазууну «...алты он ашагы ачын» же «ач элинен алтымыш түр тамак» деп чечмелеп окуган. С. Е. Малов «ач» элин Енисей кыргыздарынын бир бутагы деп эсептеген (Малов С. Е., 1952: 15). Ал эми Савинов «ач» эли VII-IX кк. кыргыздардын этностук курамын түзгөн дейт (1984: 77-78).

## Азыркы Хакас-Миң-Суу, Тыва эн тамгалары – байыркы кыргыз эн тамгаларынын мурастары

В. Я. Бутанаев: «Хакас тамгаларын таш беттерине, бейиттерге, рун жазма эстеликтерине чегерилген кыргыз белгилеринин мураскорлору катары кароого болот» (1990: 92), - дейт. Хакас жергесинде табылган рун жазуулары, эн тамгалары байыркы кыргыздардан калган жазма эстеликтер болуп саналат. Байыркы кыргыздардын жазма эстеликтери бир кезде өздөрү жашап турган жерде бүгүнкү күнгө чейин сакталууда. О. Каратаев бул тууралуу: «Байыркы кыргыз эн тамгалары кыргыз маданиятынын мураскорлору болуп калышкан хакас, тува *(автордо тува деп берилгени сакталды - Г. Ж.),* алтайлыктар, шорлордо ж.б. бүгүнкү күнгө чейин колдонулуп келе жатат» (2013: 170), – дейт.

Кыргыздар өздөрүнүн жашоо-турмушун түбөлүк өчкүс кылып аска беттерине, таштардын беттерине чегип жазып калтырын кетишкен. Кыргыздардын жазууларындай жазуу - кийин алардын мекенин жердеп калышкан элдер тарабынан да улантылган. Мисалы, С. И. Вайнштейн XIX жана XX кылымдын баш чендериндеги тыва эн тамгаларынын бул аймактарды байыркы мезгилдерде байырлаган уруулардын (элдердин) эн тамгалары менен жалпылыгы бар дейт. XIX-XX кылымдарда тывалардагы «кыргыз» уругунун эки түрдүү эн тамгасы болгон.



С. И. Вайнштейн бул эн тамгалар байыркы Енисей кыргыздарына таандык эстеликтердеги тамгалар менен толук дал келет дейт (Вайнштейн С. И.,1978: 69). Демек, Енисейдеги жашаган байыркы кыргыздардын колдонгон эн тамгалары муундан-муунга өтүп отуруп, XIX-XX кк. да бул жерди жердеген элдер тарабынан колдонулуп жаткандыгы[70] жогорудагы маалыматтар менен ырасталып отурат.

Мындай маалыматтар археологиялык табылгалар менен да тастыкталат. Мисалы, Тывадагы археологиялык

казуулардан табылган чүкөлөргө чегерилген эн тамгалар иликтөөчүлөрдүн белгилөөсүндө тывалыктардын «кыргыз» уругунун эн тамгасы (кошкар тамга) менен дал келет (Самгу Иргит. 1978, 69).



Мындай маалыматтарды О.Каратаев да ырастайт. Окумуштуу өзүнүн илимий изилдөөсүндө байыркы жалпы кыргыз эн тамгасынын параллелдери хакас, тыва, башкырлардын курамындагы «кыргыз» деп аталган уруулардын эн тамгалары менен толук дал келерин аныктаган. Бул пикир VII-VIII кк. кытай жыл баяндамалардагы маалыматтар менен бекемделет (Каратаев О., 2013: 171).

Демек, байыркы кыргыздардын эн тамгалары, жазуулары ал жердин тургундары тарабынан кийинки мезгилге чейин колдонулган жана бул традицияга айланган. Бул тууралуу Л. Р. Кызласов, Н. В. Леонтьев мындай дешет: XVII кылымда хакастар тарабынан колдонулган эн тамгалары «являлось продолжением древних местных традиций, восходящих еще к раннему железному веку, когда более тысячи лет назад сложились в систему личные тамговые знаки» (1980: 6).

Енисей жергесинде аска бетинде, таштарда, байыркы дөбөлөрдөгү плиталарда табылган сүрөттөрдө тамга сымал белгилер абдан көп болгон. Ал белгилер – реалдуу жашаган тамгалар, т.а., малды, ошондой эле буюмдарды (сандык, тери флягалар, жыгач чакалар ж.б.) белгилөө үчүн колдонулган тамгалар болгон. Ошондой эле ырым-жырым, үрп-адаттарга байланышкан белгилер да бул жерлерде басымдуу. Мисалы, Папальчих тоосунда мындай сүрөттөр 100%, Кичи-арбат Жазуусунда (на Малоарбатском Писанце) – 95, Комарковада– 80 жана Кичи Жазууда - 70% (Кызласов Л. Р., Леонтьев Н. В., 1980: 21) болгон.

Хакас-Миң-Суудагы аскалардагы сүрөттөрдү охра боёгу менен боёо энолит доорунда эле көп колдонулган, би-

рок сүрөттөрдүн тематикалары башка эле. Табигый охра ошол эле аскалардын жанында аз эмес болгондуктан, хакас сүрөтчүлөрү аларды эч кыйынчылыксыз эле пайдаланышкан. Ошентип, Л. Р. Кызласов, Н. В. Леонтьевдин илимий жыйынтыгы боюнча минералдык боёкторду колдонуу жана тамга сымал белгилердин молдугу Хакас-Миң-Суу ойдуңундагы аска бетиндеги кечки сүрөттөрдүн мүнөздүү белгиси болуп эсептелет (1980: 21).

О. Каратаев Хакас-Миң-Суу эстеликтердеги эн тамга белгилери менен кыргыз уруу тамгаларын салыштырып чыккан.

**Енисейдеги (Хакас-Миң-Суу, Тыва) байыркы кыргыздарга таандык тарыхый жазма ж.б. эстеликтердеги эн тамга белгилери жана алардын бүгүнкү кыргыз урууларынын эн тамгалары менен жалпылыктары**

| *Енисей эстеликтериндеги эн тамгалар* | *Кыргыз урууларынын эн тамга белгилери* |
|---|---|
|  Е 12, Е 19 |  Ай тамга (саруу) |
|  Е 14 |  Кара саадак (кесек) |
|  Е 82 |  Жагалмай тамга (муңгуш) |
|  Е 90 |  Саруу |
|  Е 127 |  Кaңды тамга |
|  Е 89 |  Алакчын тамга |
|  Е 137 |  Кыргыз тамга |
|  Е 93 |  Куу сөөк (моңолдор) |
|  Е 107 |  Бугу тамга |
|  Е 8 |  Кыпчак тамга |
|  Е 95 |  Адигине тамга |
|  Е 111 – Е 117 |  Багыш тамга |
|  Е 111 – Е 117 |  Баарын тамга |
|  Е 24 |  Адигине тамга |
|  Е 91 |  Колпоч тамга |
|  Е 91 |  Моңолдор тамга |
|  Е 91 |  Ай тамга (солто) |

Е 24 — Керки тамга
Е 123 - Е 126 — Тан (Кытай) булак. эн тамга. Б.з.VII-VIII кк.
Е 88 — Кош тамга
Е 53 — Мунгуш тамга
Е 52 – Е107 — Кырк уул
Е 23 - Кош тамга (Каратаев О., 2013, 168-169).

Кыргыз Мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына карата Эл аралык археологиялык-экспедициянын (2003-ж.) жыйынтыгы боюнча Хакас, Тыва аймактарынан табылган эн тамгалары менен кыргыз уруу эн тамгаларынын параллелдери берилет.

**Уйбат Чаатасында (Аскиз аймагы, Хакасия) табылган тамгалар жана алардын кыргыз эн тамга белгилери менен параллелдери**

***Уйбат чаатасы Кыргыз уруу эн тамгалары***

кыргыз тамга
адигине тамга
алакчын тамга
кыпчак тамга
жаа тамга (кыпчак)
моңолдор тамга
көөкөр тамга
жагалмай (моңолдор)
кушчу тамга
чолок туума (моңолдор)
багыш тамга
баарын тамга
моңолдор тамга
ак тери (саяк)
бугу тамга
туура тамга (сарттар)
баарын тамга
Ай тамга (солто)
мундуз тамга




кырк уул
каман шывакай (саяк)
өйдө чекти (басыз)
маматберек
моңолдор тамга
кош тамга (мунгуш)
бөрү тамга
бөрү тамга (адигине) (Каратаев О., 2013).

Мына ушундай маалыматтар кийин Енисей жергесиндеги (Хакасия, Тыва, Тоолуу Алтай, Краснодар крайы) руникалык жазуулар ж.б. аска-таш беттериндеги чегерилген тамгалар, маданий эстеликтер кыргыздарга таандык экенин аныктаган. Аталган аймактардагы табылган жана табылып жаткан эн тамгалары, руника жазуулары байыртадан ошол жерди мекендеп келген биздин бабаларыбыз – байыркы кыргыздар тарабынан жазылган.


Төмөндө кыргыз эн тамгалары Талас, Енисей, Орхон эн тамгалары менен салыштырылып берилди (Каратаев О., 2013).

***Кыргыз эн тамга; Талас эн тамга; Енисей эн тамга; Орхон эн тамга.***

Адигине тамга
Керки тамга
Чолок туума (моңолдор)
Моңолдор
Кырк уул (саруу)
Кош тамга (мунгуш)
Куу сөөк (моңолдор)
Дөөлөс тамга
Сарттар тамга
Кайчы тамга
Козугуна (азык)
Каман шывакай (басыз)
Кыпчак тамга
Багыш тамга
Бай күчүк (азык)
Багыш тамга



Жагалмай тамга (моңолдор)
Маматберек
Тата тамга (солто)
Бугу тамга
Багыш тамга
Ак тери тамга (саяк*)*
Үчөк тамга (каңды)
Ай тамга
Жагалмай тамга (чекир саяк)
Кушчу тамга
Агынай тамга (саруу)
Моңолдор тамга



Жогорку мисалдардан Талас, Енисей жана Орхон эн тамгалары окшош экендиги көрүнүп турат.

### Кыргыздардын тарыхы, уруу тамгасы б. з. I жана II миң жылдыктарынын аралыгында Енисей эстелигинде

Енисей эстеликтериндеги жазуулар моло таштарда, аскаларда, таштан жасалган түркүктөрдө, идиштерде жана иштеп чыгарылган майда буюмдарда ж. б. сакталып калган. Мисалы, өткөн кылымдын 60-жылдарында байыркы жана орто кылымдагы Тыванын көчмөн маданиятын изилдеген окумуштуу А. Д. Грач (Грач А. Д., М., 1966: 31) тарабынан табылган эстеликте б. з. I жана II миң жылдыктарынын чегинде Енисей дарыясынын боюнда, Миң-Суу ойдуңунда жашаган кыргыздардын жашоо-турмушу чагылдырылган. Казылган дөбөлөрдүн ичинен 200дөн ашык жоокерчиликке тиешелүү жез буюмдар, колодон жана жезден жасалган буюмдар, эки кылыч, күмүш кумара ж.б. табылган. Дөбөлөр менен катар коюлган стелада Дамаск болотунан жасалган кылычтын ээсинин аты ташка оюлуп жазылган: «Мое имя – Багыр.» Жазуунун астында **уруу тамгасы** *(белгилеген – Г. Ж.)* чегилген (Худяков Ю. С., 2003: 16).

Мындай **уруу тамгасы** башка аймактан, мисалы, Качырбандан табылган байыркы эстеликтерде да кездешет. Окумуштуулардын божомолунда Багыр – жүз атчан жоокердин жүз башчысы болгон. Ал эми экинчи стелада «геройское имя Карайаш» деген жазуу бар (Батманов Ч. А., Купала А. Ч., 1965, вып.III, 9-10). Мында миң жоокер жана «ынал» титулун алып жүргөн жүз башы баатыр тууралуу жазылган (Худяков Ю. С., 1995: 48).

Бул эстеликтер жана андагы жазуулар кыргыздардын жашаган аймагы, жоокерчилик турмушу, курал-жарактары, өлүктү коюудагы каада-салты, ошондой эле кыргыздар колдонгон жазуу тууралуу баалуу маалыматтарды камтып турат.

### Эн тамгалары атактуу кыргыз вазаларында

Эн тамгалары керектүүлүккө жараша колдонулган. Бул өзгөчө нерсенин, буюмдун жеке менчикке тиешелүү экендигин көрсөткөн. Мисалы, кыргыздарда темир устачылык, кол өнөрчүлүк кеңири өнүгүп, кыргыздардын курал-жарактары, жасаган буюмдары кеңири белгилүү болуп турганда, алардын жеке менчикке тиешелүү экендигин билдирүү максатында эн тамгалары коюлган. Мына ушундай эн тамгалары атактуу кыргыз вазаларына да коюлган учурларын тарыхый маалыматтар тастыктайт.

**Карапачылык. Кыргыз вазарындагы[71] эн тамгалары.** Миң-суулук кыргыздарда карапачылык өнүккөн. Ашканада урунуучу жөнөкөй идиш-аяктар, ошондой эле вазалар жасалган жана алар абдан белгилүү болгон. Кыргыз вазалары тууралуу Ө. Караев: «Күрөң чоподон жумуртка кебетелентип, түп жагын кууш кылып, оозун кенен чыгарып абдан башык идиштерди жасашкан. Алар «Кыргыз вазасы» деген ат менен белгилүү болгон. Идиштердин капталдарына чегедектин сүрөтү чөгөрүлүп, коолдолгон», – дейт (I, 1993: 111). Карапалардын айрымдарына **менчик белги катары эн тамгалары басылган.**

## Алтайлыктардын тамгалары

Окумуштуулар Енисейдеги кыргыз жазууларына Алтайдагы жазуулардын окшоштугун белгилешет. Мисалы, С. В. Киселев: «Язык кыргызских (хакасских) надписей, обнаруженных на Енисее, родственен орхонскому (алтайскому, в своей основе)» (Абакан, 1951: 32), - дейт. Ушул эле жакындыкка алтай түрктөрүнүн жана енисей кыргыздарынын (хакастардын) Со уруусунан Нишиду аттуу бир тукумдан чыккандыгы да көрсөтүп турат дейт С. В. Киселев. С. В. Киселев Енисейдеги таштык жана Алтайдагы пазырык эстеликтерин карап көрүп, алардын байыркы маданий негизинде чоң жакындык бар экендигин белгилеп жана мына ушунун негизинде алтай жана кыргыз (хакас) урууларынын калыптангандыгын айтууга болот деген. Бул жакындык алгачкы доордо эле байкалган. С. В. Киселев: «Уже в карасукское время она отражала культурное единство многих южносибирских племен, называвшихся китайцами общим именем дин-лин» (Абакан, 1951: 32), - деп белгилейт.

Енисейликтердин жана алтайлыктардын байыртадан берки мындай жакындыктары жазма эстеликтерде да байкалат. З. С. Гайсин Тоолуу Алтайда командировкада жүрүп, Сибирь край архивине чогулткан материалдарын тапшырган. Архивдин жетекчиси ири окумуштуу жана коомдук ишмер В. Д. Вегман болгон. Ал алтайлыктардын өткөн турмушуна кызыккан. XX кылымдын 30-жылдарынын ортосунда ал алтайлыктардын этнографиясына жана фольклоруна кайрылган.

З. С. Гайсин тарабынан жыйналган материалдардын ичинен 1927-жылы жай-күздө чогултулган алтай тамгалары биз үчүн баалуу болуп эсептелет. З. С. Гайсин «Алтайлыктар жана теленгиттер» деген жалпы аттын астында Тоолуу Алтайдын ар кайсы жеринен алтайлыктардын көп сандаган топторунан эн тамгаларды чогулткан. Эң биринчи тамганы берген адам – алтайлык Уланкин (Ойрот

автономдуу областынын Верхчергин айылдык советинин председатели) болгон. В.С.Познанскийдин божомолунда ал З. С. Гайсин менен Черга кыштагынын аймагында (Тоолуу Алтайдын борборунан түштүккө карай 100 км) жолугушкан. Черга – белгилүү кымыз курорту болгон. З. С. Гайсин үчүн ар бир алтайлык өз колу менен тамганы кагазга жазып жана анын мындай стилизацияланган түрүн түшүндүрүп берүүсү маанилүү болгон (Познанский В.С., 97-98).

Төмөндө мына ошол тамгалар мисалга келтирилет *(китептегидей берилди – Г. Ж.)*.


Jылбодон Кÿйтпек 69л
Тыкпаев Jертомай 63л
Астапеев Озрах 21л
Туйгашев Майчик 40л
Брынкаков Якуп 24л
Суйлин Подай — 19л
Туйбашев Содук — 30л
Черин Виктор — 30
Бомбеков Андрей — 45л
Сурасов Боинак — 63л
Папуев Николай — 23л


Максимов Сергей 33л
19
Меркит-Шабураков Абакун — 19л
Иркит Иртаи — 50л
Тумат-Сандра — 34
Меркет-Шабураков — 37л
Меркит Уруче —
Мактым —
Айбий —
"тамга" собственноручное

Келтирилген мисалдар алтайлыктардын эн тамгаларды колдонушкандыгын көрсөтүп турат. Бул тамгалардын ичинен ай тамга энисейликтерде да кеңири кездешет.

### Эн тамгалар Ферганалык кыргыздарда

**Эн тамгалардын кыргыз килемдеринде колдонулушу.** А. Фелькерзам кыргыздардын ар бир урууcунун эн тамгалары бар экендигин жана ал эн тамгалар алардын оюуларында кездешерин маалымдайт. Ал Фергана областындагы кыргыздардын килем токуу өнөрү жана килемге түшүрүлгөн эн тамгалары тууралуу макала жазган. А. Фелькерзам бул маалыматтарды 1902-жылы алган. Анын маалыматы боюнча ар бир кыргыз урууcу, өзгөчө букеевдик кыргыздар өздөрүнүн уруу тамгасын колдонушкан. Мына ушул тамгалар кыргыз килемдеринин оюуларында колдонулган: «Эти тамги встречаются в узоре каждой «дорожки», опоясывающей снаружи кибитку и известны каждому киргизу, но он не имеет своих особых названий, а называются по имени того рода, которому принадлежат» (1915: 20).

Сатуу үчүн кыркылып жасалган килемдерде тамгалар сейрек кездешкен, ал эми килем дорожка (килемче) (кыргызча – «кур» – А. Фелькерзам) өздөрү колдонуу үчүн ар бир үйдө боз үйдө жасалган.


Бири-бири менен тааныш эмес кыргыздар жолугушканда биринчи иретте кумга өздөрүнүн тамгаларын чийишкен, ал тамгалардын фигуралары адатта бир нече сызыктардан гана турган. Бул тамгалар атадан балага өтүп турган. Бул тууралуу А. Фелькерзам: **«Тамги наследственны** *(белгилеген – Г. Ж.),* как гербы в Европе или старинные японские фамильные значки, которые, пожалуй, тоже можно было бы назвать гербами», - дейт. Урууунун санына жараша ондогон, ал түгүл жүздөгөн бир эле уруу тамгасы басылган боз үйлөрдү же сокмо үйлөрдү *(китепте кибитка деп берилген – Г. Ж.)* кездештирүүгө болот, бирок адатта уруу тамгалары 20нын тегерегинде эле болгон дейт А. Фелькерзам (1915: 20).

Ошентип, уруу тамгалары XIX кылымдын аягында XX кылымдын башында ферганалык кыргыздар та-


рабынан колдонулган жана алар кыргыз килемдеринде жана башка буюмдарда оюу катары пайдаланылган. А.Фелькерзамдын маалыматы боюнча килем токуу бардык областтарга тараган, «и **находится исключительно в руках киргизов, преимущественно племень Ичкилик, Хидыр-Ша (Кадыр-Ша) и Тирь** *(белгилеген – Г. Ж.)*. Главными центрами является Андижанский уезд с волостями Курган-Тепинской, Дусаля-Кудукской и Аимской, а также Ошский уезд с волостью Булак-Башинской, где кочуют как раз вышеупомянутые киргизские племена» (1915: 19).

А. Фелькерзам тамгалардын байыркы мезгилден бери колдонулуп келе жаткандыгын айтат: «...имеются документальные данные **об употреблении этих родовых знаков в очень давние времена** *(белгилеген – Г. Ж.):* еще Чингиз-хан жаловал своих военноначальников тамгами и значками, точное описание которых сохранилось до нас» (1915: 19). Ошентип, бул маалымат кыргыздар тарабынан колдонулган тамгалар мурунтадан бери колдонулуп, муундан муунга өтүп келатканын далилдеп турат.

А. Фелькерзам Чоң ордонун, түркмөндөрдүн, өзбектердин, афгандардын тамгалары жөнүндө эмгектер жок экендигин белгилеп, кыргыздардын тамгалары тууралуу мындай дейт: «Что касается киргизов, то тут известны многие родовые знаки Малой и Средней Орды». А. Фелькерзамдын маалыматы боюнча 1627-жылы касымовдук кыргыздардын тамгалары (20-30) «Касымовдук падышалар тууралуу изилдөөлөрдө» («Исследование о Касимовских царях») эскерилет.



*«Кичи ордо» кыргыздарынын тамгалары*



*Касымовдук кыргыздардын тамгалары*

**Эн тамгалар саймаларда.** А.Фелькерзам кыргыздарда жеке эн тамгаларды эстелик үчүн башка бирөөгө бериле турган буюмдарга сайма түрүндө түшүрүү салты болгондугун белгилейт (1915: 20).

### Эн тамгалар Кыргызстандын түштүгүндө

Л. Жусупакматов Чоң-Бүлөлүдөгү кызыл кумдуу аскага чегилген петроглифтери (Жердин картосхемасы) тууралуу сөз кылып жатып, алар 1984-жылы табылгандыгын жана байыркы кыргыз пиктографиялык жазуусун билдиререрин маалымдайт. Бул петроглифтер Жоош айылынын түндүк-батышында жайгашкан кызыл кумдуу зоокага чегилип жазылган. Асканын астында 150-200 метр аралыкта жол өтөт. Зооканын чыгыш бөлүгүндө байыркы-түрктүк, т.а., **байыркы кыргыз тамгалары** *(белгилеген – Г. Ж.)* чегилген, ал эми түштүк-батыш жагын тамга жана геометриялык схемалар ээлейт, буларды Л. Жусупакматов картосхема деп атайт. Ошондой эле зоока астында жаткан (балким, аскадан жарылып түшкөн) чоң ташта **тамга түрүндөгү сүрөт** *(белгилеген – Г. Ж.)* кездешет (Жусупакматов К., 2006: 50).

Зооканын чыгыш бөлүгүндө байыркы кыргыз тамгаларынын болушу бул жерлерде байыркы замандан бери эле кыргыздардын жашагандыгын далилдеп турат. Дал ушуга окшош уруу тамгаларынын инварианттары хакастарда сакталып калган, ошондой эле мындай тамгалар бардык кыргыздар жашаган жерлерде кездешет (Жусупакматов Л., 2006: 51).

Демек, кыргыз уруу белгилери, т. а., тамгалары Кыргызстандын территориясында да болгон, бул жерлерде да

байыркы замандан бери эле кыргыздар жашап келишкен. Буга окшогон ташка чегилген белгилерди Л. Жусупакматов **тамга сымал белгилер** *(белгилеген – Г. Ж.)* деп атайт (2006: 53).

### Таластагы, Кочкордогу эн тамгалар

Кыргыз жергесиндеги тоолор абдан баалуу жазма эстеликтерди камтыйт. Ч. Жумагулов сейрек эмес жердин, тоонун, капчыгайдын аттары жазуулардын, петроглифтердин бар экендигин көрсөтүп турат дейт. Мисалы, - Чийим-Таш, Чиймели-Таш, Кат-Таш, Сюрет-Таш, Саймалы-Таш, Ноокат, Тамга-Таш ж. б. Талас өрөөнүнүн Кулан-Сай жана Терек-Сай капчыгайларынын караңгы аскаларынан чоң жазуулар табылган (1987: 5).

С. Сыдыков тамганын сүрөтү бардык эле эстеликтерде кезикпей тургандыгын маалымдайт. Айрым учурларда жазуу жазылбаган стела таштарда же аска беттеринен да тамгалар учурай берерин айтат. Мисалы, Таластын күнгөй тарабында Терек-Сай коктусундагы аска бетине жазылган рун тамгалардын ортосунда тамганын сүрөтү бар. Енисей эстеликтеринде да ушундай тамга кезигип, анын үстүнө кошумча тик сызык кошулганын байкоого болот (Сыдыков С., 2011:238).

Кочкор өрөөнүнөн табылган эстеликтердеги жазуулардын арасында да тамгалардын кездешкени белгилүү. Мисалы, жогоруда айтылгандай, С. Сыдыков Кочкордогу жазуулардын биринин алдында Енисей эстеликтеринде кездешкен кочкор мүйүз тамганын сүрөтү бар деген (2011: 238).

Биз С. Сыдыковдун келечекте байыркы түрк тамгалары атайын изилдөөнүн предмети болуусу керек деген пикирине толугу менен кошулабыз.

## Семасиография. 1. Нака жазууга чейинкилер: 2) Жазуунун идентификациялык-мнемоникалык ыкмасы: Татуировка

### Татуировка байыркы кыргыздарда

Идентификциялык-мнемоникалык ыкмага татуировка[72] да кирет. В. И. Кодухов: «Еще более условный характер получали зарубки на бирках, т**атуировка** *(белгилеген – Г. Ж.),* родовые и племенные знаки собственности» (Кодухов В. И., 1978: 158), – дейт. Байыркы кыргыздар (гяньгундар) узун бойлуу, сары чачтуу, көк көздүү болушкан жана денелерин татуировкалашкан. Татуировкалоо алардын социалдык абалынан маалымат берген. Мындай маалымат жазма булактарда кездешет. Мисалы, «Ханзу жазмаларында»: «Алар сөйкө тагынышат. ...Эрлеринде эрдемсингендери билектерине гүл саймасын түшүрүп алат. Ургаачылары эрге тийгендери мойнуна гүл сайгызып алат» («Ханзу», 2001: 293), ал эми Н. Я. Бичуринде: «Храбрые из них татуируют руки себе, а женщины, по выходе замуж, татуируют себе шею» (1950, ч. I, с.50). Ушундай эле маалымат А. Н. Бернштамда (1998, II, 191), Ю. С. Худяковдо (2003: 38) да бар.

Татуировкалоо салты да байыркы мезгилге таандык. Ю. С. Худяков татуировкалоо салты байыркы мезгилде скиф урууларында болгондугун маалымдайт (2003: 38). Кыргыздардагы татуировкалоо салты – алардын эң байыркы эл экендигинин дагы бир далили.

Татуировка кийинки кезге чейин колдонулгандыгы археологиялык табылгалардан улам белгилүү болгон. Мисалы, таштык доорундагы бюсттук бет каптарда өлгөн кишилердин тирүү кезиндеги татуировкаларынын издери сакталып калган.

## 2. Сөздүк ыкма: Логографиялык жазуу

### Пиктографиялык жазуудан логографиялык жазууга өтүү

Нака жазуунун келип чыгышында шумер жазуусунун мааниси чоң. Мурунку бөлүмдөрдө айтылгандай, Шумер мамлекетинин жана экономикасынын уюшулушу жазуу түрүндөгү эсеп-кысаптын келип чыгышына алып келген. Бул кыска эсеп жазууларына (мисалы, «5 кой», «10 пияз» ж.б.) энчилүү атты кошуп жазуу менен ишке ашкан: «10 пияз, Х». Айрым алынган сөзгө айрым бир белгини тандап алуу – логографиялык системанын пайда болушуна алып келген. Ошентип, сөздөрдү белгилер менен берүү мүмкүн экендиги билинген соң, маалыматты берүүнүн, б.а. коммуникациянын жаңы жана бир топ өркүндөтүлгөн жолу пайда болгон. Мисалы, «адам арстанды өлтүрдү» деген сүйлөм татаал сүрөттөр (көркөм-сүрөттүк ыкма менен эмес) менен берилбестен, бул үч сөз үч белги (адам, найза же жаа жана арстан) менен берилген (И. Е. Гельб, 1982: 188). Ошентип, маалыматты берүүдө колдонулган сүрөттөр бара-бара белгилер менен бериле баштаган жана бул идеографиялык жазуу деп аталган.

Бул эмне себептен келип чыккан? Бул энчилүү аттарды туура берүү үчүн, отчет берүүчү документтерде чаташуулар болбос үчүн келип чыккан. И. Е. Гельб: «Величие этого достижения заключалось в том, что, создавая на основе старого идентифицирующее-мнемонического приема словесно-слоговую систему в собственном смысле слова, шумеры оказались в состоянии полностью порвать со стесняющими условностями описательно-изобразительного приема» (1982: 188), - дейт. Шумерлер сүрөттүк ыкманы колдонуу менен жазууну мнемоникалык негизде өркүндөтүшкөн. Сөздүк белгилердин келип чыгышы шумер египет, хетт жана кытай системаларында дээрлик окшош. Аталган жазуу системаларынын ички принциптеринде жалпы белгилер бар, т. а., И. Е. Гельб

белгилегендей: «все они едва ли не с самого начала своего развития являются фонографическими и содержат знаки следующих трех классов: словесные знаки, или логограммы, слоговые знаки и вспомогательные знаки» (И. Е. Гельб, 1982: 189).

Логографиялык жазуу *(адабияттарда идеографиялык жазуу деп берилгени сакталды – Г. Ж.)* жазуу тууралуу Т. А. Амирова, А. С. Аманжолов: «Идеография ...определяется как фиксация сообщений с помощью отдельных рисунков – идеограмм. **Для перехода от пиктографии к идеографии необходимо, чтобы за каждым рисунком-символом было специально закреплено определенное инвариантное значение. Закрепление «значения» в процессе постепенной стилизации и схематизации письменных знаков превращает знаки в условные символы»** *(белгилеген – Г. Ж.)* (Амирова Т. А., Аманжолов А. С., 1986: 127), - дешет.

Мурунку бөлүмдөрдө айтылгандай, И. Е. Гельб шумер, египет, хет, кытай жазуулары адегенде сүрөттүк болгондугун, бул жазуулар алгачкы баскычтарында эле нерселердин реалдуу сүрөттөрүнө окшобогон белгилерди, мисалы, жөнөкөй, сызыктуу, геометриялык фигураларды да камтыгандыгын маалымдайт. Мындай геометриялык белгилер дээрлик тарыхка чейинки мезгилден бүгүнкү күнгө чейинки дүйнөнүн бардык райондорунда катталган (1982: 37). И. Е. Гельбдин пикири боюнча мындай геометриялык белгилер - абстрактуу формалар эмес, сүрөттөрдүн акырындык менен схематизацияланышы. Гуго Обермайер мезгилдин өтүшү менен сүрөттөр уламдан улам көп схематизациялана баштагандыгын айтып, андан соң алардын адегенде кандай формада экендигин билүү мүмкүн болбогон формага чейин өнүккөндүгүн белгилеген (Караңыз: Гельб И. Е., 1982: 37).

Ошентип, белгилердин геометриялык формасы – сүрөттөрдүн схематизацияланышынын жыйынтыгы болуп саналат.

Бардык байыркы жазууларда (шумер, египет, кытай ж.б.) мезгилдин өтүшү менен сызыктык, курсивдик формалар өнүккөн.

Мындай схематизацияланган сүрөттөр, анын ичинде сызыктык формалар кыргыздарда да болгон.

Ч. Лоукотка байыркы пиктограммалар т.а., схематизацияланган сүрөттөр адатта сүйлөм менен бериле турган окуяны чагылдырган дейт. Ошентип, ар бир сүрөт адатта бир сүйлөмгө туура келген (Лоукотка Ч., 1950: 20).

Логограммалар ар кандай жолдор менен жасалат. И. Е. Гельб белгилүү бир даражада кытай сөздүк белгилеринин традициялык классификациясы менен ээрчишкен алты ар кандай түргө бөлөт. Аларды түрлөргө так бөлүштүрүү мүмкүн эмес, анткени айрым белгилер дароо эле бир нече топторго кириши мүмкүн.

Биринчи үч түрү – эң жөнөкөй жана табигый ыкмалар менен жасалат жана бардык жөнөкөй жазууга чейинкилерде кездешет.

Эң биринчи ыкма нерселерди жана кыймыл-аракетти предметтердин сүрөттөрү жана предметтердин айкалышып келиши менен берет.

Экинчиси, ассоциативдүү ыкма, «выражают слова, связанные с первоначальными рисунками по ассоциации значений» (Гельб И. Е., 1982: 101). Мисалы, эң алгач күн - түздөн-түз күндүн тартылган сүрөтү менен берилсе, бул ыкма боюнча экинчи мааниси – жарык жана күн (день) дегенди түшүндүрөт.

Үчүнчү түрү – чийме белгилер, булар алгачкы сүрөттөргө такыр туура келбейт, ар кандай геометриялык фигуралардан түзүлөт (И. Е. Гельб, 1982: 104).

С. Ибрагимов мезгилдердин өтүшү менен пиктографиялык сүрөттөр символикалык маанини же, башкача айтканда, жалпы түшүнүктөрдү билдирүү үчүн колдонула баштагандыгын маалымдап, мындай мисалдарды келтирет: башы ылдый караган жылан – өлүмдү, жаа жебеси менен – согушту, эки кошулган жүрөк – сүйүүнү, эки

чаташкан жылан – коркунучту билдирет. Идеографияга өтүү ушинтип башталат дейт окумуштуу (2002: 60).

Пиктографиялык жазуу палеолит жана мезолит доорунда эле колдонулуп, кийинчирээк идеографиялык жазуу келип чыккандыгы окумуштуулар тарабынан белгиленип келет. Мисалы, Ө. Осмонов пиктографиялык жазуу палеолит доорунда эле пайда болгондугун айтса, В. В. Плоских мезолит доорунда болгондугун маалымдайт. К. Сарткожаулы соңку палеолит жана мезолит доорунда Борбордук Азияда жашагандар пиктографиялык жазууну колдонушкандыгын, кийинчерээк алар шарттуу белгилерди ойлоп табышкандыгын айтып, ушундан улам логографиялык жазуу келип чыккан дейт.

Пиктографо-идеографиялык жазуу менен аткарылган байыркы египет жазуусунун үлгүсү катары фараон Нармердин шифер тактайчасындагы жазуу эсептелет (Кодухов В. И., 1979:162). Аны советтик египтолог Б. А. Тураев чечмелеп окуган. Андагы байыркы идеографиялык жазууну анализдөө анын сүрөт менен пиктографиянын базасында келип чыккандыгын көрсөткөн.

Идеографиялык жазуунун сүрөт менен пиктографиядан келип чыккандыгы өзгөчө конкреттүү нерселерди («үй», «адам», «суу») сүрөттөөдө ачык көрүнөт. Мисалы, египет идеографиясында жана шумер клинописинде тоо деген түшүнүк ортосунда өрөөн же капчыгай жайгашкан эки тоонун сүрөттөлүшү менен, суу түшүнүгү – толкунду элестеткен толкундуу сызык менен, күн түшүнүгү (шумер, ошондой эле кытай иероглифинде) точкасы бар тегерек менен сүрөттөлөт. Пиктограммадан идеограмманын келип чыгышы байыркы жана кечки кытай идеограммаларында ачык көрүнөт; бул өзгөчө күн, тоо, ит, балык, көз иероглифтеринен даана байкалат (Кодухов В. И.,1979:162).

С. Ибрагимов жазуунун бул доорунда пиктограммалардын элестүү образдары аздан жоголуп, өтмө же жаңы маанилерди түшүндүрө баштайт дейт (Ибрагимов С., 202: 60).

Ошентип, пиктографо-идеографиялык жазуу акырындык менен колдонуудан чыгып, анын ордун логографиялык (идеографиялык) жазуу ээлеген. Бул жазуу пиктографиялык жазууга караганда өнүккөн жазуу болгон. Логографиялык жазуу зарылдыктан келип чыккан. Бул тууралуу В. И. Кодухов мындай дейт: «Оно *(автордо идеографиялык жазуу – Г. Ж.)* возникает тогда, когда возникают государства, нуждающиеся в письме для управления и учета государственного и храмового хозяйства, для записей законов и культовых текстов» (Кодухов В. И., 1979:160).

С. Ибрагимов жазуу байыркы мамлекеттердин түзүлүш доорунда жазууга жана анын жеткиликтүү мазмунда болушуна айрыкча муктаждык келип чыккандыгынан пайда болгондугун маалымдайт. Идеографиялык жазуунун чыгышын да окумуштуулар ушуну менен түшүндүрүшөт. Ошондуктан өткөн доорлордо идеографиялык белгилердин саны эле көбөйүп отурбастан, алардын жазылышы да жөнгө салынып отурган (Ибрагимов С., 2002: 60).

Ошентип, «идеографиялык жазууда» ой сүрөттөр аркылуу берилбестен, сөздөрдүн маанилерине ылайык түшүнүктөрдү билдирүүчү шарттуу белгилер (идеограммалар же логограммалар) аркылуу берилген.

С. Ибрагимов идеографиялык жазуунун алгачкы доoруна Байыркы Египет жана Байыркы Чыгыштын кээ бир өлкөлөрүндө, маселен Кытайда колдонулган иероглификалар кирерин белгилейт (2002: 61).

С. Ибрагимов жаңы белгилер ар түрдүү жол менен, анын ичинде белгилерди өз ара айкаштырып жазуу аркылуу да берилгендигин белгилейт. Мисалы, б.з.ч. 3-кылымда пайда болгон Кытайдагы жазуунун иероглификалык системасында «адам» менен «дарак» иероглифтерин айкаштырып жазуу менен «дем алуу» деген түшүнүк келип чыккан. **Идеограмма,** демек мазмунду, **сөз маанисин билдирет, ...ал тийиштүү ойдун же сөздүн шарттуу белгисине айланат** дейт С. Ибрагимов *(белгилеген – Г. Ж.)* (2002: 60-61).

**Сөздүк-муундук жазуу (словесно-слоговое письмо).** С. Ибрагимов идеографиялык жазуу өнүгүп отуруп сөздүн маанисин гана эмес, анын уңгу, мүчөлөрүн да түшүндүрө баштаган дейт. Окумуштуу, натыйжада, сөздүн тыбыштык өзгөчөлүгүн билдире турган идеограммалар пайда болгондугун, мисалы, азыркы кытай жазуусу дал ушул принципке негизделгендигин маалымдайт. Окумуштуу: «Бул өзгөчөлүккө ылайык идеографиялык жазууда тыбыштык жазууга (тыбыш-белги) өтүүнүн айрым элементтери бар», – дейт. Окумуштуу идеографиялык жазуунун төмөнкүдөй артыкчылыктарын белгилейт: 1) идеографиялык жазуу оозеки билдирүүнүн мазмунун тиешелүү деңгээлде толук жана так бере алат; 2) бул жазуу сөздүн маанисин гана эмес, башка сөзгө карата мамилесин билдирүүгө жөндөмдүү; 3) анын өзүнө жана жалпыга таанымал белгилери бар (Ибрагимов С., 2002: 61). Ошону менен катар эле окумуштуу идеографиялык жазуунун кемчиликтерин белгилейт.

Аталган жазуу пиктографиялык жазууга караганда туруктуу болгон. Логограммалардын бир түрү **иероглифика** пайда болгон.

Айрым окумуштуулар түрк рун жазуусунун прототиби пиктографиялык жана идеографиялык жазуу деп эсептешет. Убагында В. Томсен арамей теориясын сунуштаган, эки жазуудагы тең айрым бир белгилердин формаларына, оңдон солго карай жазылышына көңүлүн бурган, ошону менен бирге эле тамгалардын формаларынын идеографиялык өзгөчөлүктөрүн белгилеп чыккан. Е. Д. Поливанов белгилердин сырткы формасын жана ички маанисин изилдеп, байыркы түрк рун жазуусу идеограммалардан келип чыккан деп далилдеген. Бирок белгилерди талдоодо ал мурунку теориясынан алыстап кеткен. А. Ж. Эмре жогорудагы Е. Д. Поливановдун идеясын андан ары улантып, рун жазуулары идеограммалардан келип чыккан деген.

К. Сарткожаулы бул пикирди өтө баалуу деп эсептейт. Бирок, окумуштуулардын колунда бул теорияны далил-

деген ишенимдүү фактылар жок дейт К. Сарткожаулы (2012: 23).

## Логографиялык жазуунун тарыхы. Логографиялык жазуу байыркы кыргыздардын орнаменттеринде

### Орнаменттин байыркы тарыхы. Өнүгүү эволюциясы

Логографиялык жазуу байыркы кыргыздарда болгон. Ал кыргыздардын орнаменттеринде, оюуларында сакталып калган. Төмөндө сөз мына ушулар тууралуу болмокчу.

Кыргыз улуттук оюуларын изилдеп, С. В. Иванов орнаменттин акырындык менен калыптангандыгын белгилеген, **ал кыргыз орнаменти «включает в свой состав как более ранние, так и поздние элементы и испытывает на себе влияние тех народов, с которыми киргизы и их предки входили в разное время в соприкосновение»** (Иванов С.В., 1959: 64), -дейт.

Сибирь элдеринин орнаментин изилдөөдө С. В. Иванов анын бир нече типтерин бөлүп чыккан жана алардын тамыры коло дооруна, ал түгүл неолит дооруна барат деген (Иванов С. В., 1961).

Төмөндө Сибирь элдеринин орнаментикасынын байыркы тарыхына көз чаптыралы.

**Неолит доору.** С. И. Вайнштейндин маалыматы боюнча Тыванын түндүк-чыгышында Саян тайгасындагы суунун жана көлдүн жээктеринде неолит доорунда эле аңчылар жана балыкчылар жашашкан. Алар балыкчылык үчүн чогулуучу Тоджа көлү – тывалыктардын чарбасы жөнүндө гана эмес, искусствосу тууралуу бизге маалыматтарды жеткирди. Бул тууралуу пиктографиялык жазуу тууралуу сөз болгондо айтылган. Неолит керамикасына сүрөттөрдөн тышкары *геометриялык жөнөкөй фигуралар, балаты, кашаа* түрүндөгү сызыктардан турган оюулар түшүрүлгөн (Вайнштейн С. И., 1974: 14).

**Окунев маданияты.** Б.з.ч. II миң жылдыктын башталышында Түштүк Сибирдин басымдуу бөлүгүндө окуневдик маданияттын уруулары жашашкан. Окуневдик маданияттын өкүлдөрү неолит доорундагы орнаменттерди өркүндөтүшкөн. Аларга *штамп, түз сызыктар, тордомолуу оюулар* ж.б. кирет (Вайнштейн С. И., 1974: 14). Бул маалыматтар оюулардын тарыхы тереңде экендигин айтып турат.

**Андронов маданияты.** Андроновдук маданият тушунда б.з.ч. II миң жылдыкта Миң-Суу ойдуңунда жана андан ары Уралдын алдына чейин андронов маданиятынын уруулары жашашкан. Булардын маданияты окуневдик маданияттан айырмаланган. Андронов маданиятынын алып жүрүүчүлөрү ал жерде жашашпаса да, Сибирь элдеринин орнаментикасына олуттуу өзгөртүү киргизишкен. Чопо идиштерге *геометриялык орнаменттер түшүрүлгөн. Алар - орнаменттик бурчтар, үч бурчтуктар, ийри-буйру сызык (зигзаг), чарчы (квадраттар), ромбдор, Г-образдуу фигуралар, кресттер, свастика* ж.б. түшүрүлгөн.

Коло доорунда орнаменталдык комплекс керамика боюнча белгилүү болгон. Бирок орнамент адегенде чопо идиштерде эмес, кийимдерде жана кайыңдын кабыгынан жасалган буюмдарда колдонулган. Вайнштейндин билдирүүсү боюнча мындай орнаменттер хакастарда дээрлик толугу менен сакталган.

**Карасук маданияты.** Б.з.ч. II миң жылдыктын аягында Түштүк Сибирде, Казахстанда жана Монголияда карасук маданияты таралган. Тывада бул маданияттан эстеликтер аз санда кездешет (Полторацкая В. Н.). Карасук доорунда металлургияда ири жетишкендиктер болгон. Мында металл куюу абдан өнүккөн. Бул *доордо буюмдар геометриялык оймолор менен коюздолгон,* кээде айбанаттардын баштарынын фигуралары куюлган коло бычактар жасалган. Бул Тывадан табылган эстеликтер аркылуу маалым.

**Скиф-сибирдик искусство.** Б. з. ч. I миң жылдыктын башында Евразия талааларында жаңы көчмөн-малчылар пайда болгон. Алар аябагандай зор территорияны – Кара деңиздин алдынан Борбордук Азияга чейинки жерлерди ээлешкен. Ушундан баштап «в великом степном поясе Евразии почти три тысячи лет господствовали кочевники. Один из наиболее интересных ярких и самобытных этапов в истории их искусства связан с начальным периодом становления кочевничества – скифским временем (VII-III вв. д. н. э.)» (Вайнштейн С. И., 1974, 18).

Ошентип, эбегейсиз Евразия талааларында скиф-сибирь искусствосу кеңири тараган. С. И. Вайнштейн: «Сөзсүз, бул жерлерде көчмөндөр басымдуулук кылган, бирок отурукташкан жана жарым отурукташкан калк да болгон» (1974: 18), - дейт. Скиф-сибирь искусствосуна мүнөздүү жалпы белгилерден тышкары, жергиликтүү спецификалык өзгөчөлүктөр да болгон. Мисалы, мындай өзгөчөлүк тигил же бул жаныбарлардын басымдуу сүрөттөлүшүнөн, көркөм ыкмалардан, орнаменталдык мотивдерден ж.б. көрүнгөн. Ошондуктан скиф-сибирь искусствосунда, өзгөчө айбанаттар стилинде, анын локалдуу «стилдери» бар экендиги окумуштуулар тарабынан көп ирет белгиленип келет. Мисалы, Н. М. Членова анын батыш, **миң-суулук** *(белгилеген – Г. Ж.)* жана алтай стилдери тууралуу кеп кылат (1967: 123).

Скиф-сибирдик икусстводо алтай варианты болгон, ал жалаң гана Алтайда эмес, ошондой эле Тывада, Монголияда, Казахстанда жана башка райондордо кеңири таралган. Албетте, скиф-сибирдик искусство кыргыздарга да түздөн-түз тиешелүү.

Аталган жерлерде жашаган уруулардын маданияты казылган дөбөлөрдөн табылган материалдар аркылуу белгилүү болгон. Мисалы, В. В. Радловдун жана С. И. Руденконун жана С. П. Грязновдун абдан чоң Алтай дөбөлөрүн изилдөөлөрү ал жерлерде скиф-сибирь искусствосунун баалуу эстеликтери сакталып калгандыгын

көрсөткөн. Бул тууралуу С. И. Вайнштейн мындай дейт: «...благодаря образовавшимся под каменными насыпями ледяным линзам сохранились почти в первозданном виде бесценные сокровища скиф-сибирского искусства, в том числе выполненные из таких сравнительно недолговечных материалов, как **кожа, дерево, кость, войлок»** *(белгилеген – Г. Ж.)* (Грязнов М. П., 1950; Руденко С. И., 1953; 1960; Вайнштейн С. И., 1974: 19).

Ошентип, скиф-сибирь искусствосунун баалуу эстеликтери, өзгөчө көпкө сакталууга мүмкүн болбогон кийиз, тери, жыгач сөөктөн жасалган буюмдары муз катмарларында күнү бүгүнкүдөй сакталып турган.

Скиф доорундагы талаа малчыларынын искусствосунда орнаменталдык искусство өнүккөн жана кийин Евразия көчмөндөрүнүн орнаментикасынын өнүгүшүнө таасирин тийгизген.

Жогоруда сөз кылган Сибирь элдеринин орнаментика боюнча тарыхынын кыргыздарга да түздөн-түз тиешеси бар. Тарыхый маалыматтар боюнча кыргыздардын уруу катары түзүлүү мезгили афанасьев маданиятынан башталган жана алар андронов, карасук ж.б. кийинки маданият доорлорун баштарынан өткөрүшкөн. Демек, аталган доорлордогу орнаментика тарыхынын байыркы кыргыздарга түздөн-түз тиешеси бар.

## Хакасия орнаменттери

### Таштык маданиятындагы орнаменттер (б.з.ч. I миң жылдыктын ортосу – б.з. V к.)

**Таштык маданиятындагы орнаменттер жана алардын кийинки орнаменттерде сакталышы.** В. Л. Кызласовдун маалыматы боюнча Таштык маданиятына тиешелүү 109 топурак күмбөз, 58 сагана (склеп), 24 таштык маданиятынан кийинки күмбөздөр, 7 кыштак (поселение), 31 өлгөндү эскерүүгө арналган курмандык чалуу комплекси («жертвеннопоминальный комплекс») изилденген (Кыз-


ласов В.Л., 1960: 156). Материалдардын көпчүлүгүн *чоподон жасалган идиштер* түзөт. 1155 идиштин ичинен 50% тей – фрагменттер[74]. Орнаменталдык буюмдардын башка категориялары (жыгач, кайың кабыгынан жасалган, сөөктөн жасалган буюмдары жана бет кап) аз санда – 57 (Караңыз: Кызласов Л. Р., Король Г. Г., 1990: 13-14).

Түштүк Сибирь элдеринин тарыхында жана маданиятында **гунн-таштык доорунун мааниси «равносильно значению античности для западной цивилизации»** *(белгилеген – Г.Ж.),* – дешет Л. Р. Кызласов, Г. Г. Король (1990: 15). Бул пикир кыргыздарга да түздөн-түз тиешелүү деп эсептейбиз, б.а. кыргыз элинин тарыхында жана маданиятында гунн-таштык доорунун мааниси өтө зор.


Таштык орнаменти, негизинен, *геометриялык*. Басымдуу бөлүгү (80 %) – *түз сызыктуу мотивдер*. Чопо идиштердеги орнаменттер салыштырма-типологиялык методдун жардамы менен 6 типке бөлүнгөн (Кызласов Л. Р., Король Г. Г. (1990: 16).

**I таблица: *Керамикадагы таштык таштык орнаментинин типологиясы***

## I (а) таблица




## I (б) таблица



***I (а)-таблица, I (б)–таблица.*** *Керамикадагы таштык орнаменттери (Караңыз: Кызласов Л. Р., Король Г. Г., 1990: 16-17).*

Бул орнаменттер Енисейдин оң жана сол жээктеринде кеңири тараган жана алар туруктуу мүнөзгө ээ болгон. Ушуну менен бирге Л. Р. Кызласов, Г. Г. Король орнаменттин өнүгүшүндөгү эки өзгөчөлүктү белгилешет.

**1.** Орнаменттин типтери барган сайын кыскара баштаган. Бул аталган маданияттын өнүгүшүнүн кийинки баскычтарында анын ар түрдүү элементтеринин текшиленүүсү, мурдагысынан жакшыруусу менен түшүндүрүлөт. Л. Р. Кызласов белгилегендей: «С каждым этапом культуры характер орнаментации упрощался, сокращалось число видов техники нанесения, мотивов и типов орнамента» (Кызласов Л. Р., 1960).

Бирок маданияттын өнүгүшүнүн ар бир кийинки баскычындагы орнаменттердин мүнөзү мурункулар менен түздөн-түз байланышта болгон. IV Камешков этабынын эрте мезгилиндеги мотивдердин сакталып калышы «подтверждает генетическое развитие всей культуры на протяжении более пяти веков» *(I таблицаны караңыз – Г. Ж.)* (Кызласов Л. Р, Король Г. Г., 1990: 17).

Г. Г. Королдун маалыматы боюнча андан ары IV-X кк. орнаменттерин карап көргөндө, аларда орнаментациянын жалпы белгилеринин өзгөргөндүгүнө карабастан, таштык маданиятынын акыркы мезгилиндеги белгилер сакталып калгандыгы белгилүү болгон.

Мурунку орнаменталдык мотивдер жана композициялар VI-X кк. кайыңдан жана жыгачтан жасалган турмуш-тиричилик буюмдарында сакталган, бирок бизге чейин жеткен жок. Ал эми азыркы хакастарда дал ушундай кайыңдан жана жыгачтан жасалган буюмдарда таштык мезгилиндегидей байыркы архаикалык кейиптеги орнаментация жашайт (Король Г. Г., 1979: 16-19).

**2.** Экинчи өзгөчөлүгү – Енисейдин оң жана сол жээгиндеги орнаменттин типтеринин таралышында айырмачы-

лыктардын бар экендиги. Бул таштык маданиятынын куралышына катышкан уруулардын этностук жактан айырмалуу болгондугуна байланыштуу болгон. Оӊ жана сол жээктерде этностук жактан ар башка этностор жашаган. Таштык тибиндеги орнаменттердин композицияларын жана мотивдерин изилдөөнүн негизинде аталган маданияттын куралышына келгин этностор да таасирин тийгизген болуу керек дешет Л. Р. Кызласов, Г. Г. Король. Булар негизинен – Тыва *(Китепте Тува деп берилген – Г.Ж.)* жана Түндүк Батыш Монголия, азыраак – Байкалдын ары жагы (Забайкалье), токой-талаага жакын батыш жана түндүк-батыш райондору. Мүмкүн, гунндардын жоортуулдарынын улам келгиндердин, ошондой эле жергиликтүү уруулардын бир нече ирет жайгашуусу болсо керек деп болжолдонот (1990: 20).

Ошондой болсо да келгиндердин таасири бирдей болгон эмес. Таштык орнаменттеринин бардык жактарын изилдеп көргөндө «...на правом берегу Енисея было значительно меньше влияние пришлых племен и менее пестрым был их состав» (Кызласов Л. Р., Король Г. Г., 1990: 20). Андан ары авторлор: «В силу этого потомки местных тагарцев сыграли значительную роль в создании таштыкской культуры» (1990: 20), - дешет.

Енисейдин оӊ жээгинде байыркы кыргыздардын жашагандыгы белгилүү. Демек, байыркы кыргыздар таштык маданиятынын куралышында маанилүү роль ойношкон. С. В. Киселев: «Рассматривая таштыкские материалы, мы нашли в них ряд форм, сохранившихся и позднее, среди кыргызских древностей. Эта преемственность подтверждается и собственно кыргызскими вещами» (Абакан, 1951: 32), - дейт.


Албетте, келгин уруулар да таштык маданияттын калыптанышына салым кошушкан, ошондой болсо да этностук биримдиктин негизи жергиликтүү эл болгон. Жогоруда айтылгандар, албетте, ошол жерде жашаган кыргыздарга түздөн-түз тиешелүү.

**Таштык орнаментинин комплекстери.** Таштык орнаментинин комплекстери архаикалык жана кечки деп экиге бөлүнөт.

**I Архаикалык.** ***Буга I, II, III типтеги керамикадагы жана башка буюмдардагы орнаменттердеги мотивдер*** кирет, көптөгөн композициялардын тамыры коло дооруна, айрымдары неолит дооруна барат (Киселев С. В., 1949, № 9).

С. В. Киселев таштык керамикасында эң эле байыркы формалар чыгылдырылып көрсөтүлгөндүгүн белгилейт: «Разнообразие форм и видов орнамента как раз и отличает таштыкскую посуду, богато отразившую все достижения предшествующего времени» (Киселев С.В., 1949, № 9, 239). Бул композициялардын мотивдери архаикалык, ал эми композициялары оригиналдуу жана таштык маданиятына мүнөздүү деп эсептелет.

**II Кечки.** Буга ***IV, V типтеги керамикадагы жана жыгачтагы, ошондой эле VI / 1 тибиндеги жыгачтагы орнаменттер*** *(Караңыз: № I таблица– Г. Ж.)* кирет. Бардыгы – кыйшык сызыктуу орнаменттер. Ал Түштүк Сибирдин территориясына, ошону менен бирге Хакас-Миң-Суу ойдуңунун чегинен тышкары (Алтайда, Тывада, Түндүк Монголияда) эрте темир доорунда пайда болгон. Ал гунн доорунда кеңири тараган, ошондой эле башка территорияларга, анын ичинде таштык мезгилинде Хакас-Миң-Суу ойдуңуна сүңгүп кирген ***(II таблицаны караңыз)***.




**II таблица.** Жыгачка, кайыңдын кабыгына жана сөөккө түшүрүлгөн таштык буюмдарындагы орнаменттер (Караңыз: Кызласов Л. Р., Король Г. Г., 1990: 20).

**Хакастардын орто кылымдардагы искусствосу (IV-X кк.)** Бул мезгил енисейлик этностук топтордун саясий биригүүсүнүн жана Хакас-Миң-Суу ойдуңу территориясындагы феодалдык мамлекеттердин жаралуу жана гүлдөө доору, хакастардын *(кыргыздардын – Г. Ж.)* Борбордук Азиянын саясий аренасына чыгуу мезгили – эки түштүк Сибирь археологиялык маданияты - чаатас (VI- IX к. ортосу) жана тюхтят (IX к ортосунан –X к.) маданиятынын гүлдөгөн мезгилине туура келет (1981; 1981; 1984).

## Чаатас маданиятындагы орнаменттер (VI к. – XI к. ортосуна чейин)

**Чаатас маданиятындагы орнаменттер.** Чаатас маданиятына тиешелүү 92 көрүстөн жана бир кыштак, *300 металлдан жасалган буюмдар* жана *135 чопо идиштер* (анын ичинен 50 % и фрагменттер) изилденген (Король Г. Г., 1981). Кайыңдын кабыгынан, сөөктөн жана жыгачтан жасалган буюмдар аз санда (алар 12). Жалпы иликтенген буюмдардын (447 нуска, унутулуп калган конуштардан табылган керамикадан жасалган буюмдарды эсепке албаганда) ичинен 32,2 % күтүлбөгөн

табылгалар (Кызласов Л. Р., Король Г Г., 1990: 14).

**III (а), (б) таблица:** ***Чаатас маданиятындагы идиштердеги орнаменттин типологиясы***

**Таблица III (а)**





**Таблица III (б)**




**Караңыз:** 1 – орнаментин штампталган тилкелери; 2 – оюп жасалган сызыктар; 3 - орнаментти түшүрүүдөгү техниканын бир бөлүгү (Кызласов Л.Р., Король Г.Г., 1990: 36).

**Чаатас маданиятынын эстеликтери.** Чаатас маданиятынын эстеликтерин изилдөө XIX кылымдын экинчи жарымынан башталган. А. В. Адрианов жана Д. А. Клеменц биринчи болуп «чаатас» дөбөлөрүн (курганы) бөлүп көрсөтүшкөн (Адрианов А. В., 1886, 1988: 149). 1915-1916-жылдары Тывадагы X-XI кылымдардагы эстеликтер А. В. Адрианов тарабынан казылган. 1955-жылы Л. Р. Кызласов тарабынан бир кыйла казуулар жүргүзүлгөн, ал чаатас жана тюхтят маданиятынын датасын койгон жана сүрөттөп берген (1964: 1978: 1983).

XX кылымдын 20-30-жылдарында маданият эстеликтерин казуу С. А. Теплоухов, Л. А. Евтюхова, С. В. Ки-

селев, В. П. Левашева жана М. М. Герасимов тарабынан жүргүзүлгөн. Бир катар иштерде чаатас маданиятынын орнаментация маселесине да орун берилген.

**Копён чаатасынын** дөбөлөрүн иликтөө абдан баалуу маалыматтарды берген. С. В. Киселев жана Л. А. Евтюхова предметтерге орнамент түшүрүү техникасын, айрым мотивдердин келип чыгышын, айрым мотивдердин тарыхын (мисалы, *тогоолордогу гүл формаларынын келип чыгышын, бир катар зооморфтук оюулардын* башатын, жергиликтүү тургундардын мурунку маданияты менен байланышкан стилистикалык өзгөчөлүктөрүн жана алардын жергиликтүү эрте көчмөн искусствосу менен тамырлаш экендигин) ж.б. изилдешкен (1939; 1940).

**Енисей кыргыздарынын искусствосу.** Л. А. Евтюхованын 1948-жылы жарык көргөн эмгегинде байыркы хакастардын **карапа кол өнөрчүлүгү,** анын мурунку мезгилдеги маданият менен генетикалык байланышы каралган. «Енисей кыргыздары (хакастар)» (1949: № 9) деген бөлүктө карапа кол өнөрчүлүгү, карапага орнамент түшүрүү техникасынын, формасынын жана башкалардан айырмаланган өзгөчө орнаментациясынын келип чыгышы каралган.

Темир усталардын бардык түрдөгү буюмдары менен катар эле С. В. Киселев **металл жасалгаларын, ат жабдыктарына тиешелүү ар кандай шаймандарды,** алардын формаларын, аткаруу техникасын изилдеген. Орнаменттин мотивдерин жана сюжетин «Енисей кыргыздарынын искусствосу» деген бөлүктө караган жана мындай жыйынтыктарга келген:

- байыркы хакас искусствосунун көп белгилеринин генетикалык өнүгүүсү, укумдан-тукумга мурас болуп өтүүчүлүгү (преемственность) жана традициялуулугу, өзүнүн келип чыгышы боюнча жергиликтүү калктын ошондой эле Түштүк Сибирь урууларынын узак мезгилди камтыган мурунку тарыхы менен байланыштуулугу;

- байыркы хакастардын эрте орто кылымдык искусствосунун түзүлүшүнө тийген тышкы таасирлер (ирандык, кытайлык);

- байыркы хакас искусствосунун башка элдердин маданиятына жана искусствосуна тийгизген таасирлери (1949, № 9).

Демек, байыркы кыргыздардын искусствосунун, анын ичинде байыркы кыргыз орнаменттеринин тарыхы тереңде. Кыргыз орнаменттери ички жана тышкы булактар аркылуу байып, тынымсыз өнүгүүдө болгон. Кыргыз орнаменттери муундан-муунга берилип отурган жана хакастардын орнаменттеринде сакталып калган. Байыркы кыргыз орнаменти менен хакастардын орнаменттеринин генетикалык теги бир.

## Тюхтят маданиятындагы орнаменттер (IX – X кк.)

**Тюхтят маданияты.** Тюхтят маданиятына тиешелүү 102 көрүстөндүн табылгалары жана эки шаар борбору иликтенген. Алардын ичинде металл буюмдар (1227), керамика (13 нуска), кайыңдан жана сөөктөн жасалган предметтер (7) бар. Алардын 70 %и – кокусунан табылгандар (Кызласов Л. Р., Король Г. Г., 1990: 14).

Л. А. Евтюхова жана С. В. Киселевдун эмгектеринде IX-X кк. орнаменталдык искусствого (Тюхтят «казынасы», кокусунан табылгандар) атайын орун берилген. Эмгекте VI-VIII кылымдарда эң бийик деңгээлге жеткен байыркы хакас усталарынын буюмдары бардык Саян-Алтай бөксө тоолоруна кеңири тарагандыгы белгиленет. Материалдын чачкындыгы жана аз сандуулугу, дөбө комплекстеринде даталардын коюлбагандыгы С. В. Киселевго IX-X кк. оюуларды толугу менен изилдөөгө мүмкүнчүлүк берген эмес, ал байыркы хакастардын прикладдык[74] искусствосунун өнүгүшүндөгү кийинки этапты гана белгилеген (Кызласов Л. Р., Король Г. Г., 1990: 11).


В. П. Левашеванын Хакас-Миң-Суу ойдуңунун байыркы тарыхына кайрылган эмгегинде байыркы хакас

орнаментациясына да орун берилген. Автор XI-X кк. кокусунан табылган материалдардан мисалга келтирген, *антропоморфдук жана зооморфдук символдук белгилерге* көңүл бурган, т.а. эрте орто кылымдык искусствонун стилистикалык өзгөчөлүктөрүн *(шарттуулук, схемалуулук)* көрсөткөн (1939: 19-21).


Тюхтят орнаментинин ар түрдүү мотивдерине *геометриялык* орнаменттер, *өсүмдүк* жана *зооморфдук* орнаменттер кирет (төмөнкү таблицаны караңыз: I, II, III, Л. Р. Кызласов, Г. Г. Король, 1990: 98-100).

***Тюхтят маданиятындагы металл буюмдарындагы орнаменттердин типологиясы (IV, V, VI таблицалар)***


***IV таблица***



## V таблица




## VI таблица




(Кызласов Л. Р., Король Г. Г., 1990: 98, 99, 100).

## Хакас орнаменттеринин байыркы кыргыздардын орнаменти менен байланышы

Байыркы кыргыз искусствосу менен хакастардын искусствосу абдан тыгыз байланышта экендиги окумуштуулар тарабынан белгиленип келет.

Мисалы, С. В. Киселев биринчи жолу бир канча этнографиялык материалды пайдаланып, хакастардын азыркы искусствосун байыркы кыргыз искусствосу менен байланыштуу деген жыйынтыкка келген (1949: 349).

1973-жылы Л. А. Евтюхованын эмгегинде Саян-Алтай дөңсөөсүндөгү эрте орто кылымда жашаган калктын искусствосундагы эң эле орчундуу чыгармаларга баяндама берилген (1973).

Я. И. Сунчугашевдин эмгегинде байыркы хакастардын металл буюмдарындагы орнаментация каралган жана биринчи жолу айрым мотивдердин семантикасы жөнүндө кеп козголгон. Я. И. Сунчугашев археологиялык материалдын, енисей жазма эстеликтеринин, фольклордун, этнографиялык материалдын негизинде солярдык символикаларга түшүндүрмө берген. Миң-Суу музейинде сакталган тюхтят маданиятынын айрым жасалгалары биринчи ирет жарыяланган (1979).

Т. Арне өзүнүн 1914-жылы жарык көргөн эмгегинде Европанын икусствосуна таасир эткен эрте орто кылымдардагы чыгыш орнаменталдык мотивдерди кароодо орто азиялык, чыгыш азиялык ж.б. материалдар менен катар эле IX-X кк. түштүк сибирь жасалгалары пайдаланган (Л. Р. Кызласов, Г. Г. Король, 1990: 11).

Хельсинки Улуттук музейинде, айрымдары Миң-Суу музейинде сакталып турган Хакас-Миң-Суу жергесиндеги тюхтят маданиятына тиешелүү орнамент түшүрүлгөн курлар жана жүгөндүн тогоосу (бляшка) тууралуу Н. Феттихтин венгр талаалыктарынын орто кылымдардагы искусствосуна арналган эмгегинде (1937) айтылган.

Б. И. Маршак Копён чаатасынан табылган идиштердин орнаменттерин караган (1971: 56). Ал биринчи болуп

конкреттүү материалдардын негизинде талаа элдеринин искусствосунун калыптанышына согду искусствосунун тийгизген таасирин көрсөтүп берген.

Евразия талаа көчмөндөрүнүн орнаментациясындагы жаңы стилди Г. А. Федоров-Давыдов белгилеген (1976: 61-83). Ал зооморфдук стилге караганда өсүмдүктөр стилинин кеңири жайылгандыгын жана анын жаңы орнаменталдык искусстводогу ачык-айкын, таасирдүү үлгүлөрдүн бири экендигин белгилеген. Ал өзгөчө чыгыш, атап айтканда, түштүк сибирь искусствосунун батыш икусствосунан айырмачылыгын белгилеп көрсөткөн .

Мына ушундай илимий маалыматтар жана археологиялык казуулардан табылган маданият эстеликтериндеги факты-материалдар кыргыз орнаментинин тарыхы тууралуу даректүү маалыматтарды берет жана алардын хакастардын орнаменттери менен тыгыз байланышын, генетикалык жактан бир экендигин далилдеп турат.

Хакастардын орнаменттеринде сакталган кыргыз сөздүк (логографиялык) жазуусу атайын изилденүүгө муктаж.

## Байыркы хакас (кыргыз) орнаменттеринин этнографиялык параллелдери

**Байыркы хакас (кыргыз) орнаменттериндеги негизги комплекстер.** Л. Р. Кызласов, Г. Г Король байыркы хакас (китепте ушундай берилген, бирок биздин оюбузча, байыркы хакас дегенди – байыркы кыргыз деп түшүнүү керек, бул тууралуу төмөнкү эмгекти карыңыз: Т. Жаманкулова, 2014, 1-т., 291-301) орнаменттеринде төмөнкүдөй негизги комплекстер бар экендигин белгилешет: *I – архаикалык; II – байыркы; III – эрте орто кылымдык; IV – орто кылымдык* (1990:177). Төмөндө сөз мына ушулар тууралуу болмокчу.

***I жана II комплекстеги оюулар.*** Л. Р. Кызласов, Г. Г. Королдун маалыматы боюнча VI-X кылымдардагы


I жана II комплекстеги оюулардын башаты - *таштык маданиятына* барып такалат, чаатас маданиятында аталган комплекстеги оюулар басымдуулук кылат, ошондой эле байыркы хакастардын археологиялык маданиятынын бардык мезгилинде өзүнүн жашоосун сактайт.

***Орнаменттеги архаикалык комплекс.*** Биринчи комплекстин мотивдеринин башаты тамыры менен *коло дооруна* барат. Ал эми таштык мезгилинен кийин бул комплекстин керамикадагы жана бир аз металлдагы белгилүү мотивдеринен сырткары кайыңдын кабыгынан жана жыгачтан жасалган жашоо-тиричиликке байланышкан буюмдарда жашоосун сактап келет. Этнографиялык хакас орнаментинде так эле ушул материалдарда (өзгөчө жыгачка оймо салуу) архаикалык комплекс абдан кеңири берилген. Мисалы, кайыңдын кабыгына жана жыгачка оюулуп түшүрүлгөн үч кырдуу-оюк техникасы (1972: *2-сүрөт)* сырткы көрүнүшү боюнча таштык идиштериндеги туурасынан коюлган тар бурчтуу орнаментке окшош (Л. Р. Кызласов, Король Г. Г., 1990: 177).



**1-сүрөт.** Картоев улусундагы туз салгычка түшүрүлгөн хакас орнаменти. XIX кылымдын ортосунда Тахтараков тарабынан жасалган (сеөк хызыл хая) (Караңыз: Л. Р. Кызласов, Король Г. Г.*, 1990: 178).*

Архаикалык комплекстин мотивдери азыркы хакастардын жыгачка оймо салуусунда кеңири колдонулат *(2, 3-сүрөттөр).*





2-сүрөт 3-сүрөт

**2-сүрөт.** XIX к. геометриялык оюусу бар хакас жыгач кутучасы (ММ, № 3126); **3-сүрөт.** *XIX к.* геометриялык оюусу бар хакас жыгач кутучасынын каптал жагы (ММ, № 3124) (Караңыз: Л. Р. Кызласов, Король Г. Г., 1990: 178).

Архаикалык мотивдер жыгачты калай менен инкрустациялоодо[78] (*4-сүрөт*); металлды гравюралоодо[79] (*5-сүрөт*); хакас саймаларында (*6-сүрөт*) кездешет (Кызласов Л. Р., Король Г. Г., 1990: 178-179).





4-сүрөт 5-сүрөт 6-сүрөт

**4-сүрөт.** *XIX к.* геометриялык оюу түшүрүлгөн калай жана жез капталган хакас тамеки мүштөгү, ММ, № 408, 409, 417, 425); **5-сүрөт.** XIX к. металлга оюу түшүрүлгөн ортосуна ташы бар хакас шакеги (ММ, № 7188-5); **6-сүрөт.** Хакас көйнөгүнүн сайmalанган жеңинин кайырмасы (улус Усть-Чуль; Хакас НИИЯЛИ архиви, № 636, 4-табл.)(Караңыз: Л. Р. Кызласов, Король Г. Г., 1990: 178-79).

Хакастардын орнаментин изилдеген И.К.Кидюкованын пикири боюнча бул мотивдер, анын ичинде ***тамбур***[80]

***тигиши*** да, азыркы хакас орнаментиндеги эң эле байыркы мотивдер (1971: 188).


Хакас орнаментинде ар түрдүү мотивдердин айкалышы бир композицияда эле (кездемеде, жыгачта, металлда) кездешкен учурлары бар, мындай көрүнүш таштык, ошондой эле байыркы хакас орнаментинде да учурайт. ***Түз сызыктуу геометриялык хакас орнаментинин тамыры коло дооруна*** барат дешет Л. Р. Кызласов, Г. Г. Король. Ал эми *байланыштыруучу звенолору болуп таштык жана байыркы хакасты ичине камтыган орнаменталдык искусствонун өнүгүү этаптары* болуп эсептелет. Ушуну менен бирге азыркы хакас орнаментинин *ушул түрлөрүнүн айрым бир жактары (техника, композиция) өзүнүн башаты боюнча б. з. I-V кылымына барат* деп болжолдонот (1990: 180).

***Түз сызыктуу мотивдерди*** өзгөчө белгилөө керек, алардын башаты болжолдуу түрдө IV (орто кылымдардагы) комплекске барат - *туташ ромбдордон, үч бурчтуктардан* турган айрым курлар, кээде бул элементтер *тегерек* формада болот (1990: 180) *(Жогорудагы 5-сүрөттү караңыз)*.

Өзүнүн тышкы кейпи боюнча бул дагы азыркы хакас орнаментинин түз сызыктуу мотивдеринин тобуна кирет, бирок, Л. Р. Кызласов, Г. Г.Король белгилегендей: «...но происхождение их позднее, что составляет особенность этой группы, в целом имеющей более древнее происхождение» (1990: 180). Экинчи өзгөчөлүгү - *«теше оюлган»* (прорезная) орнамент салуу. Металлдагы хакас оюуларынын мындай традициясы аскиз маданиятынын кечки этабындагы ыкмалардын уландысы болуп эсептелет.


**Байыркы орнамент комплекси.** Буга кыйшык сызыктуу мотивдер кирет: *эшилме сызык (спираль), волюта*[81]*, «кочкор мүйүз» жана арка түрүндөгү* ж.б. мотивдер (1990: 181). Бул мотивдер Хакас-Миң-Суу жергесинде биздин замандын чегинде пайда болду. Окумуштуулар азыркы хакастардын орнаментиндеги

аталган комплекстин пайда болушун так ошол мезгилге алып барышат. Ушуга окшогон оюулар орто кылымдарда андан ары өнүгүүгө ээ болгон. Хакас орнаментинде алар металлга (*7-сүрөт*) түшүрүлгөн, өзгөчө саймада (*8-сүрөт*) кеңири колдонулган (1990: 181). Саймадагы орнаментте ***«кочкор мүйүз»*** (*9-сүрөт*) өзгөчө орунда турат.



7-сүрөт

**7-сүрөт.** *XIX к. хакас темир үзөңгүсүнүн бут койгучунун күмүш менен инкрустацияланган тышкы жагынын көрүнүшү (ККМ) (Л. Р. Кызласов, Король Г. Г., 1990: 179).*





8-сүрөт 9-сүрөт

**8-сүрөт.** *XIX к. хакас саймасы (ММ, № 1723-3 (Караңыз: Л. Р. Кызласов, Король Г. Г., 1990: 180);* **9-сүрөт.** *XIX к. хакас саймасы (ММ, №1724-6 (Кызласов Л.* Р., Король Г. Г., *1990: 180).*

Мындай мотив таштык орнаментинде эле болгон, ошондой эле орто кылымда да белгилүү эле. Орнаменталдык искусстводогу ушул мотив тараган бардык Сибирь элдеринин ичинен хакастарда гана сырткы кийимге орнамент түшүрүүдө далынын таноосундагы (вытачка[82]) оюулар ар тарапка буралган ***эшилме сызык*** (спираль) менен аяктайт (Историко- этнографический атлас Сибири. – М., Л., 1961, 240-303; Кызласов Л. Р., Король Г. Г., 1990: 181).

***«Кочкор мүйүз»*** Орто Азияда жана Сибирь элдеринин орнаментациясында абдан кеңири тараган мотив болуп эсептелет. Анын жаратылышы тууралуу ар кандай пикирлер бар. Айрым окумуштуулар аны кочкордун реалдуу мүйүзүнүн элесин берет дешсе (Петри Б. Э., 1918:54), башкалары - дарактын чет жактарындагы жуп куштун стилизациясы (Шнейдер Е. Р., 1927) дешет.

Л. Р. Кызласов жана Г. Г. Королдун пикиринде бул абдан кызыгууну туудурат, анткени: «ал өсүмдүк орнаментациясынын үстөмдүгү мезгилинин издери» (1990: 182). Бул этапты Евразия элдерининин искусствосу орто кылымдарда баштарынан өткөрүшкөн. **Бир гана Енисейде «кочкор мүйүз» мотиви «прослеживается вплоть до таштыкской древности»** *(белгилеген – Г. Ж.)* (1990: 182).

Демек, «кочкор мүйүз» мотиви адегенде Енисейде, т.а. енисейлик кыргыздарда таштык маданияты мезгилинде болгон. Биздин пикирибизде, «кочкор мүйүз» мотиви - анын реалдуу мүйүзүнүн элеси болуп эсептелет.

Хакас орнаментинде ***«толкундуу сызык»*** (бегущая волна) абдан кеңири тараган мотивдерден (1990: 182, 1-сүрөт). Бул мотивдин жаратылышы да байыркы болуп эсептелет.

Л. Р. Кызласов жана Г. Г. Король Хакас орнаментиндеги кездешкен ***«арка түрүндөгү мотив»*** (арочный мотив) Хакас-Миң-Суу ойдуңунда таштык мезгилинде эле пайда болгондугун белгилешет, азыркы учурда хакас орнамен-

тинде кездемеде жана металлда кездешет *(Жогорудагы **5-сүрөттү** караңыз)*.

Ошентип, азыркы хакас кыйшык сызыктуу орнаменттин түпкү теги негизинен байыркы хакас орнаментинин II комплексине барып такалат. Айрым бир мотивдердин түпкү теги болсо IV комплекске барары болжолдонот. Бул көбүнчө өсүмдүк мүнөзүндөгү элементтери (стилизацияланган жаш бутак) бар кыйшык сызыктуу мотивдер же өсүмдүк орнаментациясына мүнөздүү ***дарак формасындагы композиция*** (Кызласов Л. Р., Король Г. Г., 1990: 181, *10-сүрөт*). Д. А. Клеменц хакас орнаменти канчалык байыркы болсо, ошончолук анда ***эшилме сызык*** (спираль) жана ***«эки кабат волюта»*** орнаменттери көбүрөөк экендигин белгилейт. Ал: «... ***эшилме сызык*** (спираль) айрым бир кошумча нерселер менен түрлөнөт, өсүмдүктөрдүн жалбырактарын жана гүлдөрүн тууроо аракеттери байкалат, бирок негизги тема – жалпак эшилме сызык – оңой көзгө урунат», - дейт (Караңыз: Клеменц Д. А., 1889: 46-47; Кызласов Л. Р., Король Г. Г., 1990: 182) *(7, 11-сүрөттөрдү караңыз)*.



10-сүрөт



11-сүрөт

**10-сүрөт.** Хакас саймасынын үлгүсү (Верхняя Тёя улусу; Хакас НИИЯЛИ архиви, № 636, 21-табл. (Караңыз: Кызласов Л. Р., Король Г. Г., 1990: 180); **11-сүрөт.** Хакас саймасынын үлгүсү (Улус Илиморов; Хакас НИИЯЛИ архиви, № 638, 9-табл.) (Караңыз: Кызласов Л. Р., Король Г. Г., 1990: 182).

**Орнаменттеги эрте орто кылым комплекси.** Эрте орто кылымдарда пайда болгон жана XIII-XIV кк. да кеңири тараган мотив - ***чырмалышкан жаш бутак*** хакастардын

абдан жакшы көргөн оюусу. Ал ар кандай даражадагы стилизацияга ээ – *«геометриялык кейиптен жакшы иштелген жалбырактарга жана гүлдөргө чейин»*. Бул оюунун башаты орто кылымдагы байыркы хакас орнаментинин III комплексине - эрте орто кылымга барат (Кызласов Л. Р. жана Король Г. Г., 1990: 183) (*12-сүрөт*).

Айрым кыйшык сызыктуу мотивдердин тамыры да аталган комплекске барат. Мисалы, төмөнкү мотивдер: сөөк буюмдардагы *жарым айлана түрүндөгү* (циркульные узоры) оюулар (1963: 468), *металлдагы розеткалар*[83], *жыгачтагы* оюулар, ошондой эле «...на перламутровых бляшках для нагрудных украшений пого, в вышивке (Кызласов Л. Р., Король Г. Г., 1990: 183) (*13, 14-сүрөттөр*).





12-сүрөт 13-сүрөт 14-сүрөт

**12-сүрөт.** Хакас саймасынын үлгүсү (Улус Илиморов; Хакас НИИЯЛИ архиви, № 636, 9-табл.; **13-сүрөт.** Хакас саймасынын үлгүсү (ММ, № 1723-1); **14-сүрөт.** Хакас саймасынын үлгүсү (Улус Б. Сыры; Хакас НИИЯЛИнин архиви, № 636, л.5). (Кызласов Л. Р., Король Г. Г., 1990: 180-181).

Тамеки тарта турган мүштөктүн ящикчелери төрт жалбырактуу гүлдүү розеткалар менен жасалгаланган, жыгачка калай инкрустацияланып, тамеки тарта турган мүштөктөрдү кооздоп турат *(Жогорудагы 4-сүрөттү караңыз)*.

Байыркы кыргыз орнаменти менен азыркы хакас орнаментинин байланышы хакастардын азыркы жүгөндөрүнүн жана ээрлеринин комплектисинен көрүнөт. Бул тууралуу С. В. Киселев: «Изучение современных уздечных и седельных наборов хакасов показывает,

что до настоящего времени излюбленным украшением плоских нарементных блях из светлых сплавов является гравированный рисунок цветка, совершенно анологичный кёпенским», - дейт, мына ушинтип, ушулардын өзү «являются одной из нитей **«связывающих современное искусство хакасов с их киргизской древностью** *(белгилеген – Г. Ж.)* (Киселев С.В., 1949: 349) *(Жогорудагы № 7-сүрөттү караңыз).*

***Гүл розеткалары*** өсүмдүктөр орнаментине өтүү процессиндеги өтмө баскыч болуп эсептелет, анын башаты орто кылымдардагы хакас оюуларынын III комплексине барат (Кызласов Л. Р., Король Г. Г., 1990: 183).

Л. Р. Кызласов, Г. Г. Королдун маалыматы боюнча байыркы өсүмдүктөр орнаментинин негизги элементтери – *үч жалбырактуулар, пальметтер* дээрлик өзгөрүлбөгөн боюнча металл буюмдарында жана саймаларда сакталган.

Мисалы, XVII-XVIII кк. күмүш топчулардагы – *«чыгып келе жаткан күндүн картинасы»* орнаменти. Бул - хакастардын IX-X кк. орнаменталдык искусствосунда пайда болгон *«алоолонгон берметтин бир бүртүгү»* («пламеняющяя жемчужина») мотивинин хакастар тарабынан чыгармачылык менен иштелип чыккан мотиви. Тюхтят жасалгаларындагы оригиналдуу вариант хакас топчуларындагы төрт жалбырактуу розеткаларга окшойт (Кызласов Л. Р., Король Г. Г., 1990: 185).


Өсүмдүктөр мотивдерин түзгөн композициялар өзүнүн чыгыш теги боюнча эрте орто кылымдарга да таандык экендигин белгилешет Л. Р. Кызласов, Г. Г. Король. Булар: *крест образындагы фигуралар, бөлүктөргө бөлүнүп кеткен пальметтер* (*11-сүрөт, 15-17-сүрөттөр); бөлүктөргө бөлүнүп кеткен пальметтерден турган созулган фигуралар түрүндөгү дарак сымал композициялар* (*18-19-сүрөттөр*), *сөңгөгү жана буралган жалбырактары бар «дарак»* (*20-21-сүрөттөр*)*; жүрөк формасындагы жабык жана жарым жабык фигуралар (22-24-сүрөттөр*).



15-сүрөт



16-сүрөт



17-сүрөт



18-сүрөт



19-сүрөт



20-сүрөт



21-сүрөт



22-сүрөт





23-сүрөт 24-сүрөт

Жогоруда тиркемедеги **11-сүрөттү** караңыз; **15-сүрөт.** Хакас саймасынын үлгүсү (улус Илиморов; Хакас НИИЯЛИнин архиви, № 636, 7-табл.); **16-сүрөт.** Хакас саймасынын үлгүсү (улус Б.Сыры; Хакас НИИЯЛИнин архиви, № 639, л. 17); **17-сүрөт.** Хакас саймасынын үлгүсү (улус Чарков; Хакас НИИЯЛИнин архиви, № 639, 5-сүрөт), **18-сүрөт.** Хакас саймасынын үлгүсү (улус Илиморов, Хакас НИИЯЛИнин архиви, № 636, 6-табл.); **19-сүрөт.** Хакас саймасынын үлгүсү (улус Б.Сыры; Хакас НИИЯЛИнин архиви, № 639, л.3); **20-сүрөт.** Хакас саймасынын үлгүсү (улус Устинкин;, Хакас НИИЯЛИнин архиви, № 639, 2 табл.); **21-сүрөт.** Хакас саймасынын үлгүсү (улус Б.Сыры, Хакас НИИЯЛИнин архиви, № 639, л. 3); **22-сүрөт.** Хакас саймасынын үлгүсү (улус Илиморов; Хакас НИИЯЛИнин архиви, № 636, 6-табл.); **23-сүрөт.** Хакас саймасынын үлгүсү (улус Илиморов; Хакас НИИЯЛИнин архиви, № 636, 7-табл.); **24-сүрөт.** Хакас кол кабынын саймасы (Усть-Богородск; Хакас НИИЯЛИнин архиви, № 636, л. 9) (Караңыз: Кызласов Л. Р., Король Г. Г., 1990: 178-185-бб.).

Кыскасын айтканда, эрте орто кылымдарда пайда болгон дарак сымал структуралардын бардык тобу хакастардын элдик орнаменттеринде кездешет.

Аскиз орнаменттеринин келип чыгыш өзгөчөлүктөрүнөн улам Л. Р. Кызласов, Г. Г. Король ошол доордогу жергиликтүү калктын тилинде геометриялык кейиптеги элементтер өсүмдүктөрдүн аттары менен аталгандыгын белгилейт.

Кездемедеги этнографиялык өсүмдүктөр орнаменти абдан татаал көрүнөт. Аны өсүмдүктөр орнаменти деп атоого болот дейт Л. Р. Кызласов, Г. Г. Король (1990: 185). И. К. Кидиекова бул орнамент таштык мезгилинде ушул

территорияда таралган жөнөкөйрөөк, так геометриялык кыйшык сызыктуу орнаменттен келип чыккандыгын, орнаменттин андан кийинки татаалданышы колдонулган материалдын жана орнаментациянын техникалык ыкмаларынын өзгөрүшү менен байланыштуу дейт (1971: 192).

Этнографиялык орнаменттеги өсүмдүктөр мотивинин, композицияларынын келип чыгышы эрте орто кылымдагы III комплекске (IX-X кк. абдан кеңири таралган) барып такалат. «Хронологически мотивы бытуют вслед за средневековым (IV) этапом развития орнамента, когда господствовал геометрический стиль, а растительные мотивы имели геометризованный рисунок» (1990: 186), - дешет Л. Р. Кызласов, Г. Г. Король. Алардын ою боюнча IX-X кк. өсүмдүк оюуларында схематизация тенденциясы башталып, X-XIV кк. ишке ашкан жана ал башка материалдардагы орнаменттерге таасирин тийгизбей койгон эмес.


Л. Р. Кызласов, Г. Г. Королдун пикиринде өсүмдүктөр мотивинин келип чыгуу процесси И. К. Кидиекова ойлогондон алда канча татаал. Алар ага таштык мезгилиндеги кыйшык сызыктуу оюулар менен этнографиялык өсүмдүктөр оюуларынын ортосунда эки чоң этап: өсүмдүктөр стилиндеги, андан соң геометриялык белгисиз болсо керек дешет. «Развиваясь из последнего, растительный этнографический орнамент имел в своей основе традиции первого, сохранявшиеся и при господстве геометрической орнаментации в аскизной культуре» (1990: 186).

Байыркы хакас орнаментинин III комплексине зооморфтук мотивдер да кирет. Элдик искусстводо айрым куштардын, балыктардын, жаныбарлардын сүрөттөрү (изображения) кездешет. Мисалы, ар түрдүү зооморфтук сүрөттөр – чылдырмандарда (бубен) (*25-сүрөт*), - аттар жыгач оюуларында, саймаларда, балык жана куштар – металлды гравюралоодо (*26-сүрөт*) кездешет, ошон-

дой эле жаныбарлардын жана куштардын сүрөттөрү XVII-XIX кк. хакас аска композицияларында белгилүү (Иванов С. В., 1954: 595, 602-беттеги 48-сүрөт; Кызласов Л. Р., Леонтьев Н. В., 1980).



25-сүрөт



26-сүрөт

**25-сүрөт.** Хакастык шаман (XIX к. аягы) (ММ, Островскийлердин коллекциясы); **26-сүрөт.** *XIX к. ортосундагы хакас күмүш шакеги (Синявино улусу) (Кызласов Л. Р., Король Г. Г., 1990: 186).*

Ошентип, азыркы хакас орнаменти боюнча тарыхый жактан калыптанган үч комплекс-катмарды бөлүүгө болот: *I түз сызыктуу; II кыйшык сызыктуу; III өсүмдүктөр катмары.*

Төмөндө мына ушул үч катмарды карап көрөлү (Кызласов Л. Р., Король Г. Г., 1990: 187):

***I катмар*** [түз сызыктардын кесиндилеринен турат (*1-3, 6-сүрөттөр*)] тамыры менен коло дооруна барат, таштык мезгилиндеги орнаменттерде, чаатас маданияты мезгилинде кеңири колдонуу традициясына ээ болгон, андан кийинки мезгилдерде да белгилүү болгон. Азыркы хакас орнаментиндеги өзгөчөлүк – башаты аскиз маданиятына, т.а., байыркы хакас орнаментинин IV комплексине (орто кылымга) барат.

***II катмардын*** элементтери таштык маданиятында пайда болгон, андан кийинки мезгилдерде өнүгүүгө ээ болгон жана кыйшык сызыктуу өсүмдүктөр орнаментинин жайылышына стилистикалык негиз болуп берген. Бул катмардын өзгөчөлүгү да - ага орто кылымдардагы өсүмдүктөр орнаментинин геометризацияланышынын жыйынтыгында пайда болгон мотивдердин киргендигинде (*7 - 10-сүрөттөрдөгү караңыз*).

***III катмардын*** башаты (*11-24-сүрөттөрдөгү оюулар*) эрте орто кылымдардагы чаатас жана тюхтят маданияттарынын орнаменттерине барат. Андагы иконографиялык деталдар мотивдерге ботаникалык түр берет, бул кийинки таасирлер менен байланыштуу. Анын жаратылышынын өзгөчөлүгү – айрым оюулардын геометриялык катары кабылданышы болуп эсептелет (1990: 187).

Ошентип, азыркы хакас элдик орнаментинин алардын байыркы тарыхы менен байланыштуулугу жана анын өнүгүшүндөгү биринин артынан бири келүүчүлүк күмөн туудурбайт.

Хакас орнаментинин өнүгүшүндөгү белгиленген жогорку катмарлар анын өнүгүү процессинин татаалдыгын жана ар кылдуулугун көрсөтүп турат. Орнаменттин өнүгүү процессинде эндогендик процесстерден тышкары экзогендик процесстер да чоң роль ойногон. Орнамент элдердин эрте жана кечки байланыштарын көрсөтүү менен абдан баалуу тарыхый булак болуп эсептелет (Иванов С. В.,1963: 40).

С. В. Иванов сибирь элдеринин ар бир орнаментинде негизги жана көмөкчү типтери болорун көрсөткөн (1961: 376). *Төмөнкү таблицаны караңыз.*





**Таблица.** 1 – саян-алтай (II) тиби; 2 – орто сибир тиби (III); 3 –түштүк сибир тиби (X).

Биринчи катмардын мотивдерине саян-алтай (С. В. Ивановдуку боюнча - II), II жана III катмардын мотивдери – түштүк сибирдик (С. В. Ивановдуку боюнча - X) типтер хакас орнаменттеринде басымдуулук кылат.

Л. Р.Кызласов, Г. Г. Король: «Зная историю сложения этнографического хакасского узора, учитывая, что в основе его лежат выяленные комплексы древнехакасского орнамента, можно проследить этнографические параллели последнего и наметить наиболее вероятные связи древних хакасов с предками других народов, нашедшие отражение в орнаменте» (1990: 188), - дешет.

Алар байыркы хакас орнаменти (ошондой эле таштык – анын эки комплексинин негизи жана башаты катары) Орто Азия жана Казахстан элдеринин: кыргыздар казахтар, каракалпактардын орнаменттери менен жакын параллелдери бар дешет.

Алар өзгөчө ушуга байланыштуу кыргыз орнаменттерин бөлүп көрсөтүшөт. Л. Р. Кызласов, Г. Г. Король: **«Наибольший интерес представляет в этой связи к и р г и з с к и й орнамент. В нем представлены различные мотивы, входящие в I-III слои хакасского орнамента»** *(белгилеген – Г. Ж.)* (1990: 188), – дешет.

Кыргыз орнаменттери жана анын байыркы тарыхы тереңден изилденүүсү зарыл. Бул биздин тарыхыбыздын, колдонгон жазууларыбыздын такталуусуна жардам берет.

*Пальметтер, жарым пальметтер, крест сымал жана мүйүз мотивдери, чырмалып өсүүчү жаш бутак* ж.б. камтыган комплекс көбүрөөк тараган. С. В. Ивановдун пикири боюнча ал IX-XII кк. калыптанган (Иванов С. В., 1959: 62-63). Ал көп элдерде: казахтарда *(С. В. Ивановдо ушундай берилген - Г. Ж.),* өзбектерде, тажиктерде, каракалпактарда, түркмөндөрдө, башкырларда тараган. Азыркы кыргыз орнаменттери хакастардын жана якуттардын орнаменттерине жакын, анын параллелдери буряттардын, Алтай жана Тыва элдеринин искусствосунда бар (Кызласов Л. Р., Король Г. Г., 1990: 189).

Сибирь жергесинде этнографиялык параллелдер абдан даана көрүнөт: байыркы хакас орнаменттериндеги I жана II комплекстин мотивдери дээрлик бардык жерлерде, III комплекс – анча-мынча, IV комплекс – түрк тилдүү жана монгол тилдүү элдердин орнаменттеринде кездешет. Бул - бардык элдердин орнаменттери составы жагынан бир түрдүү эмес экендигин, алар ар кандай тарыхый мезгилдерде түзүлгөн бир нече типтер менен берилерин көрсөтүп турат (Иванов С. В.,1961: 375).

**Азыркы кыргыз орнаменттеринин хакас орнаменттерине жакындыгы.** Азыркы кыргыздардын орнаменттери хакас жана якут орнаменттерине жакын дешет Л. Р. Кызласов, Г. Г. Король (1990: 188). Ошондой эле анын параллелдери буряттардын, Алтай жана Тыва элдеринин искусствосуна да жакын. Бул эртерээк тарыхый доорлордо жогорудагы орнаменталдык комплекстердин

түзүлүү мезгилиндеги байланыштарды далилдеп турат. Бул абдан кызыктуу дейт Е. И. Махова, «так как, ... особого сходства в материальной культуре киргизов и хакасов нет» (1959: 57).

Биз эрте тарыхый доорлордогу орнаменталдык комплекстердин түзүлүү мезгилиндеги байланыштарды тереңден изилдөөгө алып, байыркы бабаларыбыз колдонушкан орнаменттерди, оюуларды талдап, алардын байыркы кыргыздарга таандык өзгөчөлүктөрүн таап чыгып, аларды колдонуу доорлорун тактап, семантикасын терең анализге алып иликтөө иштерди жүргүзүүнү колго алуу зарыл.

Байыркы кыргыз орнаменттерин азыркы кыргыз орнаменттери менен салыштырып, алардын байланыштарын ачып чыгуу дагы атайын изилдене турган маселелерден.

## Тыва орнаменттери

### Тывалык орнаменттердин кыргыздык жаратылышы

Түштүк сибирь урууларынын орнаментикалык искусствосу Алтайда, алгачкы көчмөндөрдүн орнаменттерининин үлгүлөрү Тывада табылган. Тывадагы жүздөгөн дөбөлөр (курганы) өткөн кылымдын 20-жылдарынан изилдене баштаган. С. А. Теплоухов, ошондой эле С. И. Вайнштейн, А. Д. Грач, М. Х. Маанай-оол ж.б. иликтешкен.

С. И. Вайнштейндин Тыванын жашоочуларынын орто кылымдык искусствосуна арналган эмгегинде (1974) «кыргыздардын» искусствосуна обзор берилген. Л. Р.Кызласов, Г. Г. Король: «Краткий обзор искусства «кыргызов» дан в книге С. И. Вайнштейна посвященной средневековому искусству населения Тувы» (Кызласов Л. Р., Король Г. Г., 1990: 12), - дешет.

С. И. Вайнштейн кыргыздардын искусствосуна обзор берип жатып, анын өз алдынчалыгын, жергиликтүү традицияларын жана аларда учураган ар түрдүү сырткы таасирлерди (батыш, ошондой эле чыгыш) белгилеген.

Л. Р. Кызласов, Г. Г. Король С. И. Вайнштейндин предметтердин, атап айтканда, алтын копён идиштеринин чет өлкөлүк чеберлер тарабынан жасалган деген жыйынтыгына макул эмес. Алардын пикири боюнча, жасалгалардагы чыгыш ыкмаларынын басымдуулугу тууралуу анын аргументтери ишенимсиз. Алар деталдарды дыкаттык менен иликтөө, искусстводогу традициялардын мааниси жана тарыхый шарттар бул жасалгалардын жергиликтүү өнөрпоздор *(кыргыздар тарабынан – Г. Ж.)* тарабынан жасалган деген С. В. Киселевдун пикирин ырастады дешет (1990: 12). Ошентип, Тывадагы орнаменттер кыргыз усталары, өнөрпоздору тарабынан аткарылган.

## Скиф мезгилиндеги орнаменттер

С. И. Вайнштейндин айтуусу боюнча Түштүк Сибирь урууларынын скиф мезгилиндеги орнаменттик искусствосу Тывадагы эрте көчмөндөрдүн орнаменттеринин үлгүлөрүнөн көрүнөт.


Тывада башка комплекстер менен кошо эле Саглы-Бажы II жана Казылган көрүстөндөрү (могильник) казылган. А. Д. Грач Саглы-бажыдагы бийик тоодогу көрүстөндөн түбөлүк тоңдо миңдеген жылдар бою бузулбай сакталган жыгачтан, булгаарыдан, кийизден, кездемеден жасалган буюмдарды тапкан.

Скиф мезгилдеги орнаменттик искусствого мүнөздүү элементтер катары төмөнкүлөр эсептелет (1974: 27).

***Геометриялык мотив*** (мурунку доордон сакталган**)**. Өзгөчө – *ийри-буйру сызык (зигзаг)*. Мындай геометриялык оюусу бар керамикалык идиш Хендерге көрүстөнүнөн, жыгач тарак Казылган-А көрүстөнүнөн, чопо идиш Турандын жанындагы дөбөдөн (курган) ж.б. табылган (1974: 27). С. И. Вайнштейн бул табылгалар Казылган маданиятына таандык деп эсептейт.

***Өсүмдүктөр мотиви*** – розеткалар жана *ар түрдүү чырмалышкан оймолор* үзөңгүлөрдө, териден жана кийизден жасалган буюмдарда кездешет. Мисалы, *көп*

*жалбырактуу розетка* түрүндөгү (ГЭ, колл. № 5131; В. В. Полторацкая, 7-9-сүрөттөр) тогоо (бляшка) Кокель (Вайнштейн С. И., 1966, табл. X, 2-сүрөт) жана Туран-IVтөн табылган. Тогоолорду коосдоодо *толкун, S-түрүндөгү мотивдер* колдонулган (1974: 27).



**Куюлган коло тогоолор:** 1, 2 – Кызыл көрүстөнүнөн; 3, 6 – Казылган-А көрүстөнүнөн табылган (С. И. Вайнштейндин казуу иштери. 1974: 27).

## Гунн-сармат мезгилиндеги орнаменттер

Гунн-сармат мезгилинде Тыванын жергиликтүү урууларында прикладдык искусство өнүккөн. Алар керамиканы чапталган жана чийки чоподон сыгып чыгарылган орнаменталдык оюулар менен кооздошкон, жыгачтан жасалган буюмдарды *көркөм оюу жана түр, коздук (роспись)* менен капташкан, алтындан жана колодон зер буюмдарды жасашкан. Алар кийизди билишкен жана андан жасалган буюмдарды *оюулар жана аппликациялар* менен кооздошкон (1974: 39). Тыванын аскаларында гунн-сармат мезгилиндеги көптөгөн петроглифтер сакталып калган.

## Сыын-Чюрек прикладдык искусствосу

Сыын-чюректүк прикладдык искусство Тыванын ар кайсы райондорунан табылган. Өзгөчө Кокель көрүстөнүндө төрт жүздөн ашуун жыгачтан жасалган *идиштер, алтындан, колодон, сөөктөн жасалган зер буюмдар* болгон (Вайнштейн С. И., 1962; 1974: 39).

Сыын-чюректүктөр жыгачтан жасалган буюмдарды коооздоодо *геометриялык мотивдерди* колдонушкан, алар: *«шеврон, туташтыруучу ромбдор*[75]*, ийри-буйру оюу (зигзаг), кыйшык сетка* и др.» (Вайнштейн С. И., 1974: 42).

Кокель көрүстөнүндө табылган буюмдарда кээде *геометриялык оюулар зооморфтук мотивдер* менен айкалышкан (Вайнштейн С. И., 1974: 44).

Ошондой эле калкып *учуп жүргөн куштун сүрөтү* Тывадан тышкары Миң-Суу ойдуңундагы таштык маданиятынан, Байкалдын ары жагындагы аскадагы эстеликтерден улам маалым болгон.

## Түрк доорундагы орнаменттер

Тыванын искусствосундагы маанилүү этап байыркы түрк доору менен байланыштуу. Археологиялык жана башка булактар түрк доорунда Евразия талааларындагы малчы-көчмөн урууларынын маданияты өздөрүнө мүнөздүү спецификалык этно-маданий өзгөчө белгилерге ээ болушкандыгын көрсөткөн. Бул өзгөчө ат ***жабдыктарындагы, курал-жарактардагы, зер буюмдардагы*** орнаменттерден көрүнгөн. Байыркы түрк зергерлери ***ат жабдыктарын, сөйкөлөрдү, шакектерди, курлардын таралгаларын*** (бляхи) ж.б. кооздошкон. Байыркы түрктөрдүн орнаменталдык оюулары ар түрдүү болгон.

Сөөктөн жана жыгачтан жасалган буюмдарга түшүрүлгөн эң жөнөкөй мотивдерден *(тегерек, ортосунда нокоту бар тегерек, ийри-буйру оюу (зигзаг), үч бурчтук, өрмө оюу ж.б.)* башталып, *өсүмдүктөр оюусу,* андан тышкары дагы татаал оюулар колдонула баштаган. Эң кеңири та-

ралганы: *төрт жалбырактуу жана сегиз жалбырактуу розеткалар, өрмө оюу, крест түрүндөгү, мүйүз түрүндөгү фигуралар, эшилме сызык (спираль), тегерек, борборлош тегеректер, толкун, ийри-буйру оюу (зигзаг)* ж.б. (Вайнштейн С. И., 1974: 64). Ошентип, түрк доорунда орнаментикада ***штамп, тегерек, спираль*** басымдуулук кылган.

## Кыргыз доорундагы кыргыз орнаментикасы

IX кылымда Борбордук Азия талааларында кыргыздар эң күчтүү мамлекет түзүшкөн. Кыргыздардын абдан өнүккөн прикладдык искусствосу болгон. Кыргыздардын прикладдык искусствосу кыргыздардын түпкү мекен болгон Миң-Суу ойдуңунан, ошондой эле Тывадан, Монголиядан жана б.з. I миң жылдыгынын аягында кыргыздар кирип барган башка райондордо жүргүзүлгөн археологиялык казууларда табылган материалдардын негизинде иликтенген. Кыргыз искусствосу Евразия талааларындагы мурунку доорлордогу көчмөн малчылардын айрым бир көркөм традицияларын сиңиришкен. Бул тууралуу С. И. Вайнштейн: **«Во многих отношениях самобытное искусство кыргызов впитало в себя некоторые художественные традиции кочевых скотоводов евразийских степей предшествующих эпох** *(белгилеген - Г. Ж.)* (1974:74), - деген.

Мындан тышкары кыргыз искусствосу Алдыңкы Азиянын, өзгөчө сасаниддик Ирандын, ошондой эле Чыгыш Азиянын күчтүү таасирин баштан өткөрүшкөн (1974: 74; Киселев С. В., 1951: 624-626).

Кыргыз өнөрпоздору кийимдерге, ат жабдыктарына, алтын жана күмүш идиштерге ар түрдүү оюуларды түшүрүшкөн. Бул тууралуу С. И. Вайнштейн мындай дейт: «Кыргызские мастера искусно ***отливали, штамповали и выковывали*** *(белгилеген – Г. Ж.)* замечательные украшения для одежды и конской упряжи, декорировали посуду из серебра и золота. ...Орнаментальные компози-

ции, использовавшие кыргызами для декорировки металлический изделий, отличались ***сложными, пышными*** **и** ***замысловатыми*** *(белгилеген – Г. Ж.)* формами» (Вайнштейн С.И., 1974: 74). Ошентип, кыргыз усталарынын орнаменталдык композициялары татаалдыгы, кооздугу жана маанилүүлүгү менен айырмаланып турган.

С. И. Вайнштейндин маалыматы боюнча кыргыз орнаментикасында ***өсүмдүктөр мотиви*** (жалбырактары жана гүлдөрү бар чырмалып өсүүчү жаш бутактар) маанилүү ролду ойногон. Көп учурда оюулар *зооморфтук мотивдер* менен кошумчаланган. Декоративдүү композицияларда *атчандар, ал түгүл көп фигуралуу аңчылык сценалары* кездешет. Кыргыз буюмдарында кээде жолборс, каман, лань[76], иттердин ж.б. стилизацияланган, бирок көбүнчө чындыкка жакын жана жөнөкөй сүрөттөрү (изображения) бар (1974: 74).


Металл буюмдарын инкрустациялоо үчүн алтын, күмүш, коло колдонулган. Жасалганын дагы бир түрү – ***штампталган коло рельефтери***[77]. Миң-Суу ойдуңундагы Копён дөбөлөрүн казганда абдан кызыктуу рельефтердин тобу табылган (Евтюхова Л. А., Киселев С. В., 1940; Вайнштейн С. И., 1974: 74).

Бул мезгилде ат жабдыктарын кооздоодо жаңы традициялар пайда болгон. Эгерде байыркы түрк чөйрөсүндө жөнөкөй - *штамп, тегерек, спираль* түрүндө кооздолгон металл ат жабдыктары басымдуулук кылса, кыргыз доорунда кыргыздардын ат жабдыктары *«украшены обычно очень пышным растительным чеканным узором с применением инкрустации»* (Вайнштейн С. И.,1974: 74).

Алтайда жана Евразия көчмөндөрү жайгашкан башка райондордо да ат жабдыктарынын кооздолушу жана формалары өзгөрүүгө учураган. Мисалы, «В кыргызских курганах найдены различные *металлические гравированные и инкрустированные фигурные поясные бляхи и пряжки»* (Вайнштейн С.И., 1974: 74).

Кыргыз ак сөөктөрү кооздолгон алтын жана күмүш идиштерди колдонушкан. Буга С. В. Киселев жана

Л. Евтюхова Миң-Суу ойдуңундагы Копён дөбөлөрүнөн табышкан табылгалар мисал боло алат, «*...в частности золотое блюдо с очень пышным узором, нанесенным тончайшей чеканкой*» (Евтюхова Л. А., Киселев С. В., 1940, 53-сүрөт, 6-табл.). Бул татаал жана абдан кооз идиштин негизин өсүмдүк оюулары түзөт, «включавший мотивы, встречающиеся на сасанидском серебре, металлических изделиях танского Китая и на сбруйных украшениях кыргызов на Енисее и Алтае (Вайнштейн С. И., 1974: 74). С. В. Киселев бул **Копён алтын идиш жана ошол эле жерден табылган кооздолушу жагынан ага жакын алтын кумуралар жергиликтүү кыргыз өнөрпоздорунун колдорунан жасалган буюмдар** *(белгилеген – Г. Ж.)* дейт (Киселев С. В., 1951: 618).



**Чаатас маданияты.** Чеканка оюусу менен кооздолгон алтын табак (Копён, 1939, к.6) (Караңыз: Кызласов Л. Р., Король Г. Г., 1990: 72).

Кыргыздарда карапачылык да өнүккөн. Карапаларга ар кандай оюулар атайын штамптар менен түшүрүлгөн. Мисалы, керамикада *уч бурчтуктар, ромб, чарчы (квадрат), пунктир (үзүлмө сызык), балаты («ёлочка»)* ж.б. болгон.

## IX к. кыргыз прикладдык искусствосу

IX-X кылымдардагы кыргыздардын эң эле көп көрүстөндөрү азыркы Тыванын территориясында кездешкен жана кыргыз көрүстөндөрүнүн эң көбү изилденген. Длужневская Тивада: «Насчитывается около 290 погребальных и поминальных сооружений, ритуальных выкладок и «меморативных» курганов, относящихся к этому (IX-X вв.) времени (1982а)», - дейт. Анткени X кылымдан баштап кыргыздардын негизги массасы ушул жерде болгон.

IX кылымдын ортосунда жана андан кийин Тывада кыргыз прикладдык искусствосу тараган. Кыргыз буюмдары алынып гана келинбестен, ал жерде жасала баштаган. Тывадагы кыргыз дөбөлөрүнөн көп сандаган *коооздолгон металл буюмдары,* анын ичинде *жеке жасалгалар, тогоо (бляха)* жана таралгалар *(пряжки), курдун, ат жабдыктарынын деталдары* жана кыргыз искусствосунун өзгөчөлүгүн көрсөтүп турган *кыргыздардын турмуш-тиричилигине байланыштуу башка буюмдар* табылган. Мисалы, кыргыздарга мүнөздүү Батыш Тывадагы Тор-Тал-Арты көрүстөнүндө А. Д. Грач жана Л. Г. Нечаева тарабынан сырты, кырлары отко эрип калган, бирок негизги мүнөздүү өзгөчөлүгүн сактаган курдун жана ат жабдыктарынын металл жасалгалары табылган (Нечаева Л. Н., 1966: 108-142). Алардын арасында *«бляшки, искусно орнаментированные четырехлепестковой розеткой,* аналогичные найденным в так называемом Тюхтятском кладе Минусинской котловины» (Вайнштейн С. И., 1974: 75).

Байыркы кыргыз дөбөлөрүнүн Кокель көрүстөнүндө курдун жасалгаларынын арасында өзгөчө көркөмдүгү жагынан *баалуусу – курдун жез таралгасы* (бляха) болуп саналат. С. И. Вайнштейн: «Орнамент большинства блях основан на *S-видном с отростками узоре,* который получает распространение еще в среде ранних кочевников» (1974: 76), - дейт.

Алардан тышкары к***ыргыздар жыгачты, мүйүздү жана сөөктү*** тилип кооздошкон, тилекке каршы ал материалдар сакталган эмес, анткени өлүктү өрттөгөндө алар да кошо күйүп кеткен. Ошондой болсо да мындай табылгалар бар. Мисалы, Тор-Тал-Арты көрүстөнүндө сөөктөн жасалган буюмдун сыныгы (ортосунда нокоту бар эки катар тегерек борборунда жайгашкан, чет жактарын бойлото жол-жол сызык орун алган) табылган (Нечаева Л. Н., 1966: 20-*4*-сүрөт).

С. И. Вайнштейн белгилегендей (1974: 76), **кыргыз орнаменттеринин татаалдашкан, кооз композициялары, ошондой эле оюулардын айрым мотивдери Тыванын жергиликтүү урууларынын маданиятында туруктуу сакталып калган жана көптөгөн кылымдардан кийин тывалыктардын прикладдык искусствосуна кирген** *(белгилеген – Г. Ж.).*

### Жыгачка түшүрүлгөн оюулар

Жыгачтан жасалган буюмдар көчмөн турмушта кеңири колдонулган. Тывалык малчылар ***боз үйдүн эшигине, сандыкка, бешикке, сүт сакталуучу идишке, кутучаларга*** ж.б. орнамент түшүрүшкөн. Бул үчүн тывалыктар дарактын ар кандай түрлөрүн колдонушкан. Мисалы, Г. Е. Грумм-Гржимайло тывалык жыгач усталардын өтө жакшы көргөн материалы ***кара карагай*** экендигин белгилеген (Грумм-Гржимайло, 1926: 88).

Андан тышкары ***кайың*** да кеңири колдонулган. Мисалы, Е. К. Яковлев тывалыктар кайыңдын тамырынан керек-жарак буюмдардын айрым түрлөрүн жасашкандыгын (Яковлев Е. К., 1900: 90; Вайнштейн С. И., 1974: 124) белгилейт.

Тывалык малчынын боз үйүндө сандык болгон. Анда кийимдерди жана баалуу буюмдарды сакташкан. Анын алдыңкы бетине оюулар түшүрүлгөн. XIX – XX кылымдын башында колунда бар тывалыктын үйүндө мындай сандыктан кеминде экиден болгон *(1,2,3,4,-сүрөттөр)*.



1-сүрөт



2-сүрөт



3-сүрөт



4-сүрөт

**№ 1-сүрөт.** Сандыктын алдыңкы бетиндеги жасалганын бир бөлүгү. 30X18 см, жыгач, май боёк (масло) менен тартылган (Улуг-Хем, мастер Т.Монгуш (С. И. Вайнштейн, 1974: 119); **№ 2-сүрөт.** Сандыктын алдыңкы бети 59X39, жыгач, май боек (масло) менен тартылган (Эрзин, мастер С. Соян) (С. И. Вайнштейн, 1974: 119); **№ 3-сүрөт.** Сандыктын алдыңкы бетинин коөздолгон бөлүгү, 30X18 см, жыгач, май боёк, коло порошогу, лак (Сүт-Холь, мастер О. Эрестиг-оол) (Вайнштейн С. И., 1974: 115); **№ 4-сүрөт.** Сандыктын алдыңкы бөлүгү. 51X42 см, жыгач, май боёк, лак (Сут-Холь, мастер Х. Кууҗан) (Вайнштейн С.И., 1974: 115).

Тывалыктар үй-тиричилигинде ***сокуларды*** колдонушкан. Сокуларда тывалыктар дан, чай, туздарды жанчышкан. Сокулар ак кандай көлөмдө болгон. Дан үчүн сокуларды кара карагайдан чоң (бийиктиги 50-60 см), туз жана чай үчүн кайыңдан бир кыйла кичине (бийиктиги 25-30 см) жасашкан. Тулкусу кош түптүү цилиндр формасында болгон. Андан тышкары, бир кыйла сейрек,

көбүнчө Түштүк-Чыгыш Тывада банканы элестеткен да сокулар кездешет. Бул сокулар, адатта, мастерлер тарабынан жасалган (Вайнштейн С. И., 1974: 114).


Дан үчүн жасалган сокулардын биринин жогорку бөлүгү *меандр алкагы,* дагы башка сокулардын тулкусу *ийри-буйру* (зигзаг) иймек жана *тегерек* оюулар менен коодолгон (1974: 114).

С. И. Вайнштейн (1974: 114) туз жана өзгөчө чай үчүн жасалган 227 сокунун ичинен 29унда гана оюулар жок экендигин белгилейт. Сокуларда оюулар зоналык жайгашкан жана чакалардагы оюуларга караганда аларда орнаменттер ар түрдүү. Сокулардагы орнаменттерде *кыйшык сызыктуу* жана *геометриялык оюулар* айкалышып берилген. Сокуларда ар түрдүү орнаменталдык мотивдеги оюулар *(мисалы, жалпак-оюк жана жалпак-рельефдүү оймо)* орун алган. Оюлуп жасалган оймолорго көбүнчө боёк менен түр салынып, рельефдик орнаменттер ого бетер ажарына чыгып, натыйжада сокулар практикалык максатта гана эмес, тывалык үйдүн жасалгасы катары да кызмат кылган ***(5-сүрөт)***.


Ар бир көчмөндүн боз үйүнүн аялдарга тиешелүү бөлүгүндө ***жыгач идиштер*** болгон. Мындай идиштер азыр деле чабандардын үй-тиричилигинде колдонулат. Өзгөчө көп тараганы – *цилиндр формасындагы* сүт жана суу үчүн жасалган анча чоң эмес чакалар (хуунг). Мындай идиштер *оюп жасалган оймолор* менен коодолгон. Алар адатта теректен же кайыңдан жасалган, батыш райондордо түбү кайыңдын кабыгынан жасалган, ал эми чыгышта түбү өзүнчө жыгачтан жасалып орнотулган. Бийиктиги 10 – 15 жана 25 – 30 см, кенен жана жапыз, бийик жана кууш болгон. Анда суюктук куюлуучу оозу *(С. И. Вайнштейнде слив-носик деп берилген - Г. Ж.)* жана эки өйдөкү капталында жип же булгаары узун ичке кайыш өтүүчү эки тешиги бар (1974: 114). Бул оймолор менен коодолгон жыгач идиштер көчмөн турмушта колдонууга абдан ыңгайлуу болгон.

Чакалардагы коосдуктун өзгөчөлүгү – андагы оюулардын зоналык жайгашышы. Айрымдарында үч зоналык орнамент, сейрек – эки же бир зоналык орнамент. Чакаларда адатта салыштырмалуу *шеврондордон турган нууш горизонталдуу алкак, түз жана кыйшык үч бурчтуктар,* кээде *решеткалуу (өңгүл-дөңгүл), ийри-буйру сызык (зигзаг), меандра, ромб, иймек (дуга)* ж.б. орнаменттер бар (1974: 115).

Хуннгдардын орнаментинде *төрт жалбырактуу розеткалары ичтен сызылган ромбдор, алкагы жок розеткалар, бекем тартып байланган жарым ромбдуу мүйүз түрүндөгү фигуралар, горизонталдуу жайгашкан чырмалышкан орнамент* ж.б. да кездешет. Бул идиштердеги орнаменттер байыркы оюулардын традициялык мотивдерин муундан муунга өткөрүп келген (1974: 115) ***(6-сүрөттү караңыз)***. Ошентип, кыргыздар күндөлүк колдонуп жүргөн буюмдардын кандай материалдан жасалганына, колдонуу жагынан ыңгайлуулугуна жана анын көркөмдүк жасалгасына да абдан чоң маани беришкен. Албетте, ар кандай мотивдеги оюулардын семантикасы да маанилүү болгон.



5-сүрөт



6-сүрөт

**5-сүрөт.** Сокулардагы орнаменттер. **6-сүрөт.** Чакалардагы (хуунг) орнаменттер (Вайнштейн С.И., 1974: 113, 115).

## Орнамент тууралуу

### Орнаменттин негизги өзгөчөлүгү жана анын генезиси

Тыва орнаменттеринде II – саян-алтай (С. В. Ивановдуку боюнча) тиби басымдуулук кылат. Ошондой эле түштүк сибирдик – X тип бир кыйла тараган. Тывалык орнаменттерди изилдөөдө – анын үч «тарыхый-генетикалык катмары» бөлүнүп берилген: 1) башаты коло доорунан башталган *көчмөндүүлүккө чейинки катмар;* 2) – скиф жана гунн-сармат мезгилин камтыган *эрте көчмөн катмары;* 3) б.з. II миң жылдыгынын ортосунда пайда болгон *кечки көчмөн* катмарлары. Аталган катмарлардын периодизациясы жана келип чыгышынын «тамыры», негизинен, байыркы хакас орнаментинин комплекстеринин этаптарынын түзүлүүсү менен дал келет (Кызласов Л. Р., Король Г. Г., 1990: 189-190). Төмөндө мына ушул Тыва орнаменттери жөнүндө сөз болмокчу.

**Орнаменттин негизги өзгөчөлүгү, маанилери (тывалык орнаменттер боюнча).** Батыш жана чыгыш тывалыктардын орнаметтеринде бир топ айырмачылыктар бар. Батыш тывалык-малчыларда салыштырмалуу *татаал жана ачык-айкын коздук менен кыйшык сызыктуу формалар* басымдуулук кылса, ал эми чыгыш тывалыктардын орнаменттеринде майда *геометриялык оюулар* басымдуу болгон.

Батыш тывалыктардын орнаменти абдан бай, аларда формалардын ар түрдүүлүгү аябагандай көп, негизинен жүздөй негизги мотивдерге негизделген вариациялары бар, алардын бири жыгачка, экинчиси ар кандай буюмдарга түшүрүлгөн коздук (роспись), үчүнчүсү – кийизге жана металлга түшүрүлөт (1974: 145).

Айрым элементтеринин жазылыш түспөлү боюнча орнаменталдык оюулар *геометриялык, өсүмдүктөр* жана *зооморфтук* болуп бөлүнөт. Оюулардын тандалышы материалдын өзгөчөлүгүнө, буюмдун мүнөзүнө жана калыптанып калган традицияга жараша тандалат дейт

С. И. Вайнштейн (1974: 145). Мисалы, ***жыгачка*** оймо салууда, ***кийиз буюмдарга*** жана ***кездемеге*** сайма саюуда негизинен ***геометриялык оюулар*** колдонулган. Алардын ичинен көбүнчө *ийри-буйру (зигзаг), кыйшык сетка, үч бурчтук, анын ичинде кыйшык штрихтелген, ичине кичине үч бурчтук сызылган үч бурчтуктур (чадырлап), Т-образдуу меандр (баска хээ) жана Г-образдуу (солун-хээ), свастикасы (кас) бар оюу (тувен хээ); спиралдын тик бурчтуу модификациясы (дорбелчин), жуп кайчылашкан ром (кадын сырга)* ж.б. оюулар (1974: 145).

**Жыгачка, металлдан жасалган ювелирдик буюмдарга түр салууда, булгаарыга** кыскыч менен түр салууда жана аппликация жасоодо ***өсүмдүк мотивдери*** басымдуулук кылат. Алар: *көп жалбырактуу розеткалар (чечектеп), көбүнчө төрт жалбырактуу розеткалар, ошондой эле өсүмдүк бутактарын элестеткен кыйшык сызыктуу фигуралар.* Бул мотивдеги топко дагы «...могут быть отнесены *волюты, вихревая розетка (коргулчун)* и некоторые другие» (1974: 145).

Териге, жыгачка түшүрүлгөн коздукта (роспись), металлга ***зооморфтук мотивдер*** да сейрек эмес түшүрүлөт. Аларга негизинен *ар түрдүү мүйүз оюулардын ар кандай модификациясы* (кошкарлап, кошкар мыйызы). Ар кандай материалга *чакмактанып чырмалышкан (клеточное переплетение) мотив* (олчей удазын) түшүрүлгөн, ал эми *символикалык белгилердин* редукциясы сейрек кездешет (Вайнштейн С. И., 1974: 145).

Оюулардын түрлөрү ар түрдүү. Айрым элементтери жаратылыш кубулуштарына окшош. Мисалы, *тармалданган кыйшык сызыктар - «жалын»* («пламевидные») (чалбыштап), *көп жалбырактуу розетка – «гүлдүү»* («цветковая») (чечектеп) деп аталат. Алардан башка дагы оюуларга курчап турган предметтерге, жаныбарларга окшоштугуна карата маани берилген.

Мисалы, бир учунда ачасы (развилка) бар, экинчи учу кайрылган сызык түрүндөгү орнамент *«илбек» (илмек бо-*

*луу керек – Г. Ж.)* (казандан этти илип чыгаруучу илмек); *кыйшык тор* («косая сетка») (хана карак) орнаменти – боз үйдүн решетка көзү; *Т-образдуу меандр* (баска хээ) орнаменти – *балка; мүйүз мотиви* (кошкар мыйызы) – *койдун мүйүзү; свастика* (кас) – *каз; тиштүү оюу* (хирээ бистеп) – *араа тиштери* ж.б. Мындан тышкары *тиш, түйүн (завязка), балыктын жону, кутуча, карышкырдын тиши, таңдай, мурун, илмек, иттин куйругу, ханшанын сөйкөсү, кол* ж.б. (Вайнштейн С. И., 1974: 147).

Айрым мотивдердин мааниси боюнча башка варианттары да бар (Каралькин П. И., 1970: 217-220). Ал эми айрым бир эле орнаменттин эки башка айтылган учурлары бар. Мисалы, *тордомолуу орнамент – балык кабырчыгы (балык казырыы) же кулундун туягы (кулун дую); жарым айлана (чартык тёгерик) – жарым монета жана чартык ай – жарым ай* (Вайнштейн С. И., 1074: 147).

Жогоруда биз кеп кылган тыва арнаменттери башка элдерде да бар.

**Орнаменттин генезиси.** Оюулардын баштапкы элементтери олуттуу эволюцияны башынан өткөргөн. Бул процессте алар стилизация жана татаалдашууну башынан кечирип, башка оюулар менен татаал орнаменталдык комплекстерде аралашкан.


Орнаментациянын техникалык ыкмаларынын жана материалынын өзгөрүшү айрым оюулардын эволюциясына таасир этет, бирок баштапкы мотивдер жоголбостон, көпчүлүк учурларда миңдеген жылдар бою сакталат. Ошондой болсо да орнамент ички (эндогендик) процесстер, ошондой эле башка этностордун маданиятынын таасири (диффузия) менен байыйт жана өнүгөт. С. И. Вайнштейн белгилегендей: «одна часть новаций, проникших извне, вскоре отмирает, другая – органически входит в культуру и участвует в ее дальнейшем генезисе»(1974: 147). Белгилүү бир тарыхый доорлордо маданиятка кирип, анын андан аркы генезисинде катышкан эндогендик жана диффузиялык мүнөздөгү жаңылыктарды

С. И. Вайнштейн тарыхый-генетикалык катмар деп атайт. Орнаменттин тарыхый-генетикалык катмары, элдик искусстводогу айрым оюулардын өнүгүшү салыштырма-тарыхый талдоо аркылуу аныкталат (1974: 154).

С. И. Вайнштейн Тыванын *(автордо Тува деп берилген – Г. Ж.)* орнаменттеринин мисалында дегеле көчмөндөр колдонгон орнаменттин тарыхый-генетикалык катмарын үчкө бөлөт: 1. Көчмөн маданиятка чейинки катмар; 2. Эрте көчмөн катмары; 3. Кечки көчмөн катмары.

**1. Көчмөн маданиятка чейинки тарыхый-генетикалык катмар.** Буга: *үзүлмө сызык* (пунктир), *вертикалдуу түз сызыктуу кур, кыйшык тор (косая сетка), үч бурчтуктар,ошондой эле штрих түшүрүлгөн, кичинекей үч бурчтугу бар үч бурчтуктар, шеврондон*[84]*, ромбдордон турган курлар, ичтен сызылган кичинекей ромбдору бар ромбдор, чарчы сызыктан (квадрат) турган курлар, ошону менен катар эле ичтен сызылган кичинекей чарчы сызыгы бар квадраттар, кыйшык штрихтелген үч бурчтуктуу курлар, тар бурчу ылдый караган үч бурчтуктуу кур, Г-образдуу меандр, свастика, ичтен сызылган үч бурчтугу бар диагоналдык кесилишкен төрт бурч, ошондой эле триквестр жана башкалар (1974: 154).*





5-сүрөт 6-сүрөт

**5-сүрөт.** Көчмөн катмарга чейинки негизги мотивдер жана алардын модификациясы батыш тывалыктардын орнаментинде; **6-сүрөт.** Батыш тывалыктардын орнаментиндеги меандр орнаментинин модификациясы.

С. И. Вайнштейн көчмөн маданиятка чейинки мотивдердин бөлүктөрү азыр кеңири тарагандыгын, анын ичинде Сибирь, Орто Азия жана Чыгыш Европада, ошондой эле тывалыктардан башка Саян-Алтай жана якуттарда көп кездешерин маалымдайт. Айрым элементтер неолит мезгилинде эле Сибирде, бирок мотивдердин көп бөлүгү коло дооруна – андроновдук маданиятка (б.з.ч. II жылдыкка) барат. Ал мезгилде урууларда мал чарбачылык болгон, алар керамика менен тааныш болушкан, аны жана башка материалдарды геометриялык оюу менен кооздошкон.


Көчмөн маданиятка чейинки тарыхый-генетикалык биринчи катмар Түштүк Сибирдин жергиликтүү малчыларынын орнаментикасына, ошону менен катар эле кийинки скиф жана гунн-сармат мезгилине да кирген (1974: 154).

Ошондой эле тывалык-бугу багуучулардын азыркы орнаменттеринин негизги мотивдери дагы көчмөн маданиятка чейинки тарыхый-генетикалык биринчи катмарга мүнөздүү.


**2. Эрте көчмөн тарыхый-генетикалык катмар.** *Экинчи тарыхый-генетикалык катмар – эрте көчмөндүк (раннекочевнический). Аларга: розетка мотиви, жуп эшилме сызык (спираль), чырмалган орнамент (завитки), пальметки, толкун мотиви, S-образдуу фигуралар, айрым мүйүз мотивдери, арка түрүндөгү оюулар, «сетчатый орнамент из спиралей», кабырчык («чешуя») ж.б. (1974: 1955).*

Бул катмарга тывалык искусстводо кеңири тараган ээрдин мүйүздөн жасалган тогоолоруна түшүрүлгөн орнаменталдык фигуралар да кирет, алар адатта грифондун[85] жуп баштары катары түшүндүрүлөт. Батыш тывалыктарда бул катмардагы фигуралар булгаары, кийиз, металл жана мүйүздөн жасалган буюмдардагы оюуларда, баш кийимдердеги саймаларда (волюта) кездешет, сүт куюучу идиштерге (арка түрүндөгү оюу) жана сокуларга (жуп эшилме сызык) түшүрүлөт (1974: 155-156).

Аталган катмардын көп бөлүгү Орто Азия жана Түштүк Сибирь, атап айтканда Саян-Алтай, ошондой эле якуттардын искусствосуна мүнөздүү.



7-сүрөт



8-сүрөт

**7-сүрөт.** Батыш тывалыктардын орнаментиндеги эрте көчмөн катмарындагы негизги мотивдер жана алардын модификациялары;
**8-сүрөт.** Алтайдагы эрте көчмөндөрдүн орнаменталдуу мотивдери (С. И. Руденконуку боюнча) жана аларга тыва элдик искусствосунун параллелдери (С. И. Вайнштейндин сүрөттөрү). 1 – биринчи Туэкта дөбөсүндөгү жүгөндүн илгичи ('уздечная подвеска') (Алтай, скиф мезгили); 2 – тувалык жүгөндүн тогоосундагы (бляха) оюу (Монгуш-Тайга, XX к.); 3 – экинчи Пазырык дөбөсүндөгү (Алтай, скиф мезгили) булгаары сумкадагы көркөм жасалганын мотиви; 4 – тывалык булгаары фляганын (Чаа-Холь, XX к.) жасалгасынын мотивдери; 5 – экинчи Башадар дөбөсүнүн булгаары буюмдарындагы оюулар (Алтай, скиф мезгили); 6 – тувалык металл замочканын *(китептегидей берилди – Г. Ж.)* илгичиндеги оюу (Эрзин, XX к.); 7 – экинчи Башадар дөбөсүндөгү кийиз килемдин жээгиндеги лотостун мотиви (Алтай, скиф мезгили); 8 – тувалык чай жанчуурга оюлган лотос мотиви (Вайнштейн С. И., 1974: 156).

Жогоруда белгиленген орнаменттик мотивдер скиф жана гунн-сармат мезгилинде Түштүк Сибирге кеңири тараган. Муну археологиялык материалдар тастыктайт. Мисалы, алар - Алтайдын Пазырык, Башадар жана Туэкта, ошондой эле Тыванын дөбөлөрүнөн (курганы) табылган эстеликтердеги өтө бай орнаменттер. Аларга *розетка,*

*ар түрдүү буралган сызыктар (завитки), пальметка, волюталар, S-түрүндөгү фигуралар* кирет. Жырткыч куштун (грифон) ийри тумшуктуу тоголок башы түрүндөгү фигура – скиф мезгилиндеги искусстводо эң кеңири таралган, анын ичинде Алтай, Тыва, Чыгыш Сибирь урууларында көп кездешет.


Тыванын дөбөлөрүндөгү казылган маданиятынан *эшилме сызыктуу орнаменти* бар керамикалык идиштер табылган. *«Кабырчык»* (чешуя) орнаменти скиф мезгилинен («Пазырык») бери (кийизден жасалган тердиктин үстүнө жабылуучу жабуу) белгилүү, ал эми *эшилме сызыктуу мотивди камтыган тордомолуу орнамент,* ошондой эле жуп эшилме сызык (парные спирали) гунндардын кабып тигилген кийиз килемдеринин оюуларында учурайт (Вайнштейн С. И., 1974: 156).

Аталган катмардагы айрым мотивдер коло дооруна барат (Грязнов М. П.), бирок түштүк сибирдик уруулардын искусствосунда эрте көчмөн доорунда кеңири таралган (Вайнштейн С. И., 1974: 156).


С. И. Вайнштейн эрте көчмөн доорунда орнамент түшүрүлгөн материалдар – булгаары, жыгач, кийиз, металл, сөөк, кездеме болгондугун маалымдайт.

Эрте көчмөн доорунда көчмөндөрдүн маданиятында жана чарбачылыгында калыптанган орнаменталдык оюулар көчмөн чөйрөдө туруктуу болгон.

**3. Кечки көчмөн тарыхый-генетикалык катмар.** Бул катмарга мүйүз оюусунун белгилүү бир формалары мүнөздүү, *крест түрүндөгү мүйүз образдуу бутактанган же учу ромб түрүндөгү (кээде булар бир эле фигурада айкалышып берилет) оюулар, ромб түрүндөгү бутактанган мүйүз фигуралары «рассеченный крестом с обращенными к центру пальметовидными элементами, четырехлепестковая розетка в сочетании с кружковым орнаментом»(1974: 157).*



9-сүрөт



10-сүрөт

**9-сүрөт.** Кечки көчмөн катмардагы батыш тывалыктардын орнаментиндеги негизги мотивдери жана алардын модификациялары;
**10-сүрөт.** Тыва элдик искусствосундагы кочкордун башын сүрөттөөдөн келип чыккан мүйүздүү оюулардын модификациясы. 1- биринчи Пазырык дөбөсүнөн (курган) табылган тоо кочкорунун башынын сүрөтү (С. И. Руденко боюнча); 2 – 11 – батыш тывалыктардын орнаментиндеги мүйүз оюулары (Вайнштейн С. И., 1974: 160).

Ушул эле катмарга циркуль оюусу түшүрүлгөн металл буюмдар кирет, бул оюу Сибирдин орнаментикасында коло доорунда, балким андан мурун пайда болсо да, анын кеңири таралышы кечки көчмөн маданият чөйрөсүндө болгон.

Кечки көчмөн катмарында *мүйүз-образдуу мотив* эң кеңири таралган, бул оюу – модификацияланган оюулардын бүтүн бир тобун түзөт. С. И. Вайнштейн: «Роговидный мотив – один из наиболее распространенных в тувинском орнаменте, образующий целую группу модифицированных узоров, в которой были творчески переработаны как изначальные формы, близкие к реальному образу рогов животного, так и орнаментальные элементы

иного происхождения, в частности волюты и пальметовидные фигуры» (1974: 157), - дейт.

*Мүйүз-образдуу мотивдер* кечки көчмөн катмар менен генетикалык жактан байланышкан элдердин искусствосунда кездешет. Мисалы, якуттарда, буряттарда, Саян-Алтай элдеринде, Орто Азиянын жана Кавказдын түрк тилдүү элдеринде, башкырларда, османдык түрктөрдө ж.б. (Вайнштейн С. И., 1974: 157).

*Крест түрүндөгү бутактанган мүйүз образдуу мотивдер* Түштүк Сибирде скиф мезгилинде эле белгилүү эле, бирок, негизинен, жаратылышы алдыңкы азиялык алып келинген буюмдарда кездешкен.

*Мүйүз мотивдери* жакын варианттарда якут, бурят, Саян-Алтай жана Орто Азия элдеринин, Кичи Азиянын түрктөрүнүн (турок Малой Азии) орнаментикасына кирди, болгондо да аталган элдерде абстракцияланган мотивдер мүйүз оюуларынан келип чыккан жана *кочкор мүйүз* («бараньи рога») деген аталышка ээ. Мисалы, кочкар муиз – казактарда (Басенов Т. К., 1957: 59), хусин ебер – буряттарда (Петри Б. Э., 1918: 235). Мындай мотив (кочкор мүйүз) кыргыздарда абдан көп кездешет (бул тууралуу айтылган).

Евразиядагы көчмөн малчылардын искусствосунда мүйүз мотиви эрте көчмөн доорундагы эстеликтердеги мүйүздүү тоо кочкорунун стилизацияланган сүрөтүнөн келип чыккандыгы болжолдонот (Руденко С. И., 1960). Кечки көчмөн искусствосунда оюулар жаныбардын (кочкордун) образы менен конкреттүү байланышын жоготот жана баары бир *кочкор мүйүзү* маанисиндеги абстрактуу орнаменталдык вариацияга (тывалыктарда - кошкарлап (баранний), кошкар мыйызы (баранний рог) айланат (1974: 157).

Байыркы Кытайдын коло идиштеринде иероглиф *«кочкор»* тыва орнаментикасындагы стилизацияланган сүрөткө окшойт дейт С. И. Вайнштейн (1974: 159). *Төмөнкү сүрөттү караңыз:*

Бирок С И. Вайнштейн: «Однако его влияние на последние маловероятно, так как использование этого иероглифа в китайском письме относится к значительно более раннему времени (XV- V вв. до н.э.), причем параллели к нему в синхронных археологических памятниках степной зоны неизвестны»(1974: 159), - дейт. Ошентип ал аталган «кочкор» мотивдери бири-бирине көз карандысыз пайда болгон дейт: «Независимое возникновение двух близких орнаментальных форм на основе общего исходного образа – один из примеров возможности конвергентного развития отдельных мотивов в народном декоративном искусстве» (1974: 159).

Биз синьцзяндык көчмөндүн кийиминдеги орнамент деп берилген кочкордун мүйүзүн элестеткен оюу – кыргыздардын оюуларындагы мотивдерге окшош экендигин айткан элек. Биздин оюубузча, Кытай иероглифиндеги «кочкор» мотиви да көчмөндөр, анын ичинде кыргыздар менен кытайлыктардын байыркы жазуусундагы байланыштардын бар экендигин көрсөтүп турат. Булар атайын изилдөөнү талап кылган маанилүү жана олуттуу маселелерден.

Түштүк Сибирдин элдеринин искусствосундагы орнаменттин өнүгүшүнө байкоо жүргүзүү «позволяет выявить процесс видоизменения роговидных изображений от стилизованного рисунка головы горного барана до абстрактной орнаментальной фигуры» (1974: 159) ***(Жогорудагы 10-сүрөттү караңыз)***.

Булардын Түштүк Сибирдеги алгачкы формалары б. з. ч. I миң жылдыктын экинчи жарымы деп дата коюлган Алтайдагы биринчи Пазырык дөбөсүнөн табылган ат жабдыктарынын жыгач жасалгаларында учурайт, алар тоо кочкорунун реалдуу образына жакын.

Чындыгында, башаты тоо кочкорунун мүйүзү болгон орнаменталдык формалар Түштүк Сибирде скиф

мезгилинде эле белгилүү болгон. Муну үчүнчү Пазырык дөбөсүнөн табылган жыгач тогоодогу (бляха) стилизацияланган жуп мүйүздөр далилдейт (Руденко С. И., 1953, табл. XXXV, 2,4).

Кечки көчмөн катмарда *бутактанган мүйүздүү ромб түрүндөгү фигура* да кеңири тараган жана ал айрым изилдөөчүлөр тарабынан «илмектүү ромб» («ромб с крючками») деп аталган. Ал, А. К. Амброздун пикири боюнча, эрте дыйканчылык символу болуп эсептелген (1965: №3, 14-27-бб).

Тывалыктарда көп кездешкен ***крест түрүндөгү тең бөлүнүп бутактанып ичине кайрылган төрт мүйүздүү розетка кыргыздарда да кездешет*** (Вайнштейн С. И., 1974: 159).

С. В. Иванов Орто Азияда орнаментиканын буга окшогон фигураларынын кеңири таралышын кыпчак этностук чөйрө (IX-XII кк.) менен байланыштырат.

Табияты чыгыш азиялык кечки катмарга кирген көп эмес мотивдерге *Т-образдуу меандр (балка), биримдик алкак деп аталган монета түрүндөгү оюу, кашаа фигуралары, көпөлөк түрүндөгү оюу, лотос гүлү, булут түрүндөгү оюу* ж.б. кирет.

Бул оюулар батыш тывалык-малчылардын орнаментикасында негизинен сандыктарды коолдоодо, ошондой эле айрым учурларда башка буюмдарды да коолдоодо колдонулат. Тывадан тышкары бул катмардагы мотивдер Чыгыш, Түштүк-Чыгыш жана Борбордук Азиянын, ошону менен бирге эле Монголиянын орнаменталдык искусствосунда кеңири тараган (Вайнштейн С. И., 1974: 159).

Орнаментикадагы *көп түстүү оюу,* анын ичинде сандыкка түшүрүлгөн борбордук оюудагы *алтын түстүү жана күмүш түстүү композиция, бурчтуу орнаменттер жана бордюр* Тывага кечки комплектин өнүгүшү менен тараган дейт С. И. Вайнштейн (1974: 159).

С. И. Вайнштейн **Сибирдин жана Орто Азиянын түрк тилдүү элдеринин, якуттар, хакастар, кыргыздардын**

**ж.б. искусствосунда тывалыктар менен көп окшоштуктары сакталгандыгын** белгилейт (1974: 159).

Ошентип, тывалыктардын орнаментиндеги мотивдер кыргыз орнаментикасына окшош болуп эсептелет.

## Элдик орнамент – тарыхый булак
## Орнаменттин изилдениши

Орнаменттин тарыхый булак катары изилденишинин мааниси чоң. Кыргыз орнаменттерин изилдөө – кыргыз элинин байыркы тарыхын изилдөөдө маанилүү тарыхый булак болуп эсептелет. Кыргыз орнаменттери - кыргыз элинин өнүгүү этаптары тууралуу даректүү маалыматтарды берүүчү жазма булак.

А. Н. Бернштам орнамент өзүнүн өнүгүү стадиясында тарыхый процесстин ар түрдүү стадияларын чагылдыра тургандыгын белгилеген (1948: 22).

Л. Р. Кызласов жана Г. Г. Король: «Изучение орнамента как исторического источника имеет важное значение для выяснения происхождения того или иного народа, для изучения этапов его истории, а также для выяления уровня его экономического развития» (1999: 5), - дешет.

Н. В. Кочешков орнаментти изилдөө элдердин калыптанышы жана алардын тарыхый тагдыры менен байланышкан белгисиз көптөгөн моменттерди бизге айкын кылат (1979:193) дейт. Кыргыз орнаменттери кыргыздардын байыркы тарыхындагы бизге белгисиз ак тактарды толуктоого, ачык-айкын эмес маалыматтарга тактык, айкындык берүүдө чоң кызмайт өтөйт.

Этностук группалардын бири-бири менен маданий байланышын ачууда орнаментиканын мааниси чоң. Бул тууралуу Е. Р. Шнейдер: «Орнаментика является прекрасным материалом… для выяснения происхождения или культурных взаимоотношений этнических групп» (Шнейдер Е. Р., 1927: 135), - деген. Кыргыз орнаменттерин изилдөө байыркы кыргыздардын башка этностук топтор

менен өз ара байланышын, башка элдердин искусствосу менен болгон карым-катышын жана өз ара таасирлерин аныктайт.

С. Маслова орнамент элдин составына кирген этностук топтордун бири-бирине таасир этүү процессинде калыптанат жана анын этномаданий тарыхындагы эң бир баалуу документтерден болуп эсептелет деген (1951: 125). Бул кыргыз орнаменттерине да тиешелүү, кыргыз орнаменттери дагы кыргыздардын этномаданий тарыхындагы даректүү жазма булак болуп эсептелет.

Кыргыз орнаментинде кыргыз элинин жашоо-турмушу, диний ишеними, дүйнөгө көз карашы, жаратылышка мамилеси, үмүт-тилеги ж.б. чагылдырылган.

В. Чепелев элдик оюуну «образдуу тарых» деп абдан туура айткан. Ал: **«Образный язык искусства прошлого равноценен письменному языку исторических документов»***(белгилеген – Г. Ж.)* (1939, № 5: 36), - деген. Биз бул эмгекте оюуну тарыхый жазма маалымат булагы деп карайбыз.

1951-жылы СССРдин Илимдер Академиясында өлкөдөгү элдердин келип чыгышына арналган кеңешме болуп өткөн. Бул орнаменттин тарыхый аспектте изилденишине өбөлгө болгон. Ошол эле жылы Г. С. Маслованын эмгегинде жогорку волж карелдеринин орнаменттери каралса, Т. А. Жданконун макаласында каракалпактардын орнаменттери тууралуу айтылган. С. В. Иванов 1956-жылы кыргыздардын орнаменттери жөнүндөгү доклад окуган (Иванов С.В., 1956).

Орнаменттин изилденишине В. Н. Чернецов, М. Е. Фосс, К. В. Сальниковдор салым кошушкан.

Ошентип, орнамент кыргыз элинин тарыхын таанууда баалуу тарыхый даректүү маалымат булагы болуп эсептелет.

Байыркы бабаларыбыз колдонгон орнамент миңдеген жылдар бою жашап, бүгүнкү күнгө чейин жетти. С. В. Иванов: «...элдик орнамент – башкаларга кара-

ганда жүз жылдыктар жана ал түгүл миң жылдыктар бою сакталган көркөм маданияттын туруктуу элементи» (1958, №2: 6), - деген. «Орнамент – элдик искусствонун туруктуу элементи болуп эсептелет» (1974: 147), - деген С. И. Вайнштейн. Мунун өзү бизге байыркы орнаменттерди изилдеп-үйрөнүүгө, аларды азыркы орнамент менен салыштырууга жана алардагы жалпылыктарды жана өзгөчөлүктөрдү аныктоого мүмкүнчүлүк түзөт.

Ошону менен бирге эле орнаментти узак мезгил ичинде таптакыр өзгөрүлбөгөн сенек нерсе катары карабоо керек. Албетте, байыркыдан бүгүнкү күнгө чейин традиция катары сакталып жана колдонулуп келе жаткан орнаменттер бар. Алар тууралуу атайын бөлүмдөрдө сөз болду. Ошондой болсо да айрым мотивдер кыргыздардын тарыхый өнүгүү процессинде кайсы бир белгисин жоготсо, айрымдары кайсы бир жаңы кошумча белгиге ээ болору да толугу менен мүмкүн. Албетте, бул - узак мезгилди камтыган процесс. Байыркы жана кийинки орнаменттерди талдоого алып, тиешелүү жыйынтыктарды чыгаруу али алдыда деп ойлойбуз.

Окумуштуулардан Г. С. Маслова өзүнүн эмгегинде орнаменттин социалдык функциясына көңүлүн бурган, анын социалдык белги катары ролун, жыныстык жана жаш курагын, этностук таандыктуулугун, элдик көз караашты билдирүүчү каражат катары аткарган ролун көрсөткөн (1978: 152).

Кыргыз орнаменттери кыргыздардын жазма эстелиги болуп эсептелет жана ал кыргыздардын сөздүк (логографиялык) жазуусу болгондугун жана кыргыз элинин өз мезгилиндеги сабаттуу элдерден болгондугун айгинелеп турат.

## Орнаментти изилдөөдөгү методдор жана багыттар

**Орнаментти изилдөөдөгү эволюциялык метод.** Ошондой болсо да, байкоолор көрсөткөндөй, «старые формы какого-либо орнаментального мотива сохраняются и нередко воспроизводятся наряду с более новыми его формами» (Иванов С. В., 1958, №2: 6). Мурунку жана кийинкилерди салыштыруу кандайдыр бир деңгээлде орнаменттин өзгөрүү процессин калыбына келтирүүгө мүмкүн экендигин көрсөткөндүгүн жана мына ушунун өзү эволюциялык методдун негизин түзөрүн белгилейт С. В. Иванов.

Аталган методду колдонуу менен биринчи жолу швед географы жана этнографы Х. Стольпе Херьвеев аралындагы (Полинезия) жыгачтагы оюуну изилдеп, андагы орнаменттин антропоморфдук табияты жөнүндөгү теорияны сунуш кылган, т.а., жөнөкөйлөшкөн жана стилизацияланган адамдын фигурасы кандайча акырындык менен геометриялык оюуга айлангандыгын көрсөткөн. Мына ушул темада ал Невшателде 1882-жылы доклад окуган.

Стольпенин методу окумуштуулар тарабынан колго алынып, геометриялык оюулардын (узор) реалисттик жана стилизацияланган сүрөттөрдөн (изображение) келип чыккандыгы жөнүндөгү теория андан ары өнүккөн. Немец саякатчылары жана этнографтары К.фон ден Штейнен (1897) жана П. Эренрейх (1890) Бразилиядагы индеецтердин орнаменттерине байкоо жүргүзүп, андагы орнаменттердин ар бир геометриялык мотиви «есть не что иное, как упрощенное или стилизованное изображение конкретного предмета, чаще всего какого-нибудь животного» дешкен (Иванов С. В., 1958, №2: 6). Бул теория андан аркы изилдөөлөрдө (У. Холмс, А. Хеддон, Г. Шурц, Б. Лауфер, Х. Бальфур ж.б.) уланган, алардын негизинде эволюциялык метод болгон.

Эволюциялык метод совет окумуштуулары тарабынан улантылган. А.Миллер украин орнаментиндеги лотостун эволюциясын изилдеген, Н.Могилянский орус орнамент-

териндеги айрым геометриялык мотивдерди адамдын стилизацияланган көрүнүшү (изображения) деген, ал эми И.Карутцтун китебинде казак спиралдык орнаменти кочкордун мүйүзүн түшүрүүдөн келип чыккан деген теория камтылган.

Совет доорунда Б. Э. Пэтри бурят (1918), Е. Р. Шнейдер казак (1927: 135), Л. Я. Штернберг айн (1929), М. М. Носов якут (1948), Г. С. Маслова карель орнаментгериндеги (1951) эволюциялык өзгөрүүлөрдү изилдешкен. С. В. Иванов көпчүлүк этнографтарда «сложилось убеждение, что всякий геометрический орнамент, у какого народа его ни обнаружили, произошел путем последовательного и постепенного упрощения зооморфных или иных реалистических или стилизованных изображений, что этот процесс обязателен и составляет одну из закономерностей развития народного орнамента» (1958, №2, 7), - деген. Анын үстүнө реалисттик сүрөттөрдүн геометриялык фигураларга айланышы Полинезия, Түндүк Америка, Амур элдеринде да табылган.

Мындай көз караштын жактоочуларынын бири Л. Я. Штернберг (1936: 424) болгон. Ал геометриялык мотивдердин зооморфдук прототиптери жалпы көрүнүш, бул эч кандай күмөн саноону туудурбайт деп эсептеген. Б. Э. Петри да ушул көз карашты жактаган.

Айрым окумуштуулар буга скептикалык көз карашта болушкан. Мисалы, Е. Вильсон: «анимализация геометрических мотивов встречается обычно у народов, стоящих на более высокий ступени развития культуры, например в Перу» (1914: 50), - деген. Вл. Богданов буга этияттык менен мамиле жасайт, ал: «Если же, эти данные выводить отвлеченно и так же отвлеченно представлять себе фазы эволюции, то мы будем иметь дело с очень субъективными и шаткими экспериментами, едва ли полезными для науки» (1914: 23), - дейт.

С. В. Иванов орнаменттин эволюциясы «отнюдь не представляет собой явления общего порядка» деп

эсептейт. Ал: «Там, где мы имеем дело с различными вариациями родственных мотивов, начиная от реалистических и кончая далеко зашедшими геометроидными их формами, процесс эволюции не вызывает сомнений» (1958, №2, 7), - дейт.

Бирок орнамент келип чыгышы ачык эмес жалаң гана жөнөкөй жана татаал геометриялык оюулардан да турат. Мына ушуларды да айрым окумуштуулар негизинде реалисттик болгон зооморфтук же башка прототиптин өнүгүшү катары карашат. Мындай көз караштар чет элдик жана советтик окумуштууларда кездешет.

Мына ушуларды эске алып С. В. Иванов: «...изучение эволюционных процессов не вызывает возражений и может быть использовано как один из путей, позволяющих проникнуть в далекое прошлое орнамента» (1958, №2, 9), - дейт. С. В. Ивановдун пикири боюнча жогорудагы айрым окумуштуулардын жаңылыштыгы – биринчиден, эволюциялык метод орнаменттин өнүгүшүн изилдөөдөгү бирден-бир гана жолу деп эсептегендиктери; экинчиден, орнаменттин эволюциясын универсалдык көрүнүш катары кабыл алышкандыгы (1958: №2, 9). Ошондой болсо дагы орнаменттин изилденишиндеги эволюциялык методдун жашашы – реалдуу.

Биздин оюубузча, орнаменттин тарыхый өнүгүшүн изилдөөдөгү ыкмалардын бири – эволюциялык метод болуп эсептелет. Муну танууга болбойт. Албетте, бул орнаменттин өнүгүшүн, семантикасын чечмелөөдөгү андан башка да ыкмаларды танбайт.

**Орнаментти изилдөөдөгү ретроспективдик метод.** Л. Р. Кызласов жана Г. Г. Король орнаментти изилдөөдөгү ретроспективдик метод тууралуу кеп кылышат. Бул метод боюнча этнографтар тигил же бул элдин орнаменталдык искусствосунун башатын издөөдө археологиялык материалдарга кайрыла алышат (1990: 6). Мында орнаменттин тарыхый өнүгүшү изилденип, алар азыркы орнаменттер менен салыштырылып, алардын окшош-

туктары изилденет. Мисалы, В. Н. Чернецов об угрларынын тасма (лента) тибиндеги орнаменттерин изилдеп, коло доорундагы андронов орнаментин азыркы менен салыштырып, алардын ортосундагы окшоштуктарын таап чыккан (1947: 151).

С. В. Иванов да кыргыз улуттук оюуларын изилдеп, орнаменттин акырындык менен бара-бара калыптангандыгын, орнаменттин составында эрте жана кечки элементтердин бар экендигин, кыргыз орнаментине алар жана алардын ата-бабалары менен ар кайсы мезгилдерде карым-катнашта болушкан элдердин таасири тийгендигин белгилейт (1959: 64). Деги эле **Сибирь элдеринин орнаменттеринин башаты коло, ал түгүл неолит дооруна барып такаларын** *(белгилеген – Г. Ж.)* айтат (Иванов С. В., 1961).

С. В. Иванов якут орнаментин изилдөө менен анын башаты хунн дооруна барарын белгилейт (1975: 183).

Археологдор байыркы урууларды жана элдердин материалдык жана рухий маданиятын изилдөөдө орнаменттин өзгөчө маанисин баса белгилешет. Мисалы, М. Е. Фосс археологиялык жана этнографиялык материалдар боюнча айрым учурларда орнаменттеги жалпылыктар байкалат, айрым учурларда орнаменттер бири-бирине таптакыр окшошпой, уруулардагы генетикалык байланыштын жоктугун көрсөтөт (1952:72) дейт.

Ошентип, оюуларды изилдөөдө ретроспективдик методдун мааниси чоң.

**Орнаменттин тарыхын изилдөөдөгү номинативдик багыт.** Бул багыттын өкүлдөрү орнаменттин мурунку абалын жана сюжеттик составын ачып берүүгө айрым оюулардын жергиликтүү аттары жардам берет деп эсептешет. Мына ушул багытты С. В. Иванов номинатизм деп атайт. Орнаменттин атын аны аткаруучудан же аны жакшы билген адамдан жазып алуу илимий изилдөөлөргө чейин эле практикаланып келген. XIX кылымдын 60-жылдарында орус археологу жана тарыхчысы П. И. Савитов

орус кийимдеринин, буюм-тайымдарынын, курал-жарактарынын ж.б. түшүндүрмө көрсөтмөсүн чыгарган, т. а., ал предметтерди кооздогон оюулардын эски аттарын жазып чыккан (1896: 154-155). С. В. Иванов: «Для русских ученых запись названий орнаментальных мотивов народных вышивок, кружев, писанок и т.д. стала традицией (В. Стасов, Ф. Волков, С. Давыдов, Н. Сумцов)» (1958: №2, 9), - дейт. Акырындык менен башка элдердин оюуларынын аттарына кызыгуу башталган.

Батыш европалык окумуштуулар да орнаменталдык мотивдердин аттарына абдан көңүл бурушкан. Мисалы, К. фон ден Штейнен ички Бразилиядагы индеецтерге (1887-1888-жж.) жасаган экспедицияларынын жыйынтыгын жарыялаган. Анда геометриялык оюулардын аттары толугу менен конкреттүү мүнөздө болгон (мисалдарды орусча келтиребиз*: «летучая мышь», «рыба мерешу», «молодые пчелы», «рыбий позвонок», «рыбьи кости», «пальмовые листья», «улури»*(женская набедренная повязка) и т.д.). Мындагы оюулардын аттары жөнөкөй геометриялык формалардын – *үч бурчтуктардын, ромбдордун, толкундуу сызыктардын* ж.б. артында зооморфтук мүнөздөгү абдан бай мазмун, ачык-айкын образдардын бүтүндөй бир дүйнөсү жаткандыгын көрсөткөн. Ушулардын бардыгы башка элдердин оюуларынын аттарын жазууга түрткү берген... (Иванов С. В., 1958: №2, 9).

Бирок С. В. Иванов геометриялык оюулардын аттарына канчалык үңүлгөн сайын айрым оюунун аттарынын орнаменталдык формадан алыс байланышта экендиги ачык боло баштагандыгын белгилейт. Мисалы, Фр. Баос орнаменттин формасы аздыр-көптүр туруктуу, ал эми анын интерпретациясы айрым урууларда гана эмес, айрым адамдарда ар башка (1927: 124) деп айткан.

1878-жылы Ф. К. Волков оюуга берилген элдик аттар (названия) кээде ага туура келбей тургандыгын белгилеген (1878). С. А. Давыдова бул учурда оюунун аты «есть просто дело случая и личности, которые впервые

выплетает новый узор» деген (1880: 439). Е. Р. Шнейдер казак орнаменти жөнүндө сөз кылып жатып, мисалы, ар кандай фигураларга бирдей эле ат берилгендигин белгилеп: «Истинный смысл орнаментальных мотивов забыт, а название дано исключительно благодаря внешнему случайному сходству с предметом быта и окружающей природой или орнамент получил название, не определяющее его значение, например, «четырехугольник» (Шнейдер, 1927:148), - деген.

Ошентип, айрым окумуштуулар оюулардын атын жазуу пайдасыз деп эсептешет. Ошондой болсо дагы, биздин оюбузча, оюулардын аттарын эсепке албоо туура эмес. Бул тууралуу С. В. Ивановдун пикири мындай: «У нас, конечно, нет оснований польностью отбрасывать современную терминологию, но вместе с тем следут признать, что вероятность сохранения в ней древних обозначений узоров крайне невелика» (1958:13). С. В. Иванов оюулардын аттарын эсепке албоого негиз жок экендигин белгилейт, ошону менен катар эле оюуларда байыркы аттардын толугу менен сакталуу мүмкүнчүлүгү да чоң эмес дейт.

Биз оюулардын аттарын эсепке албоо туура эмес деп эсептейбиз. Бардык учурда болбосо да, тиешелүү жерлерде оюунун аттары анын мазмунун чагылдырып тургандыгы ырас. Ал эми бул багыт кыргыздарда жакшы өнүккөн. Төмөндө сөз мына ушулар тууралуу.

**Кыргыз орнаменттериндеги номинативдик багыт.** Этнографиялык адабияттарда жогоркудай ар түрдүү көз караштарга карабастан, орнаменттин келип чыгышын, ал реалисттик мотивде же геометриялык мүнөздө болобу, алардын жергиликтүү аттарына байланыштырган эмгектер арбын. Мисалы, Орто Азиянын орнаменттерин изилдөөчү М. С. Андреев тажиктер менен кыргыздар орнаменталдык мотивдердин аттарын эстерине сактоо менен чектелбестен, чындыгында оюулардын аттары өздөрү чагылдырган предметтин атын билдирип турат деген ишенимде экендигин белгилейт. М. С. Андреев өзгөчө

кыргыздар «действительно изображают те предметы, названия которых они имеют» (1928: 6), - дейт.

М. С. Андреев оюулардын жергиликтүү аттарына негизделген орнаменттин сюжеттеринин классификациясын берет, ошентип оюулардын формасы менен аты окшоштурулат. Тоолуу тажиктердин орнаменттери жаныбарлардын издерин «көз алдыга келтирүү», жаныбарлардын өзүн же анын дене бөлүктөрүн, адамды, турмуш-тиричилик буюмдарын чагылдырган, элдин мифологиялык көз караштарына таасирленген образдардан ж.б. турат дейт М. С. Андреев. Ал эми кыргыздардын М. С. Андреев кездештирген оюулары «являются стилизованными изображениями тех или других предметов, и даже там, где, казалось бы, налицо имеется чисто геометрический орнамент, на самом деле в конце концов и он оказывается изображением какого-нибудь предмета» (Андреев М. С., 1928: 6). Ошентип, кыргыз оюуларынын аттары алар билдирген предметтердин аттарына туура келет.


**Кыргыз оюуларынын баяндоочулук мүнөзү.** М. В. Рындин бир топ жыл бою кыргыз орнаменттеринин үлгүлөрүн чогултуп, андагы мотивдердин аттарын жазып жүргөн. Анын бул иштерине Сура Асырбекова жардам берген, т.а., ал сүрөтчүнүн орнаменттин мазмунуна сүңгүп киришине, анын «баяндоочулук мүнөзүн» ачып беришине көмөк көрсөткөн. Ошентип, М. В. Рындин кыргыз оюуларынын «баяндоочулук» касиетин ачып берген.

Мына ушул кыргыз оюуларынын «баяндоочулук» мүнөзү» А. Н. Бернштам тарабынан абдан чоң илимий мааниси бар факт катары каралган. М. С. Андреев бул тууралуу мындай дейт: **«Говоря о киргизском узоре как о «многосложном повествовании», стоящем на грани между рисунком и сюжетно-многообразным письмом** *(белгилеген – Г.Ж.),* А. Н. Бернштам высказывает предположение, что это, видимо, «общая стадия развития орнамента» (Андреев М. С., 1928: 14; Киргизский национальный узор. Кириш сөз. Бернштам А. Н., 1948: 9-10).

Эмгекте (Кирг.нац.узор, 1948) эки маселе каралган: 1. Кыргыз орнаментинин баяндоочулук мүнөзү; 2. Кыргыз орнаменти тарыхый булак катары. Биринчиси М. В. Рындин тарабынан иштелген, экинчиси А. Н. Бернштам тарабынан каралган.

Кыргыз искусствосундагы оюулардын баяндоочулук мүнөзү жөнүндөгү жобо толугу менен айрым мотивдердин жана орнаменттин элементтеринин жергиликтүү аттарына таянылган. Алардын аттарынын көпчүлүгү жана алардын классификациясы биринчи жолу жарыялангандыктан коомчулуктун кызыгуусун жараткан.

Мында классификациянын аталыштары орнаменталдык мотивдердин аталыштары менен окшоштурулат. С. В. Иванов: «Поскольку та или иная орнаментальная композиция включает в свой состав различные по форме узоры, а эти последние имеют свои названия, авторы считают **возможным «читать» орнамент как связный рассказ, как «повествование»** *(белгилеген – Г.Ж.)* (1958: 14), - дейт. Китептин аягына мына ушундай 48 баяндоолор берилген. Баяндоолорду түзгөн мотивдердин көпчүлүгүн *геометриялык оюулар, аз бөлүгүн зоо- жана антропоморфтор* түзөт.



**1-сүрөт.** Кыргыздар («Кыргыз улуттук оюулары», табл. IX, 31-баяндама) (Иванов С. И., 1958,СЭ, № 2,16 ).

М. В. Рындин жогорку сүрөттөгү баяндоону «На пир съехались гости на хорошо подкованных лошадях, на пиру подавали много баранов и играли на варганах» (Киргизский национальный узор, 31-баяндоо), - деп окууну сунуш кылган.

Ал эми С. В. Иванов аталган оюуну мындай чечмелөөгө макул эмес. Ал бул оюу тууралуу: «...связку состоящую

из двух подков, трех варганов и двух позвонков барана, нужно понимать не в прямом смысле, а иносказательно. Отдельные элементы повествования – это части, заменяющие собой целое. Иными словами, речь идет в данном случае не о подковах, варганах и позвонках, а о лошадях, людях, играющих на варганах, и о баранах» (1958: 15), - деп талдайт, же бул баяндоону төмөнкүдөй чечмелесе болот деп эсептейт: «Три человека, играя на варганах, везут на двух лошадях двух баранов»; же «Два всадника, играя на варганах, встретили (или увидели) двух баранов» (1958: 15). Ал өзү чечмелеген тигил жана бул вариантттар, көрсө, чындыкка туура келбейт экен, анткени аларды М. В. Рындин чечмелеп коюптур дейт.

**Оюулардын эркин чечмелиниши тууралуу.** Кыргыз оюулары баяндоочулук мүнөзгө ээ. С. В. Иванов оюулардын баяндоочулук мүнөзүн танбайт, алардын мааниге ээ экендигине жана кандайдыр бир мазмунду камтып тургандыгына каршы эмес. С. В. Иванов оюулардын каалагандай чечмелене бере тургандыгын айтып, маселе бул оюулардын сюжетинин эркин чечмеленишинде дейт: «Совершенно очевидно, что мы имеем дело с крайне свободным и произвольным толкованием орнаментального бордюра...» (1958: 15). Ошентип, кыргыз оюулары кандайдыр бир маанини, мазмунду камтып турат, бирок оюулардын мазмуну эркин чечмеленет. Сөздүк жазуу нака жазуу деңгээлине өсүп жеткен эмес.

**Айрым геометриялык оюулардын туруктуулугу жөнүндө.** Айрым кыргыз оюулары туруктуу мүнөзгө ээ. С. В. Иванов: «Хотя М. В. Рындин и предпологает, что отдельные геометрические узоры всегда имеют одно и то же смысловое значение (в противном случае было бы затруднительно предложить их чтение)» (1958: 15), - дейт. Автор өзү белгилегендей, эгерде айрым геометриялык оюулар дайыма бир эле маанини билдирген туруктуулукка ээ болгон болсо, демек, оюулардын окулушу да негизинен туура боло тургандыгы шексиз. Анда оюулардын

мазмуну туура эмес берилип калат деген ой да болбошу керек. Албетте, оюу камтыган мазмун ар кандай варианттa берилиши мүмкүн.



**2-сүрөт.** Кыргыздар («Киргизский национальный узор», IX табл., 19-баяндама*)* (Иванов С. И., 1958, СЭ, № 2,16).

Аталган оюу М. В. Рындин тарабынан мындайча окулат: «юрта с обильным жемчужным украшением» («Киргизский национальный узор», табл. IX, 19-баяндама)

М. В. Рындин: «Знание основных элементов киргизского узора дает возможность читать киргизский узор, проникать в его смысловое содержание» (Рындин М.В., 1943:145), - дейт.

Ошентип, кыргыз оюуларынын негизги элементтерин билүү анын маанисин чечмелөөгө багыт бере алат деген ойдобуз.

**Орнаментти изилдөөнүн эндогендик жана экзогендик ыкмалары.** Орнаментти изилдөөнүн негизи эндогендик жана экзогендик процесстерин карым-катышта кароо болуп саналат дешет Л. Р. Кызласов, Г. Г. Король. Тышкы жана ички факторлордун өз-ара таасирлеринин даражасы, алардын органикалык чырмалышуусу өз ара байланышта болгон коомго жана маданиятка таандык бир катар экономикалык, саясий, идеологиялык мүнөздөгү факторлорго көз каранды. Л. Р. Кызласов, Г. Г. Король: «При этом внешние воздействия остаются как бы на поверхности явления, внутренние истоки которого питаются местными традициями, имеющими длительную историю развития» (1990: 7), – дешет.

С. В. Иванов орнаменттин изилдөө ыкмаларынын ичиндеги андагы эндогендик мүнөздө болуп жаткан кубулуштарды аныктап алууга багытталганы – бул орнаменттин өнүгүү жана башка түргө өтүп өзгөрүү процес-

син калыбына келтирүүгө мүмкүнчүлүк түзгөндөрү болуп эсептелет дейт.

Мындан тышкары экзогендик мүнөздөгү кубулуштар болот, – булар орнаментке тийгизген тышкы таасирлер, алар орнаменттин мүнөзүн белгилүү бир деңгээлде өзгөртөт. С. В. Иванов: «Центры, откуда идут эти влияния, могут быть раскрыты путем сопоставлений с учетом исторических условий возникновения и развития того или иного орнамента»(1958: 17), - дейт.

Бул метод аркылуу бул же тигил орнамент системасынын келип чыгышы, анын башка орнаменттердин ортосунда алган орду белгилүү болот; тигил же бул оюулардын таралышы, тектештиги же бир орнаменттин башка бир орнаментке жакындыгы аныкталат; орнаменттин типтери белгиленет; азыркы орнаменттин байыркы орнаментке байланышы такталат. Салыштыруу үчүн орнаменталдык мотивдер, материалы жана техникалык ыкмалары, колорит, композициянын мүнөзү, семантика, стиль, орнаменттин типтери ж.б. тийиштүү болот (Стасов В., 1925; Воробьев Н., 193; Штернберг Л. Я., 1931; Чернецов В. Н., 1948; Маслова Г. С., 1952; Иванов С. В., 1952; Толстов С. П., 1952; Окладников А. П., 1954; Иванов С. В., 1958: 17).

Ошентип, орнаментти изилдөөдөгү эндогендик жана экзогендик мүнөздөгү изилдөөлөр орнаменттин ички жана тышкы кубулуштарын кеңири ачып берүүгө жардам берет.

**Орнаментти изилдөөдөгү формалдык-салыштырма метод.** Батышта орнаментти салыштырып изилдөө XIX кылымдын 90-жылдарында бир туугандар Хейндер тарабынан башталган. Бул арий жана индогерман тилдеринин тектештиги жөнүндөгү теория күчүндө болуп турган мезгил эле, окумуштуулар аны окшош орнаменталдык мотивдердин кеңири жайылышы менен негиздегиси келишкен. С. В. Ивановдун маалыматы боюнча азыркы учурда буржуазиялык окумуштуулар *(С. В. Ивановдо ушундай берил-*

*гени сакталды – Г. Ж.)* орнаментти изилдөөдө бир гана формалдык-салыштыруу методун колдонушат (1958: 17).

Айрым советтик археологдор салыштырма методду туура эмес деп эсептешет. Мисалы, Т. С. Пассек: «Сопоставления проводятся или на основе «принципа похожести», или на основе формального сравнения отдельных, произвольно вырванных из общего контекста образцов. При таком подходе неизбежно оказываются отождествленными элементы и схемы орнамента, генетически не имеющие друг с другом ничего общего» (Пассек Т. С., 1933: 339), - дейт.

Орнаменттерди изилдөөдөгү салыштырма метод боюнча мына ушундай ар башка көз караштар бар.

Бирок орнаментти изилдөөдөгү формалдык-салыштыруу ыкманы жокко чыгаруу туура эмес. Бул тууралуу С. В. Иванов: «Из сказанного, конечно, не следует делать вывод, что формально-сравнительный прием исследование не нужен, что в тех случаях, когда история каких-либо орнаментальных мотивов не известна, территория их распространения не представляет никакого интереса, а их аналоги в орнаменте древних народов лишены научного значения. Как частный, и притом предварительный, прием формально-сравнительное изучение орнамента в отдельных случаях может оказаться полезным, но как единственный метод, на основе которого делаются выводы о происхождении орнамента, его генетических и исторических связах, он недостататачен»(1958: 18).

Албетте, орнаменттерди изилдөөдө формалдык-салыштырма ыкманын өзүнүн орду, ролу бар. Өзгөчө, С. В. Иванов белгилегендей, орнаменталдык комплекстердин окшоштугу байкалган учурда орнаменттердин тектештиги тууралуу ишенимдүү айтууга болот (1958: 18).

Ошондой болсо дагы салыштырма-тарыхый изилдөөнү жалаң гана орнаментика менен чектөө туура эмес, салыштырма жолу менен алынган жыйынтыктарды башка илимдердин – антропология, лингвистика, археология,

тарыхтын материалдары менен корректировкалоо керек (Иванов С.В., 1958: 19). Тактап айтканда, салыштырма жолу менен изилдөө иштери тарыхый негизде жүргүзүлүшү зарыл жана ал тиешелүү башка илимдер менен карым-катышта жүргүзүлгөндө гана натыйжалуу болот.

**Салыштырма-тарыхый метод.** Орнаменттин бардык белгилерин изилдөөнүн, анын келип чыгышын, маданияттын өнүгүү процессиндеги өзгөрүшүн жана таралышын аныктоонун базасында, б.а. орнаменттерди мезгили жана мейкиндиги боюнча салыштыруу менен салыштырма-тарыхый метод биринчи иретте комплекстерди бөлүп чыгарат. Салыштырма-тарыхый методдо типологиялык, иконографиялык жана картографиялык методдор колдонулат, ошондой эле симметриянын мыйзамченемдүүлүктөрү эсепке алынат. Мына ушул негизде этнографиялык материалды тартуу менен эки миң жылдыктан азыркы мезгилге чейинки орнаменттин өнүгүшүндөгү этаптар жана өзгөчөлүктөр кайрадан калыбына келтирилет. Мындан алынган жыйынтыктар тарых, антропология жана лингвистикалык материалдар менен толукталат. Ал эми орнаменттин семантикасын аныктоо үчүн этнографиялык материалдар, андан тышкары байыркы жазма булактар, фольклордук маалыматтар пайдаланылат (Кызласов Л. Р., Король Г. Г., 1990: 8).

Ошентип, орнаменттин байыркы доорлордогу табиятын, мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн, бүгүнкү күнгө чейинки өнүгүү этаптарын ж.б. изилдөөдө салыштырма-тарыхый методдун мааниси чоң.

**Орнаментти изилдөөнүн абалы.** Этнографтар адатта изилденүүчү орнаментти учурдагы жана жакында этнографиялык чөйрөдө болгон бул же тигил орнаменталдык мотивдерди, алардын серияларын, комплекстерин, типтерин же композициялык ыкмаларын салыштырышат. Ал эми мотивдердин же композициялардын тарыхый түзүлүшү тууралуу изилдөөлөр аз же такыр эле изилденбеген боюнча калууда. Эгерде изилденип жаткан жана

ал салыштырылып жаткан орнамент өздөрүнүн өнүгүү процессинде олуттуу өзгөрүүгө учурабаса, мындай изилдөө натыйжалуу болот. Ошондуктан ар бир орнаментти изилдөөдө ар кандай жаңылыштыктарга жол бербөө үчүн С. В. Иванов: «...по возможности раскрыть внутренние закономерности его развития и только после этого приступать к сравнительному изучению» (1958: 19), - дейт.

Ошентип, орнаменттин өнүгүшүнүн ички мыйзамченемдүүлүктөрүн изилдеп туруп, андан соң салыштырып изилдөөгө киришүү натыйжалуу болот.

Кыргыз тил илиминде кыргыз орнаменттерин изилдөө Совет доорунда жүргүзүлгөн. Бирок бүгүнкү күнгө чейин кыргыз орнаменттери сөздүк жазуу катары изилдене элек болчу.

### Орнаменттин негизги белгилери

Орнаменттин үч негизги белгиси бар. Алар: айрым **элементтер** (мотивдин составдык бөлүктөрү); **мотив** – ошол элементтердин өз ара байланышы (орнаменттин кайталанган бөлүктөрү); **композиция** - предметтерде бир же бир нече мотивдердин белгилүү жайгашуусу (Кызласов Л. Р., Король Г. Г., 1990: 7-8).

**Элементтер.** Л. Р. Кызласов, Г. Г. Король орнаменттин элементтеринин тобу белгилүү бир шаймандардын (инструменттердин) тобуна жана оюуларды түшүрүүнүн техникалык ыкмаларына байланыштуу экендигин белгилешет.

**Мотив.** Мотив белгилүү бир тартипте жайгашкан бир нече (экиден кем эмес) элементтерден түзүлөт. Ар бир устанын (өнөрпоздун) иштөөдөгү жекече өзгөчөлүгүнө карабастан элементтердин тартиби жана орнаменттин көздөгөн жалпы максаты - көбүнчө башаты байыркы заманга барып такалган эрежелерге жана традицияларга көз каранды (Кызласов Л. Р., Король Г. Г., 1990: 7-8).

Орнаментти жаратууда адам курчап турган дүйнөдөгү образдар жана көркөм толгонууларды гана эмес, ошон-

дой эле *ченем, тартип, эсепти* да жетекчиликке алууга тийиш дейт В. Ванслов (Ванслов В., 1956: 184). Кыргыз оюуларында мотивдердин башаты байыркы замандарга барат. Кыргыз оюуларында бир нече элементтерден турган ар түрдүү тематикадагы мотивдер бар.

**Композиция.** Оюуну түзгөн мотивдердин ритмикалык кайталанышы – орнаменттин мүнөздөмөсүндөгү негизги белгилеринин бири. Мотивдердин ырааттуу жайгашуусу **композицияны** түзөт. Л.Р. Кызласов, Г.Г. Король белгилегендей: «Она также традиционна и занимает определенные места украшаемой поверхности» (1990: 8). Аталган авторлор орнаменттин өзүнө бөлүнгөн участоктун кайсы жерине жайгашкандыгы (участокту толук ээлөө, кыюулоо же композициянын борбордо жайгашуусу) предметтин формасына жана аткаруучунун көркөм туюумуна, табитине жараша болот дешет.

**Орнаменттин тиби.** Орнаменттин тиби деген - составы жана композициясы (аткарылыш техникасы ар башка болушу мүмкүн) окшош мотивдердин жалпылыгы болуп саналат. Типтер туруктуулугу менен айырмаланып турат, ошондой эле белгилүү бир материал жана жашоо-тиричилик буюмдарынын категориясы менен байланыштуу дейт С.В. Иванов, 1963: 42). Л. Р. Кызласов, Г. Г. Король да ушундай пикирде (1990: 8).


Аталган авторлордун пикири боюнча орнаменталдык комплекс деген – анын өнүгүшүндөгү белгилүү бир мезгилге мүнөздүү орнаменттин ар түрдүү белгилеринин жыйындысы болуп саналат.

## Орнаменттеги симметриянын үч түрү

Орнаменттин негизинен үч түрү болот. Алар: ***1. розеткалар, 2. жээк, кыюулар (бордюр), 3. тордомолор (сетка)***[86]. Предметтерди коөздоодо жээк (бордюр), эгерде ал тегерек предметтин четтерин алкактаса, розетка келип чыгышы мүмкүн. Ал эми өз кезегинде жээк (бордюр), тор

(сетка) орнаменттен келип чыгышы мүмкүн «путем отсечения какой-либо его части» (Иванов С. В., 1958: 20). Мындай мисалдар об угрларында (обские угры) көп. Кайра жаралган орнаменттер абдан көп убакыт өз алдынча жашай бериши ыктымал.

Айрым учурларда, мисалы, каракалпактарда, түркмөндөрдө, кыргыздарда жана өзбектерде башка түрдөгү кубулуштар байкалат: орнаменталдык мотивдер аларда түз сызыктуу же кыйшык сызыктуу контурда болот.



**3-сүрөт.** Орто Азия элдеринин орнаменттеринин мотивдери: 1-2- кара-калпактар; 3-4- көчмөн өзбектер; 5 – түркмендер; 6 – кыргыздар. 1-кийиз (Этнография институтунун Түркмөн экспедициясынын материалдары); 2 –килем (МАЭ, фото № 4076 - 408); 3-4 сайма (вышивка) (Б. Х. Кармышева, «Локайские мопрачи» и «ильгичи», «Сообщения Республиканского историко-краеведческого музея», вып. II, Сталинабад, 1955, рис. 23, 20); 6 – килем (А. А. Боголюбов, Ковровые изделия Средней Азии, табл. XXXVI).

Мына ушулардын кайсынысы байыркы, кайсынысы кийинки жана салыштырууну кайсы багытта жүргүзүү керектиги, албетте, суроону туудурат. Бул үчүн салыштырма изилдөөнү тарыхый шарттарды эске алуу менен жүргүзүү зарыл, бул болсо тигил же бул орнаменттин мыйзамченемдүү өнүгүшүн түшүнүүгө жана анын негизинде алдын-ала аналитикалык иштерди жүргүзүү-

гө байланыштуу болот жана өз кезегинде орнаментти тарыхый булак катары терең изилдөөгө көмөк көргөзөт (Иванов С. В., 1958: 22).

Айрым элдердин искусствосунда, өзгөчө токууда жана согууда (вязание) фондук бөлүктөр оюунун өзү сыяктуу эле ролду ойноп, өз алдынча оюу катары чыккан учурларын байкоого болот дейт С. В. Иванов. Мына ушундай оюуларды салыштырууда биринчи иретте изилденип жаткан оюулардын кайсынысы позитивдүү, кайсынысы негативдүү, т.а., калдык (остаточный) фондду түзөт деген маселени чечип улуу керек. Мисалы, төмөндө № 4-сүрөттөгү розетканы (*№ 4 (а)-сүрөт*) карап көрсөк, аны ар кандай түшүнүүгө болот: учтары тармалданган крест түрүндөгү кочкордун мүйүзүн элестеткен розетка (*№ 4 (б)-сүрөт*), «либо как бордюр из парных завитков с ромбом между ними, помещенный внутри кольца» (*№ 4 (в)-сүрөт*) (Иванов С. В., 1958, СЭ, № 2, 21).



а б в

**№ 4-сүрөт.** VII-IX кк. синьцзяндык көчмөндүн кийиминдеги орнамент (Le Goq, Chotsch «Kцniglich-Preussische Turfan-Expeditionen», Berlin, 1913, 31-таб.) ( Материал С. В. Ивановдон алынды (1958, СЭ, № 2, 22).

Ошентип, айрым учурларда негизги оюу менен катар эле фондук бөлүктөр да маанилүү ролду ойношу толук мүмкүн.

№-4-сүрөттөгү синьцзяндык көчмөндүн кийиминдеги орнамент деп берилген кочкордун мүйүзүн элестеткен бул оюу – кыргыздардын оюуларындагы мотивдерге окшойт. Ушундан улам көчмөндөрдүн орнаменттериндеги жалпылык жана өзгөчөлүк, орнаменттин көчмөн элдердин турмушунда колдонулушу, башаты, өнүгүү доорлору

боюнча ыраattуу изилдөө дагы алдыда атайын иликтөөгө алынуучу маселелерден деп ойлойбуз.

С В. Иванов азыркыга чейин тарыхый аспектте элдик орнаментке карата симметрияны изилдөөнүн жыйынтыктары колдонулбай келаткандыгын белгилейт. Анткени симметрия декоративдик, анын ичинде элдик искусстводо чоң роль ойнойт. Анын мыйзамдарына, берилишинин ар кылдуулугуна жараша бир канча түрлөргө бөлүнөт, ар бир түрү өзгөчө белгилер менен белгиленет же аларды «симметрия символдору» деп аташат. Мына ушул маселелерди иштеп чыгууда чоң эмгек сиңирген окумуштуу А. В. Шубников (1927: № 7-8; 1935: № 7) болуп эсептелет.

Бул изилдөөлөр искусствонун тарыхы жана этнографиянын ар түрдүү элдердин декоративдүү искусствосун изилдеген бөлүгүндө, тактап айтканда, орнаментти изилдөөдө жана сыпатоодо колдонулбай келет. Муну археологдор да пайдаланбай келишет. Мунун себеби ар кандай. Бир жагынан, бул маселеге маани беришпейт, көркөм чыгарманын формалдуу моменттери тарыхчыга эч нерсе бербей турган экинчи пландагы нерсе деп эсептелет. Ошондуктан археология жана этнографияда «упор делается на изучение идейного содержания памятника, на его сюжетную сторону, на социальные моменты, обусловливающие те или иные стороны художественного произведения»(Иванов С.В., 1958: 22).

Ошентип, орнаменттин бардык түрлөрү комплекстүү изилдениши зарыл.

### Орнамент - жазуу белгиси

Археология менен этнографияда көп мезгилдер бою орнамент менен байланыштуу диний көз караштарды изилдөө багыты өкүм сүрүп келген.

Л. Р. Кызласов, Г. Г. Король поэзияда, орнаментте мифологиялык образдар баары бир коомдун бардык

мүчөлөрүнө түшүнүктүү деген ойдо. Алар: **«Каждый образ наполнен глубоким смыслом и является не просто знаком, а облечен в некую конкретность»***(белгилеген – Г. Ж.)* (1990: 4), - дешет. Образдын символго айланышы «передает ему смысловую глубину и перспективу. Содержание подлинного символа, несмотря не всю условность, отражает представления эпохи об окружающем мире и человеке в нем» (Кызласов Л. Р., Король Г. Г., 1990: 4).

Орто кылымдардагы орнаменттеги - «көркөм фольклордогу» фантастикалык музмун, терең символизм жана башка бир катар олуттуу мүнөздөмөлөр анын фольклор менен тыгыз байланышын аныктап турат. Ал эми фольклордук искусство (сүрөт жана көркөм) элдин турмуш-тиричилиги менен тыгыз байланыштуу экендиги маалым (Кызласов Л.Р., Король Г Г., 1990: 4).

Сүрөт искусствосу, ошондой эле орнамент, анда чагылдырылган символдор - кыргыз элинин жашоо-турмушун, тиричилигин камтыган баалуу материал.

Ошентип, орнамент камтыган мазмун адамдар жашаган коом, жаратылыш, андагы жашаган адамдар, алардын дүйнөгө көз караштары ж.б. тууралуу реалдуу маалымат бере алат. **Кыргыз орнаменттери – кыргыздын башынан өткөргөн жашоосу тууралуу баян.**

Айрым окумуштуулар орнаментти жазуу белгиси деп эсептешет. Бул тууралуу С. В. Ивановдун пикирин келтирели: «Другие **сближали орнамент со знаками письма** *(белгилеген – Г. Ж.),* рассматривая его как социальную метку, как признак, указывающий на принадлежность к роду, племени, социальной группе и т. д...» (1958: 23).

Биз орнаментти мына ушул өңүттөн карайбыз, б.а. орнамент – жазуу белгиси болуп эсептелет.

**Кыргыз орнаментинин өнүгүү эволюциясы**

Азыркы кыргыз искусствосунун башаты эң байыркы доорлорго барат. Кыргыз искусствосунун генезиси кыргыз эли сыяктуу эле б. з. ч. II миң жылдыкка барат. А. Н. Бернштам: «И в орнаментах на посуде пастушеских племен Енисея эпохи бронзы (II тысячелетие до н. э.) мы видим далекого предка современного киргизского искусства» (1998, II: 531). Ал орнаменттер *геометриялык* болгон, алардын семантикасы изилдөөчүлөр үчүн толук ачыла элек. Бирок ал мезгилде алар эстетикалык гана эмес, магиялык-культтук мүнөздө эле. Б. з. ч. I миң жылдыкта таштан жасалган биринчи эстеликтерде (изваяние) кочкордун башы, башкаларында күндүн сүрөтү тартылган. Булар уланып отуруп, кийин скиф доорунда (б. з. ч. VII-III кк.) кеңири өнүгүүгө ээ болгон. Ошол мезгилде аскага чегилген сүрөттөр пайда болгон. Енисейдеги мындай сүрөттөр дүйнө жүзүнө маалым. Аларда кийинки б.з. I миң жылдыгына тиешелүү дагы сүрөттөр бар. Окумуштуулардын пикири боюнча андагы сүрөттөр үч хронологиялык топту түзөт. 1) Эң байыркы тобу сакралдуу мүнөздө жана коло дооруна тиешелүү; 2) эллинистик күчтүү таасир; 3) парфян-сасанид таасири байкалат (А. Н. Бернштам, 1998, II: 532).

Енисей жээгиндеги аскаларга жана кийинки металлга түшүрүлгөн сүрөттөр алардын байыркы мезгилде кандай өнүккөндүгүн көрсөтүп турат. Сүрөттөрдө жаратылыш жана адамдын турмушу реалдуу берилген. Колодон жасалган жаныбарлардын фигуралары адатта тотемдерди (бугу, теке, аюу, барс ж. б.) чагылдырган. Мындай сүрөттөрдүн гүлдөгөн мезгили – б. з. ч. VII-I кк. тагар маданиятына туура келет.

Тагар маданиятынын аяк ченинде Енисей көчмөндөрүнүн искусствосунда гипс бет каптарын жасоо кеңири таралган. Ал адегенде өлгөн кишинин потретин так берсе, кийин алар өз алдынча жасалып, боёлгон.

Енисей кыргыздарында жеке адамга жасалган бет каптар жалпыланган түргө өтө баштайт, А. Н. Бернштам бейит үстүндөгү статуялар (балбалдар) ошол бет каптардын негизинде келип чыккан болушу мүмкүн деп божомолдойт. Эгерде мурун жаныбарлардын кармашы, тотемдер искусстводо кеңири чагылдырылса, кийин, б. з. ч. VI-III кк. алардын ордун адам ээлейт. А. Н. Бернштам: «Изображение последнего *(адам – Г. Ж.)* в киргизском искусстве утверждается в силу культа предков, который был основой появления вышеупомянутых гипсовых масок» (1998, II: 532), - дейт. Ал эми бабалардын ыйыктыгы түздөн-түз жоокер менен байланыштуу болгон, анткени А. Н. Бернштам белгилегендей: «...война составляла главную отрасль занятий древних киргизов» (1998, II: 532).

Мына ушул мезгилде кыргыздар башка мамлекеттер – Кытай, Орто Азия, Иран менен тыгыз байланышта болгон, ошондуктан аларга аталган мамлекеттердин маданиятынын таасири тийген. Буга Л. Евтюхова жана С. Киселев тарабынан Енисейдеги Миң-Суу жергесиндеги Копёнден табылган (1939-ж.) бай материалдар күбө. Копён табылгаларында кытай жана иран техникасынын, ал түгүл сюжеттеринин издери бар дейт А. Н. Бернштам.

Ошондой эле Копён табылгаларында байыркы айбанаттар стилинин эң кийинки көрүнүштөрү орун алган, анткени VI-VIII кк. енисейлик кыргыздар «выступают как самые поздние и единственные носители традиции скифского звериного стиля» (Бернштам А. Н., 1998, II: 533).

Енисей кыргыздарынын маданиятынын гүлдөгөн мезгилинен (VI-IX кк.) кийин маданий өнүгүүнүн темпи кескин басаңдаган. Буга бир кыйла кыргыздардын Тянь-Шанга көчүшү менен байланыштырылат, «...а затем и упадком их самостоятельного творчества ввиду господства над ними монголов» (Бернштам А. Н. , 1998, II, 533).

Ошондон баштап кыргыздардын маданиятынын өнүгүшү Тянь-Шань бутагы менен байланыштуу болот.

Ошентип, кыргыз орнаменттеринин тарыхынын башаты байыркы замандарга барат (б. з. ч. II миң жылдыкка) жана ошондон баштап кыргыз орнаменти эволюциялык өнүгүүгө ээ болгон.

## Кыргыз орнаментинин изилдениши

Кыргыз орнаментикасы илгертен эле кызыгуучулардын көңүлүн өзүнө буруп келсе дагы, ага болгон атайын кызыгуу XX кылымдарда башталган. Кыргыз орнаменттерин каттоо жана анын кыскача сыпатталышы андан бир топ эрте башталса дагы, «...он не был специальным сюжетом у исследователей типа, например, Н. Зеланда, давшего одно из первых этнографических описаний киргизов» (Н. Зеланд, 1885).

Ошентип, кыргыз прикладдык искусствосу XX кылымдан баштап гана изилдөөчүлөрдүн кызыгуусун жараткан.

Венгр окумуштуусу Альмашинин «Кара-кыргыздардын орнаменттери» (1907) аттуу эмгеги жарык көргөн. Ал кыргыз орнаменттери боюнча өзүнүн байкоолорун жарыялаган. Альмаши кыргыз орнаментинде фитоморфтук оюуларга караганда зооморфтук орнаменттер архаикалык экендигин белгилеген жана негизги көңүлүн «кочкор мүйүзүнө» бурган. Анын пикири боюнча эң байыркы техника «аппликациялык» болуп эсептелет. Ал эки топтогу орнаменттер менен байланыштуу «Hornmotiv» (мүйүз мотиви) жана «Heratimotiv» (Гератский мотив) мотивдерин бөлүп берген. Андан тышкары өздөштүрүлгөн – спиралдык жана меандрлык (кытай жана грек жаратылышындагы) мотивдерди белгилеген.

Кыргыз орнаментикасы боюнча А.Фелькерзамдын «Орто Азиядагы эзелки (старинные) килемдер» (1915) деген эмгеги жарык көргөн.

1917-жылдан кийин элдин маданиятын изилдөөгө көбүрөөк көңүл бурула баштаган. Орто Азия килем

өндүрүшү А. А. Семеновдун библиографиялык көрсөткүчтөрүндө орун алган (1925). Бирок ошондой болсо дагы кыргыз орнаментикасы боюнча атайын чоң изилдөөлөрдүн тарыхы жок, орнаментика «... всегда являлась лишь попутным сюжетом исследования, как правило, другого направления» дейт А. Н. Бернштам (1998, II: 634).

Кыргыз искусствосуна искусствоведдер, сүрөтчүлөр, этнографтар да кызыгышкан. Мисалы, сүрөтчү, этнограф С. М. Дудин элдик искусство тууралуу кызыктуу материал берген (1925, 1928). Бул тууралуу А. Антипина: «Однако ценность их принижается тем, что автор точно не дифференцирует казахские и киргизские произведения» (1962: 5), - дейт.

Кыргыз орнаменттери боюнча атайын изилдөөлөр жүргүзүлө баштаган. Мисалы, С. М. Дудиндин «Киргизский орнамент» (1925), М. Андреевдин «Орнамент горных таджиков и киргизов Памира» (1928), М. Гавриловдун «Орнамент киргиз Сусамыра» (1929) аттуу эмгектери жарык көргөн. М.Андреев кыргыз орнаменттеринин 29 элементин, М. Гаврилов 34 элементин таап чыгышкан. Бул ачылыштардан улам кыргыз оюуларынын мааниси жана аталыштары бар экендиги белгилүү болгон.

В. Чепелевдин «Об искусстве казахского народа» деген макаласы (1936) казак искусствосуна арналганы менен кыргыздардыкы менен тыгыз байланышта каралган. Сүрөтчү М. В. Рындиндин «Киргизский национальный узор»аттуу фундаменталдык эмгеги (1948) өзгөчө орунда турат.

Ошондой эле Ф. А. Фиельструп (1926), С. М. Абрамзон (1946, 1948, 1949, 1953, 1954), ошондой эле С. М. Айтбаева (1957), Е. И. Махова (1958), П. И. Кушнер (1929), К. И. Антипина (1962) ж.б. эмгектери жарык көргөн.

Ф. А. Фиельструп кыргыз жергесине келип, абдан чоң этнографиялык материалдардын жыйнаган (1926).

С. М. Абрамзон 1927-жылы Алайга комплекстүү экспедицияга келген. Ошондон баштап ал 1926-жылы

уюшулган Кыргыз өлкө таануу музейин улам жаңы материалдар менен толуктап турган (1940, 1946, 1948, 1949).

Түндүк кыргыздардын материалдык маданияты түштүк кыргыздарга караганда көбүрөөк баяндалган. Мисалы, ысык-көлдүк кыргыздар М. Айтбаева (1957), Е. И. Махованын (1958) эмгектеринде, Талас өрөөнүнүн райондору П. И. Кушнердин эмгектеринде чагылдырылган.

А. Ф. Бурковский «Техника современных домашних промыслов и ремесел в киргизских колхозах» деген темада диссертация жактаган (1954). Аталган эмгек түндүк кыргыздардын өнөрүнө арналган. А.Ф.Бурковскийдин кийинки жарык көргөн эмгектери кыргыздардын мал чарбачылыгына тиешелүү сырьёлорду иштетүү маселелерине (1957) жана металл иштетүү техникасынын тарыхына арналган (1959).

М. Р. Рыскулбековдун макаласы кыргыздардын революцияга чейинки кол өнөрчүлүгүнө арналган. Анда айрым этнографиялык маалыматтар камтылган (1950).

1935-1955-жж. СССРдин Илимдер академиясы менен Кыргыз ССРнин Илимдер академиясынын тарых институту тарабынан уюшулган комплекстүү этнографиялык экспедициясы жүргүзүлүп, анын негизинде 4 томдон турган эмгек жарыкка чыккан.

А.Антипинанын «Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных киргизов» деген эмгеги Ош областынын түштүк бөлүгүндө (1955-1956-жж.) жана Баткен, Ош райондорунда (1958) жүргүзүлгөн экспедициянын материалдарына негизделген.

А.Антипинанын маалыматы боюнча экспедициянын максаты төмөнкүдөй болгон: «выявить этнографический облик, вскрыть самобытные черты и этнические своеобразие южных киргизов, отметить лучшие народные традиции, по возможности изучить более ранние формы материальной культуры, черты сходства и различий в быту основных родоплеменных групп, на которые в прошлом делилось киргизское население юга Киргизии» (6).

Талас өрөөнүндөгү жазма эстеликтер да изилдөөгө алынган (булар тууралуу мурунку бөлүмдөрдө сөз болгон).

А.Акматалиевдин «Жасалга өнөр чеберлери» (1982), «Кыргыздын колдонмо-жасалга өнөрү» (1989) ж. б. эмгектери кыргыздардын колдонмо-жасалга өнөрүнө арналган. Бирок кыргыз орнаменттери жазуу катары атайын изилденген эмес.

## Кыргыз орнаменттеринин негизи – реалисттик сүрөттөр

**Искусстводогу реалисттик жана орнаменталдык багыттар.** Искусствонун өнүгүшүнүн тарыхы мурун да реалисттик агымдын болгондугун көрсөткөн. А. Н. Бернштам: «Наряду с развитием орнамента, также реалистического в основе (эпоха бронзы), шло развитие и реалистического искусства, наиболее ярко проявившегося в искусстве скифов» (1998, II: 645).

Ошентип, искусстводогу реалисттик жана орнаменталдык линия байыркы замандан бери бири-бирин толуктап, үзгүлтүксүз катар жүргөн. Алардын катарында «родилось линеарное формотворчество (так называемое «сарматское» искусство), призванное обработать зернью, гранью, инкрустацией массу награбленных варварами сокровищ, принадлежащих новорожденной аристократии. Эта третья линия искусства – чисто орнаментальное формотворчество было возведено на Востоке в идеал, в частности в мусульманском искусстве» (Бернштам А. Н., 1998: 646).

А.Н. Бернштам мына ушул бирин-бири-байытып келген үч багыт ар кандай доорлордо ар түрдүү эффект менен бир ыкка келип колдонулуп келгендигин маалымдайт. Бирок дайыма эле искусстводо синкретизмге жетишилген эмес, биз эклектикага да күбө болуп келдик дейт А. Н. Бернштам (1998: 646).

**Кыргыз орнаменттеринин негизи – реалисттик сүрөттөр.** Ал эми кыргыз искусствосуна мүнөздүү белгилер

кайсылар? Кыргыз искусствосуна арналган эмгектерде ал орнаменталдык-декоративдик деп каралып келген. Боголюбовдон жана Фелькерзамдан баштап Дудинге жана Гавриловго чейин ушундай пикир айтылган. Бирок советтик окумуштуулар башка көз караштa болгон. Мисалы, В. Чепелев кыргыз декору өзгөчө касиетке ээ деген. Анын пикиринде кыргыз орнаменти мазмуну боюнча баяндоочу оюулардан турат, т. а. «он способен выражать конкретные представления о реальном мире и ему не чужды *мотивы реалистического порядка*». В. Чепелевди А. Ромм колдогон (1941: 91).

Реалисттик искусство уруулук коомдо пайда болгон жана ал кыртышта анын эң жогорку үлгүлөрү жаралган. Мына ушул реалисттик агым байыркы заманда скиф искусствосунда абдан ачык-айкын чагылдырылган. Ал эми кыргыздар ушул скифтик стилдин соңку өкүлдөрү болуп эсептелет.

А. Н. Бернштамдын маалыматы боюнча азыркы кыргыз оюуларында белгиленген процесс изилдөөчүлөр тарабынан байыркы скиф материалында Андерсон тарабынан катталган. Андерсон адегенде «натуралисттик» объекттер стилизация процессин баштан кечиришет, андан соң анын кайталанышы жекече образдардан турган орнаменталдык катарды түзөт деген. Мына ушундай процесс менен жаралган орнамент – искусствонун өнүгүшүндөгү өзүнчө этап болуп саналат жана ал кыска жана так, реалдуу образды берүүдө орнаменттин өзөгүндөгү реалисттик канваны сактайт (1998: 645).

Өзөгү реалисттик болгон орнаменттин өнүгүшү менен кошо эле (коло доору) реалисттик искусствонун өнүгүшү (скиф искусствосу) катар жүргөн. Буга байыркы венгр маданиятынын материалы «Keszthelеy» мисал боло алат. Бул образды түзүүдө «выступает тенденция к сохранению плавных, не пересекающихся линий, свойственных силуэтному рисунку животных» (Бернштам А. И., 1998: 645).

А.Н.Бернштам кыргыз искусствосуна реализмдин белгилери мүнөздүү экендиги далилденген, кыргыз

орнаменти өзүнүн негизинде реалисттик болуп саналат (Бернштам А. Н., 1998: 646), - дейт. Мисалы, буга М. В. Рындиндин эмгектери далил боло алат. Бул тууралуу: «Работа М. В. Рындина **раскрывает реалистические истоки киргизского орнамента и его глубокие исторические корни»** *(белгилеген – Г. Ж.),* - деп айтылат (Бул материалдар КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун архивинде сакталуу).

Алгачкы сюжеттер жалпыланып, анын башкы жана типтүү белгилери алынып, бара-бара анын схематизациясы көбөйгөн. Жыйынтыгында, шарттуу белгилер (изображения) келип чыккан. Бул орнаментация процесси реалдуу сюжеттердин жоголушу эмес, тескерисинче, экинчи даражадагы майда-барат нерселерди калтырып, негизги багыттарды сын көз менен иргеп алган, башкалардан өзгөчөлөнгөн синтез болуп саналат.

А.Н.Бернштам: *«Киргизский узор выступает как лаконичное, но выразительное воспроизведение реальной действительности, не исключающее образности и декоративности»* (1998, II: 644), - деген.

Кыргыз оюуларынын түпкүлүгү шарттуу чындык экендигин А. Акматалиев да өзүнүн «Кыргыздын колдонмо-жасалга өнөрү» деген эмгегинде белгилейт (1989: 15).

О.Каратаев кыргыздар өздөрүнүн дүйнө таанып-билүүсүн, жаратылыштагы жана коомдогу кубулуштарды туя билүүсүн шырдак, оюу-саймаларда, килем ж. б. у. с. буюмдардагы белги-орнаменттерде чагылдырып келет дейт (2013: 171).

Ошентип, кыргыз орнаменттеринин негизги элементтери реалисттик сүрөттөн келип чыккан, ал эми анын абдан кыска жана так берилиши реалисттик сүрөттүн гүлдөгөн мезгилин башынан өткөргөндө гана жаралат. А. Н. Бернштам айткандай (1998: 645), реалисттик искусствонун жогорку деңгээли гана реалдуу образдарды камтыган орнаменттин (оюу-чийүү) жаралыш процессин шарттайт.

Бул маалыматтар кыргыздардын оюуларынын реалистик мүнөзүн аныктап турат. Ар бир оюунун тереңинде кыргыздардын тарыхы, жашоо-турмушу, салт-санаасы, ишенимдери, дүйнөгө көз караштары, жаратылыш дүйнөсү, жаныбарлар дүйнөсү ж.б. жатат.

### Байыркы орнаменттер кыргыз оюуларында Кыргыз орнаментиндеги байыркы мотивдер

Кыргыз оюуларында кыргыздар жашаган доорлорду чагылдырган орнаменттердин бар экендиги тууралуу А. Н. Бернштам: «Киргизский орнамент и народный фольклор многое запечатлел из эпохи расцвета культуры Киргизстана - домонгольской эпохи, особенно в орнаменте ширдаков и тушкиизов можно найти воспроизведение священной птицы согдийцов – фазана, вихревую розетку караханидов XI–XII веков, орнаментальный круг VII-X веков, китайский символ благополучия, достатка жизненных благ – «таотье», геометрическую линию карлукского периода VIII-X веков, рисунок штампа XI-XII веков и разновидности бараньх рогов, ныне в ширдаках воспроизводящих рисунок древнего образца, и многое, многое другое, в основном фоне самобытного киргизского орнаментального искусства» (1950: 25), - дейт.

А. Н. Бернштам Кыргызстандын искусствосунда X кылымда официалдуу түрдө ислам үстөмдүк кылгандыгын, муну менен оюуларга өсүмдүктөр оюусу менен чырмалышкан куран мазмунундагы жазуулардын киришине мыйзамдуу жолдун ачылгандыгын белгилейт.

Ошондой болсо дагы кыргыз искусствосунда реалисттик канондор сакталган. А. Н. Бернштам: «Их *(кыргыздардын – Г.Ж.)* стремление к независимости от религиозных канонов проявлялось в искусных изображениях реалистического порядка, заимствованных из животного мира...» (1950: 20). Сүрөтчүлөр, кол өнөрчүлөр фазан, бака, аюу, ал түгүл адамдардын сүрөттөрүн кошуп тартышкан. Бул мезгилде сүрөтчүлөр фрескалуу живопись

(роспись красками по сырой штукатурке) менен кооздошкон (1959: 20).

Ошентип, кыргыз оюуларында байыркы мотивдер терең орун алган. Кыргыз орнаменттери, оюулары кыргыздардын тарых барактарын даректүү толуктоого, тактоого түздөн-түз жардам берет. Кыргыз орнаменттериндеги ар кандай мотивдер алардын кайсы доорго тиешелүү экендигин аныктоого, кыргыздардын башка элдер менен маданий байланыштарын ачууга жардам берет.

**Кыргыз орнаментиндеги байыркы мотивдер. Кочкордун башы тартылган күн – кыргыз орнаментинде.** Кыргыз искусствосу кыргыз элинин тарыхы сыяктуу эле байыркы болуп эсептелет. Оюулардын семантикасы да архаикалык болуп саналат.

Альмаши сүрөт тартуудагы эң байыркы техника – ***аппликация*** болгон деп эсептейт. Ошондой эле оюунун эки түрүн – «Hornmotiv» (мүйүз мотиви) жана «Heratimotiv» (Герат мотиви) белгилеген (Бернштам А. Н., 1998: 663).

Академик Н. Я. Марр **кыргыз орнаменттеринде кочкордун башынын сүрөтү тартылган күн (солнце) бар экендигин далилдеген.** Ал эми кочкор кыргыздардын байыркы тотеми болгон жана ал ыйык деп эсептелген күн менен байланыштырылган.

Альмаши кыргыз орнаменттери тууралуу эмгегинде килемдердеги «фитоморфтук» оюуларга караганда **«зооморфтук» оюулар мурун пайда болгон дейт, ал негизги көңүлүн «кочкордун мүйүзүнө»** *(белгилеген – Г. Ж.)* бурат (Gyųrgy Almasy, 1907, 144-152 жана 163-167-бб.).

Карасук маданиятынын эстеликтери боюнча кочкор кыргыздарда ыйык деп эсептелген. Бул алардын диний ишенимдеринен кабар берет. Кочкордун башы тартылган күндүн сүрөтү – логографиялык жазууга кирет, б.а. анда сүрөт дал өзүндөй тартылбастан, шарттуу белги катары (логограмма) берилген.

Кыргыз орнаменттеринин башаты байыркы кыргыздардын мал чарбачылыгы түзүлө баштаган мезгилден

башталган, тактап айтканда, мезгили боюнча б. з. ч. II миң жылдыкка барат. А. Н. Бернштам кыргыз орнаменттерине талдоо жүргүзүп, төмөнкүдөй жыйынтыктарга келген: «Кыргыз искусствосу кыргыз элинин тарыхы сыяктуу эле байыркы болуп саналат, анын башаты б. з. ч. II жылдыкка барып такалат, ал эми гүлдөгөн мезгили б.з. VI-VIII кылымдарга туура келет» (1998, II: 536).

Кыргыздар маалыматты каттоо, ойду билдирүү үчүн пиктографиялык жазууну (сүрөт жазуусу) колдонушкан, предметтерди, менчик буюмдарды бири-биринен айырмалоо үчүн эн тамгаларды коюшкан, бул бара-бара логограммаларга айланган, б.а. кыргыздар логографиялык жазууну да колдонушкан. Азыркы кыргыз орнаменттеринде, оюуларында коммуникациянын семасиографиялык ыкмасына кирген сүрөттүк ыкманын (пиктографиялык жазуу), идентификациялык-мнемоникалык ыкманын (эн тамгалар) айрым элементтери сакталып калган жана сөздүк жазуунун (логографиялык жазуу) элементтери бар.

VI-VIII кк. тиешелүү кыргыз дөбөлөрүн казуудагы табылгалар – кыргыз искусствосундагы байыркы мотивдердин кийинки мезгилге чейин сакталып келгендигин далилдеди.

С. В. Киселев көп мезгилге чейин кыргыз искусствосунда өсүмдүк орнаменттери басымдуу экендиги жөнүндөгү пикир жашагандыгын белгилеп, мындай пикирди кийинки мезгилде «Чаатас» (VI-VIII кк.) кыргыз дөбөлөрүн казууда табылгандар өзгөрткөндүгүн» белгилейт (Киселев С. В., М., 1951: 616).

С. В. Киселев Теси жана Уйбат дөбөлөрүнөн (эски мүрзөлөрдүн орду) табылган жаныбарлардын жуп башы кыргыздарда таштык мезгилиндеги традициялардын сакталып калгандыгын маалымдайт. Ал муну 1934-жылы Капчал дөбөсүнөн В. П. Левашов тарабынан табылган **кочкордун эки статуэткасы** *(белгилеген – Г. Ж.)* бышыктап турат дейт, бул статуэткалар жыгачтан жасалып, алтын,

күмүш жана колодон жасалган жалбырак менен капталган. Мындан кыргыз сүрөтчүлөрүнүн мурунку скиф-сибирь искусствосунан жаныбарлардын образын гана эмес, торевтика *(металл буюмдарды кол менен көркөмдөп рельефтик жактан иштеп чыгуу техникасынын жыйындысы)* техникасын да сактап калышкандыгы маалым болгон. Ал эми 1938-жылы Уйбат чаатасынан жогоркудай эле кочкордун статуэткасынын табылышы – VI-VIII кк. кыргыздарда үстү алтын менен капталган жыгачтан оюп жасалган жаныбарларлардын абдан кеңири жайылгандыгын көрсөткөн (Киселев С. В., 1951: 616-617).

Кыргыз оюларында кыргыздардын байыркы мекени болгон Енисейдеги жашоону элестеткен *кайыктын* жана түндүк *бугунун мүйүзүнүн* элестери кездешет. Кыргыз оюуларында Кытай, Иран, Орто Азия таасирлери да бар экендигин А. Н. Бернштам белгилейт. Ошентип, байыркы кыргыз мотивдери кыргыз оюуларында бүгүнкү күнгө чейин сакталып жана колдонулуп келе жаткандыгын белгилемекчибиз.

## Саймаланган баш кийимдер
## Сак маданияты Жети-Сууда (б. з. ч. VI-III кк.).

**Саймаланган кыргыз калпагы сактарда.** В. Массондун маалыматы боюнча грек жана байыркы иран тексттеринде, болжол менен Жети-Сууда жашаган түштүк сактар төбөсү бийик баш кийимдерди[87] кийишкен *(белгилеген – Г. Ж.)*. Ал: «Именно такой высокой шапкой изображен на бисутунском рельефе сакский вождь Скунха,» – дейт. **Конус образдуу, алтын жиптер менен саймаланган сый жана күндөлүк варианттардагы мына ушундай баш кийимдер** *(белгилеген – Г. Ж.)* байларга тиешелүү сак күмбөздөрүнөн табылган. В.Массон азыркы кыргыздардын калпагынын башатын мына ушул калпакка алпарып такайт: **«Вполне вероятно, что как общая идея высокого головного убора с парадным и бытовым вариантами как функционально удобного имеет прямое продолжение и**

**что к этой традиции восходят современные головные уборы кыргызов»** *(белгилеген – Г. Ж.)* (Массон В., 2003: 30).

Бул саймаланган кыргыз калпагынын башаты байыркы замандарга барарын көрсөтүп турат. Байыркы кыргыз калпагы жана ага түшүрүлгөн оюулар, алардын мааниси, калпактын бүгүнкү күнгө чейинки өнүгүү эволюциясы үзүнчө изилдөөгө алына турган маанилүү маселелерден деп ойлойбуз.

## Маданий мурас алгачкы көчмөндөрдүн доорунда Сак-усун маданий мурасы Кыргызстанда жана Түштүк Казакстанда

Маданий мурастын экинчи катмары эрте көчмөндөрдүн дооруна туура келет. Бул мезгилде Кыргызстанда жана ага ыкташа жайгашкан Түштүк Казахстанда сак-усун деп аталган маданий мурас калыптанган. Бул катмардын бир катар белгилери Азиянын талаа зонасындагы көптөгөн элдерге, ошондой эле Миң-Суу ойдуңуна мүнөздүү болгон. Бул жерлердеги сак-усун деп аталган маданий мурас археологиялык систематика боюнча тагар маданиятынын локалдуу көрүнүшү катары каралат (Массон В., 2003: 29-30).

Сак-усун деп аталган маданий мурастын издери Кыргызстандын территориясында да болгон.

В. Массон сак-усун деп аталган маданий мурас катмарынын анын бардык блокторунда көрүнүшү жалаң гана байыркы Кыргызстан үчүн эмес, дегеле талаа зонасындагы толуп жаткан элдер үчүн мааниси чоң болгондугун белгилейт. Ушул мезгилде номаддардын туруктуу жашоо образы бардык көрүнүштөрү менен чарбачылык, тиричилик жана жүрүм-турум сфераларында калыптанган. Ал эми маданият чөйрөсүндө **килем токууда иштелип чыккан оймо-чиймелүү көркөм оюу (орнамент) салынган кийиздерден** *(белгилеген – Г. Ж.)* башталган шайкеш тизмектер («цепочки соответствий») көзгө урунат (2003: 30).

Мындан кыргыз оймолору сак доорунда эле өнүгүүгө ээ болгондугун көрүүгө болот.

## Сөздүк (логорафиялык) жазуу миң-суулук кыргыздарда

Жогоруда айтылгандай, б. з. I жана II миң жылдыктарынын чегинде енисей эстеликтеринде Енисей дарыясынын боюнда, Миң-Суу ойдуңунда жашаган кыргыздардын жашоо-турмушу чагылдырылган. Окумуштуу А. Д. Грач тарабынан өткөн кылымдын 60-жылдарында табылган эстелик байыркы жана орто кылымдагы Туванын (азыркы Тыва) көчмөн маданиятынан кабар берет.

Казылган дөбөлөрдүн ичинен 200дөн ашык жоокерчиликке тиешелүү жез буюмдар, колодон жана жезден жасалган буюмдар, эки кылыч, күмүш кумура, жезден жасалган жаанын учуна сайгыч, калкандуу жалпак темир, сооттун калдыктары, үзөңгүлөр, ооздуктар ж.б. табылган. Алардын ичинде эң баалуу деген табылга - эки кылыч.

Анын биринде түз кеткен **кылычтын мизи жана кайчылашкан (крест түрүндөгү) айкашуу** *(белгилеген – Г. Ж.)* бар. Канжардын мизи отко абдан ысыган соң, аны тең ортосунан бүктөп коюшкан. Бул болсо ээсинин артынан кылычтын да өлгөндүгүн билдирген (Худяков Ю. С., 2003: 14).

Бул жердеги кылычтын бириндеги кайчылашкан крест түрүндөгү айкашуу душмандашуу деген түшүнүктү билдирет. Ал эми кылычтын тең ортосунан бүктөлүп коюлушу кылычтын ээсинин өлгөндүгүн түшүндүрөт. Мындай абстрактуу түшүнүктөрдү (душмандашуу, өлүм) билдирген белгилер идеографиялык жазууга кирет. Демек, бул даректүү эстеликтер кыргыздардын сөздүк (идеографиялык) жазууну колдонушкандыгын далилдеп турат.

## Кыргыз орнаменттери ферганалык кыргыздарда

А.Фелькерзам кыргыздардын килемдери, андагы орнаменттер жана оюулар тууралуу макаласында Ферганадагы кыргыз килемдери, андагы оюулар тууралуу өтө баалуу маалыматтарды жазган. Ал бул маалыматтарды ошол жерди эң жакшы билген А. Утямышевден (1902-жылы), кыргыз килемдеринин жасалышын жакшы билген Придановдон, Фергана областында көптөгөн жылдар бою сот кызматында иштеген Брандорфтон, Александр III Орус музейине материал чогултуу үчүн бир топ жыл бою Орто Азияга саякат жасаган С. М. Дудинден алган.

А. Фелькерзамдын маалыматы боюнча килем токуу бардык областтарга тараган, «и **находится исключительно в руках киргизов, преимущественно племень Ичкилик, Хидыр-Ша (Кадыр-Ша) и Тирь** *(белгилеген –Г. Ж.)*. Главными центрами являются Андижанский уезд с волостями Курган-Тепиской, Дусаля-Кудукской и Аимской, а также Ошский уезд с волостью Булак-Башинской, где кочуют как раз вышеупомянутые киргизские племена» (Фелькерзам А., 1915: 19). Кыргыз килемдерин токуу жылдан жылдан жылга көбөйүүдө деген ал. Жергиликтүү килемдерди токууда кызыл жана көк түстөр басымдуулук кылган.

**Ферганалык кыргыздардын килемдериндеги кыргыз оюуларынын аталыштары.** Ар бир оюунун (узор) аты килемдеги улам кайталанган орнаменталдык мотив боюнча коюлат. Утямышевдин маалыматы боюнча кыргыздар ар бир оюуга ат коюунун алдында «хучат»(хучать) же «кучать» деген сөздү коюшкан. А. Фелькерзам: «это слово является лишь непереводимой присказкой, и не обозначает узор» (Фелькерзам А., 1915: 20), - дейт.

Кыргыз килемдериндеги оюулардын аттары төмөнкүдөй болгон (Фелькерзам А., 1915: 21-22):

1) *Чи-гарчикь* – «12 шакек» («12 колец») көбүнчө паластарда кездешүүчү тордомолуу (сетчатый узор).

2) *Сигзальма* – «фигура, похожая на разделенную пополам геральдическую линию». Бул көбүнчө ферганалык

жана хотандык килемдердин жээктеринде (кыюуларында) колдонулат.

3) *Эн* – меандрлык орнаменттин белгиси.

4) *Жулдуз* (китепте - джулдуз) – гүлгө же розеткага окшош.

5) *Али-сур* – «сары жана көк», ошондой эле «Тачала», бул «х» тамга түрүндөгү же ага окшош фигура. Көп боз үйлөрдүн эшик пардасында колдонулат.

6) *Чайдаш же чайдуш* – «чайник», форфордон айырмаланып, маталлдан же айнектен, чоподон ж.б., «чайгон» жана узун модалуу «кунган»*(кыргызча кумган болуу керек – Г.Ж.)* деп аталат; килемдеги өзгөчөлөнгөн оюунун белгиси (обозначение).

7) *Юл* (ошондой эле Іол, джол), Придановдуку боюнча «беркут», канатуулардын стилизацияланган фигурасынын белгиси (обозначение).

8) *Тюятабан* - «төө буту», төөнүн изинин формасын эске салган фигуранын аталышы (название).

9) *Кочхарак* (ошондой эле Исхагар) – малды же мал короону жырткыч канаттуулардан жана жаныбарлардан коруу максатында түн ичинде коюлуучу жасалма «каракчынын» (пугало) аталышы.

10) *Игерь* (же *Аксур*) – «көр үстүнө коюлган эстелик». Бул эстелик тикесинен коюлат жана анын аты ошого окшогон орнаментке берилген «в котором свободная площадь в свою очередь покрыта узором» (1915: 21).

11) *Тахта же Такта* – кыргызча «доска» деп берилген (караңыз: А.Фелькерзам, 1915: 21), ошондой эле килем менен жабылган тактадан жасалган диван сыяктуу ящик. Килемдеги оюунун ушул сөз менен белгилениши – же такта үчүн жасалган килемдин дайыма ушул оюу менен жасалгандыгында, же оюунун фигураларынын бири тактанын сөлөкөтүн (очертание) эске салгандыгында деп эсептейт А. Фелькерзам.

12) *Чуатма* – мында конокторго эт салып берүүчү тегерек табактарды элестеткен тегерек (круги) оюулар. С. М. Дудин ушундай түшүндүрмө берет.

13) *Машит* (Манблайга) – кыргыз боз үйүнүн жыгачтан жасалган эшиктин рамасы «имеющая форму четырехугольника» или «покоя» (1915: 21). Мунун аталышы килемге орнаментинин окшоштугунан же мындай оюунун эшикке жасалуучу килемдерге колдонулгандыгынан көчүрүлгөн.

14) *Пчак* (же *Пшек*) –Учи *(кыргызча бычак болуу керек – Г. Ж.)* пшек-учи Придановдун билдирүүсү боюнча: «без ножа нельзя быть» (1915: 21). А.Фелкерзам бул, мүмкүн, килем техникасына түздөн-түз тиешеси бар дейт. С. М. Дудин бул сөздү «жумушчу бычагы» же «кол өнөчүнүн бычагы» («нож мастера») деп которот.

15) *Тал-барки* – бул «тал» (чыбык, тал) жана «барки» – өзгөчө дарактын аталышынан келип чыккан.

16) *Кашаган-Нусха* – экинчи сөз «кадырлуу атактуу аял» дегенди, ал эми Кашаган – Кашгардын (жердин аты) кыргызча аталышын билдирет. Приданов муну «Кашгарлык мыкты кол өнөрчү» деп түшүндүрөт. А. Фелкерзамдын пикири боюнча бул аталыш килемдин оюусуна гана тиешелүү эмес, анын сапатына жана бышыктыгына да тиешелүү айтылат.

17) *Машади* – кыргыздардын жата турган жайынын башындагы жыгач рама; төшөк жалаң кийиздерден турат, ал эми «головная рама состоит из задней четырехугольной и двух треугольных боковых стенок; в ней помещаются только подушки. К углам и с боков задней стенки обыкновенно приделываются по 2 металлических кольца в виде украшения, а наружная поверхность задней стенки расписывается крестообразными узорами» (Фелькерзам А., 1915: 22). Ошондой эле «машади» деп кыргыздардын адатта сүрөт тартылган ящиктерди же сандыктарды жабуу же ороо үчүн колдонулган жука кийиз да аталат.

18) *Сандык* – «ящик» деген сөздөн келип чыккан оюунун аталышы. А. Фелькерзам: «отсюда же происходит русское «сундук», – дейт (1915: 22).

19) *Керекэ* – же *Харачэ-нуска*. А. Фелькерзам: «Так называется узор, похожий на орнамент дорожек, которая

опоясывают кибитку ниже «керехэ-нуски, т.е. деревянного венца, образующего основание кровли» *(китептегидей берилди – Г. Ж.)* (1915: 22)», - дейт.

20) *Падшахи* – энсиз, узун абдан кооз килемдердин аталышы, «пад» (кыска кыркылган килем» деген сөздөн келип чыккан, ал эми жылмакай, түгү жок килемдер «клэнь» («килем» же «гилем» деген эле уңгудай) деп аталат.

А. Утямышев дагы Майда-Машади, Сандык-Машади жана Кишь деген аталыштарды мисалга келтирген, бирок алардын маанилери чечмеленген эмес. Ал эми Придановго жана С. М. Дудинге бул аталыштар белгисиз болгон.

С. М. Дудиндин айтуусу боюнча кыргыздар өзүлөрүнүн оюуларында ар кандай тоют болуучу жана дарылык касиети бар чөптөрдүн формаларын колдонушат, ошону менен бирге ар бир ушундай орнамент өзүнүн аталышын сактайт. А. Фелькерзам: «Это доказывает, **что формы стилизации являются вполне установившимися»** *(белгилеген – Г. Ж.)* (1915: 22), - дейт.

Түркмөндөрдө *«тооктун изи»* («куриный след») деп аталган орнамент кыргыздардын Мангит (мангыт болуу керек) жана Хидырча урууларында *беде жалбырагы* («клеверный лист») деп аталат. Придановдун айтуусу боюнча кийинки убактарда **байыркы орнаменттер активдүү колдонулуп** *(белгилеген – Г. Ж.),* килем токуучу аялдар жаңы оюуларды кез-кезде гана кошушкан.

Килемге жаңы оюулардын кошулуп тургандыгы тууралуу да маалыматтар бар. Мисалы, А. Фелькерзам Букеев ордосундагы аялдар акыркы убактарда (1902-жылы) оюуларды Казеулдагы мектеп мугалимдеринен алышкандыгын маалымдайт, мугалимдер оюуларды чийип, аларды боёп, анан окуучуларга беришкен (1915: 22).

Ферганалык кыргыз оюуларынын тарыхы, семантикасы, алардын байыркы орнаменттер менен байланышы атайын изилдөөгө алынса, кыргыздардын тарыхы, кыргыздардын жазуусунун тарыхы баалуу маалыматтар менен толукталмак деп ойлойбуз.

## Чыгыш Түркстан кыргыздарынын килемдери

А. Фелькерзам Чыгыш Түркстан кыргыздары жана алардын жасаган килемдери тууралуу маалымат берет. Ал: «О Восточном Туркестане, Фергане, Кашгаре и Хотане – областях, **где живут киргизские племена** *(белгилеген – Г. Ж.),* ковровые изделия которых принадлежат к числу лучших в Средней Азии, - мы имеем для более отдаленного времени лишь отрывочные сведения» (1915: 23). Мындай маалыматтарды кытай жазма булактары берет (о. Иакинф Бичурин.«Собрание известий о народах, населявших в древние времена Среднюю Азию», 1951-жыл).

Андагы маалыматтар боюнча Х. Т. чейин 60-жылы хотан князы гунндарга багынган жана жыл сайын жүн жана кагаз кездемеден салык төлөп турган. Ошону менен бирге ал Яркендди (Яркенд) жеке менчикке алган (мурун Хотан бийлигинин кол астында болгон жарым өз алдынчалыгы бар областтардын бири) (Григорьев, ч. I, стр. 69; Фелькерзам А., 1915: 23). Ушул эле маалыматтарда («История северных дворов» (II-VII кк.) Хотанда ошондо эле тыт дарагы өстүрүлгөндүгү, б.а. ошондо эле жибек кездемелер чыгарылгандыгы жазылган. Кучада жука кездемелер жана килемдер, ал эми Харашарда жибек курттары өстүрүлүп, андан жибек кездемелер эмес, кебез жана жибек жиптер гана жасалган.


«История южных дворов» аттуу кытай маалымат булактарында Куча – Льяу-Чеу аркылуу Кытай менен кербенчилердин кызуу соода борбору болгон.

А. Фелькерзам: «Из сообщений арабских географов VIII-XI вв., например, Эдрисси, мы узнаем, что тогда уже существовал оживленный товаро-обмен между Туркестаном и Китаем, а также мусульманскими странами, которые получали оттуда железо и оружие, а главным образом – прочные шелковые ткани» (1915: 23).


X кылымдын ортосунда кытай элчилигинин отчетунда Хотан Кытай таасирине баш ийип, Тибет менен үзгүл-

түксүз согуш жүргүзгөн. Ошол эле жерде хотандыктардын жибек жана болотнай кездемеден кийим кийишкендиги айтылат.

Кытайга Хотандан келген салыктардын тизмеси (965-жыл) келтирилет: аттар, төөлөр, нефрит жана янтарь, ал эми кездемелер тууралуу сөз жок. 1068-1077-жж. жыл сайын Кытайга нефрит, жемчуг, коралл, пилдин сөөгү, янтарь, жыпар жыттуу жыгачтар, ртуть, камфора, нашатырь, нефрит ташы менен кооздолгон ат жабдыктары, терилер жана ладан[88] жиберип турушкан. ***Төмөндө Фергана, Хотан килемдериндеги оюулар берилет:***



**№1-сүрөт.** Фергана областындагы кара-кыргыздардын килемдериндеги оюулар (пряжечный узор).



**2-сүрөт.** Хотан килемдеринин бир бөлүгүндөгү оюулар (облачный узор). XVIII к.(Чогулткан А. Фелкерзам).




**3-сүрөт.** Фергана областындагы кара-кыргыз килеминин бир бөлүгү. Анар оюусу *(Ч*огулткан А. Фелкерзам) (Материалдар А. Фелькерзамдын эмгегинен алынды, 1915).



**4-сүрөт.** Хотан килеминин бир бөлүгү (Чогулткан А. Фелькерзам).



**5-сүрөт.** Фергана областындагы кара-кыргыз аялдары килем токууда.




**6-сүрөт.** Саймаланган кыргыз осмолдук. Мангышлак кыштагы. XVIII к. (Асхабад музейи).



**7-сүрөт.** Саймаланган кыргыз осмолдук. Мангышлак кыштагы. XVIII к. (Асхабад музейи).



**8-сүрөт.** Хотан жибек килеминин бир бөлүгү (Чогулткан А. Фелкерзам).



**9-сүрөт.** Фергана областындагы кара-кыргыз килемдеринин бөлүктөрү (Чогулткан А. Фелькерзам). Жогорудагы сүрөттөр А. Фелькерзамдын эмгегинен алынды.

Ошентип, Фелькерзам тарабынан баалуу материалдар чогултулган. Бул маалыматтар кыргыздардын уз аялдарынын килем токууда колдонгон оюулары тууралуу даректүү факты-материалдарды камтыгандыгы менен баалуу. Кыргыз оюуларынын бай тарыхы жана учурунда абдан популярдуулугу, кыргыз уздарынын бийик чеберчилиги кыргыздардын тарыхындагы жаңы барактарга толуктоолорду киргизери шексиз.

## Кыргыз оюулары

Кыргыз оюуларын изилдөөгө М. В. Рындин чоң эмгек сиңирген. Ал көптөгөн жыл бою изилдөөлөрүнүн негизинде оюунун бай жана ар түрдүүлүгүн, эң негизгиси - маанисин ачып берген (1943; 1948; Китепте: Рефераты о работах Академии наук за 1945 г., 1947: 77-79).

М. В. Рындиндин кыргыз оюуларына арналган альбому алты бөлүмдөн турат. Алар төмөнкүлөр (635):

1. ***Кыргыз оюуларынын үлгүлөрү*** (I-VI табл.). Мында оюулар түшүрүлгөн негизги материалдар *(кийиз, сайма (вышивка[89]), жыгач, металл* ж.б.) жана буюмдар *(ала кийиз, шырдак, туш кийиз* ж.б.) камтылган. Сүрөттөр материалдын фактурасына жана функциясына жараша орнаменттин кандайча өзгөргөндүгүн көрсөтөт.

2. ***Түс композициялары*** (V-XIII табл.). Бул бөлүмдө реалисттик сүрөттөрдүн үлгүлөрү берилген жана живопистин таасири чагылдырылган (XII табл., 1, 2 сүрөттөр), мында «орнамент, по существу, теряет уже свой характер) (Бернштам А. Н., 1998, II: 635).

3. ***Негизги элементтер*** (XIV-XXXIX табл.). Мында бөлүк-бөлүккө ажыратылбаган образдар аркылуу оюу катарлары (орнаменторяды) түзүлөрү көрсөтүлөт. Алардын бир бөлүгү бийик көркөмдүктө, бирок кыска, так стилде аткарылган реалисттик образды берсе, бир бөлүгү pars pro toto методу менен ишке ашкан.

4. ***Реалисттик сюжеттер*** (XL-XLI табл.). Буларга ачык-айкын «скиф» мүнөзүндөгү жандуу жаныбарлардын сүрөттөрү кирет. Алар кездемеге сайма түрүндө же кийизге аппликация түрүндө жабыштырылып аткарылган.

5. ***Кыргыз оюуларынын эволюциясы*** (XLII-XLVII табл). Мында өз ара кесилишкен эки процесс көрсөтүлөт. Биринчиден, негизги элементтин формасынын өнүгүү закону, аны кыска, так берүүнүн жолдору, экинчиден көбүнчө pars pro toto принциби боюнча жалпылоо, экинчиден, «изменение контура основного элемента в связи с фактурой от мягких и плавных форм, связанных с войлоком (особенно в аппликациях ширдаков) и к угловатым, геометрическим очертаниям орнамента в ковре и чиях (циновках)» (Бернштам А. Н., 1998, II: 635).

6. ***Баяндоолордун жана комбинациялардын системасы*** (XLVIII-LXX табл.) бөлүмү кыргыз оюулардын азыр жоголуп бараткан, өткөндөгү кеңири баяндоочулук

мүнөзүн далилдеген пиктографиялык функциясын көрсөтөт (Бернштам А. Н., 1998, II: 635).

Көрүнүп тургандай, бул альбом кыргыз оюулары тууралуу бай маалыматтарды камтыйт.

**Кыргыздардын жасалга өнөрү.** А. Акматалиев «Кыргыздын колдонмо-жасалга өнөрү» деген эмгегинде кыргыз кол өнөрчүлүгү боюнча кеңири маалымат берет. Ал кыргыздардын колдонмо-жасалга өнөрүндө *оймочулук, саймачылык, ат жабдыктары (өрмөчүлүк менен дыйканчылык), териге ар кандай наар түшүрүүчүлүк (шири көн булгаары), зергерчилик, мүйүзчүлүк жана жыгаччылык (белгилеген – Г. Ж.)* өңдүү нукура элдик көркөм өнөрдөн тышкары күндөлүк турмуш-тиричиликке зарыл: *жип-шуу эшүүчүлүк, түймөчүлүк, метилеп таш чегүүчүлүк жана боёкчулук* да кезегинде элибизде аябай өнүккөн дейт. Көркөм оюмдар кийиз, кездеме, металл, булгаары, шири, кайыш, жыгач, мүйүз, сөөк, таш сыяктуу заттардан жасалган буюм-кечелерди коолдоодо кеңири колдонулат (1989: 6).

## Кыргыз оюуларындагы сюжеттик багыттар<br>Кыргыз оюуларынын өзгөчөлүгү

**Кыргыз оюуларындагы сюжеттик багыттар.** Кыргыз орнаменттеринин сюжети эки линияда өнүккөн.

*Биринчиси* – бул абдан көп сандагы айлана-чөйрөнү констатациялаган группа. Негизги элементтеринин тематикалары ар кыл. Дээрлик кыргыз-көчмөндү курчап турган нерселердин бардыгын ушул орнаменттен табууга болот.

*Экинчиси* – саны жагынан азыраак, негизинен, архаикалык сюжеттерди чагылдырган орнаменттер. Архаикалык линия боюнча *күн* жаратылыштагы бардык жандуулардын булагы катары ыйык деп эсептелет.

Байыркы малчы-уруулардын ыйык деп эсептеген тотеми – *кочкор* болгон. Ушундай эле сюжеттеги оюуларда

кыргыздардын Енисей менен болгон байланышын эске салган элемент *(кайык)* жана *түндүк бугунун мүйүзү* кездешет. Буга айбанаттар стилиндеги сюжеттер (мисалы, оор тарткан, кооз образдагы мүйүздүү башын артка чалкалатып чуркап бараткан *бугу,* ушул эле стилдеги секирип чуркап бараткан *теке* ж.б.) кирет. Ошондой эле *фазан* (түрк-согду мезгили), түрк элдерине кеңири тараган мифтик «*Умай* – «покровительница домашнего очага и детей» ж. б. кирет.

**Кыргыз оюуларынын өзгөчөлүгү.** А. Н. Бернштам белгилегендей, венгр стилиндеги анималисттик сюжеттер кыргыз орнаменттеринин мыйзамынын жаратылышын ачып берет «не признающего пересекающихся линий и плетенки»(Бернштам А. Н., 1998, II: 645; Alfцlbi, Zoltan Takacs, Hentze, Olov Janse, Fettich, Salmoni ж. б.).

Оюм-чийимдер – кыргыз элинин тарыхын, жашоо-турмушун, үмүт-тилегин, дүйнөгө болгон көз карашын чагылдырган таанып-билүүнүн өзгөчө бир каражаты. Нака жазуу жарала электе кыргыздар өздөрүнүн дүйнө таанымын, көз карашын, философиясын, каада-салтын ж.б. орнамент (оймо-чийме) катары таштардын, дубалдардын бетине, металл, чопо, тери, сөөк, кийиз, зер буюмдарга ж.б. чагылдырышкан.

Кыргыз орнаменттеринин тарыхы тереңде жатат. Алар коомдун өнүгүшү менен ар кандай өзгөрүүлөргө туш болушту. Бирок, негизинен, орнаменттин ар кандай түрлөрү азыркы күнгө чейин сакталып келе жатат жана азыркы учурда алар үй турмушуна керектүү буюмдарда, үй жасалгаларында, кийим-кечектерде, зер буюмдарда, ат жабдыктарында ж.б. кеңири колдонулууда.

Талас өрөөнүндөгү өзөндүн боюнда жайгашкан Манастын күмбөзүнүн порталынын бөтөнчө көркөм деталдарынын ар бирин үңүлүп карап көрүшкөндөн кийин окумуштуулар анын орнаменталдык оюуларынын композициялык маңызын чечмелешкен. Анда кыргыз оюуларынын *чымын канат, кыял, карга тырмак, иймек* де-

ген түрлөрү болгон. Булар кыргыз оймо-чиймелеринде эң кеңири кездешкен оюулар (Кыргыз оймолору, 1998: 3).

Кыргыздын дээрлик бардык оймо-чиймелеринде (килемде, туш кийиздерде) *кочкор мүйүз,* тоодогу өсүмдүктөрдүн келбеттерин элестеткен *тогуз дөбө, тумарча, алгыр куштун сүрөтү,* боз үйдүн керегесин билдирген *керегe көз, суу тегерек* деген буралып, чиймеленип кеткен оймолор негизинен оймочулардын графикалык арсеналын түзөт (Кыргыз оймолору, 1998: 3).

*«Куш»* («куш канат») оюму учуп бараткандай элесте бүкүрөңкү берилсе, «жагалмай канат» оюусу канаттуу кулачын кенен таштап, кайкып тургандай көрүнөт. Мындай көркөм оюмдар буюм бетине бир-эки курдай кайталана берилиши мүмкүн (Акматалиев А.,1989: 20).

## Кыргыз оюуларынын түрлөрү, баяндоочулук мүнөзү

**Кыргыздардагы алгачкы оюунун түрлөрү.** А. Акматалиевдин маалыматы боюнча кыргыздарда алгачкы оюуларынын түрлөрү төмөнкүдөй (1989: 15) болгон:

***Мал чарбачылыкка байланыштуу:*** мисалы, *«кочкорек», «кочкор мүйүз», «кош мүйүз», «сыңар мүйүз»* оюмдары;

***Мергенчиликке байланыштуу:*** *«куш тырмак», же «бүркүт канат», «карга тырмак», «каз таман», «каркыра», «капкан, «ит куйрук»* оюмдары;

***Гүлдөр, ар кандай өсүмдүк оюулары*:** *«байчечекей», «жоогазын», «гүл», «мандалак», «бадал»;*

***Түрдүү сызыктардан турган турган оюмдар:*** *«суу», «ийри сызык», «араа тиш», «табак» (ромб), кыял (8 санынын бири-бирине уланып кайталанышы), «тумарча».*

**Кыргыз оюуларындагы негизги жана жардамчы оюмдар.** А. Акматалиев кыргыз оюмдарын экиге бөлүнөт: 1. Негизги оюмдар; 2. Жардамчы оюмдар (1989: 21).

1. ***Негизги оюмдарга:*** *«мүйүз оюмдары» («кош мүйүз», «бугу мүйүз», «кулжа мүйүз», «теке мүйүз»),*

*«кыял» («жарым кыял», уздардын аттары айтылып жаткан оюм), «жагалмай канат», «куш канат», «табак оюуму», «карга тырмак»* сыяктуулар кошулат да, алар оюунун мерчемдүү аянтын ээлеп, жасалган үлгүнүн жүзүн көрсөтүп турат. Бул оюулар ортолук (борбордук) да, четтик (жээктик) да оюмдардын милдетин тең аткара алат (1989: 21). Биздин оюубузча, бул оюмдарга *үй мүйүз* оюусу да кирет.

2. ***Жардамчы оюмдарга:*** *«ит куйрук», «бадам», «чагармак», «бычак учу», «араа тиш»* өңдүүлөр кирет да, буюмда «аламыч» катары пайдаланылат (Акматалиев А., 1989: 21).

**Туш кийиздин оюмдары.** Кыргыздардын туш кийизинде төмөнкүдөй мазмундагы оюулар бар:

1. *табиятты сүрөттөөчү: «күн», «жаңырган ай», «булак», «суунун айлампасы»;*

2. ***жандуу нерселердин сөлөкөттөрүн сүрөттөөчү:*** *«беш манжа», «оймок боолуу бармак», «кочкор мүйүз», «карга тырмак», «кыргоол», «бугунун мүйүзү», «аттын изи», «төбөл», «ит куйрук», «жылан», «көгүчкөн»* ж.б.;

3. **өсүмдүктөрдү сүрөттөөчү:** *«байчечекей», «кызгалдак», «тогуз дөбө гүл», «пахта», «жалбырак»* ж.б.;

4. ***тиричилик буюмдарын сүрөттөөчү:*** *«аттын такасы», «мончок», «тумар», «боз үйдүн түндүгү», «кереге көз», «аркан», «көө көөкөр», «ай балта», «кашык»* ж.б.

5. ***сыйкырдуу, кереметтүү элестерди сүрөттөп чагылдырган оюу үлгүлөрү*** кирет (интернет булактарынан).

А. Н. Бернштам туш кийиздердин тамбур (илмек токуунун же сайма саюунун бир түрү) тигиши менен аткарыларын маалымдайт (1998, II: 636).

**Темирдин, тердиктин беттерине, күмүштөн жасалган буюмдарга түшүрүлгөн оюулар.** Темирдин, тердиктин бетиндеги жана күмүштөн жасалган буюмдарга түшүрүлгөн оюулардын аттары төмөнкүдөй:

1. ***Темир тегиндеги оюм-чийимдердин негизги түрлөрү:*** *«мүйүз», «бармак боочу», «бычак учу», «карга тыр-*

*мак»* жана *«кыял»* сымал кийиз оюмдарынын, сайма, таар, килем, чий, жыгач, мүйүз буюмдарынын көчөттөрү ж.б.

2. ***Тердик бетиндеги күмүш, жез шөкөттөргө жана наар түшүрүлгөн оюу-чийүүлөр:*** *«аркар мүйүз», «сыңар мүйүз», «суу», «кыял», «жалбырак»* оюмдары.


3. ***Күмүштөн жасалган асем буюмдардагы оюулардын аттары:*** *«мүйүз»* оюмдарынын түрлөрү, *«карга тырмак», «кыргоол», «гүл», «жалбырак», «ай», «күндүн нуру», «буурсун тиши», «көөкөр», «мончок», «тумар»* ж.б (Акматалиев А., 1989: 20).

Кыргыз оймо-чиймесиндеги орнаменталдык иероглификанын сыры болгон «баяндамалуулук» да жогорку оюуларга таандык.

**Мүйүз оюмдары.** Элдик көркөм өнөрчүлүктө оюулар өзгөчө орунда турат. Оюулардын ичинен **«мүйүз оюусу»** кыргыздарда абдан көп колдонулат. Анын түрлөрү көп, аларда жалпы окшоштук болгону менен бири-биринен айырмаланышат. Мисалы, *«сыңар мүйүз»* (жалгыз мүйүз), *«кош мүйүз», «кочкор мүйүз»* (чагарактата түшүрүлгөн кочкорлордун мүйүзү), *«бугу мүйүз», «элик мүйүз»* (бутактанып кеткен айры мүйүздөр, булар бири-бирине окшош түшөт), *аркар мүйүз* (Акматалиев А., 1989: 20).

**Шырдактагы оюулар.** А. Акматалиевдин маалыматы боюнча шырдакта *«кош мүйүз»* оюуму көп пайдаланылат. Адатта табакчалардын, б.а. төрт бурчтуктун ичине төрт «кош мүйүз оюуму» орун алат. Ал *«кочкор мүйүз»* оюмунан айырмаланат. Анда ичин карай чагарактала оролсо, мында ичине бир аз имерилип турат. *«Ит куйрук оюумунун»* учтары чагаракталат. Ал кийизде жазыраак түшөт да, жарым чагарак болуп көрүнөт. «Карга тырмак» оюму төрт бурчтуктун ичине төрт курдай кайталанат да, сайма көчөттөрүнө караганда «ит куйрук оюму» сыяктуу жазы көрүнөт. Ал эми *«кош кайкалак оюумунун»* асты-үстү бирдей түшөт. *«Кочкорек», «карга тырмак», «кош мүйүз», «сыңар мүйүз»* оюмдары менен ич ара так жана төп айкалыша алат (Акматалиев А., 1989: 20).

А. Акматалиевдин баяндоосу боюнча мына ушул коозduктардын негизинде көркөм оюмдардын ич-ара катышы жүрөт. Адамга таасир берүүчү элести же сөлөкөттү көркөм оюмга пайдаланууда алардын элементтери ич ара айкалыша, бири-бирине беттеше түшкөндөй болушу зарыл (1989: 20).



Шырдактар жана оймо төшөк (Акматалиев А., 1989: 47).

Көркөм оюмдар бири-бири менен кыйышат, т. а., бирине-бири өтөт. Демек, биринин коздугун бири толуктап турат. Ушундан улам алар өз ара окшошуп да кетет (Акматалиев А., 1989: 20).

**Ала кийиз оюулары.** Кийиз оюмдарында *«каз аяк»* (каз таман) оюму да бар. *«Тогуз дөбө оюму»* да жолугат. «Чагармак» да - өзүнчө оюм.

Ала кийиздин жасалышы байыркы *жабыштырып жасоо* (налеп) жана *таптап жасоо* (вдавливание) техникасы менен, ал эми шырдактын техникасы – составдык элементтерин кесүү жана аппликация жолу менен жасалат, бул инкрустацияга жакын (Б. Веймарн аны «мозайкалык» деп атайт). Ал монголдордун тушунда өнүгүүгө ээ болгон. Сүрөттүн четин шнур менен жээктөө биздин замандын чегинде Ноин-улин комплексинин эстеликтеринен эле белгилүү (Бернштам А. Н., 1998, II: 636).

Ошентип, ала кийизди жасоо техникасынын башаты да байыркы замандарга барат.

**Килем оюулары.** Килем көбүнчө Түштүк Кыргызстанда түштүк кыргыз урууларынын жана Мангыт, Ичкилик ж. б. урууларында жасалган. Килемдерде негизинен *геометриялык орнамент* колдонулат, бирок айрым бир учурларда реалисттик сүрөттөр да жок эмес. Кыргыздардын оригиналдуу техникасы предметтерди кийизден жасоодо дейт А. Н. Бернштам (1998, II: 636). Килем оюулары тууралуу жогоруда сөз болгон.

**Сайма.** Кыргыздар сайма сайышкан жана азыр да сайма саюу практикаланып келет. Сайма - бул тез өздөштүрүүгө ийкемдүү искусство. Анын түрлөрү:*«тикме сайма», «тогуз төбө», «ай кеште», «кайкалак»* ж.б (Акматалиев А.,1989: 15).

А. Акматалиев элдик сайманын эки түргө: *«илме сайма»* (шибеге сайма) жана *«ийне сайма»* деп бөлөт. Кыргыздарда *илме сайма* басымдуулук кылат.

Илме сайманын төмөнкүдөй түрлөрү бар: *илмедос, басма сайма, көптүрмө сайма, терс кайык, жөрмөмө сайма, чыраш сайма* ж. б. (Акматалиев А., 1989: 84-85).

***Такыяда*** *«терс кайрык»* саймасынын мыкты үлгүсү байкалат дейт А. Акматалиев (1989: 15). Сайма көчөттөрү: *«кочкор мүйүз», «айчык», «бадам», «тырмак», «гүл»* оюмдары түндүк-туштүктө бирдей колдонулат (1989: 84).

Ал эми ***боз үйдүн керегесине*** кыдырыта илинип, саймасы аркылуу кооздук жаралат: *«күзгү кап», «кайчы кап»* ж.б.

Саймалар, мисалы, кийимдердеги саймалар тамбур (илмек токуунун же сайма саюунун бир түрү) тигиши менен аткарылат (Бернштам А. Н., 1998, II: 636).

***Сайма көчөтү.*** Саймачылыктын негизги кооздук каражаты – сайма көчөтү болуп эсептелет дейт А. Акматалиев. Бул буюм бетине орнамент түшүрүү дегенди түшүндүрөт (1989: 86).

Сайма көчөтүнө *«мүйүз», «айчык», «бадам», «тырмак», «гүл»* ж. б. кирет. Мындан тышкары *«допу талаа», «такыя дөбө», «тогуз дөбө», «көөкөр»* (туштүкчө), ушул сыяктуу түрлөрүнөн башка *айбанаттар* менен *өсүмдүктөрдүн шарттуу сөлөкөттөрү* да сайма көчөттөрүнөн, көчөт үчүн оюм-чийимдерден сезилип турат (1989: 86).

**Көчөттөр.** Көчөт деген эмне? Көчөт — бул чиймени ирети менен алмаштырып, буюм бетине түшүрүү дегендик. Чыгармачылыгы бар уздар тигил-бул сайма ыкмасы аркылуу буюмга мындай көчөттөрдү түшүрүүдө баш-аламандыкка чалдыкпай, сөзсүз ***шарттуулук жана ырааттуулук*** жол-жобосун сакташат (интернет булактарынан).

Көчөттүн негизги каражаты - оюм, демек, оюмдан көчөт жаралат. Оюмда кыялдан чыккан түйүндүү окуя сюжеттик түзүлүштө, ички өз ара байланышта болот. Анан ээси оймону көркөм оюмдун эски алкагынан чыгарып, ага жаңы багыт берген чебер болуп саналат. Мисалы, ***интерьерлерди жасашкан тескери кайкалак*** көчөттөрү оңду-солду түшүрүлөт (Акматалиев А., 1982: 83).

**Түстүн колдонулушу.** Жээк басуунун өзү эле толгон ойду камтыйт. Мисалы, бөлөк түшкөн *«жүрөк оюмунун»*

бир жибин *ак,* экинчисин *сары түс* менен басат. *Ак жип – ак тилек, сары түс – сагыныч* (1989: 7) ж.б.

Көркөм термелердин фонун көбүнчө *кара-кызыл* өңдөр түзөрүн белгилейт А. Акматалиев (1989: 7).

А. Н. Бернштам кыргыз орнаменти жөнүндө сөз кылып жатып, алардагы негизги түстөр *көк, кызыл, ак, сары* түстөр экендигин, ал эми жашыл өздөштүрүлгөн оюуларда гана (мисалы, жылан) колдонуларын белгилейт. *Көк* – асманды, *кызыл* - отту, *сары* – чөлдү (чексиз сары кум) билдирет (V. Minorsky, t. IX. V. 3).

**Оюулардагы регионалдык өзгөчөлүктөр.** Кыргыз оюуларында регионалдык өзгөчөлүктөр да бар. А. Акматалиев көркөм өнөрчүлүктөгү аймактык айырмачылыктарды иликтеп чыккан. Мисалы, нарындык уздар боз үйдү тигүүнү салтка айландырууда. Алар тал чийди сарысаптап уруна да, *«эшик чий», «канат чий», «чыгдан чий»* өңдүү аруу буюмдарга көркөм көчөттөрдү түрдүүлөп түшүрө да алышат. Уздарда сайма саюу, анан кийиз буюмдарын жасоо, өрмөчүлүктүн *«терме»* түрүн жүзөгө ашырууда салттуулук бар (1989: 6).

Талас өрөөнүнүн кол өнөрчүлөрү көркөм көчөттөрү түшкөн *терме таардын* түрлөрүн жүзөгө ашырышса, Киров, Манас, Чаткал, Токтогул райондорунун айрым уздарында *өрмөктүн «беш кеште», «букары», «кажары»* өңдүү түрлөрүн ишке ашырууда салттуулук бар. Көркөм термелердин фонун көбүнчө кара-кызыл өңдөр түзүп, *«тай туяк», «бачайы», «бычак учу», «тумарча» көчөттөрү* менен өз-ара жупташып турат (1989: 7).

А.Акматалиев ажайып кооздуктар Чаткалда экенин белгилөө менен, Түштүк Кыргызстанда элдик өнөрдүн ата башы *килем токуучулук, өрмөк согуучулук, анан саймачылык* – ушул үчөөнү эгиз кармоочулук бар дейт. Булар кыргыз оюуларынын аймактык өзгөчөлүктөрүн көрсөтүп турат.

**Оймочулук жана оймочулардын аттары оюуларда.** А.Акматалиев узчулуктун башы – оймочулук экенин бел-

гилейт. Ал *оймо, сайма, түймө, чырмак, бычма, токуу* ж.б. элдик көркөм өнөрчүлүктүн салтын толук кармайт (1989: 13).

Кыргыздарда айрым аттары жат айтылып жүргөн оюмдар бар. Алардын ошол оймочулардын аттары менен аталып калган оюулар экендигин А. Акматалиев белгилейт. Мисалы, *«Алтын оюм», «Рапика оюму», «Маркатай оюму», «Садык оюму», «Салбай оюм»*. Мындай оюулар Чүй, Көл, Кочкор, Жумгал, Ак-Талаа, Нарын жергесинде колдонулат. Башка оюумдардан айырмачылыгы – буюмга түшкөн көркөмдүк такта-такта болуп, ал ич-ара омурткалана түшөт. Оюм элементтеринин көркөм каражаттарын *«мүйүз оюмдары»* түзөт. Бирок анын мүнөздүү белгилери *«кыял оюу», «кочкор мүйүз оюм», «бадам оюму»* деген сыяктуу элдик атактуу оюмдардан да окчун айырмаланат. Анда кызыл, көк эриш-аркак пайдаланылат (1989: 17).

Оймочулардын аттары менен аталып калган оюуларга жогоркулардан башка дагы төмөнкү оюулардын аттары кирет: *Кулушары оюм, Садыбакас оюу, Шакен оюм, Макен оюму, Маркатай оюм, Жийдегүл оюм* ж.б (Акматалиев А., 1989: 21).

**Кыргыз оюуларынын баяндоочулук мүнөзү.** «Оюм – ойдун кумары», - дейт уз Ногойбаева А. (Жумгал, Чаек, 1939-ж.). Ал: ***«Шырдак оюулары аркылуу көптөгөн ойлорду айтууга болот*** *(белгилеген - Г. Ж.),* - деген. Ошондой эле: «Мунун күбөсү катары мен тушка тагууга ылайыкталган узундугу 2 м 20 см, туурасы 1м. 80 см көлөмүндөгү шырдакка тынчтыктын символу болгон эки көгүчкөндү тиктештирип, төрт бурчуна музыка арфасынын белгисин түшүрдүм. Бул – биздин нук заманыбыз, ыр, күүнүн кучагында турат деген маанини берет», - деп улантат өзүнүн оюн.

Ногойбаева: «Жүрөк оюму» эки бөлүнүп түшүрүлгөн. Бирок анын жээги эч качан үзүлбөйт. Анан жээк басуунун өзү эле толгон ойду камтыйт. ...Мисалы, бөлөк түшкөн «жүрөк оюмунун» бир жибин ак, экинчисин сары

түс менен басат. Демек, ак жип – ак тилек, сары – кусалык, сагыныч», - дейт (Караңыз: Китепте: Акматалиев А., 1989: 19).

Ошентип, кыргыз оюуларында ар бир оюунун өзүнүн орду, камтыган мааниси бар, оюуларда колдонулган түстөр да чоң мааниге ээ *(Оюунун баяндоочулук мүнөзү тууралуу мурунку бөлүмдөрдө да айтылган эле – Г.Ж.)*

## Кыргыз оюуларындагы мотивдер

### Үч бурчтук, ромб, фестон, меандр ж. б. оюулары

**Андронов маданият эстеликтери** афанасьев маданиятына караганда бир топ өнүккөн маданият болуп эсептелет. Эгерде афанасьев маданияты мезгилинде металл катары калай кошулбаган жез колдонулуп, эмгек куралдары таштан жана сөөктөн жасалса, андронов маданиятында керамика колдонулган. Керамикадан жасалган буюмдардын формалары ар түрдүү, сапаты жакшы болгон жана алар ***үч бурчтуу, ромб, фестон, меандр***[90] ж.б. орнаменттер менен кооздолгон (Бернштам А.Н., 1998, II: 162).

Андронов маданияты мезгилинде жездин ордуна коло колдонула баштаган. Колонун сапатын жогорулатуу менен андан зер буюмдарды жана эмгек шаймандарын жасай башташкан.

Ошентип, кыргыздар колдонгон оюунун башаты коло дооруна барат. *Ромб* көчмөндөрдүн арасында кеңири тараган. А. Н. Бернштамдын пикири боюнча ал **«подсказан ромбическим просветом кереге – решетчатой основы кибитки»** *(белгилеген – Г.Ж.)* (1998, II: 647).

Андронов маданияты абдан кеңири - Миң-Суудан батышка Хорезмге чейин тараган. Андронов маданият эстеликтери Обь, Алтай, Борбордук жана чыгыш Казахстан, ошондой эле Арал деңизинин жанынан табылган. Андронов тибиндеги буюмдар Түндүк Тянь-Шандан, Ысык-Көлдөн, жана Сокулук райондорунан да кездешкен (Бернштам А.Н., 1941: 20-21-бб.).

Бул маалыматтар миң-суулук оюулардын кеңири аймакка тарагандыгын, анын азыркы кыргыз жергесине чейин жеткендигин айтып турат.

## Геометриялык орнамент

**Карасук маданият эстеликтери** андронов маданиятындагыдай эле инвентарды камтыйт, бирок алардын аткарылыш техникасы мыкты. Булар – сапаттуу жасалган шар формасындагы түбү домпогой идиштер, алардын сырты жылтыратылган, кээде боёлгон жана идиштин жогору жагына ***геометриялык орнамент*** түшүрүлгөн (Бернштам А. Н., 1998, II: 164).

Геометриялык орнаментти негизинен аалам кубулуштарынын (асман, жер суу кубулуштары) сүрөтү десек болот. Ал орнаменттин эң алгачкы формасы болгон. Жаратылыштын, турмуш-тиричиликтин ж. б. башка сюжеттердин орнаментациясы да ушул жол менен жасалып кеткен.

А. Н. Бернштам орнаменттин байыркы геометриялык линиялары кийинки орнаменталдык бутактарга сызыктардын ачык-айкындыгын, баяндоонун кыска жана тактыгын киргизгендигин маалымдайт (1998, II, 647).

Геометриялык орнамент кыргыз оюуларында кеңири колдонулуп келген жана колдонулууда.

## Айбанаттар мотивдери

**Тагар маданиятынын** үч этабы окумуштуулар тарабынан белгиленет. Алар – 1) б. з. ч. VII-V кк., 2) б. з. ч. V-III кк., 3) б. з .ч. II- I кк.

Колодон жасалган эмгек шаймандары жана зер буюмдары б. з. ч. VII-I кк. абдан көп жасалган. Коло куюу атайын мастерлердин иши болуп калган жана ал буюмдарга (курал-жарактарга жана кийимдин айрым бөлүктөрүнө) жаныбарлардын сүрөттөрүн түшүрүү менен тыгыз байланышта ишке ашкан.

Жаныбарлардын сүрөттөрүн буюмдарга түшүрүү миң-суулуктарды скиф маданияты менен байланыштырат. Мындай байланыш аталган маданияттын экинчи, үчүнчү этаптарында өзгөчө байкалган. Чындыгында, б. з. ч. V-I кк. Енисейге коңшу жайгашкан Алтай жана андан батышка карай эрте көчмөндөрдүн «айбанаттар стили» мүнөзүү болгон маданияты калыптанып калган.

Ал эми миң-суулуктарда айбанаттардын сүрөттөрү карасук маданиятында эле пайда болгон. А.Н.Бернштам белгилегендей, Азиянын территориясында «Минусинский край является древнейшим центром сложения искусства звериного стиля» (1998, II: 168). Мындай ойду Говерн да айткан (Ms Govern, 1939). Айрым изилдөөчүлөрдүн Борбордук Азияда жана Түндүк Кытайда айбанаттар стилиндеги сюжеттердин калыптанышына байыркы миң-суулуктар бир кыйла роль ойношкон дегендеринин жөнү бар.

Айбанаттар мотивдери орнаменттерден да орун алган (булар тууралуу тиешелүү бөлүмдө кеңири сөз болгон).

## Арка сымал жана спиралдык орнамент, бет каптар

**Таштык маданиятында (б. з. ч. I – б. з. V кк.).** Жазма булактарда хунндардын тушунда байыркы кыргыздар цзянь-кун же гэгунь деген ат (б.з.ч. 201-ж.) менен кездешкен. Мына ошондо Енисейдин жогорку куймасында, Тувада (азыркы Тыва), Байкалга чейин байыркы кыргыз уруулары жайгашкан. Кытай жазма булактарындагы кыргыздар жөнүндөгү маалыматтар, кыргыз урууларынын динлин субстратынан бөлүнүп чыгуу процесси материалдык маданият эстеликтери аркылуу да бир топ деталдуу маалыматтар менен кошумчаланат, бул - таштык маданият эстеликтери (Теплоухов С., 1929; Сосновский Г., 1933).

Мына ушул маданият эстеликтери ошол мезгилдеги кыргыздардын маданиятын мүнөздөйт (Бернштам А. Н., 1998, II: 172). Тагар маданиятынын аяк ченинде Ени-

сей көчмөндөрүнүн арасында гипс бет каптарын жасоо кеңири тарай баштаган. Таштык этабынын мүнөздүү өзгөчөлүгү – «наличие мумифицированных трупов с гипсовыми масками на лице» (Теплоухов С., 1929: 51; Киселев С.В., 1935: 5). Бет каптар көбүнчө боёлгон. Өлүктөрдүн жанынан териден, чөптөн жана кездемеден (көбүнчө кытай жибегинен) жасалган куурчактар табылган.

Ошол жерде эле керамика (жасалыш техникасы тагар маданиятына окшогон) да болгон. Анда мурун белгисиз ***арка сымал*** (арочный мотив) ***жана спиралдуу орнаменттер*** болгон. Андан тышкары жыгачтан жасалган буюмдар көп болгон, бул өзгөчө таштык тибиндеги Оглахты көрүстөнүнө мүнөздүү (Сосновский Г., 1933: № 7-8).

Бул жерде керамиканын болушу анын тагар маданияты менен генетикалык байланышын айтып турат.

Б. з. ч. III к. – б. з. II кк. гунн жана сяньби доорунда «южная часть динлинских по происхождению племен цзянь-кунь смешалась с центральноазиатскими племенами» (Бернштам А. Н., 1998, II: 177). Натыйжада, алардын маданиятында, расалык тибинде, ошондой эле тилинде абдан орчундуу өзгөрүүлөр болгон.

Б. з. II кылымынан баштап кыргыздардын материалдык маданияты тууралуу археологиялык маалыматтар жарды.

## VI-VIII кылымдардагы рун тексттери

VI-VIII кк. кыргыздар менен байыркы Түрк каганатынын саясий байланышы кыргыз бектеринин көрүстөн үстүндөгү жазма эстеликтеринде сакталган (Бернштам А. Н., 1998, II: 197).

Кыргыз рун жазуулары **Түрк доору** тууралуу даректүү маалыматтарды берет. Элегеш, Бегре (Radlov W., АТИМ, III, 311) жазуулары кыргыздардын экономикасында негизги орунда мал болгондугун, ал эми Клуг Кем Куликем (Radlov W., АТИМ, III, 311) жазуулары кыргыздардын бир аз дыйканчылык кылгандыгын маалымдайт.

Кыргыз тексттерин талдоо алардын маданиятынын түрктөргө караганда архаикалык экендигин көрсөткөн (Бернштам А. Н., 1998, II: 202).

**Рун текстеринде** алтын жана күмүшкө чоң маани берилген, ал анткени соодада (алмашуу) колдонулган. Мисалы «Бегре» текстинде «алгыдан» термини колдонулат. Ал эми жазууда маркумдун «алтынга жана күмүшкө» ээ болгондугу айтылат. Бул жерде алтын, күмүш буюмдар жөнүндө сөз болуп жатат. Буга С.В.Киселевдун Копён чаатасындагы табылгалары мисал боло алат (Евтюхова Л., Киселев С., 1940, № 3; Киселев С., 1940: № 4).

## Өсүмдүк мотивдери

С. В. Киселев Копён Чаатасынан бир чоң мүрзөнүн («в 30 м к западу от середины стенки могильной ямы») көмүскө жайынан ичине кумура түрүндөгү төрт алтын идиш (золотые сосуды) салынган алтын чуңкур идишти (золотое блюдо) тапкан. Алардын экөө түр салынбаган, биринин түбүндө жазуусу бар, калган экөө ***өсүмдүктөр түспөлүндөгү оймо-чиймелер*** *(белгилеген – Г. Ж.)* менен коосдолгон (Киселев С. В., ВДИ,1940: № 4; Бернштам А. Н., 1998: II, 184).

Ө. Караевдин эмгегинде таш дөбөлүү көрүстөндөрдүн – чаатастардын казыналар катылган казанактарынан С. В. Киселев (1951: 570-572) жана Л. А. Евтюхова (1954: 216) алтын жалатылган табактарды табышкандыгы, анын ичинде *өсүмдүк орнаменти* жана тири шумдуктуу жандыктардын турпаты чөгөрүлгөн идиштер да болгондугу маалымданып, орнаменттик оюм-чийимдери боюнча бөтөн жердик асем-кайрыктарды элестетип турса дагы идиштердин өзгөчөлүү жактары аларды жергиликтүү буюмдар деп болжолдоого жүйө боло алат деген маалымат бар (Евтюхова Л. А., 1954: 216; Караев О., 1993, 1-т.:111).

Өзгөчө сасанилик Ирандын жана Кытайдын искусствосунун таасирин өзүнө сиңирген ***жыш орнамент ме-***

***нен капталган идиштер** (белгилеген – Г. Ж.)* илимий кызыгууну жараткан. Мындай идиштердин арасында сасани доорундагы ирандык көркөм традицияны, ошол эле учурда талаа өнөрчүлүгүнүн өзгөчө фантазиясын жана табитин өзүнө сиңирген идиштерди көрүүгө болот (Киселев С.В., 1940: № 4; А. Н. Бернштам, II, 1998: 184).

В. Киселев Копён казуулардан кыргыз зергерлери менен металл куюучулардын тогоолорду, ат жабдыктарын, курларды кооздоодо ***өсүмдүк оюуларын*** колдонушкандыгын көрсөткөн абдан көп материалдар табылгандыгын маалымдаган. Бул жерде № 2 дөбөнүн экинчи көмүскө жайынан ат жабдыктарынын жасалгаларынын комплектиси өзгөчө көңүлдү бурат. Ал сапаты төмөн күмүштөн жасалган пластина түрүндөгү алты чоң жана беш кичине тогоодон турат, алар ***гүлдүн жалбырактары түрүндөгү согуу менен түшүрүлгөн (чеканный узор) ичке оюулар*** *(белгилеген – Г. Ж.)* менен кооздолгон (Киселев С. В., 1951: 617).

Дагы бир алтындан жасалган кытай идишиндеги орнамент тууралуу С. В. Киселев: «На одном китайском золотом блюде ***орнамент состоит из цветков,*** очень близких к нашим», - дейт (1951: 617).

Енисейде мындай оюу-чийүүлөр (узоры) VII-VIII кк. эле жаралган. Мисалы, Копён дөбөлөрүндөгү алтын курдун тогоосуна ***татаал тордомолуу жана түркүн түстөгү өсүмдүк оюулары*** *(белгилеген – Г. Ж.)* салынган. Окумуштуулар бул тордомолуу оюуну изилдеп, анда кытай элементтери бар деп табышкан. Ошентип, сүрөтү бар копён тогоосу өзгөчө кызыгууну туудурган.

С. В. Киселев бул оюулардын кийинки мезгилге чейин сакталып келаткандыгын белгилейт. Ал бул тууралуу: «Изучение современных уздечных и седельных наборов хакасов показывает, что до настоящего времени излюбленным украшением плоских наременных блях из светлых сплавов является **гравированный рисунок цветка** *(белгилеген – Г. Ж.)* совершенно аналогичный копён-

ским» (1951: 618). Демек, хакастардын азыркы искусствосу менен кыргыздардын байыркы искусствосунун ортосунда, дагы тагыраак айтсак, байыркы кыргыз оюулары менен азыркы хакас оюуларынын ортосунда терең байланыш бар.

Адамдын тулкусу чөгөрүлүп, **өсүмдүк орнаменттери менен асемделген ушундай көп сандаган буюмдар** *(белгилеген – Г. Ж.)* Тюхтят көрүстөн казынасынан табылган (Китепте: Евтюхова Л. А., 1948: 71). Бул маалыматтар кыргыздардын колдонгон идиштерине, буюмдарына, ат жабдыктарына түшүргөн оюуларда өсүмдүк мотивдерин абдан активдүү колдонушкандыгын айтып турат.

## Тордомолуу, тегерек, кабырчыктуу оюулар

Алтын идиштерге чөгөрүлгөн тордомолуу оюу көңүлдү өзүнө бурат. Жогоруда айтылгандай Копён дөбөлөрүндөгү алтын курдун тогоосуна ***татаал тордомолуу оюу*** *(белгилеген – Г. Ж.)* салынган. А. Н. Бернштам: «Среди растительной вязи вплетены птицы – грифоны, утки, тесно связанные со всем орнаментальным убранством сосуда»(1998, II, 533), – дейт.

Копён табылгаларындагы тордомолуу оюу XIX к. Тянь-Шандагы Кочкордон табылган буюмдардагы (алар Ленинграддагы Эрмитажда сакталып турат) оюулар менен параллель боло алат.

С. В. Киселев тордомолуу оюунун колдонулушу кыргыз-кытай байланыштарын көрсөтүп турат деген пикирде. Ал: «Между тем нигде в Сибири не проявляются в такой степени для VI-X вв. сношения с Китаем, как у енисейских кыргызов» (Киселев С. В., 2011, 10-т.: 341).

Кочкордон табылган бул ат жабдыгынын алтын жалатылган күмүш накладкасында ошол эле стилистикалык ыкма менен жасалган ***тордомолуу оюу*** болгон, ага жаңы *орнаменталдык мотив* (плетенка) кошулган. Бул кыргыз орнаментине мүнөздүү болбогон мотив, А.Н.Бернштам-

дын пикири боюнча, эрте орто кылымдарда Чүй өрөөнүнө мусулман шаарларынан келген (1998, II: 533).

В.Чепелев: «Вообще мотивы домусульманского искусства Центральной Азии широко распространены в киргизском искусстве» (1939: № 5), - дейт.

Ошентип, кыргыздарда кол өнөрчүлүк өнүгүүнүн бийиктигине жеткен. Металлды иштетүү, андан куралжарактарды, калканчтарды, ат жабдыктарды, айыл чарбасына тиешелүү буюмдарды жасоо, андан тышкары **ат жабдыктарына, адамдар колдонуучу буюмдарга (тогоо, кур, идиш, азем буюмдар ж.б.) ар түрдүү оймо-чиймелерди (*геометриялык, тегерек, кабырчыктуу* ж.б.) чегүү, өсүмдүк оюуларын (*тордомолуу* ж.б.),** ***айбанаттар стилиндеги сүрөттөрдү*** **түшүрүү, жез, алтын, күмүштөн жасалгаларды жасоо** *(белгилеген – Г. Ж.)* ж.б. – мына ушунун баары кыргыз кол өнөрчүлөрү тарабынан эң бийик чеберчиликте аткарылган.

VI-VIII кк. кыргыз Копён дөбөлөрүндөгү табылгалар байыркы тагар-таштык доорундагы традиция менен байланыштуу экендигин көрсөттү. Анда № 6- жана № 7-дөбөнүн көмүскө жайынан коло тогоолор табылган: «Это массивные литые щитки с тремя лопастями и петлей для подвешивания, украшенные **ажурным растительным узором»** *(белгилеген – Г.Ж.)* (Киселев С. В., 1951: 617).

№ 2 көмүскө жайдагы алтын табактын (Евтюхова Л., Киселев С. В., 1940: 63-сүрөт) үстүңкү бети ***абдан ичке оймолонуп жасалган орнамент*** менен коездолгон, «Растительные побеги с цветами образуют сложный узор, в котором вокруг центральной виньетки расположены шесть медальонов. В каждом из них помещена пара грифов, особенно схожих с китайским фениксом. ...Однако трактовкой головы и мощных лап грифы золотой копёнской тарелки теснейшим образом связываются с древним грифом скифо-сибирского звериного стиля» (Киселев С. В., 1951: 618).

Ошондой эле № 3 дөбөнүн биринчи көмүскө жайынан табылган алтын кумаранын биринде ошондой эле, бирок

андан да татаалдантып оймолонуп жасалган абдан бай орнамент болгон (Евтюхова Л., Киселев С.А., 1940: IV табл., Б сүрөт, V табл., 46-б., 48-б.; Киселев С.В., 1951: 618).

С. В. Киселев ошондой эле IX-X кк. жаңы Тухтят, Сросткин жана Змиев жасалгаларынын жаратылышы кыргыздардыкы дейт.

IX-X кылымдарда кыргыз усталары тарабынан ат жабдыктары жана белге курчанган курлар үчүн темирден жасалган кооз зер буюмдар кеңири тараган. IX-X кылымдарда Тюхтят казынасынан мына ушуга окшогон бир нече темир тогоо («в виде длинных заостренных наременных пластинок») табылган. Үстү жагынан аларга ***геометриялык нокоттуу, тегерек жана кабырчыктуу оюу-чийүү*** *(белгилеген – Г. Ж.)* чегилген (Киселев С.В., 1951: 333). Бул дагы логографиялык жазуунун бир мисалы болуп эсептелет.

Башка көрүстөндөн кийизге оролгон ат жабдыктарынын жасалгалары табылган «в виде бронзовых наременных накладок, больших блях из низкопробного серебра и золотые богато украшенные бляхи». Акыркыларынын **коздолушу жогорудагы идиштердин оймо-чиймелерине** *(белгилеген – Г. Ж.)* окшош болгон. Кара жыгачта тумшугуна балыкты тиштеп турган грифондун сүрөтү берилген. Акыркысында кытай орнаментациясынын издери жана мотивдери ачык көрүнүп турат дейт А. Н.Бернштам (II, 1998, 286).

Кытайдын жана сасанилик Ирандын таасиринде жаралган буюмдар «...говорят и об изумительно разнообразной технике обработки металла – литье, чеканке, напайке, о чрезвычайно высоком техническом уровне мастерства» (Бернштам А.Н., 1998, II: 186).

Кыргыз ак сөөктөрүнө тиешелүү көрүстөндөрдөн табылган ***буюмдардагы оймо-чиймелер*** *(белгилеген – Г. Ж.)* енисейлик металл куюучулардын жана зергерлердин өтө кылдат, чебер адис экендиктерин көрсөтүп турат, алар ак сөөктөрдүн агыл-төгүл керектөөлөрүн оңой эле канааттандырып турушкан.

Ошентип, кыргыздар металл иштетүү, андан ар түрдүү буюмдарды жасоо менен бирге эле, аларды жасалгалоо, кооздоо чеберчилигине да ээ калк болгон. Мындай буюмдарды жасалгалоодо, кооздоодо тордомолуу, тегерек, кабырчыктуу оюулар колдонулган.

### Балаты орнаменти кыргыз вазаларында

С. В. Киселев кыргыз вазалары таштык маданиятына мүнөздүү белгилерди сактагандыгын, колго жасалгандыгын белгилейт. Алар VI-VIII кк. кыргыз көрүстөндөрүнөн абдан көп табылган.

Ваза жасалган чопонун сапаты абдан мыкты болгон. Суута чөгөрүп жука ажыратылып алынып, бышырылгандан кийин керамиканы эмес боз түстөгү ташты элестеткен шаңгыраган карапага (черепок) айланган. Кыргыз вазасынын сапаты б.з. башындагы хуннуларга тиешелүү болгон наинулин көрүстөндөрүнөн табылган идиштерге жакындашкан (Киселев С. В., 2011, X: 341).

Кыргыз вазасы созулган жумуртка кебетеленип, мойну узун келип, башы кеңейген формада болгон. С.В.Киселевдун маалыматы боюнча кыргыз карапаларына тышкы көрүнүшү боюнча Түндүк Кытайда, Монголияда жана Бурятияда табылган айрым идиштер толугу менен окшошот. Өзгөчө Монголиядагы Наинтэ-Сумэ капчыгайындагы мүрзөлөрдөн VI-VII кк. табылган идиштер өзгөчө окшош. Бул окшоштук сырткы түрүндө гана эмес, сапатынын жана оймосунун окшоштугунда. Монгол карапалары сыяктуу эле енисейлик «кыргыз вазаларынын» көпчүлүгү **«украшены широким поясом идущего по плечам *ёлочного орнамента,* нанесённого путем последовательных отпечатков штампа»** *(белгилеген – Г. Ж.)* (Киселев С. В., 2011, X: 341).

Бул өзгөчөлүктөр жана окшоштуктар «кыргыз вазаларынын» жасалышы, формасы жана бастырылып чыгарылган (печатный) оймо-чиймелеринин жаратылышы түштүктүк экендигин көрсөтүп турат.

С. В. Киселев «кыргыз вазаларынын» түштүктүн жасап чыгаруу ыкмалары колдонулган жергиликтүү енисейлик өндүрүшү болгон деп эсептейт.

Кыргыз вазаларынын түштүктүк үлгүдө жасалышы – енисей кыргыздарынын Кытай жана Монголия менен тыгыз байланышын көрсөтөт дейт С. В. Киселев. Ал: «На то, что в этих связах кыргызы занимали исключительное положение сравнительно с другими и народами Южной Сибири, указывает распространение ваз. Они найдены только в Монголии и Бурятии и в особенно большом числе в Минусинской котловине» (Киселев С. В., 2011, X: 342), – дейт.

Ошентип, балаты сымал орнамент түшүрүлгөн кыргыз вазалары абдан белгилүү болгон жана кеңири тараган. Сапаты жагынан мыкты жасалган кыргыз вазалары алардын түштүктүк үлгүдө жасалгандыгын жана енисей кыргыздарынын Кытай жана Монголия менен тыгыз байланышын көрсөтүп турат.

## Кыргыз оюуларынын тематикасы

**Кыргыз оюулары – «сүрөттөп көрсөтүүчү фольклор».** М.В.Рындиндин ачылышы газетага макала болуп жарыяланган, ал кыргыз оюуларын «сүрөттөп көрсөтүүчү фольклор» (изобразительный фольклор) деп атаган (Советская Киргизия, 10.IV.1939).

Бул ачылыш таланттуу искусство таануучу В. Н. Чепелев тарабынан белгиленген. В. Н. Чепелевден кийин кыргыз оюуларынын баяндоочулук касиети искусство таануучу А. Ромм тарабынан да айтылат.

М. В. Рындиндин материалы боюнча кыргыз оюучийүүлөрү (узор) 154 негизги элементти камтыйт, алар төмөнкү төрт негизги группага бөлүнөт:

1. айбанаттар дүйнөсү – 87;
2. өсүмдүктөр дүйнөсү – 17;
3. жаратылыш – 9;
4. турмуш-тиричилик предметтери – 41.

Бул негизги элементтер 3500дөн ашык комбинациялардан жана варианттардан турат.

Кочкор мүйүзүнүн бир эле мотиви 224 вариантта, бугунуку – 50, фазандын мотиви – 66 ж.б. (Бернштам А.Н., 1998, II: 535).

Көрүнүп тургандай ***жаныбарлардын мотивдери*** орнаменталдык сюжеттин негизги массасын түзөт. Мына ушул негизги элементтердин арасында негизги реалисттик элементтер төө, ит, ат, бугу, теке бар (Бернштам А. Н., 1998, II: 535).

Кыргыз искусствосундагы реалисттик мотивдер жалаң гана тирүү жаныбарларды тартуу менен чектелбейт. А.Н.Бернштам: **«Известны в киргизском искусстве росписи в мазарах, представляющие собой реалистические повествования, выполненные в плоской графике, без перспективы, но с удивительным мастерством, лаконичностью и в то же время точностью рисунка»** *(белгилеген – Г. Ж.)* (Бернштам А. Н., 1998, II: 535-536), - дейт.

А. Н. Бернштамдын пикири боюнча мындай сүрөттөр байыркы аска бетине тартылган сүрөттөрдүн – петроглифтердин түздөн-түз уландысы, ал эми петроглифтер Кыргызстандын территориясында коло доорунда жана сактардын убагында эле болгон. Кыргыз оюуларындагы айрым сюжеттер кыргыздардын байыркы искусствосунун жаңырыктары болуп саналат.

### Кыргыз орнаменттери – «баяндоочу оюулар»

**Кыргыз орнаменттеринин реалисттик мүнөзү жана баяндоочулук касиети.** Жогоруда айтылгандай, кыргыз искусствосуна арналган эмгектерде орнаменттер орнаменталдык-декоративдүү деп каралган. Мына ушундай пикирлер Боголюбов жана Фелькерзамдан баштап, Дудин жана Гавриловго чейин айтылып келген.

Советтик окумуштуулардын ичинен биринчи иретте В.Чепелев кыргыз оюу-чийүүлөрүнүн өзгөчө касиеттерге

ээ экендигин белгилеген. Ал: «Киргизский орнамент является **повествовательным узором** *(белгилеген – Г. Ж.)*, т.е. он способен выражать конкретные представления о реальном мире и ему не чужды мотивы реалистического порядка» (Бернштам А.Н., 1998, II, 535). В. Чепелевдин бул оюн А.Ромм колдогон. Ал эми бул тезис М. В. Рындин тарабынан документтештирилген.

Кыргыз орнаменттеринде реализмдин белгилери бар экендигин бир катар окумуштуулар белгилешет. Мисалы, А. Н. Бернштам да ушундай пикирди айтат.

Кыргыз орнаменттерин көп жыл бою изилдеген окумуштуу М. В. Рындин өзүнүн эмгектеринде алардын бай жана ар кылдуулугун, ошондой эле **алардын мааниге ээ экендигин** ачып берген (1943; 1948; Китепте: Рефераты о работах Академии наук за 1945 г., 1947: 77-79).

М. В. Рындин 10 жыл бою кыргыз оюу-чийүүлөрү боюнча материалдарды чогултуп, аларды жарыкка чыгарган. Анын эмгектери кыргыз орнаментинин реалисттик башатын жана анын терең тарыхый тамырын ачып берет (Бул материалдар КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун архивинде сакталуу).

М. В. Рындин кыргыз оюуларын чогултуп, аларды изилдеген жана чоң илимий ачылыш жасаган. Ал кыргыз оюу-чийүүлөрүнүн негизги элементтеринин жалаң гана сан жагынан көптүгүн ачып бербестен, ал **оюулардын айкалышуу закондорун, комбинация системасын жана эң негизинен биринчи болуп кыргыз оюуларынын баяндоочулук касиетин ачып берген** *(белгилеген - Г. Ж.)*. Бул тууралуу А. Н. Бернштам: **«М. В. Рындин показал его исключительное богатство и разнообразие, а главное – смысловое значение»** *(белгилеген – Г. Ж.)* (1998, II: 535), – дейт.

А. Н. Бернштам да кыргыз орнаменттерин **«баяндоочу оюулар»** деп атайт жана алардын реалисттик искусство менен тыгыз байланышы бар деп эсептейт.

Мисалы, буларга скиф моделдерин туурап тартылган бугунун тулкусу, XI-XII кылымдарда кеңири таралган

розетканы көз алдыга келтирген күндү элестеткен оюу, V-XII кылымдардагы керамикадагы сюжеттерге окшош фазандын сүрөтү ж.б. кирет.

Кыргыз оюуларынын баяндоочулук мүнөзүн А.Акматалиев да белгилеген.

### Кыргыз орнаментиндеги баяндоонун багыттары

Кыргыз орнаментиндеги баяндоолор айрым элементтердин комбинацияларынан турат.

Биринчиден, А. Н. Бернштам: «Баяндоонун мааниси – *маани жагынан тектеш элементтер* комбинацияланат, болгондо да кокусунан эмес, жок дегенде эстетикалык жактан мүмкүн болгон элементтер» (1998, II, 644), – дейт. Баяндоодо адам тарабынан жаратылышта же турмуш-тиричиликте байкалган тектеш темалардын комплекси берилет. А. Н. Бернштам: *«Изображение хозяйственно-бытовых или природных комплексов, достигаемое рисунком и цветом, является существом повествования киргизского узора» (курсив А.Н. Бернштамдыкы – Г.Ж.)* (1998, II, 644), – дейт.

Экинчи жагынан, оюунун ыйык-магиялык жагы, мисалы, байыркы кыргыздардын дүйнө-таанымына байланышкан «Умай» же «тумар», – булар адамдын (көбүнчө баланын) сактоочусу, коргоочусу катары чыгат.

Үчүнчү жактан, кыргыз оюуларына караштуу жагы, «выступает его формотворческая линия развития, богатая вариантами...» дейт А. Н. Бернштам (1998, II: 644).

Ошентип, кыргыз оюулары бизди курчап турган чындыкты кыска, көркөм чагылдырган, образдуу жана декоративдүү баяндоо болуп эсептелет.

## Кыргыз оюуларынын тили. Оюу иероглификасы. Пиктограмма менен байланыштуулугу

Кыргыздардын кийимдери, кийиздеги ж. б. үй-тиричилигине керектелүүчү буюмдардын бардык түрлөрү кыргыз аялдары тарабынан жасалган. **А. Н. Бернштам кыргыз оюуларын «орнаментальная иероглифика» деп атайт** *(белгилеген –Г.Ж.)* Ал: «Ей *(кыргыз аялдарына – Г. Ж.)* принадлежат и орнаментальные повествования, «тайна» орнаментальной иероглифики. Не случайно главными осведомителями этнографов и по части техники, и в части сюжета, тематики, являются женщины» (Бернштам А. Н., 1998, II, 637), – дейт.

Н. И. Веселовский кыргыз оюулары жөнүндө айтып жатып: «Килемдеги сүрөттөрдүн бардык бөлүктөрүнүн аттарын майда-чүйдөсүнө чейин билүү үчүн жергиликтүү уздардын ишенимине кирүү керек, андан ары, мүмкүн болсо, алар өздөрү килемге түшүргөн мотивдерди кандайча чечмелешерин угуу керек», – дейт («Ковровые изделия Средней Азии из собрания, составленного А. А. Боголюбовым» деген эмгекке Н. И. Веселовскийдин сын пикири. Вып. I, 1908; вып. II, 1909 (ЗВО, т. XX).

Кыргыз оюулары ээлеген көлөмү жагынан чоң, ар кандай фактурадагы материалдарга тартыла алды жана графикага колориттик композиция кошо алды. А.Н.Бернштам: **«Киргизский узор** и в строгих композициях ширдака, и в более **«словоохотливых» тушкиизах, как показал Рындин, представляет собой обычно многосложное повествование, стоящее на грани между рисунком и сюжетно многообразным письмом»** (Бернштам А. Н., 1998, II, 638), – деген. Анын пикири боюнча оюу-чийүү айрым учурда реалисттик сүрөт менен алмашып, оюунун ордун байыркы пиктограмма ээлеген учурлар бар.

Дегеле, Ирандын неолит керамикасындагы оюунун (орнамент) мазмуну жөнүндө Херцфельд (Herfeld Ernst, 1932: 13) жазган, ал эми бул жазуунун пиктограмма ме-

нен байланыштуулугу кытай материалдарында бир нече жолу белгиленген (Andersson J.G., № 5, 1923; Takacs Z, t. 1, 1924; Бернштам А. Н., 1998, II: 639).

Кыргыз оюулары бирин-бири кайталабайт, асимметриялуу, анткени **оюуда графикалык текст, баяндоо** бар.

А.Акматалиев **«көркөм оюм - «кызыл поэма»** *(белгилеген – Г. Ж.)* экени толук түшүнүктүү дейт, «оюмдун түрлөрүндө көркөм поэзиянын ыргактары, комуз күүсүнүн жүрөк-жүлүндү титиреткен кайрыктары, көңүлүн көккө серпип, шайырлап кеткен жакшы аттын басыгы, суу чайпалбас жоргонун мемиретип, делебеңди козгоп, оштонгон жоругу, сулуунун кыялы сезимтал адамга туюлуп турат. Мындагы көбүрөөк кездешүүчү ыргак оюм-чийимдин шайкештиги, ал төрт тарабынан төп келишкендиги» (Акматалиев А., 1989: 14), – дейт. Ал бул ойлорун: «Ошентип, **көркөм оюм – бул бир учурдагы уюткулуу элибиздин жазуусу»** *(белгилеген – Г. Ж.)* (1989: 14), - деп жыйынтыктайт.

Ошентип, кыргыз оюулары кыргыздардын тарыхын, жашоо-турмушун, көз караштарын, ишенимдерин, үмүт-кыялдарын ж. б. чагылдырган кыргыздардын жазуусу болуп эсептелет.

## Оюудагы баяндоонун эпикалуулугу

Айрым окумуштуулар оюуда камтылган сюжеттин көлөмдүүлүгүн белгилешет. Мисалы, айрым саймачылар манасчы сыяктуу орнаменттин «эпикалык» текстин токушкан, А. Н. Бернштам оюунун ар кылдуу элементтеринин астрономиялык санга жеткендигин белгилейт. Ал: **«По своему семантическому объему 3500 образцов уже известных комбинаций киргизского узора фактически не уступают пятистам тысячам строк эпоса «Манас»** *(белгилеген – Г. Ж.)* (1998, II, 639), – дейт. Ошентип кыргыз оюулары – «Манас» эпосу сыяктуу эле көлөмдүү.

Кыргыз оюуларында негизги мотивден башка дагы «чагылдырылган» («отраженный») орнамент бар, «обра-

зующийся из вычитания основного мотива из украшаемой площади, так называемый «резерв», что порождает особый узор и термин «остаток» – кирг. «долбоор» ( Дудин С., 1928, кн. 5: 180-182).

Ошентип, кыргыз оюуларын **кыргыздардын оюу түрүндөгү жазуу дастаны** десек жаңылышпайбыз.

## Кыргыз оюуларында түстүн колдонулушу

Кыргыз оюуларынын түстөрү анчалык көп эмес. Мисалы, *көк, кызыл, ак, сары.* Жашыл дээрлик жокко эсе, айрым гана өздөштүрүлгөн оюуларда болот (мисалы, жылан). ***Көк*** – асманды, ***кызыл*** – отту, ***сары*** – чексиз чөлдү билдирет. Кыргыз оюуларында графика менен түс бири-бирине шайкеш келип, бири-бирин толуктап, жыйынтыгында бир толук бүткөн сюжетти берет. Мындан тышкары *кара* түс дагы колдонулат *(Булар тууралуу мурунку бөлүмдөрдө да айтылган – Г. Ж.).*

## Оюунун музыкалуулугу

Оюунун музыкалуулугу тууралуу А. Н. Бернштам мындай дейт: **«Киргизский узор,** предельно насыщая плоскость, уничтожает пустое пространство, разбивая его на ритмично расчлененные отрезки, **где графика и цвет, рифмуясь друг с другом, выливаются в силлабический стих, столь же краткий в каждой фразе и столь же малосложный, как и короткие строчки эпоса «Манас. Музыка орнамента идентична музыке эпоса, образуя короткие «орнаменторяды», подобно звукоряду сказителя, комузчи, домбриста, певца»** (1998, II: 640; Виноградов В., 1939, 22; Кривоносов В., № 6, 1939).

## Оюунун семантикасы

Кыргыз оюуларынын семантикасы бай. А. Н. Бернштамдын эмгегинде оюулардын айрымдарына мүнөздөмө берилет (1998, II. 641-642). Мисалы:

**Оюу – «тоо кочкорунун мүйүзү.»** Оюулардын көп түрү бар. Оюулардын эң башында «тоо кочкорунун мүйүзү» турат. Албетте, бул кыргыздардын эң байыркы тотеми кочкор болгондугун эске салат. Бул оюу спираль түзүлүшүндө жана эки же үч жолу кайталанган жарым айлана түрүндө болот, ага башка оюу формалары кошулуп, көбүнчө татаалдашат. Спираль түрүндөгү оюунун санынын улам-улам кайталанышынан улам *«кайталанма мүйүз»* деген оюу келип чыгат (Бернштам А. Н., 1998, II: 640). Бул оюуну кыргыз оюуларынын башка бардык элементтери менен («жалбырак» жана «амулет» оюуларынан башкасы) бирге берүүгө болот.

**Оюу – «ак бугунун мүйүзү».** Бул оюунун өзгөчөлүгү «тоо кочкорунун мүйүзү» оюусуна караганда татаалдыгында.

**Оюу – «бугу мүйүзү».** Кыргыздарда бул оюу абдан көп колдонулат жана ал композиция «тоо кочкору мүйүзү» менен байланышта. Стилизацияланган «бугу мүйүзү» оюусу ар кылдуулугу менен айырмаланат жана ага жаныбарлар, өсүмдүктөр жана турмуш-тиричилик оюулары кошумчаланат. Бул оюу дагы кыргыздардын байыркы аңчылык турмушунан кабар берет.

**Оюу – «эндүү мүйүздүү бугу»** («широкие рога оленя») же «эндүү мүйүздүү бугунун такасынын изи» («следы копыта оленя с широкими рогами») – бул калак сымал мүйүздүү, абдан күчтүү, ири бугунун келбети (изображение) түшүрүлгөн оюу. Буга байыркы убакта мергенчилер аңчылык кылышкандыгы айтылат, бирок эч ким көргөн эмес. А. Н. Бернштамдын ою боюнча: «Узоры «широкие рога оленя» и «след копыта оленя с широкими рогами» относятся к «лосю» (1998, II, 641). Ал эми азыр кыргыз-

дардын түшүнүгүндө багыш деген сөз жаныбар жөнүндөгү элести бербейт, ал азыр уруулардын аттарында жана жеке коюлган аттарда гана сакталып калган. Ошондуктан мындай оюулар аз санда жана сейрек кездешет. Мындай бугунун мүйүздөрү «имеет свободный широкий изгиб посредине и широкие лопасти по краям» (1998, II: 641).

**Оюу – «уй мүйүз».** Бул оюу уйдун мүйүзүнө мүнөздүү формада болот. «Уй мүйүз» оюусу «тоо кочкорунун мүйүзүнө» окшоп, спираль түрүндө болот, айырмачылыгы кыскалыгында, эгерде «тоо кочкорунун мүйүзү» эки же үч жолу кайталанган жарым айлана түрүндө болсо, «уй мүйүзүндө» жарым айлана андан бир жарым эсе аз болот (1998, II: 641).

**Оюу – «така».** Бул оюу түздөн-түз таканын көчүрмөсү эмес, анын тагы, изи. А. Н. Бернштам: «Подкова» ...как основной элемент, явно воспроизведена не с самого предмета-подковы, а с отпечатка ее, что становится ясным при рассмотрении узора «подкова», имеющего в своей средней части утончение, которое наличествует в следе подкованной лошади» (1998, II, 641), – дейт. Мына ушул оюунун орто бөлүгүндөгү жукалык («утончение») така оюусунун өзгөчөлүгү болуп эсептелет жана аны башка оюулардан (мисалы, «жаңы ай») айырмалап турат.

**Оюу – «жаңы ай».** Бул оюунун башка оюулардан айырмасы – «...при продолжении его основной формы ее можно до конца проследить и в композицонных соединениях» (1998, II: 641).

**Оюу – «бадам» (миндаль).** Бул оюунун чыгыш тегин карап көргөндө, анын өсүмдүктөр дүйнөсүнөн эмес, жаныбарлар дүйнөсүнөн келгендиги белгилүү болот. «Бадам» оюусунун мааниси байыркы кыргыздар тарабынан да жоготулуп калгандыгын белгилөө керек. Бул оюунун ар түрдүү формаларын карап көргөндө, оюунун бөлүктөрүнүн акырындык менен түшүрүлүп калгандыгын көрүүгө болот (1998, II: 641).

**Оюу – «кыргоол»** («фазан»). Ал эми «кыргоол» оюусу кыргыздардын аңчылыгынан кабар берет, б. а., мурун кыргыздар кыргоолго аңчылык кылышкан.

**Оюу – «гүл».** Бул оюуда жалбырактардын саны он бирге чейин жетет, андан ары «ай гүл» («лунный цветок») деген наам алат. Гүл эч качан айлананын ичине тартылбайт, эгерде айлананын ичине тартылса, анда башка наамды алат: чач теңге – тегерек монета формасындагы аялдын чачындагы күмүш чачпак. «Гүл» оюусунун аты кыргыз оюусунун негизги элементи болгон гүлдүн өзүнүн сүрөтүнөн улам, же гүлдүн ортосундагы нерсенин атынан, же жалбырактын формасынан улам келип чыккан (1998, II: 462).

**Оюу – «бүркүт».** Бул оюунун составдык бөлүктөрүнүн шарттуу белгилери бар болсо да, ага карабастан бир композицияга жуурулушуп, өз алдынчалыгын жоготуп, жалпы «бүркүт» деген атка биригип турушат.

**«Умай» сүрөтү.** Бул оюу өзүнүн түзүлүшү боюнча «бүркүт» оюусуна окшошуп кетет, бирок «Умай» оюусу «...изображает обнаженную женщину с крылом. Изображение «Умай» входит в узор «амулет» (тумар), охраняющий младенцев. Умай – мифическое женское существо, охраняющее младенцев и похожее на птицу, живущую в воздухе» (Бернштам А. Н., 1998, II, 642).

**Оюу – «шуру».** Ал составдык бөлүктөрдөн жана анын композициясына кирген кошумча бөлүктөрдөн улам ушул атка ээ болгон.

**Боз үйдүн ар кандай бөлүктөрүнүн аттарынан турган оюулар.** Боз үйдүн ар кандай бөлүктөрүнүн аттарынан турган оюулар да бар. Мисалы, боз үйдүн уук-керегелеринин жогорку жагындагы түндүк (тегерек жыгач алкак) («верхний деревянный круг остова юрты») «күн» оюусунан айырмаланат, анткени түндүктүн ортосунда крест түрүндөгү туташтырылган кошулма бар (1998, II: 643).

**Оюу – «кобул».** Бул дагы боз үйдүн бөлүктөрүн чагылдырат. Боз үйдүн капталын (стена) түзгөн кереге,

«гнутые палочки, вставляемые крест-накрест в тюндук-чамгарак» ж.б. Бул күмүш буюмдарды жасоодо, териге, килемге, саймага жана шырдакка оюу түшүрүүдө колдонулат. Бирок саймага, килемге жана шырдакка бул оюуну түшүрүүдө формасын жоготуп, жол-жол түрүндө болуп калат. Бул оюу «тождествен по своему рисунку с узором «след пальца вороньей лапы» и отличается от него только своей длиной и по применению, в большинстве случаев – как обрамление» (Бернштам А. Н., 1998, II, 643).

**Оюу – «килем сүрөт».** «Килем сүрөт» - кыргыз оюусундагы өзгөчө оюу, ал түз сызыктардын айкалышынан турат жана килемдеги, чийдеги (циновка[91]) негизги элементтерди камтыйт. Килемдердеги түз сызыктуулук килемди жана чий буюмдарын жасоо техникасына байланыштуу. Килемге кыргыз оюуларынын айрым негизги элементтери, түз сызыктуу түзүлүштөгү оюулар катыша алат, мисалы, *«тоо кочкорунун башы», «кайталанма мүйүз», «бугу мүйүз», «бугу башы»* ж.б. (1998, II: 643).

Кыргыз оюуларынын бардык негизги элементтери «характеризуются четким рисунком, максимально реалистичным, подчинены закону – «целое по части» (643). А. Н. Бернштам айткандай, мына ушул кыска жана так сызыктарга табияттын көрүнүштөрү («ай», «булут», «күн») жөнүндөгү сүрөттөр үндөшөт. Ал эми өсүмдүктөр оюуларында ашкере коздук бар, сызыктардын саны көп, айбанаттар циклинде да ушундай.

## Оюуну семантикасына жараша колдонуунун зарылдыгы

Азыркы учурда аялдардын зер буюмдарына, калпакка (баш кийимге), эркектердин жана аялдардын кийген кийимдерине ар кандай оюуларды түшүрүү адатка айланып бара жатат. Бирок аларга оюу түшүрүүдө дайыма эле алардын семантикалык мааниси эске алына бербейт.

Мисалы, азыркы кыргыз оюучусу Калбек Бейшен оюулардын касиети, сырлары көп дейт. Ал ошол оюуларды

туура колдонуунун зарылдыгын белгилейт: «Туура эмес колдонулган оюулар мени кыжалат кылат. Төргө илине турган ыйык оюларды билбей жерге тебелеп жүрөбүз. Же жерге салынчу оюуларды көрүнүктүү кишилер чепкенине тагынып, белдемчилерге, калпагына сайып жүрүшөт» (Калбек Бейшен, 2012, № 21, 5-июнь). Калбек Бейшендин маалыматы боюнча илгери кыргыздар *кутту уютуп чогултуучу, кутту чачыратуучу* деп оюуларды экиге бөлгөн. Ал илимий сөз менен айтканда энергияны топтоочу жана энергияны чачуучу дегенди түшүндүрөт.

Калбек Бейшендин маалыматы боюнча, мисалы, кинолордо, жомоктордо байлардын төрүндө калкан илинип турчу. Ал сырттагы кайтарган күзөтчү, жоокерлердин калканына окшош эмес. Төрдө оюу чегерилип илинген калкан ошол адамдын тукуму, үй-бүлөсүнүн даражасы, коомдогу абалы эн белги түрүндө уютулуп жасалчу. Мындай калкан төрдө энергия берип, тумар сыяктуу ошол тукумдун аброюн кармап турчу.

Калбек Бейшен кыз келиндер, аялдар тагынган зер буюмдар тууралуу да ой бөлүшөт. Ал зер буюмдарды көбүнчө аял киши тагынарын айтып, бирок «алар баатырдыкты, эр жүрөктүүлүктү даңазалаган оюуларды тагынып алгандары кызык» (Калбек Бейшен, 2012, № 21, 5-июнь), - дейт.

Демек, оюулардын маанисин туура түшүнүп, аларды ылайыгына жараша колдонуу маанилүү.

## Жыйынтык

Аталган бөлүмдө жазуу, анын мааниси, коомдо аткарган кызматы тууралуу сөз болду, кыргыздар колдонгон жазуулар классификацияланды жана ар бири өз-өзүнчө талдоого алынды.

Кыргыздар колдонгон жазуулар төмөнкүдөй классификацияланды:

**I. Семасиография. 1.** Нака жазууга чейинкилер: 1) Сүрөттүк ыкма: Пиктографиялык жазуу; 2) Идентифика-

циялык-мнемоникалык ыкмалар: Эн тамгалар, татуировка; **2.** Сөздүк ыкма: Логографиялык жазуу.

**II Фонография.** Нака жазуу: 1) Жазуунун аралаш системасы; 2) Тамгалык-тыбыштык жазуу.

Бул бөлүмдө кыргыздар колдонгон нака жазууга чейинкилерге кирген пиктографиялык жазуу, эн тамгалар, татуировка, ошондой эле сөздүк ыкмага кирген логографиялык жазуу талдоого алынды.

Байыркы кыргыздар пиктографиялык жазууну, эн тамгаларды колдонушкан. Алар кыргыз тил илиминде бүгүнкү күнгө чейин кыргыздар колдонгон жазуу катары илимий изилдөөнүн атайын объектиси боло элек болчу. Тарыхый маалымат булактарында кыргыздардын татуировканы колдонушкандыгы да катталган. Бирок бул жөнүндө маалыматтар аз. Бул бөлүмдө мына алар биринчи жолу кыргыздардын нака жазууга чейинки колдонгон семасиографиялык байыркы жазуулары катары каралды.

Енисейлик кыргыздарда сүрөттүк, б. а. пиктографиялык жазуу карасук маданияты мезгилинде эле колдонула баштаган, ошол мезгилде эле маалыматты каттоонун сүрөттүк ыкмасында «айбанаттар стилинин» белгилери байкалган. Мисалы, бычактын сабы үчүн ар кандай жаныбарлардын (тотемдердин) тулкусу колодон коолдолуп жасалган. Муну менен адамдар ал буюмга күч берүүгө аракеттенишкен.

Кыргыздарда «кочкор-күн» тотемдик композиция б.з.ч. 1-миң жылдыкта таштан жасалган. Эң эле белгилүү эстелик – кочкордун башы, ал эми башка эстеликтерде күндүн сүрөтү тартылган. Кыргыздарда кочкор ыйык деп эсептелген күн менен байланыштырылган. «Кочкор-күн» тотем-идеясы С. В. Киселевдун карасук стелалары боюнча археологиялык материалдарында кездешет. Мындай көрүнүштөр кийин скиф доорунда (б.з.ч.VII-IIIкк.) уланган жана өнүгүүгө ээ болгон.

Кыргыз пиктографиялык жазуусунда кеңири орун алган кыргыз тотемдерине бугу, теке, барс, аюу ж. б. ки-

рет. Мындай сүрөттүк жазуунун гүлдөгөн мезгили б.з.ч. VII-I кк. тушунда болгон жана бул маданий комплекстер археологдор тарабынан тагар маданияты деп аталган.

Тагар маданиятында «айбанаттар стилиндеги» пиктографиялык жазуулар өркүндөгөн жана өзгөчө искусство катарында тарыхтан орун алган. Ал мезгилден аска беттеринде үй жаныбарлары жабдыктары менен, мисалы, жүгөндөр жана аттын каамыты ж.б. тартылган сүрөттөр сакталып калган. Тагар маданиятынын өкүлдөрү буюмдарга, кылычтарга, бычактарга, жебелерга ж. б. скифтик айбанаттар стилиндеги жаныбарлардын сүрөттөрүн тартышкан. Ошондой эле курал-жарактарга (канжар, ай балта ж. б.), кийимдердин айрым бөлүктөрүнө, тогоо, таралга ж. б. айбанаттардын сүрөттөрү түшүрүлгөн. Булар тил илиминде пиктографиялык жазуу деп аталат.

Кыргызстандын территориясында да пиктографиялык жазуулар кеңири учурайт. Мисалы, Кыргызстандын түштүгүндөгү байыркы адамдардын жер жөнүндөгү жана анын региондору жөнүндөгү элестери Саймалы-Таштын петроглифтериндеги пиктографиялык тексттерде кеңири сүрөттөлгөн. Мындай жазуулар Талас жергесинде да бар. Пиктографиялык жазуулар бүгүнкү күнгө чейин Кыргызстандын башка аймактарынан дагы табылууда.

Пиктографиялык жазууларда кыргыздардын дүйнөгө көз караштары, диний ишенимдери, жашоо мыйзамдары, турмуш-тиричилиги, каада-салттары ж б. кеңири чагылдырылган.

Кыргыздардын негизги кесипчилиги мал чарбачылыгы болгон. Эн тамгалар мал чарбачылыгынын өнүгүшү менен байланыштуу келип чыккан. Адегенде мал тамак үчүн керектелсе, бара-бара мал байлык топтоонун жолуна айланган. Бул мезгилде патриархалдык үйбүлөнүн бекемделиши менен колунда малы көп үй-бүлө аларды башкалардан айырмалоо үчүн эн тамгаларын коюшкан, алар уруу, урук, менчик белгилери катары колдонулган.

Эн тамгалардын функциясы кеңейген. Кийин алардын көпчүлүгү туруктуу тамгаларга өткөн. Мунун дали-

ли кыргыз эн тамгалары менен орхон-енисей алфавитиндеги окшоштуктар болуп эсептелет.

Енисейдеги байыркы кыргыздарга таандык тарыхый жазма эстеликтердеги эн тамга белгилери менен ошол аймакта жашаган бүгүнкү кыргыз урууларынын эн тамгаларында жалпылыктар бар. Енисейдеги (Хакас-Минусин, Тыва) эстеликтердеги эн тамгалар кыргыз эн тамгаларынын мураскорлору болуп саналат. Анткени кийинки аска бетиндеги эн тамгалар байыркы кыргыздардын эн тамгаларына окшош.

Кыргыздар татуировканы да колдонушкан. Мындай белги адамдардын коомдогу социалдык абалын көрсөткөн. Татуировканы адамдар беттерине, моюндарына жана колдоруна коюшкан. Мисалы, согушта өзгөчөлөнгөн баатырлар билектерине белги, ал эми күйөөгө чыккан аялдар моюндарына сайма (татуировка) түшүрүп алышкан. Кыргыздын эн тамгалары атактуу кыргыз вазаларына да коюлган.

Эмгекте жазуунун сөздүк ыкмасы – логографиялык жазуу каралды. Логографиялык жазуунун кыргыз орнаменттеринде чагылдырылышы, анын табияты, тарыхы, колдонулуш доорлору, эволюциялык өнүгүшү, аткарган кызматы, тематикасы, баяндоочулук касиети, баяндоонун багыттары, семантикасы кеңири талдоого алынды.

Орнаментти изилдөөдөгү меттодор жана багыттар, орнаменттин мүнөздүү белгилери, андагы мотивдер, кыргыз оюуларынын тили каралды.

Ошентип, кыргыздар маалымат берүүнүн нака жазууга чейинки сүрөттүк жана идентификациялык-мнемоникалык ыкмаларын: сүрөттүк ыкма - пиктографиялык жазууну, идентификациялык-мнемоникалык ыкмалар - эн тамгаларды, татуировканы, ошондой эле сөздүк ыкма - логографиялык жазууну колдонушкан.

## Байыркы түрк-гунн жазуусу тууралуу

Гунндардын тили жөнүндө толук, даректүү маалыматтар жокко эсе. Ошондой болсо дагы жазуулар жөнүндө сөз кылып жатып, азыраак болсо дагы гунндардын тили тууралуу айрым маалыматтарга токтолуп кетүүнү туура деп эсептейбиз.

## Хунндардын логографиялык жазуусу

Хунндардын жазуусу тууралуу ар кандай пикирлер жашаган, бул азыр да ачык-айкын эмес. Мисалы, 1898-жылы Е. Блоше: «Один из видов письменности северных семитов (арамеев) был заимствован у хуннов жужанями, а от них тюрками» (Кляшторный С.Г., 1964: 45) – деген. Ал эми монгол археологу Ц. Доржсэрэн (1961) хунндар колдонгон жазуунун прототиби Абакан, Дархан, Керулен көрүстөндөрүнөн табылган ар кандай белгилер экендигин далилдеген (1961: 105). А. Дамдинсэрэн ички Монголиядагы Жэхэ, Чэндэ булактарындагы археологиялык маалыматтарга таянып, хунндардын жазуусу болгондугун далилдеген, анткени «...в этих местах были найдены прототипы знаков складного ножа, которое они использовали в качестве денег» (2012: 29; 1972: 3-13). Жэхэ, Чэндэ белгилери хунн империясынын түзүлүүсүнө чейинки белгилер болуп саналат. К. Сарткожаулы бул белгилерди логографиялык белгилер деп атайт (2012: 29). Ошентип, жогорудагы маалыматтар хунндардын логографиялык жазуусу болгондугун далилдеп турат.

## Хунн тили - байыркы түрктүк

**«Кэму», «кэгу» - байыркы түрк-рун жазуусу (кытайлыктар шуци деп аташкан).** Хунн тилинин байыркы түрктүк экендигин бир катар окумуштуулар белгилешет (А. Н. Бернштам. Избр.тр., II, 1998, 195-б.; Schirori К., 1900, перепечатана в Известиях АН, 1902, т. XVII, № 2;

Munkachi B., 1903, IV, 240-253; Панов. 1916; Иностранцев К., 1926).

Н. Я. Бичурин: «У них (у хунну – К. С.) нет этических и моральных сводов. Высшие чиновники свои заметки **оставляли на костях и обматывали деревом»** (Сарткожаулы К., 2012: 24), - дейт.

Н.Я.Бичурин кытайлыктар өздөрүнүн жазуусун *вэн цзи*[92] деген термин менен, ал эми байыркы түрк жазуусун *шуци* деген термин менен аташкандыгын маалымдайт (Сарткожаулы К., 2012: 27).

Синолог J. R. Ware 1933-жылы *шуци (шуцзи)* «жазуу» («письменность»), «жазуу булагы» («письменный источник») дегенди түшүндүрөт дейт (Ware J. R., 1933.р.р. 100-181). Ушундай эле пикирди G. Schreider (1997), Д. Кароль (1953) айтышкан. Кытай сөздүктөрүндө жогоруда аталган сөздөрдүн маанилери «жазуу» дегенди түшүндүрөрү берилген. 1960-жылы жарык көргөн Кытай сөздүгүндө («Цыхай» –«Море слов»,) Чоң кытай сөздүгүндө («Ханьюй цыдянь»), 1909-жылы Иннокентийдин редакциясында жарык көргөн Кытай-орус толук сөздүгүндө да *шуци* «жазуу» деп которулган (Сарткожаулы К., 2012, 24).

**Хунн элчилери колдонгон белгилер (кирке).** Хунн *(автордо хунн деп берилгени сакталды – Г.Ж.)* жазууларына Монголиядагы жана Сибирдеги казууларда табылган белгилер жана жазуулар кирет. Монголиядагы Булган аймагындагы Увгуний тоосунун дөбөлөрүн казганда хунн доорундагы алтын медальон табылган. Орто кылымдардагы сөздүктөрдө бул зер буюм *«кирке»* («kirke») деп аталган. Алтын медальондун жанынан табылган жыгачтын калдыктары 1982-жылы Ленинградга жиберилип, углекарбондук анализге алынган жана анын б.з. 30-жылдарына таандыктыгы аныкталган. Бул табылга хунн элчилеринин дипломатиялык сүйлөшүүлөрдө документтин ордуна алтын жана күмүш *«киркелерди»* (пайза) колдонушкандыгынан кабар берет (Сарткожаулы К., 2012: 103).

Кытай жазма булактарында хунндарда өзгөчө дипломатиялык документтин болгондугу айтылат. Кытай империясынын элчиси Чжань Цянь б. з. ч. II кылымда (б. з. ч. 114-жылы) Орто Азия мамлекеттерине саякат жасаган учурунда хунндарда он жыл туткунга болгон. Туткундан кутулгандан кийин Чжань Цянь императорго мындай деген маалымат берген: «На всей территории от уйсуней до персидских стран почитаются хуннские послы, носящие особый знак – *«кирке»* хуннского Шаньюй. Им предоставляются на всех землях пропитание и транспорт» ( 2012: 104; Сухбаатар Г. 1992: 114).

Бул киркелерде өзгөчө жазуу болушу керек дейт К. Сарткожаулы. Угвунттан табылган алтын медальондо тогуз тамга болгон. Медальондун ортосунда кагандын, шад же ябгунун биринин рельефтик сүрөтү болгон (2012: 104). Бул маалыматтар хунндарда жазуу болгондугун, ал эми элчилерде өзгөчө жазуусу бар алтын медальондун болгондугун далилдеп турат.

**Хунндардын *кэму* жана *кэгу* жазуусу орхон рун жазуусуна төп келет.** К. Сарткожаулы жогорудагы булактарга таянып, Борбордук жана Орто Азияда жашаган уруулар ***хунндардан баштап, тобо, сияньби, жуан-жуан (жужжандар) жана байыркы түрктөргө чейин «пользовались единой письменностью»*** *(белгилеген – Г. Ж.),* – дейт (2012: 27). Окумуштуу кытайлыктар б. з. ч. II-I кылымдардагы хунндардын жана VI-VIII кылымдардагы түрктөрдүн жазуусун бирдей аташкандыгын, хунндардын да, түрктөрдүн да сөөккө оюулуп жазылган *«кэгу», «кэму»* сөздөрү алардын бирдей жазууну колдонушкандыгын айтып турат дейт. *«Кэгу»* деген «сөөккө оюп (тилип) жазуу» («резьба на костях»), «кэму» деген «жыгачка оюп (тилип) жазуу» («резьба на дереве») дегенди туюндурат (2012: 27).

Н. Я. Бичурин, Р. Варе, Г. Шрайбер, Д. Кароль бул жазуунун кимдерге таандык экендигин аныктай алышкан эмес. Бирок алар аталган жазуунун кытай иерогли-

фикасынан айырмалуу экендигин белгилешкен. Ал эми батыш окумуштуулары *кэму* жана *кэгу* сөздөрүн сөөккө жана жыгачка тилинип жасалган искусство деп эсептешкен. *Кэму* жана *кэгу* сөздөрү байыркы рун жазуусун билдирет деген пикирди биринчи монгол илимпоздору А. Лувсандэндэв, Г. Сухбаатар айтып чыгышкан. Алардын ою боюнча хунндардын *кэму* жана *кэгу* жазуусу орхон рун жазуусуна төп келет (Сарткожаулы К., 2012: 27).

Ошентип, б. з. ч. II кылымдан баштап X кылымга чейин, он эки жүз жыл бою *кэму* жана *кэгу* жазуулары колдонулган. Жогоруда айтылгандай, булар сөөккө жана жыгачка тилинип жазылган жазуулар болуп эсептелет. Бул түрк жазуусу болгон.

**Кытайлыктар жана байыркы түрктөр колдонгон китеп-такталар тууралуу.** И. Л. Кызласов алгачкы булактарга таянып, кытайлыктар да кагазга жазганга чейин сөөккө жана жыгачка оюп жазышкан дейт (Кызласов И. Л., 2004, № 1 (9): 9-27).

Ушуга окшогон археологиялык булактар европалык окумуштуу А. Стейнге белгилүү болгон. Ошону менен катар эле алгачкы орто кылымдардагы Корлда (VIII-IX кк.), Чыгыш Түркстандагы Лобнор көлүнө жакын жерде китеп-такталар (книги-дощечки[93]) табылган. Байыркы кытайлыктар аны «це» деп аташкан. Алар кытайлыктарга батыш Чжоу доорунан (б. з. ч. XI-VIII кк.) бери белгилүү болгон. Кытайлыктар адегенде бамбуктан, жыгачтан (из дерева) такта жасашкан жана ага оюп (надрез[94]) жазуу жазышкан жана аларды бири-бири менен байлаштырышкан. Ушул жол менен китеп даяр болгон (Сарткожаулы К., 2012: 28).

И. Л. Кызласовдун маалыматында б. з. ч. XIII-IX кылымдарда өкмөттүн указдары такталарда жазылып, анан бири-бири менен байлаштырылган. Бара-бара такталар таш бақанын калканынан (панцирь[95]) же бодо малдын мүйүзүнөн жасала баштаган. Мына ушуга окшогон китеп-такталар жөнүндөгү маалыматтар кытай жазма бу-

лактарында б.з.ч. VIII кылымда – б.з. III кылымында кездешет. Китеп-такталар Чуньцю (б.з.ч. 722-475-жж.) доорундагы ырларда, гимндерде эскерилет, Чжаньго (б.з.ч. 453-221-жж.) мезгилиндеги археологиялык казууларда да китеп-такталардын жаралыш искусствосу жөнүндө бай материалдар камтылган (Сарткожаулы К., 2012: 28).

Окумуштуулардын айтуусу боюнча ар бир китеп-тактанын узундугу болжол менен 55,5-56,0 жана туурасы 1см болгон. Кытайлыктар аны *«фанце»* деп аташкан. *Фан* – бамбук, *цэ* – документ дегенди түшүндүргөн (2012:28; Зуев Ю. А., Агелеуов Г., 1998 т. II, 264-287).

И. Л. Кызласов жана Кёжелиг-Хову ар түрдүү байыркы булактарды иликтеп көрүп, мындай жыйынтыкка келишкен: «Вполне возможно, что древние тюрки пользовались такими же книгами-дощечками как у китайцев, изготовленными из дерева и костей»(2012: 28;).

К. Сарткожаулы И.Л.Кызласовдун пикирине кошулат. Окумуштуунун ою боюнча мына ушул себептен кытайлыктар Хань доорунан баштап байыркы түрктөрдүн жазуусун *«шуцзи»*[96] деп атай башташкан. Б. з. ч. II кылымдан баштап кытайлыктар мурунку колдонуп жүргөн *«фан-цэ»* жазуусунун ордуна кагазды колдонууга өтүшкөн, ал эми китеп-такталарды жасоо традициясы бара-бара жоголо баштаган.

Бул маалыматтар байыркы түрктөрдүн жана кытайлыктардын сөөктөн жана жыгачтан жасалган тактачаларга жазган жазуулары, алардын байланышы атайын иликтенүүгө муктаж экендигин көрсөтүп турат.

**«Кэму», «кэгу» терминдеринин этимологиясы. «Кэму», «кэгу» – хунн-рун жазуусу.** «Кэму», «кэгу ошол мезгилдеги хунн жазуусуна таандык.

К. Сарткожаулы аталган сөздөрдүн этимологиясын чечмелейт. Махмуд Кашкаринин сөздүгүндө «kertu» (МК, I, 160; II, 236; III, 427) деген сөз бар. Кытай тилинде «r (р)» деген тамга жок, ошондуктан алар анын ордуна «g (г)», «m (м)», «b (б)» ны колдонушат. Ошентип, «кэгу»,

«кэму» түрк тилиндеги «керту», т.а., тактага оюп (тилип) жазуу дегенди түшүндүрөт (2012: 28).

**Байыркы түрк рун жазуусу – «turkbitig» кытай булактарында - шуци.** К.Сарткожаулы кытай булактарындагы *шуци* (шуцзи) европалык окумуштуулар тарабынан байыркы түрк-рун жазуусу катары кабыл алынгандыгын айтуу менен, көчмөндөрдүн өзүлөрү аны «bitig» деп аташкандыгын маалымдайт. Ал маалымат булактарына таянып, «bitig» – бул жазуу дегенди түшүндүрөт дейт (Сарткожаулы К., 2012: 29).

Алгачкы орто кылым доорундагы байыркы түрктөр «biti» деген сөз менен Теңгри жиберген ыйык катты аташкан (МК, 540). Э. В. Севортяндын «Этимологиялык сөздүгүнүн» экинчи бөлүгүндө «biti» //«bitig» терминдери бар мисалдар абдан көп келтирилген. Монгол жана тунгус тилдеринде бул сөз *«bič» //«bičig»* түрүндө сакталган. Мына ушул булактарга таянып, К. Сарткожаулы «шуци (шуцзи) жазуусун түрк жазуусу – «turkbitig» деп атайт. Ал: «В таком случае, письменность «шуци (шуцзи)» китайских источников или руническую письменность мы можем с полным правом называть *«turkbitig»* (Сарткожаулы К., 2012: 29), – дейт. Жогорудагы маалыматтар түрк жазуусунун «turkbitig» деп аталгандыгынан кабар берет.

## Түрк-гунн жазуусу

Тарыхый булактарда гунн мезгилиндеги жазуулар тууралуу маалыматтар бар. Мисалы, байыркы грек тарыхчысы Присктин эмгектериндеги маалыматтарга таянып, Ф. Алтхайм гунндар жазууну колдонушкан дейт: «В Войске Атиллы составлялся список... касающийся внутренних дел государства, был написан не греческим или латинским алфавитом» (2012: 29; 1969: 283-284).

VI кылымдын биринчи жарымында Кавказдын түштүгү менен батыш Тиблистин ортосунда жашаган Арран уруусундагы бир адам (жрец[97]) библияны хунн тилине

которгондугу тууралуу маалыматка таянып, Ф. Алтхайм кавказ хунндары байыркы түрк рун жазуусун колдонушкан деп божомолдойт. Мына ушул маалыматтарга таянып, К. Сарткожаулы батышка көчүшкөн хунндардын *(авторлордо хунн деп берилгени сакталды, ал эми тарыхта алар гунндар деген ат менен белгилүү – Г. Ж.)* бөлүгү өзүлөрү менен байыркы түрк жазуусун ала кетишкен деп божомолдойт. К. Сарткожаулынын маалыматы боюнча Сирия жылнаамасынын (VI к.) автору Захария Митленский (Захария Ритор) мындай деп жазган: «…у гуннов лет двадцать тому назад или больше вышло писание на их языке» [Пигуловский Н.В.,1941:166-б.; Сарткожаулы К., 2012: 30). К. Сарткожаулы бул жерде Орто Азиядан батышка көчүшкөн хунндар жөнүндө сөз болуп жаткандыгын белгилейт. Захария Митленскийдин эмгегинде жылнааманын авторунун белгилүү бир убакытта хунндардын арасында болгондугу тууралуу да кызыктуу маалымат бар [Пигуловский Н. В.,1941,166-б.; Сарткожаулы К., 2012: 30).

Байыркы грек тарыхчысы Менандр Протектор өзүнүн «Тарых» деген эмгегинде Түрк каганынын 568-жылы Византия императорунун Юстиниан IIге жазган ыраазычылык каты «скиф жазуусунда» жазылган деген (Кляшторный С.Г., 2003: 39). Бул тууралуу С. Г. Кляшторный: «Нельзя, однако, утверждать безговорочно, что эти «скифские письмена» - рунические знаки скорее послание было написано по-согдийский. Использование какой-либо третьей системы письма сомнительно» (2003: 39, Китепте: Сарткожаулы, 2012:30), - дейт.

К. Сарткожаулы бул тууралуу мындай дейт: «В. Г. Ливщиц сыяктуу С. Г. Кляшторный дагы евроцентристтик көз караштты бекем карманат. Же болбосо кытай булактарында «ху», ал эми батыш булактарда «скифтер, гунндар» деген аталыштагы уруулар С.Г.Кляшторный тарабынан согдулуктар катары берилиши кандай? С. Г.Кляшторныйдын «Использование какой-либо третьей системы письма сомнительно» деген пикирине биз

мындайча жооп берер элек дейт К. Сарткожаулы: «…куда можно соотнести тюркское руническое письмо, найденное в археологическом комплексе Идэр 760-770 гг. (Сарткожаулы К., 2012: 30). К. Сарткожаулы ошондой эле Таспар каганга арналып курулган Бугут моло ташында бир дагы согду жазуусу жок экендигин, эстеликтин бир бөлүгү брахми алфавитинде жазылгандыгын маалымдайт. 545-56-жж. тургузулган Куюс-толгай эстелиги да брахми алфавитинде жазылган. С. Г. Кляшторныйдын теориясы боюнча анда байыркы рун жазуусу брахми алфавитинен келип чыккан деп айтууга болот экен да дейт (Сарткожаулы К., 2012: 30).

Жогоркудай маалыматтар сактардын жана гунндардын өзүлөрүнүн жекече жазуулары болгондугун далилдеп турат. К. Сарткожаулы: «Эту письменность кочевников, обитавших на бескрайних просторах Евразии, можно охарактеризовать как руноподобную» (2012: 30), - дейт.

Л. Вазин гунндардын түрк тилдүү экендиктеринде шек жок, анткени «транскрипция гуннского выражения в тексте «Цзиньшу» (IV) читается по-древнетюркски в полном соответствии с китайским переводом», - дейт. Бул маалыматтар хунндардын жазуусунун түрк тилдүү экендигинен кабар берет.

А.Н.Бернштам: «Гуннский язык – язык господствующей племенной знати – был еще языком не дифференцированным. Он включал в себя ряд элементов разных наречий и разнообразных диалектов племен, составлявших гуннский союз. Социальные условия гуннского племенного союза требовали создания какой-то единой лексики, которая могла бы и должна была обслуживать общие задачи и требования их социального строя и хозяйства. Эта лексика согласно небольшим фрагментарным дошедшим до нас свидетельствам, запечатленным в китайских летописях, дала право ряду исследователей – Хирту, Панову, Ширатори и другим утверждать, что словарь гуннского языка в основном – древнетюркский» (1998, II: 195), - деген.

Бул лексика айрым наречиелердин жана диалектилердин тилдик «нивелировкасынын» *(барабарлашуу, теңдешүү – Г.Ж.)* жыйынтыгы болуп саналат жана ал усундарга жана гегундарга белгилүү болгон дейт А. Н. Бернштам (1998, II: 195).

Ошентип, гунн тили – түрктүк болуп эсептелет. Окумуштуулар арасында, жогоруда сөз болгондой, гун тилинин түрк жазмалары менен байланышы тууралуу пикир жашайт.

А. С. Аманжолов Ю. Аспелиндин археологиялык иликтөөсүнүн негизинде мурун таш эстеликтердеги енисей жазуулары, негизинен гунн этностук традициясына кирет жана датасы биздин замандын башталышына туура келет деген пикир жашагандыгын маалымдайт. Э. Р. Тенишев хунн жана гунн лексикасы рун жазууларына окшош дейт. В. В. Радлов (1908: 835-836) да өз кезегинде «также находил возможным отождествить письмо гуннов, упоминаемое в китайских хрониках, с тюркским руническим алфавитом. Затем это мнение становится одиозным, т.к. возобладала концепция о более позднем происхождении тюркских рунн» (Аманжолов А., 2003: 14), – дейт.

Жогорудагы маалыматтар хунн жана гунн жазууларынын түрктүк жаратылышын тастыктап турат. Биз дагы жогорудагы маалыматтарга таянып, хунн жана гунн жазууларын түрктүк жазуу деп жыйынтыктай алабыз.

## Түрк тилдүү кыргыздар гунн доорунда

Түрк тилдүү кыргыздардын түзүлүүсү гунн доорунан башталган. Буга, биринчиден, экономиканын жана социалдык түзүлүштүн биримдигинен улам тилдин автохтондуу өнүгүшү (тюркизация), экинчиден, жалпы саясий жана экономикалык байланыштардын негизинде гунн уруулук союзунун жана сяньбилердин динлиндер менен тилдик жалпы өнүгүүсү себеп болгон. А. Н. Бернштам:

«Этот процесс имел свое завершение в т.н. тюркский период VI-IX вв. н.э., когда оформилась тюркоязычная группа племен и тюркский народ – кыргызы» дейт (1998, II: 197).

**Кыргыздар – түрк тилдүү.** Н. А. Аристов кытай жазма булактарында сакталып калган кагастардын *(байыркы кыргыздардын – Г. Ж.)* сөздөрүнүн көпчүлүгү түркчө дейт. Ал төмөнкүдөй мисалдарды келтирет. Бичуринде: «Первый месяц в году называют маоши ай. Ай значит месяц» (Собрание сведений… 1851, 1-б., 444) деп айтылат.

Н. А. Аристов Н. Я. Бичуриндин жогорку мисалына карата: «Ай в самом деле по-тюркски месяц; маоши, должно быть, «испорченное муз – лед, выходит, следовательно, ледяной, холодный месяц», – дейт (Аристов Н. А., 2001: 147). Шамандарды түрктөр кань (kan), т.а. кам дешкен жана азыркыга чейин эле ошентип аташат. Хагас падышасынын министрлери бей (Гйеси Бей, Гюйшабо Бей и Ами Бей) деп аталган. Бей, бек, бег – түркчө башчы («начальник»), старшина. Ал эми «Дагань (Та-Kan) «вероятно, есть тюркское слово тархан – свободный от податей». Кытай Сарайына жиберилген Чжуву деген хягас элчиси Хэ-со деген атка ээ болгон. «Таншуда» «хэ отважный, со – левый, т.е. искусный стрелок с левой руки» деп берилген (Шоттун котормосу боюнча «su значит левша» (s.441). Клапрот боюнча (p. 173) kho sou = klhotch sol – храбрец, левой (Аристов Н. А., 2001: 147).

Шотт хэ деген сөздү төмөнкү тилдеги сөздөр менен салыштырат: «якутским хосун (cho-sun) – смелый, отважный и с манчжурским хосун – сила, мощь» (Шот, 441).

Н. А. Аристов: «Сохранилось затем несколько хагасских слов, указывающих» на смешанное, не чисто тюркское происхождение кыргызов», – дейт. Мисалы, «ажо или аже Шотт сравнивает с тюркским ата и самоедским asse и astsea (450), а также с вогульским ase – отец» (Шот,1873, s.2); миттичита деген сөздү Шотт анын акыркы эки муунун алып таштап, самоеддик палатка деген

маанидеги muat mit ж.б. деген сөз менен окшош дейт ж.б.; кяша деген сөздү ошол эле окумуштуу самоеддик темир деген маанидеги kues, vese, jesou деген сөздөргө жакындаштырат (Аристов Н. А., 2001: 147; Шот, 1873, 433).

Жергиликтүү элдер Кема деп атаган Гянь (Kjan) суусунун атын Шотт самоеддик ka же ku («река») деген сөздөн келип чыккан болушу мүмкүн дейт, Кастерн боюнча Kem Финляндиянын жана Карелиянын көп жерлеринде көбүнчө эч өзгөрүүгө учурабастан Komi же Kymi формасында кездешет, бул Ренвалдын (Ренваль) сөздүгү боюнча чоң суу дегенди түшүндүрөт. «Кастерн пологает, что если это слово было первобытным финским, то перенесено в Финляндию с Енисея» («Шотт (Monats berichte, 1873), – дейт Н. А. Аристов. Ал: «Шот отвергает предлагаемое проф. Березиным производство названия верхнего Енисея от монгольского кем – мера, находя несообразным соотношение реки с мерой...» (Аристов Н. Я., 2001: 148).

Шотт sze-mu – бугунун атынын акыркы үндүүсүн алып таштап (которая могла быть прибавлена для изображения китайским знаком звука m), койбалдардын жана сойоттордун syn жана sin (карагастардын – sen) – бугу деген сөздөрү менен салыштырат.

Ошентип, жогорку сөздөрдүн анализи кытайлыктар тарабынан жазылган хагастардын сөздөрүнүн көп бөлүгү түркчө экендигин көргөзгөн, бирок арасында айрым бир самоед жана фин тилдеринин да сөздөрү кездешкен. Бул тууралуу Н. А. Аристов самоеддердин сөздөрү «легко могли оказаться в языке кыргызов, так как самоеды, несомненно находились в числе аборигенов Сянских гор, отуречение которых продолжалось до настоящего времени» (Аристов Н. А., 2001: 148).

Ошентип, жогорудагы мисалдар, негизинен, кыргыздардын сөздөрү түркчө экендигин көрсөткөн.

В. В. Бартольд Таң-Шуда кыргыздар «динлиндер менен аралашып кеткен» деген маалымат бар экендигин, ошол эле убакта кыргыздар сырткы түрү жагынан кы-

тайлар бома деп атаган элге окшоп кетет деп айтылгандыгын (бома – «ала аттар» – бул элдин жылкысы ала болгон имиш деп айтылат) белгилейт. Кытайлыктардын айтуусу боюнча кыргыздардын тили бомалардан айырмаланган, мисал үчүн бир нече кыргыз сөздөрү келтирилет (мисалы, ай деген сөз). Ушундан улам В. В. Бартольд кыргыздардын ал убакта түрк тилинин наречиелеринин бири менен сүйлөшкөндүгү көрүнүп турат деп белгилейт. Мусулман авторлору да кыргыздарды тили боюнча түрк тилдүү элдерге киргизишет (Бартольд В. В., 1996: 182).

В. В. Бартольд Абу Дулефтин (Х кылымдагы автор) кыргыздар тууралуу баянында алардын жазуусу эске алынгандыгын айтат: «Алардын *(кыргыздардын – Г. Ж.)* сыйынуучу үйү жана өздөрүнүн жазмасы бар» (Китепте «Кыргыздар», 2-том, 1993: 149). Андан тышкары алардын сыйынуу мезгилинде колдонгон кырааттуу кеби (мерная речь) бар экендиги да айтылат.

## Гунн жана түрк тилдериндеги жалпылыктар

Гунн тилинин лингвистикалык мүнөздөмөсү материалдардын жетишсиздигинен улам фрагментардык мүнөзгө ээ.

К. Сарткожаулы сактардын жана гунндардын өз жазуусу болгондугун айтып: «Эту письменность кочевников обитавших на бескрайних просторах Евразии, можно охарактеризовать как руноподобную» (2012: 30), – дейт.

Э. Р. Тенишев гунн тилинин түрк тилдериндей экендигин маалымдайт (1997: 52-53).

Фонетикалык жактан каткалаң жана жумшак тыбыштар: *p, *b, *k, *g, *t, *d. Сөздүн башында *b, ортосунда жалаң – *p келген. Сөздүн аягына рун жана уйгур жазууларындагыдай *d келген.

Ачык муун жана жабык муун болгон: CV VC CVC: täŋ-ri, or-do, süg.

Үндүүлөр тууралуу Э. Р. Тенишев: «Действовала гармония гласных по ряду и губности» дейт: а-а, у-а, а-у, ä-i, о-о, u-u, u-a, o-u-y, ü-ü.

Морфология жалпы түрктүк мүнөздө, б.а. сөздөрдүн морфологиялык тиби – агглютинативдик болгон.

Хунн тилинде атоочтор, этиштер, ошондой эле рун жана байыркы уйгур эстеликтериндей эле грамматикалык категориялар аффикстерге ээ болушкан: «форма винительного падежа на -γ/-g, совпадающая с таковой в языках рунических и древнеуйгурских памятников, прошедшее (перфективное) на –qan, встречающееся в кыпчакских и южносибирских языках» (1997: 53).

Сөз жасоо тууралуу маалыматтар жок.

Жогорку мисалдардан ошол мезгилде эле үндүүлөрдүн үндөшүүсү болгондугу ачык көрүнүп турат. Ачык муун, жабык муун, сөздөрдүн морфологиялык тиби агглютинативдик мүнөздө экендиги, атоочтордун жана этиштердин болушу түрк тилдериндей.

Синтаксис боюнча: кайрадан калыбына келтирилген эки саптардан башка байланыштуу тексттер дээрлик сакталган эмес.

Жөнөкөй сүйлөмдүн структурасы: субъект – объект – предикат түрүндө, б.а. түрк тилдерине мүнөздүү болгон. Мисалы: boquγyγ tutqan «схватили командующего» (башчысын кармашкан) (1997:53). Бул дагы түрк тилдериндей, анын ичинде кыргыз тилинде да ушундай.

Татаал сүйлөм тууралуу маалыматтар жок.

Хунн тилиндеги сөздөр түрк сөздөрүнө окшошот. Мисалы: хунн.: ch'eng-li – түрк.: täŋri ‘Небо’ (асман); qaγan/ χaγan ‘верховный правитель’ (жогорку башчы); tägin/ tigin ‘титул’ ж.б.(1997:53).

Хунндардын түрк тилдүү экендиги алардын ысымдарынан да көрүнүп турат. Мисалы, Присктин (448-ж.) маалыматы боюнча Атилланын аялынын аты түркчө *aryγ-qan чистая/красивая княжна’, ал эми Атилланын аталаш агасынын (дядя) аты В. Банг боюнча түркчө *öj bars ‘лиса’ (түлкү) (1997: 53).

Ошентип, хунн, гунн жана түрк тилдеринин ортосундагы байланыштар толугу менен изилдене элек болсо дагы, айрым фрагментардык маалыматтар алардын окшоштугун кабарлайт.

Э. Р. Тенишев хунндардын лексикасынын рун жазууларына жана уйгур эстеликтеринин тилине окшоштугу тууралуу: «Тюркская лексика хунну и гунну совпадает с той, что представлена в языках рунических и древнеуйгурских памятников» (1997: 53), – дейт.

### Кыргыздардын жана уйгурлардын жазуусунун окшоштугу, гунн жазуусу менен енисей кыргыз жазуусу жөнүндө

Төмөндө Э. Р. Тенишевдин хунн жана гунн лексикасы рун жана байыркы уйгур эстеликтеринин тилине дал келет деген пикирин карап көрөлү.

Адегенде сөз **кыргыздардын жана уйгурлардын жазуусунун бири-бирине окшоштугу** жөнүндө.

Кыргыздардын жазуусу, тили уйгурлардыкы менен окшош деп айтылат «Ханзу жазмаларында» («Ханзу», Жаңы Таңнаама. 2000: 295). Бул тууралуу Г. Клапроть кытай тарыхчыларынын маалыматтарына таянып, Хойхе же Хойху (уйгурлар) менен Хакастар бир уруудан чыгышкан жана бир тилде сүйлөшкөн дейт (Бартольд В. В., 1996,199).

Кыргыздардын жазуусу жана тили хойхустардыкына (уйгурлар) дээрлик окшош деген маалымат Н. Я. Бичуринде бар. Ал мындай маалымат Тан династиясы тарыхынан алган. «Таншу» кытай хроникасында кыргыздар (хягас) менен уйгурлардын (хойху) тилинин жана жазуусунун жакындыгы тууралуу: «Письмо их и язык совершенно схожи с хойхускими» (Н. Я. Бичурин. Т. I, 1950), – деп берилген.

В. В. Бартольд Таң-Шуда да кыргыздардын «жазмасы жана тили уйгурлардыкына абдан окшош» деп жазыл-

гандыгын маалымдайт (Китепте: «Кыргыздар», 2-том, 1993: 148).

Ю.Худяков: «Наибольшее сходство в языке и культуре у кыргызов наблюдалось с уйгурами...», - дейт (2003: 52). Ошентип, кыргыздардын жана уйгурлардын тилинин окшоштугу тууралуу пикирлер талаш туудурбайт.

Кыргыздардын тили жана жазмасы уйгурлардыкына окшош дегенге Л. Н. Гумилев да кошулат, бирок «тилинин жана жазмасынын окшоштугуна карабастан, кыргыздар өздөрүнүн кээ бир өзгөчөлүктөрү боюнча түрктөрдөн да, уйгурлардан да алыс» дейт (Гумилев Л. Н., Китепте: Кыргыздар. 2-т.: 187).

Төмөндө сөз **кыргыздардын жазуусунун уйгурлардын жазуусуна караганда байыркылыгы** жөнүндө.

Саманиддердин тукуму Наср-ибн-Ахмед-хандын бийлиги кезиндеги (X кылымдын аягы) саякатчы Абу-Дулеф Букарадан Кытайга бараткан жолундагы элдердин аттарын атоо менен катар алардын ичинен «кымактар» менен «кыргыздар» өзүнчө жазмага ээ деп көрсөткөн. В. В. Бартольддун пикири боюнча бул жерде кеп ошол убакта уйгурлардын арасында таркай баштаган жана кийин монголдор кабыл алган алфавит жөнүндө эмес, **андан байыркы жазуулар жөнүндө** *(белгилеген – Г. Ж.)* болуп жатат, «ключ к чтению которых мог быть найден благодаря открытию орхонских надписей» (Бартольд В. В., Изб., 1996: 200).

Демек, бул жерде ошол убактагы (X кылымдагы) уйгурлардын арасында тарай баштаган жазуу эмес, андан мурунку, байыркы кыргыздардын жазуусу жөнүндө кеп болгон. Алардын ачкычы Орхон жазууларынын ачылышы менен табылган. Демек, бул жерде орхон жазууларынан мурунку жазуулар жөнүндө сөз болуп жатат. Ушундан улам **кыргыз жазуулары мезгили боюнча уйгур жазууларынан да, орхон жазууларынан да мурунку** деп айта алабыз.

В. В. Бартольд андан ары оюн мындайча улантат: «Что тот же алфавит был известен киргизам, видно из многочисленных надписей в бассейне Енисея, ставших известными в науке гораздо раньше, чем орхонские, но разобранных только благодаря открытию исторических орхонских надписей, впервые давших науке материал, на основании которого можно было приступить к разбору загадочных письмен» (В. В. Бартольд, 1996: 200).

Ошол жазуулардын, т. а. алфавиттин кыргыздарга мурун эле белгилүү экендиги Енисей бассейниндеги көптөгөн жазуулардан көрүнүп турат. Ал эми алардын окулушуна орхон жазууларынын ачылышы жол ачкан.

Ошентип, жогоруда айтылгандай, кыргыздардын жана уйгурлардын тили бири-бирине окшош, бирок кыргыз тили – уйгур жасуусунан да, орхон жазуусунан да мезгили боюнча мурунку болуп эсептелет. Бул енисей кыргыз жазуулары аркылуу белгилүү.

**Енисей жазуулары гунн этностук традициясына кирет деген версия тууралуу.** А. С. Аманжолов Ю. Аспелиндин археологиялык иликтөөсүнүн негизинде мурун таш эстеликтердеги енисей жазуулары, негизинен, гунн этностук традициясына кирет жана датасы биздин замандын башталышына туура келет деген пикир жашагандыгын айтат. Кыргыз енисей жазууларынын орхон жазууларынын мурунку жазуу экендигине жана А. С. Аманжоловдун жогоркудай: енисей жазуулары гунн этностук традициясына кирет жана датасы биздин замандын башталышына туура келет деген пикир жашайт деген версиясына таянып, биз дагы енисей кыргыз рун жазуулары менен гунн жазууларынын ортосунда жакындык бар деп айта алабыз.

Бизге белгилүү болгон орхон-енисей жазуусу жана анын башатында турган енисей жазуусунун дагы гунн жазуусуна жакындыгы бар экендиги атайын изилдөөнүн предмети болууга тийиш. Аларда канчалык жакындык бар экендиги атайын иликтөөлөрдүн жыйынтыгында белгилүү болор.

## Кыргыз тили I-IV кылымдарда

Биздин замандын биринчи миң жылдыгынын башталышынан VI кылымга чейин Енисей өзөнүнүн жогорку жана ортоңку агымындагы жерлерде, Алтайга чейинки, Байкалдын алдында созулуп жаткан кеңири мейкиндиктерде жана азыркы Тыванын түштүк бөлүгүндө этностук группалардын орун которуштуруу процесси жүргөн: бири келип, бири кетип турган, айрымдары баскынчылар тарабынан талоонго учураса да, калктын кайсы бир бөлүгү сакталып калган, ал эми келгиндер жергиликтүү элдин тилинин жана маданиятынын элементтерин өздөрүнө сиңиришкен. Урууларлын башындагы үстөмдүк кылуучу уруунун алмашып турганына карабастан, кандайдыр бир деңгээлде алардын ортосундагы маданий жана тилдик ордун басуучулук байланыш сакталган (Батманов И. А., Арагачи З. Б., Бабушкин Г. Ф., 1962: 5).

Кыргыздар б.з. I миң жылдыгынын ортосунда Миң-Суу ойдуңунда жашашкан. Кыргыздар менен карагастардын (тофалардын), тывалыктардын бабалары жана Алтайдын башка элдери бири-бири менен чектеш болушкан.

Алардын жазуусу жөнүндө айтсак, В. В. Бартольд, дегеле, I-IV кылымдардагы Чыгыш Азия элдеринин тилинин мүнөзү жөнүндөгү маселе акыркы мезгилдерге чейин эле ачык бойдон калууда деген, анткени илимде аларга тиешелүү реалдуу эстеликтер жок (Караңыз: Баскаков Н. А., 1960: 33). Ал эми кытай транскрипциясындагы айрым сөздөр, жеке аттар же титулдар аркылуу аталган мезгилдеги байыркы түрк тилин так мүнөздөө мүмкүн эмес.

Ошондой болсо да тарыхый маалыматтар жана айрым окумуштуулардын иликтөөлөрү боюнча бул мезгилде Борбордук жана Орто Азияда жашаган уруулар хунндардан баштап, тоба, сияьнби, жуан-жуан (жужандар) жана байыркы түрктөргө чейин бирдей жазууну, т.а. түрк рун жазуусун колдонушкан. Б.з.ч. II-I кылымдардагы хунн-

дардын жана VI-VIII кылымдардагы түрктөрдүн жазуусун бирдей аташкан, хунндардын да, түрктөрдүн «кэгу», «кэму» сөздөрү алардын бирдей жазууну колдонушкандыгын далилдеп турат. «Кэгу»деген «сөөккө оюп (тилип) жазуу» («резьба на костях»), «кэму» деген «жыгачка оюп (тилип) жазуу» («резьба на дереве») дегенди туюндурат. Кыргыздар да аталган түрк рун жазуусун колдонушкандыгы шексиз.

## Жыйынтык

Хунндардын жазуусу болгон, ал айрым окумуштуулар тарабынан логографиялык белгилер деп берилет. Хунндар түрк тилдүү болушкан, Борбордук жана Орто Азияда жашаган уруулар хунндардан баштап, тоба, сяньби, жуан-жуан (жужандар) жана байыркы түрктөргө чейин бирдей эле жазууну колдонушкан.

Кытайлыктар б. з. ч. II-I кылымдардагы хунндардын жана VI-VIII кылымдардагы түрктөрдүн жазуусун бирдей аташкан. Хунндардын да, түрктөрдүн да сөөккө оюулуп жазылган «кэгу», «кэму» сөздөрү алардын бирдей жазууну колдонушкандыгын айтып турат.

Хунн, гунн жана түрк тилдеринин ортосундагы байланыштар толугу менен изилдене элек болсо дагы, айрым фрагментардык маалыматтар алардын окшоштугун кабарлайт.

Енисей жазуулары - мезгили боюнча орхон жазуусунан мурунку жазуу. Енисей жазуулары, айрым окумуштуулардын пикири боюнча, негизинен, гунн этностук традициясына кирет жана датасы биздин замандын башталышына туура келет. Биздин пикирибизде енисей кыргыз рун жазуулары менен гунн жазууларынын ортосунда жакындык бар. Албетте, бул атайын илимий изилдөөлөр менен тастыкталышы зарыл.

# II ФОНОГРАФИЯ

## 1. Нака жазуу: 1) Жазуунун аралаш системасы: а) вокалдык-тамгалык, б) консонанттык-тамгалык, в) муундук-тамгалык; 2) тамгалык-тыбыштык жазуу

### Кыргыздардын жазуусу түрк доорунда

**Кыргыздар жана түрк уруулары VI кылымдын башында.** Кытай жазма булактары боюнча түрк уруулары VI кылымдын баш ченинде Алтай менен Сыр-Дарыянын ортосунда жашап турушкан, ал эми византиялыктардын маалыматы боюнча Азовдун алдына чейин жетишкен. VI кылымдын ортосунда алар жужандардын үстөмдүгүнөн бошонуп, өз алдынча каганат түзүшкөн, көп өтпөй ал чыгыш жана батыш болуп экиге бөлүнгөн (Батманов И. А., Арагачи З. Б., Бабушкин Г. Ф., 1962, 6).

**Түрк каганаты.** VI кылымдын ортосунда байыркы түрктөр Алтайда өтө күчтүү мамлекет курушкан. Түрк каганынын ордосу Иртыштан Орхонго көчүрүлгөн. Бул бирикмеге ар түрдүү уруулар – кыпчактар, огуздар, карлуктар, ягмалар, уйгурлар, татарлар, курыкандар, түргөштөр, кыргыздар, чиктер, басмылдар ж.б. кирген (Аманжолов А., 2003: 14-15).

IV кылымдын 70-жылдарында Биринчи Түрк каганаты «распространял свою власть на значительной территории от Саяно-Алтайского нагорья на севере до Тянь-Шаня и Согда на юге, от Черного и Каспийского морей на западе до Великой Китайской стены на востоке» (Аманжолов А., 2003: 15). Ошол мезгилде Түрк династиясы официалдуу түрдө буддизмди кабыл алган. 581-жылы Түрк династиясы эки бөлүккө – чыгыш жана батышка бөлүнгөн. «Отмечается воссоединение каганата в 593 г. и новое разделение в 604 г.» (Аманжолов А., 2003: 15).

VI кылымдын орто ченинен баштап чыгыш Түрк каганаты Монголиянын жеринде жана Түштүк Сибирде (азыркы Тыва жана Хакасия) түзүлө баштаган. Алар түрк

жана монгол тилдеринде сүйлөшкөн. Бул учурда кыргыздар негизинен Миң-Суу (Минусин) өрөөнүндө жашашкан. Алар карагас, тывалыктар жана Алтайдагы башка элдер менен тыгыз карым-катышта болушкан (Батманов И. А., 1959, 10).

Ошентип, VI кылымдын аягында Ашина династиясынын улуу Түрк державасы пайда болгон. Чыгыш түрк каганаты 681-жылга чейин Кытайга көз каранды болгон, ал эми 745-жылы уйгурлардын соккусунан кийин жоюлуп кеткен. Алтай элинин жайгашуусунда олуттуу өзгөрүүлөр болгон.

Бул мезгилдеги (V-VIII) кыргыздар жана ага чектеш жашаган уруулар өз алдынча автономиялуулугун сакташкан жана көчмөн, жарым көчмөн турмушта жашашкан.

VI–VIII кылымдардагы түрк элдеринин жазуулары орхон-енисей эстеликтери аркылуу жакшы маалым.

VI-VIII кк. **кыргыздардын Түрк каганаты менен байланышы «приводят к созданию общего литературного языка, запечатленного в многочисленных надписях на надгробных памятников кыргызских бегов»** *(белгилеген – Г.Ж.)* (Енисей рун жазуулары).

**Кыргыздардын жазма адабий тили.** Кыргыз каганатынын тушунда байыркы кыргыз элинин калыптанышы менен бирге эле алардын байыркы элдик тили түзүлгөн. Окумуштуулардын божомолунда, ал тектеш уруулук диалектилерден турган.

### Түрк жазма эстеликтери

Ошентип, жазуунун өнүгүшүнө кайрылып келсек, жогоруда каралган хунн жана гунн доорунда, албетте, түрк тилдүү элдердин жазуусу болгон жана ал белгилүү бир өнүгүүгө ээ болгон. Бирок, хунн жана гунн жазуулары тууралуу фрагментардык гана маалыматтар бар. Ошого карабастан айрым маалыматтарда аталган жазуулардын табияты түрк рун жазууларына окшош экендиги айтылып келет.

Ал эми түрк доорундагы түрк жазма эстеликтер туурасында илимий иликтөөлөр бир топ арбын, азыркы күндө да изилдөө иштери улантылып келет. Өз учурунда бул маселеге кенен кайрылмакчыбыз.

### Жазуунун өнүгүшү

**Фонографиялык жазуу. Сөздүк-муундук жазуу.** Логографиялык жазуудан кийин сөздүк-муундук жазуу болгон. И. Е. Гельб сөздүк-муундук жазууга Месопотамиядагы шумер (жана акаддык, же ассиро-вавилондук) (б.з.ч. 3100-жылдан баштап б.з. 75-жылына чейин), Египеттеги египеттик иероглификалык (б.з.ч 3000-жылдан б.з. 400-жылга чейин), Эламдагы протоэламдык (б.з.ч. 3000-жылдан б.з. 2200-жылга чейин), Инд өрөөнүндөгү протоинд (б.з.ч. 2200-жылдар), криттик (б.з.ч. 2000-жылдар), Анатолиядагы жана Сириядагы хетт иероглификалык (б.з.ч. 1600-жылдан б.з. 800-жылына чейин) жана Кытайдагы кытай иероглификалык (б.з.ч. 1300-жылдан бүгүнкү күнгө чейин) кирерин, алардын ичинен протоэлам, протоинд жана крит системалары дешифровкалана электигин маалымдайт (1982: 320).

**Муундук жазуу.** Сөздүк-муундук жазуудан кийин муундук жазуу болгон. Муундук жазууга клинопистик элам, батыш-семит, кипр, япондук системалар кирет. Муундук жазуу деген: «Письмо, в котором один знак обычно соответствует одному или нескольким слогам языка. Например, в шумерском один знак имеет слоговое значение ba, другой –ri или dal, третий – dala и т.д.» (1982: 241), - дейт И. Е. Гельб.

С. Ибрагимов муундук жазуу пиктограмманын үлгүсүнөн келип чыккандыгын айтып, буга шумер тилиндеги бир муундуу сөздөрдүн көптүгү себепчи болгондугу байкаларын маалымдайт (2002: 64). Маселен, ти деген муун жаанын жебеси сыяктуу көрсөтүлгөн (*ти* шумер тилинде жаа), ду деген муун буттун таманынын белгиси

менен берилген (*ду* шумерче басуу). Ушул эле белги *губ* (туруу), *тум* (алып келүү) деген муундар менен белгиленген. Демек, мында бул эки белги башта жаанын огун, басуу, туруу, алып келүү деген маанилерди билдирсе, кийин жалпы эле *ти, ду, губ,* тум деген муундарды билдирип калган (2002: 64).

Муундук жазууларга *деванагри* деген индия жазуусу (санскрит, хинди, маратхи ж.б.), эфиоп жазуусу, *кана* деген япон жана *кунмун* деген корея жазуулары кирет (2002: 64).

Ошентип, байыркы семасиография бара-бара фонографиялык жазууга өсүп жеткен. Фонографиялык жазуу колдонуудга ыңгайлуу болгон.

## Алфавиттик система

Муундук жазуудан кийин жазуунун жаңы түрү – алфавиттик система пайда болду. И. Е. Гельб бул жаңы жазуу кептеги айрым тыбыштарды бере ала турган белгилердин системасына киререин маалымдайт. Мындай биринчи система грек алфавити болуп саналат дейт ал. И.Е. Гельб акыркы жыйырма беш кылымдын ичинде алфавит бардык цивилизациялуу дүйнөнү ээледи, жүздөгөн алфавиттер ар кандай тилде болсо да грек жазуусундагы кабыл алынган принциптерди карманып келет дейт.

Б.з.ч. экинчи миң жылдыктын аралыгында үндүү тыбышты берүүнүн ырааттуу системасы табылбай келген. Бул учурда үндүүлөрдү окуу үчүн кошумча каражат катары фонетикалык индикаторлор кошумчаланган. Эгерде семиттер matres lektionis дегенди анда-санда гана колдонуп келишсе, грекрер дайыма, ар бир муунда колдонушкан. Андан ары редукция закону боюнча «второй знак представляет собой не слог $y^i$, а гласный i, то и первый знак должен означать не слог $t^i$, а согласный t» (И.Е.Гельб, 1982:191).

Алфавит деген эмне? Бул - айрым тыбыштарды билдирүүчү жазуу белгиси.

Д. Дирингер «Алфавит» деген эмгегинде «алфавит» деген сөз *alphabetum* деген латын сөзүнөн келип чыккандыгын маалымдайт. Ал: «Впервые он встречается у Тертуллиана (около 155-230 гг. н э.) и у св. Иеронима (около 340-420 гг.)» (1963: 233), - дейт. Гректер бул түшүнүктү классикалык доордо *ty gramma* (адатта көптүк түрдө колдонулуучу - *ty grammata*) сөзүнө колдонушкан, кийин, мүмкүн, латын таасири менен *alphabetos* же *he alphabetos* сөзүн кабыл алышкан (1963: 233).

Аталган сөздүн этимологиясы кандай? Ал грек алфавитинин эки алдыңкы тамгасынын аталышынан жаралган.

Д. Дирингер чыныгы алфавитте ар бир белги бирден гана тыбышты билдирет жана ар бир тыбыш бир гана туруктуу белги менен берилет дейт (1963: 236).

Эгерде *(айрым окумуштуулар белгилегендей – Г. Ж.)* алфавит Египетте пайда болгон болсо, египеттиктер бир нече миң жылдыктар бою өздөрүнүн мурунку татаал жазуусун колдонууну улантышмак эмес дейт Д. Дирингер (1963: 240). Чыныгы алфавиттин бабалары шумер клинописи, вавилондук же ассирийлик форма же хетт иероглифи деген ж. б. көз караштар да болгон.

Бирок Д. Дирингердин пикири боюнча биринчи алфавит жазуусу Сирия жана Палестинанын семит тилинде сүйлөгөн жашоочулары тарабынан өзүлөрүнүн тарыхынын эң эрте доорунда (б. з. ч. II миң жылдыктын экинчи жарымында) колдонулган (1963: 255). Д. Дирингер: «Следовательно, мы можем датировать возникновение северно-семитского алфавита или же его прототипа, который мы могли бы назвать протосемитским алфавитом, второй четвертью II тыс. до н. э.» (1963: 257), - дейт. Бул маанилүү окуя, болжолдуу түрдө, гиксос доорунда (б. з. ч. 1730-1580-жж.) болгон. Мындай «революциялык» жазуунун жаралышына Жакынкы Чыгыштагы ошол мезгилдеги саясий кырдаал жагымдуу шарт түзгөн. Бул жазууну: «мы могли бы назвать «демократической» в отличие

«теократических» письменностей Египта, Месопотамии и Китая» (1963: 257), - дейт Д. Дирингер.

Ошондой болсо дагы бул гипотеза эң байыркы египеттик, клинопистик, криттик системалардын, ошондой эле тарыхка чейинки геометриялык белгилердин таасирин жокко чыгара албайт. Д. Дирингер Палестинада жана Сирияда б.з.ч. II миң жылдыкта ойлоп табылган алфавитке Египет, Вавилон жана Крит жазууларынын таасири тийген эмес деген чындыкка такыр жакындашпайт дейт. Мисалы, үнсүз жазуунун принциптери жана акрофоникалык принцип Египеттен, айрым тамгалардын аталышы вавилондуктардан алынышы мүмкүн, ал эми крит жазуулары жана тарыхка чейинки геометриялык белгилер айрым тамгалардын формаларынан көрүнөт (1963: 259).

Ошентип, алфавитти түзүүдөгү жетишкендик – таза алфавиттик системаны түзүү болгон. Анда ар бир тыбыш жападан жалгыз белги менен берилген. Д. Дирингер: «Цивилизованные народы Египта, Месопотамии, Крита, Малой Азии, долины Инда, Китая, Центральной Америки достигли высокой ступени в развитии письма, но не смогли выйти за рамки переходной его стадии. Лишь немногие народы – древние киприоты, японцы и другие – создали слоговую систему письма. И только одни сиро-палестинские семиты породили гения, создавшего алфавитную письменность, от которой произошли все алфавиты прошлого и настоящего»(1963: 260), - дейт.

Андан ары ар бир жогорку өнүккөн цивилизация өз жазууларына өзгөрүүлөрдү киргизишкен, натыйжада тектеш жазуулардын байланышы бара-бара билинбей калган. Брахма жазуусу, корей алфавити, монгол жазуулары «произошли из того же самого источника, что и греческий, латинский, рунический, еврейский, арабский и русский алфавиты, однако для неспециалиста обнаружить реально ощутимое сходство между ними практически невозможно» (Дирингер Д., 1963: 260).

Д. Дирингер: «В ходе развития письменностей и в их приспособлении к новым языкам мы наблюдаем повсюду

сходные моменты, опирающиеся на единство человеческой природы. Можно, пожалуй, сказать, что при всем своем разнообразии различные системы письма вскрывают наличие великого единства в направленности человеческой мысли и в стремлении к ее выражению» (1963: 644), - дейт.

И. М. Дьяконов алфавит бир белги бир тыбышты билдире турган жазуунун тиби дейт. Анын пикиринде дээрлик бардык жазуулар Финикия, Сирия жана Палестинадагы семит жазууларынан келип чыккан. Финикияда жана Палестинада б.з.ч. II миң жылдыктын ортосунан кеч эмес жазуу болгон, анда жалаң үнсүздөр (22 белги) белгиленген, ошондо эле белгилердин жана графемалардын (тамгалардын) аталышынын алфавиттик тартиби түзүлгөн, бул кийинки алфавиттердин тамгаларынын аталышына жана алардын ирети менен жайгашышына негиз болгон (И. М. Дьяконов. Китепте:1963: 16).

Ошентип, алфавиттин кайсы өлкөдө биринчи пайда болгондугу тууралуу изилдөөчүлөрдүн пикири бирдей эмес. Мисалы И. Е. Гельб мындай биринчи система грек алфавити болуп саналат десе, Дирингер алфавиттик системаны сиро-палестиндик семиттер түздү деп эсептейт.

С. Ибрагимов тыбыштык жазуу жөнүндө: «Мында тамгалар пиктография менен идеография сыяктуу буюмдук же маанилик мазмундан ажыратылган. Тамга белгилүү тыбышты же тыбыштын тийиштүү бөлүгүн белгилөө үчүн кабыл алынган шарттуу белги» (2002: 63), – дейт. Тыбыштык жазуу б. з. ч. II кылымдын аягында, I кылымдын башында калыптангандыгы болжолдонот дейт окумуштуу. Ал фонографиялык жазуунун эки түрүн белгилейт: *консонанттык* (үнсүз тыбыштар көрсөтүлгөн) жазуу жана *вокалдык* (үндүү тыбыштык) жазуу. Тыбыштык принципке орус, англис, биз колдонуп жаткан кыргыз жазуулары кирет. Бизде ар бир тамга негизинен бир тыбышты билдирет М.: а, у, ө, б, а, т ж. б. (2002: 63). Араб жазуусу консонанттык жазууга кирет. Мында

тамгалар үнсүз тыбыштарды гана белгилөө үчүн алынган, үндүүлөр жол үстүнө жана астына коюлуучу түз же ийри сызыктар менен (‘,’) белгиленет. Үнсүз тыбыштар гана тамга менен белгиленгендиктен, бул жазууну консонанттык деп аташат, ал эми үндүү тыбыштарды жогоркудай диакритикалык белгилер менен көрсөтүшөт. Анын үстүнө араб тилинде үч гана үндүү тыбыш (а, и, у) бар. Айрым учурларда диакритикалык белгилер түшпөй калганда текстти окуу бир топ кыйындап кетет (2002: 63). Ошентип, тыбыштык жазуунун келип чыгышы түрдүү алфавиттерди түзүүгө алып келген. Бул адам баласынын эң улуу жетишкендиктеринин бири болуп саналат.

## Жазуунун түрк тилдеринде өнүгүшү

Жазуунун өнүгүшү түрк тилдеринде кандай болгон?

К. Сарткожаулы элдердин жазууларынын калыптануу тарыхы төмөнкүдөй болду дейт: жазуулар пиктографиядан башталат, андан соң логограммалар, морфемограммалар, силлабограммалар (муундук жазуу ‘слоговое письмо’), консонанттык-тыбыштык, үндүү тыбыштар «и наряду с ними промежуточные формы» (1012: 103).

Бирок жузуунун өнүгүшүндө байыркы ***түрк рун жазуусу морфемограммадан аттап өтүп, фонограмма мезгилине чейин жетти*** *(белгилеген – Г. Ж.)* дейт К. Сарткожаулы. Анын пикири боюнча: «...этап морфемограммы отсутствует» (2012:103).

С. Сыдыков байыркы түрк алфавити азыр биз колдонгон фонологиялык принципте түзүлгөн алфавиттен айырмаланып, морфонологиялык принципте түзүлгөн дейт (2011: 240).

Н. Усеев байыркы түрк жазуусу ***аралаш системага ээ*** *(белгилеген – Г.Ж.)* экендигин белгилейт. Н. Усеевдин маалыматында бул жазуунун классикалык үлгүсүндөгү 38 тамгадан сырткары Енисей жазма эстеликтеринде, Тонюкук жазма эстелигинде жана байыркы түрк жазуусу

менен жазылган байыркы уйгур жазмаларында бул тамгалардан башка тамгалар да колдонулгандыгы айтылып, ошол сегиз тамгага мүнөздөмө берилет. Жыйынтыгында, байыркы түрк жазуусунда 46 тамга колдонулуп, анын 5 үндүү тыбыштарды, 37 тамга үнсүз тыбыштарды, 11 муундарды, 3 үнсүз ширешмелерин билдирери баяндалат (2011: 18). Н. Усеев үндүү тамгалар, үнсүз тамгалар, эки варианттуу тамгалар, бир варианттуу тамгалар, муундарды билдирген тамгалар, үнсүз ширешмелерди билдирген тамгаларга токтолуп, аларды мүнөздөйт, ошондой эле байыркы түрк жазуусундагы колдонулган тыныш белгилери тууралуу маалымат берет.

Н. Усеевдин эмгегинде ар кандай китеп, макалаларда тексттери жарыяланып, илимий изилдөөлөр жүргүзүлгөн 150 жазма эстеликтен 13 жазма эстеликтин өтө кыска болушуна же жоголуп кеткенине байланыштуу окулбагандыгы жана анализденбегендиги, ал эми 135 жазма эстеликте жалпысынан 549 сөз болуп, анын ичинен 542 сөзүнүн лексикалык мааниси такталгандыгы, ал эми 7 сөздүн лексикалык мааниси али тактала электиги айтылат (43).

Ал: «Кыска убакыттын ичинде жөнөкөй пиктографиялык жазуудан татаал фонетикалык жазуу деңгээлине көтөрүлгөндүктөн, байыркы түрк жазуусу аралаш системага ээ» (2011: 16), - дейт. Биз дагы кыргыз жазуусу аралаш системага ээ деп эсептейбиз.

## Түрк рун жазуусунун өнүгүү этаптары жөнүндө. Байыркы түрк рун жазуусуна мүнөздүү – сингармофонема

Байыркы түрк тили өлүү – тил (мертвый язык). Бул тууралуу К. Сарткожаулы мындай дейт: «Древнетюркский язык является мертвым языком. Поэтому мы можем рассмотреть живые тенденции языка только через письменные тексты, через его буквенные очертания. Одним словом, только через его письменный язык можно

рассмотреть его фонетическую систему» (2012: 157). Бул илимий чөйрөдө графикалык лингвистика деп аталат.

К. Сарткожаулы окумуштуулар байыркы түрк жазуусунун составын изилдеп жатып, аны 3 топко бөлүшкөндүгүн белгилейт. Алар:

1. Түрк руникасынын фигураларынын жазылышы башка тилдерден алынган. Түрктөр даяр алфавитти алышкан, ошондуктан алардын графемасы – тамга же фонограмма өздөштүрүлгөн (Лившиц В. А., 1980: 3-13, 282).

2. Рундардын жазылышы татаал, аралаш кубулуш, б. а. «...слово слогово-буквенно-звуковая система. Тюркские графемы (логограммы и фонограммы, и силлобограммы (слоговой), и фонемограммы) являются также заимствованными» (Григорьев В. В., 1872: 57-67; Гузев В. Г., 1994:67-72; Аврутина А., 2004: 84-97; 2012:158).

В. Г. Гузев түрк руникасы муундук жазуу дейт (57), ал эми А. Аврутина түрк руникасы – «является словесно-слогово-буквенной руникой» (2: 84-97), – дейт.

3. Бул топко жогорку эки көз караштын ортосундагы көз караштты карманган окумуштуулар (Прицак жана анын жолун жолдоочулар) кирет (2012: 158).

Бирок азыркы түркологияда үндүү жана үнсүз тыбыштардын чыныгы типологиясын тактоо зарылдыгы жаралган. Жазуунун байыркы түрк системасынын типологиясын белгилүү окумуштуу Жунусбек түзгөн жана байыркы түрк жазуу тилинин фонологиялык моделин берген дейт К. Сарткожауалы (2005: 120-125; 2012: 159).

Жунусбек байыркы түрк жазуусун эрежеден мазмунга карай эмес, мазмундан формага (эрежеге) карай сыпаттоо керек деп эсептейт. Анын ою боюнча мына ушундай жол гана байыркы түрк тыбыштарынын чыныгы классификациясын берет.

А.Аврутина байыркы түрк рунасында айрым тыбышты, сөздү жана муунду билдирген тамгалык баяндама сакталган дейт (2004: 95). Рундагы бул өзгөчөлүк

байыртадан келаткан традиция (Сарткожаулы К., 2012: 159).

«Алфавит – алфавит созвучия и соответственно к нему была составлена орфография созвучия» (2012: 159), - дейт К.Сарткожаулы. Тактап айтканда, фонетикалык-тамгалык жазуу түзүлгөн.

Аларды талдап көрөлү (Сарткожаулы К., 2012: 159-160):

1. Реформаторлор түрк тилинин табиятын жакшы билишкен жана тилдин мыйзамченемдүүлүгүнө баш ийдиришкен: жумшак жана каткалаң үнсүздөрдүн айтылыш өзгөчөлүктөрүн эске алып «специально для каждого звука определили специальные знаки» (2012: 159).

2. «Сумели идентифицировать твердое и мягкое созвучие – которое свободно сочеталось с каждым звуком при произношений...» (2012: 159). Тактап айтканда, алар үнсүздөрдүн сингармовариациясын аныкташкан.

3. 8 үндүү тыбышты 4 белги менен беришкен (сингармовокал).

4. Интонация байыркы тилге дал келүүсү үчүн (ошондой эле алар тыбыштардын эмоционалдык-экспрессивдик боёкчолуулугун да эске алышкан) муундук белгилерди киргизишкен.

5. Түзүүчүлөр логографиялык белгилерди да сакташкан.

Ошентип, түзүлгөн азбука түрк тилинин ички мыйзамченемдүүлүгүнө баш ийдирилген, т. а., түрк руникасы – сингармофонемалык алфавит дейт К. Сарткожаулы (2012: 160).

Байыркы түрк жазуусунун фонологиялык моделин түзгөн А. Жунусбек: «Никто не сомневается, что древнетюркская письменность, это письмо созвучия. Тогда правило письма тоже должно составляться на созвучии. И знак, и слово, и текст необходимо читать руководствуясь этими правилами» (Жунусбек А., 2005: 124; Сарткожаулы К., 2012: 160), – дейт.

Жунусбектин пикиринде түрк тилинин кыпчак тобуна мүнөздүү болгон жазуу үндөштүгү (сингармофонема) фонограмматикалык жазуунун ичинде бар, «закономерность созвучия (закон сингармонизма) объясняется соединением звуков в слоги, а из слогов составляется слово. Явления созвучия присуще слогу и слову» (2005: 122;2012:160).

Байыркы түрк рун жазуусундагы үндүүлөр жана үнсүздөр үндөштүк законуна баш ийдирилген. Ошентип, К. Сарткожаулы: «байыркы түрк руникасы сингармофонема системасы боюнча түзүлгөн» (2012: 160), - дейт.

Албетте, мындай изилдөөлөрдүн түрк рун жазуусунун, тактап айтканда, орхон-енисей жазуусунун табиятын ачууда ролу чоң. С. Сыдыков дагы рун жазуусун окуганда ар бир тамга айрым тыбышты билдиргенине карабастан, азыркыдай фонологиялык негизде ар бир тамга, же муун боюнча окулбастан, ***түрк тилдеринин үндөшүү ченемин эске алып, сөздөрдү толук көрүп байкоо ыкмасы менен окулган*** деген *(белгилеген – Г.Ж.)* (2011: 240).

Орхон-енисей жазууларын ушул өңүттөн изилдөө – ал жазуунун генезисин аныктоого, табиятын ачууга, башка тилдерден айырмачылыгын белгилөөгө чоң салым кошот деген пикирдебиз.

## Фонография. Нака жазуу: Жазуунун аралаш системасы: 1) вокалдык-тамгалык, 2) консонанттык-тамгалык, 3) муундук-тамгалык)

### Орхон-енисей жазуусундагы тамгалар

К.Дыйканов орхон-енисей алфавити 38 тамгадан турарын маалымдайт. Бирок, К. Дыйкановдун пикири боюнча, ал тамгаларды байыркы тилдин составындагы негизги фонемалардын санына туура келет дешке болбойт. Мисалы, үндүүлөр үчүн төрт тамга алынганы менен, сегиз үндүү фонеманы билдирген **(а, о, э, ө, ү, у, ы, и).** Ал эми 23 үнсүз тамга азыркы убактагы 10 үнсүз фонеманы

билдирген **(б, к, г, д, й, л, н, р, с, т).** Калган үнсүздөрдүн ичинен 6 үнсүз тамга бирден гана фонеманы билдирген **(з, м, ң, п, ч, ш).** Үч тамга татаал тамга: **лт, нт, нч,** же **лд, нд, ныч** болуп окулган. Эки тамганын окулушу азырынча талаш» (1958: 16), - дейт К. Дыйканов.

К. Дыйкановдун маалыматы боюнча орхон-енисей жазма тилинде негизинен 8 үндүү, 16 үнсүз фонема болгон. Алар: **а, о, ө, э, у, ү, ы, и; б, г, д, з, й, к, л, м, н, ң, п, р, с, т, ч, ш** – бардыгы 24 фонема. Орхон-енисей алфавитинде 16 үнсүз, 8 фонеманы билдирүү үчүн 38 тамга алынган, себеби ал кездеги түрк тилинин үндөштүк законуна карай 8 үндүү фонеманын ордуна 4 гана тамга колдонулган. Ал эми 10 үнсүз фонеманын эки варианты (ичке, жоон) тең тамга менен белгиленген **(кы, ки, гы, ги, лы, ли, бы, би, ды, ди** ж. б.). Мына ушундай кылып үнсүз тыбыштардын эки вариантына тамга алгандан кийин, үндүү тыбыштардын сегизине тең тамга алуунун зарылдыгы болгон эмес дейт К. Дыйканов. К.Дыйкановдун пикири боюнча алфавит байыркы түрк тилинин фонетикалык өзгөчөлүктөрүнө ылайыкталып түзүлгөн, б. а. эрин үндүүлөрүн (о, у, ө, ү ) бир түрдүү жазып, ар ким өз диалектисине салып окууга мүмкүнчүлүк болгон сыяктуу (1958: 16).

Орхон-енисей жазуусу менен жазылган тексттерде үндүү тамга бирде жазылып, бирде жазылбаган. Бирок тамганын айтылышына карап, ар бир адам өзүнүн диалектисине ылайыктап, үн кошуп окуй беришкен (1958: 16).

К. Ашыралиевдин эмгегиндеги маалымат боюнча орхон-енисей алфавити 35 тамгадан турат, үндүүлөр үчүн төрт гана тамга алынган, бирок алар сегиз үндүү фонеманы (а, о, э, ө, у, ү, ы, и), ал эми 23 үнсүз тамга азыркы убактагы 16 үнсүз фонеманы (б, г, д, з, й, к, л, м, н, ң, п, р, с, т, ч, ш) билдирет (1963:11).

С. Сыдыков байыркы түрк алфавити азыркы биз колдонгон алфавиттен айырмаланып, **морфонологиялык негизде** түзүлгөн дейт. Жазууда үнсүз тыбыштардын жумшак жана каткалаң түгөйлөрү өзүнчө айрым тамгалар

менен белгиленген. Бирок бул тамгалардын ар бири өзүнчө тыбышты эмес, тыбыштардын комбинатордук түгөйлөрүн билдирген. Сөздөрдө үнсүз жумшак же каткалаң варианттарынын жазылышы түрк тилдеринин үндөшүү законуна ылайык кең жана жоон үндүүлөр менен айкаш келгенде тыбыштардын каткалаң түгөйлөрү, ичке, кууш үндүүлөр менен келген сөздөрдө тыбыштардын жумшак түгөйлөрү жазылган. Сөздөрдө үндүүлөрдүн ээрчишүүсү жана эрин күүсү негизги ролду ойногон (2001: 147).

С. Сыдыков орхон-енисей жазмасында 8 үндүү жана 16 үнсүз тыбыш белгиленгендигин айтат.

Н. Усеевдин маалыматы боюнча «Орхон жазма эстеликтериндеги вариантында 38 тамга бар» (Усеев Н., 2011:17). Алардын 4 (𐰀 а, е), 𐰃( ы, и, ), 𐰆(о, у), 𐰇 (ө,ү) үндүү тыбыштарды көрсөткөн тамгалар, 27 тамга үнсүз тыбыштарды билдирет. Анын 20 тамгасы (𐰉-𐰋, 𐰑-𐰓, 𐰍-𐰏, 𐰴-𐰚, 𐰞-𐰠, 𐰤-𐰣, 𐰺-𐰼, 𐰽-𐰾, 𐱃-𐱅, 𐰘-𐰖) он үнсүз тыбыштын (б, д, г, к, л, н, р, с, т, й) калың **а** жана ичке э үндүүсү менен башталган түрүн, башкача айтканда үндүү-үнсүз түрүндөгү муундарды билдирет. 7 (𐰲, 𐰢, 𐰭, 𐰪, 𐱁, 𐱂, 𐰔) тамга жалгыз гана үнсүз тыбыштарды (ч, м, ң, <u>нй</u>, ш, з) чагылдырат. 4 тамга 𐰸 (ок, ук, ко, ку), 𐰜(өк, үк, кө, кү), 𐰶(ык, кы), 𐰱(ич, чи) муундарды билдирет. 3 тамга 𐰡 (лт), 𐰨(нч), 𐰦(нт) эки үнсүз ширешмесин билдирет (Усеев Н., 2011:17). Жогоруда көрүнүп тургандай, байыркы түрк тилдеринде азыркы тилдерде учурабаган нй (конй, чыганй) тыбышы болгон.

Н. Усеевдин маалыматында бул жазуунун классикалык үлгүсүндөгү 38 тамгадан сырткары Енисей жазма эстеликтеринде, Тонюкук жазма эстелигинде жана байыркы түрк жазуусу менен жазылган байыркы уйгур жазмаларында бул тамгалардан да башка тамгалар колдонулгандыгы айтылат.

Алар: Енисей, Талас жазма эстеликтеринде жана Монголиядагы Онгин жазма эстелигинде колдонулган 𐰅 тамгасы, бул тамга Енисей жазма эстеликтеринде **е** жана

**ы, и** тыбыштарын билдирсе,Талас жана Онгин жазма эстеликтеринде **б** тыбышын чагылдырган. Экинчиси, Енисей жазма эстелигинде жана Тонюукук жазма эстелигинде учураган  белгиси. Бул тамга **ш** жана **ыш** муунун билдирет. Үчүнчүсү, Енисей жазма эстелигинде колдонулган тамгасы, ал **дим, дем** муундарын чагылдырат. Төртүнчүсү  тамгасы, айрым окумуштуулар **баш,** айрымдары **лык** муунун чагылдырат деп эсептешет. Бешинчиси, Енисей жазма эстеликтеринде колдонулган  тамгасы **им, ми** муундарын билдирет. Алтынчысы - Енисей жазма эстеликтеринде жана уйгур жазмаларында колдонулуп, **оп, уп** муундарын билдирген  тамгасы. Алтынчысы, уйгур тамгаларында гана учурап, **от** муунун билдирген  тамгасы (Н.Усеевде ушундай берилген – Г. Ж.) Жетинчиси, Енисей жазма эстеликтеринде колдонулган тамгасы **ыш** муунун жана **ш** тыбышын билдирет. Сегизинчи, акыркы тамга Енисей жазма эстеликтеринде берилген  тамгасы **шым** муунун билдирет. Байыркы түрк жазуусунда айрым тамгалардын варианттары да бар. Мисалы, **з** тыбышын чагылдырган  тыбышынын ,,,  түрүндөгү бир нече варианттары бар (Усеев Н., 2011: 17-18).

Ошентип, жыйынтыгында аталган жазууда 46 тамга колдонулуп, анын 5 үндүү тыбыштарды, 37 тамга үнсүз тыбыштарды, 11 муундарды, 3 үнсүз ширешмелерин билдирери баяндалат (18). Н. Усеев үндүү тамгалар, үнсүз тамгалар, эки варианттуу үнсүз тамгалар, бир варианттуу үнсүз тамгалар, муундарды билдирген тамгалар, үнсүз ширешмелерди билдирген тамгаларга токтолуп, аларды мүнөздөйт, ошондой эле байыркы түрк жазуусундагы колдонулган тыныш белгилери тууралуу маалымат берет.

## *Орхон-енисей алфавити*

| *Ен.алф.Орх.алф.* | *Транс.Окул.* | *Ен.алф.Орх.алф.* | *Тран.Окул.* |
|---|---|---|---|





Таблица И. А. Батманов, З. Б. Арагачи, Г. Ф. Бабушкиндин эмгегинен алынды (1962).

## 1) Орхон-енисей жазуусундагы вокалдык-тамгалык система

Енисей жазууларында орхон жазуусуна караганда үндүүлөр үнсүздөргө караганда сейрек жазылат дейт И. А. Батманов (Батманов И. А., Арагачи З. Б., Бабушкин Г.Ф., 1962: 23).

Окумуштуу: «Үндүү тыбыштардын саны 8 болбой 4 болуп, алардын ар биринин экиден комбинатордук варианттары болушу мүмкүн» (Батманов И.А., 1959: 32), - деген.

И. А. Батманов үндүүлөрдү *(а, э, о, ө, ы, и, у, ү)* берүү үчүн болгону беш тамга А, Э, Ы, У, Ү кызмат кылгандыгын айтат. Алар: А=а, э; Ы=ы, и; У= у,о; Ү=ү,ө. И. А. Батманов: «Читались они в зависимости от обозначенного качества соседнего согласного или от качества соседнего слога» (1962: 23), - дейт.

В. М. Насилов орхон-енисей эстеликтериндеги жазуулар жөнүндө кеп кылып жатып: «Можно пологать, что в вокализме имелись пары а/э, ы/и, о/ө, у/ү. Вопрос о фонеме е остается открытым» (1960: 11), - дейт.

«Орхон-енисей тексттери» аттуу эмгекте орхон-енисей жазма эстеликтеринде үндүү тыбыштардын саны сегиз: а, э (е), ы, и, о, ө, у, ү деп берилет (Орхон-енисей тексттери, 1982: 18).

С. Сыдыковдун маалыматы боюнча 8 үндүү тыбышты белгилөө үчүн 5 гана тамга алынган. Алар үнсүз тыбыштардын сөздө каткалаң жана жумшак түгөйлөрүнүн жазылышына карай үндөштүк закон ченеминде жоон жана ичке болуп окулуп, 8 үндүү тыбышты билдирген. Орхон-енисей жазуусундагы 8 үндүү тыбыш азыркы кыргыз тилиндегидей эле жасалуу ордуна жана тилдин абалына жараша: эриндүү, ачык, кең, кууш, жоон, ичке болуп бөлүнөт (Сыдыков С., 2011: 241).

| Тилге карай | | Эринге карай | | Жаакка карай | |
|---|---|---|---|---|---|
| а | э(е) | о | а | а | ы |
| О | Ө | Ө | э (е) | э(е) | и |
| У | Ү | У | И | о | у |
| Ы | И | ү | Ы | ө | ү |

Орхон-енисей жазма эстеликтеринде көпчүлүк учурларда үндүү тыбыштар жазылган эмес, кээ бир сөздөрдө толук сакталган. Мисалы, БьН – бен, БьН – биң (миң), ЛТУ – алты; БьЫС – биз, БьЫЧЫН – бичин (мечин) (Орхон-Енисей тексттери, 1982: 18).

С. Сыдыков эстеликтердеги үндүү тыбыштардын сөз ичинде графикалык жактан белгилениши азыркы кыргыз тилинен бир аз айырмаланат дейт. Үндүү тыбыштардын азыркы кыргыз тилинде сөздө жазылышы толук сакталса, Орхон-Енисей эстеликтеринде алар кээде сөз ичинде жазылса, кээде жазылбаган (2011: 243).

Ал эми сөздөрдүн туура окулушу үнсүз тыбыштардын каткалаң жана жумшак түгөйлөрүнө көз каранды. Мисалы, КьЛь – к(е)л – КЛ – к(а)л, КьЛьНь – к(е)л(и)н, КьЫЛ – кыл, КьУЛь – к(е)л, КМШ – к(а)м(ы)ш (Сыдыков С., 2011: 243-244).

Ошентип, орхон-енисей жазуусунун бир өзгөчүлүгү – бул үндүү тыбыштарды билдирген тамгалардын аз болушу. Н. Усеев буга үнсүз тыбыштарды билдирген айрым тамгалардын үндүү менен башталып, үнсүз менен бүткөн муундарды билдириши себеп болгон дейт. Байыркы түрк жазуусунда үндүүлөр үчүн 5 тамга колдонулгандыгы айтылат (Усеев Н., 2011: 20-21).

К. Ашыралиев байыркы орхон-енисей алфавитинде, үндүүлөрдүн бир сөз ичинде тилге жана эринге карата ээрчиши закондуу кубулуш болгондуктан, сөз арасындагы үндүүлөр бирде жазылып, бирде жазылбай, көбүн-

чө үндүүлөр жазылбагандыгын белгилеп, *о, ө, у, ү* үндүү тыбыштары биринчи муунда өтө көбүрөөк кездешерин, экинчи муунга *о, ө* мүнөздүү эместигин, ал эми *«у»* тыбышы бир гана эринсиз үндүүлөрдүн биринчи муундарынан кийин экинчи муундарында кездешерин маалымдайт (1963: 11). Мисалы:

ен: *алтун* кырг. *алтын*

ен: *батур* кырг: *баатыр*

ен: *катун* кырг: *катын* (Ашыралиев К., 1963: 14)

Байыркы тексттерде *«э»* фонемасынын функциясын кыска үндүү *«и»* аткарган учурлары кездешет. Мисалы:

эл – ил =эл

элиг (50) – илиг=элүү

эки (2) – ики=эки

йетимиш (70) – йити=жети

йегирми (20) – игирме – жыгырма (1963: 14).

К. Ашыралиев текстте көбүнчө үндүүлөр түшүп калып жазыларын, эринсиз *а, е,* мүчөлөрдө *о, ө*-гө өтпөй тургандыгын маалымдайт жана мындай көрүнүштөрдү эске алып, окумуштуу түрк тилдерин эки топко бөлүштүрөт:

1. Кең үндүүлөр толугу менен эриндешкен тилдер. Аларга кыргыз, тоолуу алтай, якут ж.б. тилдери кирет.

2. Кең үндүүлөр толугу менен эриндешпеген тилдер. Буларга карачай, балкар, кумык, тува, уйгур, өзбек, хакас, азербайжан жана турция тилдери кирет (1963: 14).

К. Ашыралиев енисей эстеликтеринин тили комбинатордук тиби боюнча ачык үндүүлөрдүн экинчи тобуна тиешелүү экендигин, бул тилде кай бир мүчөлөрдө «а» нын «э»ге алмашуусу мүмкүндүгүн, мындай фактыларга караганда бул экинчи топтун составына жаткан хакас, карачай, кумык, ж.б. тилдерге жакын турарын белгилейт.

Эстеликтерде эрин кыска үндүүлөрдүн эки учуру байкалат дейт окумуштуу. Биринчиден, үндүүлөрдүн эриндешпегендери учураса, ал эми тескерисинче, «ы» «и» нин эриндешкени байкалат:

а) жабык муундарда: үчын=үчин (үчүн) Күлүг Тириг. Мында Күлүг деген сөздө үндүүлөрдүн эриндешкендиги байкалды. Жазма эстеликтерде «буңсыз» деген сөздүн экинчи бир формасы «буңусуз» учурайт. Бул формасы эринчил үндүүгө жатат. Ошондой эле эринчил үндүү «үчүн» формасы учурайт.

б) ачык муундарда: оглы, бөри, Күни Тириг, Өлти, йүзи, кулы, буйрукы, көзүңүси ж.б.

Бул мисалдардагы экинчи жана үчүнчү муундарында үндүү тыбыштар эриндешкен, ал эми төртүнчү муундары эринсиз (Ашыралиев К., 1963: 15).

Кыргыз тилинде сөздүн биринчи мууну жоон үндүүлөр менен башталса - жоон, ичке үндүүлөрдөн болсо сөздүн аягына чейин ичке үндүүлөр менен аяктайт.

В. Томсен байыркы жазмаларда эриндешүүлөр Күл-Тегин жана Билге Каган эстеликтеринде азыраак учурагандыгын көрсөтсө, ал эми Кара-Балгасун жазууларында, тескерисинче, көбүрөөк кездешкендигин божомолдогон (Батманов И. А., 1959: 48).

С. Сыдыков Орхон-Енисей эстеликтеринде биринчи муундагы үндүү тыбыштардын мүнөзүнө жараша көп муундуу сөздөрдө жоон-ичке, кең-кууш болуп өзгөрүүлөрү муун сингармонизмине негизделген дейт.

Орхон-енисей тексттерине үндөштүк закону тиешелүү. «Орхон-Енисей тексттери» аттуу эмгекте эстеликтерде негизинен үндөштүк закону сакталгандыгы, эстеликтерде эринчил үндүүлөрдөн кийин эриндешпеген кыска үндүүлөр кездешери, эринчил кыска үндүүлөр экинчи муунда да учурары айтылат. Ошондой эле эстеликтерде кыска үндүүлөрдүн жабык муунда эриндешүүсү өтө туруктуу, ал эми ачык муунда көпчүлүк учурда үндүүлөр эриндешпейт (Аталган эмгек, 1982: 20).

«Орхон-Енисей тексттеринде» үндүү тыбыштардын сөз башында, сөз ортосунда, сөз аягында келген учурлары берилген (Аталган эмгек, 1982: 18-20).

Орхон-енисей жазууларында созулма үндүүлөр графикалык жактан белгиленген эмес дейт И. А. Батманов,

бирок айрым окумуштуулар орхон-енисей эстеликтеринде созулма үндүүлөр болушу мүмкүн деп божомолдошот. И. А. Батманов созулма үндүүлөр жазма эстеликтерде графикалык жактан белгиленбегендиги тууралуу: «В орхоно-енисейских текстах не получили графического отражения долгие гласные» (1962: 57), - дейт. И. А. Батманов айрым окумуштуулар (Рясянен М., 1955: 61; Исхаков Ф. Г., т. I, 160-б.; Дыйканов К., 1959:54) «на примере слов «АТ» жана «Т» усматривали обозначение древнетюркского долгого гласного в слове «аат –имя» и отсутствие долготы в слове «ат - лошадь» (1962: 57), - дейт.

Бул, биринчиден, И. А. Батмановдун пикиринде, өтө сейрек көрүнүш. Экинчиден, енисей жана орхон жазууларында «аат –имя» жана «ат - лошадь» көпчүлүк учурларда бирдей белгиленген (1962: 57). Мисалы, Могилян (Бильге-каган) «ат – имя=Т» (36-сап), ал эми «ат – лошадь=АТ (41-сап), ошол эле учурда «атлыг – конница, конный» деген сөздөр «ТЛГ» (41-сап) түрүндө берилген (1962: 57). И.А.Батманов мындай мисалдардан арбын келтирет.

И. А. Батманов: «Известно, что древние тюркские долготы отмечались в словах «баар – есть, имеется», в отличие от «бар - иди»; «кыыз – девочка, дочь»; «от – огонь», в отличие от «от - трава» и в ряде других» (1962: 58), - дейт. Ал орхон-енисей эстеликтеринде «бар – есть, имеется» (из баар) жана «бар - иди» бирдей «БР» деп берилип, бул жерде созулма (долгота) көрсөтүлбөгөндүгүн белгилейт.

И. А. Батманов бир караганда КЫЗ деген сөздө созулма үндүү бардай көрүнөт, бирок эстеликтердин тилинде «каз - - копать» деген да сөз бар жана ал «КЗ» (енис. эстелиги, №№ 11, 26, 32, Могилян эстелиги) деп берилген дейт. «КЫЗ» деген сөздөгү «Ы» деген тамганын жазылган себеби – созулма үндүүнү берүү үчүн эмес, «КЗ=каз»-деген сөздөн айырмалоо үчүн колдонулган. Ошондой эле «ОТ» деген сөз «УТ» деп берилген, бул анын «Т»=ат – 1. лошадь, 2. имя» деген сөздөрдөн айырмалоо үчүн жазылган (1962: 58).

Академик Н. А. Кононов да И. А. Батмановдун бул пикирин толук колдойт (1980: 61).

С. Сыдыков эстеликтердеги үндүү тыбыштардын сандык мүнөздөмөсү факты материалдарга караганда чынында эле эки баскычта: кыска жана созулма (баштапкы жана кийинки үндүүлөр) экендигин белгилөөгө болот дейт. Биринчи баскычтагы үндүүлөр (алгачкы) графикалык жактан эстеликтерде белгиленсе, экинчи баскычтагы (кийин пайда болгон) үндүүлөр белгиленбеген (2011: 242).

Түрк тилдеринде, ошондой эле кыргыз тилинде жана эстеликте да биринчи муундагы үндүү тыбыштар кийинки муундагы үндүү тыбыштарга караганда туруктуулугу жана тактыгы менен айырмаланат. Кийинки муундагы үндүүлөр биринчи муундагы үндүүлөр менен бирдей позицияда таңдай, эринге карай үндөшүп сингармонизм законуна ылайык келет (2011: 242).

И. А. Батманов мындай мисалдарды келтирет: огул, будун, улуг, кунчуй, тутук, үчүн, күмүш, мындай көрүнүштөр Енисей, Талас эстеликтерине мүнөздүү болсо да, ушуну менен бирге эстеликтерде айрыкча кең үндүүлөр менен келген сөздөрдө эрин күүсү сакталбай келүүлөрү да катталат: болсар – болсо, бөри, өлти, огламка, оглы, йоры, илгерү, орту ж.б.

Ушундай эле кууш үндүүлөр менен келген сөздөрдө да эрин күүсү сакталса, кээде сакталбай калган учурлары да кездеше берет: будын, үчин, буңсыз, күмиш, күлүг ж.б.у.с. (Сыдыков С., 2011: 243).

И. А. Батманов эрин күүсүнүн таандык мүчө жалганган атооч сөздөрдө жана этиш сөздүн өткөн чагында сакталбагандыгын белгилеп, төмөнкүдөй мисалдарды келтирет: оглым – оглымка, алтуным, тоным; этиштерде: көртим, өлтим, өлүртим, ж.б.у.с. (Батманов И. А., 1959: 48-50).

Орхон-енисей жазуусу бир нече жүз жылдыктар бою жашаган. Мезгил өткөн сайын жазуу өркүндөгөн, үндүү

тамгалар киргизиле баштаган. И. А. Батманов эгерде алгачкы жазууларында үндүү тамгалар аз берилсе, кийинки жазууларда көбүрөөк белгилене баштагандыгын белгилейт.

И. А. Батманов азыркы енисей группасынын жандуу тилиндеги үндүүлөрдү эстеликтердин тилиндеги үндүүлөр менен салыштырып чыккан. Анын ичинде кыргыз тилине мүнөздүүлөрү төмөнкүлөр:

1. Жөнөкөй үндүүлөр сакталган; 2. Кыргыз говорлорунда дифтонг пайда болгон; 3. Созулма үндүүлөр пайда болгон.

### 2) Орхон-енисей жазуусундагы консонанттык-тамгалык система

К.Сарткожаулы эмгегинде окумуштуулардын эмгектерине таянып, тыбыштык жазуунун төмөнкүдөй эки түрүн берет:

1) Консонант – тыбыштык система. Мында жазуу формалары үнсүз тыбыштарды билдирет. Бул системага финикий, латын, угрлар (угорский), байыркы еврей, арамей, араб жазуулары кирет.

2) Үндүү тыбыштардын системасы. Бул жерде үндүү жана үнсүз тыбыштар бирдей белгиленет. Бул системага грек, латын, уйгур, байыркы түрк рун жазуулары кирет.

К. Сарткожаулы байыркы түрк рун формалар (логограммадан баштап фонограммага чейин) өзүнүн тарыхый жактан өнүгүүсүндө акырындык менен ырааттуулукка ээ болгондугун, ошону менен бирге «состав письменных форм не подвергался большим изменениям и был постоянен» (2012:103) дейт. Байыркы түрк рун жазуусунун туруктуулугу анын узак мезгилдин ичинде, ондогон кылымдарда калыптангандыгын көрсөтүп турат.

Б. Юнусалиев тилдин тарыхын изилдөөдө, айрыкча сөздүк составдагы өзгөрүштөрдү изилдөөдө жазма эстеликтердин ролун баса белгилеген. Кыргыз говорлорунун консонантизм системасы өзүнө таандык өзгөчөлүктөргө ээ экендигин айтып, ар бир тыбыштын артикуляциялык өз-

гөчөлүктөрүнө жараша жана позициялык шартка карай өзгөрүш мүнөзүнө жараша кыргыз говорлорундагы үнсүз фонемалар каткалаң үнсүздөр жана жумшак үнсүздөр болуп эки топко бөлүнөрүн баяндаган. Говорлордогу үнсүз фонемалардын бир катары каткалаңдыгы жана жумшактыгы жагынан түгөй-түгөйү менен учурайт, мисалы, [б-п], [г-к], [гь-кь], [д-т], [дж-ч],[з-с] болуп алты түгөй үнсүз бар (Юнусалиев Б., 1971: 120).

Орхон-Енисей эстеликтеринде 16 үнсүз тыбыш белгиленген. Алар: б, г, д, з, й[99], к, л, м, н, ң, п, р, с, т, ч, ш (Сыдыков С., 2001: 157). Бул тыбыштар азыркы кыргыз тилинде кайталанат. Эстеликтерде үнсүз тыбыштардын каткалаң жана жумшак варианттары бар: б – бь, г – гь, д – дь, й – йь, к – кь, л – ль, н – нь, р – рь, с – сь, т – ть (Орхон-Енисей тексттери. 1982: 20).

И. А. Батманов жогорудагы 16 үнсүз тыбышты берүү менен бирге комбинатордук «каткалаң» жана «жумшак» варианттары бар экендигин белгилейт: Б жана Бь, Г жана Гь, Д жана Дь, Й жана Йь, К жана Кь, Л жана Ль, Н жана Нь, Р жана Рь, С жана Сь, Т жана Ть (1962: 62).

И. А. Батманов, З. Б. Арагачи, Г. Ф. Бабушкин үнсүз тыбыштарды белгилөө системасында тамгалардын төмөнкүдөй топтору бар экендигин белгилешет:

«1.Парные:

а) «твердые» Б Г Д Й К Л Н Р С Т

б) «мягкие» Бь Гь Дь Йь Кь Ль Нь Рь Сь Ть

2. Подвижные: З, М, Ң, П, Ч, Ш (читались твердо или мягко в зависимости от состава слога)». Ошондой эле: «Между словами и предложениями вводились разделительные знаки, но они часто не обозначались» (И. А. Батманов, З. Б. Арагачи, Бабушкин Г. Ф., 1962: 23).

И. А. Батманов эстеликтерде в, х, ф, һ, ж (дж), ц кездешпейт, ошондой эле «комбинаторные вариантты З, Н, Ң, П, Ч, Ш не отражались» (1962:62), - дейт.

Сөздүн башында *б, м, н, с, т, ч, ш, й, к* колдонулат. Енисей эстеликтеринде *г, д, л, р, п* менен башталган

сөздөр жок. Сөздүн аягында эстеликтин тилинде бардык үнсүздөр колдонулат, анын ичинде *б, д, г* тамгалары да бар (1962: 62).

К. Ашыралиевдин маалыматы боюнча орхон-енисей жазууларында сөздүн башында г, д, з, л, п, р тыбыштары кездешпейт, сөздүн аягында үнсүз тыбыштардын бардыгы учурайт: аб – аң, эд – жакшы, йүз – жүз, ай – ай, ак – ак, йел – жел, күм – угуу, кан – кан, тер – тер, барс – барс, ат – ат, ач – ач, эш – жолдош ж.б. (1963: 11).

Енисей жазууларында орхон жазуусуна караганда үндүүлөр үнсүздөргө караганда сейрек жазыларын айтып келип, И. А. Батманов, «но в тех и других письмо сохраняло консонантный характер (писали КДШ, читали «кадаш – товарищ, друг», писали БЗ, читали «биз – мы» и т.д.)»(Батманов И. А., Арагачи З. Б., Бабушкин Г. Ф., 1962: 23),- дейт.

Демек, енисей жазуусу, ошондой эле орхон-енисей жазуусу консонанттык мүнөзүн сактаган. Башкача айтканда, енисей жазуусунда да, орхон-енисей жазуусунда да үндүүлөр аз болгон, айрым учурларда алар жазылбай да калган, ал эми үнсүздөр туруктуу болгон.

К. Ашыралиев орхон-енисей жазуусунда сөз арасындагы үндүүлөр жөнүндө сөз кылып жатып, үндүүлөрдүн бирде жазылып, бирде жазылбай коюлгандыгын, көбүнчө үндүүлөр жазылбагандыгын белгилейт, ошону менен бирге эле үнсүз тыбышты жазбай коюуга мүмкүн эмес эле дейт, анткени сөздүн мааниси бузулуп, сөз болуудан калат болучу. Орхон-енисей жазмаларында үндүүлөргө караганда **үнсүз тыбыштар туруктуу** *(белгилеген – Г. Ж.)* дейт К. Ашыралиев (1963: 11). Ошентип, орхон-енисей жазуусунда үнсүздөр туруктуу болгон.

Жазма эстеликтерди карап көрсөк, В. М. Насилов: «Буквенный состав орхоно-енисейских памятников характеризуются некоторыми особенностями в графическом изображении отдельных согласных фонем, способствующими дифференциации слогов с гласными заднего и переднего ряда» (Насилов В. М., 1960: 10),- деген. Оку-

муштуу: «Это достигается парностью букв для консонант в слогах с гласными переднего и заднего ряда. Гласные негубные *а/э, ы/и* буквенно не различаются» (1960: 10), - дейт. Жуптар:

Катkалаң муун үчүн:

т
д
ғ
й
*(үч белги)*қ
*л*
р
б
н

Жумшак муун үчүн:

т
д
г
й
*к*
*l*
*р*
*б*
*н* (Насилов В. М., 1960: 10-11).

В. М. Насилов калган консонанттар «не имеют парного начертания, и буквы, обозначающие их, употребляются в слогах как с гласными заднего ряда, так и с гласными переднего ряда» (1960: 11), – дейт:

з
м
*п*
*ң*
н (Радловдуку боюнча - *i*)
ч
*с*
*ш*

Тамгалардын арасында эки үнсүздү билдиргендер бар:

*нт*
*лт*
*нч* (Насилов В. М., 1960: 10-11).


Эринсиз, кең үндүүлөр *а/э* тамгасы менен, кууш ы/и тамгасы менен белгиленет. Эринчил, арткы катардагы *о/у* тамгасы менен, астыңкы катардагы *ө/ү* тамгасы менен белгиленет.

Вокализмде *а/э, ы/и, о/ө, у/ү* жуптары бар, *е* фонемасы «...остается открытым», - дейт В. М. Насилов (1960: 11).

| | |
|---|---|
| В. М. Насилов: | «Консонантизм состоит из: |
| Губных *б/п* | нёбных *ғ/ қ, г/к* |
| губно-носового *м* | спиранта й |
| зубных *д/т, з/с* | плавных язычных л/*l, р* |
| | носового *н* |
| аффрикат *ш, ч* | нёбно-носового *ң* |
| | назализованного н *(й)* |
| | (Насилов В. М., 1960: 11). |

Орхон жана енисей эстеликтеринин графикасында айырмачылыктар бар. Төмөндөгү орхон жана енисей тамгаларын салыштырыңыз:

***Орхон тамгалары Енисей тамгалары***



(Насилов В. М., 1960: 13).

Н. Усеев байыркы түрк жазуусунун негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири – 10 үнсүз тыбышты билдирген тамгаларынын эки вариантынын болушу дейт (Усеев Н., 2011: 22).

Н. Усеев өзүнүн эмгегинде эки варианттуу тамгалардын калың *(жоон үндүүлөр – Г. Ж.)* менен колдонулган үнсүз тамгаларды (б, д, г, к, л, н, р, с, т, й) жана ичке үндүүлөр менен колдонулган үнсүз тамгаларды (б, д, г, к, л, н, р, с, т, й) талдайт. Ал бир варианттуу тамгалардын (ч, л, ң, нй, п, ш, з) колдонушунан мисалдарды келтирет (Усеев Н., 2011: 22-26).

Орхон-енисей жазуулары графикалык системасы боюнча көбүнчө байыркы жана жаңы түрк тилдерине мүнөздүү фонетикалык системага ээ дейт В. М. Насилов, «за исключением интердентальных диффузных звуков, звонких аффрикат и долгих слоговых и неслоговых гласных» (1960: 11).

Консонантизм системасындагы каткалаң жана жумшак болуп айырмаланыштын натыйжасында бардык кыргыз говорлоруна мүнөздүү үнсүздөрдүн ээрчишүү закону пайда болгон. Бул закон боюнча сөздүн аягындагы үнсүздүн акустикалык мүнөзүнө мүчөнүн башындагы үнсүз толук баш иет. Ошондуктан кыргыз диалектилеринде мүчөнүн үнсүздөрү боюнча варианттарынын саны бирдей келет (Юнусалиев Б., 1971: 121).

И. А. Батмановдо (1962), Орхон-Енисей тексттеринде (1982), С. Сыдыковдо (2011) үнсүз тамгалардын сөз башында, сөз ортосунда, сөз аягында аягында келиши кеңири каралган.

С. Сыдыков: «Сөздөрдө б – п, б – м, б – в, д – т, к – г, ш – с, ч – т, ч – й, н – ң тыбыштарынын алмашып келүүлөрү байкалат» (2011: 263), - дейт. Мисалы, Могилянга арналган эстеликте «мен» деген 1-жактагы жактама ат атооч «бен» түрүндө м – б тыбыштарынын сөз башында алмашуусу менен да жолугат. Башка эстеликтерде да «б» тыбышынын «м» тыбышына туура келген учурлары кездешет. Мисалы, Күл-Тегинге арналган эсте-

ликте меңгү сөзү беңгү түрүндө, же 10-енисей эстелигинде «маңа» деген жактама ат атооч «баңа» түрүндө келген учурлары кездешет (2011: 253).

С. Сыдыковдун маалыматы боюнча байыркы түрк рун жазуусунда кең үндүүлөр: а, о, у, ы тыбыштары менен б, д, г, к, л, н, р, с, т, й, к, лт үнсүздөр жанаша келсе, ичке үндүүлөр: е, е, у, и[100] тыбыштары менен б, д, г, к, л, н, р, с, т, й, ч тыбыштары жанаша келе берет. Бардык үндүүлөр менен ыкташа берген орток үнсүздөр: м, н, ң, р, ш, ч, з, нч, нт тыбыштары.

Сөз аягында үнсүздөрдүн катар келүүсү кезигет. Алар: лк, лп, лт, нч, рч, рк, рс, рт, ит.

Сөз башында й тыбышынын түшүп айтылуулары да кездешет: ыгач - йыгач (жыгач), ыгла – йыгла (ыйла).

Ошондой эле этиштик атоочтордо аяккы үнсүз тыбышынын түшүп жазылыш учурлары байкалат: капуг – капы (капка, дабаза, каалга); тарлаг – тарла (аңыз, айдоо жер) ж. б. Эстеликтерде кыргыз тилине мүнөздүү болбогон айкашуулар кездешет: субка – кырг суугa, өдке – убакытка, мезгилге, тандым – таптым, эчикди// ичикди - баш ийди (Сыдыков С., 2011: 264).

### 3) Орхон-енисей жазуусундагы муундук-тамгалык система

Байыркы түрк жазуусундагы тамгалардын бир бөлүгү тыбыштарды эмес, муундарды билдирет. Мисалы, тамгасы *дем* жана *дим* муундарын чагылдырат. Бул көрүнүштү муундук жазуунун белгиси катары кароо керек (Усеев Н., 2011: 28).

Н. Усеев айрым окумуштуулар мына ушул муундук тамгалардын таасиринде байыркы түрк жазуусун силлабикалык-фонетикалык жазуу катары эсептешкендигин маалымдайт (2011: 28).

Орхон-енисей жазуусундагы муундук тамгалар төмөнкүлөр:

1) **ок, ук, ко, ку** муундарын билдирген тамгасы.

2) **өк, үк, кө, кү** муундарын билдирген тамгасы.
3) **ык, кы** муундарын билдирген тамгасы.
4) **ич, чи** муундарын билдирген тамгасы.
5) **аш** муунун билдирген тамгасы.
6) **дим, дем** муундарын билдирген тамгасы.
7) **лык** муунун билдирген тамгасы.
8) **им, ми** муундарын билдирген тамгасы.
9) **оп, уп** муундарын билдирген тамгасы.
10) **ыш** жана **ш** тыбышын чагылдырган тамгасы.
11) **шым** муунун билдирген тамгасы (Усеев Н., 2011: 28-31).

К. Ашыралиев орхон-енисей жазма эстеликтериндеги уңгу сөздөр жөнүндө кеп кылып жатып, муундардын түзүлүшү негизинен азыркы кыргыз тилиндегидей дейт. Окумуштуу: «Анын белгилүү касиеттеринин бири катарында бир гана муун түзүүчү үндүү жана үнсүз тыбыштар алдыңкы же арткы тыбышка тиешелүү болорлугу, башкача айтканда, сөздөгү муундарда үндөштүк закондору сакталгандыгында турат» (1963: 15), - дейт.

Орхон-енисей эстеликтеринде биринчи муундагы үндүү тыбыштардын мүнөзүнө жараша көп муундуу сөздөрдө жоон-ичке, кең-кууш болуп өзгөрүүлөрү муун сингармонизмине негизделген. Мисалы, алдыңкы катардагы (уччул) үндүү тыбыштан кийин алдыңкы катардагы үндүүлөр келет. Ошентип, орхон-енисей жазмасы азыркы кыргыз тилиндегидей сингармонизмге негизделген. Ушул эстеликтердеги үндүүлөрдүн тиби акад. А. Н. Кононовдун аныктамасында таңдай жана эрин күүсүнө багынган «бинардык үндүүлөрдүн тиби» (1980: 66) белгиленген.

## Орхон-енисей жазуусундагы үнсүз ширешмелерин билдирген тамгалар

В. М. Насилов эки үнсүздү билдирген айкалышкан үнсүздөр бар экендигин маалымдайт:

𐰦 нт,

𐰡 лт,

𐰨 нч (Насилов В. М., 1960: 11).

Ал эми С.Усеев: «Көктүрк жазуусундагы 3 тамга (𐰡 (лт), 𐰨 (нч), 𐰦 (нт) эки үнсүз ширешмесин билдирет»(2011: 31), - дейт.

В. М. Насилов орхон жана енисей тамгаларында айырмачылыктар бар экендигин билдирет (1960: 13):

## Орхон-енисей жазуулары

### Енисей жазуулары

**Енисей жазуулары.** А. Аманжолов түрк руникасы VI-X кк. байыркы түрк мамлекетинде кеңири колдонулгандыгын айтып: «В них была распространена грамотность, высокого развития достиг **письменно-литературный язык** *(белгилеген – Г. Ж.),* иначе именуемый «древнетюркским языком» (2003: 14), - дейт.

Аталган рун жазууларынын эң кийинкилерин А. Аманжолов VIII-XI кылымдарга тиешелүү деп эсептейт (2003: 15).

Мына ушул жазуулардын башатында енисей жазуулары турган. Борбордук Азияда жана ага чектеш аймактарда 2003-жылга чейин үч жүздөй рун жазуулары табылган. Илимий ийгиликтерге карабастан бүгүнкү күнгө чейин айрым так эместиктер, талаш маселелер дале болсо арбын.

**Енисей жазуулары кыргыз маданиятынын жана мамлекеттүүлүгүнүн көрсөткүчү.** А.Аманжолов Талас жана Енисей эстеликтериндеги тексттерди көп ирет оригиналдары менен, ал эми орхон эстеликтерин сүрөттөр боюнча

жана айрымдарын оригинал боюнча салыштырып чыккан. А. Аманжолов: «Древнетюркские письменные памятники являются важными свидетельствами высокого уровня языковой культуры и государственности далеких предков тюркских народов вообще...» 2003: 18), - дейт. Байыркы түрк жазуусуна берилген мындай жогорку баа Енисей жазууларына да тиешелүү. Анткени, жогоруда белгилегендей, орхон-енисей жазууларынын башатында енисей жазуулары турган. Бул - биздин кыргыз бабаларыбыздын сабаттуулугунан жана мамлекеттүүлүгүнүн бекем болгондугунан кабар берет.

Б. М. Юнусалиев бул мезгилди байыркы кыргыз тили доору деп атаган. Ал эми жазма үлгүлөрү катары Энисей эстеликтерин көрсөткөн. В. В. Радлов да убагында ушундай эле пикирди айткан.

## Кыргыз жазуусу енисей эстеликтеринде

З. Б. Арагачи, И. А. Батманов, Г. Ф. Бабушкиндин маалыматы боюнча б.з. биринчи миң жылдыгынын экинчи жарымынан баштап: «тюркские племена, расселявшиеся в бассейнах верхнего течения Енисея и Орхона, пользовались собственной системой письменности, которую некоторые исследователи неточно называют древнетюркским руническим письмом» (1962: 14).

Бул эстеликтердин таралуу борбору байыркы кыргыздардын жайгашкан территориясына туура келет. Ошондуктан бул эстеликтер кыргыздарга тиешелүү деп саналат.

Окумуштуулар В. В. Радлов, В. Томсен, С. Е. Малов ушундай пикирде. С. А. Малов: «Зор авторитеттер акад. В. В. Радлов жана проф. В. Томсенден кийин мен бул енисей эстеликтерин кыргыздардыкы эмес деп айтууга эч бир негизим жок» (1952: 4), – деген.

Ошентип, **С. Е. Малов түрк жазуусунун енисей кыргыздарына таандык экендигин белгилеген.** Бул пикир-

ди башка окумуштуулар да ырасташат (Э. Р. Тенишев, И. В. Кормушин, А. В. Ержиласун, С. Г. Кляшторный, Д. Д. Васильев, Ч. Жумагулов ж.б.). Б. М. Юнусалиев да кыргыз тилинин жазма үлгүлөрү катары Енисей эстеликтерин көрсөтөт.

С. Е. Малов: **«племена, входившие в состав древнего киргизского государства, имели общий стандартный письменный язык** *(белгилеген – Г. Ж.),* принадлежавший древним киргизам, тувинцам, хакасам и другим» (1953: 4), - деген. Энисей жазууларынын чик уруусуна, кыргыздарга, хакастарга, шор жана алтайлыктарга таандык болгондугу И. А. Батманов жана З. В. Арагачи, Г. Ф. Бабушкин тарабынан да белгиленген (1962: 16). **Тарыхый маалыматтар боюнча байыркы жазма тил, графикалык белгилер алгач кыргыздарда пайда болуп, кийинчерээк башка түрк урууларына тараган.**

В. В. Радлов, С. Е. Малов, Н. А. Батманов ж.б. окумуштуулардын орхон жазуусу енисей жазуусунан өздөштүрүлгөн деген пикирлерин Л. З. Кызласов колдоп, ал жазуу «использовалась первоначально в том регионе *(Енисейде – Г. Ж.)»,* – дейт. Ал енисей жазуусуна статистикалык изилдөөлөрдү жүргүзүп, 41 енисей тамгасынын ичинен 36 тамга орхон жазуусунун формасына туура келерин аныктаган. Бул 88 % окшоштук (Кызласов Л. З., 146).

С. Е. Малов енисейлик тексттерди болжол менен V кылымга таандык деп эсептейт (1953: 78). Окумуштуу 1926-жылы 28-февралда Бакуда түркология боюнча өткөрүлгөн съездде орхон-селенги эстеликтерине караганда енисей эстеликтериндеги даталар эки-үч жүз жыл мурда коюлган деген (1951: 12).

## Енисейдеги рун жазуулардын табылышы Эстеликтердеги белгисиз жазуулардын түрктүк жаратылышы

Белгисиз жазуулары бар таштар жөнүндө алгачкы маалыматтар VI–VIII кылымдардагы түрк элдеринин жазуулары орхон-енисей эстеликтери аркылуу жакшы маалым.

Орхон-енисей жазууларынын ачылышы жөнүндөгү маалыматтар XVII кылымдын 90-жылдарына таандык.

1697-жылы С. У. Ремезовдун эки картасы чыккан, анда азыркы Таластагы байыркы түрк жазуусу табылган жер белгиленген. Белгилүү географ, картограф жана этнограф С. У. Ремезев «Описание о сибирских народах и граней их земель» деген эмгегинде Сибирь хандарынын генеологиясы, жайгашкан чеги, Сибирде шаарлардын пайда болуу тарыхы, татар көчмөн элдердин үрп-адаттары, тунгус-манчжурлар жөнүндө ар түрлүү баалуу кабарларды топтогон (Орхон-енисей тексттери, 1982: 8-9).

XVII кылымдын аягында 1692-жылы амстердамдык бургомистр Николай Видзен Сибирдеги Вирхотурдан алыс эмес жерден ташка жазылган жазууларды көргөндүгүн маалымдаган.

Орхон-енисей жазуусу жөнүндө Петр Інин тушунда туткунга алынып, Сибирге айдалган швед армиясынын офицери Ф. И. Страленберг 1730-жылы сүргүндөн кайткандан кийин кабарлаган (Кононов А.Н., 1972: 235).

Енисей регионундагы рун эстеликтерин биринчи болуп 1720-1727-жылдары Сибирди изилдеген Д. Г. Мессершмидт ачкан. Ал 1721-22-жылдары Хакасиядагы Уйбат суусунун жээгинен рун тамгасы менен жазылган биринчи эстеликти тапкан. Ушул эле эстелик кийинчерээк кайрадан Клеменц тарабынан да катталган.

Ошол эле жылдары Ф. И. Страленберг менен бирдикте Д. Г. Мессершмидт Туба суусунун жээгинен арткы бетинде рун жазуусу болгон адам кешпири түшүрүлгөн стела ташты табышкан (Сыдыков С., 2011: 20).

XVIII кылымда 1730-жылы швед офицери Ф. И. Страленбергдин таблицасы таштагы белгисиз жазуулар жөнүндөгү документалдуу ачылыш болгон. Мына ушундан баштап аталган жазуулар окумуштуулардын кызыгуусун жаратакан жана анын этностук жаратылышы боюнча ар кандай гипотезалар пайда болгон.

1793-жылдары саякатчы, табият таануу боюнча адис П. С. Паллас да бир нече эстеликтерди таап жарыялаган.

XIX кылымдын башында Хакасия аймактарын Г. И. Спасский изилдеп, анын жыйынтыктарын – 1818-жылы «Древности Сибири» деген макаласын (Спасский Г. И., 1818-1819) альбому менен кошо Сибирский Вестник журналына жарыялаган. Аталган макала латын тилине которулган, натыйжада бул жазмалар тууралуу башка өлкөлөрдүн окумуштуулары кабардар болушкан (Малов С. Е., 1951: 11).

1847-жылы Уйбат суусунун оң жээгинен «Кара курган» деп аталган көрүстөн үстүнө коюлган рун жазуусу бар ташты М. А. Кастрен тапкан. Көп узабай Н. А. Костров Койбал чөлүндөгү Оя суусунун жээгинен рун жазуусу бар бир ташты тапкан.

1881-жылы А. В. Адрианов байыркы түрк жазуусунун фрагменттерин Саян тоосунун түштүгүнөн учураткан жана жазуу эстеликтерди жыйноодо бир топ эмгектенген.

1885-жылы (С. Е. Маловдун маалыматы боюнча 1878) Е. Ф. Карчаков эки эстелик тапкан. Н. И. Аспелиндин жетекчилиги менен финдер уюштурган изилдөө экспедициясы 1888-1889-жылдары Уйбат суусунун куймасынан «Узун Оба» деп аталган көрүстөнгө коюлган рун жазуусу бар эстеликти табышкан. Ушул эле экспедиция биринчи туба эстелигин жана башка эстеликтерди да табышкан.

Кийинчерээк азыркы Тыва, Ах-Йүс, Хара-Йүстөгү аска таштарга жазылган рун жазуулары табыла баштаган.

Тывада биринчи рун жазуусу бар эстелик 1879-жылы Г. Н. Потанин тарабынан Хаа-Хем дарыясынын

сол жак жээгинен табылган. 1881-жылы куймаларынан (Хая-Ужу) деген аска бетине жазылган рунду тапкан. 1888-жылы Енисейдин жогорку агымына фин экспедициясы изилдөө жүргүзүп, 17 рун эстеликтерин каттаган (Сыдыков С., 2011: 22).

Х. Оркун Хакасиядан табылган 15 жана Тывадан табылган 27 рун эстеликтерин тактап, окулушуна түзөтүүлөрдү киргизип, «Eski Tьrk Yazitlari» деген ат менен 1940-жылы жарыялаган.

1952-жылы С. Е. Малов «Енисейская письменность тюрков» деген китебине 51 рун эстеликтерин киргизген.

1963-жылдары И. А. Батманов тыва окумуштуусу А. Ч. Кунаа менен бирге Енисей региону боюнча рун эстеликтеринин жазуусунун окулушун тактоо максатында Миң-Суу, Абакан жана Тывадагы музейлердеги эстеликтерди изилдеп, «Памятники древнетюркской письменности Тувы. I – II – III» (1963-1965-жж.) деген үч жыйнакты чыгарышкан.

1965-жылы СССР Илимдер Академиясынын Ленинграддагы бөлүмүнүн Археология институту тыва археологдору менен биргеликте Саян-Тыва экспедициясын уюштуруп, Тыванын батышындагы суу алдына калуучу аймакты изилдеп, жаңы рун эстеликтерин табышкан (Сыдыков С., 2011: 23). 1983-жылы жарык көргөн Д. Д. Васильевдин «Графический фонд памятников тюркской рунической письменности азиатского ареала» деген эмгегинде Енисей регионунда катталган 140 эстеликтин графикасы жөнүндө баяндама берилген.

Енисей регионундагы байыркы рун жазууларын издеп табууда В. А. Ошурков, А. В. Андрианов, И. А. Аспелин, И. Г. Гренэ, А. Д. Грач, Л. А. Евтюхова, С.В.Киселев, Д.А.Клеменц, Л.Р.Кызласов, И.Л.Кызласов, З. Б. Арагачи, Д. Д. Васильев, С. Г. Кляшторный, Я. А. Шер, Э. Р. Рыгдылон ж.б. чоң эмгек сиңиришкен.

## Таштагы белгисиз жазуулар жөнүндө көз караштар

Француз ориенталисти Абель-Ремюза Г. И. Спасскийдин жарыяланган макаласына маани берип, ал жазуу усундарга таандык болсо керек деп божомолдогон. Ал эми Г. И. Спасский бул жазуу монгол же калмактарга тиешелүү болсо керек деген. Г. Ю. Клапрот аталган жазуу системасын грек рунуна жакындаткан (Орхон-Енисей тексттери, 1982: 9-10).

1847-жылы Аспелин рун жазууларын байыркы финдерге таандык деп эсептеген. Кийинчерээк ал жазууну коло доордогу маданият менен байланыштырып, Борбордук Азиядагы гунндарга же башка элдерге таандык болсо керек деген оюн Одессада өткөн археологдордун съездинде билдирген (Орхон-Енисей тексттери, 1982: 10).

С. Г. Кляшторный, В. А. Лившицтин маалыматы боюнча окумуштуу Д. Миссершмит Енисейде табылган жазууларды «рундар» деп атаган, бул рун жазуулары германдыктардын жазма белгилерине окшош болгон (Кляшторный С. Г., Лився В. А., 1978, 39-40; Худяков Ю. С., 2003: 12).

XVIII кылымдын 70-жылдарында П. С. Паллас Түштүк Сибирдеги жазуу чегилген таштардын альбомун жарыялап, алар бир замандарда кийин батышка оогон, азыркы скандинавиялык элдердин бабалары деп эсептелген гот урууларынын руну болушу мүмкүн деген божомолун айткан.

1889-жылы фин окумуштуулары енисей жазуулары боюнча атлас түзүшкөн. Алар енисей алфавити ачылганга чейин бул жазууларды фин элине таандык деп эсептеп келишкен. Кийин бул пикирдин туура эмес экендиги аныкталган.

Н. И. Насилов ар кандай гипотезалардын арасынан Абель-Ремюзанын жоромолу өзгөчөлөнүп тургандыгын белгилеген. А. Ремюза **илимий чөйрөнү кызыктырган бул жазуулар жаратылышы боюнча түрк урууларына мил-**

**деттүү** *(белгилеген – Г. Ж.)* деп калыс пикирин айткан: «...интересующие научный мир письмена обязаны своим происхождением тюркским племенам...» Бирок, Ремюза «все же склонялся к признанию готского происхождения письмен» (Насилов В. М., 1960: 8).

Анткени бул убакта лингвисттердин арасында үстөмдүк кылып турган көз караш – жазуулардын гот жана скиф-славяндык жаратылышы болгон. Ошондуктан 1858-жылы А. Шифнердин *таштагы белгилердин «тамгалык»* жаратылышы *(белгилеген – Г. Ж.)* жөнүндөгү пикири да окумуштуулардын көңүлүн өзүнө бурган эмес.

Жазуулардын гот урууларына тиешелүү экендиги жөнүндөгү позиция көптөгөн лингвисттер тарабынан колдоого алынган жана «надолго затемнила выяснение подлинного значения письмен, количество которых возрастало в результате многочисленных научных экспедиций» (Насилов В. М., 1960: 8).

В. М. Насилов Енисей жазууларынын гот, скандинавиялык жана финдик жаратылышы жөнүндөгү пикирлер илимий жактан негизсиз экендигин айткан жана енисей жазууларынын гот, скиф-славяндык жана финдик жаратылышы жөнүндөгү «теориялар» окумуштууларды туура жолдон адаштырып келгендигин белгилеген (1960: 8).

Ошентип, эстеликтердеги жазуулардын тексттеринин жаратылышы жана тилинин кимдерге таандыктыгы тууралуу ар түрдүү пикирлер болгон. Кийин белгисиз жазуулары бар эстеликтер Орхондон, Енисейден, Таластан ж. б. жерлерден табыла баштаганы менен ар түрдүү көз караштардан улам көп убакытка чейин бул жазуулардын маанилери чечмеленбей келген.

**Түрк-рун жазуусунун пайда болуу мезгили тууралуу.** Э. Р. Тенишев рун чекме жазууларынын (руническое койне) абдан жатык жана экспрессивдүү мүнөзүнөн улам мындай тил бир нече жүз жылдыктар ичинде жазуу түрүндө катталганга чейин эле колдонулган болуу керек деп болжолдойт. Окумуштуу рун чекме жазуулары б. з.

I кылымдарында эле (I-II кк.) пайда болуп, ал эми VII-IX кылымдарда анын гүлдөгөн доору келген болуу керек, дейт (Тенишев Э. Р., 1997:40; Мелиоранский П. М., 1899: 47).

Бул тууралуу И. А. Батманов: «Общие специфические особенности тюркских языков сложились в отдаленный период, конечно, еще до оформления древнетюркской письменности, т.е. до V века н. э.» (1959:124), – деген.

П. М. Мелиоранский да орхон-енисей алфавитинин VI кылымга чейин эле пайда болгонунан күмөн санабайт (Мелиоранский П. М., Ц1899: 47).

С. Е. Малов Енисей жазууларын V к. таандык деп эсептейт.

Ошентип, рун жазууларынын башаты V кылымдан алда канча мурун эле пайда болгондугу тууралуу пикирди биз туура деп эсептейбиз.

**Байыркы түрк-рун жазуусунун генесизи тууралуу**

Байыркы түрк жазуусунун расшифровкаланышы окумуштуулардын арасында ар түрдүү пикирлерди жараткан. Түрк руникасынын жаратылышы тууралуу негизги үч гипотеза болгон. Алар:

1. Арамей жазуусунан чыккандыгы
2. Согду жазуусунан чыккандыгы
3. Көчмөн цивилизация маданиятынын жыйынтыгы

**1. Байыркы түрк рун жазуусунун арамей жазуусунан келип чыккандыгы тууралуу теория.** В. Томсен түрк рун жазуусун арамей жазуусунан келип чыккан деген. Ал арамей жазуусу менен орхон жана енисей жазууларын салыштырып, айрым рун белгилеринин «семит-пехлеви» алфавитине жакындыгын белгилеген. Кийинчерээк ал 38 рун белгилеринин ичинен 23ү арамей тамгаларына генетикалык жактан көз каранды экендигин көрсөткөн. В. Томсен арамей алфавити кайра иштелип чыккан, түрк тилинин тыбыштык түзүлүшүнө ылайыкташкан жана

жаратылышы арамей эмес белгилер менен толукталган деген (Томсен В., 1896: 240).

О. Доннер да ушундай эле гипотезаны сунуш кылган. О. Доннердин пикири боюнча - байыркы түрк жазуусунун эң жакын прототиби - арамей жазуусунун варианттарынын бири болуп саналат. Окумуштуу б. з. ч. II-III кк. аршакид (Парфяндык) монеталарындагы ***(АРШАКИДЫ** — (Арсакиды), парфянская династия в 250 до н. э. 224 н. э., Большой Энциклопедический словарь)* жазууну арамей жана байыркы түрк жазууларынын ортодогу звеносу деп эсептейт (Доннер О.,1896: 5-44).

Э. Блоше байыркы түрктөр жужандар аркылуу гунндардын жазуусун өздөштүрүшкөн, алар болсо, б.з.ч. 200 жыл мурун арамей алфавиттеринин бирин өздөштүрүшкөн деген пикирде.

Бул көз караштy кийин С. В. Киселев (1961: 270) колдогон. Акыркы жылдары С. Г. Кляшторный (1964: 49), В. А. Лившиц (1978: 66), А. М. Щербаков (1979: 134), А. Н. Кононов (1980: 23) ж. б. ушундай көз караштa болушкан.

Түрк руникасынын арамей жазуусунун келип чыккандыгы П. М. Мелиоранский тарабынан колдоого ээ болгон (1899: 47).

А. Аманжолов да байыркы түрк жазуусу арамей жазуусунан келип чыккан деп эсептейт. Ал байыркы түрк жазуусуна арамей жазуусу негиз болуп, аны Орто Азияда жашаган иран тилдүү элдерден түрктөр өздөштүргөн, мындай өздөштүрүү пехлеби, хорезм жана согду алфавиттери аркылуу болгон деген көз караштa (1978: № 2, 76-78-бб.).

Бирок жогорудагы теорияга О. Прицак каршы чыккан. Анын пикири боюнча батыш-семит жазуусу таптакыр байыркы түрк жазуусунун прототиби боло албайт (1980: 84).

1911-жылы Р. Готьо жана А. Коули кытай жазуусу менен кошо табылган согду шрифтиндеги белгисиз доку-

менттер арамей алфавитинин бир түрү экендигин далилдешкен.

Р. Готьо байыркы түрк жазуусунун согду теориясын сунуш кылган, анын пикири боюнча түрк руникасы байыркы согду алфавитинин алгачкы вариантынын тамгаларынын формаларын өзгөртүүдөн улам келип чыккан (1914-1923: 5). Бирок кийин бул окумуштуу согду теориясынан баш тартып, арамей гипотезасын жактаган.

Ошентип, айрым окумуштуулар байыркы түрк жазуусунун арамей жазуусунан келип чыккан деген ишенимде болушкан.

**2. Байыркы түрк рун жазуусунун согду жазуусунан келип чыккандыгы тууралуу теория.** Н. М. Ядринцевдин 1889-жылы Борбордук Монголиянын Орхон суусунун боюнда жайгашкан Ордо-Балыктан (Карабалгасун) жазууну тапкан. Ал кытай, согду жана байыркы түрк тилинде болгон. Мына ушул ачылыштан кийин, 1902-жылдан баштап окумуштуулар согду тилиндеги согду алфавити менен жазылган тексттерге кызыга башташкан. Чет элдик окумуштуулар Ф. К. Мюллер, А. Лекок, Р. Готьо, Г. Райхельт, О. Хансен, К. Г. Залеман, Ф. К. Андреас, В. Б. Хеннинг Чыгыш Түркстандан көптөгөн жазма булактарга илимий изилдөө жүргүзүшкөн. К. Сарткожаулынын маалыматы боюнча VI-VIII кк. деген даталар коюлган бул жазма булактар манихей, христиан, буддизм идеяларын таратуу максатын көздөгөн диний мүнөздөгү тексттер болгон (2012: 18).

Ал эми С. Г. Кляшторный булар жекече мүнөздөгү кат жазышуу (частная переписка) болгондугун жана ал адабиятта «эски согду жазуусу» деген ат менен белгилүү экендигин маалымдайт (1964).

Ошентип, эрте орто кылымдагы перс тобуна кирген согду тили Орто Азиядагы маданият аралык карым-катнашуунун тили болуп калган. Ар түрдүү элдердин арасына кеңири тароо менен ошол кезде бул региондо жашаган элдер арасында эл аралык тил статусуна чейин көтөрүлгөн (Сарткожаулы К., 2012: 18).

Жогорудай айтылгандай, Р. Готьо байыркы түрк жазуусу байыркы согду тилинен келип чыккандыгын, алфавиттердеги 12 белгинин окшош экендигин, ошону менен катар байыркы түрк жазуусундагы дагы бир нече тамгалар согду алфавитиндеги белгилерге окшоштугун айткан. Ал Томсен менен кеңешип, мына ушул алфавит гана байыркы түрк рун жазуусунун модели боло алат деген жыйынтыкка келген. Томсен буга макул болгон, ал согду жана байыркы түрк жазуусунун ортосунда ачык жана талашсыз дал келүүлөр бар деген. Бирок Томсенге жазуунун бул эки системасынын ортосундагы хронологиялык ажырым түшүнүксүз болгон (Сарткожаулы К., 2012: 18-19.)

Дж. Клоссон согду теориясын жактаган. Анын пикири боюнча байыркы түрк жазуусунун башатын эрте орто кылымдагы перс алфавиттеринен: согду, пехлеви, бактри издөө керек. Байыркы түрк жазуусунун VI к. экинчи жарымында пайда болушунун себеби – батыш мамлекеттер менен дипломатиялык мамилелерди жүргүзүү муктаждыгы болуп эсептелет.

Ошондой болсо дагы байыркы енисей жазуусу жана VI-VII кк. жети-суулук рун жазууларынын ортосундагы мезгилдик чоң ажырым окумуштуулардын арасында жаңы ой-жоорууларды жараткан. Р.Готьо көп өтпөй эле өзүнүн согду теориясынын туура эместигин моюнга алган. Ал байыркы согду жазуусунун б.з.ч. I к. пайда болгондугун, ошондо бул мезгилден VII к. чейинки мезгил аябагандай чоң экендигин, ошондой эле алфавиттердеги тамгалардын формаларында чоң айырмачылыктар бар экендигин белгилеген. Окумуштуу эми байыркы түрк жазуусу «эски» согду жазуусунан эмес, арамей жазуусунан келип чыккан деп эсептейт. Ал: «…рунический алфавит ведет свое начало не от «старого» согдийского письма и не от того небольшого количества знаков, которое имелось в нем, а от разновидности его с двадцатью пятью знаками, из которых давадцать два арамейские и три дополнительные» (Готьо Р., 1914-1923; Караңыз: Сарткожаулы К., 2012: 19).

В. А. Лившиц Р. Готьонун согду теориясын сындаган. В. А. Лившиц рун жазуусу узак убакыттын ичинде согд алфавитинин трансформацияланышынын же байыркы түрк тексттерин ар башка мезгилдерде бир нече жолу каттоонун жыйынтыгы эместигин айтып, рун жазуусу согду алфавитинен бир эле учурда иштелип чыккан деген пикирин билдирет. Ал: «Согдийские графемы в большинстве случаев служили для создателей руники исходным материалом для рабочих праформ» (1978: 66), - деген. В. А. Лившицтин пикири боюнча байыркы түрк жазуусу VII к. пайда болгон. Ал байыркы түрк жазуусу согду курсивдик жазуусунан келип чыккан деп эсептейт. Бул V-VI кк. эстеликтерден улам белгилүү, мисалы, буга бугут жазуусу кирет. Ал түрк жазуусунун жаратуучулары «...могли использовать и зеркальные отражения графических прототипов, а также изменять направление составляющих их линии; в нескольких случаях разные рунические знаки могли быть созданы из позиционных вариантов одних и тех же согдийских букв» (1980: 9-11; Китепте: Сарткожаулы К., 2012: 20), - дейт. Ошентип, В. А. Лившицтин теориясы боюнча байыркы түрк жазуусунун прототиби согду курсивдик жазуусу эсептелет. Ошону менен катар эле В. А. Лившиц эң байыркы түрк рун жазууларынын эстеликтери – Орхон эстеликтери жана алардын датасы VIII-X кк. деп эсептейт.

Түрктөргө согду алфавитинин кириши жана анын рун алфавитине кайрадан иштелип чыгышы тууралуу С. В. Киселев: «Если не подлежит сомнению арамейская основа большинства таласо-енисейских литер, проникшая на восток через Среднюю Азию, через согдийское и хорезмийское письмо, то Семиречье, связанное с Хорезмом, колонизованное в значительной части согдийцами и в то же время в VI-VII вв. занятое западными ту-гю, становится наиболее вероятным местом первого применения рунической письменности, приспособившей арамейский алфавит к тюркской речи» (Киселёв С. В., 1951: 604-610), - деген.

Андан ары С. В. Киселев Жети-Суудан рун жазуусу Чыгыш Түркстанга - ягма уруусуна кирген, алардан кагаздагы рун документтер калган; ягмалардан бул жазууну карлуктар өздөштүргөн, карлуктардан енисей кыргыздарына өткөн деп божомолдойт. Орхон түрктөрү рун жазуусун батыш түрктөрдөн кабыл алышкан.

С. В. Киселевдун Жети-Суу - байыркы түрк рун жазуусунун келип чыгыш борбору деген гипотезасы кызыгууну туудурса дагы, алфавиттин чыгышка карай өтүшү фактылар менен тастыкталбайт. Айрым окумуштуулар рун жазуусунун чыгыш түркстандык эстеликтерин ягмаларга ыйгарууга жана VI-VIII кк. таандык деп эсептөөгө мүмкүн эмес дешет. Алар өзүлөрүнүн дуктусу боюнча жети-суулук жана енисейлик жазуулардан таптакыр айырмаланат жана так коюлган датасы IX кылымдын жарымынан эрте эмес мезгилге, т.а., рун жазууларынын традицияларын сактап калган уйгурлардын Чыгыш Түркстанга массалык көчүү мезгилине таандык (Котвич. В Хушо-цайдаме. 1914:50-54-бб.; Радлов В. В., Мелиоранский П. М. Древнетюркские памятники в Кошо-Цайдаме. — СТОЭ, 1897, вып. 4, 2-б.; Кляшторный С. Г., 1964) деп эсептешет.

С. Г. Кляшторный согду теориясынын жактоочусу болгон. Ал байыркы түрк рун алфавитине модель катары кызмат кылган тамгалык жазуунун идеясы жана анын үлгүсү түзүлдү, түрктөр аны жаратылышы арамейлик алфавитти колдонушкан өзүлөрүнүн батыш коңшулары – Орто Азиядагы иран тилдүү элдерден өздөштүрүштү дейт. Ал: «Наиболее вероятным источником заимствования является согдийский алфавит, точнее, та разновидность согдийского письма, которой написаны «старые согдийские письма» из Дуньхуана» (1964), - дейт.

А. М. Щербак байыркы түрк жазуусунун согду жазуусунан келип чыкты деген теорияга макул эмес, анын пикири боюнча байыркы түрк руникасы байыркы түрктөрдүн чыгармачылыгынын негизинде келип чыккан. А. М. Щербактын теориясы боюнча рун жазуусунун жаратылышы - жети-суулук. Анын пикири боюнча рун

жазуусу башка бир алфавиттин өздөштүрүлүшү же кайрадан иштелип чыгышынын натыйжасында Талас районунда пайда болгон, анан ал жактан эки карама-каршы багытка: чыгышка (орхон, енисей жана жазуунун башка түрлөрү) жана батышка (печенег рундары) тараган (Щербак А. М., 1959: 388).

К. Сарткожаулы В. А. Лившицтин жогорудагы теориясы далилсиз, ал эми А. М. Щербактын пикири прогрессивдүү деп эсептейт жана «возможно оно явится поворотным пунктом» (2012: 21) дейт.

Ошентип, байыркы түрк руникасы согду жазуусунан келип чыкты деген теория окумуштуулардын арасында кеңири колдоого ээ болгон эмес.

**3. Байыркы түрк рун жазуусу - көчмөн цивилизация маданиятынын жыйынтыгы деген теория.** К. Сарткожаулы бул теориянын жактоочуларын эки топко бөлүп карайт (2012: 22).

1) Биринчи топко байыркы түрк жазуусу – адегенде малдын жаагына жана санына коюлган ар түрдүү белгилердин - тамгалардын кошулуусунун жыйынтыгы деген окумуштуулар кирет. Бул теориянын негиздөөчүлөрү катары Н. А. Аристов, Н. О. Маллицкий, Д. Н. Соколов эсептелет. Н. А. Аристов орхон жазууларын түрктөрдүн **эн тамгаларынын негизинде пайда болгон** *(белгилеген – Г. Ж.)* деген: «Существовавшие с глубочайшей древности родовые тамги были позднее употреблены в качестве букв в орхоно-енисейском алфавите» (1894: 418-419). «Об этническом составе тюркских племен и народностей» (1896) деген эмгегинде түрк элдеринин урук жана уруу тамгаларынын үлгүлөрүн берген, аларга семантикалык жактан талдоо жүргүзүүгө аракет кылган.

Н. Маллицкий бул теорияны андан ары уланткан. Ал 1897-1898-жж. Түркстан кружогунун жыйналышында жасаган «О связи тюркских тамг с Орхонскими письменами» деген докладында байыркы түрк рун жазуусу тамгалардан келип чыккан деп айткан (1898: 43-47). А. Шифнер (1858: 2) да ушундай пикирде болгон. Г. Вам-

беринин 1831-32-жылдары түрк рун жазуусу түрк уруу тамгаларынын негизинде пайда болгон деген ою 1885-жылы Лейпцигде жарык көргөн эмгегинде айтылган. П. М. Мелиоранский бул пикирге кошулбаганы менен, айрым тамгалар орхон-енисей алфавитиндеги тамгаларга негиз болуп берет деп божомолдогон (Мелиоранский П. М., 1899: 47) *(булар тууралуу эн тамгалар жөнүндө сөз болгондо айтылган - Г. Ж.).*

Кийин Д. Н. Соколов В. Томсендин жана О. Доннердин теорияларын карап чыгып, аларды бириктирген жана жаңыча түшүндүргөн. Анын теориясы боюнча арамей алфавити көчмөндөрдүн аң-сезимине терең кирген жана малга тамга коюуда колдонула баштаган.

Г. И. Спасский, М. А. Кастрен, Г. Вамберинин эмгектеринде түрк руникасы менен сибир татарларынын тамгалары салыштырылган. А. Махмудов, М. Шинхэуу казак жана монголдордун тамгаларын изилдешкен, натыйжада байыркы түрк рун жазуусунун келип чыгышына тамгалар жана белгилер (метка) негиз болуп берген деген теория сунуш кылынган.

Жазуунун системасында Енисейдеги түрк элдери эзелтеден колдонулуп келген тамга белгилердин бар экендигинен С. В. Киселев да күмөн санабайт. Ал бул тууралуу мындай дейт: «...если бесспорны связи прототипов, то во внешнем оформлении орхонское письмо зависит не только от западных аналогов, но и от своих местных предшественников – тамг, знаков. Сходство этих «дописьменных» знаков... с буквами орхоно-енисейского алфавита иногда настолько велико, что соединение их в генетический ряд не вызывает сомнений. Орхонское письмо столь же заимствованное, сколь и местное изобретение» (Киселев С. В., 1949: 285)

Окумуштуу эмгегинде «Г» жана «З» тамгаларынын чыгыш тегин таштык маданияты (б.з. I-IV кк.) менен байланыштырып, тамгага чейинки (добуквенный) енисей белгилерине көңүл бурган жана алардын үлгүлөрүн мисалга келтирген (Киселев С. В.,259, 264, 285, 321).



Бул жерде белгилеп кетүүчү нерсе С. В. Киселев тарабынан көрсөтүлгөн тамгага чейинки белгилер (1961-жылы Овюр районунда табылган Хачы-Ховуз моло ташы) жана Хандыгайтынын жанындагы (Тыва) петроглифтердин арасынан табылган енисей тамгалары «говорят о раннетюркском времени бытования орхоно-енисейского письма между Ангарой и южными отрогами Танну-Ола» (Батманов И. А., Арагачи З. Б., Бабушкин Г. Ф., 1962: 28 ).

К. Сарткожаулы байыркы түрк рун жазуусунун келип чыгышына тамгалар жана белгилер (метка) негиз болуп берген деген теорияны чындыкка жакын деп эсептейт. Европа жана Азияда жашаган түрк элдеринин байыртадан бери XX кылымга чейин колдонулуп келе жаткан жана алардын кайсы урукка жана урууга тиешелүү экендиктерин көрсөтө алган тамгалары жана белгилери формалары жагынан байыркы түрк рун жазуусуна окшош экендигин белгилеп көрсөтөт. Ал: «Многочисленные знаки (belgű, tuɣra, tamŸga, tűhűr ~ möp), найденные в степных районах Евразии с автохтонным населением, имеющие тюркские корни указывают не верность данной теории» (2012: 22), - дейт.

2) Экинчи топко байыркы түрк рун жазуусунун прототиби көчмөндөр тарабынан түзүлгөн пиктографиялык жана идеографиялык жазуу деп эсептеген окумуштуулар кирет. Томсен арамей теориясын сунуштаганда эки жазуунун айрым белгилеринин формаларына - алардын ондон солго карай жазылышына көңүлүн бурган. Ошондой эле тамганын формаларынын идеографиялык өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөткөн (1896: 73, 78-79).

К. Д. Поливанов белгилердин ички жана тышкы формаларын изилдеп көрүп, байыркы түрк рун жазуу-

су идеограммалардан өнүгүп чыккан деп божомолдогон (1925: 178). А. Ж. Эмре Поливановдун идеясын улантып, түрк рун жазуусу толугу менен идеограммалардан келип чыккан деген (1938).

К. Сарткожаулы бул идеяны абдан баалуу деп эсептейт. Ал: «Однако, пока, в руках ученых отсутствуют достоверные факты, полностью доказывающие правоту данной теории» (2012: 23), - дейт.

Согду теориясын негиздөөчүсү Р. Готьо кийинки мезгилде өзүнүн мурунку теориясынан баш тартып, байыркы түрк рун жазуусу өздөштүрүлгөн эмес, «...а явилась результатом долгого, терпеливого и мудрого творческого труда» (Ross E.D. et Gauthiot R., 1913 (Mai – Juin), p. 525-526) деген жыйынтыкка келген.

С. Г. Кляшторный көпкө чейин согду теориясын карманып келгени менен, кийин андан баш тарткан. В. Г. Гузев менен бирге жазган макалада алар байыркы түрк рун жазууларынын башатын аскага чегилген жазуулардан издөө керек дешет (1993: 57-62).

Айрым окумуштуулардын рун жазуусунда идеографиялык мотивдердин бар экендигин аныктоо иретинде «ай» деген сөздүн жазылышы жарым ай түрүндө – (й), «ок» деген сөздүн жазылышында жаанын огун элестеткен (к) сыяктуу белгилерге көңүл бурушкандыгын белгилешет С. Сыдыков жана К. Конкобаев. Алар байыркы түрктөрдүн тамгалары менен идеографиялык мотивдери рун алфавитине кошумчаланган болушу да толук ыктымал дешет. Анткени, Түштүк Сибирь, Орто Азия түрк элдеринин эн тамгалары менен жазуусунун системасында айрым окшош белгилердин бар экендиги да чындык дешет. Мисалы, кыргыздардын эн тамгаларындагы ай тамга-, жаа тамга - , жүрөк тамга - , куш тамга жана сыяктуу белгилер. Жазуудагы , , тамгаларын н, м, нт, ң ариптерине салыштырсак да болот (Сыдыков С., Коңкобаев К., 2001: 11).

Кийинки мезгилде түрк рун жазууларынын ички жана тышкы түзүлүшүн изилдеген илимий эмгектер

жарык көрө баштады. Изилдөөчүлөр О. Прицак (1980), В. Г. Гузев (1993: 57-62), А. Аврутина (2004: 84-97), К. Кудерин (2005: 92-100) түрк рун жазууларын тереңден изилдөөгө чоң салым кошушту. В. Г. Гузев жана А. Аврутина (2004: 84) түрк рун жазуулары – түрк элдеринин чыгармачылыгынын жемиши деген жыйынтыкка келишти.

К. Сарткожаулы бул жыйынтыкка кошулат. Ал байыркы түрк рун жазуусун байыркы түрктөрдүн чыгармачылыгынын туу чокусу деп эсептейт (2012: 23).

Байыркы түрк рун жазуусунун жаратылышы тууралуу жогоруда каралган көз караштардан башка да пикирлер бар. Айрым окумуштуулар енисей жазууларынын скандинавиялык, готтук ж.б. негизинде келип чыккандыгын айтышат. А. Н. Бернштам мындай ар башка көз караштар «отражали различного рода идеологические тенденции, в частности, расовую миграционную «теорию» панфинизма» (1946: 15), - дейт.

Окумуштуу В. М. Насилов енисей жазуусунун жаратылышы готтук, скиф-славяндык жана финдик деген «теориялар» лингвисттерди туура жолдон адаштырып, натыйжада жазуулар көпкө чейин расшифровкаланбай келгендигин маалымдайт (Насилов В. М., 1960: 8).

Ошентип, байыркы түрк рун жазууларынын келип чыгышы тууралуу бирдей пикир жок.

## Кыргыздар Орхон эстеликтеринде

Чыгыш түрк кагандарына арналган эстеликтерде – Күлтегиндин жана Могилян-хандын эстеликтеринде – кыргыздар да эскерилет. А. Н. Бернштам бул тууралуу мындай дейт: «В надгробных стелах восточнотюркских каганов, в памятнике Кюль-Тегина и Могилян-хана, в числе соболезнующих племен, в связи со смертью основателя тюркского царства кагана Бумына, или Тумыня – **упоминаются кыргызы»** *(белгилеген – Г. Ж.)* (Бернштам А.Н., 1998, II: 203). А.Н.Бернштамдын маалыматында

бул окуя VI кылымдын 60-жылдарына, тагыраак айткан-да, 553-жылга тиешелүү. **Кыргыздардын андан кийин чыгыш түрк каганы Кигинь (Муюй же Яньду) тарабынан багындырылгандыгы** *(белгилеген – Г. Ж.)* **айтылат.** Л.Н.Гумилевдун маалыматы боюнча түркүттөр кидандарды жана кыргыздарды 560-жылы басып алган. Кыргыз территориясы Чыгыш түрк каганынын жеңиштеринин түндүк чеги катары берилет (Бернштам А. Н., 1998, II: 203).

Түрк жазма эстеликтеринин көпчүлүгү VIII кылымдын экинчи жарымына таандык.

### Орхон эстеликтеринин ачылышы. Экспедициялар

1889-жылы орус изилдөөчүсү Н. М. Ядринцев Монголиядагы мурун белгисиз жазуулары бар таштар табылган жерден алыс жайгашкан Кошо-Цайдам өрөөнүндөгү Орхон суусунун боюнан (Орхондун Селенгага куймасы, Селенганын Байкалга куймасы) эстеликтерди тапкан, андагы жазуулар эки тилде (бири түшүнүксүз белгилер, экинчиси кытайча жазуулар) болгон. Кытай жазуулары аркылуу эстеликтердин бири түрк каганына жана анын бир тууганына арналгандыгы белгилүү болгон. Бул монумент Енисейдеги эстеликтерге караганда абдан чоңдугу менен айырмаланган (Малов С. Е., 1951: 11).

В. М. Насилов: «Благодаря китайским текстам на тыловой стороне памятников, удалось приступить к расшифровке текстов орхонского, а позже и енисейского письма»(1960: 8), – деген.

Ошентип, Н. М. Ядринцев тарабынан Кара-Корум жана Кара-Балгасун урандыларына жасалган экспедициядан улам Орхон суусунун жээгинен табылган эстеликтердин бири түрк каганы Билге-каганга (Могилянга, 734ж. каза болгон) жана анын бир тууганы Күл-тегинге (732ж. каза болгон) арналгандыгы белгилүү болгон.

Экинчи ирет бул белгисиз жазуулары бар таштар Семен Ремезевдин картасында эскерилет. Анын «бардык

сибирдик шаарлар жана жерлер, бардык суусуз жана адам аз өтүүчү таштак талаалар» түшүрүлгөн картасында Талас суусунун жогорку агымында «Орхон таш» деген белги коюлган. Булар кокусунан кездешкен таштар жөнүндөгү учкай маалыматтар болгон.

1891-жылы Онгин суусунун жээгинен Н. М. Ядринцев тарабынан чоң эстелик ачылып, ал Онгин деп аталган. 1897-жылы Селенга суусунун боюнан түрк хандарынын кеңешчиси Тонүкүктүн чоң эстелиги табылган (Малов Е. С., 1951: 11).

Н. М. Ядринцевдин ачылышы буга чейинки таштагы жазуулар жөнүндөгү ар түрдүү гипотезаларды, өзгөчө Аспелиндин финдик гипотезасын жокко чыгарган. В. М. Насилов белгилегендей, 1823-жылы Клапроттун таштагы жазуулардын түрктүк жаратылышы тууралуу гипотезасы туура болуп чыккан (Насилов В. М., 1960: 8).

Н. М. Ядринцев Сибирь менен Монголия түрк урууларынын эзелтеден берки жашаган жеринин жана маданиятынын очогу деген өзүнүн көз карашын далилдеген.

Н. М. Ядринцевдин ачылышынан кийин таштагы белгисиз жазуулардын түрк урууларына тиешелүү болгондугу аныкталган жана буга чейинки ар кандай ой-жооруулар жокко чыгарылган.

Н. М. Ядринцевдин экспедициясынан кийин аталган жазууларга болгон кызыгуу ого бетер артып, атайын илимий экспедициялар уюштурула баштаган.

1890-жылы Монголиядагы Орхон суусунун жээгине фин археологиялык экспедициясы, ал эми 1891-жылы Санк-Петербургдагы Илимдер Академиясынан В. В. Радлов жетектеген экспедиция барышкан. Бул экспедициялардын жыйынтыктары катары 1992-жылы эки чоң атлас жарык көргөн, анда белгисиз жазуулардын сүрөттөрү, урандылардын пландары, географиялык карталары ж.б. болгон (Малов С. Е., 1951: 12). Ошентип, бул жазууларды окуганга мүмкүнчүлүк түзүлгөн.

## Эстеликтердин аталышы тууралуу

Е. С. Маловдун маалыматы боюнча адегенде белгисиз жазуулары бар таш эстеликтер Енисейден табылгандыктан енисейлик деп, кийин андай эстеликтер Н. Я. Ядринцев тарабынан Орхондон табылган соң орхондук, же орхон-енисейлик жазуулар деп аталган.

Убакыттын өтүшү менен мындай эстеликтер Монголиянын, Енисейдин чегинен тышкары жерлерден да табыла баштаган. Ошондуктан бул жазуулар рун жазууларына окшоштугуна карай «рунга окшогон» («руноподобный»), же «түрк рун жазуулары» деп атала баштаган (Малов С. Е., 1951:11).

## Белгисиз жазуулардын окулушу жана которулушу

**Жазуулардын В.Томсен тарабынан окулушу.** 1893-жылы белгисиз жазууларды биринчи болуп дат окумуштуусу В. Томсен окуган. С. Е. Малов В. Томсендин буга чейин эч ким окуй албаган Енисей жана Орхон эстеликтеринин бардык алфавитинин толук ачкычын таап чыккандыгын маалымдаган (Малов С.Е., 1951: 11). Бул илимдеги чоң ачылыш болгон.

В. Томсенге чейин окумуштуулар Енисей жана Орхондун жээгинен табылган белгисиз жазууларды ошол мезгилге чейинки жана ошол учурдагы аларга белгилүү алфавиттик белгилер менен окууга аракеттенишкен. Ал эми В. Томсен таптакыр башкача жол менен кеткен. Ал өзүнөн бардык алфавиттерди четтетип, бир тамганын башка тамга менен карым-катнашын (соотношение) деталдуу түрдө изилдөөгө киришкен.

Изилдөөлөрдөн улам В. Томсен айрым тамгалар башка тамгалардын катарына жакын, коңшу жайгашса, айрым тамгалар андай жайгашпай тургандыгын байкаган. Бул тамгаларды алдыңкы жана арткы катардагы тыбыштардын санына жараша эки класска бөлүү идеясына алып келген.

Белгисиз тамгаларды тереңден изилдөө менен В. Томсен «орхон» жазууларынын ичинен ***түрк, тенгри*** жана башка сөздөрдү бөлүп чыккан. Мындай иликтөөлөрдүн жыйынтыгында 1893-жылы 25-ноябрда В.Томсен, жогоруда айтылгандай, орхон-енисей жазууларынын толук ачкычын тапкан (Малов С. Е.,1951: 12).

В. Томсен «түрк» термини «күч», «кубат» маанисин билдирет деген. Окумуштуунун башка бир ою боюнча «түрк» адегенде бир уруу же уруулук топтун аты болгон ал кийин анын этнонимдик мааниси кеңейип, саясий терминге айланып кетиши толук ыктымал деген божомолун айткан (Сыдыков С., Коңкобаев К., 2001: 19).

**В.В.Радлов эстеликтердеги жазуулар жана енисей алфавитинин байыркылыгы жөнүндө. Графикалык система В.Томсендин эмгегинде.** В. В. Радлов аталган жазуулардын маанисин ачып берүүнүн (расшифровкалоо) үстүндө иштеген. Е. С. Малов бул тууралуу: «...ему удалось ко времени открытия В. Томсена определить из большого числа неизвестных алфавитных знаков до полутора десятка букв,» – деген (Малов С.Е.,1951: 12).

В. В. Радлов «Атлас древностей Монголии» (1892: вып. 1) деген эмгектин баш сөзүндө биринчи болуп рун графемасынын систематизациясын сунуш кылган. Бул систематизациянын негизинде формалдуу критерий жаткан: анткени бул кезде жазуу дешифровкалана элек болчу. Белгилер эки топко бөлүнгөн: «одни составляли графемы, имевшую осевую линию в виде вертикальной прямой; другие составляли знаки с округлыми и ломаными элементами» (Васильев Д. Д., 1983: 15). Д. Д. Васильев белгилер ар бир катарда татаалдыгына карай солдон оңго карата жайгашкандыгын, бул өзгөчө үстүңкү катарда көрүнүп тургандыгын белгилейт.

Эки жыл өткөндөн кийин В. В. Радлов башка эмгегинде өзүнүн биринчи байкоолоруна тактоо киргизген. Ал графо-фонетикалык таблицаны түзгөн жана тигил же бул жазуунун колдонулуш мыйзамченемдүүлүгү ме-

нен байланышкан байкоолорун кабарлаган. Бул материал кийин тийиштүү эмгектерде такыр колдонулбаса да, Д. Д. Васильевдин пикири боюнча түрк рун графикасынын колдонулуш мыйзамченемдүүлүгүн маңызына жете түшүнүүгө болгон биринчи тажрыйба катары илимий кызыгууну жараткан (1983: 15).

В. В. Радлов үндүүлөрдү билдирген белгилердин үнсүздөрдүн ортосунда, сөз аягында, биринчи муунда жана кийинки муундарда келиши же түшүп калышына ж.б. талдоо жүргүзгөн, аларды мисалдар жана таблицалар менен жабдыган (АТИМ 1 (Die Denkmдler von Koscho-Zaidam/ с.1-2).

В. В. Радлов эмгектин үчүнчү бөлүгүндө ар кайсы эстеликтердин белгилүү палеографиялык өз ара байланыштуулугун (корреляция) табууга биринчи болуп аракет жасаган. Онгин эстелигинин (Radloff W., 1911: с.315; Clauson G., 1957) палеографиялык өзгөчөлүгүнө көңүлүн буруп, аны Кошо-Цайдамдагы эстеликтер менен салыштырган (Радлов В. В., 1911: 315; МПМК, 7-11). Көптөгөн жуп дал келүүчүлүктөрдү таап, ал Онгин жазуусунун авторунун орфографияны жакшы билбегендигин белгилеп, «автор … допустил много перебоев в употреблении знаков для фонем палатального и велярного рядов» (Караңыз: Васильев Д. Д., 1983: 16) деген. Ушундай салыштыруудан улам В. В. Радлов Онгин жазуусун (надпись) орхонго салыштырмалуу алда канча мурунку деген жыйынтыкка келген.

Д. Д. Васильев В. В. Радловдун бул изилдөөсү тууралуу: «Анализ графики памятников позволил В. В. Радлову сделать вывод о независимом параллельном развитии орхонского и енисейского алфавитов, во-первых, **и о большой древности последнего** *(б.а. енисей алфавити – Г. Ж.),* во-вторых» (1983: 16), - дейт.

Енисей жана Монголиядан табылган эстеликтердин көпчүлүгүн В. В. Радлов окуп, аларга талдоо жүргүзгөн (Орхон-Енисей эстеликтери, 1982: 10).

В. В. Радловдун эмгеги менен катар эле О. Доннердин түрк руникасынын системасынын графикалык системасы берилген эмгеги жарык көрөт. Мында түрк эстеликтеринин палеографиялык изилдөөлөрү жок, ал фонетикалык дал келүүчүлүктөрдү сунуш кылат, түрк руникасы боюнча сыпаттама материалдарды жалпылайт, ал эми негизги көңүлдү анын пайда болушуна жана эволюциясына бурат. Д. Д. Васильев белгилегендей: «...в ней имеется более **полный фонд графики за счет енисейского материала»** *(белгилеген – Г. Ж.)* (1983: 17).

В. Томсендин «Орхонские надписи» (1896: 10-14) деген эмгегинин атайын бөлүмүндө эстеликтердин графикалык системасы бир топ толук берилген. Ар бир белгиге комментарий, ошондой эле палеография боюнча кыскача жазуулар берилген, бирок негизинен фонетикалык маанисине көңүл көп бурулган. Ошол эле макалада В. В. Радловдун байкоолору да эске алынган (Васильев Д. Д., 1983: 17). Бул макала бир топ жылдан кийин П. М. Мелиоранскийдин Кюль-Тегинге арналган фундаменталдуу эмгегинде толугу менен орус тилине (анча-мынча тактоолору менен) которулган (Мелиоранский П. М., Т.12. 1904: 14-46).

**Жазуулардын которулушу. В. В. Радлов. В. Томсен.** В. Томсендин ачылышынан кийин орхон жазууларын В. В. Радлов биринчи болуп которгон. Натыйжада, Орхон суусунун жээгинен Н. М. Ядринцев тарабынан табылган эстеликтер түрк каганы Билге-каганга (Могилянга, 734ж. каза болгон) жана анын бир тууганы Күл-тегинге (732ж. каза болгон) арналгандыгы белгилүү болгон. Ал биринчи Күл-тегинге арналган эстеликти, андан соң Бильге-каганга (Могилян хан) арналган эстеликти котируп, бул котормолор 1894-1895-жылдары жарык көргөн (Насилов В. М.,1960: 9).

XVIII кылымдын аягында В. В. Радлов Тонүкүк эстелигин толугу менен которуп, байыркы түрк тилинин грамматикасын түзгөн.

Окумуштуу К. Ашыралиевдин маалыматы боюнча В. В. Радлов Енисей суусунун боюнан табылган эстеликтердин көпчүлүк бөлүгүн жана Монголиядагы жазууларды которуп, аларга анализ берген (1963: 8-9).

В. Томсен 1896-жылы Орхон суусунун жээгинен табылган эстеликтерди толугу менен которгон жана очеркин түзгөн (Насилов В. М.,1960: 3-4).

Ошентип, орхон-енисей жазууларын окуганга толук мүмкүнчүлүк ачылган.

Байыркы түрк жазууларынын таралган ареалы, хронологиясы VI-X кк. деп эсептелет жана бул мезгил байыркы түрк малекеттүүлүгү менен кандай болбосун катышта дейт А. Аманжолов (Аманжолов А., 2003: 13). Ошону менен бирге эле бул процесстин булактары андан да тереңде деп эсептейт. Ал муну Иртыш жана Или өрөөнүндөгү алгачкы көчмөндөр жөнүндөгү эпитафиялык эстеликтердеги рун жазуулары далилдеп турат дейт.

**Жазуулардын изилдениши.** Түрк рун жазууларын изилдөөдө белгилүү илимпоздор эмгектенишкен. Аталган маселе В. Томсен, В. В. Радлов, П. М. Мелиоранский, С. Е. Малов, Х. Н. Оркун, Т. Текин, И. А. Батманов, А. М. Щербак, И. В. Кормушин, Д. Д. Васильев, С. Г. Кляшторный ж. б. окумуштуулардын эмгектеринде кеңири чагылдырылган.

Советтик түркологдордун кийинки мууну да орхон-енисей жазууларынын фонетикалык, грамматикалык жана лексикалык түзүлүштөрүн изилдешкен. Мисалы. В. Г. Кондратьевдин «Очерк грамматики древнетюркского языка» (ЛГУ, 1970); А. С. Аманжоловдун «Материалы и исследования по истории древнетюркской письменности». Алма-Ата, 1975 (ДД); Г. Айдаровдун «Язык орхонского памятника Бильге каган». Алма-Ата, 1966; «Язык орхонских памятников древнетюркской письменности VIII века». Алма-Ата, 1971; Н. Антонов. «Древнетюркский язык VI-VIII вв.». Якутск, 1970 (якут тилинде); М.Р.Федотовдун «Дренетюркский язык». Чебоксары, 1973;

А. Д. Шукуров жана А. М. Маграмованын «Язык памятников древнетюркской письменности». Баку, 1976 (азербайжан тилинде) деген эмгектер жарык көргөн.

Эстеликтердин айрым маселелери Л. Р. Кызласов, Э. Р.Тенишев, Д. М. Насилов, А. М. Щербак, С. Г. Кляшторный, И. В. Кормушин, В. Г. Кондратьев, И. Н. Шершавидзе, Д. Д. Васильев, А. С. Аманжолов, А. А. Раджабов, Е. Агманов, А. Исламова, М.И.Боргояков,Ү.Асаналев,К.Ашыралиев,Ч.Жумагулов, С. Сыдыков ж.б. эмгектеринде чагылдырылган.

## Енисей эстеликтериндеги алгачкы жазуулар (V кылым)

**Алгачкы енисей тексттери V к. таандык.** З. Б. Арагачи, И. А. Батмановдун маалыматы боюнча б. з. биринчи миң жылдыгынын экинчи жарымынан баштап Енисей менен Орхон бассейндеринин жогорку агымында жайгашкан түрк уруулары өздөрүнүн жазма системасын колдоно баштаашкан (Батманов И. А., Арагачи З. Б., Бабушкин Г. Ф., 1962: 14-б.14). И. А. Батманов С. Е. Маловдун пикирине таянып, V кылымда Енисейдин жогорку агымында жайгашкан түрк уруулары («в том числе и кыргызы») «базировавшиеся в бассейне верхнего течения Енисея, пользовались системой письменности, отражавшей особенности их языка, построенной на основе весьма своеобразного алфавита» (Батманов И. А., 1959: 10), – дейт.

С. Е. Малов енисейлик тексттерди болжол менен V кылымга таандык деп эсептейт (Малов С. Е., 1953, 78). С. Е. Малов өзүнүн «Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии» деген эмгегинде: **«Начальным временем здесь (Минусин) появление памятников я считаю пятый век нашей эры»** *(белгилеген – Г. Ж.)*, – дейт (Малов С. Е.,1959: 74).

Окумуштуу өзүнүн мындай пикирин сүйлөгөн сөздөрүндө, докладдарында да белгилейт. Мисалы, С. Е. Малов 1926-жылы 28-февралда Бакуда түркология

боюнча өткөрүлгөн съездде орхон-селенги эстеликтерине караганда енисей эстеликтериндеги даталар эки-үч жүз жыл мурда коюлган деген (Малов С.Е., 1951: 12).

И. А. Батманов, З. Б. Арагачи, Г. Ф. Бабушкин V кылымда түрк урууларынын, анын ичинде кыргыздардын жазуусу болгон деген С. Е. Маловдун пикири туралуу: «...надо думать, что он имел в виду не даты их сооружения, **а время формирования определенного типа письма и завершения процесса сложения тех языковых особенностей, которые отличаются от орхонских»** *(белгилеген – Г. Ж.)* деп айтышкан (Батманов И. А., Арагачи З. Б., Бабушкин Г. Ф., 1962: 30). Авторлор С. Е. Маловдун аталган жазуунун андан кийин таралган мезгилин танбастан, анын эң алгачкы мезгилин эске алгандыгы көрүнүп турат дешет.

Ошентип, С. Е. Малов енисей жазууларын V кылымга таандык дегенде эстеликтердин курулуш мезгилин эмес, *белгилүү бир типтеги жазуунун калыптануу мезгилин жана орхон жазуусунан айырмаланган тилдик өзгөчөлүктөрдүн түзүлүү процессинин аяктоо мезгилин* айткан.

Демек, V кылым дегенде эстеликтердин, т.а., эстеликтердеги тексттердин алгачкы мезгилин түшүнөбүз. Ошентип, енисей эстеликтериндеги жазуулардын алгачкы мезгили, калыптануу жана түзүлүү процессинин аякташы V кылымга таандык деп эсептелет.

И. А. Батманов, З. Б. Арагачи, Г. Ф. Бабушкин енисейлик эстеликтердин орхон эстеликтерине караганда мурун ачылгандыгын маалымдашат. Енисейлик эстеликтер азыркы Тывада жана Хакас автономдуу областында табылган. Аталган эстеликтерге Ленада, Алтайда, ошондой эле Монголияда табылган айрым жазуулар да окшошот (Батманов И. А., Арагачи З. Б., Бабушкин Г. Ф., 1962: 16).

И. А. Батманов жана А. Ч. Кунаа орхон-енисей жазууларынын жаратылышы жөнүндө кеп кылып жатып, ал

тууралуу: «...возникло оно, вероятно, в V-VI вв. на основе местных тамг и других идеограмм» (1963: 8), - дешет.

Енисей эстеликтериндеги жазуу кийинки мезгилдерди да камтыйт. Мисалы, В. В. Радлов енисей эстеликтерин VII кылымдын экинчи жарымына таандык деп эсептейт (Бартольд В. В., 1943: 35).

С. Е. Маловдун (1959: 74-75) енисей эстеликтерин байыркы кыргыздар менен байланыштырганын жана тывалыктардын, тофалардын (карагас) ж.б. Түштүк Сибирдин түрк тилдүү элдери менен байланыштырганын, ал эми бардык енисей руникасын болжол менен V-X кк. тиешелүү деп эсептегендигин А. Аманжолов да белгилейт (Аманжолов А., 2003: 14).

Жогоруда айтылгандай, А. Аманжолов: «Распространения и хронологические рамки древнетюркской письменности так или иначе соотносятся с древнетюркской государственностью VI-X вв. Вместе с тем, истоки этого процесса уходят значительно глубже» (Аманжолов А., 2003: 13), – дейт. Ал буга Иртыш жана Или өрөөнүндөгү эрте көчмөндөрдүн эпитафиялык эстеликтериндеги прототүрк жазууларынын изилдениши далил боло алат дейт.

1969-жылы А. Аманжолов Кызыл жергесиндеги Уюк-Турандагы ошондой эле эстеликти барып көрүп, мындай дейт: «...складывается впечатление о композиционном единстве рунической эпитафии и замечательных изображений лошадей, кабанов и оленей на этой огромной каменной рыбе. Такое единство не может быть случайным, **а значит начало раннетюркской письменности на Енисее фиксируется, по всей вероятности, скифским временем»** *(белгилеген – Г. Ж.)* (Аманжолов А., 2003: 14), – дейт.

А. Аманжоловдун Енисейдеги эрте түрк жазуусунун башталышы скиф мезгилинде катталган деген пикири баалуу маалымат.

Ошентип, енисей жазууларынын мезгилин V кылым деп эсептеген окумуштуулардын пикирине биз кошулабыз.

Бирок, айрым окумуштуулардын пикири башкача. Мисалы, Л. Р. Кызласов (1960: №3, 118) бул жазууларды VII-XII кылымдарга тиешелүү деп эсептейт. Бирок, И. А. Батманов (Батманов И.А., 1963: 30) бул пикирге каршы пикирин айткан.

Л. Р. Кызласовдун жогорку пикирине карата А. Аманжолов мындай дейт: «Что касается недешифрованных и недатированных «южноенисейских рунических надписей», отличающихся своеобразием графических знаков (например, на пряслице Минусинского музея, надписи на, возможно, повторно использованных стелах могильника Эдегей VII-III вв. до н. э.), **то попытка источниковеда-палеографа И. Л. Кызласова отнести эти надписи к VIII-X вв. решительно ничего не доказывает из-за своей безрезультатности»** *(белгилеген – Г. Ж.)* (2003:14).

А. Аманжолов М.Х.Маанай-оолдун эмгегине таянып: «Вместе с тем, некоторые хронологически неопределенные енисейские надписи могут оказаться значительно старше надписей VIII-IX вв. Случайно ли некоторые рунические надписи эпитафии представлены на рыбообразных стелах или «оленных камных» Тувы? Эти стелы являлись, по-видимому, посмертными памятниками VII-IV вв. до н.э.» (Аманжолов А., 2003:14; Маанай-оол, 1968: 139, 148-149). А. Аманжолов байыркы түрк эпитафиялары үчүн айрым балык сымал стелалардын кайталанып колдонулушу толук мүмкүн деп эсептейт.

Енисей эстеликтеринин доору окумуштуулар тарабынан, негизинен, V-VII кылымдарга тиешелүү деп болжолдонот. Енисей эстеликтеринин көпчүлүгү В. В. Радлов, С. Е. Малов, С. В. Киселев тарабынан жарык көргөн.

Енисей эстеликтериндеги жазууларда кыргыз элинин тарыхы, тили тууралуу маалыматтар камтылган. Жазуу-

лар бейиттеги плиталарда, аскаларда, таштан жасалган столбаларда, идиштерде жана иштеп чыгарылган майда буюмдарда сакталып калган.

### Энисей эстеликтериндеги жазуулар Енисейде жашаган байыркы кыргыздардыкы

**Кыргыздардын жашаган территориясы. Енисей эстеликтериндеги жазуулар – кыргыздардыкы.** Түрк жазма эстеликтердин таралуу борбору байыркы кыргыздардын жайгашкан территориясына туура келет. Ошондуктан бул эстеликтер кыргыздарга тиешелүү деп эсептелет.

Окумуштуулар В. В. Радлов, В. Томсен (1993), С. Е. Малов да ушундай пикирди айтышкан. Мисалы, В. В. Радлов тарыхый маалыматтар боюнча Енисейде кыргыздар жашагандыктан, жазуулардын көп бөлүгү кыргыздарга таандык деген (Бартольд В. В.,1996:200).

С. Е. Малов: **«Белгилүү авторитеттер акад. Радлов менен профессор В. Томсен Енисейдеги рун эстеликтери кыргыздарга таандык деген аныктамаларына менин ишенбөөмө эч кандай негиз жок»** (Thomsen Vilhelm, 1993; Малов С. Е., 1952:4), – деген.

Кыргыздардын аталган жерлерде жашашкандыгы башка окумуштуулар тарабынан да белгиленет. Мисалы, А. Н.Бернштам: «По историческим письменным и археологическим материалам более позднего времени, племена цзянь-кунь *(байыркы кыргыздар – Г.Ж.)* выступают как скотоводы, населявшие средний и верхний Енисей и являвшиеся аборигенами данного края» (1998, II: 159), - деген.

К. Ашыралиев да Енисей жазуулары Енисей дарыясынын баш жагынан жана Тува Автономиялуу республикасында табылгандыгын жана бул эстеликтердин табылган жерлеринде негизинен кыргыздар жашагандыгын белгилеген (Ашыралиев К., 1963: 8).

С. Е. Малов: «Енисей дарыясынын бассейниндеги» эпитафиялык эстеликтердин тили жөнүндө эмне айтууга болот? **Жалпы мамлекеттик мааниде алганда эстеликтер – кыргыздардыкы, эпитафиялык рун, стандарттуу жалпы тил** *(белгилеген – Г. Ж.)*. Бул эстелик шейит болгон кыргыздарга, тувалыктарга жана тофаларга таандык болушу ыктымал. Буга биз атап жүргөн хакас тобун да жарым-жартылай кошууга мүмкүн. Бул топторду мен бул жерде **«кыргыздардын улуу державасы» боюнча кыргыздардыкы деп атайм** *(белгилеген – Г. Ж.)* жана мындай аталышы мүмкүн» (Малов С. Е., 1953: 4), - деген.

Бул пикирди башка окумуштуулар да ырасташат (Тенишев Э.Р., Кормушин И. В., Ержиласун А.В.,КляшторныйС.Г.,ВасильевД.Д.,ЖумагуловЧ.ж.б.). Б. М. Юнусалиев да кыргыз тилинин жазма үлгүлөрү катары Енисей эстеликтерин көрсөтөт.

**С. Е. Малов кыргыз жазуусу жөнүндө.** В. Томсен, В. В. Радлов, С. Е. Малов, С. И. Вайнштейн, Л. П. Потапов, Ө. Караев, В. Я. Бутанаев ж.б. Енисей жергесиндеги жазуулар кыргыздарга таандык дешкен. Жогорудагы маалыматтар аталган окумуштуулардын пикирлеринин туура экендигин дагы бир ирет далилдеп отурат. Азыр деле бул илимий жактан такталган фактыларга ишенбөө менен караган окумуштуулар кездешет. Өз убагында, т. а., 1943-жылы С. Е. Малов Кыргыз илимдер академиясынын Тил, адабият жана тарых институтунда Енисейдеги байыркы рун жазуулары кыргыздарга таандык деген пикирин илимий жактан негиздеп айтса, институттун кызматкерлери каршы болгондуктарын биринчиден таң калып, экинчиден өкүнүү менен жазган. Ал: «Белгилүү авторитеттер акад. В. В. Радлов менен профессор В. Томсен Енисейдеги рун эстеликтери кыргыздарга таандык деген аныктамаларына менин ишенбөөмө эч кандай негиз жок. Мен 1943-жылы СССР ИА Фрунзедеги филиалында Тил, адабият жана тарых институтунда болгонумда, енисей эстеликтери жөнүндө болгон маек-

тешүүмдө институттун көптөгөн кызматкерлери «эстелик байыркы кыргыздарга таандык» деген менин аныктамама каршы болушкандыгы мени өтө таң калтырды. Көрсө, бул маселеде менин оппоненттерим проф. К. К. Юдахин менен доц. И. А. Батмановдун жарык көргөн эмгектерине таянуу менен бул маселеге өтө ишенишкен көрүнөт. Ушул эки урматтуу окумуштуулар И. А. Батманов жана К. К. Юдахин менин оюмча В. Томсен менен В. В. Радловдун ойлоруна каршы эместир. И А. Батманов өзүнүн грамматикасында «Кыргыз тилинин өнүгүү тарыхына мисал катары б.з. VII кылымына» чейинки мезгилин белгилөөдө ошол мезгилдин эстелиги Енисей байссейниндеги жазуу болушу мүмкүн дейт.

К. К. Юдахин кыргыздар байыркы жазуунун автору экендигине да каршы эмес. Азырынча ал жазуунун тилин, азыркы кыргыз тили менен жакындаштырууга лингвистикалык маалымат жок экендиги жөнүндө гана айтат. Ооба, мен да кошумчалайм, жок. Бирок, эстеликтердин тилин азыркы кыргыз тили менен терең салыштырып изилдөөдө андай фактылар табылып калышы мүмкүн. Бул К. К. Юдахин менен И. А. Батмановдор үчүн да жагымдуу болмок деңизчи.

VI-VII кылымдардагы эстеликтердин тили менен азыркы кыргыз тилинин окшоштугу же бирдей болушу мүмкүн да, зарыл да эмес. Ошондой болсо да, андай бирдейлик табылса, мен үчүн да жагымдуу болмок.

Ошентип, мен байыркы эстеликтин тилин азыркы кыргыз тили менен бардык жактан терең салышырып изилдөөнү сунуш кылдым», – деген (Малов С. Е., 1952: 4-5). С. Е. Маловдун енисей эстеликтеринин кыргыздарга таандык экендиги тууралуу айткан баалуу пикири – кыргыз эли үчүн баа жеткис мурас.

Бул мисалдар **енисей жазууларынын кыргыздарга таандык экендиги тууралуу пикирди адегенде кыргыз окумуштуулары колдобогондугун көрсөтүп турат. Бирок окумуштууларда, негизинен, бул пикирге каршы илимий аргументтер болгон эмес.**

Ошентип, байыркы жазма тил, графикалык белгилер (енисей жазуусу) алгач кыргыздарда пайда болуп, кийинчерээк башка түрк урууларына тараган.

И. А. Батманов илимий адабияттарда V-VII кылымдардагы кыргыздардын оозеки сүйлөшүү тили жөнүндө маселелер көтөрүлүп келгендигин айтып, илимий чөйрөдө чындыгында бул тууралуу эки негизги жобо козголгондугун белгилейт (Малов С. Е., 4-8., Щербак А., Малов С. Е., 1955). Алар төмөнкүлөр: «**1. О принадлежности значительной части енисейских памятников кыргызам. Против этого, кажется, никто не возражает** *(белгилеген – Г. Ж.)* 2. Об отношении древнего разговорного кыргызского языка к языку памятников» (Батманов И. А., 1959: 5).

Бул эки жобонун биринчиси – енисей эстеликтеринин басымдуу бөлүгүнүн кыргыздарга таандык экендиги. Енисей эстеликтеринин басымдуу бөлүгүнүн кыргыздарга таандык экендиги окумуштуулардын арасында күмөн туудурбай турган чындык экендиги илимий чөйрөдө тастыкталган. Ага эч бир окумуштуу каршы пикирин айткан эмес.

Рун жазууларынын адегенде Енисейде пайда болгондугун негиздегиси келип, И. А. Батманов «связывал происхождение таласского рунического письма с передвижением енисейских племен» (Аманжолов А. С., 2003: 13). «Вместе с тем, наличие в Таласе «памятников енисейского типа говорит о давних культурных и этнических связях древнего населения Верхнего Енисея и Тянь-Шаня (передвижение древних кыргызов или других тюркоязычных племен)» (Батманов И. А., Кунаа А. Ч., 1964: 214).

Ошентип, **эң алгачкы жазуулар енисей жазуулары, енисей эстеликтери табылган жерлерде байыркы кыргыздар жашаган жана бул жазуулар кыргыздардыкы деп эсептелет.**

С. Сыдыков, К. Коңкобаев енисей-түрк жазуусунун башатында кыргыздар турган деп эсептешет. Алар енисей түрк жазууларын енисейлик кыргыздар баш болгон

ошол доордогу түрк урууларынын кат-сабаттуу өкүлдөрү жазган деп болжолдошот. Анткени кыргыздар тарых боюнча кайсы жерде жашаса, дал ошол аймактардан Енисей жазуулары табылган жана табылып жатат. Маселен, Енисей дарыясынын баш алаптарынан, Саян-Алтайдан 145тей (айрым маалыматтар боюнча 150тен ашык) енисей-түрк жазуусу табылган. Ушундай эле эстеликтер Кыргызстандын Талас, Фергана өрөөндөрүнөн, Кочкордон табылган. Аталган окумуштуулар бул жазуунун кыргыз каганатынын карамагында болгон бардык түрк урууларына таандык мурас катары таанылышы тарыхый чындыкка жакындашат деген пикирди айтышат.

Байыркы жазма тил, графикалык белгилер (енисей жазуусу) алгач кыргыздарда пайда болуп, кийинчерээк башка түрк урууларына тараган.

В. В. Радлов, С. Е.Малов, Н. А. Батманов ж. б. окумуштуулардын орхон жазуусу енисей жазуусунан өздөштүрүлгөн деген пикирлерин Л. З. Кызласов колдоп, ал жазуу «использовалась первоначально в том регионе *(Енисейде – Г. Ж.)*», - дейт. Ал Енисей жазууларына статикалык изилдөөлөрдү жүргүзүп, 41 енисей тамгасынын ичинен 36 тамга орхон жазуусунун формасына туура келерин аныктаган. Бул 88% окшоштук (Кызласов Л. В., Король Г. Г., 1990).

А. Абдыразаков С. Е. Маловдун ж. б. пикирине таянуу менен **Орхон-Енисей** *(автор баш тамгалар менен берген – Г. Ж.)* **эстеликтеринин тили байыркы кыргыздардын баба тили болгон** *(белгилеген – Г. Ж.)* деген оюн билдирет. Окумуштуу: «Орхон-Енисей түрктөрүнө кыргыз күчтүү мамлекет катары белгилүү болгону Күл-Тегин, Тонукук, Билге кагандардын эстеликтеринде даана жазылып турат. ...VI-IX кылымдарда кыргыздар мамлекеттик ж.б. иштерди жүргүзүүдө ошол баба тилибиз менен бирге өз жазуусун колдонгондугу талашсыз чындык», – дейт. Окумуштуунун пикиринде бул **алфавитти** *(орхон-енисей алфавитин – Г. Ж.)* **кыргыздар түзгөн жана кол-**

**донуп келишкен, бара-бара башка тектеш түрк уруулары өз ишинде колдоно башташкан** *(белгилеген – Г. Ж.).* А. Абдыразаков: «Орхон-Енисей *(автордо баш тамгалар менен берилген – Г. Ж.)* жазуусун Кыргыз-Түрк жазуусу же алфавити деп тарыхый жаңы аталышта атап, практикада жана илимде ушул жаңы аталышты колдоно баштаганыбыз туура болот», – деген пикирин ортого салат (Абдыразаков А., 2004: 33).

Албетте, биз жогорудагы окумуштуулардын тарыхый, илимий жыйынтыктарына таянуу менен, **орхон-енисей жазуусунун башатында кыргыздар жана кыргыз жазуулары турган** жана бул жазууну кыргыздар менен дайыма ирегелеш, коңшулаш жашаган, тыгыз алакада болгон башка түрк уруулары да колдонгон деп эсептейбиз. Бул тууралуу С. Е. Малов: **«...кыргыздардын байыркы мамлекетинин составына кирген уруулардын байыркы кыргыздарга, тувалыктарга, тофаларга жана башкаларга таандык жалпы стандарттуу жазуу тили болгон»** (1953: 4), – деген.

Н. Усеев енисей жазма эстеликтери бул багытта изилдеген окумуштуулардын басымдуу көпчүлүгү тарабынан (Малов С. Е., 1952: 4-7; Кормушин И. В., 1997: 13; Thomsen, 1993: 20,55) кыргыздарга таандык деп эсептелгендигин айтып, «бирок, кээ бир окумуштуулар бул тыянактын болгону кыргыздардын жазма эстеликтер табылган аймакта жашагандыктарынын натыйжасында чыкканын, бул жагдайдын так жыйынтыкка келиш үчүн жетишээрлик болбогондугун белгилешерин (Orkun, 1994: 427-428)» маалымдайт.

Н. Усеев: «Кээ бир окумуштуулар Енисей жазма эстеликтеринин басымдуу бөлүгүнүн кыргыздарга, **бир бөлүгүнүн түрк урууларына таандык экендигин** (Alyilmaz, 2007: 17; Ercilasun, 2004: 140) *(белгилеген – Г. Ж.)* жакташат», – дейт (Усеев Н., 2011: 41). Н.Усеев да акыркы пикирди колдоп, жазма эстеликтеринин басымдуу бөлүгүнүн кыргыздарга, бир бөлүгүнүн башка түрк урууларына таандык экендиги чындык деп эсептейт (2011: 41).

1959-жылы И. А. Батмановдун «Язык енисейских памятников древнетюркской письменности» деген эмгеги жарыкка чыккан. Окумуштуу орхон-енисей тилин талдап келип: «В целом же можно полагать, что язык памятников сосуществовал с предками современных тюркских языков. **В то же время он был письменным языком кыргызов и части других тюркоязычных племен»** *(белгилеген – Г. Ж.)* (1959: 124), деген.

Мында окумуштуу эстеликтердин тили азыркы түрк тилдеринин баба тилдери менен жанаша жашагандыгын маалымдайт, ошону менен бирге эле **«ал кыргыздардын жазма тили болгондугун»** **баса белгилейт жана «башка түрк тилдүү урууларынын да бир бөлүгүнүн тили болгондугун»** *(белгилеген – Г. Ж.)* айтат. Биз бул маселеде атактуу классик окумуштуулардын көз караштарын колдойбуз жана бул көз караштардын андан ары да тереңдетилип изилденишине тилектешпиз.

### Енисей ойдуңундагы эстеликтер

**Енисей эстеликтериндеги жазуулар жана алардын өзгөчөлүгү.** Азыркы Тыванын жана Хакасиянын территориясындагы моло таштарда (стела) белгисиз жазуулар XVIII-XIX кк. белгилүү боло баштаган. Мына ушундай эле жазуулар токсонунчу жылдарда Монголиядан, Орхон бассейнинен – Селенга куймасынан, Кыргызстандан, андан соң Алтайдан, Якутиянын түштүк бөлүгүнөн табылган (Батманов И. А., Кунаа А. Ч., 1963: 7). Аталган авторлордун маалыматы боюнча (1963-жыл) моло таштагы жана аскалардагы жазуулардан 120 текст катталып, жарыяланган. Тывада ошол мезгилге чейин 52 ушундай эле эпитафиялык эстеликтер табылган.

Енисей эстеликтери «имеет региональной целостностью и вместе с тем имеет связи за пределами»(1983: 3), – дейт Д. Д. Васильев.

Д. Д. Васильевдин 1983-жылы жарык көргөн «Графический фонд памятников тюркской рунической письмен-

ности азиатского ареала» деген эмгегинде Енисей жергесинен катталган 140 эстеликтин графикасы жөнүндө баяндама берилген. Ал эми Енисей бассейнинен башка региондордон катталган кумура, карапанын сыныктары, күзгү, тогоо, кирпич сыяктуу буюм-тайымдарга чийилген рун өндүү белги, тамгалар жана аска беттеринен байкалган рунга окшош белгилердин саны – 120 чамалуу.

Мисалы, Байкал, Лена тарапта – 18, Монголиядагы 5 чоң эстеликти кошпогондо – 28, Алтайда – 16, Чыгыш Түркстанда – 12, Кыргызстанда – 26, Казахстанда – 14, Фергана өрөөнүндө – 17, Кавказ жана Чыгыш Европада катталгандары бар (Сыдыков С., 2011: 24). С. Сыдыков жогоруда белгиленген эстеликтердин жалпы саны азырынча шарттуу деп эсептейт.

Д. Д. Васильев эстеликтеги жазуулар (өзгөчө уникалдуу графикалык фактылары көп кайталангандары) ар кандай ички регионалдык жазуу мектептеринин үлгүлөрүн көрсөтүп турат дейт. Эстеликтерге мүнөздүү функционалдуу композициялык жана автордук өзгөчөлүктөрдөн башка орфографиялык өзгөчөлүккө да ээ. Туура жазуунун эрежелерин билбегендиктен келип чыккан орфографиядагы көп варианттуу мүчүлүштүктөр енисей жазууларынын адистер тарабынан жазылбагандыгын айгинелеп турат. Жергиликтүү орфоэпия орфографияга таасирин тийгизген, натыйжада жазма эрежелери бузулган, бул анын көп варианттуулугуна алып келген (Васильев Д. Д., 1980: 53-59).

Енисей ойдуңундагы эстеликтердеги түрк-рун жазууларынын кодификациясы биринчи жолу В. В. Радлов тарабынан жасалган. Енисей ойдуңундагы эстеликтердеги түрк-рун жазууларынын бир калыпка салынган жыйындысын С. Е. Малов түзгөн (50 бирдик) жана алар жарыкка чыккан (Малов С. Е., 1952). Бирок кийинки мезгилге чейин енисей эстеликтеринин саны толук тактала элек деген Д. Д. Васильев (1983: 24).

И. А. Батманов Енисей региону боюнча жаңы жана мурунку табылган эстеликтерди кайрадан тактап окуп

чыгып, аларды «Памятники Тувы» деген үч жыйнакта чагылдырган.

Н. Усеевдин эмгегинде ар кандай китеп, макалаларда тексттери жарыяланып, илимий изилдөөлөр жүргүзүлгөн 150 жазма эстеликтен 13 жазма эстелик өтө кыска болушуна же жоголуп кеткенине байланыштуу окулуп, анализденбегендиги (2011: 37), ал эми 135 жазма эстеликте жалпысынан 549 сөз колдонулуп, анын ичинен 542 сөзүнүн лексикалык мааниси такталгандыгы, 7 сөздүн лексикалык мааниси али тактала электиги айтылат (2011: 43).

**Енисей жазуулары дагы кимдерге таандык болгон же дагы кимдер колдонгон?** Енисейде жашаган уруулар бири-бири менен тили, жашоо-турмушу жана маданияты жагынан окшош болгон.

С. Е. Малов байыркы кыргыз мамлекетинин составына кирген уруулардын байыркы кыргыздарга, тывалыктарга, хакастарга ж.б. таандык болгон жалпы, стандарттык жазуусу болгон деген (Малов С. Е., 1952: 4). Енисей жазууларынын чиктерге, кыргыздарга, хакас, шор жана алтайлыктардын бабаларына таандык болгондугу И. А. Батманов, З. В. Арагачи жана Г. Ф. Бабушкин тарабынан да белгиленген (1962: 16). Тарыхый маалыматтар боюнча **байыркы жазма тил, графикалык белгилер алгач кыргыздарда пайда болуп, кийинчерээк башка түрк урууларына тараган.**

Эстеликтердин өздөрүнөн алынган жана башка тарыхый материалдар - бул жазуулардын абдан кеңири территорияда жайгашкан жана ар кандай мамлекеттик биримдикке кирген көптөгөн уруулар колдонгондугун айтып турат. Ошол эле учурда эстеликтердин тилинде уруулук диалектилерди (мүмкүн, тилдерди) чагылдырган локалдуу түрлөрү да учурайт.

## Орхон эстеликтери. Орхон-енисей жазуусу тууралуу

**Орхон эстеликтери.** И. А. Батманов орхон-енисей эстеликтерин ачууда жана анын илимий чөйрөгө белгилүү болушуна чоң салым кошкон. Окумуштуу эстеликтердин табылыш аймагына жараша аларды алтыга бөлгөн.

Алардын бири – Орхон эстеликтери. Алар – VII кылымдын аягына VIII кылымдын биринчи жарымына тиешелүү. Буларга ири эстеликтер кирет, алардагы тексттер тарыхый окуяларды баяндайт. Алардын арасында: 1) Гудулу-ханга (692-жылы каза болгон) арналган Онгин эстелиги, 2) Билге-каганга же Могилянга (734-жылы каза болгон), 3) Күл-тегинге (731-жылы каза болгон), 4) Тонукукка (VII к. аягында VIII кылымдын башында жашаган хандардын кеңешчиси), 5) Кули-Чурга ж.б. арналган эстеликтер бар (Батманов И. А., 1959: 12).

Окумуштуулардын негизги көңүл борборунда Орхон эстеликтери болгон. Анткени булар ири эстеликтер эле анда тарыхый окуялар кеңири баяндалган.

Ал эми орхон жазуулары VII кылымдын аягы – VIII кылымдын биринчи чейрегинде Селенга бассейнинде жана анын Орхонго куймасында, ошондой эле ага жанаша жайгашкан жерлердеги эстеликтерден табылган. Демек, орхон жазуулары мезгили боюнча енисей жазмаларынын кийинки жазуулар болуп эсептелет.

**Орхон-енисей жазуусу тууралуу.** И. А. Батманов, З. Б. Арагачи жана Г. Ф. Бабушкин «Современная и древняя Енисейика» деген эмгекте: « **...все тюркские языки восходят к орхоно-енисейской основе** *(белгилеген – Г.Ж.)*. В действительности она сосуществовала с предками других тюркских языков. Их общие черты зародились еще в доенисейский период» (1962: 17), - дешет.

Демек, түрк тилдеринин башаты орхон-енисей жазуусуна барат. Ал эми анын жалпы белгилери енисей доорунан мурун пайда болгон.

Орхон-енисей жазууларынын тилин талдап келип, И. А. Батманов мындай жыйынтыкка келген: «В целом

же можно полагать, что язык памятников сосуществовал с предками современных тюркских языков. В то же время **он был письменным языком кыргызов** *(белгилеген – Г. Ж.)* и части других тюркоязычных племен» (1959: 124-б).

Орхон жазуусунан мурун енисей жазуусу болгон, ал кыргыздардын жазуусу болуп эсептелет.

И. А. Батманов орхон-енисей жазууларын изилдеп, енисей жана орхон тексттери «представляют собой единую систему знаков (или букв)» деген (Батманов И. А., 1959: 16).

К. Дыйканов: «Орхон менен Енисей дарыясынын боюнан табылган эстеликтердин тамгаларын бир тартипке келтирип, тамгаларды салыштырып караганда алардын алфавит составы негизинен бир» (1965: 13), - деп белгилеген.

Андай салыштырма таблицаны П.М.Мелиоранский өзүнүн «Памятник в честь Кюль-Тегина» деген эмгегинде берген. К.Дыйканов бул эски эстеликтин алфавити бирдей болгону менен, кээ бир тамгалардын бир нече формада жазылып келгенин көрөбүз дейт (1965: 13).

Ошентип, орхон-енисей жазууларындагы тамгалар дээрлик бирдей, аларда айрым стилистикалык айырмачылыктар жана айрым тамгалардын варианттары бар.

В. М. Насиловдун «Язык орхоно-енисейских памятников» деген эмгеги аталган эстеликтердеги жазуулардын тили боюнча баалуу материалдарды камтыйт. Окумуштуу аталган эмгегинде тилдик кубулуштарды тиешелүү классификацияга бөлгөн, ошондой эле VI-VIII кк. енисей-орхон жазууларынын фонетикасы жана грамматикалык курулушу боюнча жалпы маалыматтарды берген.

В. М. Насилов орхон-енисей тилинде сөз түркүмдөр жетиштүү даражада дифференциялангандыгын, алар атоочтордон, этиштерден жана кызматчы сөздөрдөн турарын белгилеген (Насилов В. М., 1960: 14). Бул лексикалык түшүнүктөр структуралык жактан ачык-айкын: мында негизги сөз түркүмдөр, сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү аффикстерден турган морфологиялык элемент-

тер бөлүнүп берилген. Аффикстер өздөрүнүн мүнөздөөчү белгилери боюнча бири-биринен айырмаланып турушат.

Окумуштуу эмгегинде фонетикалык, лексикалык өзгөчөлүктөргө көңүл бурган. Орхон-енисей жазууларына үндөштүк закону мүнөздүү экендиги, ошондой эле сын атооч, сан атооч, ат атооч, этиш, тактооч (орун, сын-сыпат, мезгил, сан-өлчөм тактоочтор), жардамчы сөздөр, сырдык сөздөр каралган (Насилов В. М., 1960: 11-39).

Ошентип, орхон-енисей эстеликтери «представляет собой стройную систему в своей структуре и в управляющих ею закономерностях» (Насилов В. М., 1960: 14).

А. Н. Кононов Орхон-Енисей, Талас жана Монголиядагы табылган эстеликтердин грамматикалык, фонетикалык жана графикалык түзүлүшүн изилдеген (1980) жана жарыкка чыгарган.

Окумуштуу-түрколог К. Ашыралиев «Орхон-Енисей *(автордо баш тамгалар менен берилген – Г. Ж.)* жазма эстеликтериндеги уңгу сөздөр» деген темадагы диссертациясында (1963) аталган жазма эстеликтердеги «түп уңгулардын жана кайсы бир жасалма сөздөрдүн алган ордун» караган. Мында уңгу сөздөр сөз түркүмдөрүнө бөлүштүрүлүп, түрк тилдери боюнча беш тилге салыштырылып берилген. Изилденип жаткан тилдин лексикалык өзгөчөлүктөрү *(б.а., Орхон-енисей жазма эстеликтеринин тилинин лексикалык өзгөчөлүктөрү – Г. Ж.)* **Орто Азияда жашаган түрк тилдеринин ичинен кыргыз тилинин фактыларына жакыныраак экендиги байкалган** *(белгилеген – Г. Ж)* (1963: 5). Эмгектин акырында эстеликтердин тилиндеги уңгу сөздөрдү азыркы түрк тилдерине салыштырган сөздүк берилген (1963: 39-120).

С. Сыдыковдун жетекчилигинде Орхон-Енисей, Талас рун жазууларынын транскрипциясы жана кыргыз тилиндеги толук котормосу «Орхон-Енисей тексттери» (1982) деген ат менен жарык көргөн.

С. Сыдыков жана К. Конкобаевдин 2001-жылы жарык көргөн «Байыркы түрк жазуусу (VII-X кылымдар)» деген окуу китебинде байыркы түрк уруулары, алардын

ата-журту, кыскача тарыхы, окулушу, транскрипциясы, котормолору, жарыяланышы, изилдениши тууралуу маалыматтар берилген.

2011-жылы С. Сыдыковдун «Енисей жана Таластагы рун жазуулары» аттуу монографиясы жарык көргөн. Бул эмгекте Енисейдин жогорку агымындагы Тува (азыркы Тыва) Республикасындагы аймактардан, Хакас республикасынын талаа-түздөрүнөн, Тоолуу Алтай жергесинен, Монголия менен Чыгыш Түркстандын, ошондой эле Кыргызстандын Талас, Кочкор өрөөндөрүнөн ж.б. региондордон катталган 200чө майда эпитафиялык рун жазуу эстеликтер изилдөөгө алынган.

Н. Усеевдин «Енисей жазма эстеликтери I, лексика жана тексттер» деген эмгеги 2011-жылы жарык көргөн. Эмгек Енисей жазма эстеликтеринин лексикасына арналган жана китептин аягында Енисей жазма эстеликтеринин тексттери берилген.

Орхон-Енисей түрк алфавити VI-VII кк. пайда болгондугун Ө. Караев белгилеген (Китепте: «Кыргыздар», 1993, 85). Ошентип, орхон-енисей түрк алфавити VI-VII кк. пайда болгон жана ал дээрлик X-XI кылымдарга чейин колдонулган.

### Орхон-енисей жазуусунун колдонулуш мезгили

Енисей жазуусунун алгачкы мезгили V к. тиешелүү. Б. М. Юнусалиев: «Байыркы кыргыз тилинин дооруна V-VII кылымдарга тийиштүү болгон енисейлик жазма эстеликтердин мезгили гана эмес, андан кийинки бир нече кылымдар да кирет», - дейт (Юнусалиев Б. М., 1971: 58).

Орхон-енисей түрк алфавитинин X-XI кылымдарга чейин колдонулгандыгын Ө. Караев маалымдайт (Караев Ө., 1993: 85).

Окумуштуулар И А. Батманов, З. В. Арагачи жана Г. Ф. Бабушкин кыргыздар жана алар менен карым-катнашта болгон уруулар енисей алфавитин X кылымга чейин колдонушкандыгын белгилешет (1962: 28).

С. Е. Малов байыркы түрк-рун алфавитинин колдонулуш чегин X кылым деп эсептейт (1959: 74-б.).

Ошентип, енисей жазуусу башында турган байыркы түрк жазуусу, т.а., орхон-енисей жазуусу V-XI-кк. чейин колдонулган.

X-XI кылымдарда орхон-енисей жазуу системасы колдонуудан чыгып, жарым-жартылай уйгур жана араб алфавити менен алмашкандыгын И. А. Батманов маалымдайт (1959: 11).

Бул маалыматтар орхон-енисей алфавитинин узак мезгил ичинде колдонулгандыгын айтып турат.

## Енисей жазууларынын орхон жазууларынан хронологиялык жактан алгачкылыгы

Окумуштуулар арасында Енисей жана Орхон жазууларынын кайсы мезгилге таандыктыгы тууралуу ар кандай пикирлер жашап келген. Айрым окумуштуулар Енисей жазуулары Орхон жазууларын караганда алгачкы дешсе, айрымдары Орхон жазуулары Енисей жазууларына караганда алгачкы дешкен. Биз биринчи көз карашты жактайбыз. Төмөндө сөз мына ушулар тууралуу болмокчу.

Енисей жазуулары орхон жазууларына караганда хронологиялык жактан биринчи турат. Чындыгында, В. В. Радловдун, П. М. Мелиоранскийдин, С. Е. Маловдун эмгектерин салыштырып көргөн кишиге енисей «почеркинин» орхондукунан байыркы экендигине көзү жетет, енисей жазууларында байыркынын издери көбүрөөк дейт В. В. Бартольд. Ал бул тууралуу: «Формы букв указывают на более древний период, чем время орхонских надписей; поэтому Радлов был склонен относить енисейские надписи к VII в., преимущественно ко второй его половине»(1996: 200), - деген (Бартольд В. В.,1996: 200).

Мурунку бөлүмдөрдө айтылгандай, В. В. Бартольд Абу-Дулефтин кыргыздар жөнүндөгү маалыматтарындагы кыргыз жазуусу тууралуу эскермеси жана Тан-Шу-

дагы «кыргыздардын жазуусу уйгурлардыкына окшош» деген маалыматы тууралуу мындай дейт: «Речь идет не о том алфавите, который в это время только начинал распространяться среди уйгуров и впоследствии был заимствован монголами, **но о более древних письменах** *(белгилеген – Г.Ж.),* ключ к чтению которых мог быть найден благодаря открытию орхонских надписей» (Бартольд В.В.,1996: 200). Ошол алфавит кыргыздарга белгилүү болгондугу илимге абдан көп материал берген Енисей бассейниндеги көп сандаган жазуулардан көрүнүп турат, ошолордун негизинде табышмактуу жазууларды талдоого киришүүгө болот деген В.В.Бартольд (1996: 200).

Бул жерде орхон жазууларына чейинки Енисейдеги кыргыз жазуулары тууралуу сөз болгондугу айкын көрүнүп турат.

П. М. Мелиоранский да енисей жазуулары орхон жазууларына караганда жазууларынын формасы жагынан архаикалык мүнөздө экендигин белгилеген: «собственно енисейские надписи носят несомненно более архаический характер по форма письмен, чем орхонские» (1899: 47). Окумуштуу орхон-енисей алфавитинин VI кылымга чейин эле пайда болгонунан күмөн санабайт.

Мурун айтылгандай, С. Е. Малов эң алгачкы енисей тексттеринин датасын V кылымга алып барган, ошону менен бирге эле аталган жазуунун таралышы кийинки мезгилдерди да камтышы мүмкүн деп эсептеген (1953: 7-8),

С. Е. Малов енисей тексттерин V к. таандык дегенде дешет И. А. Батманов, З. В. Арагачи жана Г. Ф. Бабушкин: «...он имел в виду не даты их сооружения, а время формирования определенного типа письма и завершения процесса сложения тех языковых особенностей, которые отличаются от орхонских» (1962: 30).

И. А. Батманов енисей жана орхон тексттери белгилердин (тамгалардын) бир системасын түзүшөт, алар стилистикалык жактан гана айырмаланышат дейт. Бирок,

Енисей эстеликтери **«отражают более архаичную разновидность букв, а орхонские (более поздние) характеризуются отработанным их изображением, эволюционировавшим около двухсот лет»** *(белгилеген – Г. Ж.)* (Батманов И. А., 1959: 16), - дейт.

Ал эми 1962-жылы жарык көргөн эмгекте: **«в енисейских памятниках сохраняются более архаические почерка и орфографические приемы, даже независимо от того, что часть памятников может иметь и свою, более позднюю датировку»** *(белгилеген Г. Ж.)* (Батманов И. А., Арагачи З. Б., Бабушкин Г. Ф., 1962: 28), - деп айтылат.

Б. М. Юнусалиев дагы енисейлик жазма эстеликтердин мезгилин V-VII кылымдарга тийиштүү болгон деп эсептейт.

Л. Р. Кызласов өзүнүн «Новая датировка памятников енисейской письменности» (1960) деген макаласында енисей жазууларынын Тывада таралуу мезгилине тактоо киргизген. Окумуштуу енисей жазууларынын мезгилин VII-XIII кк. тиешелүү деп эсептеген, ошону менен бирге эле ушул жазуунун тиби Енисейде VI жүз жылдыкта (VI столетие) эле пайда болушу мүмкүн деген (1960: 118, 96). Л. Р. Кызласов тарабынан Тыванын территориясынан табылган эстеликтер VIII-XII кк.тиешелүү деп табылат, окумуштуунун пикиринде алардын көпчүлүгү байыркы хакас ак сөөктөрүнө таандык болгон.

Ошондой болсо дагы Л. Р. Кызласовдун Енисей эстеликтери VI к. эле пайда болушу мүмкүн дегени башка түркологдордун ушундай пикирлерин бекемдеп турат дешет Батманов И. А., Арагачи З. Б., Бабушкин Г. Ф. (1962: 30).

Ошентип, жогоруда окумуштуулардын пикири боюнча Енисей эстеликтериндеги жазуулар Орхон эстеликтериндеги жазууларга караганда алгачкы болуп эсептелет. Биз дагы мына ушул пикирдебиз.

С. Сыдыков, К. Конкобаев да ушундай пикирге кошулуп, мындай аныктамалардын негизи жок эмес дейт.

Талас, Енисейдеги түрк-рун жазууларында тамгалар жөнөкөй, коолдолбостон чегилсе, Орхондогу түрк-рун жазууларынын графикасы бир топ жакшырган. Сөз ажырымдары даана чектелген.

Ушундан улам С. Сыдыков, К. Конкобаев: «Жазуунун алгач калыптана башташы VI-VII кылымдардагы Талас, Кочкор, Енисейдеги жазууларга салыштырмалуу VIII кылымда Орхонго жеткен мезгилдерде рун жазуусу алда канча өркүндөтүлгөн, тексттердин көлөмү да арбын» (2001: 12), - дешет. Аталган окумуштуулардын пикирлери боюнча «түрк-рун жазуусу Орто Азияда жаралып, андан Енисей, Орхонго жеткен деген ой чындыкка жакындашат» (2001: 12).

С. Сыдыков, К. Конкобаевдин енисей жазууларынын алгачкылыгы тууралуу пикирлери ынанымдуу, бирок алардын жаралышы кайсы региондо болгондугу тууралуу ойлору илимий жактан дагы такталууга тийиш.

А. Абдыразаков: «Эстеликтердеги жазуулардын көбүнүн кыскалыгын, Күл-тегин, Тонукуктун, Билгекагандын эстеликтериндеги баяндарга салыштырганда көркөмдүк жактан мажестигин эске алганыбызда Енисей эстеликтериндеги жазуулар алгачкы тажрыйба өңдөнөт» (2004: 31), – дейт. Окумуштуунун пикири боюнча: **«Түрк элдеринде ташка кыргыз-түрк аривинде** *(китепте ушундай берилген – Г. Ж.)* **эстелик чегүү тажрыйбасы Енисейде кыргыздар тарабынан биринчи жолу башталып** *(белгилеген – Г. Ж.),* улам көнүгүүдөн кийин Орхондогу таштарга көлөмдүү эпикалык баяндар жазылган болуу керек» (2004: 32).

Ошентип, аталган окумуштуулардын пикирлерине, ошондой эле тарыхый, археологиялык материалдарга таянып, Енисей эстеликтериндеги жазуулар Орхон эстеликтериндеги жазууларга караганда мезгили боюнча алгачкы жазуу болуп эсептелет жана енисей эстеликтериндеги жазуулар кыргыздарга таандык деп ишенимдүү айта алабыз.

## Башка пикирлер

Бул тууралуу башка да пикирлер бар. Кыргыз окумуштуусу Н. Усеев өзүнүн «Енисей жазма эстеликтери» деген эмгегинде бул маселе боюнча окумуштуулар тарабынан ар түрдүү ой-пикирлер айтылып келаткандыгын, «өзгөчө алгач окуп изилдегендер Енисей жазма эстеликтерин мурунку мезгилге, тагыраак айтканда, VI-X кылымдарга таандык (Thomsen, 1993: 55; Малов, 1952: 7-8; Orkun 1994: 428) деп эсептешкендигин» белгилеп, бирок мындан башка да пикирлер бар экендигин маалымдайт. Н. Усеев: «Кээ бир окумуштуулар болсо, Енисей жазма эстеликтеринин мурун болжолдонгондой байыркы болбогонун, эң байыркы жазма эстеликтердин IX кылымдын башында тургузулганын белгилешет» (Усеев Н., 2011: 40), – дейт. Ал Кызласовдун жазма эстеликтердин эң байыркысы VII кылымга, эң жаңысы X кылымга таандык деп айткан пикирин мисалга келтирет.

Окумуштуу Енисей жазма эстеликтеринин жазылыш мезгили боюнча биринчи так дата С. Г. Кляшторный тарабынан сунушталган деп эсептейт. С. Г. Кляшторный «Алтын-Көл Е 28 эстелигинин кыргыз каганы Барсбекке таандык экендигин аныктап, аталган эстеликтин VIII кылымдын биринчи жарымында жазылгандыгын айтат», – дейт (Усеев Н., 2011: 40).

Н. Усеев: «Биз да Кызласов менен Кляшторныйдын божомолдоруна кошулуп, Енисей жазма эстеликтеринин VII кылымдан баштап X кылымга чейинки мезгил аралыгында жазылганын кабыл алсак болот» (2011: 40), – деп жыйынтык чыгарат. Бул жыйынтыгын Е 98 VI жазма эстелигиндеги мисал менен (анда жазма эстеликтин ээсинин уйгур мамлекетин басып алгандыгы айтылат экен) бышыктайт.

Бирок енисей эстеликтеринин мезгили тууралуу сөз болгондо тигил же бул конкреттүү бир же эки эстеликтин датасын кармануу туура эмес деп эсептейбиз. Биз Томсен

баштаган С. Е. Малов, П. М. Мелиоранский, И. А. Батманов, Б. М. Юнусалиев ж.б. окумуштуулардын Енисей жазуусунун мезгили боюнча айткан пикирлерин чындыкка жакын деп эсептейбиз.

Биздин бул пикирибизди И. А. Батманов, З. В. Арагачи жана Г. Ф. Бабушкиндин мындай деп айткандары менен тастыктайбыз: «Енисей эстеликтеринин айрымдарында кийинки даталар көрсөтүлгөндүгүнө карабастан, енисей эстеликтеринде архаикалык кол тамга (почерк) жана орфографиялык жол-жоболор (приемы) сакталган» (1962: 28). Булар тууралуу жогоруда айтылды.

## Енисей, орхон жазууларынын бири-биринен айырмачылыгы

Орхон-енисей эстеликтери менен азыркы түрк тилдерин салыштыруудан улам тилдердин өнүгүү процесси айкын болот.

Түрк тилдерин орхон-енисей жазуулары менен салыштыруу азыркы түрк тилдеринин бардыгы эле орхон-енисей эстеликтеринин тилдик каражаттарын бирдей даражада сактабагандыгын көрсөтүп турат. Мисалы, азыркы кыргыз, хакас, алтай, тыва тилдеринде айрыкча Енисей эстеликтеринин лексикалык каражаттары дээрлик сакталса, огуз группасына кирген тилдерде Орхон эстеликтеринин өзгөчөлүктөрү көбүрөөк сакталган (Орхон-енисей эстеликтери, 1982: 15).

А. И. Батманов: «Орхон-енисей жазууларында бир же чоң эмес активдүү уруу тобунун кеби чагылдырылган жана **енисейлик белгилердин базасында кыргыздардын, тувалыктардын, шорлордун, хакастардын ж.б. бабаларынын тилдери өнүккөн** *(белгилеген – Г. Ж.),* ал эми **огуз (орхондук) эстеликтердин тилинин негизинде түркмөн, азербайжан тилдери өнүккөн»** *(белгилеген – Г. Ж.),* – дейт (1969).

Бул пикирди С. Сыдыков, К. Конкобаевдор да ырасташат. Алар Талас, Кочкор жана Енисейдеги жазуулар

Орхондогу жазуулардан графикасы боюнча да айырмаланарын айтышат, Енисей эстеликтери морфологиялык белгилери жагынан азыркы кыргыз, алтай, хакас, шор, тува тилдери менен жакындашса, Орхондогу эстеликтерде огуз, карлук тобундагы түрк тилдеринин элементтери басымдуулук кыларын маалымдашат (2001: 12).

Ошентип, байыркы Енисей эстеликтериндеги белгисиз жазуулар – байыркы кыргыз жазуусу болгон. Андагы фонетикалык, лексикалык жана грамматикалык белгилердин башка түрк тилдерине караганда кыргыз тилине өтө жакындыгы илимий-изилдөө иштеринде фактыматериалдар аркылуу аныкталган. Ошондой болсо дагы бул багытта илимий иликтөөлөрдүн үзгүлтүксүз жүргүзүлүшү зарыл.

**Орхон-енисей эстеликтери, алардын таралуу ареалы**

**Орхон-енисей эстеликтеринин таралуу ареалы** – азыркы Монголиянын аймагы, Орхон дарыясынын алаптарынын аймактары, Онгин, Селенга ж.б. жерлер, ал эми Россияда Енисей дарыясы, Тывага, Хакасияга, Миң-Суу районуна жанаша жаткан жерлер (Кормушин И. В., 1997: 89).

Орхон-енисей жазуусунун эң ирилери – Күл-тегинге жана Билге-каганга *(Могилян-ханга – Г. Ж.)* арналган эпитафиялар (б.з. VII-VIII кк.). Аларда 732- жана 735-жж. деген даталар коюлган. Тонукук менен Күлү-Чур эстеликтери VIII кылымдын 20-жылдарына, калган борбордук азиялык жазуулар деле VIII кылымга таандык деп эсептелет.

И. В. Кормушиндин маалыматы боюнча енисей жазууларынын 150дөн ашыгы табылган. Алардын көпчүлүгү – моло таштагы эпитафиялар, андан тышкары буюмдардагы жазуулар жана аска бетине чегилген жазуулар. Окумуштуу аларды болжол менен IX-XI кылымдарга таандык деп эсептейт.

Аска бетине чегилген кыска жазуулар көп эмес санда Алтайдан табылган, ал эми Байкалдын алдынан жана Ленадан өтө аз учураган. Орто Азияда түрк руникасы *(И. В. Кормушинде «тюркская руника» деп берилген – Г. Ж.),* т.а., анча көп эмес керамикадагы жана металлдагы жазуулар Фергана өрөөнүнөн, 9 тегерек кой-таштагы («на округлых камнях-валунах») эпитафиялар Талас өрөөнүнөн табылган (Орусча-кыргызча сөздүк. 2012:179).

Енисейлик жана чыгыш-түркстандык эстеликтер (мезгили боюнча да) Монголиядагы түрк рун жазууларынын борбордук ареалына ыкташат (Орусча-кыргызча сөздүк, 2012: 61). Алтай жазуулары, Байкал жээгиндеги жана Лена боюндагы, ошондой эле орто азиялык жазуулар түрк руникасынын өтө эле перифериялык ареалы болуп эсептелет. И. В. Кормушин 1997-жылы алардын түзүлүү мезгили да аныктала электигин, анткени тарыхый даректердин жоктугун, рун жазмаларына полеографиялык изилдөө жаңыдан жүргүзүлө баштагандыгын белгилеген.

И. А. Батманов жазма эстеликтер боюнча иликтөөлөргө талдоо жүргүзүп, аларды төмөнкүдөй классификациялаган (Батманов И. А.,1959: 12-13).

**1. Енисей эстеликтери.** Енисей эстеликтерине Енисейдин баш жагынан жана Тывадан табылгандар кирет. Аларга Якутиядагы жана Монголиядагы айрым моло таштар (стелалар) ыкташа жайгашкан. Алардын таралуу борбору байыркы кыргыздардын жайгашкан территориясына туура келет.

Бул эстеликтер шарттуу түрдө V-VII кк. таандык деп эсептелет жана мезгили боюнча орхон-енисей жазууларынын эң эле алгачкы түрү болуп эсептелет. Көпчүлүгү В. В. Радлов, С. Е. Малов жана С. В. Киселев тарабынан жарык көргөн.

Енисей жазма эстеликтеринин саны көп болгондуктан, алардын аттары берилген эмес, алар ireттик сандар менен берилген. Мисалы, Е 1, Е 2 ж.б. Мындай кыскартууну С. Е. Малов киргизген.

Н. Усеевдин маалыматы боюнча китеп, макалаларда жарыяланып, илимий изилдөөлөр жүргүзүлгөн 150 эстеликтин ичинен 135 жазма эстеликтеги жазуулар окулуп, аларда жалпысынан 549 сөз колдонулгандыгы аныкталган. Алардын ичинен 542 сөздүн маанилери такталып, 7 сөздүн лексикалык мааниси али тактала элек (2011: 43).

**2. Талас эстеликтери.** И. А. Батманов өзүнүн эмгегинде (1959: 12-б.) алты таш табылгандыгын маалымдайт. Алардын айрым бөлүгү мугалим Гастев жана В. А. Каллаур тарабынан Дмитриевский (азыркы Талас шаары) айылынан чыгышка карай алты километр жерде жайгашкан Айртам-Ойдо табылган.

Таластагы айрым эстеликтердеги жазуулар П. М. Мелиоранский, Ю. Немет, С. Е. Малов тарабынан окулган жана которулган. 1932-жылы Ачык-Таштагы шурфтан жазуусу бар жыгач таякча табылган жана ал С. Е. Малов тарабынан окулган (расшифровкаланган) (Юдахин К. К., 1957: 965).

Графикалык өзгөчөлүгү боюнча Талас эстеликтеринин Енисей эстеликтерине жакын экендиги В. В. Бартольд, П. М. Мелиоранский тарабынан аныкталган. Бул С. В. Киселев тарабынан да такталган. И. А. Батмановдун пикири боюнча алар Енисейден Таласка V-IX-ылымдарда кыргыздар аркылуу келген (12).

Таластан табылган эстеликтер муну менен эле чектелбейт. Алар тууралуу учурунда сөз болот.

**3. Орхон эстеликтери.** Орхон эстеликтерине VII кылымдын аягында, VIII кылымдын биринчи жарымында табылган эстеликтер кирет. Эстеликтерде эң чоң тексттер камтылган. Мисалы, аларга Гудулу-ханга *(Элтериске – Г. Ж.)* (692-жылы каза болгон) арналган Онгин, Билгекаган же Могилянга (734-жылы каза болгон), Күл-Тегинге (731-ж. каза болгон), Тонукукка (VII к. аягында жана VIII кылымдын башында жашаган үч хандын кеңешчиси), Кули-Чурга (Монголияда, Урганын түштүгүндө) арналган тексттер кирет (Батманов И. А., 1959: 12-б.)

4. **Суджа, Шине-усу, Чыгыш-Түркстандык (кагазга жазылган укуктук документтер) эстеликтери.** Булар VIII-IX кылымдарга жана андан кийинки мезгилдерге таандык. И. А. Батмановдун пикири боюнча Суджа эстелигин тилдик өзгөчөлүктөрү боюнча энисей эстеликтери менен бир катарга коюуга болот (1959: 13).

**5. Майда жазуулары (монеталарда, идиштерде, таралгаларда, зер буюмдарда)** бар эстеликтер. Мындай эстеликтер Байкалдын алдындагы, Ленадагы кең территориядан, ал түгүл Венгриянын территориясындагы жерге жашырылган баалуу казынадан табылган.

И. А. Батманов, З. Б. Арагачи, Г. Ф. Бабушкин тарабынан 1962-жылы жарык көргөн эмгекте эстеликтер этностук таандыктыгына, графикалык жана лингвистикалык белгилерине карата алты группага классификацияланган (Батманов И. А., Арагачи З. Б., Бабушкин Г. Ф., 1962: 16-17) Алар:

1. Енисей эстеликтери; 2. Ортоазиялык эстеликтер; 3. Венгр эстеликтери; 4. Орхон эстеликтери; 5. Суджа, Шине-Усу, Ихе-Асхет, Хойто-Тамир жана Чыгыш Түркстан эстеликтери (кагазга жазылган документтер да бар); 6. Таштагы, моноталардагы, зер буюмдардагы, таралгалардагы майда жазуулар.

Бул классификацияда **Венгр эстеликтери** өзүнчө бөлүнүп берилген.

С. Сыдыков, К. Конкобаев түрк-рун жазуусунун таралуу аймактарын төмөнкүдөй чектеп көрсөтүшөт (2001:14).

**1. Орто Азия эстеликтери.** Буга Талас, Ысык-Көл, Кочкордон табылган эстеликтер кирет. Жазуулар негизинен кой таштардын беттерине, аска таштардын боорлоруна, жыгач таякчага жазылган.

**2. Чыгыш Түркстан эстеликтери.** Буга Турфандагы байыркы бир имараттын дубалына жазылган 4 жазуу, Миран, Дуньхуанда кагазга жазылган бир канча тексттер кирет.

**3. Тоолуу Алтай жазуулары.** Булар – көбүнчө күмүш буюмдарга жазылган фрагменттик чакан жазуулар. Аска бетине жазылгандары да бар.

**4. Енисей эстеликтери.** Булардын илимге белгилүүсү – 145. Бул эстеликтер азыркы Хакас республикасынын талааларынан Миң-Суу (Минусин) өрөөнүнөн, Енисейдин жогорку агымындагы Тыва республикасынын территориясынан табылган.

**5. Монгол эстеликтери.** Бул эстеликтер көлөмдүүлүгү, тарыхый-биографиялык маалыматтардын кенендиги менен башка эстеликтерден айырмаланат.

**6. Чыгыш Европа эстеликтери.** Алар экиге бөлүнөт:

а) Дондогу Новочеркесск шаарынан табылган идиштеги, Саркелде жана Маяцкий шаар урандыларынан табылган кумура кирпич беттерине чийилген түрк-рун тамга жазуулары;

б) **Дунай жазуулары.** Булар көбүнчө күмүш идиштерге, темир кумгандарга жазылган. Жазуулар Венгриянын Надьсентмиклаш кыштагынын жанында жүргүзүлгөн археологиялык казууларда табылган.

Ошентип, түрк-рун жазуусунун таралуу аймагы абдан кеңири.

## Орхон-енисей жазма тилинин адабий тил катары статусу

И.В.Кормушиндин пикиринде орхон-енисей жазма тилинин адабий тил катары статуска ээ болгондугун анын тил структурасынын бардык деңгээлиндеги нормативдүүлүгү, стилдеринин дифференциялуулугу, формула, клишелеринин эң жогорку деңгээлде колдонулушу айгинелеп турат. Эң маанилүү деп эсептелген эпитафияларда чагылдырылган тарыхый баяндоо этностук саясий прокламация менен айкалышып берилгендиги даана байкалат (Кормушин И. В., 1997: 90).

Орхон-енисей түрк алфавити VI-VII кк. пайда болуп, X-XI кылымдарга чейин колдонулгандыгы, байыркы ру-

никалык жазуу *(автор руникалык жазуу деп берген – Г. Ж.)* негизинен чоң-чоң таштарга, асканын жылмакай беттерине жана кой таштарга чегилгендиги Ө.Караев тарабынан да белгиленген. Окумуштуу алардын басымдуу көпчүлүгү Хакасия, Тыва, Алтайда экендигин руникалык жазуунун Борбордук жана Орто Азияда жашаган түрк элдери пайдаланышкандыгын баяндайт (Караев Ө., 1993: 85). Кыргыздар жана алар менен карым-катнашта жашаган уруулар енисей алфавитин XI кылымга чейин колдонушкан.

Борбордук Азияда IX-X кылымдарда жүз жыл чамасында (840-жылдан 945-жылга чейин) «Улуу кыргыз державасы» (В. В. Бартольд) же Кыргыз каганаты жашаган. 840-945-жылдарда Кыргыз каганатынын тушунда байыркы кыргыз элинин калыптанышы менен бирге эле, алардын байыркы элдик тили түзүлгөн. Окумуштуулардын божомолунда ал тектеш уруулук диалектилерден түзүлгөн жана орхон-енисей графикасына негизделген жазма адабий тил болгон. Б. М. Юнусалиев (1971: 67) бул мезгилди байыркы кыргыз тилинин доору деп атайт, ал эми жазма үлгүлөрү катары Енисей эстеликтерин көрсөтөт.

## Рун жазуулары бар эстеликтер Кыргызстандын территориясында Талас кыргыз рун жазуулары

**Түрк жазма эстеликтердин таралуу аймактары жана алардын бири-бири менен байланышы. Талас рун жазуулары.** Енисейдеги жазуулар кийин Орхонго, Орто Азияга (Кыргызстандагы Талас эстеликтери) жана андан да башка жерлерге (мисалы, Венгрияда табылган «алтын идиштердин кенчи»ж.б.) таралган.

К.Ашыралиев Таластан табылган эстеликтердеги жазуулар Енисей дарыясынын боюнда табылган эстеликтердин жазуусуна окшош экендигин байкоого болот дейт (1963: 8). Бул жөнүндө В. В. Бартольд, П. М. Мелиоранский тарабынан айтылган, ал эми С. В. Киселев анык-

таган. К.Ашыралиев мына ушундай фактылардын негизинде кыргыздардын Енисейден негизги массасы IX-XI кылымдардан кийин келсе керек деген жыйынтыктарга келүүгө болот дейт (1963: 8).

Жогоруда И. А. Батмановдун классификациясы боюнча байыркы жазма эстеликтер этностук таандыктыгына, графикалык жана лингвистикалык белгилерине карата алты топко бөлүнгөндүгүн айткан элек. Бул алты топтун ичинен Орто азиялык жазууларга, т.а. Талас жазууларына токтолобуз.

**Рун жазуулары бар эстеликтер – Таласта. Талас рун жазуулары.** Таластагы байыркы түрк жазуулары бар эстеликтердин ачылышы Олуя-Ата уездинин башкаруучусу В. А. Каллаурдун, ошондой эле археологдор Г. Гейкел, О. Доннер ж.б. ысымдары менен байланыштуу.

Таластан табылган эстеликтеги жазуулар В. В. Радлов, С. Е. Малов, П. М. Мелиоранский, А. Гейкел, Ю. Немет тарабынан окулган жана которулган.

XVII кылымдын аягында С. У. Ремезев (1642-1720) өзүнүн «Чертеж всех сибирских градов и земель и чертеж земли всей безводной и малопроходной каменной степи» деген картасында Талас с. жогорку жагына «Орхон таш» деген белги койгон (Бартольд В. В., 1963:474).

1896-1897-жылдары Талас суусунун боюнан рун жазуулары бар беш эстелик (V-VI кк.) табылып, андагы жазууларды В. В. Радлов, П. М. Мелиоранский, А. Гейкел, Ю. Немет жана С. Е. Малов изилдешкен.

Талас эстеликтерининин бир бөлүгүнүн (расшифровкаланбаган) сүрөтүн (изображения) 1898-жылы П. М. Мелиоранский, кийин Г. Т. Гейкел (1918, VII) берген.

Тексттердин расшифровкаланышы В. В. Радлов, Ю. Немет (1926), С. Е. Малов ж.б. тарабынан аткарылган.

И.В.Кормушин 1997-жылы жарык көргөн эмгегинде Талас өрөөнүндө тоголок таштардагы 9 эпитафия табылгандыгын маалымдайт (1997: 90).

С. Сыдыковдун жана К. Конкобаевдин 2001-жылы жарык көргөн эмгегиндеги маалымат боюнча рун жазуу-

лары Талас өрөөнүнүн Айыр-Там-Ой, Кырк-Казык, Терек-Сай, Ачык-Таш жана Куру-Бакайыр деген жерлеринен табылган (2001: 12).

А. Аманжолов 2003-жылы жарык көргөн эмгегинде Талас өрөөнүндөгү эстеликтердеги жазуулар жөнүндө мындай деген: «В Семиречье в долине Талас известны в настоящее время (*2003 – Г. Ж.*) около двадцати тюркских рунических надписей, однако ни одна из них не датирована».

С. Сыдыков 2011-жылы жарык көргөн монографиясында Талас, Түштүк Кыргызстан, Ысык-Көл аймактарынан 1896-жылдан 1998-жылдарга чейин 17 рун жазуулары бар эстеликтер табылгандыгын кабарлаган (Сыдыков С., 2011).

И. А. Батманов Талас жазууларынын ал жерге кыргыздар аркылуу Енисейден V-IX кылымдарда келгендигин айткан (1959: 13).

Таластагы **1-эстелик** 1896-жылы В. А. Каллаур тарабынан Дмитриев кыштагынан 8 чакырым жердеги Калба капчыгайына кеткен жолдогу Айртам-ойдон табылган. Бул таш кийин Олуя-Атага которулган. **2-эстелик** Дмитриев кыштагынын айланасындагы Алта-Бай деген жерден табылган. Андагы жазуулар П. М. Мелиоранский (1898) тарабынан жарык көргөн. Эстеликтеги тексттерди 1926-жылы проф. Ю. Немет, 1936-жылы С. Е. Малов, 1839-жылы Х.Н.Орхун которушкан. **3-эстеликтеги** жазууларды биринчи жолу Г. Гейкел жарыкка чыгарган. 1926-жылы Ю. Немет, 1936-жылы С. Е. Малов, 1939-жылы Х. Н. Орхун тарабынан которулган. **4-эстеликтин** текстинин котормосун С. Е. Малов ишке ашырган. **5-эстеликтеги** жазууларды Г. Гейкел жарыялаган. 1926-жылы Ю. Немет, 1936-жылы С. Е. Малов, 1939-жылы Х. Н. Орхун которгон.

**6-эстелик** (жыгач таякчадагы жазуу) 1932-жылы Ачык-Таш коктусунда табылган. Аны археолог М. А. Массон маданий эстелик катары каттаган. Ал ан-

дагы байыркы түрк рун жазуусу өтө курч ичке нерсе менен жазылгандыгы тууралуу С. Е. Маловго кабарлаган. С. Е. Малов буга чейин ташка жазылган рун жазуулары гана белгилүү болгондугун, ал эми таякчадагы жазуулар илимий жактан кызыгууну жаратарын белгилеген. 1933-жылы М. А. Массон бул таякчаны Эрмитажга тапшырган.

Эстеликтердеги жазууну Щербак изилдеген, андагы тамгалар печенеж жазуусуна жана Венгр резасына окшош экендигин белгилеген. Талас эстеликтериндеги жазуулардын негизинде Щербак ***рун жазуусу четтен өздөштүрүлгөн жана башка бир алфавитти өзгөртүп колдонуунун натыйжасында Талас аймагында пайда болгон,*** анан бул жазуу эки карама-каршы багытты көздөй тараган – бири чыгышка (Орхон-Енисейге), экинчиси - батыштагы печенеж жазуусу болушу мүмкүн деп божомолдогон (Сыдыков С., 2011: 231).

Бирок кийинки эмгектеринде бул оюн өзгөртүп, түрк рун жазуусунун чыгышын Борбордук Азия аймагы менен байланыштуу караган (2001).

**7-эстеликти** 1961-жылы кыргыз археологу П. Н. Кожемяко тапкан. Таштагы рун жазууларынын башындагы жана аягындагы тамгалар начар көрүнгөндүктөн, Батманов андагы жазуулардын окулушун шарттуу деп эскерткен. **8-эстелик** 1961-жылы археолог Д. Ф. Винник жана түркологдор Ү. Асаналиев, К. Ашыралиев, Ч. Жумагуловдор тарабынан Таластын Кырк-Казык кыштагынын түштүк-батыш жагынан табылган. Анын окулушун И. А. Батманов берген. **9-эстеликти** 1961-жылы археолог Д. Ф. Винник жана түркологдор Ү. Асаналиев, К. Ашыралиев, Ч. Жумагуловдор табышкан. Анын окулушун И. А. Батманов берген, Ч. Жумагулов такталган окуусун сунуштаган. **10-эстеликти** 1962-жылы Д. Ф. Винник тапкан, таштагы жазуулар даана эмес болгондуктан, окуу мүмкүн болгон эмес. **11-эстеликти** дагы 1962-жылы Д. Ф. Винник тапкан. Жазуулар начар сакталгандыктан,

айрым гана тамгалары байкалган, бул тамгалардын жазылышын котормосуз Ч. Жумагулов берген (2011: 232-236).

**12-17-эстеликтер** 1926-жылы Ысык-Көлдүн түштүк-чыгышындагы Койсары деген жерден П. П. Иванов рун тамгасы түшүрүлгөн таштын үстүнө арап тамгасы менен жазылган эстеликти тапкан (12-эстелик). С. Сыдыковдун маалыматы боюнча бул эстеликтин окулушу бериле элек.

1961-жылы Түштүк Кыргызстандагы Баткен областынын Ак-Тепе деген жеринен табылган карапа сыныгына чийилген 6 рун тамга, ошондой эле Кара-Бейит деген жерден арча жыгачка чийилген рун тамгалары табылган. Таластын түштүк жагындагы Терек-Сай коктусундагы аска ташта 39 сап байыркы согду жазуусу жазылган, асканын эң жогорку сол жак бурчунда бир нече рун тамгалардын изи табылган.

1981-жылы Ч. Жумагулов Таластын Куру-Бакайыр деген капчыгайынын аска бетине жазылган 4-5 рун тамганы каттаган (Сыдыков С., 2011: 237).

С. Сыдыков Талас эстеликтеринин биринин алдында Енисей эстеликтеринде кездешкен ***кочкор мүйүз тамганын*** сүрөтү бар экендигин маалымдайт. С. Сыдыков окумуштуулардын арасында бул тамгалар уруу же бир үй-бүлөнүн тамгасы болуп, ал муундан муунга өтүп, кийинки муундар ал энчи тамгага кошумча белгилерди кошкон деген болжолдоолор айтылып жүргөндүгүн кабарлайт (2011: 238).

## Талас өрөөнүндөгү эстеликтер, алардын Енисей жазууларына окшоштугу

Таластагы эстеликтердеги рун жазуулары тамгалардын мүнөзү жана жазуулардын мазмуну боюнча Енисей бассейниндеги мүрзө үстүндөгү жазууларды эске саларын, Орхон жана Селенга дарыяларынын жээгинде табылган эстеликтердеги жазуулардан айырмаланарын С. Е. Малов белгилеген. Ал: «Таластагы эстеликтердеги рун жазуулары тамгалардын мүнөзү жана жазуулардын мазмуну боюнча Енисей ойдуңундагы мүрзө үстүндөгү эстеликтердеги жазууларды эске салат, Орхон жана Селенга сууларынын жээгинде табылган эстеликтердеги жазуулардан айырмаланат» (Малов С. Е.,1959: 58), – деген. С. Е. Малов өзүнүн эмгегинде Енисей жазууларына окшош тамгалардан мисалдарды келтирген.

Таластан табылган эстеликтердин графикалык жагынан енисей эстеликтерине өтө жакын экендигин В. В. Бартольд, П. М. Мелиоранский белгилешкен, муну С. В. Киселев да ырастаган.

А. Н. Бернштам да өзүнүн эмгегинде енисей жазуу эстеликтерине Таластагы ташка жазылган жазуулардын өтө окшоштугун айткан. Ал: «Енисей жазуулары палеографиялык жана стилистикалык жактан таластык тексттер менен абдан жакын турат жана алар менен бир группаны түзөт... Миң-Суу өрөөнүндөгү эстеликтердеги жазууларды байыркы кыргыз адабияты катары кароо керек», – деген (Бернштам А. Н., 1946: 79).


И. А. Батманов, З. Б. Арагачи, Г. Ф. Бабушкин дагы Талас эстеликтери Енисей эстеликтерине абдан жакын (өзгөчө Тувада табылгандарга) дешет. Мисалы, Таласта жана Чүйдө табылган түргөш монеталарында (VIII к.) енисей тибиндеги жазуу болгон (1962: 29).

К.Ашыралиев Таластан табылган эстеликтердеги жазуулар Енисей дарыясынын боюнда табылган эстеликтердин жазуусуна окшош экендигин байкоого болот

деген. Окумуштуу бул тууралуу башка окумуштуулардын айткандарын мисалга келтирет жана мына ушундай фактылардын негизинде кыргыздардын Енисейден негизги массасы IX-XI кылымдардан кийин келсе керек деген жыйынтыктарды чыгарууга боло тургандыгын айтат (1963: 8).

С. Сыдыков Енисей региондорунан табылган эстеликтер менен Таластан табылган эстеликтердин тексттеринин мазмундары окшош экендигин белгилейт. Талас эстеликтеринде да өлгөн адамдын өзү тарабынан же эстеликти багыштагандардын атынан жазылып, анда өлгөн адамдын ысымы, титулу же керээз сөздөрү, урук-туугандары, мал-мүлкү жөнүндө баяндалат (2011: 31).

***Төмөндө Талас, Енисей, Орхон жазууларын салыштырып көрөлү:***






Бул таблицаны С. Сыдыков, К. Конкобаевдин «Байыркы түрк жазуусу» (VII-X кк.) деген эмгегинен пайдаландык (2001: 37-38-бб.)

Жогорку таблицадан көрүнүп тургандай, Талас жана Енисей жазууларында окшоштуктар көп.

Байыркы түрк жазууларында тамгалар ар түрдүү варианттарда жазылган. Байыркы түрк жазуусунун көп варианттарда колдонулушунун себептери катары жазган кишинин сабатынын деңгээлин жана эстеликтердин кең аймакта таралышын келтирүүгө болот дешет С. Сыдыков, К. Конкобаев (2001: 39).

**Рун жазуусунун Таластык жаратылышы тууралуу.** Байыркы түрк рун жазуусунун генезиси жөнүндө сөз

болгондо бул тууралуу А. М. Щербактын теориясын сөз кылган элек. Анын теориясы боюнча рун жазуусунун жаратылышы - жети-суулук. Ал рун жазуусу башка бир алфавиттин өздөшүрүлүшү же кайрадан иштелип чыгышынын натыйжасында Талас районунда пайда болгон, анан ал жактан эки карама-каршы багытка: чыгышка (орхон, енисей жана жазуунун башка түрлөрү) жана батышка (печенег рундары) тараган (Щербак А. М., 1959: 388) деген. Бул көз караашты С. Сыдыков жана К. Конкобаев колдошот. Алар Енисей жана Орхон жазууларынын мезгили жөнүндө сөз кылып жатып, Талас, Енисей түрк жазууларында тамгалар жөнөкөй, кооздолбостон жазылгандыгын, ал эми Орхондогу жазуулардын графикасы бир топ жакшыргандыгын белгилешет. Алардын пикири боюнча жазуунун алгачкы калыптана башташы VI-VII кылымдардагы Талас, Кочкор, Енисейдеги жазууларга салыштырмалуу VIII кылымда, Орхонго жеткен мезгилде алда канча өркүндөтүлгөн. Мына ушундан улам алар: «... түрк рун жазуусу Орто Азияда жаралып, андан Енисей, Орхонго жеткен деген ой чындыкка жакындашат» (2001: 12), – дешет. Бирок окумуштуулар бул ойлорун илимий аргументтер менен бекемдешпейт.

Ал эми рун жазуулары Енисейде пайда болгон деген көз караштагы окумуштуулар бул жазуулар Таласка енисейлик кыргыздар аркылуу келген дешет. Мисалы, рун жазууларынын адегенде Енисейде пайда болгондугун негиздөө максатында И.А.Батманов аталган жазуулардын Таласка кыргыздар аркылуу Енисейден V-IX кылымдарда келгендигин айтып: «Вместе с тем, наличие в Таласе памятников енисейского типа говорит о давних культурных и этнических связях древнего населения Верхнего Енисея и Тянь-Шаня (передвижение древних кыргызов или тюркоязычных племен)» (Батманов И. А., Кунаа А. Ч. 1964: 92-94), - дейт.

Мындай маалыматтар Енисейдеги жана Таластагы жазуулардын табияты бир экендигин көрсөтүп турат.

**Талас эстеликтериндеги жазуулардын байыркылыгы**
**Талас рун жазуулары V кылымга таандык**

Таластагы табылган эстеликтердеги жазуулардын мезгили тууралуу анализдер алардын V кылымга таандык экендигин көрсөткөн.

Адегенде С. Е. Малов Таласта табылган эстеликтердеги эпитафияларды жана рун жазуулары бар жыгач таякчаны кайсы бир жүз жылдыкка туура келтирүү кыйын, ошону менен бирге эле «можно предпологать, что все эти памятники письма не новее VIII в. н. э.» (С. Е. Малов, 1959: 63), – деген. Кийин архелогдордун табылгаларына жана алардын жыйынтыктарына таянып, эстеликтердеги жазуулардын мезгили тууралуу өз пикирин айткан. С. Е. Малов археологдор Г. Гейкел жана Г. Ретциус көрүстөндөрдөн табылган рун жазуулары бар буюмдарды мезгили боюнча V кылымга тиешелүү деп тапкандыгын айтып: «...предметы из могил под камнями с рунами датируют V в. Я не вижу причин отвергать и эту дату» (С. Е. Малов, 1959: 63), – деген.

Ошентип, С. Е. Малов аталган археологдордун бейиттерден табылган рун жазуулары бар буюмдарды **V кылымга тийиштүү** *(белгилеген - Г. Ж.)* дегендерин жокко чыгарууга эч бир негиз жок экендигин айтып, көрүстөндөрдөн табылган рун жазуулары бар буюмдарды мезгили боюнча V кылымга таандык деп эсептейт. Бул – кыргыздардын тарыхы жана кыргыз жазуусунун тарыхы үчүн абдан баалуу маалымат. Бул ойду акад. И. А. Батманов да кубаттайт.

Талас эстеликтериндеги жазууларды А. Аманжолов С. Е. Маловдун (Малов С. Е., 1959: 63) пикирине таянып: «Условно их можно отнести (частично) к V-VIII вв.»,- дейт.

Бирок Талас жазууларынын датасы тууралуу башка да пикирлер бар. Мисалы С. Г. Кляшторный Талас жазууларынын мезгили 716-739-жж. деп (1880; 1981; 1999: 30-33), И. Л. Кызласов Талас жазууларын IX-X кк. тиешелүү деп эсептейт (1994: 214).

Биз Таластагы таштын алдындагы бейиттерден табылган рун жазуулары V кылымга тиешелүү деген пикирди колдойбуз. Бул енисей жазууларынын алгачкы мезгилине туура келет. Демек, Енисей жана Талас эстеликтериндеги рун жазуулары мезгилдеш (V кылым) жана орхон-енисей жазууларынан алда канча мурунку жазуу болуп эсептелет.

**Таластан табылган жыгач таякча – V к. таандык.** 1932-жылы ноябрда М. А. Массон С. Е. Маловго Ташкенттен жазган катында Таластагы Ачык-Таш деген жерден рун жазуулары бар таякча табышкандыгын кабарлаган. Бул таякчанын төрт тарабы тең рун жазуулары менен чегилип жазылган. Андагы жазуулар С. Е. Малов тарабынан окулган жана которулган.

Бул жыгач таякча карагайдын бутагынан жасалган деп болжолдонот. Андагы сакталып калган жазуулардан анын жол көрсөтүүчү таякча экендиги аныкталган. С. Е. Малов: «Судя по сохранившейся части надписи и принимая мой перевод, палочка является своего рода путевым жезлом, путеводной палочкой» (Малов С. Е., 1959: 64), – дейт.

Жогоруда айтылгандай, бул таякчалардын мезгилин адегенде С. Е. Малов VIII кылымдан жаңы эмес деген, бирок фин археологдору Г. Гейкел жана Ретциустун бейиттеги рун жазуулары бар таштын алдынан табылган буюмдар V кылымга таандык деген пикирине таянып, жыгач таякчаны мезгили боюнча V кылымга таандык деген (Малов С. Е., 1959: 74.).

**Жыгач таякчанын окулушу жана которулушу.** Жыгач таякчанын төрт жагында тең рун жазуулары болгон. Бул жазуу С. Е. Малов тарабынан окулган. Жыгач таякчадагы жазуулардын башка жазуулардан өзгөчөлүгү болгон. С. Е. Малов: «Бир караганда эле таякчадагы тамгалардын орхон жана чыгыш түркстан рун жазууларына караганда өзгөчөлүгү байкалды» (Малов С. Е., 1936: 28-

38, 38), – деген. С. Е. Малов жыгач таякчада мурун ага белгисиз жаңы тамгалар кездешкендигин маалымдаган.

Бул өзгөчөлүктөрдүн себеби эмнеде? С. Е. Малов тамгалардын мүнөзү ал жазылган материалга жараша өзгөрөт, муну таштагы орхон-енисей жазуусу менен кагазга жазылган түрк рун жазуусун салыштырганда байкоого болот деген (Малов С. Е., 1959: 68.). С. Е. Маловдун пикири боюнча эстеликтин (таякчанын) материалынын жыгачтан экендиги да чоң мааниге ээ (Малов С. Е., 1936: 28-38). С. В. Киселев да эстеликтердеги жазуулардын кол тамгаларынын (почерктеринин) мүнөзүнүн айырмалуу болушу алардын ар башка материалдарда аткарылышына да байланыштуу дейт (Киселев С. В., 1949: 40.).

Ачык-Таш кыштагынан табылган рун жазуулары бар бул жыгач таякча М. Е. Массон тарабынан 1933-жылы Мамлекеттик Эрмитажга өткөрүлгөн.

А. Аманжолов 1980-жылы Ленинградда Мамлекеттик Эрмитаждын илимий иштер боюнча жетекчиси В. А. Суслованын уруксаты менен аталган жыгач таякчаны окуганга аракет кылган. А. Аманжолов: «Однако прочитать надпись на деревянной палочке, к сожалению, не удалось» (Аманжолов А., 2003, 102), – дейт. Андан үч жыл өткөндөн кийин А. Аманжолов жыгач таякчанын IV сабынын жаңы окулушун сунуштайт: «Отклонив дилетантские попытки «поправить» С. Е. Малова и других тюркологов, я тогда предложил новое чтение IV строки надписи и на этом основании выразил уверенность, что данная своеобразная надпись относится к тюркской рунике» (Аманжолов А., 2003: 102).

Бул сунушталган окуу боюнча жыгач таякчадагы жазуу «связана с магическими представлениями, скорее всего, буддийского толка, поскольку буддийские наставники и философия буддизма у тюркских каганов в VI-VIII вв. пользовались особыми привилегиями» (Аманжолов А., 2003: 103). А.Аманжоловдун пикири боюнча жыгач

таякчадагы жазуу Борбордук Азиядагы түрк руникасынын жана буддизмдин байыркы тамырын далилдеп турат. А.Аманжолов бул жазуунун байыркы экендигин белгилеген.

## Кыргызстандан табылган башка эстеликтер

**Рун жазуулары Кыргызстандын башка аймактарында.** Рун жазуулары Кыргызстандын башка аймактарынан да табылган жана табылып жатат. Мисалы, С. Сыдыковдун жана К. Конкобаевдин 2001-жылы жарык көргөн эмгегиндеги маалымат боюнча рун жазуулары Ысык-Көлдүн Кой-Сарысынан, Нарын дубанындагы Кочкор районуна караштуу Сүттүү-Булак кыштоосунун жака белинен табылган эстеликтерде кездешет (2001: 12-13).

И. А. Батманов, З. Б. Арагачи, Г. Ф. Бабушкиндин маалыматы боюнча таштагы, моноталардагы жана майда предметтердеги енисей тибиндеги жазуулар Ысык-Көлдөн (Кой-Сары), Баткенден, Чүйдөн (монеталар), Ферганадан жана Согд аймагынан (кол жазма) табылган (Современная и древняя Енисеика, 1962: 21).

Чүй жана Талас өрөөндөрүндөгү VIII к. түргөш монеталарынан орхон-енисей тибиндеги жазуулар табылган (Бернштам А. Н., 1948, 107-113-бб. ).

Баткен районундагы Ак-Тепе шаарчасынан 1961-жылы Ю. Д. Баруздин чопо идиштин сыныгынан енисей тибиндеги жазууну тапкан. Алай районунда ошол эле адамдар тарабынан айрым бир белгилери бар моло таш (стела) табылган, ал белгилер согд документиндеги тамгаларга окшош болгон (Батманов И. А., Арагачи З. Б., Бабушкин Г. Ф., 1962: 29).

1998-2000-жылдарда кыргыз археологу Табалдиев Кочкор районунун Көк-Сай, Үкөк жайлоосунан 9 рун эстелигин тапкан (Батманов И. А., Арагачи З. Б., Бабушкин Г. Ф., 1962: 29). Ошентип, 2011-жылга чейин Кыргызстанда катталган эстеликтердин саны 26га жеткен.

Жазуулар тоголок кой таштардын, асканын беттерине чегилген жана жыгач таякчага жазылган.

Мындай жазма эстеликтар Кыргызстандын территориясынан азыр да табылууда.

### Венгриядан ж.б. жерлерден табылган рун жазуулары бар эстеликтер. Венгриядан табылган алтын идиштердеги рун жазуулары менен Талас эстеликтериндеги рун жазууларынын окшоштугу

Рун жазуусу бар жазма эстеликтер башка аймактардан да табылган. Мисалы, VIII к. башына тиешелүү орхон-енисей тибиндеги жазуулары бар документ Муг (Согд) тоосунан табылган (Бернштам А. Н., 1951: 65-75).

С. В. Киселев VI-VIII кк. Алтайдагы көрүстөндөрдүн арасынан орхон-енисей тибиндеги жазуусу бар идиштерди тапкан. Байыркы түрк жазуусу бар Уйбат чаатасынан табылган күмүш идиш же алтын бөтөлкө ж.б. ошол эле мезгилге тиешелүү болгон (Киселев С. В., 1949: 302, 304, 338, 340).

1799-жылы Венгрияда Ыйык Николай кыштагында рун жазуулары бар «алтын идиштердин казынасы» табылган. Андагы жазуулардын белгилүү бир деңгээлде Талас эстеликтериндеги жазууларга окшош экендигин С. Е. Малов белгилеген (С. Е. Малов, 1951: 13). Алтын идиштердеги жазууларды Ю. Немет окуган. С. Е. Малов бул жазууларды X кылымга тиешелүү деген (13).

С.Е.Малов белгилегендей, **Венгриядагы рун жазуулары бар алтын идиштердеги жана Талас эстеликтериндеги жазуулардын белгилүү бир деңгээлдеги окшоштугу** *(белгилеген – Г. Ж.)* – түркологдордун көңүлүн өзүнө бура турган, атайын илимий изилдөөнү талап кылуучу маанилүү маселелердин бири.

Венгриянын Дуна-Тистеги авар көрүстөнүнөн енисей кол жазмасы менен жазылган ийне салгыч кутуча табылган (Эрдейн Иштван, 1961: 59-61).

Жогорку мисалдар байыркы түрк жазууларынын абдан кеңири аймактарга таралгандыгын айтып турат.

И. А. Батманов, З. Б. Арагачи, Г. Ф. Бабушкин эгерде енисей жазуусу VIII кылымда Тянь-Шанга, Согдга, Венгрияга кирген болсо, «...то можно быть уверенным, что само оно возникло и применялось на Енисее несколько раньше, а создавалось оно, конечно, медленно» (1962: 30), – дейт.

Ошентип, бул келтирилген маалыматтар дагы енисей жазуусунун VIII кылымдан алда канча эрте пайда болгондугун, ал эми анын таралышы жана калыптанышы узак жана жай болгондугун көрсөтүп турат.

## Эстеликтердеги жазуулардын ортосундагы тектештик жана байланыш

Эстеликтердин өздөрүнөн алынган жана башка тарыхый материалдар бул жазууларды абдан кеңири территорияда жайгашкан, ар башка мамлекеттик биримдиктерге кирген көптөгөн уруулар колдонгондугун айтып турат. Ошол эле учурда эстеликтердин тилинде уруулук диалектилерди чагылдырган локалдуу өзгөчөлүктөрү да бар.

Өзүнүн традициялык нормалары бар мындай **жазуулар уруулардын ортосундагы тектештикти жана узак мезгилге созулган байланышты** *(белгилеген – Г. Ж.)* көрсөтүп турат. Мисалы, И. А. Батманов, З. Б. Арагачи, Г. Ф. Бабушкин мындай тектештик жана байланыш, биринчиден, Енисейдин жогорку агымындагы (Түштүк Сибирь); экинчиден Селенга дарыясы жана Орхондун куймасындагы (Монголия) өрөөндөрдө; үчүнчүдөн Талас (Кыргызстан) өрөөнүндө жашаган уруулардын ортосунда бар экендигин белгилешет (1962:6).

**Мунун өзү Енисейдеги, Орхондогу, Таластагы эстеликтер бири-бири менен тыгыз байланышта каралууга**

**тийиш экендигин айтып турат.** Бул тизмеге Венгриядан табылган рун жазуулары бар «алтын идиштердин казынасын» да киргизүүгө болот, анткени, жогоруда С. Е. Малов белгилегендей, андагы жазуулар белгилүү бир деңгээлде Талас эстеликтериндеги жазууларга окшош.

Аталган жазуулардын таралуу ырааттуулугу төмөнкүдөй: Енисей – V-VII кк. (С. Е. Малов – V; В. В. Радлов VII); Талас V-VI кк. (С. Е. Малов); Венгрия X к. башы (Ю. Немет).

Енисей менен Таластагы эстеликтер мезгилдери боюнча бири-бирине туура келет.

## Енисей жазуулары жана азыркы кыргыз тили

## Енисей жазма эстеликтери жана азыркы кыргыз тили

Б. М. Юнусалиев кыргыз тилинин жазма үлгүлөрү катары енисейлик эстеликтерди көрсөтөт. Азыркы кыргыз тили менен Енисейдеги ташка жазылып калган жазуулардын ортосунан бир жарым миңдей жыл өтсө да, енисейлик доордогу кыргыз тили менен азыркы кыргыз тилинин ортосунда окшоштук аз эмес экендигин белгилейт (1971:57).

**Енисей жазууларындагы фонемалар системасынын ж. б. тилдик кубулуштардын азыркы кыргыз тилинде сакталышы жана айрым өзгөчөлүктөр.** Фонемалык система, эгерде үнсүздөр жана үндүүлөр системасын алсак, өзгөрүүсүз сакталган. Мисалы, үнсүздөрдүн каткалаң-жумшактыгына карай, жөнөкөй сегиз үндүүнүн жоон-ичкелигине карай бири-бирине карама-каршы коюлушу азыркы кыргыз тилинин тыбыштык системасына да мүнөздүү.

Үндүүлөрдүн эрин күүсүнө карай ээрчиши, үнсүздөрдүн жумшак-каткалаңдыгына карай өзгөрүшү да ушул күндө сакталууда.

Бирок айырмачылыктар да жок эмес. Алар кайсылар?

1. Жазма эстеликтердеги кыска үнсүздөрдүн ордуна азыркы кыргыз тилинде созулма үндүүлөр туура келет. Мисалы:

| Жазма эстеликтерде | Азыркы кыргыз тилинде |
|---|---|
| суб | суу |
| таг | тоо |
| огул | уул |
| сөңүк | сөөк |
| билиг | билүү |
| үчеги | үчөө |
| йугур | жуур (у) |
| ачыг | ачуу (Ашыралиев К., 1963: 11-12). |

2. Жазма эстеликтердеги сөздүн башына келген «й» тыбышы кыргыз тилиндеги «ж» тыбышына туура келет. Мисалы:

| Жазма эстеликтерде | Азыркы кыргыз тилинде |
|---|---|
| йол | жол |
| йыл | жыл |
| йер | жер |
| йарак | жарак |
| йаш | жаш |
| йүз | жүз |
| йети | жети |
| йел | жел |
| йаса | жаса |
| йогору | жогору |
| йүк | жүк |
| йай | жай |
| йарук | жарык |
| йат | жат |
| йок | жок |
| йүр | жүр (ходить) (1963: 12-13). |

3. Байыркы «г», «д» тыбышынын ордуна кыргыз тилиндеги «й» тыбышы туура келет. Мисалы:

| Байыркы эстеликтерде | Азыркы кыргыз тилинде |
|---|---|
| адак | айак |
| бод | бой |
| ыдык | ыйык |
| антаг | андай ж.б. (1963: 13). |

Жазма эстеликтерде сөздүн башында төмөнкүдөй үнсүз фонемалардын келери байкалат:

б: бар, биң, миң
й: йаш, йети
к: кара, кел
м: мар, мен
н: нарсүгүр (служанка)
с: саб (сөз), сиз
т: тагы (дагы), тег (тий)
ч: чаб (слава), чериг (черик, черүү)
ш: шуңа (утка) (Ашыралиев К., 1963: 13).

**Орхон-енисей жазуусундагы жана азыркы кыргыз тилиндеги уңгулар.** К. Ашыралиев орхон-енисей түрк тилдериндеги бирден-бир негизги жана мүнөздүү белгилердин бири болуп ***уңгу сөздөрдүн өзүнчө туруп, түрдүү формадагы форманттар жалганбастан өз алдынча турганда мааниге ээ болгондугунда*** *(белгилеген – Г. Ж.)* (1963: 21) дейт. Уңгу сөздөрдүн тобунда адам аттары (жүзгө жакын эркек адамдардын аттары) да бар, аялдардын аттары кездешпейт (бирок ага карата айтылган жалпы аттар бар: Төр апа, Бай апа, Йол апа ж.б.).

Окумуштуу орхон-енисей эстеликтеринин тилиндеги уңгу сөздөрдү мааниси жана формасы жагынан азыркы кыргыз тили менен салыштырууда негизинен төрт топко бөлгөн:

1. Мааниси жана формасы жагынан байыркы жазма эстеликтердин лексикасы менен азыркы кыргыз тилинин лексикасынын окшоштуктары боюнча.
2. Мурдагы эле мааниси сакталып, бирок фонетикалык жактан кээ бир өзгөрүүлөргө учураган сөздөр.

3. Мурдагы эле формасын сактаган, бирок мааниси жактан бир аз өзгөрүүлөргө учураган сөздөр.

4. Азыркы тилдердин сөздүк составында кайталанбаган сөздөр, б.а. өз маанилерин жоготкон же жаңы сөздөр менен алмаштырылган сөздөр (1963: 22).

Төмөндө булардын айрымдарын карап көрөлү.

**Айрым фонетикалык өзгөрүүгө дуушар болгон сөздөр.** Эски жазма эстеликтердин тилиндеги кээ бир сөздөр ушул күндөргө чейин өзгөрүлбөстөн (айрым фонетикалык өзгөрүүлөргө дуушар болуу менен бирге) сакталып келе жатат. Мисалы:

| Орхон-енисей жазма эстеликтеринде | Кыргыз тилинде |
|---|---|
| ачук | ачык |
| ачыг | ачуу |
| адгыр | айгыр |
| алтун | алтын |
| бөри | бөрү |
| бөңги | мөңгү |
| артук | артык |
| катун | катын |
| бунча | мынча |
| илгерү | илгери |
| бирү | бери (Ашыралиев К.,1963: 11-12). |

**Орхон-енисей тексттеринде учураган, бирок азыркы кыргыз тилинде кездешпеген сөздөр.** К.Ашыралиевдин эмгегинде орхон-енисей тексттеринде учураган сөздөрдүн азыркы кыргыз тилинде кездешпегендиги маалымданат. Мисалы:

| *Байыркы жазмаларда* | *Азыркы кыргыз тилинде* |
|---|---|
| өг | эне |
| аты | небере |
| аркыш | кербен |
| үкүш | көп |
| табышкан | коён |

| | |
|---|---|
| төрү | заң, закон |
| мар | мугалим |
| битиг | жазуу (фольк. битиг) (1963: 13). |

**Енисей жазууларындагы морфологиялык категориялардын дээрлик бардыгынын азыркы кыргыз тилинде сакталышы.** Грамматикалык түзүлүшү боюнча енисейлик документтерде учураган негизги морфологиялык категориялардын дээрлик бардыгы азыркы кыргыз тилинде колдонулат.

Эстеликте учураган уңгу этиштердин, ат тоочтордун, зат атоочтордун, сын атоочтордун, сан атоочтордун ж.б. уңгу сөздөрдүн дээрлик бардыгы азыркы кыргыз тилинде сакталган жана күндөлүк кептин активдүү сөздүгүн түзүп, сөз жасоонун үнөмдүү элементтеринен болуп эсептелет.

Алардын айрымдарын карап көрөлү:

**Сын атоочтор.** Жазма эстеликтерде зат атоочторго караганда сын атоочтор азыраак (жетимишке жакын) учурайт. К. Ашыралиевдин маалыматы боюнча алардын кырктан ашууну формасы жана мааниси жагынан алганда азыркы кыргыз тилинин нормасына туура келет. Ал эми онго жакыны фонетикалык жактан өзгөрүлүп кеткен, бирок лексикалык мааниси бирдей түшүнүктү берген сөздөр. Жазма эстеликтердеги сын атоочтордун саны азыркы кыргыз тилине караганда сөзсүз аз санда болгон (1963: 26).

**Сан атоочтор.** Орхон-енисей жазма эстеликтеринде көрсөтүлгөн сан атооч, анын ичинде эсептик жана иреттик сан атоочтор лексикалык жагынан азыркыга чейин өзгөрүлбөстөн сакталып келген. Ошондой эле орхон-енисей жазма эстеликтериндеги жөнөкөй жана татаал сан атоочтор, кээ бир фонетикалык айырмачылыгын эске албаганда, негизинен азыркы түрк тилдериндеги сан атоочтор менен бирдейликти түзөт (Ашыралиев К., 1963: 30).

**Ат атоочтор.** Ат атоочтор мааниси боюнча бир нече топко бөлүнөт. Төмөнкү ат атоочторду карап көрөлү.

**Жактама атооч.** Орхон-енисей жазма эстеликтердин тилинде башка түрк тилдериндей эле үч жак бар.

Жекелик түрү: 1-жак: бен, ман

2-жак: сен, сін, сіз

3-жак: ол, ул

Көптүк түрү: 1-жак: биз, бизлер

2-жак: учурабайт

3-жак: учурабайт (1963: 31).

Жактама ат атоочтор енисей тилинде кандай милдет аткарган болсо, азыркы кыргыз тилинде да ошондой эле милдет аткара алат.

Мисалы, тексттерде төмөнкүдөй ат атоочтор кездешет:

«БьНь=бен и МНь, МАНь=мен,

УЛ=ол—он, тот,

БьЗ, БьЫЗ=биз—мы,

СьЗ, Сь ЫЗ=сиз –вы (Батманов И.А., 1959: 70).

Биринчи жактын жекелик санындагы *бен, мен* – мунун биринчиси архаикалык, ал эми *«мен»* «возникло в результате действия закона назализации «б» перед носовыми». Ср.в кирг.языке: бу+ны= муну – это (вин.пад.), менен < бирлен – с, вместе и т.п.» (1959: 70).

Жактама ат атоочтордун келип чыгышы боюнча ар кандай көз караштар бар. К. Ашыралиев *биз* деген ат атоочтун түпкү чыгышы *би, сиз* дегендин чыгышы *си,* монгол тилинде *«бі»*- мен, *«сі»* – сен, ал эми *би* жана *си* деген жекелик ат атоочко *«сі»* (би+си=биз, си+си=сиз (Малов С. Е., 1952: 52) деген сөз компоненттешип көптүк түрү жасалышы мүмкүн деп божомолдойт (1963: 31). Түрк тилдериндеги ат атоочтор боюнча ушул сыяктуу пикирди О. Бётлинг айткандыгын Л. Н. Харитонов белгилейт (Харитонов Л. Н., 1947, 115).

**Шилтеме ат атооч.** Биринчиден, шилтеме ат атооч орхон-енисей жазма эстеликтеринде негизинен башка тектеш тилдердеги шилтеме ат атоочторго окшош, бирок

түрк тилдеринде фонетикалык жана башка ар кандай кошумчаланууга дуушар болуунун натыйжасында алардын составы бир топ толукталган. Экинчиден, жазма эстеликтерде шилтеме ат атоочтордун кыскарган формасы гана учурайт. Мисалы: ен. *бу,* кырг *бу,* тув. *бо,* каз. *бу,* өзб. *бу,* түркм. *бу;* ен. ош(у), кырг. *ушул, ошол,* тув. *бо,* каз. *осы,* өзб. *шу,* түрм. *шу* ж.б. (Ашыралиев К., 1963: 32).

**Өздүк ат атооч.** Жазма эстеликтерде өздүк ат атоочко жата турган *өз* деген сөз учурайт. Өздүк ат атооч дайыма таандык мүчөлөрдүн жалганышы менен колдонулат. *«Өз»* түрк тилдеринен кыргыз, башкырт, казак, өзбек, түркмөн ж.б тилдерде кездешет. *«Өз»* деген ат атооч Таластан табылган таякчада кездешкен. Ошондой эле *«өзү»* деген ат атоочтун бар экендигин С. Е. Малов маалымдайт (1952: 101).

**Жалпылагыч ат атооч.** Орхон-енисей эстеликтеринде жалпылагыч ат атоочтордон ***бары*** «все», ***барча*** «все», ***камук*** «весь» деген үч сөз учурайт. Орхон-енисей эстеликтеринде ат атоочтор атооч, илик, барыш, табыш жөндөмөлөрү менен жөндөлөт, жатыш жана чыгыш жөндөмөсүндө учурабайт (Ашыралиев К., 1963: 33).

Орхон-енисей жазма эстеликтери – этиш сөздөргө бай. Эски жазма эстеликтердин тилинде учураган уңгу этиштердин басымдуулугу Орто Азияда жашаган түрк тилдеринин ичинен кыргыз тилинин нормасына туура келет. Мисалы, азыркы кыргыз тилинде учураган уңгу түрүндөгү буйрук этиштердин орхон-енисей жазма эстеликтеринде да фонетикалык жактан жакын же бирдей формада кездешери байкалган (Ашыралиев К., 1963: 35).

**Калган сөз түркүмдөрү** орхон-енисей жазма эстеликтеринде аз санда учурайт. Булардын ичинен тактооч (орун тактооч, сын-сыпат тактооч, сан-өлчөм тактооч) көлөмдүү орунду ээлейт. Андан тышкары жардамчы сөздөр, сырдык сөздөр кездешет (Ашыралиев К., 1963: 37).

К. Ашыралиев орхон-енисей жазууларын азыркы түрк тилдеринин ичинен негизинен беш тилге салышты-

рып, алардын ичинен кыргыз тилине жакын экендигин белгилеген. Бул эмгек орхон-енисей жазууларынын тилин жана анын кыргыз тилине катышын факты-материалдар аркылуу салыштырып, далилдеп бергендиги менен баалуу.

**Енисей эстеликтеринни тили менен кыргыз тилинин жакын белгилери.** Б. М. Юнусалиевдин пикири боюнча енисейлик эстеликтердин тилине тектеш тилдердин ичинен кыргыз тили төмөнкү белгилери боюнча жакыныраак:

1. үндүүлөрдүн эринчилдиги боюнча ээрчишүүсү;

2. айрым сөздөрдүн тыбыштык составы жагынан өзгөчөлүгү. Мисалы, енис: ыглат - ‖ кырг. ыйлат (башка жакын тектеш тилдерде бул сөз үнсүз ***й*** ‖ ***ж*** ‖ ***дж*** ‖ ***с*** ‖ тыбыштарынан же үндүү ***а*** тыбышынан башталат).

Албетте, бир жарым миң жыл убакыттын аралыгында кыргыз тили бир топ өзгөрүүгө учураган. Мисалы:

а) үндүүдөн кийин жана эки үндүүнүн ортосунда *д* тыбышынын *й* (йотко) өтүшү, мисалы: енис. *адыр* ‖ кырг. *айыр;*

б) уңгудагы арткы үндүүдөн кийинки *гь* тыбышынын эрин-эринчил муун түзбөс үндүүгө өтүшү, мисалы, енис. *огъул* ‖ кырг. диал. *ушул;* енис. *багъ* ‖ кыргыз диал. *бош;* айрым учурда ошол эле *гь* тыбышы *й*-га өткөн, мисалы, енис. *ыглат-* ‖ кыргыз диал. *ыйлат-;*

в) уңгудагы алдыңкы үндүүдөн кийинки *г* тыбышы *й* тыбышына өткөн, мисалы, енис. *тег* ‖ аз. кыргыз *тий;* енис. *үгүр* ‖ аз. кырг. *үйүр.*

г) енисейлик доордо сөз башында «мен» деген ат атоочто сөз башында мурунчул варианты менен катар мурунчул эмес вариантынын колдонулушу, мисалы, *бен// мен* (Юнусалиев Б., 1971: 59).

## Байыркы кыргыз тилинин кийинки мезгилдердеги өзгөрүшү

### *(тыва, хакас жана алтай тилдери үчүн)*

Байыркы кыргыз тилинин дооруна V-VII кылымдарга тийиштүү болгон енисейлик жазма эстеликтердин мезгили гана эмес, андан кийинки бир нече кылымдар да кирет.

Байыркы кыргыз тилинин кийинки мезгилдериндеги өзгөрүүлөрү иретинде азыркы тыва, хакас жана алтай тилдери үчүн мүнөздүү төмөнкүдөй белгилери бар.

а) Кээ бир тыбыштык тиркемелерден жаңы созулма үндүүлөрдүн кээ бир типтери пайда болгон, мисалы, созулма ***аа:*** кырг., тув., хак., алт., **саа**< сага-*(эт.); тув. ***чаакъ***//хак. ***наах***// алт. ***даакъ***// кырг. ***джаакъ***< жаңак; созулма ***оо***: кырг., тув., хак., алт. соол<согъол-*; созулма ***өө***: кырг., алт., хак., тув. сөөк<сөңөк*; созулма ***ээ***: кырг., алт., тув. ээн< эйэн*:

б) Алтай, хакас, тыва жана кыргыз тилинде сүйлөгөн элдердин ата-бабалары биримдик түзүп турган мезгилде монгол тилдеринен жалпы кабыл алуулар болгон, мисалы, ***«белен», «сонун», «каалга»*** ж.б. Булар азыркы кыргыз, алтай, хакас жана тыва тилдерине мүнөздүү жана башка түрк тилдеринде учурабайт (1971:58).

### Жыйынтык

Аталган бөлүмдө жазуунун фонографиялык системасы каралды. Кыргыздар фонографиялык жазуунун аралаш системасын (вокалдык-тамгалык, консонанттык-тамгалык, муундук-тамгалык) колдонушкан. Ошондой эле орхон-енисей жазуусунда үнсүз ширешмелерди билдирген тамгалар бар.

Енисей жана Орхон жазма эстеликтери, алардын изилдениши, таралуу ареалы, которулушу, жарыяланышы тууралуу маалымат берилди. Енисейлик жазуулар

- орхон жазууларына караганда мезгили боюнча мурунку жазуу (V кылым) болуп эсептелет жана ал ошол жерде жашаган кыргыздарга таандык болгон. Ошону менен катар эле аталган жазууну кыргыздар менен ирегелеш, коңшулаш жашаган башка уруулар да колдонушкан. Орхон жазуусу - енисей жазуусунун өркүндөтүлгөн формасы.

Орхон-енисей жазуусу X-XI кылымдарга чейин колдонулган.

Енисей менен Талас жазуулары – мезгилдеш (V к.) жана маанилеш. Бул аталган жазуулардын бири-бири менен тыгыз байланышын көрсөтүп турат.

Енисей жазуулары менен азыркы кыргыз тилинин жалпылыктары бар.

## Жалпы жыйынтык

Кыргыздар жазуунун өнүгүшүнүн узак жолунда нака жазууга чейинки семасиографиядан баштап жазуунун өнүккөн формасы - фонографияны колдонушкан. Семасиографияга - сүрөттүк ыкмага кирген пиктографиялык жазуу, идентификациялык-мнемоникалык ыкмага кирген эн тамгалар, татуировка кыргыздар тарабынан колдонулган. Ошондой эле кыргыздарда сөздүк жазуу (логографиялык жазуу) болгон. Фонографияга, т. а. нака жазууга кыргыздар колдонушкан жазуунун аралаш системасы (вокалдык-тамгалык, консонанттык-тамгалык, муундук-тамгалык) жана тамгалык-тыбыштык жазуулар кирет.

Жазуунун тарыхы тууралуу эмгектерди талдоо – жазуунун тарыхындагы жалпылыкты жана жазуунун өнүгүшү, таралышы ж. б. боюнча окумуштуулар арасында ар кандай пикирлердин бар экендигин көрсөттү. Бирок дээрлик бардык эмгектерде жазуунун практикалык муктаждыктан келип чыккандыгын айтылат. Адегенде адамдар эсеп-кысап жүргүзүү, же маалыматты эске тутуу, же маалыматты каттоо максатында ар кандай бел-

гилерди колдоно башташкан. Бара-бара жазуулар өнүгүп отуруп пиктографиялык жазуудан тыбыштык-тамгалык жазууга чейин жеткен.

Байыркы кыргыз тили дагы байыркы замандардан баштап X-XI кылымдарга чейин, жогоруда айтылгандай, жазуулардын дээрлик бардык этаптарын басып өткөн.

Кыргыздар адегенде пиктографиялык жазууну колдонушкан. Сүрөт жазуусу кыргыздардын турмуш-тиричилиги, мал чарбачылыгы, ишенимдери, дүйнөгө болгон көз караштары менен тыгыз байланышта өнүккөн. Эмгекте кыргыздар колдонгон пиктографиялык жазуу, анын табияты, аткарган кызматы, камтыган тематикасы, семантикасы, колдонулуш доору, тараган аймагы, байыркы жана кийинки пиктографиялык жазуулар, алардын байланышы кеңири талдоого алынды.

Кыргыздар идентификациялык-мнемоникалык ыкмага кирген эн тамгаларды колдонушкан. Эн тамгаларды колдонуу кыргыздардын мал чарбачылыгынын өнүгүшү, уруулук жана жеке менчиктин келип чыгышы менен тыгыз байланыштуу болгон. Эн тамгалар урук, уруу, жеке менчик белгилери катары кеңири колдонулган. Эн тамгалар енисей жазууларынын келип чыгышын шарттаган.

Жазуунун өнүгүшүндөгү дагы бир баскыч логографиялык жазуу болуп эсептелет. Мезгил өтүп, коом өнүккөн сайын кыргыздар колдонгон жазуу да өнүгүп отурган. Мурунку сүрөттүк белгилердин ордун шарттуу белгилер ээлей баштаган. Бул сөздүк ыкмадагы логографиялык жазуунун келип чыгышын шарттаган. Албетте, бул узак мезгилди камтыган татаал процесс болгон.

Аталган эмгекте логографиялык жазууга кирген кыргыз орнаменттери, алардын келип чыгышы, өнүгүү эволюциясы, реалисттик мүнөзү, баяндоочулук касиети, баяндоонун багыттары, тили, тематикасы, семантикасы, орнаменттин түрлөрү, анын изилдениши, изилдөө методдору, ж.б. маселелери кеңири талдоого алынды. Орнаменттердин, оюулардын мотивдери, эпикалуулугу,

лирикалуулугу, музыкалуулугу ж.б. маселелер каралды. Хакасиялык, тывалык, ферганалык жана кыргыз орнаменттери, оюулары берилди.

Биз бул жерде хунн, гунн доорундагы жана I-V кылымдарда түрк тилдүү элдер колдонгон жазууларга да кайрылдык. Алар тууралуу маалыматтар фрагменттик түрдө кездешсе дагы, жалпы жонунан сыпатталды.

Хунн доорундагы кыргыздардын тарыхы хунндардын тарыхы менен тыгыз байланыштуу. Маалыматтар боюнча хунн тилинин жаратылышы - түрктүк. Хунн, гунн, түрк тилдери – бири-бири менен тектеш. Гунн тилинин орхон-енисей жазуулары менен окшоштугу да айрым окумуштуулар тарабынан белгиленип келет. Биз енисей жазуусунун тили менен гунн тили бири-бирине жакын деп эсептейбиз. Албетте, хунн, гунн рун жазуулары, түрк рун жазуусу жана енисей кыргыз рун жазуусу, алардын бири-бири менен тектештиги, жакындыгы илимий жактан атайын иликтөөгө муктаж.

I-V кылымдарда Борбордук жана Орто Азияда жашаган уруулар хунндардан баштап, тоба, сиянби, жуан-жуан (жужандар) жана байыркы түрктөргө чейин бирдей жазууну колдонушкан. Бул ошол мезгилде жашаган кыргыздарга да тиешелүү.

Эми кайрадан кыргыздар колдонгон фонографиялык жазуу тууралуу даректүү маалыматтарга кайрылабыз.

Кыргыздар логографиялык жазуудан кийин фонографиялык жазуунун аралаш системасын колдонушкан. Ал өз ичинен вокалдык-тамгалык, консонанттык-тамгалык жана муундук-тамгалык деген үч түргө бөлүнөт.

Ошентип, кыргыздар байыркы замандардан баштап Х кылымга чейин семасиографияны: 1. нака жазууга чейинки пиктографиялык жазууну, эн тамгаларды, татуировканы; 2. сөздүк жазууну, т. а. логографиялык жазууну, ошондой эле фонографияны: нака жазууга кирген жазуунун аралаш системасын (вокалдык-тамгалык, консонанттык-тамгалык, муундук-тамгалык) колдонуш-

кан. Илимий иликтөө X кылымга чейинки мезгилди камтыгандыктан, андан кийинки жазуулар эмгекте каралган жок.

Енисей жазуусу - Орхон жазуусунан мезгили боюнча мурунку жазуу. Енисей эстеликтери табылган жерлерде байыркы кыргыздар жашашкан жана ал жазууларды кыргыздар калтырышкан, ошону менен бирге эле аны кыргыздар менен ирегелеш жашаган башка уруулар да колдонушкан. Енисей жазуусунун алгачкы мезгили - V кылым. Орхон жазуусу мезгили боюнча Енисей жазуусунан кийинки өркүндөтүлгөн жазуу болуп саналат.

Байыркы кыргыз тилинин дооруна V-VII кылымдарга тийиштүү болгон енисейлик жазма эстеликтердин мезгили гана эмес, андан кийинки бир нече кылымдар да кирет. Окумуштуулардын пикиринде байыркы түрк рун алфавитинин колдонулуш чеги X-XI кылымдар деп эсептелет.

Орхон-енисей эстеликтериндеги жазуулардын табылышына, изилденишине, маалыматтын жайылышына Николай Видзен, Ф. И. Страленберг, Н. М. Ядринцев, С. Ремезев, Г. Спасский, П. С. Паллас ж.б. чоң салым кошушкан. 1889-жылы Н. М. Ядринцевдин экспедициясынан кийин таштагы белгисиз жазуулардын түрк урууларына тиешелүү болгондугу аныкталган.

1893-жылы белгисиз жазууларды биринчи болуп дат окумуштуусу В. Томсен окуган жана орхон-енисей жазууларынын толук ачкычын тапкан. В. В. Радлов да аталган жазуулардын маанисин ачып берүүгө салым кошкон.

Енисейлик белгилердин базасында кыргыздардын, тывалыктардын, шорлордун, хакастардын ж.б. бабаларынын тилдери, ал эми огуз (орхондук) эстеликтердин тилинин негизинде түркмөн, азербайжан тилдери өнүккөн.

Орхон-енисей жазма тили – адабий тил катары статуска ээ. Бул анын тил структурасынын бардык деңгээ-

линдеги нормативдүүлүгүнөн, стилдеринин дифференциялуулугунан, формула, клишелеринин эң жогорку деңгээлде колдонулушунан көрүнүп турат.

Борбордук Азияда IX-X кылымдарда жүз жыл чамасында (840-жылдан 945-жылга чейин) «Улуу кыргыз державасы» (В. В. Бартольд) же Кыргыз каганаты жашаган. Бул мезгилде байыркы кыргыз элинин калыптанышы менен бирге эле, алардын байыркы элдик тили түзүлгөн. Бул орхон-енисей графикасына негизделген жазма адабий тил болгон.

Таластан табылган эстеликтеги жазуулар кыргыздар аркылуу Енисейден V-IX кылымдарда келген. Мындай эстеликтер Фергана өрөөнүнөн, Кочкордон да табылган. Таштагы, моненталардагы жана майда предметтердеги енисей тибиндеги жазуулар Ысык-Көлдөн (Кой-Сары), Баткенден, Чүйдөн (моненталар), Ферганадан жана Согд аймагынан (кол жазма) табылган. Таластан табылган эстеликтер графикалык жагынан енисей эстеликтерине өтө жакын. Таластагы таштын алдындагы бейиттерден табылган рун жазуулары мезгили боюнча V кылымга таандык. Ошентип, Енисей жана Талас жазуулары мезгилдеш болуп эсептелет.

1799-жылы Венгриядан рун жазуулары (X к.) бар «алтын идиштердин казынасы» табылган. Андагы жазуулар белгилүү бир деңгээлде Талас эстеликтериндеги жазууларга окшош болгон. Демек, Енисейдеги, Орхондогу, Таластагы, Венгриядагы жазуулар бири-бири менен тыгыз байланышта изилденүүгө тийиш.

## Шарттуу кыскартуулар

АИЭМ – архив Института этнографии АН СССР, Москва

АТНИИЯЛИ – архив Тувинского научно-исследовательского института языка, литературы и истории

Б. –Бишкек

ВДИ – Вестник древней истории, Москва

ВЯ – Вопросы языкознания

ГАИМК – Государственная Академия истории материальной культуры

ГИМ – Гомударственный исторический музей

ГМЭ – Государственный музей этнографии народов СССР, Ленинград

ГЭ – Государственный Эрмитаж, Ленинград

ГУ – Государственный университет

ЖС - Живая старина

ЖМНП – Журнал Министерства народного просвещения

ИА – институт археологии АН СССР, Москва

ИИАЭ – Институт истории, археологии, этнографии АН Каз.СССР

ИАК - Императорская археологическая комиссия

ИЭ – институт этнографии АН СССР

ЗВО – Записи Восточного отделения

ЗВОРАО – Записки Восточного отделения (Имп.) Русского археологического общества, СПб.

ЗРАО – Записки русского археологичсекого общества

ИВСОРГО - Известия восточно-сибирского отдела русского географичсекого общества

КАЭЭ – Киргизская археолого-этнографическая экспедиция АН СССР

КР УИА - Кыргыз республикасынын улуттук илимдер академиясы

КСИЭ – Краткие сообщения Института этнографии СССР

КСИИМК – Краткие сообщения Института истории материальной культуры АН СССР.

ЛГУ - Ленинградский государственный университет
Л. –Ленинград
М. - Москва
МАЭ – Музей антропологии и этнографии АН СССР, Ленинград
ММ – Минусинский музей им. Н.Н.Мартьянова
МН – Музей народов СССР, Москва
МИА – Материалы по археологии СССР
МЭ – материалы по этнографии
НИИЯЛИ – Научно-исследовательский институт языка, литературы и искусства
РГО –Русское географическое общество
СА – Советская археология
СТЭАН – Саяно-Тувинская экспедиция АН СССР
ТИЭ – Труды Института этнографии АН СССР
ТТКЭАН – Труды Тувинской комплексной археолого-этнографической экспедиции Института этнографии АН СССР
ТГИМ – Труды Государственного исторического музея
ТНИИЯЛИ – Тувинский научно-исследовательский институт языка, литературы и истории
ХНИИЯЛИ – Хакасский научно-исследовательский институт языка, литературы и истории
УЗТНИИЯЛИ- Ученые записки Тувинского научно-исследовательского института языка, литературы и истории
Ф. – Фрунзе

Жана башка кыскартуулар:
б. – бет
бб. – беттер
вв. – веках
до н. э. – до нашей эры
ж. б. – жана башка
ж. б. у. с. – жана башка ушул сыяктуулар
жж. - жылдар

гр. – грек тилинде
Избр.тр. - Избранные труды
и т. д. – и так далее
кн. – книга
кк. – кылымдар
стр. – страница

# ГЛОССАРИЙ

[1] **КИНЕТИЧЕСКАЯ РЕЧЬ** – речь, построенная на жестикуляторно-мимической основе, включающей различные телодвижения, жесты, мимику, пантомимику и др. Кинетическая речь является основным средством общения глухих. (Стариченок В. Д., Большой лингвистический словарь. – Ростов-на-Дону.: Феникс, 2008: 243).

[2] **Мнемотехника** ж **1.** то что же мнемоника; **Мнемоника** *ж* мнемоника (эске салуу, эске тутуу жагын оңойлотууга, жөлөк болууга ылайыкташкан көнүгүүлөрдүн, ыкмалардын жалпы тобу) (Орусча-кыргызча сөздүк, К-О, 2012: 294).

[3] **Пиктография** *ж* пиктография (шарттуу сүрөт түрүндө колдонулган эң байыркы жазуу) (Орусча-кыргызча сөздүк, 2012: 91); **ПИКТОГРАФИЯ** (лат. piktus ‘нарисованный’, grapho ‘пищу’) древнейший тип письма. Пиктографические знаки (пиктограммы) представляли собой рисунки, наглядно отражающие предметы и явления действительности (человека, животных, птиц, деревья, растения, сцены охоты и др.). Такие рисунки образно передавали содержание реальной действительности, не были связаны с алфавитом, легко «читались» (Стариченок В. Д., 2008: 438).

От лат. *piktus* – украшенный и греч. *grapho* – пишу. Собственно письмо начинается тогда, когда при помощи специальных графических знаков (графем) обозначается что-то (предмет, слог, звук) (Кодухов В. И., 1979: 158).

[4]**ПИКТОГРАММЫ** см. **ПИКТОГРАФИЯ.**

[5]**ПЕТРОГЛИФЫ** (греч. *petra* ‘скала, камень’, *glyphe* ‘резьба’) – наскальные пиктограммы, изображающие жифотных, птиц, сцены охоты, войны и т. д. (Стариченок В. Д., 2008: 437).

[6] **ИДЕОГРАФИЯ** (греч. *Idea* ‘понятие’, *grapho* ‘пишу’), или **ЛОГОГРАФИЯ** (греч. logos ‘слово’, *grapho* ‘пишу’) – вид письма в котором знаки (идеограммы) обознача-

ют не звуки, а определенные понятия. В отличие от пиктографических знаков, которые схожи с определенными предметами, идеограммы являются более условными, абстрактными. К числу древнейших идеографических систем относят египетское, шумерское и китайское письмо (Стариченок В. Д., 2008: 203).

[7] **ИЕРОГЛИФЫ** (греч. *hieroglyphoi* ‘священные письмена’) – фигурные знаки идеографического письма, обозначающие целые понятия, слова или отдельные слоги и звуки речи (Стариченок В. Д., 2008: 204).

[8] **ЛОГОГРАФИЯ** то же, что **ИДЕОГРАФИЯ.**

[9]**ДЕТЕРМИНАТИВ** (лат. *determine* ‘определяю’) – дополнительный знак в идеографическом письме (например, в иероглифах), используемый в качестве конкретизатора смысла высказывания, более однозначного его прочтения и понимания (Стариченок В. Д., 2008: 161).

[10] **ИЗОЛИРУЮЩИЕ (АМОРФНЫЕ, КОРНЕВЫЕ) ЯЗЫКИ** – языки, в которых отсутствуют формообразование, а грамматические значения (числа, падежа, лица, времени и др.) выражаются при помощи служебных слов, порядком слов, ударением, а также посредством примыкания. К числу изолирующих относятся китайский, вьетнамский, бирманский и другие языки юго-восточной Азии. (Стариченок В. Д., 2008: 207).

[11] **Агглютинативдүү тил.** Бул тилдер (шумер, белгилүү бир даражада япон, корей, түрк тилдери ж.б.) сөздүн маанилик бөлүгүн алып жүрүүчү өзгөрүлбөс уңгудан жана сөз формаларынан – аффикстерден турат. В. Д. Стариченок боюнча: «**АГГЛЮТИНАЦИЯ** (лат. agglutination ‘приклеивание, склеивание’) – способ образование новых слов и их форм посредством механического присоединения к неизменяемым основам и корням стандартных аффиксов. Каждый аффикс при этом выражает только одно грамматическое значение. К агглютинативным относятся тюркские, финно-угорские, монгольский, японский и другие языки (2008: 21).

[12] **ФЛЕКТИВНЫЕ ЯЗЫКИ** (лат. *flexio* ‘изгиб, сгибание’) – языки в которых флексия (окончание) выступает в качестве основного признака морфологической структуры слова, являясь показателем различных грамматических форм одного и того же слова. К флективным относятся греческий, санскрит, старославянский, русский, немецкий и другие индоевропейские, а также семито-хемитские языки (Стариченок В. Д., 2008: 673).

[13] Байыркы Египет төмөнкүдөй доорлорго бөлүнөт: 1) архаикалык, династияга чейинки доор (додинастическая эпоха), т.а., Жогорку жана Төмөнкү Египеттин бир мамлекетке кошулуусуна чейинки доор, бул болжол менен б.з.ч. III миң жылдыкка чейин; 2) «Байыркы падышачылык» («Древнее царство») – «от объединения Египта до распада его на номы», т. а., дээрлик б.з.ч. III миң жылдык толугу менен, (распад Египта на номы – последние века III тыс. до н. э.); 3) «Ортоңку падышачылык» (Среднее царство) – бул байыркы египет адабиятынын жана искусствосунун эң жогорку гүлдөгөн мезгили, Египеттин жаңы биригүүсүнөн Египеттеги элдик көтөрүлүшкө жана анын гиксостор тарабынан басып алынышына чейинки доор, т. а., б. з. ч. XXI-XVIII кк. (Египет гиксостордун кол алдында – б. з. ч. XVII – XVI к. башы); 4) «Жаңы падышачылык» – гиксостордун жеңилишинен ливиялыктардын Египетти басып алуусуна чейин, т.а., б. з. ч. XVI-X кк.; 5) Кийинки, Саистик падышачылык (Саисское царство) – Египеттеги ассирийликтердин бийлигинин аягынан персиддиктердин жогорку бийлигине чейин, т. а., б. з. ч. 663-525-жж.; 6) «Эллинистик Египет» – Александр Македонскийдин б.з.ч. 332-жылы жеңишинен б.з. 639-жылы Египетти арабдардын жеңишине чейин (Истрин В. И., 1961: 83).

[14] **КОНСОНАНТИЗМ** (лат. *consonants, consonantis*) ‘согласный звук’) – система согласных звуков какого-либо языка, диалекта или говора (Стариченок В. Д., 2008: 261).

[15]**Ацтектер** XVI кылымдын 20-жылдарында Кортес баштаган испан конквистадорлорунун басып алуусуна чейин өнүккөн уруулук түзүлүштөн кул ээлөөчүлүк түзүлүшкө өтүшкөн; алар өздөрү түзгөн уруулардын конфедерациясынын башында турушкан жана борбору Теногтитлан болгон эң ири, жакшы уюшулган мамлекетке ээ болушкан (Истрин В. И., 1961: 91).

[16] **СИНТЕТИЧЕСКАЯ ФОРМА** - простая форма состоящая из одной лексической единицы, в которой грамматические единицы, в которой выражается в пределах данной словоформы (Стариченок В. Д., 2008: 553).

[17] Байыркы Кытай тарыхынын периодизациясы традиция боюнча Кытайды башкарган династиялар боюнча жүргүзүлөт: б. з. ч. 1766-1122-жж. – легендарлуу **Инь династиясы,** 1122 – 249-жж. – **Чжоу династиясы,** 221-206-жж. – **Цинь династиясы,** б.з.ч. 206-жылдан б.з. 220-жылына чейин **Хань династиясы** башкарган (Истрин В. И., 1961: 102).

[18] **Щит** м **5.** *зоол.* калкан, кабык, кабырчык (жаныбарлардын жумшак денесин сактоочу кабык) (Орусча-кыргызча сөздүк, 1012: 651).

[9] **Треножник** м. **1.** тулга (Орусча-кыргызча сөздүк, 1012: 400).

[20] Сүрөт-синтетикалык жазуудан, чамасы, инь сүрөттүк логограммалар келип чыккан болуу керек. Адегенде улам-улам кайталанган сүрөттүк-синтетикалык жазуунун элементтери формасы боюнча туруктуу боло баштаган, бара-бара өз алдынчалыкка ээ болгон жана сөз белгилери – логограммалар катары колдонула баштаган.

[21] **Муундук жазуу. Караңыз: СЛОГОВЫЕ ЯЗЫКИ** – языки, в фонетической системе которых основной единицей является слог (языки Китая и Юго-Восточной Азии). Морфемы и слоги (силлабемы) в таких языках, как правило, совпадают (Стариченок В. Д., 2008: 584).

Муундук жазуунун белгилер системасы силлабарий (syllabary) деп аталат. Буга орус тилиндеги *силлабогра-*

*фия,* же *силлабикалык жазуу*, же *муундук жазуу* деген терминдер туура келет (Гельб И. Е., 1982: 241).

[22] **БУКВЕННО-ЗВУКОВОЕ ПИСЬМО см. ПИСЬМО. ПИСЬМО** – система начертательных (графических) знаков, используемых для фиксации звучащей речи (Стариченок В. Д., 2008: 43).

[23] **СЕМАСИГРАФИЯ** (греч. *semasia* 'значение, смысл', *grapho* 'пишу') – наука, исследующая древние виды письма, к которым относятся пиктография, идеография, санскрит и др. (Стариченок В. Д., 2008: 539).

[24] **Мнемоникалык-идентификациялык ыкма. ИДЕНТИФИКАЦИЯ** (лат. identificare 'отождествлять') – установление идентичности (тоджества) звуков, находящихся как в различных, так и одинаковых фонологических позициях. Результатом идентификации является составление инвентаря звуков (фонем), которые объединяются в определенные типы и классы (Стариченок В. Д., 2008: 201).

[25] **Геральдикалык символдор.** Караңыз: **Геральдика** *ж* геральдика (тарых илиминин гербдерди изилдөөчү көмөкчү тармагы) (Орусча-кыргызча сөздүк, 1912: 353).

[26] **Оптик** *м* оптик (оптика боюнча адис) (Орусча-кыргызча сөздүк, 1912: 596).

[27] **ФОНОГРАФИЯ** (греч. *phone* 'звук', *gramma* 'пишу') – разновидность письма, в котором графические знаки обозначают звуки или слоги, а не понятия (как в идеографии). В зависимости от значения графических знаков выделяется слоговое письмо (характерно эфиопскому, шумерскому, японскому, корейскому языкам) и буквенно-слоговое письмо (характерно финикийскому, еврейскому, иранскому, сирийскому, арабскому, греческому, большинству европейских языков). (Стариченок В.Д., 2008: 680).

[28] **Печать** ж **1**. печать, мөөр, тамга (Орусча-кыргызча сөздүк. П-Р. – Б., 2012: 87).

[29] **СИЛЛАБИКА** (греч. *sillabe* 'слог'- учение о слоге и ее принципах слогораздела) (Стариченок В. Д., 2008: 542).

[30]**АСПИРАТЫ** (лат. a*spiration* ‘придыхание’), или **ПРИДЫХАТЕЛЬНЫЕ**, - согласные звуки, произносимые с придыханием (анг. h). Орус тилиндеги үнсүздөрдүн классификациясында аспираттар бөлүнүп берилбейт (Стариченок В. Д., 2008: 70).

[31] **Скипетр** *м ист.* скипетр (асыл таштар чөгөрүлүп жасалган аса таяк – монархиялык өкмөттүн белгилеринин бири) (Орусча-кыргызча сөздүк. С-Я, 2012: 102).

[32] **Иератическое письмо** – первоначально так называлось беглое повседневное письмо в противоположность «священному» иероглифическому письму на памятниках. Когда впоследствии в повседневное употребление вошло демотическое письмо, ...иератическое начала употребляться, прежде всего жрецами, для записи религиозных текстов. К этому времени и относится выражение иератическое, т.е. «жреческое письмо», использованное Климентом Александрийским (Фридрих И., 1979: 51).

[33] **ЛИГАТУРА** (лат. *ligature* ‘связь’) – знак любой системы письма, образованный путем соединения двух знаков (букв) (Стариченок- В. Д., 2008: 285).

[34] **ДЕТЕРМИНАТИВ** (лат. *determine* ‘определяю’) – дополнительный знак в идеографичсеком письме (например, в иероглифах), используемый в качестве конкретизатора смысла высказывания, более однозначного его прочтения и понимания (Стариченок В. Д., 2008: 161).

[35] **Клинопись** *ж* клинопись (**1.** шынаа жазуу, шынаага окшош тамгалар менен жазылган жазуу) (Кыргызча-орусча сөздүк, 2012: 56).

[36] **Бустрофедон** – противоположное направление соседних «строк», то есть серий пиктограмм (Жорж Жан, 2005: 14).

[37] **Браектат** – название происходит от латинского слова bractea (тонкая пластина), которое служит для обозначения средневековых монет с односторонней чеканкой. Это слово использовано довольно неподходящим образом для украшения, носившегося в качестве оберегающего амулета (Вебер Э., 2002: 42).

[38] **ДЕФИНИЦИЯ** (лат. *definition* ‘объяснение, определение’) – точное, логическое и краткое объяснение содержание слова, его значения, смысла. (Стариченок В. Д., 2008: 162).

[39] **ГРАФЕМА** (греч. *graphe* ‘начертание’) – минимальная единица графической системы языка, которая (в зависимости от стиля письма, места ее в слове или предложении) выступает в различных вариантах. Так, графемы *б (б), м (эм), л (эль)* имеют несколько форм выражения: строчная, заглавная, печатная, рукописная, курсивная и др. Термин *графема* употребляется также в значении минимальной единицы алфавитной системы письма, демонстрирующей отношения между планом выражения (буквами) и планом содержания (фонемами): *<у> = У, у; <б> = Б, б; <л> = Л, л;+ (ь, е, ё, ю, я)* (Стариченок В. Д., 2008: 143).

[40] **ФОНЕМА** (греч. *phone* ‘звук’) – звуковой тип, эталон, мельчайшая неделимая единица звукового строя, служащая для различия значимых единиц языка (морфем, слов и их форм). Например, слова *том, сом, дом* различаются фонемами <т>, <с>,<д>. В словах *угол* и *уголь, мел и мель, был и быль, дал и даль, пыл и пыль* <л> и <л’> являются фонемами, ибо различают слова и их формы. ... Звук [т] в словах *код и кот, род и рот* представляет две фонемы <д> и <т>, выступающие в различных позициях, ср. *коды, коты, роды, рты* (Стариченок В. Д., 2008: 674).

[41] **Репрезентант** *м книжн.* өкүл (Орусча-кыргызча сөздүк, 2012: 612); **РЕПРЕЗЕНТАТИВ** (франц. *representatif* ‘наглядный, показательный’, лат. *representativus*) – речевой акт, описывающий определенное положение дел, содержащий представление о ком-либо, его краткую характеристику (Стариченок В. Д., 2008: 647).

[42] **Нотация** II *ж* нотация (шарттуу жазуу белгилери, ноталар системасы) (Орусча-кыргызча сөздүк, 2012: 485).

[43] **Мезолит доору.** Ө. Осмоновдун маалыматы боюнча мезолит доорунда («среднекаменный век» – Ө. О.) б.з.ч.

10-5-миң жылдыкта адамдар чакмак таштан анча чоң эмес көлөмдөгү куралдарды (кремневые орудия) жасай башташкан, алар жыгач же сөөк кармагычтарга бекитилген. Мындай куралдар жалаң таштан жасалган предметтерге караганда көп функциялуу болгон жана курчтугу жагынан металл буюмдардан кем калышкан эмес. Бул доордо адамдар алыска тез жетүүчү (скорострельное оружие) жаа менен жаанын жебесин жасашкан. Балык уулоочулук өркүндөгөн: кайык жана балык кармоочу кайырмак пайда болгон. Мезолит доорунда адамдар майда топторго биригишкен жана бир жерге көпкө байыр алышкан эмес (Осмонов Ө., 2012: 35).

[44] Соңку **палеолит доорунда** адамдар уруулук коомго (родовое общество) бириге башташкан, коомдо аялдын ролу жогорулап, матриархат өкүм сүргөн. Эмгек куралдарын жасоодо таштан башка сөөк жана жыгач колдонула баштаган. Мындай эмгек куралдары Ошко жакын Сел-Үңкүр деген жерден жана Исфана суусунун өрөөнүндөгү Кожо-Гор булагы жайгашкан жерден табылган. Ошол доордо адамдардын аң-сезиминде өзгөрүүлөр болгон. Адамдар жаратылышта болуп жаткан көрүнүштөрдү «искусствонун» жардамы менен таштарда, үңкүрлөрдүн дубалдарында сүрөт түрүндө тартып калтырышкан. Мисалы, Ө. Осмонов Ысык-Көл областындагы Сары-Жаз суусунун өрөөнүндө жайгашкан Ак-Чуңкур үңкүрүндө табылган жаныбарлардын сүрөттөрүн, аңчылык сценаларын, ритуалдуу бийлерди чагылдырган сүрөттөрдү мисалга келтирет (Осмонов Ө., 2012: 34).

[45] **Скиф маданияты** – бул коло доорундагы малчылар коомунан (от пастушеских обществ) чарбачылык жана жашоо турмушу (бытие) жагынан жаңы формага өтүшүнөн келип чыккан **атчан номаддардын маданияты,** скифтик деп аталган маданияттын эпохалык тиби. В.Массон маданияттын скифтик доорунун үч белгисин белгилеп көрсөтөт. Алар, биринчиден, карым-катнашуунy ылдамдаткан атчандардын көчмө кыймылы, экин-

чиден, коомдо атчандардын куралдануу психологиясы менен байланышкан, милитаризмге ыктаган жаңы баалуулуктар жана жүрүм-турум ориентациялары, үчүнчүдөн, коомдогу динамизм жана энергияны чагылдырган көркөм түшүнүктөр жана эстетикалык ориентирлер.

[46] **СКИФТЕР (Скифы)** – б.з. ч. 7-к. – б. з. ч. 3-к. Түндүк Кара деңиз боюн ж-а ага чектеш аймактарды мекендеген байыркы уруулар. Алар төрө С., кошчу С., дыйкан С. деп бөлүнгөн. Б. з. ч. 4-к-да борбору Неаполь шаары болгон Скиф мамлекетин түзүшкөн. Б. з. 3-к-нда С-ди гот уруулар бирикмеси талкалаган (Урстанбеков Б., Чороев Т., 1990: 159).

[47] **Бляшка** *ж уменьш.* **бляха. Блях/а** *ж* **1**. тогоо, төңөлүк, чагарак, таралга; ат жабдыктарын, мебелдерди кооздоодо колдонулуучу жука металл, купа, көрчөгө (Орусча-кыргызча сөздүк, 2012: 136).

[48] Мындай эстеликтер Миң-Суу ойдуңундагы Карасук районундагы Батеней кыштагында табылгандыктан, бул маданият тарыхта **карасук маданияты** деп аталган. Карасук маданияты Андронов маданиятынан келип чыккан.

[49] **Инвентарь** *м* инвентарь (**1.** ишканага, мекемеге тиешелүү кандайдыр бир мүлккө кирген буюмдардын жыйындысы) (Орусча-кыргызча сөздүк, 2012: 718).

[50] **Тотем** *м* тотем (алгачкы адамдар өз уруусунун пири деп эсептеп сыйынган айбан, өсүмдүк же жаратылыш кубулушу) (Орусча-кыргызча сөздүк, 2012: 382).

[51] **«АЙБАНАТТАР СТИЛИ (Звериный стиль)** – байыркы адамдардын сүрөт өнөрүнө мүнөздүү болгон өзгөчө бир стилди белгилөөчү **шарттуу термин** *(белгилеген – Г. Ж.).* А.С. коло доорунда пайда болуп, темир доорунда жа алгачкы таптык мамлекеттерде бир кыйла өнүккөн. Бул стиль орто кылымдардагы кол өнөрчүлөрдүн жасаган буюмдарында (уздардын ойгон оюулары менен сайган саймаларында) сакталып калган. Тотемизмге байланыштуу адегенде бул стилде тартылган жаныбарлардын сүрөтү кийинчерээк оюунун шарттуу бир тарамына ай-

ланып кеткени м-н символдук өзгөчөлүктөрү б-ча кайсы жаныбар чагылдырылып жатканын таасын аныктай алууга болот. Бул стилге таандык үлгүлөр Кыргызстандын аймагындагы аска беттеринде тартылган сүрөттөрдө, айрым археологиялык эстеликтерде кезигет (Урстанбеков Б., Чороев Т., 1999: 9).

[52] **Тотемизм** *м* тотемизм (тотемге сыйынуу формасы) (Орусча-кыргызча сөздүк, 2012: 384).

[53] **Изваяние** *ср* статуя, скульптуралык сүрөт (Орусча-кыргызча сөздүк, 2012: 692).

[54] **Орнамент** *м* **1**. орнамент, оюу-чийүү, оймо-чийме (Орусча-кыргызча сөздүк, 2012: 605).

[55] **Бубен** *м.* дойра, чалдырман (жаргак менен капталган тегерек музыкалык аспап) (Орусча-кыргызча сөздүк, 2012:162).

[56] **Контур/ный/ -ая, -ое** контурдук, контур түрүндөгү, сөлөкөт түрүндөгү (Орусча-кыргызча сөздүк, 2012: 99).

[57] **Силуэт** *м* **1.** силуэт (бир түстөгү контурдук сүрөт) (Орусча-кыргызча сөздүк, 2012: 87).

[58] **Скелет** *м* **1.** *анат*. скелет; **3.** (основа, каркас) скелет, негиз (Орусча-кыргызча сөздүк, 2012: 101).

[59] **Чекан** I **5.** чекан (айбалтага, күрзүгө окшош согуш куралы) (Кыргызча-орусча сөздүк. С-Я, 2011: 593).

[60] **Пряжка** I *ж* **1.** (застежка) таралга. (Караңыз: Орусча-кыргызча сөздүк, ПР, – Б., 2012: 483).

[61] **Диадема** *ж* диадема, таажы (Орусча-кыргызча сөздүк, 2012: 440).

[62] **Экспрессия** *ж* экспрессия (күчөтүүчү, таасындык, көркөмдүк берүүчү ички сезимди билдирүүчү маани) (Орусча-кыргызча сөздүк, 2012: 660).

[63] **Орография** *ж* орография (жердин бетинин рельефинин формаларын сүрөттөп жазуу жана классификациялоо боюнча иш алып баруучу геоморфологиянын бир бөлүмү) (Орусча-кыргызча сөздүк, К-О, 2012: 606).

[64] **Идентицирующе-мнемонический прием.** Семасиографический прием передачи сообщений при помощи ри-

сунков или зримых начертаний, которые помогают отождествить или запечатлеть те или иные лица или предметы. Например, изображение ягуара не щите может приблизительно передавать такого рода общее сообщение: «Этот щить принедлежит человеку, убившему ягуара» (Гельб И.Е.,1982: 236).

[65]**Метка** *ж* **1.** белги уруу; тамга басуу, эн салуу (Орусча-кыргызча сөздүк, К-О, 2012: 277).

[66] **Код** *м* код (шарттуу белгилер системасы) (Орусча-кыргызча сөздүк, К-О, 2012: 64).

[67] **Курыкан урууларынын** айрым бөлүктөрү бүгүнкү сага-якуттардын этностук жүзүн негиздешти дейт О. Каратаев (2013: 163).

[68] **«Изых»** - бул үчүн жаш үй жаныбары (мерин) алынган, аны сүткө жууп, жыпар-жыттуу чөптүн түтүнү менен каптатып, жалын жана куйругун ленталар менен кооздошуп, жаныбарга кооздолгон ыйык каргы (ошейник) салып коюшкан. Сыйынуудан кийин бул жаныбарды (ат) эркиндикке кое беришкен, андан кийин аны ал картайганга чейин эч ким минген эмес. Ал ыйык деп эсептелгендиктен, ал үйүр-үйүр малды ар кандай жырткычтардан, уруулардан коргойт деген ишенимде болушкан (Кызласов Л. Р., Леонтьев Н. В., 1980: 69).

[69] **Сум/а** *ж* баштык, калта, торбо (Орусча-кыргызча сөздүк, 2012: 297).

[70] Хакастардын сүрөттөрү жөнүндөгү маалыматтар XVII кылымга барып такалат (Кызласов Л. Р., Леонтьев Н. В., 1980: 6). Жогоруда айтылгандай, Хакасиядагы эстеликтерде тамгалардын кийинки мезгилге чейин эле колдонулгандыгы белгилүү. Мисалы, өтүнүч арыздарда хакастар кол коюунун ордуна «белгилерди» («знамя», «знак») коюшкан (Оглоблин, 1891-1892; № 88-92; Симченко, 1965: 88-92). Бул белгилер жаныбарлардын реалдуу сүрөттөрү (мисалы, аттардын) же жаа жебеси (жебе салган капчыгы менен), кылыч, найза, айбалта ж.б. болгон. Мындай белгилер, б. а.,«тамгалар» *(хак. таңма)* хакас малчысынын жеке белгиси (эн тамгасы)

катары саналган. Эн тамгалардын социалдык жана символикалык мааниси болгон. Бул белги, сөзсүз, ээсинин кандай үй-бүлөдөн, уруудан экендигинен кабар берген. Мындан башка эн тамгалар ээсинин малына, башка мүлкүнө, жер ээликтеринин чегине, жайыттарына, аңчылык кыла турган жерлерине ж.б. коюлган (Кызласов Л. Р., Леонтьев Н. В., 1980: 6).

[71] **Ваза** *ж* ваза (Орусча-кыргызча сөздүк, А-И, 2012: 177).

[72] **Татуировка** *ж* **1.** татуировка (ийне сайып, теринин астына боёк киргизүү жолу менен адамдын денесине сүрөт салуу, жазуу түшүрүү) (Орусча-кыргызча сөздүк, С-Я, 2012: 333).

[73] **Логографиялык жазуу** И. Е. Гельбдин классификациясында «словесное письмо», К. Сарткожаулында - логография, А. Аманжоловдо, В. И. Кодуховдо, С. Ибраимовдо ж.б. идеографиялык жазуу деп берилген.

[72] **Фрагмент** *м. книжн.* фрагмент, бөлүк, үзүндү (Орусча-кыргызча сөздүк, С-Я, 2012: 539).

[74] **Прикладн/ой, -ая, ое** прикладдык, практикалык, тажрыйбалык, күнүмдүк колдонулуучу; ~ ое искусство турмуш-тажрыйбада колдонуучу чеберчилик (Орусча-кыргызча сөздүк, П-Р, 2012: 381).

[75] **Ромб** *ромб* (1. бардык жагы тең параллелограмм) (Орусча-кыргызча сөздүк, П-Р, 2012: 629).

[76] **Лань** *ж* лань (сымбаты жана күлүктүгү менен өзгөчөлөнгөн бугулар түркүмүндөгү жаныбар; ушул жаныбардын ургаачысы) (Орусча-кыргызча сөздүк, К-О, 2012: 177).

[77] **Рельеф** *м* **1.** рельеф. (бети тегиз нерсенин үстүнө бүдүрөйтө, төмпөйтө түшүрүлгөн түр, жазуу, сүрөт) (Орусча-кыргызча сөздүк, П-Р, 2012: 608).

[78] **Инкрустаци/я** *ж* **2.** инкрустациялоо, кооздоп жасалгалоо (сөөккө, металлга ж.б. оймо-чийме салуу, сүрөт түшүрүү же кооздолуучу буюмга бир нерсе жабыштырып бекитүү) (Орусча-кыргызча сөздүк. А-И, 2012: 722).

[79] **Гравировк/а** *ж* **2.** сүрөт, оюу (Орусча-кыргызча сөздүк, А-И, 2012: 385).

[80] **Тамбур** II *м (род вышивки)* тамбур (илмек токуунун же сайма саюунун бир түрү) (Орусча-кыргызча сөздүк, С-Я, 2012: 329).

[81] **Волюта** *ж архит.* волюта (курулуштун кооздук жасалгасы) (Орусча-кыргызча сөздүк, А-И, 2012: 250).

[82] **Вытачка** *ж* таноо (мис. кийимдин белин) (Кыргызча-орусча сөздүк, А-И, 2012: 329).

[83] **Розетка** *ж* розетка **5.** *архит.* гүл желекчелеринин, жалбырактардын ж.б. сүрөтү салынып тегерек формада дубалга же шыпка чапталып коюулуучу кооздук (Орусча-кыргызча сөздүк, П-Р, 2012: 626).

[84] **Шеврон/ный, -ая, -ое 2.** тех. тиштүү (Орусча-кыргызча сөздүк, С-Я, 2012: 625).

[85] **Грифон** *м тот же, что* **гриф I 1. Гриф I 1.** *миф.* гриф (денеси арстан сымал, бүркүттүкүндөй канаты бар укмуштуу жаныбар) (Орусча-кыргызча сөздүк, 2012:391).

[86] **Сетка** ж. **3** *(разлиновка клетками)* чарчы сызыктар, сетка (Орусча-кыргызча сөздүк, С-Я, 2012: 80) *(Биз тордомолор деп бердик - Г.Ж.).*

[87] **Төбөсү шоңшогой шапка** *(калпак –Г. Ж.)* тууралуу маалымат Ө. Осмоновдун эмгегинде кездешет. Б.з.ч. VIV кылымдарда Орто Азиядагы сактар ири эки уруулук биримдикке (союзга) биригишкен. Бул биримдик байыркы перс булактарында – сак-тиграхауд, байыркы грек булактарында – сак-ортокарибант деп аталган, котормосу «шоңшогой шапкелүү сактар» («саки в остроконечных шапках») ( Ө.Осмонов. Аталган эмгекте, 2012: 54).

[88] **Ладан** *м* ладан (диний ырымдарда түтөтүү үчүн колдонулган субтропикалык жыгачтардан алынуучу жыпар жыттуу чайыр) (Орусча-кыргызча сөздүк, К-О. – Б.: 1912: 172)

[89] **Вышивк/а** *ж* см. **вышивание 2.** (узор) сайма. (Орусча-кыргызча сөздүк, А-И. – Б., 2012: 337).

[90] **Меандр** м **1.** *иск.* оймо-чийме, ийри-буйру оюу. (Караңыз: Орусча-кыргызча сөздүк, К-О. – Б., 2012: 257).

[91] **Циновка** *ж* чий, бойро, себет ж.б. сыяктуу токулган нерсе (Орусча-кыргызча сөздүк, СЯ, 2012: 585); Ал эми

чийге мындай түшүндүрмө берилет: «**Чий** – высокая трава из семейств злаковых (Lasiadrostis Splendens). Стебли чия оплетают шерстью и из них изготовляют циновки с узором коврового типа»(Бернштам А. Н., 1998: 635).

[92] К. Сарткожаулы Хань доорунан баштап кытайлыктар иероглификалык жазуусун ***«вэньцзи»*** деп аташкандыгын, ал «развитое письмо» дегенди түшүндүрөрүн кабарлайт (Сарткожаулы К., 2012: 27).

[93] **Дощечка** *ж уменьш. к.* **доска** (Караңыз: Орусча-кыргызча сөздүк, А-И, 2012: 490); **Доск/а** *ж* **1.** тактай; **2.** доска, такта ( Аталган сөздүктө, 482).

[94] **Надрез** *м* **1.** *по зн. гл.* **надрезать.** 2. кесилген жер, кесик, тилик, (Орусча-кыргызча сөздүк, А-И. – Б., 2012: 356).

[95] **Панцир/ь м 1.** соот, калкан, чопкут; **2.** калкан; **черепаший ~ ь** таш баканын калканы (Орусча-кыргызча сөздүк, А-И, – Б.: 2012: 12).

[96] Маалымат төмөнкү эмгектен алынды: *К. Сарткожаулы.* Генезис древнетюрксого рунического письма. – Алматы, 2012, 24-б. Автор төмөнкү эмгекке таянат: *J.R.Ware.* Wei shoi Duddhism // TP. 1933.p.p. 100-181. Ушундай эле пикирди *G.Schreider* (1997), синолог *Д.Кароль* (1953) да айтышкан. 1960-жылы жарык көргөн Кытай сөздүгүндө («Цыхай» –«Море слов»), Чоң кытай сөздүгүндө («Ханьюй цыдянь»), 1909-жылы Иннокентийдин редакциясында жарык көргөн Кытай-орус толук сөздүгүндө да шуци «жазуу» деп которулган.

[97] **Жрец** *м* (бутпарас дининдеги курман чалуучу киши); **2.** *перен.* жрец, илимге, музыкага, искусствого ж. б. берилген киши; **~ая каста** жрецтер кастасы (Орусча-кыргызча сөздүк, А-И, 2012: 12).

[98] **Вокализм** *м. лингв.* вокализм (үндүүлөр системасы).

[99] Китепте *и* болуп берилип калган (Сыдыков С., 2011: 252).

[100] Китепте ичке үндүүлөр: е, е, у, и деп берилип калган. Туурасы е, ө, ү, и.

[101] Кытай жазма булактарында б. з. ч. 201-жылы Миң-Суу ойдуңунда **кыргыздар эң биринчи жолу «гяньгунь» же «цзяньгунь» деген ат менен кезиккен.** Тарыхый фактылар боюнча кыргыздар Саян тоолорунан түндүгүрөөктө, Миң-Суу ойдуңундагы талааларда, Енисей суусунун жээгинде жашашкан.

**Адабияттар**

1. Абдулдаев Э. Азыркы кыргыз тили. – Б.: «Кыргызстан», 1998, 256 б.

2. Абдулдаев Э., Супрун А.Е. Тилдин жана жазуунун келип чыгышы. – Ф.: Мектеп, 1965, 75 б.

3. Абдулдаев Э., Жапаров А., Орузбаева Б. Кыргыз тили. – Ф.: «Мектеп» басмасы, 1968, 139 б.

4. Абдулдаев Э., Турсунов А. Кыргыз тили. Кыргыз мектептеринин IX-X класстары үчүн окуу китеби. – Ф.: Мектеп, 1976,177 б.

5. Абдыразаков А. Түрк атанын балдары болсок...же рух башаттары. – Анкара, 1995.

6. Абдыразаков А. Орхон-енисей байыркы кыргыз-турк жазуулары жана рух башаттары. – Бишкек, 2004, 172 б.

7. Абрамзон С. М. Творчество киргизского народа. Сб. «Советская этнография», 1940, III; Очерк культуры киргизкого народа. – Ф.: 1946; Тянь-Шаньские экспедиции в Киргизской ССР в 1946-47 гг., Известия всесоюзного географического общества, т. 80, вып. 4, 1948; В киргизских колхозах Тянь-Шаня. СЭ, № 4, 1949; Этнографический альбом художника П. М. Кошарова (1857), Сб. МАЭ, т. XIV, 1953; Прошлое и настоящее киргизских шахтеров Кизил Кии. СЭ, № 4, 1954.

8. Абрамзон С. М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. – Л.: 1971, 2-ое изд. – Бишкек, 1990.

9. Абрамзон С. М. Киргизский национальный узор [рец.]. «Сов. этнография». 1950, № 1.

10. Авдиев В. И. Возникновение древнеегипетской письменности. -М.: 1960.

11. Аврутина А. Фонологическая система языка древнетюркских рунических памятников // Тюркология, 2004, № 1 (9), 84-97-бб.

12. Адрианов А. В. Предварительные сведения о собрании писаниц в Минусинском крае летом 1904 г. –ИРКИСВА. № 4, 1904.

13. Адрианов В. И. Путешествие на Алтай и за Саяны, совершенное летом 1883 г. – Записки Сибирского отделения Русского географического общества. Кн. 8. Вып. 2. Омск, 1886.

14. Адрианов В. И. Путешествие на Алтай и за Саяны, совершенное летом 1881 г. – Записки РГО по общей географии. Т. 2, СПб., 1888.

15. Адрианов А. В. О древних погребениях с гипсовыми масками и трепанированными черепами в Минусинском уезде // ИАК. Прибавление к вып. 10, §6, 1904.

16. Адрианов Л. В. К археологии Западного Алтая // ИАК. СПб. 1916, вып. 62, 2-91-бб.

17. Азиз Ниалло. Искусство Советской Киргизии. – М.: 1939.

18. Айтбаева М. Историко-культурные связи киргизского и русского народов (по материалам иссык-кульской области Кирг. ССР), – Ф.: 1957.

19. Акматалиев А. Жасалга өнөр чеберлери. - Ф., 1982.

20. Акматалиев А. Кыргыздын колдонмо-жасалга өнөрү. - Ф.: 1989.

21. Аманжолов А. С. История и теория древнетюркского письма. -Алматы: «Мектеп», 2003, 366 б.

22. Аманжолов А. С. Писаницы (петроглифы) на скалах Бугытас. «Вестник АН Каз. ССР, 1956, № 4.

23. Аманжолов А. С. К генезису тюркских рун. – жн. Вопросы языкознания, 1978, № 2, 76-87-бб.

24. Амброс А. К. Раннеземледельческий культовый символ (ромб с крючками). – СА, 1965: №3, 14-27-бб.

25. Амирова Т., Функциональная взаимосвязь письменного и звукового языка. – М.: «Наука», 1985, 286 б.

26. Амирова Т. А., Аманжолов А.С. К истории изучения наиболее ранних этапов письменности. – Сборник на-

учных трудов МГПИИЯ, вып. 275. «Актуальные проблемы истории и историографии лингвистики». - М., 1986: 127 б.

27. Андреев М. Орнамент горных таджиков и киргизов Памира. – Ташкент, 1928, 41 б.

28. Антипина К. И. Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных киргизов. – Ф.: 1962.

29. Арагачи З.Б., Батманов И.А., Бабушкин Г.Ф. Современная и древняя Енисеика. - Ф.: Изд-во Ан Кирг.ССР, 1962, 248 б.

30. Аристов Н. А. Записка об устройстве водоснабжения города Верного и Алматинской станицы: [С прил.]. [1886].

31. Аристов Н.Я. Опыт выяснения этнического состава киргиз-кайсаков Большой орды и каракиргизов, на основании родословных сказаний и сведений о существующих родовых делениях и о родовых тамгах, а также исторических данных и начинающихся антропологических исследований. - СПб.: тип. С. Н. Худекова, 1895. — 96 с. – «Живая старина», СПб., 1894, вып. III- IV, 346.

32. Аристов Н. А. Заметки об этническом составе тюркских племен и народностей и сведения об их численности. СПб, 1897, 182 б.; Отдельный оттиск из «Живой старины», Вып. 3-4, 1896, 277-456 бб.

33. Аристов Н. А. Усуни и кыргызы или кара-кыргызы: Очерки истории и быта населения западного Тянь-Шаня и исследования по его исторической географии. - Б.: Илим, 2001, 582 б.

34. Аристов Н. А. Труды по истории и этническому составу тюркских племен. - Бишкек: Илим, 2003, 460 с.

35. Артамонов М. История СССР с древнейших времён до образования древнерусского государства. 1939, ч. 1. 239.

36. Археологические памятники Талласской долины – Ф.: 1963, 101 б.

37. Асаналиев Ү. Тунгус-манжур, монгол, байыркы түрк жана кыргыз тилинин кээ бир лексикалык параллелдери. – Каракол: 2003.

38. Асаналиев Ү., Мусабаева З. (түзүүчүлөр) Орхон-Енисей жазууларына машыгуу. – Б.: 1994.

39. Атлас древностей Монголии. Издан В. В. Радловым СПб., 1892 (Труды Орхонской экспедиции. Вып. 1.), Предисловие.

40. Ахматов Т., Супрун А.Е., Скирдов В.Д. Грамматика русского языка: Синтаксис киргизской школы. - Ф.:1990.

41. Ахматов Т., Давлетов С., Сартбаев К., Иманалиев С. Тил илимине киришүү. – Ф.: «Мектеп», 1980, 172 б.

42. Ахматов Т., Мукамбаев Ж. Азыркы кыргыз тили. Фонетика, лексика. – Фрунзе: «Мектеп, 1978, 176 б.

43. Ахматов Т., Өмүралиева С. Кыргыз тили. Фонетика, лексика. Жогорку окуу жайынын журналистика факультеттеринин студенттери үчүн окуу китеби. – Ф.: Мектеп, 1990, 232 б.

44. Ашыралиев К. Орхон-Енисей жазма эстеликтериндеги уңгу сөздөр. – Ф.: 1963, 120 б.

45. Бартольд В. В. Киргизы. Исторический очерк. – Ф.: 1927, 57 б; 1943, 80 б.

46. Бартольд В. В. «Зап. Вост. Отд. Русск. Археол. Об-ва, т. XII, 1899, СПб., 5.

47. Бартольд В. В. Киргизы: Исторический очерк// Соч. Т. II, ч. I. - М.: 1963.

48. Бартольд В. В. Кыргыздар. Тарыхый очерк. Китепте: Кыргыздар. 2-том. – Б.: «Кыргызстан» басмасы, 1993.

49. Бартольд В. В. Киргизы (источники, история, этнография). Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. – Б.: 1996, 608 б.

50. Бартольд В. В. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. –Б.: 1997, 456 б.

51. Басенов Т. Б. Орнамент Казахстана в архитектуре. – Алма-Ата: 1957, табл. 12.

52. Баскаков Н. А. Тюркские языки. - М.: Изд. Восточной литературы, 1960, 242 б.

53. Баскаков Н. А. Алтайский язык. – М.: Издво АН СССР, 1958, 115 б.

54. Баскаков Н. А. Введение в изучение тюркских языков. Изд.2-е, испр. и доп., - М.: 1969, 383 б.

55. Батманов И. А. Язык енисейских памятников древнетюркской письменности. - Ф.: «Илим», Изд-во АН Кирг. ССР, 1959, 216 б.

56. Батманов И. А. Таласские памятники древнетюркской письменности. –Ф.: «Илим», 1959б; 1971, 66 б.

57. Батманов И. А. Источники формирования тюркских языков Южной Сибири и Средней Азии, 1966.

58. Батманов И. А. Источники формирования тюркских языков рунической письменности к другим тюркским языкам. Филология и история тюркских народов. – Л.: ЛГУ, Тезисы докладов. 1967.

59. Батманов И. А. Новые тексты. Сб. «Новые эпиграфические находки в Киргизии (1961)». – Фрунзе: 1962, 249 б.

60. Батманов И. А., Кунаа А. Ч. Памятники древнетюркской письменности Тувы. Выпуск II, - Кызыл: Тувинское книжное издательство,1963, 42 б.

61. Батманов И. А., Кунаа А. Ч. Памятник из Ийме. Сб. «Материалы по общей тюркологии и дунгановведению», – Фрунзе, 1964, 92-94-бб.

62. Батманов И. А., Кунаа А. Ч. Памятники древнетюркской письменности Тувы. – Кызыл: вып. III, 1965, 32 б.

63. Батманов И. А., Арагачи З. Б., Бабушкин Г. Ф. Современная и древняя Енисеика. - Ф.: Изд-во Ан Кирг. ССР, 1962, 204 б.

64. Бернштам А. Н. Сб. «Северная Монголия», вып. II, 1926;

65. Бернштам А. Н. К вопросу о классовом расслоении. ПИМК, 1933, № 7-8.

66. Бернштам А. Н. Новые эпиграфические находки из Семиречья. «Эпиграфика Востока», II, 110 (о монетах) и рисунок между стр. 108 и 109 (таласский валун), 1948/2., 107-113-бб, 107-113-бб.

67. Бернштам А. Н. Золотая диадема из шаманского погребения на р. Каргалинке. КСИИМК, вып. V, 1940.

68. Бернштам А. Н. Археологический очерк Северной Киргизии. – Фрунзе: 1941, 112 б.

69. Бернштам А. Н. Социально-экономический строй орхоно-енисейских тюрок VI-VIII веков, -М.-Л.: 1946, 207 б.

70. Бернштам А. Н. Киргизский народный повествовательный узор. – Киргизский национальный узор. Ленинград – Фрунзе: 1948.

71. Бернштам А. Н. Древнетюркский документ из Согда // Эпиграфика Востока., АН СССР. – М. – Л.: 1951, Сб. V, 65-75-бб.

72. Бернштам А. Н. Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. Т. II. – Б.: Фонд Сорос-Кыргызстан, 1998, 699 б.

73. Бичурин Н. Я. Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена.Т. I-III. – М. – Л.: 1950-1953, I т. 379 б., II т., 347 б.

74. Бичурин Н Я. (Иакинф). Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена. – Алматы: «Жалын», 1998, II, 347 б.

75. Бодуэн де Куртенэ И А. Об отношении русского письма к русскому языку. – Избранные труды по общему языкознанию. Т. 2. – М.: 1963.

76. Богданов Вл. Из истории женского южновеликорусского костюма // этнографическое обозрение. 1914, № 1-2.

77. Бунак В. В. Происхождение речи по данным антропологии. Жыйнакта: «Происхождение человека и древнее расселение человечества». – М.: 1951.

78. Бурковский А.Ф. Из истории техники обработки дерева у киргизов. Уч. зап. историч. фак-та Киргиз. гос. ун-та, вып. 3, Ф., 1954; К вопросу обработки животновед-

ческого сырья у киргизов. Уч. зап. Киргиз. женского пед. ин-та, вып. II, – Ф.: 1957.

79. Бутанаев В. Я. Культ богини умай у хакасов // этнография народов Сибири. – Новосибирск: 1984.

80. Бутанаев В. Я. Киргизско-хакасские этнографические связи (по данным скотоведческой терминологии) // Тюркология – 88. – Ф.: 1988.

81. Бутанаев В. Я. Этническая история хакасов XVII-XIX вв. – М.: 1990, 272 б.

82. Ванслов В. Содержание и форма в искусстве. – М.: 1956.

83. Вайнштейн С. И. Раскопки могильника Кокэль в 1962 г.,табл. I-III.

84. Вайнштейн С. И., Долгих Б.О. К этнической истории хакасов (белтирский шаманский бубен с изображением домашних оленей). – СЭ, 1963, № 2, 93-97-бб.

85. Вайнштейн С. И. Тувинское шаманство. – М.: 1964.

86. Вайнштейн С. И. Памятники казылганской культуры. – ТТКЭАН, II, – М.-Л.: 1966, 143-184-бб.

87. Вайнштейн С. И. Историческая этнография тувинцев. Проблемы кочевого хозяйства. – М.: «Наука», 1972, 314 б.

88. Вайнштейн С. И. История народного искусства Тувы. – М.: «Наука», 1974, 222 б.

89. Вайнштейн С. И. Орнамент в народном искусстве тувинцев // СЭ, № 2, 1967, 43-61 бб.

90. Васильев Д. Д. Графический фонд памятников тюркской рунической письменности азиатского ареала (опыт систематизации). – М.: «Наука», Главная редакция Восточной литертатуры, 1983, 158 б.

91. Васильев Д. Д. О распространении грамотности у древних тюрков. Средневековый Восток. История. Культура. Источниковедение. - М.: 1980.

92. Васильев Д. Д. Корпус тюркских рунических памятников бассейна Енисея. 1983, 158 б.

93. Вебер Э. Руническое искусство. - Санк-Петербург: 2002, 160 б.

94. Виноградов В. Музыка Советской Киргизии. – М.: 1939, 136 б.

95. Волков Ф. К. Отличительные черты южнорусской народной орнаментики // Тр. III Археологического съезда, т. II. – Киев: 1878.

96. Волков А. А. Грамматалогия. Семиотика письменной речи. М.: 1982.

97. Волков В. В., Новгородова Э. А. Археологические исследования в Монголии // Сб. «Археологические открытия 1970 года» – М.: 1971, 460-461.

98. Воробьев Н. Некоторые данные о технике орнаментации тканей у казанских татар // Материалы Центрального Музея Татарской АССР. № 2. – Казань: 1930.

99. Описания собраний восточных рукописей // Восточные заметки Ленинградского иснтитута живых восточных языков. 1927: т. 1, 147-162-бб.

100. Гаврилов М. Орнамент киргиз Сусамыра. – Ташкент, 1929.

101. Гольмстен В. Из области культа древней Сибири. Известия ГАИМК, № 100, 1933, стр. 100.

102. Гак В. Г. Орфография в свете структурного анализа. – Проблемы структурной лингвистики. – М.: 1962.

103. Гапоненко В. М. Маршруты юных. «Советская Киргизия», 1956, № 194, 19-август; Отряд саякатта. «Кыргызстан пионери», 1956, № 28, 14-июль; В. М. Гапоненеко. Наскальные изображения Таласской долины. Китепте: Археологические памятники Таласской долины, – Ф.: 1963, 101-110 бб.

104. Гельб И. Е. Опыт изучения письма (Основы грамматологии) Перевод с английского. – М.: «Радуга», 1982, 364 б.

105. Грач А. Д. Петроглифы Тувы, II, - Сб. МАЭ, т. XVIII. – М. - Л.: 1958.

106. Грач А. Д. Исследование могильников Улуг-Хорум и Улуг-Оймак //Археологические открытия 1965 года. – М.: 1966.

107. Грач А. Д. Вопросы датировки и семантики древнетюркских тамгаобразных изображений горного козла. – ТС, 1972, – Г. М.: 1973.

108. Грач А. Д., Савинов Д.Г., Длужневская Г.В. Енисейские кыргызы в центре Тувы: (Эйлиг-Хем III как источник по средневековой истории Тувы). – М.: 1998.

109. Григорьев В . В. Об арабском путешественнике X в. Абу Долефе и странствовании его по Средней Азии // ЖМНП. – СПб., 1872. ч. CL XIII. Сентябрь, 244-265 бб.

110. Гримм Э. Д. Лекции по истории Греции. 1902-1903 гг. СПб, 1904: 44.

111. Г. Е. Грумм-Гржимайло. Западная Монголия и Урянхайский край, т. III, вып. 1, – Л.: 1926, 88-б.

112. Грязнов М. П. Ранние кочевники Западной Сибири и Казахстана // История СССР с древнейших времён до образования древнерусского государства. Части I-II (на правах рукописи). – М.-Л.: Изд-во АН СССР, 1939, 399-413-бб.

113. Грязнов М. П. Первый Пузырыкский курган. –Л.: 1950. Грязнов М. Погребения бронзовой эпохи в Западном Казахстане. Сб. «Казахи». Материалы Окисар, вып. 11. – Л.: 1927.

114. Грязнов М. Боярская писаница // «Проблемы истории материальной культуры, 1933, № 7-8.

115. Гузев В. Г. Кляшторный С.Г. Проблемы происхождения древнетюркской руники в свете общей теории письма (К столетию дешифровки) // Вести, СПб.ГУ. Сер. 2, 1993. Вып. 4 (23), 57-62-бб.

116. Гузев В. Г. К вопросу о слоговом характере тюркского рунического письма // ВЯ, 1994, № 5, 67-72 бб.

117. Гумилев Л. Н. Байыркы түрктөр. Китепте: Кыргыздар, 2 том. – Б.: «Кыргызстан» басмасы, 1993: 184-227 бб.

118. Гумилев Л. Н. Этносфера. История людей и история природы. – М.: 1993, 544 б.

119. Гумилев Л. Н. Древние тюрки. Т. I. - М.: Институт ДИ-ДИК, 1999, 480 б.

120. Гумилев Л. Н. Древние тюрки. Т. II. – М.: Институт ДИ-ДИК, 1999, 480 б.

121. Гусева Е. К. К вопросу о количесетвенном подходе к анализу структурных особенностей буквенных знаков (на материале русских графем). – Проблемы грамматического моделирования. – М.: 1973.

122. Давыдова С.А. Кружевной промысел в Подольском и Серпухевском уездах Московской губ. // Тр. Комиссии по исследованию кустарной промышленности в России, вып. V, СПб., 1880.

123. Джумагулов Ч. Эпиграфика Киргизии. Выпуск I, - Ф.: Изд-во АН Кирг.ССР, 1963, 75 б.

124. Джумагулов Ч. Эпиграфика Киргизии. Выпуск II, - Ф.: Изд-во АН кирг.ССР, 1982, 75 б.

125. Джумагулов Ч. Эпиграфика Киргизии. Выпуск 3, - Ф.: Изд-во «Илим», 1987, 160 б.

126. Джусупакматов Л. Дж. Древние картосхемы земли в пиктографии петроглифоф юга Кыргызстана. – Ош: 2006, 586 б.

127. Джусупакматов Л. Каталог пиктографических петроглифов «Саймалы-Таша». – Ош, 2014. Т. 2 (4-бөлүк), 517 б.

128. Дирингер Алфавит. Пер. с англ. – М.: Изд-во Иностранной литературы, 1963, 656 б.

129. Длужневская Г. В. Исследование на плато Улуг-Бюк. – АО, 1974, – М.: 1975, 145.

130. Длужневская Г. В. Исследование погребальных памятников в Саянском каньоне Енисея. – АО, г. – М.: 1978; 1979.

131. Древнетюркский словарь. – Л.: Изд-во «Наука», 1969, 676 б.

132. Доржсүрэн Ц. Умарт хүннү. – УБ., 1961, 120 б.

133. Дыйканов К., Кудайбергенов С., Яншансин Ю. Кыргыз жазуусунун тарыхынан. – Ф.: Кыргызокуупедмамбас, 1958, 71 б.

134. Дыйканов К. Кыргыз тилинин тарыхы. – Ф.: 1980, 155 б.

135. Дудин С. Киргизский орнамент. Сб. «Восток», - Л.: 1925; кн.5. – Л.: 1928; Ковровые изделия Средней Азии. Сб. МАЭ, т. VII, – Л.: 1929.

136. Дьяконов И.М. К возникновению письма в Двуречье. «Труды отдела культуры и искусства Востока», т. III. – Л.: 1940.

137. Евтюхова Л. А. Киселев С.В. Открытия Саяно-Алтайской археологической экспедиции в 1939 г. – ВДИ. 1939, № 4.

138. Евтюхова Л. А. Киселев С.В. Чаатас у с. Копёны. – Труды ГИМ. Вып. 11. – М.: 1940.

139. Евтюхова Л. А. Киселев С.В. Десятый сезон раскопок Саяно-Алтайской экспедиции ИИМК и ГИМ. КС ИИМК, № 3, 1940.

140. Евтюхова Л. А. Киселев С.В. Отчет о раскопках Саяно-Алтайской экспедиции в 1955 г. - ТГИМ, вып. XVI, – М.: 1940, табл. VII-VIII.

141. Евтюхова Л. А. Археологические памятники енисейских кыргызов // Хак. НИИЯЛИИ. –Абакань: 1948, 78 б.

142. Евтюхова Л. А. Искусство племен и народов Южной Сибири. – История искусств народов СССР. Т. 2. – М.: 1973.

143. Ельмслев Л. Язык и речь. – История языкознания XIX-XX веков в очерках и извлечениях. Ч.2. – М.: 1965.

144. Жапаров А., Орузбаева Б., Абдулдаев Э. Кыргыз тили. IX-X класстар үчүн. – Фрунзе: «Мектеп», 1968, 140 б.

145. Жолдубай Термечик уулу. Кабели. Эн тамгалар, 1974.

146. Жорж Жан. История письменности и книгопечатания. Франц. тилинен которгон Ю.В.Крижевская. – М.: Астрель, 2005, 224 б.

147. Жумалиев Ж. Кыргыз жазуусунун тарыхы боюнча программа. – Б.: 1999, 10 б.

148. Зарубежная тюркология. Древние тюркские языки и литературы. Выпуск I. – М.: Изд-во «Наука», 1986, 378 б.

149. Записки императорского русского археологического общества. Типография Императорской Академии Наук, 1890, 463 б.

150. Зеланд Н. Этнологический очерк. Записки сиб. отд. РГО, кн. VII, вып. 2, 1885.

151. Золотарева А., Левин. К вопросу о древности и происхождении оленеводства. Жыйнакта: «Пробемы ПЭПОЖ», т.1, – Л.: 1940.

152. Зуев Ю. А., Агелеуов Г. Буд-тенгри-Божество древнетюркского пантеона // Известия АН Республики Казахстан. – Алматы: 1998 т. II.

153. Зуев Ю.А. Из древнетюркской этнонимики по китайским источникам. // Вопросы истории Казахстана и Восточного Туркестана. – Алма-Ата: 1962, 83 б.

154. Зуев Ю. А. Тамги лошадей у вассальных княжеств // Новые материалы по древней и средневековой истории Казахстана. Труды ИИАЭ АН Каз. ССР. – Алма-Ата: 1960, 94-40 б.

155. Ибрагимов С. Жалпы тил илимине киришүү (окуу-методикалык колдонмо). Жогорку окуу жайларынын сырттан окуган студенттери үчүн. – Б.: 2002, 73 б.

156. Ибрагимов С. Тил илиминин негиздери. Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн. – Б.: 2002, 202 б.

157. Иванов С. В. Орнамент народа как исторический источник. «Краткие сообщения Института этнографии» (КСИЭ), XI. – М.: 1952.

158. Иванов С. В. Материалы орнамента к проблеме культурно-исторических связей хантов и манси //Советская этнография, 1952, № 3.

159. Иванов С. В. Материалы по изобразительному искусству народов Сибири XIX – начала XX в. – ТИЭ. Т. 22. –М.- Л.: 1954.

160. Иванов С. В. Орнамент киргизов как этногенетический источник. «Тезисы докладов и содокладов на научной сессии об этногенезе киргизского народа», – Фрунзе: 1956.

161. Иванов С. В. Народный орнамент как исторический источник //СЭ. 1958, №2, 4-23 б.

162. Иванов С. В. Орнамент народов Сибири как исторический источник. – ТИЭ. Т. 81. – М. – Л.: 1963.

163. Иванов С. В. Киргизский орнамент как этногенетический источник. – Труды КАЭЭ. Т. 3 – М.: 1959.

164. Иванов С. В. К вопросу о хуннском компоненте в орнаменте якутов. – Якутия и ее соседи в древности. – Якутск: 1975.

165. Иванов С. В. Материалы по изобразительному искусству народов Сибири XIX - начала XX вв.- М.: «Наука», 1994.

166. Российская археология. Изд. ГАИМК, 1993, вып.100, 1993, том 7, Номер 4.

167. Иностранцев К. Хунну и Гунны. ЛИЖВЯ ТТС, 1926, послесловие.

168. Историко-этнографический атлас Сибири. – М.Л.: 1961.

169. История СССР. Учебник для ист.фак-та, П.И.Кабанова, М.М.Мавродина, ч. 1. – М.: «Просвещение», 1974, 606 б.

170. История Киргизской ССР. Т.1, - Ф.: «Илим», 1984, 567 б.

171. Историческое развитие лексики тюркских языков. –М: 1961.

172. Истрин В.И. Развитие письма. – М.: Изд-во АН СССР, 1961, 395 б.

173. Исследования по сравнительной грамматике тюркских языков. I-IV. – М.: 1955-1962.

174. Исхаков Ф. Г. Долгие гласные в тюркских языках. Т. I, Фонетика, 160.

175. Казақ әдеби тилиниң қалыптасу тарихы мен даму жолдары. – Алматы: «Гылым» басмасы, 1981, 183 б.

176. Калбек Бейшен. Оюунун да өз касиети бар. Тил жана маданият гезити. № 21, 5-июнь, 2012.

177. Каллаур В. А. Новая археологическая находка в Аулиеатинском уезде. «Зап. Вост.Отд.Русск.Археол. об-ва, т. XI, СПб.,1899, 268-269-бб.

178. Каллаур В. А. Находка древних монет в верховьях р. Таласа. ПТКЛА, Год тринадцатый, – Ташкент, 1909: 16.

179. Караев Ө. Байыркы түрк эстеликтери жана араб-перс авторлору кыргыздар жана Кыргызстан жөнүндө. Китепте: Кыргыздар. – Б.: 1 том. 1993, 85-118-бб.

180. Каралькин П. И. Войлок и войлочные изделия у тувинцев. – УЗТНИИЯЛИ, вып. XIV. – Кызыл: 1970, 217-220-бб.

181. Каратаев О. К. Кыргыздардын теги, таралуу ареалы, этностук-маданий алкактары. – Б.: КТМУ, 2013, 285 б.

182. Каратаев О. К. Кыргыз-хакас тарыхый этникалык байланыштары // Эл агартуу.- Б., 2000, № 9-10, 30-33 бб.

183. Каратаев О. К. Этнокультурные связи кыргызов (по материалам родоплеменных тамг, этнонимов, топонимов, этнографических данных). Автореферат диссертации ученой степени доктора исторических наук. –Б.: 2004.

184. Карл Ясперс. Смысл и назначение истории. М.: 1991.

185. Карцев В. Ладейское и Ермолаевское городища. Сб. «В честь Городцова.» Труды РАНИОН, IV, 1928.

186. Кастрен М. А. Путешествие в Сибирь (1845-1849) / Кастрен М. А. //Соч. в двух томах. Т.2. - Тюмень: 1999. - 352 с.

187. Каталог кыставки народных умельцев. - Абакань: 1975.

188. Катанов Н. Ф. Среди тюркских племен. См. «Известия Географического общества». СПб, 1893, т. XXIX, стр. 529.

189. Кенесбаев. Казак адабий тилинин калыптасу тарыхи мен даму жолдары. – Алматы: 1981.

190. Кидиекова И. К. О работе искусствоведческой экспедиции ХНИИЯЛИ в 1969 г. – Ученые записки ХНИИЯЛИ. Вып 16. Серия историческая, № 3. Абакань: 1971.

191. Киргизский национальный узор. Материалдар В.М.Рындин тарабынан чогултулуп иштелип чыккан. Жалпы редактор И.А.Орбели. - Ленинград – Фрунзе: 1948.

192. Киргизский национальный узор. Баш сөзүн жазган А. Н. Бернштам. - Ленинград – Фрунзе: 1948.

193. Киселев С. В. Семантика орнамента карасукских стел. Известия. ГАИМК, вып. 100, 1933, 280 б.

194. Киселев С. В. Тагарская культура. Труды секции археологии РАНИОН, т. IV, - М.: 1928.

195. Киселев С. В. Маски из древнейших Чаатас // Известия гос. музея им. Н.М.Мартьянова, Вып. № 1 (12), Минусинск, 1935. «I - маска лица; II – маска передней половины головы (с ушами); III – маска передней половины головы с шеей и VI – маска - бюст», 5-б.

196. Киселев С. Находка античных византийских монет на Алтае. ВДИ. №4, 1940.

197. Киселев С. В. Письменность енисейских кыргыз // Краткие сообщения о докладах и полевых исследованиях Института Истории материальной культуры. XXV, 1949.

198. Киселев С. В. Древняя история Южной Сибири. – Материалы и исследования по археологии СССР. – М.-Л.: 1949, № 9.

199. Киселев С. В. Древняя история Южной Сибири.- М.: Изд. АН СССР, 1951, 638 б.

200. Киселев С. В. Древняя история Южной Сибири.- М.-Л., 1961, 270 б.

201. Киселев С. В. Краткий очерк древней истории хакасов. – Хакгиз - Абакан: Хакасское областное государственное изд-во, 1951, 90 б.

202. Киселев С. В. Разложение рода и феодализм на Енисее. Известия ГАИМК, 65; Разложение рода и феодализм на Енисее. – Л.: Изд-во: Соцэгиз, 1933 г., 30 б.

203. Киселев С. В. Енисейские кыргызы. Китепте: Кыргыздар 10-том. – Б.: «Бийиктик», 2011: 307-370-бб.

204. Клеменц Д. А. Древности Минусинского музея. – Томск: 1886, 185 б.

205. Кляшторный С. Г. Древнетюркские рунические памятники как источник по истории Средней Азии. – М.: 1964, 214 б.

206. Кляшторный С. Г. О датировке рунических памятников Таласа // Бартольдские чтения. 1980.

207. Кляшторный С. Г. Год пятый. Тезисы докладов и сообщений. – М.: 1981.

208. Кляшторный С. Г. Рунические памятники Таласа: проблемы датировки и топографии. // Изучение культурного наследия Востока. Культурные традиции и преемственность в развитии древних культур и цивилизаций. – СПб, 1999.

209. Кляшторный С. Г. История Центральной Азии и памятники рунического письма. СПб, 2003: 559 б.

210. Кляшторный С. Г. Лившиц В.А. Открытие и изучение памятников Центральный Азии //Археология и этнография Монголии. – Новосибирск: 1978, 39-40 бб.

211. Кляшторный С. Г. Руническая эпиграфика Южной Сибири (Наскальные надписи Тепсея и Турана) // Советская тюркология, 1976а, № 1, 66-77-бб.

212. Ковровые изделия Средней Азии из собрания, составленного А.А.Боголюбовым» деген эмгекке Н.И.Веселовскийдин сын пикири (рецензиясы). Вып. I, 1908; вып. II, 1909 (ЗВО, т. XX).

213. Кодухов В. И. Введение в языкознание. – М.: Просвещение, 1979, 351 б.

214. Кожемяко П.Н. История археологического изучения Таласской долины. Китепте: Археологические памятники Таласской долины.- Ф.: Изд.Ан. Кирг.ССР, 1963, 262 б.

215. Кожобеков М. Ч. Орто кылымдардагы кыргыздардын этносаясий тарыхынын негизги өнүгүү баскычтары (V-X кк.). Автореф.канд.дисс... – Б., 1997, 22 б.

216. Кондратов А. М. Грамматология и порождающие модели письма. – («Ученые записки Тартуского государственного университета». Вып. 228). «Проблемы моделирования языка», 1969, № 3, 2.

217. Кондратьев В. Г. Очерк грамматики древнетюркского языка. – Л.: Изд-во ЛГУ им. А. А. Жданова, 1970.

218. Кононов А. Н. Грамматика языка тюркских рунических памятников (VII-IX вв.), - Л.: «Наука», 1980, 256 б.

219. Кононов А. Н. История изучения тюркских языков в России. Дооктябрьский период. – Л.: «Наука», 1972, 360 б.

220. Кормушин И. В. Текстологические исследования по древнетюркским руническим памятникам. I. Тюркологический сборник. –Л.: «Наука», 1977, 117-138 бб.

221. Кормушин И. В. Тюркские Енисейские эпитафии. Тексты и исследования. – М.: «Наука», 1997, 303 б.

222. Кормушин И. В. Орхоно-енисейских надписей язык // Языки мира. Тюркские языки. - Б.: Изд. Дом «Кыргызстан», 1997, 543 б.

223. Кормушин И. В. Тюркские Енисейские эпитафии. Грамматика и текстология. – М.: «Наука», 2008.

224. Король Г. Г. Орнамент на посуде культуры чаатас (VI – IX к. биринчи жарымы) в Хакасско-Минусинском котловине. – Проблемы истории СССР. Вып. 12, - М.: 1981.

225. Король Г. Г. Таштыкский орнамент и его этнографические параллели. – Проблемы истории СССР. Вып. 10. – М.: 1979.

226. Косвен М. Очерки истории первобытной культуры. – М.: 1953.

227. Котвич В. Исследование по алтайским языкам. Перевод с польск. – М.: 1962, 1992, 371 б.

228. Котвич В. Л. В Хушо-Цайдаме. - Труды Троицкосавско-Кяхтинского отд. Русск. Геогр. Об-ва. 1914. Т. 15, вып. 1.

229. Кочешков Н. В. Декоративное искусство монголо-язычных народов как исторический источник. – Этнографические вести Калмыцкого НИИЯЛИ. № 3, – Элиста: 1973.

230. Кривоносов В. О напевах киргизкого эпоса «Манас». Журнал «Советская музыка», № 6, 1939.

231. Кудайбергенов С. Киргизский язык и южносибирские языки // Известия АН Кирг ССР. 1979, 1, 89-91 бб.

232. Кудайбергенов С. Кыргыз жазуусунун кээ бир маселелери // Мугалимдер газетасы, 1964, 4-август.

233. Кузеев Р. Г. Происхождение башкирского народа. – М.: «Наука», 1974., 571 б.

234. Күдерина Н. Көне түркі графикасындагы графема, фонема катынасы // Көне түркі жазба ескерткіштери: жазу медениетінің бастаулары, тілдің даму кұбылыстары. – А.: 2005, 92-100-бб.

235. Кызласов Л.Р. Таштыкская эпоха в истории Хакасско-Минусинской котловины. – М.: 1960.

236. Кызласов Л.Р. Новая датировка памятников енисейской письменности. «Советская археология». 1960, №3, 93-12-бб.

237. Кызласов Л.Р. Древнехакасская культура чаатас (VI-IX вв.). – Степи Евразии в эпоху средневековья. [Серия] Археология СССР. – М.: 1981.

238. Кызласов Л. Р. Тюхтятская культура древних хакасов (IX-X кк.). – Степи Евразии в эпоху средневековья. [Серия] Археология СССР. – М.: 1981.

239. Кызласов Л. Р. История Южной Сибири в средние века. – М.: 1984.

240. Кызласов Л. Р. Древнейшая Хакасия. – М.: Изд-во Московского ун-та, 1986, 295 б.

241. Кызласов Л. Р., Леонтьев Н.В. Народные рисунки хакасов. – М.: 1980, 216 б.

242. Кызласов Л. Р., Король Г.Г. Декоративное искусство средневековых хакасов как исторический источник. – М.: «Наука», 1990, 216 б.

243. Кызласов И. Л. Новые материалы по енисейской рунической письменности // Советская тюркология. 1981, № 5, 86-96-бб.

244. Кызласов И. Л. Материалы к ранней истории тюрков. III. Древнейшие свидетельства о письменности. 3. Архаичная манера письма // Российская археология. – М.: № 2, (Отдельный оттиск), 70-73-бб.

245. Кызласов И. Л. Особенности Азиатского проторунического письма // Тюркология. 2004, № 1 (9).

246. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. – Ф.: «Илим», 1980.

247. Кыргыздар: санжыра, тарых, мурас, салт (түзгөн К.Жусупов). Т.1. – Б.: 1991. 621 б.

248. Кыргыздар. II. – Бишкек: «Кыргызстан», 1993. 621 б.

249. Кыргыздар. II. - Бишкек: «Кыргызстан», 1993,

250. Кыргыздар. Тарых. Маданият I-XII том. – Бишкек: «Бийиктик», 2011.

251. Кыргыздын оймолору. Түзгөн: Ф. Ниязов, В. Максимов, Е. Сорокин, С. Жамгырчиев. – Б.: 1998.

252. Кюнер Н. В. Китайские известия о народах Южной Сибири, Центральной Азии и Дальнего Востока. - М.: 1961, 400 б.

253. Левашева В. П. Из далекого прошлого южной части Красноярского края. – Красноярск: 1939.

254. Левшин А. Кыргыз-кайсактар же кыргыз-казактар тууралуу тарыхый маалыматтар. Китепте: Кыргыздар. II,1993, 252-261-бб;

255. Левшин А. И. Описание киргиз-казачьих, или киргиз-кайсацких орд и степей. – Алматы: 1996, 386.

256. Леонтьев Н. В. Изображения животных и птиц на плитах из могильника Черновая VIII. – Сибирь и ее соседи в древности. – Новосибирск: 1970, (II), 1-2 сүрөт.

257. Лившиц В. А. Происхождение древнетюркской письменности (состояние проблемы и пути исследования) // Всесоюзная тюркологическая конференция: Этниче-

ские и историко-культурные связи тюркских народов СССР. – Алма-Ата: 1978, с.66.

258. Лившиц В. А. О происхождении древнетюркской рунической письменности // Археологические исследования древнего и средневекового Казахстана. – А-А.: 1980, 3-13-бб.

259. Лившиц В. А. Происхождении древнетюркской письменности. – Советская тюркология, 1978, № 4, 87-98-бб.

260. Лоукотка Ч. Развитие письма. Пер. с чешск. – М.: Изд-во Иностранной литературы, 1950, 305 б.

261. Маанаев Э. Ж., Каратаев О.К. Кыргыз элинин этникалык өнүгүүсү. – Б.: КГПУ, 2003, 267 б.

262. Маннай-оол М. Х. Древнее изображение горного козла в Туве. – СА, 1967, № 1.

263. Маннай-оол М. Х. Оленные камни Тувы. «Ученые записки Тувинского НИИЯЛИ», – Кызыл: вып. XIII, 1968.

264. Маллицкий Н. Г. Тамги башкирского языка. ГАИМК.

265. Маллицкий Н. Г. О связи тюркских тамг с орхонскими письменами (с таблицей). Протоколы заседаний и сообщений членов Туркестанского кружка любителей археологии. Год III, 1897-1898, стр. 43-47.

266. Малов С Е. Лобнорский язык: тексты, переводы, словарь. – Ф.: «Илим», 1956, 196 б.

267. Малов С. Е. Памятники древнетюркской письменности. - М. – Л.: Изд-во АН СССР, 1951.

268. Малов С. Е. Енисейская письменность тюрков. Тексты и переводы. – М.– Л.: 1952, 115 б.

269. Малов С. Е. Енисейская письменность тюрков. Изд. АН СССР. – М. – Л.: 1953.

270. Малов С. Е. Язык желтых уйгуров. – Алма-Ата, «Гылым», 1957, 196 б.

271. Малов С. Е. Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии. – М. – Л.: Изд-во АН СССР, 1959, 106 б.

272. Малов С. Е. Таласские эпиграфические памятники. «Материалы Узкомстариса», вып. 6-7, – М. – Л.: 1936, 17-38-бб.

273. Малов С. Е. Изучение живых турецких (т. е. тюркских) наречий западного Китая. Издание АН СССР. – Л.: 318-322-бб.

274. Марр Н. Я. Стадия мышления при возникновении глагола ‹быть› // ДАН. 1930, Сер. В. № 5

275. Маршак Б. И. Согдийское серебро. – М.: 1971.

276. Марр Н. Я. Яфетическая теория. – Баку, 1927.

277. Марр Н. Я. Чуваши, яфетиды на Волге. – Чебоксары: 1926.

278. Марр Н. Я. Письмо и язык. 1938.

279. Марр Н. Я. Яфетидология в Ленинградском Государственном университете. Избранные работы. Т.I, 1933.

280. Марр Н. Я. Яфетидология: (Воспроизведение вышедшей в 1933 г. хрестоматии «Вопросы языка в освещении яфетической теории») - М.: «Кучкова поле», 2002, 478 б.

281. Маслова Г. С. Народный орнамент верхневолжских карел // Тр. Ин-та этнографии им Н.Н.Миклухо-Маклая, новая серия, т. XI, - М.- Л.: 1951, 139 б.

282. Маслова Г. С. Орнамент русской народный вышивки. – М.: 1978.

283. Маслов Ю. С. Замети к по теории графики. – Philologica. – Л.: 1973.

284. Массон В. М. К истории открытия древнетурецких рунических надписей в Средней Азии. Материалы Узкомстариса, вып. 6-7. – Ташкент: 1936, 3-17-бб.

285. Массон В. М. Древний Кыргызстан: Процессы культурогенеза и культурное наследие. – Б.: Илим, 2003.

286. Макаев Э. А. Язык древнейших рунических надписей. – М.: «Наука», 1965, 156 б.

287. Макарова Р. В. Понятия графики и графемы. – Система и уровни языка. – М.: 1969.

288. Махмутов А. Как возник древнетюркский алфавит // Исследование по тюркологии. – Алма-Ата: 1969.

289. Махова Е.И. Материальная культура киргизов. Народное прикладное искусство изобразительное искусство и также описание домашних производств. Стр. 23-25, 121-128; С. М. Абрамзон, К. И. Антипина, Г. П. Васильева, Е. И. Махова. Китепте: Быт колхозников киргизских селений Дархан и Чичкан. Труды ин-та этнографии АН СССР, нов. Серия, XXXVII, 1958.

290. Махова Е.И. Материальная культура киргизов.– Труды КАЭЭ. Т.3. – М.: 1959.

291. Мелиоранский П. М. Памятник в честь Кюль-Тегина. – ЗВОРАО. – СПб. 1899, т. XI. 1904, т. XII, вып. II-III.

292. Менгес К. Н. Түрк элдери жана алардын тилдери. – Б.: 2002, 376 б.

293. Мещанинов И. И. Каменные статуи рыб – вишапы на Кавказе и Северной Монголии. «Записки коллегии востоковедов», т. 1, – Л.: 1925, 407-408-бб.

294. Мещанинов И. И. Проблема развития языка. – Л.: «Наука» АН СССР, 1975, 351 б.

295. Молдобаев И. Б. К проблеме изучения этнокультурных связей киргизского и тувинского народов // Проблемы истории Тувы. – Казань: 1984, 207-215 бб.

296. Мусев К. М. Алфавиты языков народов СССР, – М.: 1965.

297. Мусабаев Г. Г. Некоторые итоги эпиграфической экспедиции Института языкознания Ан Каз ССР // Эпиграфика Казахстана. Вып. I, – Алма-Ата: 1971.

298. Насилов В. М. Язык орхоно-енисейских памятников. - М.: Изд-во Восточной литературы, 1960, 86 б.

299. Насилов Д. М. О некоторых памятниках Минусинского музея. Народы Азии и Африки. – М.: 1963, № 6, 128-129-бб.

300. Нечаева Л. Г. Погребения с трупосожжениям могильника Тор-Тал-Арты. – ТТКЭАН, II. – М. – Л.: 1966, рис. 9, 12, 15 ж.б., 108-142-бб.

301. Николаев Т. М. Письменная речь и специфика ее изучения. – ВЯ, 1961: № 3.

301. Никольский Д. П. Башкиры. Этнографическое и санитарно-антропологическое исследование доктора медицины Д. П. Никольского. – СПб., 1899. С. 77.

302. Носов М. М. Стилевые признаки якутского узора // Сборник материалов по этнографии якутов. – Якутск: 1948.

303. Оглоблин Н.Н. «Знамена» сибирских инородцев XVII в. ЗУОЛЕ,Т.13, Вып. 1, 1891-1892.

304. Окладников А. П. Древние шаманские изображения из Восточной Сибири. – СА, 1948, №10, 203-225-бб.

305. Окладников А. П. Оленный камень с р. Иволги – СА, 1954, № 19.

306. Окладников А.П. У истоков культуры народов Дальнего Востока // Сб. «По следам древних культур», – М.: 1954.

307. Окладников А. П. Олень – золотая рога. – М.: 1964, 173 б.

308. Окладников А. П. Этногенез и культурогенез // Проблема этногенеза народов Сибири и Дальнего Востока. – Новосибирск: 1973, 5-11-бб.

309. Ольховский В. С. Яценко С.А. О знаках тамгах из святилища Байте III на Устюрте // Археология, палеэкология и палеодемография Евразии. – М.: «Геос», 2000.

310. Орузбаева Б. Кыргызский язык. – Бишкек: «Илим», 1998.

311. Орузбаева Б. Юрта-жилище кочевника // Тюркологические исследования. – Ф.: 1985, 1986.

312. Орузбаева Б. Принципы построения исторической грамматики киргизского языка и характеристика ее материалов // Тюркологические исследования: (Сб.ст.). – Ф.: 1986, 9-17 бб. – Ашхабад, 1988, ч. 1, 43-49-бб.

313. Орусча-кыргызча сөздүк. – Б.: 2012, I том, А-И, 752 б.

314. Орусча-кыргызча сөздүк. - Б.: 2012, II том, К-О, 734 б.

315. Орусча-кыргызча сөздүк. - Б.: 2012, III том, П-Р, 646 б.

316. Орусча-кыргызча сөздүк. - Б.: 2012, IV том, С-Я, 692 б.

317. Орхон-Енисей тексттери. – Ф.: «Илим», 1982, 240 б.

318. Осмонов Ө. История Кыргызстана (с древнейших времен до наших дней). – Б.: 2012, 611 б.

319. Островских П. Е. Этнографические заметки о тюрках Минусинского края. – «Живая старина». Ч. 5, вып. 3-4, СПб., 1895.

320. Ошанин И. М. Происхождение, развитие и структура китайского иероглифического письма. Диссертация. – М.: 1943.

321. Памятники древнетюркской письменности Тувы. – Вып. I-III.

322. Панов. К истории народов Средней Азии. Сюнну (Хунну). Турецкое происхождение народов Сюнну (Хунну) китайских летописей. – Владивосток: 1916, 83 б.

323. Патачаков К. М. Резьба по дереву у хакасов. – Ученые записки ХНИИЯЛИ. Вып. 17. Серия историческая, № 4. – Абакань: 1972.

324. Пассек Т. С. К вопросу о приеме сравнения в истории материальной культуры // Изв. Гос академии материальной куьтуры. Вып. 100, – М. – Л.: 1933.

325. Петри Б. Орнамент кудинских бурят // Сборник Музея антропологии и этнографии (МАЭ), т. V, вып. 1, Пг., 1918.

326. Петровский Н. С. Египетский язык, – М.: 1958, XIV, 329 б.

327. Пигуловская Н. В. Сирийские источники по истории народов СССР, 1941.

328. Плоских. История кыргызов и Кыргызстана (с древнейших времен до наших дней). Учебник для вузов. – Б.: (2000) 2009, 370 б.

329. ПТКЛА за первый год – Ташкент: 1896, ПТКЛА за второй год – Ташкент: 1897.

330. Поливанов Е. Д. Идеографический мотив в формации орхонского алфавита // Бюллетень Среднеазиат-

ского государственного университета. № 9. – Ташкент: 1925, 177-181-бб.

331. Полторацкая В. В. Памятники эпохи ранних кочевников в Туве (по раскопкам С.А.Теплоухова). – «Археологический сборник» № 8, - Л.: 1966, 78-102-бб., 7-8-сүрөттөр.

332. Радлов В. В. Сибирские древности. I. Вып.3. - Материалы по археологии России. Т.15, прил. СПб, 1894, 146 б.

333. Радлов В. В. Опыт словаря тюркских наречий. I-IV. – СПб., 1893- 1911.

334. Радлов В. В. Образцы народной литературы северных тюркский племен. Наречие дикокаменных киргизов. – Спб., 1985, часть 5, 141 б., ксерокопия 1885 г.

335. Радлов В. В., Мелиоранский П.М. Древнетюркские памятники в Кошо-Цайдаме. – СТОЭ, 1897, вып. 4, с.2.

336. Рамстедт Г. И. Введение в алтайское языкознание. Русский перевод. – М.: 1957.

337. Реформатский А. А. Лингвистика и палеография. – Письменность и революция. I. – М. – Л.: 1933.

338. Ромм А.Г. Очерки истории изобразительного искусства Киргизской ССР. –М. –Л., – Искусство, 1941, 91 б.

339. Руденко С. И. Культура населения Горного Алтая в скифское время. – М. – Л.: 1953; Культура населения Центрального Алтая в скифское время. – М. – Л.: 1960.

340. Рыгдылон Э. Р. Писаницы близ оз. Шира.- СА, т.1959.

341. Рындин М.В. Киргизский узор // Труды киргизского филиала АН СССР, т.I, вып. 1. – Фрунзе, 1943, 143-146-бб.; Киргизский национальный узор. – Л., Ф., 1948; Китепте: Рефераты о работах Академии наук за 1945 г. по отделению истории и философии. – М. – Л.: 1947: 77-79-бб.

342. Рыскулбеков М. Р. Из истории ремесленно-кустарной промышленности в дореволюционной Киргизии. Тр. Киргиз. гос. пед. ин-та, вып. 2, – Ф.: 1950.

343. Рясянен М. Материалы по исторической фонетике тюркских языков. Перевод с немецкого А.А.Юлдашева. – М.: Изд-во Иностранной литературы, 1955, 222 б.

344. Савваитов П. Описание старинных русских утварей, одежд, оружия, ратных доспехов и конского прибора, в азбучном порядке расположенное. СПб., 1896.

345. Савенков И. Т. К разведочным материалам по археологии среднего течения Енисея. - «Известия ВСОРГО». Т.17. № 3-4 , 1886.

346. Савинов Д. Г. Народы Южной Сибири в древне-тюркскую эпоху. – Л.: Изд-во Ленинградского ун-та, 1984, 174 б.

347. Савинов Д. Г. Этнокультурные связи Саяно-Алтая в древнетюркское время // ТС, 1972, – М.: 1973, 339-450 бб.

348. Самбу Иргит. Тувинские народные игры. – Тув. кн. изд-во, 1978, 137 б.

349. Сартбаев К. Жазуунун чыгышы жана түрлөрү жөнүндө кыскача маалымат // Мугалимдерге жардам, 1951, № 6, 55-62-бб.

350. Сарткожаулы К. Генезис древнетюркского рунического письма. – Алматы: Изд-во «Абзал-Ай», 2012, 280 б.

351. Севортян Э. В. Этимологический словарь тюркских языков. Фонетика. – М.: «Наука», 1984, 485 б.

352. Севортян Э. В. Этимологический словарь тюркских языков. Морфология. – М.: «Наука», 1988, 560 б.

353. Семенов А. Библиографический указатель по ковровым тканям Азии // Труды Библиографической комиссии, бывшей при СНК ТССР. – Ташкент: 1925, вып 1.

354. Серебренникова Б. А. Гаджиева Н.З. Сравнительно-историческая грамматика тюркских языков. –Баку 1979, 304 б.

355. Симченко Ю. Б. Тамги народов Сибири XVII века. – М.: «Наука», 1965, 20 б.

356. Слицын А. А. Шаманские изображения. ЗРАО, вып.1, СПб,1906

357. Советская Киргизия, 10.IV.1939.

358. Солнцев В. М. Язык как системно-структурное образование. – М.: «Наука», 1971, 292 б.; Язык и письмо (Вместо предисловия). Китепте: Т. Амирова. Функциональная взаимосвязь письменного и звукового языка. – М.: «Наука», 1985, 3-17-бб.

359. Соколов Д. Н. О башкирских тамгах // Труды Оренбургской ученой архивной комиссии. - Оренбург, 1904, вып. XIII, 83-92 бб.; Соколов Д. Н. От камня печатному станку // Культура и письменность Востока. – Баку: 1928, II, 23-39 бб.

360. Соколова З. П. Культ животных в религиях. – М.: «Наука», 1972, 211 б.

361. Сосновский Г. К. О находках Оглахтинского могильника. ПИМК. 1933, № 7-8.

362. Сосновский Г. К. Истории скотоводства в Сибири. В сб. «Проблемы происхождения, эволюции и породообразования домашних животных», т. 1, – М. Л.: 1940, 139 б.

363. Соссюр Ф.де. Курс общей лингвистики. – Труды по языкознанию.– М.: 1977.

364. Спасский Г. И. О достопримечательных памятниках сибирских древностей и сходстве некоторых из них с великорусскими. – ЗВОРАО, Т. 12, 1857, 3 бөлүм, Надписи.

365. Спасский Г. И. Древности Сибири // Сибирский вестник, СПб, 1818-1819.

366. Спицын А. А. Шаманские изображения. ЗРАО, вып. 1, СПб, 1906.

367. «Стандартизированные знаки группируются для изображения (в виде рисунка) понятий в комбинированные символы». Караңыз: Китепте: История человечества. – М.: АСТ. Астрель, 2002, 44-б.

368. Стариченок В. Д. Большой лингвистический словарь. – Ростов-на-Дону: «Феникс», 2008, 808 б.

369. Стеблева Ия. Түрк тилиндеги байыркы маданият. Китепте: Кыргыздар (которгон – К.Эдилбаев), 4 том, 2011, 624 б.

370. Страленберг Ф. И. Северная и восточная части Европы и Азии (эмгек 1730-ж. Стокгольмда немец тилинде чыккан). Бул жөнүндө А. Н. Кононовдун «История изучения тюркских языков в России» (1972) деген эмгегинде айтылган.

371. Струве В. В. История древнего Востока. –М.: 1941.

372. Столяр А. Д. Проблемы отечественной и всеобщей истории. – Л.: 1964.

373. Сунчугашев Я. И. Есинский поминальный памятник карасукской культуры. – СА, 1971.

374. Сунчугашев Я. И. Древняя металлургия Хакасии. Эпоха железа. – Новосибирск: 1979.

375. Сулейманов О. Серебряные письмена золотого воина // Техника молодежи, 1971, № 7.

376. Супруненко Г. П. Некоторые источники по древней истории киргизов // История и культура Китая. – М.: 1974, 236-248 бб.

377. Сүхбаатар Г. Монголчуудын эртний өвөг. – УБ. 1980, 281 б.

378. Сыдыков С. Собственные имена в Орхоно-енисейских памятниках // ТС, – Ф.: 1985, 47-65 бб.

379. Сыдыков С. Кара деген сөздүн семантикасы жөнүндө // Тюркологические исследование. – Ф.: 1983, 84-91 бб.

380. Сыдыков С., Коңкобаев К. Байыркы түрк жазуусу (VII-X кылымдар). – Б.: КТМУ, 2001, 336 б.

381. Сыдыков С. Енисей жана Таластагы рун жазуулары. – Бишкек: «Турар», 2011, 342 б.

382. Сыдыков Ж. Байыркы кыргыз эли – кыргыз тили (тарыхый (этно)-лингвистикалык очерк). – Б.: 2002, 222 б.

383. Табылдиев К., Солтобаев О. Рунические надписи в Кочкорской долине. – жн. Мээрим, 1999, № 2, 32-34 бб.

384. Табылдиев К., Солтобаев О. Рунические надписи Кочкорской долины // Известия НАН КР, 2001, № 1-2, 68-73 бб.

385. Тагиров Ф. Ш. Язык, письменность, шрифт. – Проблемы рукописной и печатной книги. – М.: 1976.

386. Тенишев Э. Этнический и родоплеменной состав народностей юйгу // СЭ. - № 1, 1962, 59-66 бб.

387. Тенишев Э. Древнекыргызский язык. – Бишкек: «Кыргызстан», 1997, 360 б.

388. Тенишев Э.Р. С.Е.Малов – исследователь современных тюркских языков. Китепте: «Тюркологический сборник», 1975, «Наука», – М.: 1978.

389. Тенишев. Э.Р. О языке кыргызов уезда Фуюй (КНР) // Вопросы языкознания, 1966. № 1, 89-95 бб.

390. Тенишев Э. Фуюйских кыргызов язык // Тюркские языки. – Б.: Изд. Дом «Кыргызстан», 1997, 455-459 бб.

391. Тенишев Э. Гуннов язык // Тюркские языки. - Б.: Изд. Дом «Кыргызстан», 1997, 52-54 бб.

392. Тенишев Э. О построении истории народно-разговорного и литературного языков // Тюркологические исследования. – М.: 1976, 230-232-бб.

393. Теплоухов С. Древние погребения в Минусинском крае. МЭ, т. III, в. 2.

394. Теплоухов С. Опыт классификаций древних металлических культур Минусинского края. МЭ. т. IV, в. 2, – Л.: 1929.

395. Токтоналиев К. Кыргыз тилинин калыптануу доору // Махмуд Кашкари жана кыргыз маданияты. – Б.: 2011, 202.

396. Толстов С. П. Культуры кельтеминарская и отчасти тазабагъябская. Древности Верхнего Хорезма. ВДИ, №1, 1941.

397. Толстов С. П. Хорезмская экспедиция 1939 г. КСИИМК, вып. VI. М.Л., 1940.

398. Толстов С. П. Хорезмская археолого-этнографическая экспедиция Академии наук СССР (1945-1948) // Труды хорезмской археолого-этнографической экспедиции, I. – М.: 1952.

399. Толубаев М. А. Цветообозначающая лексика в кыргызском языке // Кыргыз тилинин тарыхый лексикасынын очерктери. – Б.: «Илим», 1982, 4-19 бб.

400. Томсен В. Дешифровка орхонских и енисейских надписей. Вып. III-IV. – СПб., 1894.

405. Трофимова Т. Краниологический очерк татар Золотой Орды. Антропологический журнал. 1936, № 2.

406. Тураев Б. А. Египетская литература. – М.: 1920, 282 б.

407. Тынчтыкбек Чоротегин. Краткий курс по изучению арабской графики современных кыргызов КНР. Учебное пособие. – Б.: 2002.

408. Урстанбеков Б. жана Чороев Т. Кыргыз тарыхы. Кыскача энциклопедиялык сөздүк. - Ф.: КСЭнин Башкы редакциясы, 1990, 288 б.

409. Усеев Н. Енисей жазма эстеликтери. I, Лексикасы жана тексттер. –Б.: 2011,724 б.

410. Фелькерзам А. Старинные ковры Средней Азии. Журнал «Старые годы», июнь, №2, 1915, 17-34 бб.

411. Фиельструп Ф. А. Этнографические исследования среди кара кыргыз. Этнографические экспедиции 1024-1925 гг. – Л.: 1926; Свадебные жилища турецких народностей. Материалы по этнографии. Т.III, 1, – Л.: 1926.

412. Филин Ф. П. Противоречия и развитие языка. – ВЯ. 1980: № 2.

413. Фридрих. История письма. Перевод с немецкого. – М.: Изд-во «Наука», 1979, 463 б.

414. Фосс М. Е. Древнейшая история севера европейской части СССР. МИА. – М. – Л.: 1952, № 29.

415. Федоров-Давыдов Г. А. Искусство кочевников и Золотой Орды. – М.: 1076.

416. «Ханзу жазмалары», Шиңжан коомдук илимдер академиясы, 2004, Шиңжаң эл басмасы, 754 б.

417. Харитонов Л. Н. Современный якутский язык. Ч. 1. – Якутск: 1947, 113 б.

418. Хакасы. Этнографический очерк. – М.: 1995, 49 б.

419. Хокетт Ч. Ф. Проблема языковых универсалий. – Новое в лингвистике. Вып. 5. – М.: 1970.

420. Худяков Ю. С. Шаманизм и мировые религии киргизов в эпоху средневековья // Традиции, верование и быт народов Сибири XIX—нач. XX века. – Новосибирск: «Наука», 1987, 200 б.

421. Худяков Ю. С. Тюрки и уйгуры в Минусинской котловине // этнокультурные процессы в Южной Сибири в I-II тыс.н.э. – Кемерево: 1984, 34-46 бб.

422. Худяков Ю. С. Кыргызы на просторах Азии. – Б.: 1995: 186 б.

423. Худяков Ю. С. Енисей кыргыздарынын тарыхы. Китепте: Кыргыздар. – Бишкек, 1993, т. 1, 118-241-бб.

424. Худяков Ю. С. Сабля багыра//Военное искусство средневековых кыргызов. -М.: Издво «Филоматис», 2003. 183 б.

425. Чернецов В. Н. Орнамент ленточного типа у обских угров, «Сов. этнография, 1948, № 1.

426. Чепелев В. Киргизское народное изобразительное творчество. – Искусство, 1939: № 5.

427. Членова Н. Л. Происхождение и ранняя история племен тагарской культуры. – М.: 1967, стр.

428. Членова Н. Л. Об оленных камнях Монголии и Сибири. – Сб. «Монгольский археологический сборник». – М.: 1962.

429. Членова Н. Л. Происхождение и ранняя история племен тагарской культуры. – М.: 1967.

430. Чобанзаде. Заметки о языке и словесности кумыков. Изв.ф-та Аз. ГУ, – Баку: 1926.

431. Чоротегин Т. Об истоках киргизской государственности // эхо событий. – Б.: 1997, 3-4-б.

432. Чоротегин Т. Некоторые сведения по истории раннесредневековых тюркских этносов Восточного Туркестана // Этнокультурные процессы в Южной Сибири и Центральной Азии в I-II тысячелетии н.э. – Кемерево: 1 994, 96-102 бб.

433. Шелейковская Л.Л. Диалектика устной и письменной форм язык. – Диалектика единичного, особенного и всеобщего в науке. – М.: 1980.

434. Шер Я. А. К интерпретации сюжетов некоторых петроглифов Саймалы-Таша.//В кн. Культура Востока. – Л.: Аврора, 1978.

435. Шер Я., Голендухин Ю. Колесницы Саймалы-Таша. Китепте: По следам памятников истории и культуры Киргизстана. – Ф.: 1982, Изд-во «Илим», 18-25-бб.

436. Шинэхүү М. Орхон-Сэлэнгийн руни бичгийн шинэ дурстал. – УБ., 1975, 83 б.

437. Шицгал А. Г. Фонема, графема и шрифт. – Книга. Исследования и материалы. XXIV, – М.: 1972.

438. Шнейдер Е. Р. Казакская орнаментика. Сб. «Казаки». - Л.: 1927.

439. Шнейдер Е. Р. Искусство народностей Сибири // Искусство народностей Сибири. - Л.: 1930.

440. Штернберг Л. Я. Айнская проблема. // Сборник Музея антропологии и этнографии (МАЭ), т. VIII, - Л.: 1929.

441. Штернберг Л. Я. Орнамент из оленьего волоса и игол дикобраза. «Сов. этнография», 1931, № 3-4.

442. Штернберг Л. Я. Первовытная религия в свете этнографии. –Л.: 1936.

443. Шубников А.В. Гармония в природе и искусстве. «Природа», 1927: № 7-8.

444. Шубников А. В. Вырезывание симметрических фигур из бумаги. «Наука и жизнь», 1935: № 7.

445. Щербак А. М. Знаки на керамике и кирпичах из Сиркела — Белой Вежи (К вопросу о языке и письменности печенегов) // МИА. Вып. 75. 1959. С 362—414.

446. Щербак А. М. Енисейские рунические надписи. К истории открытия и изучения //Тюркологический сборник. – М.: «Наука», 1970, с.134.

447. Щербак А. М. Еще раз о монетах с руническими надписями из Минусинска // Вестник древней истории. – М.: № 2, 141 б.

448. Щербак А. М. Ранние тюрко-монгольские языковые связи (VIII-XIV вв.). – Санкт-Петербург: ИЛИ РАН, 1997, 292 б.

449. Щербак А. М. Тюркская руника. Происхождение древнейшей письменности тюрок. – СПб, 2001, 147 б.

450. Щерба Л. В. Теория русского письма. – Языковая система и речевая деятельность. - Л.: 1974; 1983, 134 б.

451. Эрдейн Иштван. Новая руническая надпись из Венгрии // Эпиграфика Востока, № 12, 1961, 59-61-бб.

452. Эркебаев А. Малоизученные страницы истории киргизской литературы. – Б.: 1999, 200 б.

453. Евтюхова Л. А. Археологические памятники енисейских кыргызов (хакасов). – Абакань, 1948.

454. Юнусалиев Б. М. Киргизская лексикология. Ч. 1. Развитие корневых слов. – Ф.: 1959, 249 б.

455. Юнусалиев Б. М. Кыргыз тилинин тарыхы боюнча кыскача кабарлар // Очерки грамматики и лексики киргизского языка. – Ф.: «Илим», 1965, 5-16-бб.

456. Юнусалиев Б. М. Кыргыз диалектологиясы. – Ф.: «Мектеп», 1971, 291 б.

457. Яценко С.А Раздел 3 «Костюм» // Восточный Туркестан в древности и раннем средневековье (т. IV), – М.: 2000, 296 б.

458. Языки мира. Тюркские языки. – Б.: Изд. Дом «Кыргызстан», 1997, 538 б.

459. Якобсон Р., Халле М. Фонология и ее отношение к фонетике. – «Новое в лингвистике». Вып. 2, 1962.

460. Яковлев Е. К. Этнографический обзор инородческого населения долины Южного Енисея и объяснительный каталог этнографического отдела музея. – Минусинск, 1900.

461. Яковлев Н. Ф. Основы орфографии. – Революция и письменность. Вып. 1. М.: 1933.

462. Янакиев М. Основы теории орфографии. – ВЯ, 1963, № 5.

463. Янакиев М. Теория орфографии и речь. – ВЯ, 1964, № 1.

**Чет тилдеги адабияттар:**

1. Almasi G. Der karakirgisen Ornamentik. Anzeiger der Ethnog raphischen Abteiling des Lingariscen National-museum. Budarest, 1907.

2. Alyilmaz Cengiz. Кцktьrk Harfli Yazitlarin Izinde, Ankara, 2007.

3. Agrikola E., Fleischer W., Protze H., Kleine Enzuklopadie. Die Doutche Sprache. Bd I – II, Lpz. 1969.

4. Altheim F. Gescihichte der Hunnen. Erster Band. Berlin. 1969, 118 б.

5. Andersson J. G. An Early Chinese Culture. Bulletin of Geological Survey of China, № 5, 1923.

6. Arne T.I. La Siede et I'Orient. Upsala, 1914.

7. Acta Pilologia Scandinavica, 1938.

8. АТИМ 1 (Die Denkмдler von Koscho-Zaidam).

9. Вамбери Г. Das Тьrkenvolk in seinen ethnologiscen und etholographischen Beziehungen,1885.

10. Ware J. R.Wei shoi Duddhism // TP. 1933.

11. Boas Fr. Primitive Art. Oslo, 1927.

12. Wilson E. Das Ornament, Erfurt, 1914.

13. Wijk A. Regularized English. The Onli Practicable Solution of the English Spelling Reform Problem. – Alphabets of English. Mont Follis Series. Vol. 1, Manchester, 1970.

14. Gauthiot R. Note sur la langue et Pecriture inconnues des documents Stein – Cowlev.// JRAS. 1911. C. 497-507.

15. Gauthiot R. Essai de grammare Sogdienne. Premier partie: Phonetigue. – Paris, 1914-1923.

16. Gelb I. J. A Stadi of Writing. The Foundations of Grammatology. London – Chicago, 1952.

17. Gelb I. J. Grammatology and Graphemics. – Papers from the Fourts Regional Meeting of Chicago Linguistis Society. Chicago, 1968.

18. I.Gelb. Stady of Writing, Chicago, 1952.

19. Gyцrgy Almasy. Ornamentik der Karakirgisen. Uber die Ornamentik der Karakirgisen. Anzeiger der Ethnographiscen Abnteilug der Ungarischen Natijnal Museum. Budapest, 1907, стр. 144-152 и 163-167.

20. Guion G. A propos de la crise de l'orthographe. – «Langue francaise». 1973, № 20.

21. Дамидинсүрэн А. Археологий ншинжилгээгээр олдсон хүннүгийн бичгий дурсгалууд // SA.T.Y.Fasc. 3-13, - УБ., 1972.

22. Donner O. Sur originie de I'Asie//Jornal de la saciete Pinne-Ougrienne, XIV, I, Helsinfors, 1892, с. 1-69.

23. Donner O. Sur L'origine I'alphabet ture du Nord de Asie// FSFOu,1896, xiv, pp -5-44 et.

24. James H.Breasted. The Conquest of Civilzation. New York, 1926, с.53.

25. Жүнісбек Ә. Көне түркі жазуының фонологиялық моделі жайлы // Журнал «Тіл жа энt қоғам». 2005, № 1, 120-125 б.

26. Emre A.C. Sur L'origine de L'alphabet vieux-tura (lit alphabet runigie de Siberie)/ Stambul. 1938. – 24 s.

27. Ercilasun Ahmet Bican.

28. Diringer D.The alphabet. London. 1948.

29. Ernst Herfeld. Iranische Denkmaler. Berlin, 1932, стр. 13.

30. Minorski V. Geographical Faktors in Persian Art. Billetin of the School of Oriental Studies, t. IX, v. 3.

31. Zoltan Takaxs. Zu den Grunbormen der Chinesischen Kunst (Jahrbuch der Asiatischen Kunst. Leipzig, t. 1, 1924).

32. Clauson G. The Onqin Inscription.- JRAS.P. 3-4,1957.

33. Chalupnyю E. Sociologie. т.IV, ч.1.

34. K. Sethe. Von Bilde zum Buchstaben. Leipzig, 1939,

S. 26.

35. Kohen M. L'ecriture. Paris.1953.

36. L'Ashton amd Basil Gray. Chinese Art, London, 1936, изд. 3-е, стр. 66, рис. 15.

37. MsLaughlin J. C. A Graphemic-Phonemic Ctudy of a Middle English Manuscript. The Hague – Mouton, 1963.

38. Nemeth J. Die Koktьrkischen Grabinschriften aus dem Tale des Talas in Turkestan. «Kцrцsi Csoma Archivum», Bd. II, 1 – 2, Будапешт, 1926.

39. Orkun. 1994. Kohen M. L'ecriture. Paris.1953.

40. MsLaughlin J. C. A Graphemic-Phonemic Ctudy of a Middle English Manuscript. The Hague – Mouton, 1963.

41. Munkachi B. Revue Orientale. 1903, IV, стр. 240-253.

42. Piette E. Les galets colories du Mas d'Asil. «Antropogie», Paris, 1896, v.7, №4.

43. Pritsak O. Turkology and the comperactive study of Altaic Languages// Jurnal of Turkish Studies. Vol. 4. Narvard University Printing Office.1980.

44. Radloff W. Die Alttьrkischen Inschriften der Mongolei (ATIM). Lief. I-III, St.-Pbg.1899.

45. Radloff W. Alttьrkische Studien. IV. St.-Pbq.,1911, c.315.

46. Radlov W. Phonetik der nцrdichen Tьrksprachen Leipzig. 1882. Караңыз: Исследование по сравнительной грамматике тюркских языков, ч. I, M., 1955.

47. Ross E. D. et Gauthiot R.. L'alphabet sogbion du d'apres un temoignabe du XII siekle.- JA, 1913 (Mai – Juin), p. 525-526.

48. Spang-Hanssen H. Probability and Structural Classification. Copenhague,1965.

49. Takacs Z. Zu den Grundformen der Chinesischen Kunst (Jahrbuch der Asiatischen Kunst. Leipzig, t. 1, 1924.

50. Tomsen V. Inscriptions de I'Orkhon // Memoieres

de la Societe Finno-Ougrienne. (MSFOu). V. – Helsingfors, 1896. – 240 s.

51. Tomsen V. Inscriptione de I'Orkhon dechiffrees par V. Tomsen. Helsinqfors. 1896: (MSFOu. Vol. 5), C.10-14.

52. Thomsen Vilhelm. Dechiffrement des inscriptions de L'Orkon et de L'jenissei. Notice preliminaire // Bulleten de Academie des scienes et de Danemark. 1893. -PP.285-299.

53. Schiratori K. Uber die Spreche der TughiStamme. Tokio, 1900, перепечатана в Известиях АН, 1902, т. XVII, №2.

54. Schirori K. Ьber die Spreche der Hiungme der Tundhu-Stдmme. Tokio. 1900, перепечатана в Известиях АН, 1902, т. XVII, № 2.

55. Schiratori A. K. Ьber den Wu-sun-Stдmme in Centralasien. RO, Ser. III, Vol, 2-3, 1902.

56. Shiafner H. Uber versciadene sicirische Ergentums-Zeicen/- «Melanges russes», T.4.St.-Pbg. 858.

57. Thomsen V. Insriptions de l'Orkhon//Metoires de ia Societe Finno-Ougrienne. (MSFOu).- Helsingfors, 1896. – 249 s.

58. Ware J. R. Wei shoi Duddhism // TP. 1933.p.p. 100-181.

59. Falkenstein A. Archische Texte aus Uruk. Berlin, 1936.

60. Fettich N. Metallunst der Landnehmenden Ungarn. – Archaeologia Hungarica. Acta archaeologica musei nationalis Hungarici. [Bd] 21.Budarect, 1937.

61. Francis W. W. The Structure of American English. N.Y.,1958.

62. Friedrich Iohannes. Журн. «Zeitschrift der Deitscen Morgenlдndischen Gesellschaft», XCI, 1937, с. 325.

63. Heikel H. T. Altertьmer aus dem Tale des Talas in Turkestan. «Travaux ethnographiques», Хельсинки, 1918, VII).

64. Hall R. S. Sound and Spelling in English. Philabelphia, 1961.

65. Herfeld E. Iranische Denkmaler. Berlin, 1932.

66. Horejsi V. Analyse struckural de l'obthographe francaiase. – '»Philologica Pragensia».1962, V, №4.

## МАЗМУНУ

**Кириш сөз** ........................................................ 3

**Байыркы жазуулар тууралуу** .................................. 9

**1. Кыргыз окумуштуулары байыркы кыргыз тили жөнүндө** ............................................ 9

**2. Байыркы жазуулар тил илиминде** ..................... 22
**Байыркы жазуулар чех тилинде** .......................... 22
Жазуунун мнемоникалык баскычы
Мнемотехникалык система .................................. 24
**Жазуунун өнүгүшү орус тил илиминде** ................. 31
В. И. Истрин алгачкы пиктографиялык жазуулардын келип чыгышын шарттаган булактар тууралуу ............. 35
Логографиялык жазуунун пайда болушу тууралуу...... 44
Муундук жазуу
Муундук жазуунун келип чыгышы тууралуу.............. 59
Тамгалык-тыбыштык жазуу. Алфавит ...................... 61
**Грамматология америкалык окумуштуунун эмгегинде** ........................................................... 67
1. Сөздүк-муундук система .................................... 77
Жазуу системасындагы окшоштуктар жана ар кандай типтеги силлабарийлер ........................................... 89
2. Муундук система ............................................... 90
3. Тамгалык система. Алфавит системасы ................ 92
**И. Фридрих жазуунун тарыхы жөнүндө**.................. 100

Жазуунун өнүгүшү француз тилинде
Жазуунун келип чыгышынын себептери жана
доору (б. з. ч. VI-I миң жылдык)
Месопотамия. Шумер жазуусу ................................ 115
Египет жазуусу ................................................ 121
**Жазуунун изилдениши герман тилинде** .................... 123
**Жыйынтык**................................................... 140
**I Семасиография** ............................................ 143
**1. Нака жазууга чейинкилер: 1) Сүрөттүк ыкма:**
**Пиктографиялык жазуу; 2) Идентификациялык-мнемоникалык ыкмалар: Эн тамгалар, татуировка;**
**2. Сөздүк ыкма: Логографиялык жазуу**
**Жазуу белгилердин системасы**
**Ойдун берилиш жолдору** .................................... 143
Тил жана жазуу ................................................ 150
**I Семасиография. 1. Нака жазууга чейинкилер:**
**1) Сүрөттүк ыкма: Пиктографиялык жазуу** ............... 172
Пиктографиялык жазуу. Живопись менен байланышы172
Пиктографиялык жазуунун алгачкы доору тууралуу.. 175
Эрте көчмөндөр же номаддар доорундагы
пиктографиялык жазуулар ................................... 177
**Пиктографиялык жазуу кыргыздарда** ...................... 180
**Миң-суудагы пиктографиялык жазуу** ...................... 180
Карасук маданияты. Пиктографиялык жазуудагы
«айбанаттар стили» миң-суулук кыргыздарда............ 181
Тотемизм кыргыз пиктографиясында ........................ 182
Умай-эне ....................................................... 186
Копён дөбөсүндөгү табылгалардагы жырткыч
жаныбарлардын сүрөттөрү, алардын байыркы
айбанаттар стилиндеги сүрөттөр менен байланышы ... 187
**Хакасиядагы пиктографиялык жазуу** ...................... 189
**Тывадагы пиктографиялык жазуу** .......................... 199
Скиф-сибирь айбанаттар стили Тывада ...................... 204
Тывадагы бугу таштар ........................................ 205

Аскага чегилген петроглифтер. Казылган доору......... 212
Сыын-Чюрек тоосундагы аскага
чегилген петроглифтер ........................................ 214
Тывадагы охра боёгу менен тартылган сүрөттөр......... 221
Тоо эчкилердин схемалык сүрөттөрү Тывадагы,
Монголиядагы, Миң-Суудагы эстеликтерде
(Түрк доору)..................................................... 226
Пиктографиялык жазуу байыркы кыргыздарда:
Тагар (Миң-Суу дөбө) маданият эстеликтеринде ........ 227
**«Айбанаттар стилиндеги» пиктографиялык жазуу**
**миң-суулук кыргыздарда (б.з.ч. V-I кк.)**.................... 229
«Айбанаттар стилиндеги» пиктографиялык жазуу
кыргыз буюмдарында........................................... 231
**Гипс бет каптар енисей кыргыздарында**.................. 233
Атчан жоокердин образындагы бабаларды ыйык тутуу
(б. з. ч. VI-III кк.) ............................................... 234
Зергерчилик, металл куюу кыргыздарда..................... 236
**Петроглифтер Кыргызстандын түштүгүндө**............... 236
Саймалы-Таштагы арабага чегилген
аттардын сүрөттөрү.............................................. 243
**Талас жергесиндеги пиктографиялык жазуулар**........ 247
**Семасиография. 1. Нака жазууга чейинкилер:**
**2) Идентификациялык-мнемоникалык ыкма:**
**Эн тамгалар**..................................................... 252
Идентификациялык-мнемоникалык ыкма................. 252
Окумуштуулар эн тамгалары тууралуу ..................... 255
Кыргыз эн тамгалары (б.з.ч. I миң жылдыктын
башталышы) ...................................................... 267
Эн тамгалардын колдонулуш доорлору ..................... 269
Орхон-енисей жазууларынын башаты кыргыз
эн тамгаларында................................................. 272
Эн тамгалардын таралыш ареалы............................ 274
Эн тамгалардын семантикасы ................................ 284
Кыргыздар эмнеге сыйынышкан?............................. 287

Кыргыз эн тамгалары маалымат булактарында ......... 290
Хакас-Миң-Суу ойдуңунан табылган жазма
эстеликтердеги кыргыз эн тамгалары ...................... 292
Азыркы Хакас-Миң-Суу, Тыва эн тамгалары –
байыркы кыргыз эн тамгаларынын мурастары .......... 294
Кыргыздардын тарыхы, уруу тамгасы б. з. I жана II миң
жылдыктарынын аралыгында Енисей эстелигинде..... 299
Эн тамгалары атактуу кыргыз вазаларында .............. 300
Алтайлыктардын тамгалары ...................................... 301
Эн тамгалар Ферганалык кыргыздарда ..................... 303
Эн тамгалар Кыргызстандын түштүгүндө .................. 305
Таластагы, Кочкордогу эн тамгалар ........................ 306
**Семасиография. 1. Нака жазууга чейинкилер:**
**2) Жазуунун идентификациялык-мнемоникалык**
**ыкмасы: Татуировка** ................................................ 307
Татуировка байыркы кыргыздарда .......................... 307

**2. Сөздүк ыкма: Логографиялык жазуу**
Пиктографиялык жазуудан логографиялык
жазууга өтүү ............................................................ 308
Логографиялык жазуунун тарыхы. Логографиялык жазуу
байыркы кыргыздардын орнаменттеринде
Орнаменттин байыркы тарыхы. Өнүгүү эволюциясы .. 314
**Хакасия орнаменттери** .......................................... 317
Таштык маданиятындагы орнаменттер (б.з.ч. I миң жыл-
дыктын ортосу – б.з. V к.)......................................... 317
Чаатас маданиятындагы орнаменттер (VI к. – XI к.
ортосуна чейин).......................................................... 323
Тюхтят маданиятындагы орнаменттер (IX – X кк.).... 327
Хакас орнаменттеринин байыркы кыргыздардын
орнаменти менен байланышы ................................... 330
Байыркы хакас (кыргыз) орнаменттеринин
этнографиялык параллеллдери................................. 331

**Тыва орнаменттери**
Тывалык орнаменттердин кыргыздык жаратылышы .. 347
Скиф мезгилиндеги орнаменттер ............................. 348
Гунн-сармат мезгилиндеги орнаменттер .................... 349
Сыын-Чюрек прикладдык искусствосу........................ 350
Түрк доорундагы орнаменттер................................. 350
Кыргыз доорундагы кыргыз орнаментикасы.............. 351
IX к. кыргыз прикладдык искусствосу ...................... 354
Жыгачка түшүрүлгөн оюулар .................................. 355
**Орнамент тууралуу** ................................................. 359
Орнаменттин негизги өзгөчөлүгү жана анын генезиси 359
Элдик орнамент – тарыхый булак
Орнаменттин изилдениши ....................................... 371
Орнаментти изилдөөдөгү методдор жана багыттар...... 374
Орнаменттин негизги белгилери................................ 387
Орнаменттеги симметриянын үч түрү ........................ 388
Орнамент - жазуу белгиси ........................................ 391
Кыргыз орнаментинин өнүгүү эволюциясы ............... 393
Кыргыз орнаментинин изилдениши .......................... 395
Кыргыз орнаменттеринин негизи – реалисттик сүрөттөр ................................................................ 398
Байыркы орнаменттер кыргыз оюуларында
Кыргыз орнаментиндеги байыркы мотивдер............. 401
Саймаланган баш кийимдер
Сак маданияты Жети-Суудa (б. з. ч. VI-III кк.).......... 404
Маданий мурас алгачкы көчмөндөрдүн доорунда
Сак-усун маданий мурасы Кыргызстанда жана Түштүк Казакстанда ........................................... 405
Сөздүк (логографиялык) жазуу миң-суулук кыргыздарда ........................................................... 406
Кыргыз орнаменттери ферганалык кыргыздарда ....... 407
Чыгыш Түркстан кыргыздарынын килемдери ........... 411
Кыргыз оюулары .................................................... 418

Кыргыз оюуларындагы сюжеттик багыттар
Кыргыз оюуларынын өзгөчөлүгү ............................ 420
Кыргыз оюуларынын түрлөрү, баяндоочулук мүнөзү.. 422
**Кыргыз оюуларындагы мотивдер**........................... 430
Үч бурчтук, ромб, фестон, меандр ж. б. оюулары....... 430
Геометриялык орнамент ..................................... 431
Айбанаттар мотивдери ........................................ 431
Арка сымал жана спиралдык орнамент, бет каптар.... 432
VI-VIII кылымдардагы рун тексттери ...................... 433
Өсүмдүк мотивдери.............................................. 434
Тордомолуу, тегерек, кабырчыктуу оюулар ............... 436
Балаты орнаменти кыргыз вазаларында.................... 439
Кыргыз оюуларынын тематикасы............................ 440
Кыргыз орнаменттери – «баяндоочу оюулар» ............ 441
Кыргыз орнаментиндеги баяндоонун багыттары ........ 443
Кыргыз оюуларынын тили. Оюу иероглификасы
Пиктограмма менен байланыштуулугу ..................... 444
Оюудагы баяндоонун эпикалуулугу ........................ 445
Кыргыз оюуларында түстүн колдонулушу ................ 446
Оюунун музыкалуулугу ....................................... 446
Оюунун семантикасы .......................................... 447
Оюуну семантикасына жараша
колдонуунун зарылдыгы ...................................... 450
**Жыйынтык**...................................................... 451

**Байыркы түрк-гунн жазуусу тууралуу** ..................... 455
Хунндардын логографиялык жазуусу ..................... 455
Хунн тили - байыркы түрктүк ............................... 455
Түрк-гунн жазуусу............................................... 460
Түрк тилдүү кыргыздар гунн доорунда .................... 463
Гунн жана түрк тилдериндеги жалпылыктар ............ 466
Кыргыздардын жана уйгурлардын жазуусунун
окшоштугу, гунн жазуусу менен енисей
кыргыз жазуусу жөнүндө ..................................... 468

**Кыргыз тили I-IV кылымдарда** ............................... 471
**Жыйынтык**........................................................ 472

**II Фонография** ................................................. 473
**1. Нака жазуу: 1) Жазуунун аралаш системасы:**
**а) вокалдык-тамгалык, б) консонанттык-тамгалык,**
**в) муундук-тамгалык; 2) тамгалык-тыбыштык жазуу**
**Кыргыздардын жазуусу түрк доорунда** .................... 473
Түрк жазма эстеликтери ........................................ 474
Жазуунун өнүгүшү ................................................ 475
Алфавиттик система .............................................. 476
Жазуунун түрк тилдеринде өнүгүшү ......................... 480
Түрк рун жазуусунун өнүгүү этаптары жөнүндө. Байыркы
түрк рун жазуусуна мүнөздүү – сингармофонема....... 481
**Фонография. Нака жазуу: Жазуунун аралаш системасы:**
**1) вокалдык-тамгалык, 2) консонанттык-тамгалык,**
**3) муундук-тамгалык)** .......................................... 484
Орхон-енисей жазуусундагы тамгалар........................ 484
1) Орхон-енисей жазуусундагы вокалдык-тамгалык
система.............................................................. 489
2) Орхон-енисей жазуусундагы
консонанттык-тамгалык система..............................496
3) Орхон-енисей жазуусундагы
муундук-тамгалык система.......................................501
Орхон-енисей жазуусундагы үнсүз
ширешмелерди билдирген тамгалар.......................... 503
**Орхон-енисей жазуулары** .................................... 503
Енисей жазуулары ................................................ 503
Кыргыз жазуусу енисей эстеликтеринде ..................... 504
Енисейдеги рун жазуулардын табылышы
Эстеликтердеги белгисиз жазуулардын
түрктүк жаратылышы............................................. 506
Таштагы белгисиз жазуулар жөнүндө көз караштар... 509
Байыркы түрк-рун жазуусунун генесизи тууралуу ..... 511

Кыргыздар Орхон эстеликтеринде ........................... 521
Орхон эстеликтеринин ачылышы. Экспедициялар ..... 522
Эстеликтердин аталышы тууралуу ......................... 524
Белгисиз жазуулардын окулушу жана которулушу.... 524
Енисей эстеликтериндеги алгачкы жазуулар (V кылым)529
Энисей эстеликтериндеги жазуулар Енисейде жашаган байыркы кыргыздардыкы ........................................ 533
Енисей ойдуңундагы эстеликтер................................. 539
Орхон эстеликтери. Орхон-енисей жазуусу тууралуу .. 542
Орхон-енисей жазуусунун колдонулуш мезгили ........ 545
Енисей жазууларынын орхон жазууларынан хронологиялык жактан алгачкылыгы....................... 546
Башка пикирлер.......................................................... 550
Енисей, орхон жазууларынын бири-биринен айырмачылыгы ................................................... 551
Орхон-енисей эстеликтери, алардын таралуу ареалы ........................................ 552
Орхон-енисей жазма тилинин адабий тил катары статусу ............................................................ 556
**Рун жазуулары бар эстеликтер Кыргызстандын территориясында**
**Талас кыргыз рун жазуулары**.................................. 557
Талас өрөөнүндөгү эстеликтер, алардын Енисей жазууларына окшоштугу ............................ 562
Талас эстеликтериндеги жазуулардын байыркылыгы
Талас рун жазуулары V кылымга таандык................ 566
**Кыргызстандан табылган башка эстеликтер** ............ 569
Венгриядан ж.б. жерлерден табылган рун жазуулары бар эстеликтер. Венгриядан табылган алтын идиштердеги рун жазуулары менен Талас эстеликтериндеги рун жазууларынын окшоштугу.................................................. 570
Эстеликтердеги жазуулардын ортосундагы тектештик жана байланыш ........................................................ 571

**Енисей жазуулары жана азыркы кыргыз тили**
Енисей жазма эстеликтери жана
азыркы кыргыз тили .................................... 572
**Байыркы кыргыз тилинин кийинки**
**мезгилдердеги өзгөрүшү .................................... 580**
**Жыйынтык.................................................... 580**
**Жалпы жыйынтык .......................................... 581**
Шарттуу кыскартуулар ................................... 586
Глоссарий ....................................................... 589
Адабияттар ...................................................... 604

**Жаманкулова Гүлжамал Төлөгөновна**

**БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗ ТИЛИ**

*(Семасиография, фонография)*

Мукабасын көркөмдөгөн
*Паризат Ибраимова*
Компьютерде терип, калыпка салган
*Мукай Кадыров*

Басуута 26.12.2015-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84$^{1}/_{32.}$
Көлөмү 40,75 б.т. Заказ № 84.
Нускасы 500 даана.

«Улуу Тоолор» басмасынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Ю. Абдрахманов көчөсү, 170А